# КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН АКЫЙКАТЧЫСЫНЫН (ОМБУДСМЕНИНИН) БАЯНДАМАСЫ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
АКЫЙКАТЧЫСЫ

## 2017-ЖЫЛЫ КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНДА АДАМДЫН ЖАНА ЖАРАНДЫН УКУКТАРЫ МЕНЕН ЭРКИНДИКТЕРИНИН САКТАЛЫШЫ ЖӨНҮНДӨ



2017

УДК 347.1
ББК 67.99 (2Ки)3
Э-37

Э-37 2017-жылы Кыргыз Республикасында адамдын жана жарандын укуктары менен эркиндиктеринин сакталышы жөнүндө Кыргыз Республикасынын Акыйкатчысынын (Омбудсменининин ) баяндамасы. –Б,: “Q-Print”, 2018 ж. 284 б.

ISBN 978-9967-11-661-0

Баяндама Кыргыз Республикасынын 2002-жылдын 31-июлундагы №136 “Кыргыз Республикасынын Омбудсмени (Акыйкатчысы) жөнүндө” Мыйзамынын 11-беренесине жана Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 74-беренесинин 6-бөлүгүнүн 2-пунктуна жана 8-бөлүгүнө ылайык түзүлдү.

Баяндамада КР Акыйкатчысына (Омбудсменине) келип түшкөн арыздарды изилдөөнүн негизинде Кыргыз Республикасындагы адам укуктарына жана эркиндиктерине жалпы баа берилип, адам укуктарын жана эркиндиктерин камсыздоо боюнча тыянактар жана сунуштамалар келтирилди, адам укуктары чөйрөсүндөгү колдонуудагы ченемдик-укуктук актыларга эксперттик баа берилди.

Долбоор Европа Биримдиги тарабынан каржыланат

Rule of Law
Кыргыз Республикасында мыйзам үстөмдүгүн бекемдөөгө колдоо көрсөтүү

THE DANISH INSTITUTE FOR HUMAN RIGHTS

Кыргыз Республикасынын Акыйкатчысынын (Омбудсменининин) жылдык баяндамасы Европа Биримдиги тарабынан каржыланган «Кыргыз Республикасында укук үстөмдүгүн бекемдөөгө колдоо көрсөтүү» долбоорунун колдоосу менен басылды жана Европа Биримдигинин көз-карашын чагылдырбайт.

Э 1203020400-18
ISBN 978-9967-11-661-0

УДК 347.1
ББК 67.99 (2Ки)3

© Кыргыз Республикасынын Акыйкатчы (Омбудсмен) Институту/
Институт Акыйкатчы (Омбудсмена) Кыргызской Республики, 2018

# МАЗМУНУ


КЫСКАРТУУЛАРДЫН ТИЗМЕСИ 3

КИРИШ СӨЗ 5

**1-БӨЛҮМ.**
**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН АКЫЙКАТЧЫСЫНЫН (ОМБУДСМЕН) ЖАНА АНЫН АППАРАТЫНЫН 2017 ЖЫЛДАГЫ ИШТЕРИНИН НЕГИЗГИ БАГЫТТАРЫ** 8

1.1. 2017-жылы Кыргыз Республикасынын Акыйкатчысына (Омбудсмен) келген арыздардын саны жана мүнөзү 8

1.2. Кыргыз Республикасынын адамдардын жана жарандардын укуктарын коргоо чөйрөсүндөгү мыйзамдарын жакшыртуу 22

1.3. Кыргыз Республикасынын Акыйкатчысынын (Омбудсменинин) көңүл буруу актылары 32

**2-БӨЛҮМ.**
**СОЦИАЛДЫК, ЭКОНОМИКАЛЫК ЖАНА МАДАНИЙ УКУКТАР** 41

2.1. Жарандардын таза сууга жана тазалыкка болгон укуктары 41

2.2. Кыргыз Республикасындагы улгайган адамдарга карата адаттар жана басмырлоолор 48

2.3. Жарандардын эмгек укуктары 61

2.4. Ден соолугунун мүмкүнчүлүгү чектелген жарандардын укугу 66

2.5. Кыргыз Республикасынын чет жердеги мигранттарынын укуктары 71

**3-БӨЛҮМ.**
**БАЛДАРДЫН УКУКТАРЫ** 82

3.1. Балдардын билим алууга укугу 84

3.2. Мыйзам менен чатагы бар балдардын укуктары 90

3.3. Жетим балдардын укуктарынын корголушу 99

3.4. Акыйкатчыга кайрылуу үчүн «115 шыр байланыш» кызматы (анын ичинде жабык мекемелерден да кайрылуулар) 103

3.5. Балдар иштери боюнча комиссиялардын (БИК) иштеринин майнаптуулугу 109

**4-БӨЛҮМ.**
**ЖАРАНДЫК ЖАНА САЯСИЙ УКУКТАР** 118

4.1. Тынч жыйындарга жана жөө жүрүштөргө болгон укук 118

**5-БӨЛҮМ.**
**АКЫЙКАТТУУ СОТТУК ТЕРИШТИРҮҮЛӨРГӨ БОЛГОН УКУК** 126

5.1. Жазык сот өндүрүшүндөгү тең укуктуулук жана атаандаштык принциптери 126

5.2. Негизсиз кармалып отургандардын соттолуу укугу 130

5.3. I, II, III, инстанциядагы соттордо ден-соолугунун мүмкүнчүлүгү чектелген адамдардын акыйкаттуу сотко жеткиликтүүлүгү (дайындалган соттук иштердин тизмеси тууралуу маалыматты Брайл ариптери менен камсыз кылуу, пандустардын жана сурдокотормочулардын болушу) 136

**6-БӨЛҮМ.**
**ЖАЗА АТКАРУУ СИСТЕМАСЫ. ЖАБЫК МЕКЕМЕЛЕРДЕ ЖАЗА ӨТӨП ЖАТКАН АДАМДАРДЫН УКУКТАРЫ** 149

6.1. Укук коргоо органдарынын кызматкерлеринин мыйзамсыз аракеттерине карата жарандардын арыз-даттануулары 149

6.2. Кыргыз Республикасында соттук экспертизаларды жүргүзүүдө Стамбул протоколунун принциптерин колдонуунун натыйжалуулугу 158

6.3. Убактылуу кармоочу изоляторлордогу шарттар 164

6.4. Тергөө изоляторлорунда кармоонун шарттары 172

**7-БӨЛҮМ.**
**ПСИХИАТРИЯЛЫК МЕКЕМЕЛЕРДЕГИ БЕЙТАПТАРДЫН УКУКТАРЫНЫН САКТАЛЫШЫ** 179

7.1. Сапаттуу медициналык жардам көрсөтүүгө, дары-дармектер менен камсыз кылууга болгон укук 183

7.2. Гумандуулук принциптери жана жеке адамга болгон урмат 186

7.3. Дарылануга болгон макулдук. 189

**8-БӨЛҮМ.**
**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН АКЫЙКАТЧЫ (ОМБУДСМЕН) ИНСТИТУТУН ӨНҮКТҮРҮҮ** 193

8.1. Акыйкатчынын (Омбудсмендин) башка мамлекеттердин улуттук укук коргоочу институттары менен эл аралык кызматташтыгы 193

8.2. Кыргыз Республикасынын Акыйкатчысынын (Омбудсмен) 2016-жылдагы Жылдык баяндамасында камтылган сунуштамалардын аткарылышы тууралуу маалымат 199

8.3 Кыргыз Республикасынын Акыйкатчысынын (Омбудсмен) 2017-жылы аймактарга иш сапарлары боюнча жылдык маалыматы 261

8.4. 2017-жылдагы бюджеттик каражаттар боюнча чыгашалар сметасынын аткарылышы жөнүндө отчет 274

БАЯНДАМАГА ТИРКЕМЕЛЕР:

№1 Тиркеме
2017-жылдагы Кыргыз Республикасынын Акыйкатчысынын (Омбудсмен) сунуштарын эске албастан, адам укуктарын жана эркиндиктерин бузган мамлекеттик органдардын, ишканалардын, мекемелердин, уюмдардын жана алардын жетекчилеринин тизмеси 275

№2 Тиркеме
Акыйкатчынын (Омбудсмен) дарегине 2017-жылдын 12 айдын жыйынтыгы боюнча келип түшкөн жарандардын кайрылуулары боюнча маалымат 283

# КЫСКАРТУУЛАРДЫН ТИЗМЕСИ

| | |
|---|---|
| **АӨБ** | Азия Өнүктүрүү банкы |
| **КӨКСА-АРИС** | Коомчулукту өнүктүрүү жана инвестициялоо боюнча агенттиги |
| **БДБ** | Бүткүл дүйнөлүк банк |
| **БДССУ** | Бүткүл дүйнөлүк саламаттыкты сактоо уюму |
| **ШКО** | Шаардык клиникалык ооруканасы |
| **КР УКМК** | Кыргыз Республикасынын Улуттук коопсуздук мамлекеттик комитети |
| **Мамэкотех** | Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Экологиялык жана техникалык коопсуздук боюнча мамлекеттик инспекция |
| **КР МКК** | Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу мамлекеттик каттоо кызматы |
| **ЖАМК** | Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу жазаларды аткаруу мамлекеттик кызматы |
| **МКМК** | Маңзатты көзөмөлдөө боюнча мамлекеттик кызматы |
| **ШИИББ** | Бишкек шаардык ички иштер башкы башкармалыгы |
| **АУДИ** | Адам укуктары боюнча Дания институту |
| **ЕЕБ** | Евразиялык экономикалык биримдик |
| **КӨЕБ** | Калыбына келтирүү жана өнүктүрүү боюнча Европа банкы |
| **АСЖ** | Ар сайын төлөнүүчү социалдык жөлөк пул |
| **ЖК** | Жогорку Кеңеш |
| **УКЖ** | Убактылуу кармоочу жай |
| **ТК** | Түзөтүү колониясы |
| **ТМ** | Түзөтүү мекемеси |
| **ККРоП** | Кыргыз Республикасынын жоруктар жөнүндө кодекси |
| **ЖА** | Жатак абагы |
| **КР** | Кыргыз Республикасы |
| **ДМЧА** | Ден соолугунун мүмкүнчүлүгү чектелген адамдар |
| **ЭКУКК** | Эмгек мигранттары жана алардын үй-бүлө мүчөлөрүнүн укуктарын коргоо боюнча эл аралык конвенция |
| **ЭЭУ** | Эмгектин эл аралык уюму |
| **ЖСУЭП** | Жарандык жана саясий укуктар жөнүндө эл аралык пакт |
| **ЭСМУЭП** | Экономикалык, социалдык жана маданий укуктар боюнча эл аралык пакт |
| **ӨКМ** | Өзгөчө кырдаалдар министрлиги |
| **ТИМ** | Тышкы иштер министрлиги |
| **ИИМ** | Ички иштер министрлиги |
| **ЖӨБ** | Жергиликтүү өзүн өзү башкаруу |
| **МСЭК** | Медициналык-социалдык эксперттик комиссия |
| **УНА** | Укуктук нормативдик актылар |
| **ӨЭУ** | Өкмөттүк эмес уюм |
| **АӨКУМ** | Адам укуктарын өнүктүрүү жана коргоо боюнча улуттук мекеме |
| **КААБ КР УБ** | Кыйноолорго жана башка ырайымсыз, адамкерчиликсиз жана адамдын беделин түшүрүүчү мамилелерди жана жазаларды алдын алуучу улуттук борбор |

| | |
|---|---|
| **ЕККУ** | Европадагы коопсуздук жана кызматташтык уюму |
| **ИИО** | Ички иштер органдары |
| **ҮБКБ** | Үй-бүлөнү жана балдарды коргоо бөлүмү |
| **ММКФ** | Милдеттүү медициналык камсыздандыруу фонду |
| **КБ** | Коомдук бирикме |
| **БУУ** | Бириккен улуттар уюму |
| **ООПСБ** | Ош облустук психикалык саламаттык борбору |
| **ҮБКБ** | Үй-бүлөнү жана балдарды колдоо бөлүмү |
| **КТРК** | Коомдук телерадиоберүү корпорациясы |
| **КФ** | Коомдук фонд |
| **ӨЭА** | Өмүр бою эркинен ажыратуу |
| **МКП** | Мамлекеттик кепилдиктердин программасы |
| **ПСРБ** | Психикалык саламаттык боюнча республикалык борбор |
| **САКБ** | Сот аткаруу кызматынын бөлүмү |
| **ПБРО** | Психикалык балдар республикалык ооруканасы |
| **РИИБ** | Райондук ички иштер бөлүмү |
| **РПО** | Республикалык психиатриялык оорукана |
| **РИИББ** | Райондук ички иштер башкармалыгы |
| **ТИЗО** | Тергөө изолятору |
| **ММК** | Массалык маалымат каражаттары |
| **СМЭ** | Соттук-медициналык экспертиза |
| **КМШ** | Көз карандысыз мамлекеттердин шериктештиги |
| **КНжЭ** | Курулуш нормалары жана эрежелери |
| **ТБ** | Тергөө бөлүмү |
| **ЧЖУКАМ** | Чет өлкөлүк жарандарды убактылуу кармоочу атайын мекеме |
| **СФ** | Социалдык фонд |
| **ОМ** | Орто мектеп |
| **ТПСМ** | Токмоктогу аралаш психоневрологиялык социалдык стационардык мекеме |
| **ИИБ** | Ички иштер башкармалыгы |
| **БУУАУЖКБ** | БУУнун адам укуктары боюнча Жогорку комиссарынын башкармалыгы |
| **МШБ** | Мөөнөтүнөн мурда шарттуу түрдө бошотуу |
| **КЖК** | Кылмыш жазык кодекси |
| **УК** | Жазык-аткаруу системасы |
| **КЖС** | Кылмыш-жазык системасы |
| **МКБ** | Муниципалдык кызмат башкармалыгы |
| **КЖК** | Кылмыш-жаза кодекси |
| **ЖЖУКБ** | Жашы жете электердин арасында укук бузгандарды убактылуу кармоо борболору |
| **ҮМБ** | Үй-бүлөлүк медицина борбору |
| **ЮНИСЕФ** | БУУнун балдар фонду |
| **БУУӨП** | БУУнун өнүктүрүү программасы |

# КИРИШ СӨЗ



Колуңуздагы «2017-жылы Кыргыз Республикасындагы адамдын жана жарандын укуктарынын жана эркиндигинин сакталышы жөнүндө» баяндама (мындан ары - баяндама) «Кыргыз Республикасынын Акыйкатчысы (Омбудсмени) жөнүндө» Кыргыз Республикасынын мыйзамынын 11-беренесине ылайык даярдалды.

Акыйкатчынын ишмердүүлүгүнүн негизги багыттары болуп төмөнкүлөр эсептелет: келип түшкөн арыздарды кароо; жабык мекемелерди көзөмөлдөө; жалпы коомчулукка тийешелүү эркиндиктер менен укуктарды коргоо максатында өз демилгеси менен иш-чараларды жүргүзүү; адам укуктары жана эркиндиктеринин кепилдиги көз карашында коомдук мааниси бар иштерди иликтөө; мыйзам чыгаруу ишине катышуу жана эксперттик бүтүмдөрдү чыгаруу; юридикалык кеп-кеңештерди берүү; калктын укуктук аң-сезимин жакшыртуу жаатында агартуучулук иштерди жүргүзүү.

Мыйзам боюнча Акыйкатчы өзүнүн аппаратынын түзүмүн, штаттык ырааттамасын, жумушунун тартибин жана уюштуруу иштеринин жол-жоболорун өзү аныктайт. Бирок, иш жүзүндө баардык мамлекеттик мекемелер сыяктуу эле аппараттын кызматкерлеринин жалпы санына ылайык жетекчилердин санын, жалпы штаттык бирдикти аныктай турган башка укуктук-ченемдик актыларга ылайык жумушун алып барат. Акыйкатчы аппаратынын учурдагы структурасы ушул стандарттарга шайкеш келтирилген, ошол эле маалда адам укуктарынын сфераларына жараша 7 тематикалык атайын бөлүмдөргө бөлүнгөн. Ал бөлүмдөрдүн ар бири бир нече (орточо алганда 5-6) багытта иштейт.

Ошол эле маалда Акыйкатчынын иш чөйрөсүнө адамдын жана жарандын укуктары менен эркиндиктерин турмушта колдонуу учурунда келип чыгуучу мамилелер кирет. Бөлүмдөр жыл башында ар тараптуу изилдөө жана талдоону талап кылган артыкчылыктуу багыттарын аныктап, иш планын бекитип алат. Ал эми жарандарды кабыл алуу, юридикалык кеп-кеңештерди берүү, ар кандай маселелерди камтыган арыз, даттанууларды кабыл алып, аларды чечүү Акыйкатчынын кызматкерлеринин күнүмдүк иши болуп эсептелет.

2017-жыл үчүн жылдык доклад Кыргыз Республикасынын Акыйкатчысынын ишине байланышкан маселелерди камтыды. Докладда 2016-жылдан 2017-жылга, ошондой эле, 2017ден 2018-жылга өткөн иштер, мисалы, атайын докладдардын тематикасы болгон маселелер да камтылды. Акыйкатчынын ыйгарым укуктарын жүзөгө ашырып, адам укуктарын коргоо жумуштарын Бишкек шаарында жайгашкан борбордук аппараттын кызматкерлери, ошондой эле, жети облустагы Баткен, Жалал-Абад, Ысык-Көл, Нарын, Талас, Чүй, Ош Ош облусундагы өкүлчүлүктөр аткарат.

Акыйкатчынын структуралык түзүмүндө психиатриялык жабык мекемелерде дарыланып жаткан бейтаптардын укуктарын коргоо боюнча кызмат бар. Ал «Кыргыз Республикасында психиатриялык жардам жана аны көргөзүүдө жарандардын укуктарын коргоонун кепилдиктери жөнүндө» Кыргыз Республикасынын мыйзамынын 38-беренесине ылайык түзүлгөн[1]. Омбудсмендин катышуусу менен дагы бир көз карандысыз орган түзүлгөн – «Кыйноолорду жана башка катаал, адамгерчиликсиз же кадыр-баркты басмырлаган мамиленин жана жазанын түрлөрүн алдын алуу боюнча Кыргыз Республикасынын улуттук борбору». Борбор БУУнун кыйноолорго каршы факультативдик

1 Аталган мыйзамдын 38-беренеси, http://cbd.minjust.gov.kg/act/view/ru-ru/225.

протоколунда каралган “улуттук алдын алуучу механизм” болуп саналат[2].

Акыйкатчыга башка мамлекеттик органдардын компетенциясына кирбеген бузулган укуктарды калыбына келтирүү жана коргоо боюнча суроолор менен кайрылышат. Эл аралык тажрыйбада омбудсмендердин ишмердиги адам укуктарын коргоонун улуттук механизмдеринин натыйжалуулугун жакшыртууга багытталган, ошондой эле, мамлекеттик жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын иш-аракеттерине мониторинг жүргүзүп, ченемдик укуктук актылардагы функционалдык жетишпестиктерди аныктоону камтыйт.

2017-жылы Акыйкатчынын борбордук аппараты жана аймактык өкүлчүлүктөрү бир нече багыттар боюнча жарандар менен иштешти: оозеки юридикалык кеп-кеңештер берилди; кошумча маалыматтарды чогултуп, жеринде териштириле турган кайрылуулар каралды; мыйзамдардын жана укуктук-ченемдик актылар жана алардын долбоорлору анализденди; юридикалык экспертиза жүргүзүлдү; мамлекеттик жана өз алдынча башкаруу органдарында, анын ичинде, жабык мекемелерде адам укуктары кандай сакталып жатканына мониторинг жүргүзүлдү; укук бузуулар боюнча «115 шыр байланыш» кызматы (шаардык жана уюлдук байланыш операторлору аркылуу чалууларды акысыз саны) аркылуу түшкөн чалуулардын негизиндеги жумуштар болду. «115 шыр байланыш» кызматы алгач укуктары боюнча балдарга кеп-кеңеш берүү жана тез арада жардам берүү максатында уюштурулган. Азыркы учурда «115 шыр байланыш» кызматы Акыйкатчынын компетенциясына кирген баардык маселелер боюнча кайрылууларды кабыл ала турган канал болуп саналат.

2017-жылы Кыргыз Республикасынын Акыйкатчысынын борбордук аппаратына жана облустардыгы өкүлчүлүктөрүнө кайрылуу, арыздар тууралу маалымат: кайрылгандардын жалпы саны - 12 881 адам, анын ичинде: а) коомдук кабылдама аркылуу оозеки юридикалык кеп-кеңеш алгандар - 6847; 2) жазуу жүзүндөгү кайрылуу, арыздар - 3242.

2 БУУнун келишинин толук аты – Кыйноолорго жана башка катаал, адамгерчиликсиз же кадыр-баркты басмырлаган мамиленин жана жазанын түрлөрүнө каршы күрөш боюнча конвенция. Кыргыз Республикасы келишимге 2008-жылы кошулган, http://cbd.minjust.gov.kg/act/view/ru-ru/74172.

«115 шыр байланыш» кызматы аркылуу келип түшкөн жана ошондой эле кайрадан Акыйкатчынын кызматкерлеринин чалууларынын жалпы саны 7224, анын ичинен: а) телефон чалуулар - 3188, б) үн билдирүүлөрү – 4036 (телефон күнү-түнү иштегендиктен түнкүсүн чалгандардын үнү автоматтык түрдө жазылып калынат).

Предметине жана ага тиешеси бар тараптарга – адамдарга, мамлекеттик жана/же жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жараша - кайрылуу, арыздар борбордук аппаратта же болбосо аймактардагы өкүлчүлүктөрдө каралат. Болбосо борбордук аппарат менен облустардагы кызматкерлер биригип да маселе чечишет. Кайрылуулар кайсы облуска тийешелүүлүгүнө, тематикалык багытына, жоопкерчиликтүү бийлик органдарына жараша бөлүштүрүлөт. Акыйкатчыга кайрылуулар боюнча кенен маалымат 1-бөлүмдө берилди (1-бөлүмдүн 1.1. бөлүгүн караңыз.)

Ишти ар тараптуу, объективдүү карап чыгуу максатында арыз жазган адамдан, мамлекеттик органдардан жана алардын кызмат адамдарынын маалыматтар чогултулуп, анализденет. Каралган каттар адамдардын жана жарандардын кеңири чөйрөдөгү баардык укуктарын камтый турганы аныкталды: 1) сот чечимдеринин аткарылбашы; 2) мамлекеттик кызматкерлердин милдетин так аткарбастыгы жана бюрократия; 3) мамлекеттик бийлик органдарынын ишинин начар сапаты; 4) балдар, эркинен ажыратылгандар, мүмкүнчүлүгү чектелгендер, улгайган адамдар, психикалык оорукчандар, аскер кызматкерлери сыяктуу социалдык топтордун укуктарынын талаптагыдай сакталбай жатканы; 5) эмгек мигранттарынын абалы; 6) жарандар менен жеке мекчик компаниялар жана мамлекеттик органдар менен эмгек мамилеси; 7) кыйноолорго жана башка ырайымсыз мамилелерге каршы күрөшүү; 8) дискриминация.

Акыйкатчы Кыргыз Республикасынын жарандарынан тышкары, чет элдиктердин жана жарандыгы жок адамдардын абалына да өзгөчө көңүл бурат. Өз демилгеси менен комиссияларды түзө алат. Адамдын укуктары жана эркиндиктери багытындагы системалуу мыйзам бузуулар өзгөчө изилдөөлөрдүн объектисине айланып, алардын жыйынтыктары менен атайын докладдар даярдалат.

Мындан тышкары, Акыйкатчынын аппараты адамдын жана жарандын укуктары менен эркиндиктерин натыйжалуу ишке ашырууда, ошондой эле, коргоодо тоскоолдук жараткан мыйзамдардагы карама-каршылыктарды четтетүү максатында бир катар демилгелерди көтөрдү. Акыйкатчынын Аппараты Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши, Өкмөтү жана Кыргыз Республикасынын Президенти жана башка мамлекеттик органдар менен тыгыз байланышта иштейт.

**2017-жылы Омбудсмен 8 атайын доклад даярдады. Алардын темалары:**
– *Жарандардын таза сууга жана санитарияга укуктары;*
– *улгайган адамдардын укуктары жана кодулоосуз жашоо;*
– *эмгек мигранттарынын укуктары;*
– *кароосуз калган балдардын укуктары (анын ичинде жетимдер);*
– *мыйзам менен чатагы бар балдардын укуктарыны сакталышы;*
–*соттук-медициналык экспертиза жүргүзүүдө Стамбул протоколу принциптерин колдонуунун натыйжалуулугу;*
– *Чүй облусунун Ивановка айылындагы Балдардын республикалык психиатриялык оорукана-сындагы балдардын укуктары;*
– *Чүй облусунун Степное айылында жайгашкан № 2 аялдардын түзөтүү колониясында саламаттыкты сактоого укуктун сакталышы;*

Атайын докладдарды даярдоо максатындагы иштер 2017-жыл бою жүрдү. Алар 2018-жылдын биринчи жарым жылдыгында жарыкка чыкмакчы. Акыйкатчынын жалпы ишин чагылдыруу максатында бул докладдын алкагында алардын мазмундарына да шилтемелер берилди.

Өткөн жылы башка мамлекеттердин адам укуктарын коргоочу башкы институттары менен кызматташуу чыңдалды. Кыргыз Республикасынын Акыйкатчысы Евразия омбудсмендеринин альянсын түзүү демилгесин көтөрдү, ал колдоого алынып, узаган жылдын 5-декабрында тиешелүү меморандумга кол коюлду.

Кыргызстандагы адам укуктары жана эркиндиктери темасына биздин өлкөдө иштеген бейөкмөт уюмдар жана эл аралык уюмдар кайрылып келатышат. Акыйкатчы өз ыйгарым укуктарынын алкагында коомдун уюмдардын катышуусунда иштерди иликтеп, арыздарды карап, өнөктөштүк шартында чогуу иштейт. Буга окшогон өнөктөштүк аркасында Акыйкаты институту адам укуктары жаатындагы бир катар маселелерди чече алды.

Баяндамада адам укуктары менен эркиндиктерин камсыз кылуу жаатындагы Акыйкатчынын ишине тоскоолдук жасаган мамлекеттик органдар менен кызмат адамдарынын аттары аталды.

Баяндаманын тиркемелеринде статистикалык жана фактологиялык маалыматтар келтирилди.

Ар бир бөлүмдүн аягында адам укуктарын коргоо максатында мамлекеттик органдарга деп иштелип чыккан конкреттүү сунуштар берилди. Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши жылдык баяндаманы кароонун жыйынтыгы менен токтом кабыл алат деген ишенимдебиз, ага ылайык мамлекеттик тиешелүү органдар, министрликтер жана мекемелер Кыргыз Республикасында адамдын жана жарандын укуктары менен эркиндиктерин жакшыртуу жаатында иш алып барат деген изги тилек бар.

**Урматым менен,**
**Кубат Оторбаев,**
**Кыргыз Республикасынын**
**Акыйкатчы (Омбудсмени)**

# 1-БӨЛҮМ.

# КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН АКЫЙКАТЧЫСЫНЫН (ОМБУДСМЕНИНИН) ЖАНА АНЫН АППАРАТЫНЫН 2017 ЖЫЛДАГЫ ИШТЕРИНИН НЕГИЗГИ БАГЫТТАРЫ

## 1.1. 2017-ЖЫЛЫ КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН АКЫЙКАТЧЫСЫНА (ОМБУДСМЕН) КЕЛГЕН АРЫЗДАРДЫН САНЫ ЖАНА МҮНӨЗҮ

(Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 41-беренеси: 1. Ар ким мамлекеттик бийлик органдарына, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына жана алардын кызмат адамдарына кайрылууга укуктуу, алар ага мыйзам менен белгиленген мөөнөттөрдө негиздүү жооп берүүгө милдеттүү.)

Кыргыз Республикасынын Акыйкатчысынын (Омбудсмендин) 2017-жылдагы ишмердүүлүгүнүн негизги багыттары, жарандардын укуктарынын бузулушу жөнүндө кайрылууларын карoo, анда көрсөтүлгөн фактыларды текшерүү жана укуктар бузулган учурларда аларды калыбына келтирүү болду.

Кыргыз Республикасынын Акыйкатчысы (Омбудсмени) жөнүндөгү Кыргыз Республикасынын мыйзамына ылайык Омбудсмен Кыргыз Республикасынын мыйзамдары, Кыргыз Республикасы катышуучу болгон эл аралык келишимдер жана макулдашуулар менен аныкталган адам укугу менен эркиндиктеринин бузулушуна байланышкан бейөкмөт уюмдардын, мамлекеттик органдар менен жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын, мамлекеттик жана мамлекеттик эмес уюмдардын, мекемелердин, ишканалардын, жоопту жактардын, мамлекеттик кызматкерлердин чечимдерине же аракеттерине (аракетсиздигине) карата Кыргызстан жарандарынын, Кыргыз Республикасынын аймагында жүргөн чет элдик жарандардын жана жарандыгы жок жактардын же алардын өкүлдөрүнүн кайрылуулары менен арыздарын карайт.


Кайрылууларды карoo Омбудсмендин республикадагы адам укуктарынын сакталышы боюнча кырдаалды иликтөөсүнө жардам берет, ал эми анын жыйынтыгы адам укуктарын коргоо системасын жакшыртуу боюнча сунуштарды иштеп чыгуу үчүн негиз катары кызмат кылат.

2017-жылы Акыйкатчынын (Омбудсмен) атына жарандардан 3242 кат түрүндөгү кайрылуу, арыздар келип түшкөн, алардын 2202си (67,9%) Кыргыз Республикасынын Омбудсменинин борбордук аппаратына багытталган. Алардын ичинде 169 кат (5,2%) 2961 адам кол койгон жамааттык каттар болуп саналат. 6847 адам оозеки кеңештерди алышкан. 2017-жылы кайрылган жарандардын жалпы саны 12881 адамды түзгөн, анын 49,4% – аялдар.

Кат түрүндөгү кайрылуулар Акыйкатчынын (Омбудсмен) дарегине түрдүү жолдор аркылуу келип түшөт, каттарды буйрутма жана кадимки почта аркылуу, интернет почтасы, факс бай-


ланышы аркылуу жөнөтүшөт, бирок көпчүлүгү катты жеке өзү Омбудсмендин кеңсесине алып келип берүүнү артыкчылыктуу көрүшөт. Ошондой эле басма сөзгө жарыяланган жарандардын кайрылуулары каттоого алынат.

Талдоолор көрсөткөндөй, 2017-жылы кайрылуулардын 69,4% адамдар өздөрү Акыйкатчынын кеңсесине алып келишкен, 21,8% почта, 2,6% факсимил байланышы, 2,1% электрондук почта аркылуу алынган, 1,9% инспекция, мониторингдердин жүрүшүндө колго тийген же ММКдан кийин каралган, 1,2% «115 шыр байланыш» кызматы аркылуу, 1% Омбудсмендин түрдүү уюмдарга жана мекемелерге сапарынын жүрүшүндө алынган.




***1-диаграмма. 2017-жылдагы кайрылууларды Кыргыз Республикасынын Акыйкатчысынын (Омбудсмен) атына жеткирүүнүн жолдору***


2-диаграммада Кыргыз Республикасынын Акыйкатчысынын (Омбудсмен) атына акыркы 5 жыл ичинде келип түшкөн жарандардын кат түрүндөгү арыздарынын динамикасы берилди.




***2-диаграмма. 2013-жылдан 2017-жылга чейин Кыргыз Республикасынын Акыйкатчысынын (Омбудсмен) атына келип түшкөн жарандардын кат жүзүндөгү арыздардын динамикасы***


2017-жылы Кыргыз Республикасынын Акыйкатчысына (Омбудсмен) кайрылган адамдардын жалпы саны 12881 адамды түздү, ал эми жарандардын кат түрүндөгү кайрылууларынын саны 3242, бул 2016-жылга салыштырганда азыраак. Бул Омбудсмендин эл менен активдүү байланышта болгондугу, анын ичинде өлкөнүн региондорунда, калктуу пункттарында көчмө кабыл алууларды өткөрүүдө активдүү иш алып баргандыгы, ошондой эле шаарлардын жана райондордун администрацияларынын арыз ээлеринин өтүнүчүн чечүү боюнча иштеринин натыйжалуулугунун деңгээлинин жогорулагандыгы менен түшүндүрүлөт.

Кайрылуулардын жалпы санынын динамикасы 3-диаграммада берилди.




***3-диаграмма. 2013-жылдан 2017-жылга чейин Кыргыз Республикасынын Акыйкатчысынын (Омбудсмен) атына келип түшкөн жарандардын арыздарынын жалпы санынын динамикасы***

2017-жылы Акыйкатчынын (Омбудсмен) аппаратынын кызматкерлери тарабынан түрдүү маселелер боюнча 6847 оозеки кеп-кеңештер берилди.




***4-диаграмма. 2013-жылдан 2017-жылга чейин Кыргыз Республикасынын Акыйкатчысынын (Омбудсмен) аппаратына кайрылган жарандардын оозеки кайрылууларынын жалпы санынын динамикасы***

Кайрылуулардын басымдуу көпчүлүгү (99,5%) Кыргызстандын жашоочуларынан, 0,4% КМШ өлкөлөрүнүн жарандарынан келип түшкөн. Акыйкатчыга (Омбудсмен) кайрылгандардын 51,0% – айыл жергесинин жашоочулары, 43,5% – шаар тургундары, 4,2% – камалгандар, медицина мекемелеринин бейтаптары, 1,3% – жашаган жери жок адамдар.


Кайрылуулар мамлекеттик жана расмий тилдерде келип түшөт жана тиешелүүлүгүнө жараша 61,2% жана 38,8% түзгөн.

Кат түрүндө кайрылган арыз ээлеринин географиялык бөлүнүшү төмөнкү таблицада берилди:

**1-таблица**

***2017-жылы Кыргыз Республикасынын Акыйкатчысынын (Омбудсмен) борбордук аппаратына жана анын региондук өкүлчүлүктөрүнө келип түшкөн арыздардын салыштырма таблицасы***

| К.н. № | Кайрылуулардын орду | 2017-ж. бардык кайрылуу лар | % | Келген кайрылуулар: | |
|---|---|---|---|---|---|
| | | | | борбордук аппаратка | региондук өкүлчүлүктөргө |
| 1 | **Бишкек ш.** | 1079 | 33,3% | 1079 | - |
| 2. | **Чүй облусу** | 673 | 20,8% | 468 | 205 |
| 3. | **Ысык-Көл облусу** | 379 | 11,7% | 153 | 226 |
| 4. | **Ош облусу** | 345 | 10,6% | 115 | 230 |
| 5. | **Нарын облусу** | 181 | 5,6% | 52 | 129 |
| 6. | **Жалал-Абад облусу** | 158 | 4,9% | 72 | 86 |
| 7. | **Баткен облусу** | 123 | 3,8% | 41 | 82 |
| 8. | **Талас облусу** | 111 | 3,4% | 29 | 82 |
| 9. | **Абактар** | 137 | 4,2% | 137 | - |
| 10. | **КМШ, алыскы чет өлкөлөр** | 14 | 0,4% | 14 | - |
| 11. | **Дареги көрсөтүлбөгөндөр** | 42 | 1,3% | 42 | - |
| | Бардыгы | 3242 | 100% | 2202 (67,9%) | 1040 (32,1%) |





***5-диаграмма. 2017-жылдагы Кыргыз Республикасынын Акыйкатчысынын (Омбудсмен) борбордук аппаратына жана анын региондук өкүлчүлүктөрүнө келип түшкөн кайрылуулардын динамикасы***

Таблицадан жана диаграммадан көрүнүп тургандай, кайрылуулардын эң көп саны – 1079 (33,3%) Бишкек шаарын, ал эми Чүй облусуна – 20,8%, Ысык-Көл облусуна – 11,7%, Ош облусуна – 10,6%, Нарын облусуна – 5,6%, Жалал-Абад облусуна 4,9% туура келет.

Абактардан кайрылуулардын 4,2% келип түшкөн, бул Баткен (3,8%) жана Талас (3,4%) облустарына караганда көп.

Жаш курактык категориялар боюнча жүргүзүлгөн талдоо.

Акыйкатчыга (Омбудсмен) көбүнчө 30 жаштан 60 жашка чейинки жарандар кайрыла тургандыгын көрсөтөт.




**6-диаграмма. 2017-жылдагы Кыргыз Республикасынын Акыйкатчысына (Омбудсмен) арыз менен кайрылган жарандардын жаш курактык курамы**

**2-таблица**

***Калкты социалдык топтор боюнча бөлүп караганда жарандардын кат түрүндөгү кайрылууларынын түзүмү төмөнкүдөй көрүнөт:***

| к.н. № | Жарандардын социалдык курамы | Кайрылуулардын саны | |
|---|---|---|---|
| | | бардыгы | **% менен** |
| 1. | Жумушсуздар | **892** | 27,5% |
| 2. | Пенсионерлер | **529** | 16,3% |
| 3. | Бюджеттик уюмдардын кызматкерлери | **223** | 6,9% |
| 4. | Камалгандар, соттолуучулар, айыпталуучулар | **200** | 6,2% |
| 5. | Саясий партиялардын жана БӨУ мүчөлөрү | **105** | 3,2% |
| 6. | Адвокаттар | **94** | 2,9% |
| 7. | Майыптар | **69** | 2,1% |
| 8. | Бизнесмендер, ишкерлер | **62** | 1,9% |
| 9. | Фермерлер | **39** | 1,2% |
| 10. | Үй кожойкелери | **32** | 1,0% |
| 11. | Студенттер | **22** | 0,7% |
| 12. | Жогорку Кеңештин жана жергиликтүү кеңештердин депутаттары | **14** | 0,4% |
| 13. | Башкалар, анын ичинде аныкталбагандар | **968** | 29,9% |
| | Бардыгы | 3242 | 100% |




***7-диаграмма. 2017-жылы Кыргыз Республикасынын Акыйкатчысына (Омбудсмен) кайрылган жарандардын социалдык курамы***

Диаграммадан белгилүү болгондой, Омбудсменге негизинен калктын социалдык корголбогон катмары – жумушсуздар, пенсионерлер, майыптар, туруктуу жашаган жери жок адамдар кайрылышат. Камсыздалган адамдар дээрлик кайрылышпайт.

Талдоолор көрсөтүп тургандай, кайрылуулардын тематикалык түзүмү жалпысынан туруктуу бойдон калууда, алдыңкы жылдарга карата аларда олуттуу өзгөрүүлөр байкалган эмес.




*Нарын облусунда жарандарды кабыл алуу*

**3-таблица**

***2017-жылы Кыргыз Республикасынын Акыйкатчысынын (Омбудсмен) атына келип түшкөн жарандардын арыздарында көтөрүлгөн маселелердин тематикасы***

| к.н. № | Жарандардын кайрылууларында көтөрүлгөн маселелердин тизмеги | **2017-ж. кайрыл-н** саны | **%** м-н |
|---|---|---|---|
| 1 | Кыргыз Республикасынын Акыйкатчысынын (Омбудсмен) өкүлүн сот отурумуна жөнөтүү жөнүндө | 1169 | 36,1 |
| 2 | Милиция кызматкерлеринин аракетине/аракетсиздигине даттануулар | 387 | 11,9 |
| 3 | Жер участокторун, турак үйлөрдү бөлүп берүү жөнүндө | 231 | 7,1 |
| 4 | Сот органдарынын аракетине/аракетсиздигине даттануулар | 129 | 4,0 |
| 5 | Прокуратура кызматкерлеринин аракетине/аракетсиздигине даттануулар | 107 | 3,3 |
| 6 | Эмгек укуктарынын бузулушу жөнүндө | 76 | 2,4 |
| 7 | Сот чечимдери менен макул эместик жөнүндө | 70 | 2,2 |
| 8 | Кыйноолорду колдонууга даттануулар | 62 | 1,9 |
| 9 | Балдардын укуктарынын бузулушу жөнүндө | 61 | 1,9 |
| 10 | Саламаттыкты сактоо органдарынын компетенциясында турган маселелер | 60 | 1,8 |
| 11 | Социалдык камсыздоо маселелери | 52 | 1,6 |
| 12 | Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу ЖАМК кызматкерлеринин аракетине/аракетсиздигине даттануулар | 49 | 1,5 |
| 13 | Обл.рай.шаар администрацияларынын, ЖӨБ органдарынын кызмат адамдарынын аракетине/аракетсиздигине даттануулар | 46 | 1,4 |
| 14 | Саламаттыкты сактоо кызматкерлерине даттануулар | 40 | 1,2 |
| 15 | Чет өлкөдөгү жарандардын укуктарынын бузулушу жөнүндө | 35 | 1,1 |
| 16 | Билим берүү маселелери | 28 | 0,9 |
| 17 | Паспорт берүүгө тиешелүү маселелер | 25 | 0,8 |
| 18 | Сот органдарынын компетенциясында турган маселелер | 25 | 0,8 |
| 19 | КР УКМК кызматкерлеринин аракетине/аракетсиздигине даттануулар | 24 | 0,7 |
| 20 | Сот чечимдеринин аткарылбагандыгы жөнүндө | 22 | 0,7 |
| 21 | Алимент төлөө маселелери | 19 | 0,6 |
| 22 | Экстрадициялоо маселелери | 14 | 0,4 |
| 23 | Прокуратура органдарынын компетенциясында турган маселелер | 14 | 0,4 |
| 24 | Аялдардын укуктарынын бузулушу жөнүндө | 12 | 0,4 |
| 25 | КР Президентинин, КР Өкмөтүнүн, КР Жогорку Кеңешинин аппараттарынын иштеринин маселелери | 11 | 0,3 |
| 26 | Кызмат адамдары тарабынан кызмат абалын кыянаттык менен пайдалануу жөнүндө | 11 | 0,3 |
| 27 | Аскер кызматкерлеринин укуктарынын бузулушу жөнүндө | 10 | 0,3 |
| 28 | Үй-бүлөлүк зомбулук жөнүндө | 9 | 0,3 |

| | | | |
|---|---|---|---|
| 29 | Ырайым кылуу маселелери | 9 | 0,3 |
| 30 | Материалдык жардам көрсөтүү тууралуу | 8 | 0,2 |
| 31 | Ички иштер органдарынын компетенциясында турган маселелер | 7 | 0,2 |
| 32 | Экстремизм маселелери | 7 | 0,2 |
| 33 | Шайлоо жана Кыргыз Республикасынын Борбордук шайлоо комиссиясынын ишмердиги маселелери | 4 | 0,1 |
| 34 | Юридикалык консультацияларды көрсөтүү тууралуу | 4 | 0,1 |
| 35 | Жарандык алуу маселелери | 4 | 0,1 |
| 36 | Адвокаттардын аракеттерине даттануулар | 4 | 0,1 |
| 37 | Майыптардын укуктарынын бузулушу жөнүндө | 3 | 0,1 |
| 38 | Керектөөчүлөрдүн укуктарынын бузулушу | 2 | 0,1 |
| 39 | Дин маселелери | 2 | 0,1 |
| 40 | Мектепке жана мектепке чейинки мекемелерге киргизүү маселелери | 1 | 0,03 |
| 41 | Кыргыз Республикасынын Акыйкатчысынын (Омбудсмен) аппаратынын кызматкерлерине ыраазычылык билдирүү | 29 | 0,9 |
| 42 | Мурун берилген кайрылуулардын каралбагандыгы жөнүндө кайра кайрылуулар | 16 | 0,5 |
| 43 | Башкалар | 344 | 10,6 |
| | Бардыгы | **3242** | **100** |

3-таблицанын маалыматтарынан сот жана укук коргоо органдарына тиешелүү маселелер эң көп көтөрүлө тургандыгын көрүүгө болот. Омбудсмендин өкүлүн сот отурумуна жөнөтүү өтүнүчү менен кайрылган жарандардын саны 2014-жылга салыштырмалуу дээрлик эки эсеге өскөн: 2014-жылы 597 кайрылуу болсо, 2017-жылы 1169.

Арыз берүүчүлөр билдиргендей, Омбудсмендин өкүлүн сот отурумуна жөнөтүү өтүнүчү менен кайрылунун себеби элдин сот системасына ишенбөөчүлүгү болуп саналат.

Өлкөнүн жарандары сот инстанцияларында иштерди акыйкат жана жалпыга маалымдоо менен териштирүүдө укуктарынын бузулгандыгын көрсөтүшөт жана Акыйкатчынын (Омбудсмен) өкүлдөрүн сот отурумуна байкоочу катары катышып берүү өтүнүчтөрүн билдиришет. Бул жерден келип түшкөн арыздардын 1169у (36,1%) ушундай мазмунду камтыгандыгын белгилей кетүү керек.

Ал эми 3242 кат түрүндөгүсүнүн 2019у (62,3%) күч түзүмдөрүнүн жана сот органдарынын кызматкерлеринин аракеттерине карата даттанууларды камтыйт.

2017-жылдагы жарандардын укук коргоо жана сот органдарынын кызматкерлерине карата даттанууларын камтыган кайрылуулар боюнча маалыматтар төмөндөгү таблица менен диаграммада берилди (2013-жылга салыштыруу менен):

**4-таблица**

***2013-2017-жылдары келип түшкөн жарандардын укук коргоо жана сот органдарынын кызматкерлерине карата даттануулардын камтыган кайрылуулары***


| к.н. № | Кайрылуулар- дын тематикасы | Келген кайрылуулар | | | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | **2013-ж.** | жалпы санга карата % менен | **2014-ж.** | жалпы санга карата % менен | **2015-ж.** | жалпы санга карата % менен | **2016-ж.** | жалпы санга карата % менен | **2017-ж.** | жалпы санга карата % менен |
| 1. | Жарандардын сот органдары маселелери боюнча кайрылуулары: | 910 | 36,9 | 856 | 35,5 | 1013 | 40,8 | 1925 | 50,7 | 1390 | 42,9 |
| | – соттордун, сот органдарынын аракетине/аракетсиз-дигине | 212 | | 107 | | 131 | | 133 | | 129 | |
| | – сот чечимдерине макул эместик | 145 | | 67 | | 68 | | 99 | | 70 | |
| | – сот чечимдеринин аткарылбагандыгына | 18 | | 27 | | 35 | | 35 | | 22 | |
| | – сотко катышуу жөнүндө өтүнүчтөрү | 535 | | 655 | | 779 | | 1658 | | 1169 | |
| 2. | Укук коргоо органдарына карата даттануулар: | **564** | **22,9** | **682** | **28,3** | 619 | **24,9** | **724** | **19,0** | **629** | **19,4** |
| | – милиция кызматкерлеринин аракетине/аракетсиз-дигине | 358 | | 387 | | 316 | | 416 | | 387 | |
| | - кыйноолорду колдонууга | 57 | | 70 | | 74 | | 70 | | 62 | |
| | – прокуратура кызматкерлеринин аракетине/аракетсиз-дигине | 108 | | 142 | | 170 | | 162 | | 107 | |
| | – КР УКМК кызматкерлеринин аракетине/аракетсиз-дигине | 29 | | 41 | | 27 | | 21 | | 24 | |
| | – ЖАМК кызматкерлеринин аракетине/аракетсиз-дигине | 12 | | 35 | | 27 | | 46 | | 49 | |
| | – БКМК кызматкерлеринин аракетине | – | | 7 | | 5 | | 9 | | – | |
| | Бардыгы | **1474** | **59,8%** | **1538** | **63,8%** | **1632** | **65,7%** | **2649** | **69,7%** | **2019** | **62,3%** |



*Нарын облусунун Кочкор районунда жарандарды кабыл алуу*



*Ысык-Көл облусунда элди кабыл алуу*




**8-диаграмма. 2013-2017-жылдардагы Кыргыз Республикасынын Акыйкатчысынын (Омбудсмен) атына келип түшкөн жарандардын сот жана укук коргоо органдарынын аракетине/аракетсиздигине карата арыздарынын өсүү динамикасы**

Укук коргоо органдарынын кызматкерлеринин аракетине/аракетсиздигине карата даттануулардын эң көп саны Бишкек шарынын, Чүй, Ош жана Ысык-Көл облустарынын жашоочуларынан, ошондой эле абактардөн келип түшкөн.

Абактардөн келип түшкөн 137 кайрылуунун 37си Акыйкатчынын (Омбудсмен) өкүлүн сот отурумуна жөнөтүү өтүнүчүн камтыса, 23 - милиция кызматкерлеринин аракетине, алардын орой, адамдын кадыр-баркын басмырлаган мамилесине карата даттануулар, 20 – ЖАМК кызматкерлерине даттануулар, 12 – кабыл алынган сот чечими менен макул эместик, 5 – кыйноолорду колдонууга карата даттануулар, 4 – ырайым кылуу жөнүндө өтүнүчтөр, 2 – прокуратура кызматкерлеринин аракетине даттануулар, 2 – башка жатак абакка которуу жөнүндө өтүнүчтөрдү камтыган.

Арыз берүүчүлөр укук коргоо органдарынын кызматкерлеринин аракетине/аракетсиздигине тиешелүү маселелерди көтөрүү менен укук коргоо органдарынын кызматкерлеринин КР ЖПКнын 19-беренесин бузгандыгын көрсөтүшөт, Кодекске ылайык тергөөчү иштин жагдайын ар тараптан, толук жана объективдүү изилдөө үчүн ушул Кодексте каралган бардык чараларды көрүүгө, шектүүнү, айыпкерди ашкерелөөчү, ошондой эле жактоочу, ошондой эле ишти туура чечүү үчүн алардын жоопкерчилигин жеңилдетүүчү же оордотуучу керектүү жана жетиштүү жагдайларды табууга милдеттүү.

Укук коргоо органдарынын кызматкерлери тарабынан күч колдонууларды, ошондой эле адамдын укукка каршы ишмердикти жасоодо күнөөлүү экендигине далилдерди алуу үчүн психологиялык таасирлерди мыйзамсыз жана негизсиз колдонууга карата даттануулардын санынын бир аз гана азайгандыгын байкоого болот.

2017-жылы кыйноолорго байланыштуу даттануулардын саны 62 болду, бул маселе боюнча 2016-жылы 70, ал эми 2015-жылы дагы 70 арыз келген. Мындай даттануулардын Омбудсмендин атына келип түшүшү бул көйгөйдү чечүүдө жаңы чечимдерди издөө зарылчылыгынын актуалдуулугун ырастайт. Ошону менен бирге аталган укук бузуу фактылары сейрек тастыктала тургандыгын белгилей кетүү керек. Баяндаманын кийинки бөлүмдөрүндө бул тууралуу бир топ кеңири баяндалат.

Айрым кайрылууларда адам укуктарынын бузулушу жөнүндө даттануулар камтылбайт, ушуга байланыштуу алар “Башкалар” тобуна киргизилди. 2017-жылы мындай кайрылуулардын саны 344 же келип түшкөн кайрылуулардын жалпы санынын 10,6%ын түздү.

Кайрылуулардын мүнөзү алар арызданган органдын аракети же аракетсиздиги боюнча бөлүштүрүүгө жардам берет.


**Бийлик органдарынын түрлөрү боюнча кайрылуулар төмөнкүдөй бөлүштүрүлдү:**
**– 62,3% – сот жана укук коргоо органдарына байланыштуу кайрылуулар жана арыздар;**
**– 1,6% – социалдык камсыздоо органдарына карата кайрылуу, арыздар;**
**– 1,4% – жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ишине даттануулар;**
**– 1,2% – саламаттыкты сактоо мекемелерине арыз, даттануулар;**
**– 0,9% – билим берүү мекемелери байланыштуу арыз, кайрылуулар.**

Омбудсмен кайрылууларда көтөрүлгөн маселелерди чечүү үчүн мамлекеттик бийлик органдары, уюмдар жана мекемелер менен активдүү кызматташып келди. 2017–жылы түрдүү уюмдарга жана мекемелерге 7500гө жакын каттар жөнөтүлгөн, анын ичинде иликтенген кайрылуулар боюнча суроо-талаптар – 2283, арыз ээлерине берилген жооптор – 2565.

Суроо-талаптардын эң көбү - 684 прокуратура органдарына жөнөтүлгөн, анын ичинде 209у Омбудсмендин облустардагы өкүлчүлүктөрү аркылуу жиберилген; Ички иштер министрлигине жана анын түзүмдүк бөлүмдөрүнө – 298 кат, анын ичинен жүз үчү Омбудсмендин өкүлчүлүктөрүнөн кеткен; Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына – 157; Жогорку сотко жана жергиликтүү сотторго – 140, Саламаттык сактоо министрлигине жана анын түзүмдүк бөлүмдөрүнө – 114, Билим берүү жана илим министрлигине жана анын аймактык бөлүмдөрүнө – 44; КР ТИМге – 70; КР Өкмөтүнө караштуу Жазаларды аткаруу мамлекеттик кызматына – 80; Эмгек жана социалдык өнүктүрүү министрлигине – 64; УКМКга – 42; Соттор кеңешине – 34; Сот департаментине – 22 суроо-талап жөнөтүлгөн.

Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши менен 126 кат алмашуу болду, ал эми Президенттин Аппараты менен 24, Өкмөткө 94 кат жөнөтүлдү.

Адамдардын жана жарандардын укуктарынын жана эркиндиктеринин аныкталган бузулуу фактысы боюнча, ошондой эле аларды жоюу максатында Омбудсмен тарабынан мамлекеттик бийлик органдарына, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына, алардын кызмат адамдарына Көңүл буруу актысы (Омбудсмендин сунушу) жөнөтүлдү. 2017-жылы түрдүү уюмдарга, мекемелерге 84 Көңүл буруу актысы жөнөтүлгөн.




***9-диаграмма. 2013-жылдан 2017-жылга чейин Кыргыз Республикасынын Акыйкатчысы (Омбудсмен) тарабынан жөнөтүлгөн көңүл буруу актыларынын динамикасы***



*Жалал-Абад облусунда эл менен жолугушуу*

2017-жылы Кыргыз Республикасынын Акыйкатчысы (Омбудсмен) тарабынан жөнөтүлгөн 84 Көңүл буруу актысынын ичинен 17 акт прокуратура органдарына, 10 – райондук жана шаардык администрацияларга, жергиликтүү кеңештерге, 9 – Соттор кеңешине, Жогорку Сотко, Сот департаментине, 9 – ИИМ органдарына, 9 – Билим берүү министрлигине жана анын түзүмдүк бөлүмдөрүнө, 2 – КР Өкмөтүнө, 2 – Өкмөттүн Чүй жана Ош облустарындагы өкүлчүлүктөрүнө, 1 – Куралдуу күчтөрдүн Башкы штабына, 1 – Саламаттык сактоо министрлигине, 1 – Айыл чарба, тамак-аш өнөр жайы жана мелиорация министрлигине, 1 – КР Өкмөтүнө караштуу ЖАМК, 3 – Мамлекеттик каттоо кызматына, 3 – Экологиялык жана техникалык коопсуздук боюнча мамлекеттик инспекциясына, 2 – Социалдык фондго, 1 – Ош облусунун губернаторуна ж.б. жөнөтүлгөн.

Негизинен Акыйкатчы (Омбудсмен) бардык Көңүл буруу актыларына жана билдирмелерине мамлекеттик органдардан жооп алгандыгын белгилей кетүү керек (кийинки бөлүмдү караңыз).


Көңүл буруу актыларын кароонун жыйынтыгы менен кайрылуулардын басымдуу көпчүлүгү негиздүү деп табылып, аларга чыныгы жардам көрсөтүлгөн. Жарандардын кайрылууларынын аткарылышына жүргүзүлгөн талдоо оң тарапка чечилген маселелердин саны пайыздык катышта 2016-жылга салыштырганда бир топ жогорулагандыгын көрсөтөт, 2016-жылы мындай кайрылуулар 16,2% түзсө, 2017-жылы бул көрсөткүч 16,4% чейин өскөн.

Акыйкатчынын (Омбудсмен) түрдүү мамлекеттик бийлик органдарына жасаган кайрылууларынын жыйынтыгында адам укуктарынын бузулушуна карата даттанууларга байланыштуу тийиштүү органдар тарабынан 2017-жылы кошумча териштирүүгө 431 иш, анын ичинде прокуратура органдарына – 259, ички иштер органдарына – 61 иш жөнөтүлгөн. Бул өткөн жылдарга салыштырганда дээрлик эки эсеге көп: 2016-жылы – 216 иш, 2015-жылы – 165 иш кошумча териштирүүгө жөнөтүлгөн.

Жарандардын кайрылууларынын 40,4%ында билдирилген өтүнүчтөр аткарылды (канааттандырылды); арыз ээсинин пайдасына чечилген (оң тарапка чечилген маселелер) маселелердин саны 16,4%ды түздү, 44,6% арыз ээлерине кат түрүндө кеңири түшүндүрмөлөр, консультациялар берилди: алардын кайрылууларындагы тигил же бул көйгөйдү чечүү үчүн кайсы органга кайрылуу керек экендиги жөнүндө кеп-кеңештер берилген. Арыз берүүчүлөрдүн өтүнүчү боюнча Акыйкатчынын (Омбудсмен) аппаратынын кызматкерлери 1380 сот отурумуна катышкан, 2016-жылы – 1575, 2015-жылы – 982.

697 кайрылуу жеринде каралды, бул каралган кайрылуулардын жалпы санынын 24,1,6% түзөт.

Акыйкатчынын (Омбудсмен) кийлигишүүсүнүн натыйжасында жарандардын укуктарын бузууга жол берген кызмат адамдары жоопкерчиликке тартылышты (кызмат адамдарынын тизмеси өзүнчө берилди, тиркемени караңыз).




**10-диаграмма. 2017-жылдагы жарандардын кат түрүндөгү кайрылууларын кароонун жыйынтыгы**

2017-жылы Акыйкатчыга (Омбудсмен) келип түшкөн жарандардын кат түрүндөгү кайрылууларынын аткарылышы тууралуу региондор боюнча маалыматтар төмөнкү таблицада берилди:

**Таблица 5**

**2017-жылы Акыйкатчыга (Омбудсмен) келип түшкөн жарандардын кат түрүндөгү кайрылууларынын аткарылышы тууралуу маалыматтар**

| № к.н. | Аталышы | 2017-ж. келген кат түрүндөгү бардык кайрылуу-лар | 31.12.17-ж. карата аткарылды жана контролдон алынды | % менен | Арыз берүүчү-нүн пайдасына чечилди | Аткарылгандардан % менен |
|---|---|---|---|---|---|---|
| 1. | Борбордук аппарат | 2202 | 1989 | 90,3 | 286 | 14,4 |
| Региондук өкүлчүлүктөр: | | | | | | |
| 1. | Баткен облусу | 82 | 78 | 95,1 | 22 | 28,2 |
| 2. | Ысык-Көл облусу | 226 | 220 | 97,3 | 40 | 32,5 |
| 3. | Жалал-Абад облусу | 86 | 67 | 78,0 | 18 | 26,9 |
| 4. | Нарын облусу | 129 | 126 | 97,6 | 33 | 26,2 |
| 5. | Ош облусу | 230 | 197 | 85,7 | 26 | 13,2 |
| 6. | Талас облусу | 82 | 65 | 79,3 | 18 | 27,7 |
| 7. | Чүй облусу | 205 | 149 | 72,7 | 61 | 40,9 |
| | Региондор боюнча бардыгы | 1040 | 902 | 86,7 | 188 | 20,8 |
| | Бардыгы: | 3242 | 2891 | 89,2 | 474 | 16,4 |



*Акыйкатчы Кубат Оторбаев Баткен облусунда кайрылмандар менен жолугушуу учурунда*

2017-жылы келип түшкөн 3242 кат түрүндөгү кайрылуулардын ичинен 2017-жылдын 31-декабрына карата 2891 аткарылды, бул 89,2,% түздү. 2017-жылдын аягына карата Акыйкатчынын (Омбудсмен) аппаратынын бөлүмдөрүндө жана региондук өкүлчүлүктөрүндө 351 кат түрүндөгү кайрылуу кароодо турат. Алардын 213 – борбордук аппаратта, 138 - облустардагы өкүлчүлүктөрдө, бул жалпы сандын 10,8%ын түзөт. Булар негизинен 2017-жылдын акыркы күндөрүндө келип түшкөн жарандардын кайрылуулары болуп саналат.

Омбудсмендин жарандарды жеке кабыл алуусу анын калк менен болгон байланышынын башкы жана натыйжалуу формасы болуп эсептелет. 2017-жылы Кыргыз Республикасынын Акыйкатчысынын (Омбудсмен) Бишкек шаарындагы Коомдук кабылдамасында 1553 адам кабыл алынган, ал эми 2016-жылы 2 095, 2015-жылы 1 375. Акыйкатчынын (Омбудсмен) Коомдук кабылдамасына кайрылган жарандардын бардыгы тиешелүү түшүндүрмөлөрдү, юридикалык жардам, сунуштарды алышкан. Жеке кабыл алуудагы ар бир кайрылууда жана жарандар менен баарлашуу процессинде айкын кырдаал аныкталган, укук мамилелеринин түрү жана мүнөзү ачыкталып, жарандын айкын укугу жана анын бузулушунун баскычы аныкталган жана Акыйкатчы (Омбудсмен) тарабынан бузулган укуктарды калыбына келтирүүгө көмөктөшүү боюнча чаралар көрүлгөн.

Жеке кабыл алуунун жүрүшүндө көптөгөн маселелерди телефон байланышын колдонуу аркылуу республиканын кызмат адамдары менен жетишерлик ыкчам түрдө чечүүгө шарт түзүлдү.

2017-жылы Акыйкатчы (Омбудсмен) тарабынан жеке маселелер менен келген жарандарды кабыл алууга өзгөчө көңүл бурулгандыгын белгилей кетүү керек. Кабыл алуу Кыргыз Республикасынын Омбудсмен институтунун кеңсесинде күн сайын, ошондой эле өлкөнүн региондоруна чыгууда жабык мекемелерде, жолугушууларда, жекеме-жеке сүйлөшүү маалында иш жүзүнө ашырылды.

Акыйкатчы (Омбудсмен) Кубат Оторбаевдин өзү 2017-жылы 640тан ашык жаранды кабыл алды. Ал 2016-жылы – 600, 2015-жылы – 278 жаранды кабыл алган болчу.

Көчмө кабылдаманын ар бир кайрылуучусу өз суроолоруна Акыйкатчы менен жолугушуу учурунда эч жакка барбастан жана айрым көйгөйлөрдү жеринде чечүү менен түздөн-түз жооп ала алышкан.

Иштөөнүн мындай формасынын натыйжалуулугунун көрсөткүчү жеке кабыл алууда болгон жарандардын 90%ы кызыккан суроолоруна токтоосуз түрдө жооп ала алгандыгы болуп саналат.

Бүгүнкү күндө Кыргыз Республикасынын Акыйкатчысынын (Омбудсмен) аппараты жарандардын бузулган укуктарынын калыбына келишине, ошондой эле алардын социалдык жана мыйзамдуу акыйкаттыкка жетүүсүнө үмүт байлаган орган болуп калды.

# 1.2. КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН АДАМДАРДЫН ЖАНА ЖАРАНДАРДЫН УКУКТАРЫН КОРГОО ЧӨЙРӨСҮНДӨГҮ МЫЙЗАМДАРЫН ЖАКШЫРТУУ

Кыргыз Республикасынын Акыйкатчысы өз ыйгарым укуктарын ишке ашыруунун алкагында Кыргыз Республикасынын адамдын жана жарандын укуктарын жана эркиндиктерин сактоо, аларды коргоонун механизмдерин өнүктүрүү, ошондой эле мыйзам жана тажрыйба жаатында пайда болгон маселелерди чечүү үчүн башка компетенттүү органдарга кайрылууда укуктардын сакталышы жөнүндө мыйзамдарына талдоо жүргүзөт.

**2017-жылы Акыйкатчы төмөнкү багыттар боюнча мыйзамдарды өнүктүрүү боюнча иштерди жүзөгө ашырды:**

*- Кыргыз Республикасынын Жогорку Сотунун Конституциялык палатасына адвокаттардын ишмердигин лицензиялоодо теңдикти камсыздоо маселеси боюнча сунуш даярдады жана жөнөттү;*

*- ченемдик-укуктук актылардын долбоорлорун (билим берүү, үй-бүлөлүк зомбулук, диний билим берүү жана соттук-эксперттик ишмердик) иштеп чыгуу боюнча 3 ведомстволор аралык жумушчу топко катышты;*

*- КР Жогорку Кеңеши тарабынан кабыл алынган жана КР Президентинин кол коюусуна жөнөтүлгөн Кыргыз Республикасынын Жазык-аткаруучулук, Жазык-процесстик жана Кылмыш-жаза кодекстеринин, Кыргыз Республикасынын Жоруктар жөнүндө кодексинин жаңы редакцияларына тыянактарды даярдады;*

*- КР Акыйкатчысынын ишмердигинин натыйжалуулугун көтөрүүгө багытталган мыйзам чыгаруу сунуштарын киргизди (жоопкерчилик, кепилдик, ыйгарым укуктар);*

*- мыйзам чыгарууну демилгелөө субъекттерине жана башка органдарга соттук териштирүүнүн мөөнөтүн кечиктирүү маселелерин чечүү үчүн сунуштарды киргизди;*

*- ченемдик-укуктук актылардын долбоорлоруна сын-пикирлерди жана сунуштарды берди (жарандык жөнүндө, Административдик жоопкерчилик тууралуу кодекс, прокуратуранын ыйгарым укуктары жөнүндө, мыйзамдарды Кыргыз Республикасынын Конституциясына киргизилген өзгөртүүлөр менен дал келтирүү (2016-жылдын декабрь айы), КР Өкмөтүнүн 2017-2020-жылдарга карата Кыргыз Республикасындагы адам сатууга каршы күрөшүү программасы);*

*- 15 мыйзам долбооруна жана учурда иштеп жаткан ченемдик-укуктук актыларга экспертиза жүргүздү.*

**КР Акыйкатчысы мыйзам чыгарууну демилгелөө субъекттерине бир катар сунуштарды жана сын-пикирлерди жөнөттү, анын ичинде:**

1. *“КРнын айрым мыйзам актыларына өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө” Мыйзам долбоору (КР Жазык кодекси, КР ЖПК)»*[3]*;*
2. *“Үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоо жана коргоо жөнүндө” Мыйзам;*
3. *“КР Акыйкатчысы (Омбудсмени) жөнүндө” Мыйзамынын жаңы редакциясынын долбоору*[4]*;*
4. *Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза кодексинин жаңы редакциясы*[5]*;*

---

3 КР Жогорку Кеңешинин депутаттары А.Ж.Салянова, Ө.Ч.Текебаев, Н.В.Никитенко, К.Б.Орозова, М.К.Жээнчороев, Э.Т.Токтошев, Ж.К.Акаевдер тарабынан демилгеленип, 2016-жылдын 20-декабрында коомдук талкуугa коюлган.

4 КР ЖК демилгечи депутаттары - А. Шыкмаматов, А. Кодуранова, Ч. Джакупова, А. Алтыбаева, Н. Алимбеков, К. Бокоев, У. Жылкыбаев, К. Асылбаева, А. Юсуров, Ж. Мусабекова, Т. Тиллаев жана И. Карамушкина тарабынан демилгеленип, КР Жогорку Кеңеши тарабынан биринчи окууда кабыл алынган.

5 Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши тарабынан 2016-жылдын 22-декабрында кабыл алынган.

5. *Кыргыз Республикасынын Жазык-процесстик кодексинин жаңы редакциясы*[6]*;*
6. *Кыргыз Республикасынын Жазык-аткаруучулук кодексинин жаңы редакциясы*[7]*;*
7. *КРнын "Кыргыз Республикасынын Адвокатурасы жана адвокаттык иш жөнүндө" Мыйзамы;*
8. *Кыргыз Республикасынын "Кыргыз Республикасынын административдик жоопкерчилик тууралуу кодексине өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө" Мыйзамынын долбоору*[8]*;*
9. *Кыргыз Республикасынын "КРнын терроризмге жана экстремизмге каршы аракеттенүү чөйрөсүндөгү айрым мыйзам актыларына өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө" Мыйзамы;*
10. *Кыргыз Республикасынын "Диний билим берүү жана диний окуу жайлар жөнүндө" Мыйзамы;*
11. *"Прокуратуранын КР Конституциясы менен аныкталган айрым ыйгарым укуктары жөнүндө" конституциялык мыйзамы;*
12. *Кыргыз Республикасынын "Чет өлкөдөгү мекендештерди колдоо боюнча мамлекеттик саясаттын негиздери жөнүндө" Мыйзамы;*
13. *Кыргыз Республикасынын "Эл аралык келишимдер жөнүндө" Мыйзамы;*
14. *Кыргыз Республикасынын "Кызыкчылыктардын кагылышуусу жөнүндө" Мыйзамы;*
15. *Кыргыз Республикасынын Жоруктар жөнүндө кодекси (мындан ары – КР ЖжК)*[9]*.*

## Кыргыз Республикасынын Жогорку Сотунун Конституциялык палатасына адвокаттардын ишмердигин лицензиялоодо теңдикти камсыздоо маселеси боюнча сунушу

"Кыргыз Республикасынын Адвокатурасы жана адвокаттык иш жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын[10] 19-беренесинин 1-бөлүмүнө ылайык адвокаттык иш жүргүзүү укугуна лицензия алууга квалификациялык сынактан өткөн Кыргыз Республикасынын жараны укуктуу.

**Ушул эле Мыйзамдын 19-беренесинин 4-бөлүгүндө беш жылдык иш стажы бар төмөнкү адамдарга лицензия квалификациялык сынаксыз бериле тургандыгы көрсөтүлөт:**

*1) укук коргоо органдарынын тергөө бөлүмдөрүндө;*
*2) судья катары;*
*3) Президенттин, Жогорку Кеңештин, Өкмөттүн Аппараттарынын бөлүмдөрүндө жогорку юридикалык билимдин болушун талап кылган кызмат орундарында;*
*4) Жогорку Кеңештин жогорку юридикалык билими бар депутаты катары.*

Бул контекстте Мыйзамдын 19-беренесинин 4-бөлүгүнүн 1-4-пункттарында көрсөтүлгөн ченемдердин мазмуну өзү менен бирге жетиштүү социалдык негиздерге (коомдук маанилүү натыйжаларга жетүүгө багытталган) ээ болбой туруп, аларда эсептелген субъекттер үчүн өзгөчө мүмкүнчүлүктөрдү түзөт, бул өз кезегинде аталган Мыйзамдын 19-беренесинин 3-бөлүгүнүн 2-8-пункттарында белгиленген башка жактарды (т.а., калган бардык жактарды) алгачкыларга карата негизсиз түрдө тең эмес укуктук абалга кое тургандыгын белгилеп кетүү маанилүү.

Бул жагдай өз убагында укуктук мамлекеттин фундаменттик башатынын бири болуп саналган бардык адамдардын мыйзам жана сот алдындагы теңдиги жөнүндөгү конституциялык

6 Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши тарабынан 2016-жылдын 22-декабрында кабыл алынган.

7 Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин 2016-жылдын 22-декабрындагы токтому менен кабыл алынган.

8 Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 23.12.2016-ж. № 699 токтому менен кабыл алынган жана Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин кароосуна жөнөтүлгөн.

9 Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин 2016-жылдын 22-декабрындагы токтому менен кабыл алынган.

10 2014-жылдын 14-июлунда кабыл алынган, № 135.

абалына (КР Конституциясынын 16-беренесинин 3-бөлүгү) карама-каршы келген теңсиздик үчүн укуктук негизди түзөт.

Жогоруда көрсөтүлгөн жагдайларды эске алып, 2017-жылдын 25-августунда Акыйкатчы (Омбудсмен) Кыргыз Республикасынын Жогорку Сотунун Конституциялык палатасына "Кыргыз Республикасынын Адвокатурасы жана адвокаттык иш жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 19-беренесинин 4-бөлүмүнүн 1, 2, 3, 4-пункттарын Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 16-беренесинин 3-бөлүгүнө карама-каршы келет деп таануу зарылчылыгы жөнүндөгү сунушу менен кайрылган.

2018-жылдын 14-февралында Кыргыз Республикасынын Жогорку Сотунун Конституциялык палатасы сунушта тиркелген тыянактар менен макул болуп, "Кыргыз Республикасынын Адвокатурасы жана адвокаттык иш жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 19-беренесинин 4-бөлүмүнүн 1, 2, 3, 4-пункттарын Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 16-беренесинин 3-бөлүгүнө карама-каршы келет деп таануу зарылчылыгы жөнүндө чечим кабыл алган.

### Мыйзамдарды жакшыртуу боюнча жумушчу топторго катышуу

Адамдардын жана жарандардын укуктарын жана эркиндиктерин коргоо жаатындагы мыйзамдарды өркүндөтүүгө көмөктөшүү боюнча ишмердикти ишке ашыруунун алкагында 2017-жылы Акыйкатчы (Омбудсмен) институту төмөнкү багыттар боюнча мыйзам жаратуу чөйрөсүндөгү жамааттык иш-чараларга катышты:

1) КР Жогорку Кеңешинин Социалдык маселелер, билим берүү, илим, маданият жана саламаттыкты сактоо боюнча комитетинин 20.10.2016-ж. № 6-24907/16 чечиминин негизинде төмөнкү Кыргыз Республикасынын Мыйзамдарына өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүүнү караштырган билим берүү чөйрөсүндөгү мыйзам долбоорлорун иштеп чыгууга катышты:

- *«Билим берүү жөнүндө»;*
- *«Мугалимдин макамы жөнүндө»;*
- *«Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары тууралуу»;*
- *«Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө».*

2) КР Юстиция министрлигинин кайрылуусунун негизинде Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Мамлекеттик башкаруу академиясында түзүлгөн ведомстволор аралык жумушчу топтун алкагында төмөнкү Кыргыз Республикасынын Мыйзам долбоорлорун өркүндөтүү боюнча ишине катышты:

- *«Соттук-эксперттик ишмердик жөнүндө» КРнын Мыйзамына өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө;*
- *«Диний билим берүү жана диний окуу жайлар жөнүндө».*

3) Премьер-министрдин 2017-жылдын 20-октябрындагы №485-т тескемесинин негизинде КР Өкмөтүнүн Үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоо жана коргоо боюнча программасынын, аткаруу бийлигинин органдарынын үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоо жана коргоо маселелери боюнча өз ара аракеттенүү механизмин аныктаган ченемдик-укуктук актылардын долбоорлорун иштеп чыгуу боюнча ведомстволор аралык жумушчу топтордун ишине катышты.

## КРнын Улуттук укук коргоо мекемелеринин ишмердигине тоскоолдук кылгандык үчүн жоопкерчиликти сактоонун зарылчылыгы жөнүндө

### Акыйкатчынын ишин камсыздоо

Учурдагы КР Жазык кодексинен айырмаланып, КР Жогорку Кеңеши тарабынан кабыл алынган КР Жазык кодексинин жаңы редакциясы, ошондой эле КР Жоруктар жөнүндө кодекси [11] “Кыргыз Республикасынын Акыйкатчысы (Омбудсмени) жөнүндө” Мыйзамы менен каралган КР Акыйкатчысынын (Омбудсмен) ыйгарым укуктарын ишке ашыруусуна кандай формада болсун тоскоолдук кылууда ачыкталган аракеттерди жасалгандык үчүн жоопкерчиликти караштырбайт.

Ушуга байланыштуу ушул сыяктуу мыйзам “жаңылыктары” менен төмөнкү себептер боюнча макул болбоого туура келет.

Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 16-беренесинин 1-бөлүгүнө ылайык адамдын укугу жана эркиндиги жогорку баалуулук болуп саналат. Алар түздөн-түз колдонулат, мыйзам чыгаруу, аткаруу бийлигинин жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ишмердигинин мааниси менен мазмунун аныктайт.

Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 108-беренесине ылайык Кыргыз Республикасында адамдын жана жарандын укуктарынын жана эркиндиктеринин librarян сакталышына парламенттик контролду Акыйкатчы (Омбудсмен) жүргүзөт.

Көз карандысыздык жылдарынын ичинде Кыргызстан Бириккен Улуттар Уюмунун адам укуктары боюнча жети универсалдуу эл аралык келишимине кошулду, ошондой эле адам укуктарын жана эркиндиктерин коргоо чөйрөсүндөгү 42 эл аралык макулдашуулардын катышуусу болуп саналат.

Жогоруда көрсөтүлгөн жагдайлар Кыргыз Республикасындагы адам укуктарын жана эркиндиктерин коргоо системасынын маанилүүлүгү жана приоритеттүүлүгү, ошондой эле Акыйкатчынын (Омбудсмендин) бул чөйрөдө укук мамилелерин ишке ашыруудагы негизги ролу жөнүндө күбөлөндүрөт.

Бирок жогоруда айтылган жагдайларга карабастан, укук колдонуу тажрыйбасында мамлекеттик органдар жана алардын кызмат адамдары тарабынан да, мамлекеттик эмес түзүмдөр тарабынан да кызматтык ыйгарым укуктарын ишке ашырууда Акыйкатчынын ишине тоскоолдук кылуу аракеттери көп кездешет.

Мындай учурларда укук бузуунун мындай түрүнө каршы аракеттенүү жана алардын алдын алуу боюнча таасирдүү чаралардын бири катары мыйзамдуу коркутуу чарасы колдонулат (КР Кылмыш-жаза кодексинин 146-1-беренеси менен каралган).

Ошондуктан, Акыйкатчынын (Омбудсмендин) ишине тоскоолдук кылуу үчүн каралган жазык-укуктук таасир этүүнүн чараларын жазык мыйзамдарынан алып салуу фактысын констатациялоо керек, бул Кыргыз Республикасындагы адам укуктарын жана эркиндиктерин сактоо жана коргоо менен байланышкан жагдайларга терс таасир этиши мүмкүн. Анткени мындай укук бузуулардын субъекттери (же потенциалдуу субъекттер) (өздөрүнүн юридикалык жактан жазаланбай тургандыгын билип туруп) өздөрү тарабынан жол берилген жарандардын укуктарын жана эркиндиктерин бузуу фактыларын жашыруу максатында өлкөнүн башкы укук коргоочусунун ишинин жүзөгө ашырылышына ар түрдүү тоскоолдуктарды көрсөтүшөт.

Жогорудагыларды, ошондой эле адам укуктарын жана эркиндиктерин коргоо системасын жакшыртууга багытталган мамлекеттик саясаттын маанилүүлүгүн жана приоритеттүүлүгүн

11 2019-жылдын 1-январында күчүнө кирет.

эске алып, КР ЖжК 17-главасын төмөнкүдөй редакцияда баяндалган 90-берене менен толуктоо сунушталды:

«90-берене. Кыргыз Республикасынын Акыйкатчысынын (Омбудсменинин) ишине тоскоолдук кылуу.

**«Кыргыз Республикасынын Акыйкатчысы (Омбудсмени) жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамында каралган Акыйкатчынын (Омбудсмендин) ыйгарым укуктарын ишке ашыруусуна кандай формада болсун тоскоолдук кылуу –II категориядагы айыппул түрүндөгү жаза тартууга алып келет”.**

(тиешелүүлүгүнө жараша КР ЖжК 90-187-беренелери КР ЖжК 91-188-беренелер деп эсептелсин).

2. Кыргыз Республикасынын Кыйноолорду жана башка катаал, адамгерчиликсиз же кадыр-баркты басмырлаган мамиленин жана жазанын түрлөрүн алдын алуу боюнча улуттук борборунун ишин камсыздоо.

КР Жоруктар жөнүндө кодексинин (КР ЖжК) жоболорунда Координациялык кеңешинин мүчөсүнүн, Кыргыз Республикасынын Кыйноолорду жана башка катаал, адамгерчиликсиз же кадыр-баркты басмырлаган мамиленин жана жазанын түрлөрүнүн алдын алуу боюнча улуттук борборунун кызматкеринин ыйгарым укуктарына тоскоолдук кылууга ыйгарым укуктардын кызматтык чөйрөсү тиешелүү мыйзам менен каралган жоопкерчилик жана жаза каралышы керек (т.а., учурдагы КР КК 146-2-беренеси менен бирдей).

# СУНУШТАР

## Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешине:

1) КР ЖжК 90-берене менен толуктalсын, ошондой эле 4-берененин 1-бөлүмүнө, 10-берененин биринчи сүйлөмүнө, 42-беренеге өзгөртүүлөр жана толуктоолор - кол тийбестик (иммунитет) принциби бар айрым кызмат адамдары үчүн жоопкерчилик маселесине, жалпылап айтканда, Акыйкатчынын (Омбудсмендин) жана Кыргыз Республикасынын Кыйноолорду жана башка катаал, адамгерчиликсиз же кадыр-баркты басмырлаган мамиленин жана жазанын түрлөрүнүн алдын алуу боюнча улуттук борборунун кызматкеринин ишине тоскоолдук кылууга жоопкерчиликти аныктоого тиешелүү өзгөртүүлөр жана толуктоолор киргизилсин.

**3. Акыйкатчынын жабык сот отурумдарына кирүү мүмкүнчүлүгү**

“Кыргыз Республикасынын Омбудсмени (Акыйкатчысы) жөнүндө” Мыйзамы күчүнө киргенден бери 15 жылдан көп убакыт өттү, бирок анын айрым жоболору азыркы убакка чейин ишке ашпай келет, бул Омбудсмендин ишинин натыйжалуулугуна терс таасирин тийгизет.

Бул Мыйзамды ишке киргизүүдө Кыргыз Республикасынын иштеп жаткан ченемдик-укуктук базасын “Кыргыз Республикасынын Омбудсмени (Акыйкатчысы) жөнүндө” Мыйзамы менен шайкеш жана дал келтирүү боюнча тийиштүү иштердин жүргүзүлбөгөндүгү менен байланыштуу.

Жалпысынан айтканда, “Кыргыз Республикасынын Омбудсмени (Акыйкатчысы) жөнүндө” Мыйзамынын 8-беренесинин 11-пунктунун жоболоруна ылайык, Омбудсмен соттук териш-

тирүүсү жабык деп жарыяланган жабык сот отурумдарына тараптардын макулдугу менен катышуу укугуна ээ.

Мыйзамдын бул ченеми укук колдонуу тажрыйбасында ишке ашпай келет. Тараптардын (соттук териштирүүсү жабык деп жарыяланган) макулдугуна карабастан, жабык соттук териштирүүнү алып барган судьялар алар тарабынан өткөрүлгөн сот процессине Омбудсмендин (же анын өкүлүнүн) катышуусуна каршылык көрсөтүп келишет.

Омбудсмендин (же анын өкүлүнүн) жабык сот отурумдарына катышуусуна баш тартуу үчүн Кыргыз Республикасынын Жазык-процесстик кодексинин судьяларга жабык сот отурумдарына катышуучулардын санын сот процессинин түздөн-түз катышуучулары менен чектөөгө мүмкүнчүлүк берген ченемдик жоболору негиз болот. Анткени Омбудсмен сот отурумунун түздөн-түз катышуучусу болуп саналбагандыктан, бул жобо судьяларга Омбудсменди (же анын өкүлүнүн) жабык сот отурумдарына киргизбөө үчүн негиз болуп саналат.

Кодекс укуктук макамы боюнча Мыйзамга караганда жогорку юридикалык күчкө ээ, мурунку ченемдик жоболорго каршы келген кийинки ченемдик жоболор куру формалдуулук бойдон гана кала берет [12].

КР мыйзамдарында жана тажрыйбасында түзүлгөн кырдаал абсурддуу жана Омбудсмендин Кыргыз Республикасынын Конституциясында жазылган функционалдык ишинин маңызына дал келбейт. Буга ылайык Омбудсменге Кыргыз Республикасындагы адамдардын жана жарандардын укуктарын жана эркиндиктерин сактоо үчүн Парламенттик контролду камсыз кылуу боюнча милдеттер жүктөлөт [13].

Омбудсмен адамдардын турган жерине карабастан, камакка алынган жер же абак, психиатриялык же эркин кирүү мүмкүндүгү жок башка жабык мекеме болсун, алардын укуктарын сактоо менен кырдаалды контролдоого дайындалган. Конституциялык ченемдин маңызынын натыйжасында соттук териштирүү жабык деп жарыяланган тарап каалабаган учурларда жабык сот процесстерине баруу (адамдардын процесстик укуктарын жана эркиндиктерин сактоо менен контролду камсыз кылуу талап кылынган) Омбудсмен үчүн чектелип калышы мүмкүн.

Эгерде тарап (соттук териштирүү жабык деп жарыяланган) Омбудсмен (же анын өкүлү) жабык сот отурумуна катышышын талап кылса, анда судья (соттук териштирүүнү жетектеген) учурдагы Кыргыз Республикасынын жазык-процесстик мыйзамдарында сакталып калган “анахроникалык” кемчиликтерди пайдаланып, Омбудсмендин (же анын өкүлүнүн) соттук териштирүүгө катышуусуна тоскоолдук кылбашы керек.

КР ЖПК 1-беренесинин 2-бөлүгүнө ылайык эл аралык укуктун жалпы кабыл алынган принциптери жана ченемдери жазык-процесстик укуктун курамдык бөлүгү болуп саналарын жана жазык сот өндүрүшү чөйрөсүндөгү укуктарды жана эркиндиктерди түздөн-түз жарата тургандыгын белгилей кетүү керек.

Адам укуктарын кеңейтүү жана коргоо менен алектенген улуттук мекемелердин макамына тиешелүү принциптердин (Париж принциптери) 2-пункту “Улуттук укук коргоо мекемесине (жалпылап айтканда, Омбудсмен) анын курамын жана жүргүзүү чөйрөсүн аныктаган конституциялык же мыйзам актында даана баяндалган бир топ кеңири ыйгарым укуктар бөлүнө тургандыгын билдирет”.

Жогорудагылардын негизинде Кыргыз Республикасынын Президентинин дарегине Кыргыз Республикасынын Жазык-процесстик кодексин ага сунушталган өзгөртүүлөрдү жана толук-

12 “Кыргыз Республикасынын ченемдик-укуктук актылары жөнүндө” Мыйзамынын 6-беренесинин талаптарына ылайык.

13 Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 188-беренесине ылайык.

тоолорду кайрадан карап чыгуу үчүн Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешине кайтаруу жөнүндө кайрылуу жөнөткөн.

Тилекке каршы, Акыйкатчы тарабынан жөнөтүлгөн сунуштар эске алынган жок жана КР Жазык-процесстик кодексинин жаңы редакциясына КР Президенти тарабынан кол коюлду.

# СУНУШТАР

## Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешине:

Кыргыз Республикасынын Жазык-процесстик кодексинин жаңы редакциясына Акыйкатчынын (Омбудсмендин) соттук териштирүүсү жабык деп жарыяланган тараптын макулдугу менен жабык сот отурумдарына катышуу укугун караштырган ченем киргизилсин.

**4. Соттук экспертизаларды өткөрүүнүн мөөнөтүн кечиктирүүнү алдын алуу боюнча демилгелер**

Омбудсмен институту тарабынан жүргүзүлгөн сот процесстеринин мониторинги сот өндүрүшү жаатындагы адам укуктарын жана эркиндиктерин бузуу менен байланышкан эң курч көйгөйлөрдүн бири соттук териштирүүлөрдүн (жазык, жарандык жана административдик) мөөнөтүн ашыкча кечиктирүү болуп саналат.

Бул соттук териштирүүнүн катышуучусунда үй-бүлөлүк, социалдык-тиричиликтик, финансы-экономикалык, медициналык, моралдык-психологиялык жана бир нече жылдарга созулуучу башка көйгөйлөрдүн пайда болушун шарттайт. Соттук экспертизаларды жүргүзүүнүн мөөнөтүн негативдүү түрдө кечиктирүү соттук териштирүүнүн мөөнөтүнүн узарышына таасир этет. Бул маселе өзгөчө камакта турган адамдар үчүн курч. Айрым маселелер бир нече жылдар бою чечилбейт.

Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигине караштуу Мамлекеттик соттук экспертизалар борборунун (Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Мамлекеттик соттук-экспертизалык кызматы бул борбордун ишин улантуучу болуп саналат) маалыматтарына ылайык **2014-жылы** келип түшкөн материалдар экспертизалардын айрым түрлөрү боюнча кезекте турат. Бул айрым сот процесстеринин соттук экспертизалардын тийиштүү тыянактарынын келишин күтүү үчүн узак жылдарга кечиктирилип жаткандыгын билдирет.

“Соттук-эксперттик иш жөнүндө” КР Мыйзамында каралган соттук экспертизаларды өткөрүүнүн мөөнөтү тийиштүү материалдарга карата экспертиза түздөн-түз жүргүзүлө баштаган убакта эсептелине баштайт. Ошону менен бирге аталган Мыйзамда экспертиза жүргүзүүгө таандык материалдардын кезекте туруу мөөнөтү жөнүндө эч нерсе айтылган эмес.

КР Акыйкатчысы “Соттук-эксперттик иш жөнүндө” КР Мыйзамынын 25-беренесине соттук экспертизаларды 30 сутканын ичинде өткөрүү мөөнөтүн карап, ушул эле мөөнөткө материалдардын соттук экспертиза жүргүзүүгө кезекте туруу убактысынын мөөнөтүн кошуп, толуктоо киргизүүнү сунуштайт.

Бул сунуш соттук экспертиза өндүрүшүнүн мөөнөтүн айкындайт жана эксперттик тыянакты кабыл алуу менен байланышкан өндүрүштү негизсиз кечиктирүүнү жокко чыгарат.

# СУНУШТАР

## Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешине:

Соттук экспертизаларды өз убагында албоо менен байланышкан көйгөйлөрдү жоюу максатында “Соттук-эксперттик иш жөнүндө” КР Мыйзамынын 3-главасын төмөнкүдөй редакциядагы 25-берене менен толуктоо сунушталды:

«25-берене. Соттук экспертиза өндүрүшүнүн мөөнөтү, узартуу жана токтотуу

1. *1. Соттук экспертиза өндүрүшүнүн мөөнөтү соттук экспертиза дайындоо жана изилдөөлөрдү жүргүзүү жана эксперттин тыянагын берүү үчүн зарыл болгон изилдөөнүн объекттери жана иштин материалдары жөнүндө токтом, аныктама күчүнө кирген күндөн тартып эсептелинет.*
2. *2. Соттук экспертиза өндүрүшүнүн мөөнөтү Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында каралган башка учурлардан сырткары отуз суткадан ашпашы керек.*
3. *3. Соттук экспертиза өткөрүүнүн мөөнөтүн узартуу ушул Мыйзамдын 14-беренесинин 1 жана 2-бөлүгүнө ылайык соттук-эксперттик ишмердикти жүргүзгөн соттук экспертиза органынын жетекчисинин же сот экспертинин жүйөлүү өтүнүчү менен соттук экспертиза дайындаган орган (тарап) тарабынан ишке ашырылат.*
4. *Соттук экспертизага ыктыярдуу түрдө кабылган же соттук экспертиза өндүрүшү үчүн медициналык мекемеге мажбурлоо менен алынып келинген адамдардын соттук-экспертизада болуусунун мөөнөтүн узартуунун тартиби Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык ишке ашырылат.*
5. *4. Зарыл болгон учурларда кошумча материалдардын тыянактарын берүү үчүн ушул Мыйзамдын 14-беренесинин 1 жана 2-бөлүгүнө ылайык соттук-эксперттик ишмердикти жүзөгө ашырган соттук экспертиза органынын жетекчиси же сот эксперти (сот эксперттери) тарабынан соттук экспертизаны дайындаган органдын (жактын) дарегине жүйөлүү өтүнүч жөнөтүлөт. Ошону менен бирге соттук экспертиза өндүрүшү он жумушчу күнүнөн ашпаган убакытка токтотулат.*
6. *Эгерде соттук экспертиза өндүрүшүн токтотуу үчүн негиз болуп саналган жагдай жоюлбаса, соттук экспертиза берилген материалдардын көлөмүндө жүргүзүлөт же экспертиза жүргүзүүгө мүмкүн эмес болгон учурларда экспертиза жүргүзүү үчүн берилген материалдар экспертизаны дайындаган органга (жакка) аткарылбастан кайтарылып берилет.*
7. *5. Изилдөөлөрдү жүргүзгөндөн жана эксперттин тыянагы түзүлгөндөн кийин, же болбосо, үч сутканын ичинде тыянак берүүгө мүмкүн эмес болгон учурларда соттук экспертизанын бүтүшү же эксперттин тыянагы (тыянак берүүгө мүмкүн эместик жөнүндө билдирүү) тууралуу маалымдалат, изилдөөнүн объекттери жана башка материалдар экспертизаны дайындаган органга (жакка) жөнөтүлөт.*

Тиешелүүлүгүнө жараша “Соттук-эксперттик ишмердик жөнүндө” КР Мыйзамынын 25-39-беренелерин Мыйзамдын 26-40-беренелери деп эсептөө керек.

**5. Адвокаттык ишмердик менен алектенүү укугуна лицензия алуудагы бирдейликти камсыздоо**

КР Омбудсмени КР Жогорку Кеңешинин депутаты Д. Бекешовдун дарегине экономика чөйрөсүндө эле эмес, адвокаттык лицензияны алуу үчүн бир убактагы мүчөлүк кирүү төгүмдөрүнүн өлчөмүн аныктоо боюнча ыйгарым укуктар берилген Кыргыз Республикасынын Адвокаттар съездинин (же адвокатуранын башка органдарынын) чечимине карата мамлекеттик монополияга каршы чара көрүүнү караштырган Кыргыз Республикасынын тийиштүү ченемдик-укуктук актыларына өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү жөнүндө Мыйзамынын долбоорун демилгелөөнү сунуштап кайрылуу жөнөткөн.

Бул кайрылууну жөнөтүүгө жарандардын мыйзамдарды өзгөртүү зарылчылыгына кабылган адвокаттар коомчулугунун объективдүү эмес жана карама-каршы аракеттерине болгон даттануулары себеп болгон.

Жалпылап айтканда, 2016-жылдын 3-мартында Кыргыз Республикасынын Адвокаттарынын кезексиз съезди адвокаттык лизенцияны алуучу адамдар үчүн 20 000 (жыйырма миң) сом өлчөмүндө бир убактагы мүчөлүк кирүү төгүмүн аныктоо тууралуу чечим кабыл алган. Бул чечим көптөгөн талаш-тартыштардын келип чыгуусуна алып келген.

**Биринчиден**, Кыргыз Республикасынын Адвокаттарынын кезексиз съезди бир тараптуу тартипте бир убактагы мүчөлүк кирүү төгүмүн 2000 (эки миң) сомдон 20 000 (жыйырма миң) сомго чейин көбөйтүү тууралуу чечим кабыл алган, тактап айтканда, мүчөлүк кирүү төгүмү он эсе көбөйгөн.

Мүчөлүк төгүмдү он эсе көбөйтүү калктын кирешелеринин жана бүтүндөй өлкөнүн жалпы байгерлигинин өсүү деңгээлине карата корреляциялык көз карандуулукка ээ эмес. КР Улуттук статистика комитетинин маалыматтарына ылайык 2009-жылдан 2015-жылга чейинки мезгилдердеги Кыргызстандагы калктын негизги социалдык-демографиялык топтору үчүн жашоо минимуму 47,1%га (сом эквивалентинде) жогорулаган. Мүчөлүк төгүмдү он эсе көбөйтүүдө Кыргыз Республикасынын улуттук валютасынын инфляциясынын деңгээли эске алынган эмес.

Кирүү төгүмдөрүнүн өлчөмүн жогорулатуу адвокаттык иш менен жаңыдан гана алектенип баштаган адамдарга терс таасир тийгизе тургандыгын белгилей кетүү маанилүү: ишин жаңы баштаган адвокаттар адвокат ишинин тажрыйбасына ээ эмес, кардары жана көрсөткөн кызматтары үчүн туруктуу гонорары жок.

Адвокаттык иш менен алектенүүгө уруксат алуу кредит алууга мажбурлайт, ишин жаңы баштаган адвокаттардын жана алардын үй-бүлө мүчөлөрүнүн абалын начарлатып, карыз милдеттери менен түйшөлтөт. Ошону менен бирге тажрыйба жана кардарлардын жоктугун эске алганда, адвокат ишмердиги менен алектенүүгө уруксат алуу үчүн кеткен чыгымдын ордун иштин алгачкы айларында табууга кепилдик жок.

**Экинчиден**, калктын материалдык-экономикалык абалынын жана кирешелеринин деңгээли олуттуу региондук айырмачылыктарга ээ. Бул өзгөчөлүктөр кирүү төгүмүнүн өлчөмүн аныктоодо эске алынган эмес.

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Мамлекеттик салык кызматынын сайтындагы салык коюмдарынын өлчөмү жана региондор боюнча патенттин наркы менен таанышкандан кийин калктын кирешелеринин региондор боюнча социалдык-экономикалык айырмачылыктарынын мындай конъюнктурасын салык салуу чөйрөсүндө көзөмөлдөөгө болот.

Бул контекстте 2016-жылдын 3-мартында кабыл алынган Кыргыз Республикасынын Адвокаттарынын кезексиз съездинин чечими адвокаттардын кирешелеринин региондор боюнча өзгөчөлүктөрүн эске алган эмес.

**Үчүнчүдөн**, КР Адвокаттарынын кезексиз съездинин (иштеп жаткан адвокаттарды гана камтыган) кирүү төгүмүн он эсе көтөрүү жөнүндө чечими адвокаттардын арасындагы ак ниет атаандаштыктын өнүгүшүнө, башкысы адвокат ишмердиги менен алектенүүгө кадам таштаган адамдардын кесиптик ишмердигине тоскоолдук кылат. Бул чечим учурда иштеп жаткан адвокаттардын төгүмдөрүнүн өлчөмүнө таасир этпейт.

Акыйкатчы Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаты Д. Бекешовго даректелген катында Кыргыз Республикасынын Адвокаттарынын кезексиз съезди менен кабыл алынган адвокаттардын ортосундагы ак ниет атаандаштыкты буза турган объективдүү эмес чечимди жокко чыгаруу үчүн "Кыргыз Республикасынын Адвокатурасы жана адвокаттык иш жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамына (жана ушул Мыйзам менен байланышкан ченемдик укуктук актыларга) өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү жөнүндө мыйзам долбоорун демилгелөө тууралуу маселени карап чыгуу сунушталган.

КР ЖК депутаты Д. Бекешов бул сунуш үчүн ыраазычылык билдирип, кийинки мыйзам жаратуу ишмердигинде бул маселеге көңүл бура тургандыгын маалымдаган.

## СУНУШТАР

### Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешине:

1. Экономика чөйрөсүндө эле эмес, адвокаттык лицензияны алуу үчүн бир убактагы мүчөлүк кирүү төгүмдөрүнүн өлчөмүн аныктоо боюнча ыйгарым укуктар берилген Кыргыз Республикасынын Адвокаттар съездинин (же адвокатуранын башка органдарынын) чечимине карата мамлекеттик монополияга каршы чара көрүүнү караштырган Кыргыз Республикасынын тийиштүү ченемдик-укуктук актыларына өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү жөнүндө Мыйзамынын долбоору демилгеленсин.

**6. Жарандык жөнүндө мыйзамдарды жакшыртуу жөнүндө**

"Жарандык жөнүндө" Кыргыз Республикасынын конституциялык мыйзамынын долбоорун талдоонун жүрүшүндө мыйзам демилгелөө субъекттеринин дарегине төмөнкүдөй мүнөздөгү сунуштар киргизилген:

Кыргыз Республикасынын Конституциясы[14] менен каралган баланын эң мыкты кызыкчылыктарын камсыз кылуу принциптерин сактоо максатында "Жарандык жөнүндө" Кыргыз Республикасынын конституциялык мыйзам долбоорунун 17-беренесин төмөнкүдөй мазмундагы 2-бөлүк менен толукталсын: *"Кыргыз Республикасынын аймагында туруктуу жашаган жери бар жарандыгы жок адамдардын үй-бүлөсүндө төрөлгөн бала ата-энесинин же алардын ордун алмаштыруучу адамдар тарабынан каршылык болбогон учурларда Кыргыз Республикасынын жараны деп таанылат".*

Ушуга жараша Мыйзам долбоорунун аталган беренесинин 2- жана 3-бөлүгү 3 жана 4-бөлүк деп эсептелсин.

14 КР Конституциясынын 16-беренесинин 5-бөлүгүн караңыз.

Кыргыз Республикасынын жарандыгын алуунун негиздеринин бири катары “Жарандык жөнүндө” Кыргыз Республикасынын конституциялык мыйзам долбоорунун бардык тексти боюнча “баарлашуу/түшүндүрүү үчүн жетиштүү өлчөмдө мамлекеттик же расмий тилдерде сүйлөгөн” сүйлөмү көрсөтүлөт. Аталган конституциялык мыйзам долбоорунда баарлашуу жана түшүндүрүү үчүн жетиштүү болгон мамлекеттик же расмий тилдерде сүйлөө кандай тартипте аныктала тургандыгы боюнча маалымат берилбейт.

Ушуга байланыштуу бул мыйзам долбооруна тийиштүү талаптарды киргизүү жолу менен аталган кемчиликти жоюу же тийиштүү мыйзам актыларына берилген шилтемени камтыган бланкеттик ченемди карап чыгуу сунушталган.

## СУНУШТАР

**“Жарандык жөнүндө” Кыргыз Республикасынын конституциялык мыйзам долбоорунун демилгечилерине:**

1. “Жарандык жөнүндө” Кыргыз Республикасынын конституциялык мыйзам долбоорунун 17-беренеси төмөнкүдөй мазмундагы 2-бөлүк менен толуктальсын: “Кыргыз Республикасынын аймагында туруктуу жашаган жери бар жарандыгы жок адамдардын үй-бүлөсүндө төрөлгөн бала ата-энесинин же алардын ордун алмаштыруучу адамдар тарабынан каршылык болбогон учурларда Кыргыз Республикасынын жараны деп таанылат”.

Ушуга жараша Мыйзам долбоорунун аталган беренесинин 2 жана 3-бөлүгү 3 жана 4-бөлүк деп эсептелсин.

2. Айтылган мыйзам долбоорунда баарлашуу жана түшүндүрүү үчүн жетиштүү болуп саналган мамлекеттик же расмий тилдерде сүйлөөнүн баскычын аныктоонун тартиби ачыкталсын.

# 1.3. КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН АКЫЙКАТЧЫСЫНЫН (ОМБУДСМЕНИНИН) КӨҢҮЛ БУРУУ АКТЫЛАРЫ

Акыйкатчы (Омбудсмен) 2017-жылдын ичинде мамлекеттик органдарга жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын дарегине укук бузууларды жоюу зарылчылыгы же адамдардын жана жарандардын укуктары менен эркиндигинин бузулушу боюнча кызмат адамдарын жоопко тартууга багытталган 84 көңүл буруу актысын жиберген.

### 2017-жылдагы көңүл буруу актыларын талдоо төмөндөгүдөй жыйынтыктарды көрсөттү.

Акыйкатчынын көңүл буруу актылары төмөндө келтирилген даректерге жиберилген:

1. *24,05% - КР Башкы прокуратурасына жана прокуратуранын башка органдарына;*
2. *15,18% - КР Билим берүү жана илим министрлигине;*
3. *12,65% - КР Ички иштер министрлигине жана ички иштер органдарынын аймактык бөлүмдөрүнө;*
4. *10,12% - Соттор Кеңешине жана КР Соттор Кеңешинин Тартип комиссиясына;*

5. *7,59% - Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына;*
6. *5,06% - КР Өкмөтүнө жана анын облустардагы өкүлчүлүктөрүнө;*
7. *5,06% - Жергиликтүү райондук мамлекеттик администрацияларга;*
8. *2,53% - КР Жогорку сотуна;*
9. *2,53% - КР Эмгек жана социалдык өнүктүрүү министрлигине;*
10. *2,53% - КР Айыл чарба, тамак-аш өнөр жайы жана мелиорация министрлигине;*
11. *2,53% - Улуттук энергохолдингге;*
12. *2,53% - КР Саламаттыкты сактоо министрлигине;*
13. *1,26% - КР Куралдуу күчтөрүнүн Башкы штабына;*
14. *1,26% - КР Жогорку Сотуна караштуу Соттук департаментине;*
15. *1,26% - "Кыргызпочтасы" МИ;*
16. *1,26% - КР Өкмөтүнө караштуу Экономикалык кылмыштарга каршы күрөшүү боюнча мамлекеттик кызматына;*
17. *1,26% - КР Өкмөтүнө караштуу Жазаларды аткаруу мамлекеттик кызматына;*
18. *1,26% - КР Жогорку Сотунун Конституциялык палатасына;*

**Акыйкатчынын көңүл буруу актысынын жалпы санынын жарымына жакыны боюнча оң чечим чыгарылган жана алардагы камтылган талаптар канааттандырылды (бузулган укуктар калыбына келтирилди же жоoптуу адамдар жоопкерчиликке тартылышты). Көңүл буруу актысы түрдүү укук мамилелерине тийиштүү болду.**

- *Жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруу органдары тарабынан соттук чечимдерди аткарбоо (турак жайга болгон укук мамилелери, жерди пайдалануу);*
- *Райондук билим берүү бөлүмдөрүндөгү кызмат адамдары тарабынан кетирилген бузуулар;*
- *Кыргыз Республикасынын Акыйчысынын (Омбудсменинин) ишине суралган маалыматты берүүдөн баш тартуу жолу аркылуу тоскоолдук кылуу;*
- *Аскер кызматкерлеринин (пенсионерлердин) тизмеге туруу аркылуу турак жай алуудагы бузулган укуктарын калыбына келтирүү;*
- *Мамлекеттик органдардагы жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарындагы эмгек укуктарынын бузулушу;*
- *Ченемдик укуктук актылардагы Конституцияга туура келбеген ченемдердин болушу;*
- *Интернаттагы балдарды багуу шарттарынын жана тартибинин бузулушу;*
- *Камактагы адамдарга карата укук бузуулар;*
- *Административдик имараттарда санитардык-гигиеналык жана башка ченемдерди бузуу, анын ичинде ден соолугунун мүмкүнчүлүгү чектелген жактардын кызыкчылыктарын жана укуктарын эске алуу.*

## Акыйкатчынын адам укугун бузган жактарды жоопкерчиликке тартуу зарылчылыгына байланышкан талабын тоготпоо

Кээ бир учурларда укук бузулган фактылар тастыкталса дагы күнөөлүү жактар тартиптик же мыйзамда көрсөтүлгөн башка жоопкерчиликке тартылган эмес. Мындай учурда Акыйкатчынын тартиптик жоопкерчиликке тартуу талабына, күнөөлүү жакка карата түшүндүрүү иштери жүргүзүлгөнүн жана алар мындан кийин мындай укук бузууларга барбашы керектиги боюнча катуу эскертүү алганы (оозеки түрүндө) тууралуу жооп келип түшөт.

Мисалы, Акыйкатчы (Омбудсмен) 2017-жылдын 20-сентябрында саат 15:00дө Бишкек шаардык ИИББнын убактылуу кармоочу изоляторуна жүргүзүлгөн мониторингдин жүрүшүндө, ошол кезде кармалып турган 28 адамдан 26 киши КР ЖПКнын 110-беренесинде 48 саат деп көрсөтүлгөндөн көп отурганын ачыктаган. Сот камакка алуу тууралуу бөгөт коюу чарасын аныктаган шектүүлөрдү кармоо мөөнөтү 4 күндөн 52 күнгө чейин деп эсептелет.

Кармалган жарандардын убактылуу кармоочу изоляторунда көпкө жатып калышына жана аларды №1 тергөө изоляторуна өткөрүлбөшүнө пастортторунун оригиналы (ID-card) жана биометри-

калык маалыматтарын тапшырганы тууралуу маалым каттын жоктугу себеп болгон. Убактылуу кармоочу изоляторундагы кызматкерлердин ырасташынча, паспорттордун оригиналы жана биометрикалык маалыматтарын тапшырганы тууралуу маалым кат болушу керек деген талап, 2017-жылдын сентябрь айынын ортолорунда, №1 тергөө изоляторунун башчысы К. Дүйшеналиевдин: *"Бишкек шаарындагы №1 тергөө изоляторуна коштомо күзөтчүлөр аркылуу жеткирилген жактар паспортунун оригиналы жана биометрикалык маалыматын тапшырганы тууралуу маалым каты жок кабыл алынбайт"*[15]*, деген катынан кийин пайда болгон.*

Белгиленген убакыттан ашык кармалган 26 жактын ичинен 2 адам эч качан паспорт албаганын билдиришти. Бирөө болсо туулгандыгы тууралуу күбөлүгүн жоготуп алгандан кийин паспорт албаганын айтты.

Белгилей кетсек, паспорттун оригиналынын жоктугу адамдын өздүгүн аныктоого тоскоолдук кылбайт. Мыйзамдарда өздүктү аныктоочу (айдоочулук күбөлүк, аскердик билет) башка документтер жана мүмкүнчүлүктөр каралган. Мындан сырткары, туугандары аркылуу жарандын өздүгүн аныктоо жана башка ушул сыяктуу соттук тартип бар. Инспектирлөөнүн жүрүшүндө, өздүгүн аныктоочу документтери жок болгон учурда убактылуу кармоочу изоляторунан Бишкек шаарындагы №1 тергөө изоляторуна кабыл алуу-жиберүү үчүн форма №1, Мамкаттоодон паспорт алган албаганын тастыктаган маалым кат жетиштүү экени аныкталды.

Биометрикалык маалыматын тапшырганы тууралуу маалым каты же каттоосу жок болгон маселени Мамкаттоо кызматына камактагыларды жеринен каттоо үчүн тиешелүү жабдыктарды бөлүп берүү өтүнүчүн жиберүү аркылуу уруксат алып чечүүгө болот.

Түзүлүп калган кырдаалды эске алуу менен Акыйкатчы 2017-жылдын 21-22-сентябрь күндөрү Чүй облусунда жайгашкан: Токмок шаары, Сокулук, Москва жана башка райондордогу паспортторунун жоктугунан кармалуу мөөнөтүнүн бузулушу сыяктуу көйгөйлөр орун алган убактылуу кармоочу изоляторлорду текшерген.

*Убактылуу кармоочу изоляторлорунда кармалып тургандардын бардыгы токтоосуз аткарылууга тийиш болгон бөгөт коюу чаралары жөнүндөгү соттун токтомунун негизинде камакта отурушат*[16]*.*

Кыргыз Республикасынын сотторунун мыйзамдуу күчүнө кирген актылары бардык мамлекеттик органдарга, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына, юридикалык жактарга, коомдук бирикмелерге, кызматтык жана жеке жактарга милдеттүү жана республиканын бардык аймактарында аткарылууга тийиш. Соттук актыларды аткарбоо, жөнсүз аткаруу же тоскоолдук кылуу үчүн мыйзамда белгиленген жоопкерчиликке тартууга жатат[17].

Айыпталуучулардын бөгөт коюу чарасын тандоодо Бишкек шаарындагы №1 тергөө изоляторуна камакка алууну көрсөткөн соттук актылардын чечимдерин аткарбаган учурда жогоруда көрсөтүлгөн жагдайларды төмөндөгүдөй деп табуу керек:

*- Бишкек шаарындагы №1 тергөө изоляторунун администрациясы тарабынан кылмыш кылууга айыпталып кармалгандардардын укугун бузуу.*
*- Прокуратура органдары тарабынан талаптагыдай көзөмөлдүн жоктугу.*

15 ЖАМК каты, чыгыш номери № 21/1 – 923, 13.09.2017-ж.

16 Кыргыз Республикасынын кылмыш-процесстик кодексенин 5-беренесинин 6-пункту.

17 Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 100-беренеси.

## Ушуга байланыштуу КР Башкы прокуратурасынын жана КР Өкмөтүнүн алдындагы ЖАМК дарегине сунуштама киргизилген:

*- Бишкек шаарындагы №1 тергөө изоляторундагы айыпталуучулардын кармалып турушу боюнча чыгарылган соттук чечимдердин аткарылбай калышы сыяктуу укук бузууларды жоюу;*
*- укук бузууларды кетирген кызмат адамдарына карата тартиптик же административдик иш козгоо боюнча.*

Ошентсе да жогоруда санап өткөн мамлекеттик органдардын КР мыйзамдарындагы талаптарды бузган фактыны танбай туруп, №1 тергөө изоляторунун жетекчилигине карата түшүндүрүү иштери жүргүзүлгөнүн жана КР колдонуудагы мыйзамдары менен иш алып барышы керектиги айтылганы тууралуу жооп келди.

*Акыйкатчы мындай фактыларга буга чейин деле туш болуп келген, ошондуктан 2016-жылы КР Акыйкатчысынын (Омбудсменинин) жылдык баяндамасында дал ушул көйгөйдү көтөрүүгө негиз болуп, ушул сыяктуу жетишсиздиктерди жоюу үчүн "Кыргыз Республикасынын Омбудсмени (Акыйкатчысы) жөнүндө" мыйзамга тийиштүү толуктоолорду киргизүү сунушу берилген.*

## Жер пайдалануу чөйрөсүндө келтирилген мыйзамдардагы ченемдердин бузулушу

Акыйкатчынын ишин жүзөгө ашыруунун жүрүшүндө көп кабаттуу турак үйлөрүнүн айланасындагы жер аянттарын мыйзамсыз пайдалануу фактылары аныкталды. Жер пайдалануу жана менчик ээлеринин - көп батирлүү үйлөрдүн жашоочуларынын укуктарынын айланасындагы колдонуудагы мыйзамдардын орой бузулуп жаткан фактылары бар.

Ошону менен катар мындай тартип бузуулар көп батирлүү турак үйлөрүнүн алдындагы жер аянттарында өз ишин жүргүзүп жаткан ишкерлер тарабынан болуп келет. Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары мындай иштерге жол бергени аз келгенсип, мындай укук бузуулардын болушуна түздөн-түз жигердүү катышуучу болуп келет.

Талаштуу кырдаал жаралган учурда жана аларды соттук тартипте чечүүнүн жүрүшүндө, тилекке каршы, соттор тарабынан белгилүү бир калыс эмес мамиле байкалат жана ишти кароодо, чечим кабыл алууда мыйзамдарды бузган жактарга карата пайдалуу (ишкерлик субъектилери) бир тараптуулук бар.

Буга мисал, Бишкек шаардык мэриясынын Р.К.А.га үйлөрдүн алдындагы жер аянтынын бир бөлүгүн долбоорлоого 5 жылга ижарага берүү жана Тынчтык проспектиси 58 дарегинде жайгашкан №2 жана 3-турак үйлөрүн бириктирип курууга байланыштуу 2009-жылдын 2-ноябрындагы №595 токтому чыккан.

Бишкек шаарынын мэриясынын жогоруда көрсөтүлгөн токтому төмөндө көрсөтүлгөн КР мыйзамдарынын нормаларын бузганын белгилеп кетүү зарыл:

- КР "Мүлккө муниципалдык менчик жөнүндө" Мыйзамынын "2002-жылдын 15-марты N 37" 15-березенин 1-бөлүгүнө ылайык менчик ээлеринин көп батирлүү үйлөрүнүн алдындагы жер участокторун кошуп, көп батирлүү үйдүн имарат жайларындагы жалпы мүлктү жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары пайдаланууга жана ижарага берүүгө укуксуз;

- "Шаар куруу жана архитектура жөнүндө" 1994-жылдын 11-январындагы N 1372-XII КР Мыйзамынын 36-березенин 6-бөлүгү боюнча көп батирлүү үйгө караштуу жер участогунун чек араларын аныктамайынча жана накталай чыгармайынча жана турак жайлардын менчик ээлеринин макулдугусуз үйдүн жанындагы жер участогунун аймагына кандай гана болбосун курулушту курууга жол берилбейт.

- Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Мыйзам чыгаруу жыйынынын 2002-жылдын 25-октябрындагы № 910-II токтому, ошондой эле Бишкек шаарынын мэриясынын 2005-жылдын 24-январындагы №66 токтому "көп батирлүү турак үйлөрдүн жанындагы жер аянттарын курулуш үчүн бөлүп берүүгө чектөө киргизүү", жергиликтүү мамлекеттик администрацияларга жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына турак үйдүн жанындагы жер участокторун колдонуудагы мыйзамдар боюнча көп батирлүү үйлөрдүн жашоочуларынын менчигине берилгичекти жаңы объектилерди куруу үчүн берүүгө тыюу салынат.

- Бишкек башкы архитектурасынын маалыматына караганда, Тынчтык проспектисинин "кызыл сызыгы" №58 турак үйүнүн дубалынан 2 метр аралыкта турат. Аны менен катар Тынчтык проспектисиндеги "кызыл сызык" аркылуу магистралдык телефон канализациясы жайгашкан. Өз кезегинде, инженердик тармакты пайдалануу тартибине ылайык, магистралдык инженердик байланыштын кайтарылуучу чөлкөмдөрүнүн чегинде кандайдыр бир курулушка тыюу салынган.

Жогоруда атап өткөн кырдаалды эске алуу менен, 2013-жылдын 22-ноябрында Бишкек шаарынын Биринчи май райондук прокуратурасы тарабынан, Бишкек шаардык мэриясынын Р.К.А.га үйлөрдүн алдындагы жер аянтынын бир бөлүгүн долбоорлого жана Бишкек шаарынын Тынчтык проспектиси 58 дарегинде жайгашкан көп батирлүү үйгө бириктирип курууга 5 жылга ижарага берүүгө байланыштуу 2009-жылдын 2-ноябрындагы №595 токтомун жокко чыгаруу боюнча Бишкек шаарынын Райондор аралык сотуна доо арыз берилди (мындан ары – доо арыз).

Бишкек шаарынын Райондор аралык сотунун судьясы Ж.Б. Нурунбетов жогоруда айтып өткөн доо арызды соттук өндүрүшкө кабыл алгандан кийин, бир жылдын аралыгында аталган административдик ишти түрдүү себептерден улам 16 жолу жылдырганын белгилеп кетүү зарыл.

№ЭД-439а/14мбс9 иш боюнча соттук териштирүүнүн мөөнөтү Бишкек шаардык мэриясынын 2014-жылдын 2-ноябрында аяктай турган, 2009-жылдын 2-ноябрындагы №595 үйлөрдүн алдындагы жер аянтын берүү боюнча токтомунун беш жылдык мөөнөтү бүтмөйүнчө жылдырылып келген.

Бишкек шаарынын Райондор аралык сотунун 2014-жылдын 3-ноябрындагы аныктоосунда, 2014-жылдын 3-ноябрында Бишкек шаардык мэриясынын 2009-жылдын 2-ноябрындагы №595 токтому күчүн жоготконуна байланыштуу (беш жылдык мөөнөт аяктады) белгиленген иш боюнча соттук өндүрүш токтотулууга жатат деп белгиленген.

Мында белгиленген иш боюнча соттук өндүрүш дээрлик бир жылга созулуп, ушундай сыяктуу административдик иштер соттор тарабынан эки айдан ашык эмес мөөнөттө каралууга тийиш деген 1999-жылдын 29-декабрындагы Кыргыз Республикасынын Жарандык процессуалдык кодексинин талабын бузган.

Жогоруда көрсөтүлгөн кырдаалдар, сот атайын ижарачы Р.К.А.нын кызыкчылыгын коргоп, соттук териштирүүнүн мөөнөтүн создуктурду деген ойго түртөт.

Мындан кийин Бишкек шаарындагы Жер тилкелерин бөлүштүрүү Комиссиясы Р.К.А.га 2016-жылдын 13-июлунда үйлөрдүн алдындагы жер аянтын пайдалануу укугун 5 жылга узартуу чечимин чыгарды.

Комиссиянын бул чечими бир катар мыйзам чыгаруу талаптарына каршы келе турган фактыны эске алуу менен Бишкек шаарынын прокурорунун орун басары А.Кангелдиев тарабынан 2016-жылдын 15-августунда кол коюлган, КР Акыйкатчысы мыйзам бузууларды токтоосуз жоюу жолу аркылуу Бишкек шаарындагы Жер тилкелерин бөлүштүрүү Комиссиянын 2016-жылдын 13-июлундагы чечимин жокко чыгаруу сунуштамасын киргизди.

Бишкек шаардык прокуратурасынын жазма буйругунда жана Акыйкатчынын сунуштамасында келтирилген талаптардын алкагында, 2017-жылдын 17-мартында Бишкек шаарындагы Жер тилкелерин бөлүштүрүү Комиссиясы 2016-жылдын 13-июлундагы чечимин жокко чыгарды.

Бирок натыйжада Р.К.А. Бишкек шаарынын Биринчи май райондук сотуна жогоруда айтылган үйлөрдүн алдындагы жер аянтын 2009-жылдын 18-ноябрындагы Р.К.А. менен Бишкек шаардык мэриясынын мурдагыдай эле шартта 5 (беш) жылга кайра улантуу деген ижара келишимин таануу боюнча Бишкек шаардык мэриясына жана Бишкек шаарынын жер ресурстарын башкармалыгына карата доо арыз менен кайрылды.

Бишкек шаарынын Биринчи май райондук соту 2017-жылдын 18-июлунда Р.К. А.нын арызын канааттандырды.

**Бул соттук териштирүү боюнча төмөндөгүдөй маселелер бар:**

- сот көрсөтүлгөн иштин бардык жагдайын изилдеген жок: ижара келишиминин мөөнөтүн узартуу мыйзамга каршы келе турганын жана жол берилбейт деген сыяктуу мыйзамдардагы бардык белгиленген ченемдерди эске алган жок;

- Түшүнүксүз себептерден улам соттук териштирүүгө прокуратура органдарынын өкүлдөрү тартылган эмес (Сотко доо арыз менен кайрылгандар жана үйлөрдүн алдындагы жер аянтын ижарага берүү мыйзамга каршы келе турганын көрсөткөндөр);

- Биринчи май райондук сотуна өтүп жаткан соттук териштирүүнүн жүрүшүндө жазуу жүзүндө эки жолу тийиштүү үйлөрдүн жашоочуларын жана прокуратуранын өкүлдөрүн катыштыруу өтүнүчү менен кайрылышса дагы укуктары жана таламдары соттун чечиминин негизинде бузулган Бишкек шаарынын Тынчтык проспектиси 58 дарегинде жайгашкан көп батирлүү үйлөрдүн жашоочулары соттук териштирүүгө тартылган эмес.

Бишкек шаарынын Биринчи май райондук соту бул кайрылууну тоготкон эмес. Мыйзамда талап кылынгандай жиберилген өтүнүч катка соттун чечимин чыгаргандын ордуна, судья А.Т.Уметова үйлөрдүн жашоочуларына даттанууга жатпайт деген жазуу түрүндө жооп жиберген;

- көрсөтүлгөн иш боюнча өткөрүлгөн соттук отурумдун бирөөсүнө дагы (2017-жылдын 6-июнунда, 23-июнунда, 11-июлунда жана 18-июлунда) Бишкек шаардык мэриянын өкүлү, ошондой эле Бишкек шаардык мэрияга караштуу жер ресурстары башкармалыгынын өкүлү катышкан эмес. Алар соттук отурумдун өтө турган жери жана убактысы тууралуу тиешелүү түрдө кабардар болушкан жана келбеген себебин эч кандай билдиришкен эмес.

Ушул сыяктуу фактылар Бишкек шаардык мэриясынын жана Бишкек шаардык мэриясынын алдындагы Жер ресурстары башкармалыгынын өкүлдөрүнүн кутулуу аракети экенинен кабар берет.

Бул соттук териштирүү Биринчи май райондук сотунда доогердин катышуусунда гана өткөрүлгөн;

- Бишкек шаарынын Биринчи май райондук сотунун 2017-жылдын 18-июлунда чыгарган чечиминин түшүндүрмө-далил бөлүгүндө, Бишкек шаарындагы Жер тилкелерин бөлүштүрүү Комиссиясы 2017-жылдын 17-мартында ушул эле комиссиянын 2016-жылдын 13-июлундагы чечимин жокко чыгарганы, анда Р.К.А.га үйлөрдүн алдындагы жер аянттарын пайдаланууга жана ижара келишимин түзүүгө укук берүү каралып жатканы белгиленген.

Ошентип, Биринчи май райондук сотунун тыянагында сын көз менен баалоо жок. Сот Комиссиянын 2017-жылдын 17-мартындагы чыгарган чечимине алып келген кырдаалды изилдеген

жок жана талаш маселеге туура, мыйзамдуу чечим чыгара турган документке укуктук баа берген жок;

- Бишкек шаарынын Биринчи май райондук сотунун 2017-жылдын 18-июлундагы чечиминде, Бишкек шаардык мэриясын Р.К.А. менен Бишкек шаардык мэриясынын ортосунда келишилген 2009-жылдын 18-ноябрындагы үйлөрдүн алдындагы жер аянттарынын ижара келишимин кийинки 5 жылга узартууга милдеттендирген.

Белгилей кетүүчү жагдай, КР Өкмөтүнүн 2011-жылдын 23-сентябрындагы №571 токтомунун талаптарынын негизинде, азыркы учурда жогоруда айтылган үйлөрдүн алдындагы жер аянтынын ижара маселесин кароо Бишкек шаардык мэриянын компетенциясына кирбейт, курамына бир гана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органынын аткаруучу өкүлдөрү эле эмес, коомчулуктун, коммерциялык эмес жана башка уюмдардын өкүлдөрү кирген, Бишкек шаарындагы Жер тилкелерин бөлүштүрүү Комиссиясынын (Коллегиялык органга) өзгөчө укуктарына кирет.

Ушул жерден, Бишкек шаарындагы жер аянттарына укук берүүчү Комиссиясы өз алдынча орган болуп эсептелет жана Бишкек шаардык мэрияга баш ийбей турганын белгилеп кетүү зарыл.

Ошентип, жогоруда айтылган Р.К.А. менен Бишкек шаардык мэриясынын ортосундагы 2009-жылдын 18-ноябрындагы үйлөрдүн алдындагы жер аянттарынын ижара келишимин жаңылоо колдонуудагы мыйзамдарга каршы келет.

# СУНУШТАМАЛАР

## Кыргыз Республикасынын Жогорку Сотуна

1. *Жер пайдалануу маселелерине байланышкан соттук тажрыйбаны (аны менен катар көп батирлүү турак үйлөрдүн жер тилкесин) ошону менен бирге аларды ижарага берүү тартибин жалпылоо;*
2. *Соттордун негизсиз туура эмес иштери көрүнүп турган фактылар, ошондой эле соттордун иштерди карап жаткандагы бир тараптуулугу, субъективдүү мамилеси аркылуу жарандардын укугун бузган учурларды эске албаганда, соттордун Кыргыз Республикасынын мыйзамдарын жана Конституциясын сактап жатканына көңүл буруу.*

## Бишкек шаардык мэриясына

1. *Жер пайдалануу маселелерин кароодо Кыргыз Республикасынын колдонуудагы мыйзамдарындагы талаптарды милдеттүү түрдө сактоо;*
2. *Соттук инстанцияларда Бишкек шаардык мэриясынын мыйзамдык кызыкчылыктарын коргой турган кызматкерлердин, ошондой эле Бишкек шаардык мэриясынын алдындагы жер ресурстары башкармалыгынын ишине көзөмөлдү күчөтүү, ошондой, кызматтык милдеттерине кайдыгер, көңүл коюп иштебеген, калыс эмес мамиле кылган учурларды токтотуу.*

### Тийиштүү каржылоонун жоктугу

Акыйкатчынын көңүл буруу актыларында бир катар көйгөйлөр жана тийиштүү мамлекеттик органдар тарабынан тастыкталган КРнын мыйзамдарынын талаптары бузулуп жаткан учур-

лар көтөрүлгөн, Бирок тилекке каршы, ал көйгөйлөрдү чечүүгө олуттуу каржылык чыгым керектелет.

Бул көйгөйлөр мектептердин жана башка билим берүү мекемелерин, төрөт үйлөрүн, башка административдик мекемелердин имараттарын куруу зарылчылыгына же капиталдык оңдоп-түзөөгө, алардын ичинде ден соолугунан мүмкүнчүлүгү чектелген жактар да колдонууга керек болгон санитардык-гигиеналык жана башка шарттарды түзүүгө байланыштуу.

Акыйкатчынын кайрылуусуна тиешелүү мамлекеттик органдары тарабынан, ушул сыяктуу көйгөйлөрдү чечүү үчүн акча каражаттарын издөө иштери келечектеги пландарында бар экени камтылган жооп келет.

### Чернобыль атомдук станциясында болгон кырсыктан жапа чеккен жактардын турак жайга болгон укуктарын сактоо зарылдыгы

Акыйкатчынын (Омбудсмендин) мурдагы жылдагы Жылдык баяндамасында 2017-жылы Акыйкатчы КР Өкмөтүнүн алдына Чернобыль атомдук станциясында болгон кырсыктан жапа чеккен жарандарды турак жай менен камсыз кылууга берилген кепилдик боюнча мыйзамдуу талаптардын аткарылышы зарылдыгын жана Бишкек шаарынын Райондор аралык сотунун 2015-жылдын 18-ноябрдагы Кыргыз Республикасынын аймагында жашаган белгиленген жактардын турак жайга болгон укуктары камсыз кылынсын деген чечиминин аткарылышы зарыл болгон маселелерди койгон.

Райондор аралык соттун чечими менен “Чернобыль бирикмеси” “Бишкек шаардык коомдук бирикмесинин Бишкек шаардык мэриясына болгон доо талаптары канааттандырылып, Бишкек шаардык мэриясынын турак жай аянтын бөлүп берүүгө болбой турган билдирмеси мыйзамсыз деп табылды. Сот Бишкек шаардык мэриясын бузулган укуктарды жана доогерлердин мыйзамдуу кызыкчылыктарын толугу менен калыбына келтирүүгө милдеттендирген.

Бул маселе боюнча соттун чечими болгонуна карабай, 2017-жылдын 4-майында Бишкек шаардык мэриясынын атынан, ЧАЭСтеги кырсыктын кесепеттерин жоюу иштерине катышкан жактарды турак жай аянттары менен камсыз кылуу маселеси, керек болгон турак аянттары караштырылат, ошондой эле курууга жана муниципалдык турак үйлөрүн колдонууга берүүгө жараша чечилет деп кабарланган жазуу түрүндөгү жооп келди.

Ошондой эле, жоопто Бишкек шаарынын аймагында жеке турак-жай курулушка бош жер аянттары жок болсо, жер аянттары бөлүп берилбейт деп жазылган. Муну менен Бишкек шаарынын Райондор аралык сотунун жогорудагы чечиминин аткарылбай (Бишкек шаардык мэриясы тарабынан) турат.

## СУНУШТАМАЛАР

### Кыргыз Республикасынын Өкмөтү жана Бишкек шаардык мэриясына

1. Кыргыз Республикасынын аймагында жашаган ЧАЭСтеги кырсыктын кесепеттерин жоюу иштерине катышкан адамдардын турак-жайга болгон укуктарын камсыз кылуу деген Бишкек шаарынын райондор аралык сотунун 2015-жылдын 18-ноябрында чыгарылган чечиминин аткаруу зарылдыгын карап чыгуу.

Бул бөлүктө Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 100-беренесиндеги талаптарга ылайык келишин эске алуу зарыл:

1) Кыргыз Республикасынын сотторунун мыйзамдуу күчүнө кирген актылары бардык мамлекеттик органдарга, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына, юридикалык жактарга, коомдук бирикмелерге, кызматтык жана жеке жактарга милдеттүү жана республиканын бардык аймактарында аткарылууга жатат.

2) Соттук актыларды аткарбоо, же талаптагыдай эмес деңгээлде аткаруу же тоскоолдук кылуу, ошондой эле соттордун ишине кийлигишүү мыйзамда белгиленген жоопкерчиликке тартат.

## Акыйкатчынын көңүл буруу актыларын кароо мөөнөтүн создуктуруу

2017-жылдын аралыгында Акыйкатчы Кыргыз Республикасынын Соттор Кеңешине же Кеңештин алдындагы Тартип комиссиясына сотторго карата тартиптик өндүрүштүк ишин козгоо боюнча бир канча жолу сунуштама жиберген. КР Соттор Кеңешинин алдындагы Тартип комиссиясынын кызматкерлеринин маалыматына караганда, жиберилгенине жарым жылдан ашык убакыт өтсө да алардын айрымдары каралбаган бойдон турат. Акыйкатчынын айрым сунуштары белгиленген органдарга 2017-жылдын март айында жиберилген, анткен менен бул сунуштардын каралышынын жыйынтык жооптору 2017-жыл өтсө дагы белгисиз бойдон калууда.

Ушундай эле көйгөй КР Акыйткатчысынын (Омбудсменинин) 2016-жылга карата Жылдык баяндамасында да чагылдырылганын белгилеп кетүү зарыл, анда КР Соттор Кеңешинин дарегине калыбына келтирүүчү сунуштар камтылган тийиштүү сунуштамалар берилген. Азыр дагы ал сунуштар маанилүү бойдон калууда, алар мындан ары Кыргыз Республикасынын Соттор Кеңешинин алдындагы Тартип комиссиясынын көңүлүнө алынышы керек.

## Мыйзамдарды Кыргыз Республикасынын Конституциясына ылайык келтирүү

Ыйгарым укуктарын ишке ашыруу алкагында Акыйкатчы Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасына адвокаттык ишмердүүлүк үчүн лицензия алууда тең укуктуулукту камсыз кылуу маселеси камтылган тиешелүү сунуштама киргизген, бул тууралуу кененирээк ушул баяндаманын “Мыйзамдарды жакшыртуу” бөлүгүндө баяндалат.



# 2-БӨЛҮМ.

# СОЦИАЛДЫК, ЭКОНОМИКАЛЫК ЖАНА МАДАНИЙ УКУКТАР

## 2.1. ЖАРАНДАРДЫН ТАЗА СУУГА ЖАНА ТАЗАЛЫККА БОЛГОН УКУКТАРЫ[18]

**Кыргызстанда бардык эле калктуу конуштар жеткиликтүү таза суу менен камсыз болгон эмес. Алардын айрымдарында суу түтүктөрүнүн тутумдары жок, кээси жарактан чыккан. Жайкы мезгилдерде ичүүчү суу башка максаттарда, бакчаларды сугарууга жана автоунааларды жууй турган жайларда колдонулат. Жаандардан кийин сууну тазалоочу курулмалардын жарактан чыгуусу ичүүчү суунун булганышына алып келет жана оорунун көбөйүшүн шарттайт. Таза сууга болгон жеткиликтүүлүк темасы 2017-жылы Акыйкатчынын иликтөөсүндөгү негизги тема болду.**

Таза сууга болгон укук[19] ар бир адамдын жана анын үй-бүлөсүнүн жеткиликтүү жашоо деңгээлине, жеткиликтүү тамактанууга, кийинүүгө жана турак-жайга, жашоо шартын үзгүлтүксүз

18 Бул бөлүм 2017-жылдын 2-3-кварталдар аралыгында жүргөн иликтөөлөрдүн жыйынтыгы боюнча КР Акыйкатчысынын Атайын докладынын негизинде даярдалды.

19 Караңыз: http://www.un.org/ru/events/water/facts3.htm.

жакшыртууга[20] болгон укуктарга жана адамдын жеткиликтүү деңгээлдеги физикалык жана психологиялык ден-соолукка болгон укугу менен байланыштуу[21].

2017-жыл аралыгында КР Акыйкатчысы[22] Кыргызстан боюнча ичүүчү таза суунун жеткиликтүүлүгүнө иликтөө жүргүздү. Өткөрүлгөн иликтөөлөрдүн жыйынтыгы боюнча Атайын доклад даярдалды[23]. Ичүүчү суу менен камсыз кылуу туурасындагы маселени чечүү үчүн Суу менен камсыз кылууну өнүктүрүү стратегиясы кабыл алынган[24].

### Азыркы кырдаал

Учурда Кыргызстанда 1 000 000 (бир миллион) тегерегиндеги адамда ичүүчү сууга болгон жеткиликтүүлүккө байланыштуу көйгөй бар[25]. Бул Борбордук Азиядагы өлкөлөрдүн ичинен Кыргызстандын суу ресурстарына бай мамлекет экендигине карабастан.

Көпчүлүк айылдарда суу түтүктөрүнүн тутуму совет мезгилинде курулган, азыркы учурда алар жараксыз абалга келип калган.

Башкаруунун бардык чөйрөлөрүндө калкты коопсуз ичүүчү суу менен камсыз кылуу боюнча маселелерди чечүү үчүн аракеттер жүрүп жаткандыгына карабастан, алардын арасында - 2026-жылга чейин Кыргыз Республикасынын калктуу конуштарын суу менен камсыз кылуу жана агынды суулардан тазалоочу тутумдарды өнүктүрүү стратегиясын кабыл алуу[26], Кыргыз Республикасынын Өкмөтү тарабынан калкты коопсуз ичүүчү суу менен камсыз кылуу үчүн каражат жетишсиз бөлүнүүдө. Стратегияларды каржылоонун жалпы көлөмү 24 млрд. 745 млн. 244 миң. сом.

Акыркы он жылда эл аралык донорлор Кыргызстандагы суу менен камсыздоо тутумдарын калыбына келтирүүгө аз эмес каражат салышкан, «Таза суу» долбоорунун алкагында эле 69,5 млн. АКШ доллары бөлүнгөн, бирок көйгөйлөр жетиштүү деңгээлде чечилбестен мурдагыдай эле калууда.

Суу менен камсыздоо тутумдарын калыбына келтирүүгө жергиликтүү жашоочулардан каражат чогултушкан көп айылдар долбоорлорду ишке ашыруунун жүрүшүндөгү коррупцияларга байланыштуу жана башка себептер менен[27] айыл жериндеги суу менен камсыз кылуу тутумдарын калыбына келтирүү программаларына кирбей калышкан.

**Мисал 2.1.1.**

Акыйкатчы аппаратынын кызматкеринин Чүй областынын Беш-Күнгөй айылынын жашоочусу М.М. менен болгон маегинен: «Биздин айылда суу менен камсыздоону калыбына келтирүүгө бир нече ирет ар кандай көлөмдөгү акча чогулттук. Бирок акча короду, ал эми эл бүгүнкү күнгө чейин суусу жок жашап жатышат. Ал акчалардын кайда кеткенин, кимдин эсебинде жатканын жана буга ким жооптуу экендигин эч ким ачык айта албайт».

---

20 Жарандык жана саясий укуктар жөнүндөгү Эл аралык пакттын 11-беренесинин 1-бөлүмү.

21 Жарандык жана саясий укуктар жөнүндөгү Эл аралык пакттын 12-беренесинин 1-бөлүмү.

22 Мониторинг Социалдык-экономикалык жана маданий укуктарды коргоо боюнча бөлүм тарабынан жүргүзүлгөн. Бул иштер мамлекеттик орган – Акыйкатчынын жалпы өнүктүрүү стратегиясынын бир бөлүмү катары, 2017-жыл үчүн бөлүмдүн иш планы болуп бекитилген.

23 КР Акыйкатчысынын сайтындагы Публикациялар бөлүмүн караңыз www.ombudsman.kg.

24 2016-жылдын 28-мартындагы №155 Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн токтому менен бекитилген Кыргыз Республикасынын калктуу пункттарын ичүүчү суу жана агындылоо тутумдарын өнүктүрүү стратегиясы.

25 КР Саламаттыкты сактоо министрлигинин Ооруларды алдын алуу жана мамлекеттик санитардык-эпидемиологиялык көзөмөл департаментинин директору Төлө Исаковдун сөзү, Кененирээк: http://www.vesti.kg/index.php?option=com_k2&view=item&id=43139&Itemid=80#ixzz4p3Bo7P8V

26 2016-жылдын 28-мартындагы №155 Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн токтому менен бекитилген

27 КР Башкы прокуратурасынын 22.11.17-жылдагы жообу Кир. №09-567,
КР Эсептөө палатасынын 09.11.17-жылдагы жообу Кир. №07-01.

Бюджеттик каражаттарды сарамжалсыз пайдалануу туурасындагы маалыматтар КР Башкы прокуратурасы жана КР Эсептөө палатасы тарабынан берилген маалыматтар тарабынан тастыкталат.

Берилген маалыматтарда[28] КР прокуратурасынын органдары тарабынан «Таза-Суу» долбоору ишке киргенден тартып бир катар текшерүүлөр жүрүп, натыйжада 3 каршылык билдирүү чыккандыгы, 21 сунуш, укуктук ченемдик актынын бузулушун четтетүү боюнча 10 прокурордук талап кылуу, мыйзамдын бузулушуна жол бербөө туурасындагы 10 эскертүү берилгендиги маалымдалат.

Андан тышкары, 26 кылмыш иши козголгон, алардын 19 кылмыш иши тергөөнүн аякташына байланыштуу соттор тарабынан тиешелүү соттук актылардын чыгуусу үчүн сотко жиберилген, тергөөнүн жүрүшүндө жагдайлар боюнча жазык мыйзамдарынын негизинде 4өө токтотулган (анын ичинен 2си – калыбына келтирилбеген боюнча, 2си- калыбына келтирилген негизде), токтотулган иш- 2 (анын ичинен 1- сот тарабынан, 1- тергөө тарабынан), учурда 1 кылмыш иши иликтенип жатат. Кылмыш иштеринин негизинде боюнча мамлекеттин эсебин төлөнгөн сумма – 6 372 251 сом.

КР Эсептөө палатасынын маалыматына ылайык,[29] бюджеттик каражаттын чоң суммасы натыйжасыз коротулган, ушуга байланыштуу курулган же оңдоодон өткөн суу менен камсыздоо тутумдары жарактан чыгууда, бул ар кайсыл инстанциялардын дарегине болгон суу колдонуучулардын арыз-дооматтарынын жана даттануууларынын санынын көп болушуна себеп болууда.

Таза суга болгон жеткиликтүүлүктү камсыз кылууга байланыштуу көйгөйлөр заманбап талаптарга жооп берген жана коомдун улуттук кызыкчылыгын эске алган бул тармактагы мыйзамдар болгондо гана оптималдуу түрдө жөнгө салынышы мүмкүн.

Айыл калкынын 60%ы гана коюлган тазалык нормаларынын бардык талаптарына жооп бере тургандай коопсуз ичүүчү суу менен камсыз болгон. Алыскы шаарларда жана райондордун

28 КР Башкы прокуратурасы тарабынан берилген маалымат 15.11.17ж.
29 Маалымат КР Эсептөө палатасы тарабынан берилген 09.11.17 ж. №01-15/1477.





борборлорунда инфраструктуранын бузулушунан улам агынды суулар агып кетүүчү тутумдарга болгон жеткиликтүүлүк жыл сайын 1,5-2%га кыскарууда [30].

Азыркы учурда өлкөнүн 40% калкы ичүү үчүн сууну арыктардан, өзөндөрдөн, каналдардан, булактардан, ошондой эле ташылып келген сууларды колдонуу менен жеткиликтүү ичүүчү таза суу менен камсыз болгон эмес. [31] Суу инфраструктурасын өнүктүрүүгө жумшоого мамлекеттик бюджетте жеке каражат жетишсиз.

Өлкөнүн суу өткөрүүчү тутумдары бүтүндөй убактысы жетип, техникалык жактан эскирген. Ошондуктан ичүүчү суунун сапаты тиешелүү стандарттардын талаптарына туура келбейт.

Кыргызстандын 21 % гана калкы борбордук суу өткөрүүчү тутумдар менен камсыз болгон. Алыскы шаарларда колдонуудан чыккан агынды суулар агып кетүүчү тутумдар толугу менен оңдоп-түзөөнү же алмаштырууну талап кылат. Айылдарда болгону 3% гана имараттарда агынды суулар үчүн тутумдар бар (мектептер жана медициналык борборлор) [32].

Акыркы учурларда суу менен камсыз кылуу жана тазалоо курулуштарынын тармагында иштеген адамдардын саны кескин кыскарган. Бул билим берүү мекемелеринин бүтүрүүчүлөрүнүн экономиканын бул секторунда иштөөгө кызыкчылыгынын жоктугу, адистештирилген кызматкерди жалдоого жана кармоого каражаттын жоктугу, өзгөчө мамлекеттик сектордо, ошондой эле жумушчу күчүнүн улгайгандыгы менен түшүндүрүлөт. Буга кошумча катары, суу менен камсыздоо сектору жалпысынан суу өткөрүү тутумдарынын чарбасында кадыр-баркы төмөн иште, айыл жеринде жашап жана иштөөгө даяр адистештирилген кадрларды тартууда кыйынчылыктарга дуушар болот.

КР Акыйкатчысы (Омбудсмен) КР К.Т. Оторбаевдин Баткен облусуна болгон сапарында жашоочулар суу менен камсыздоого байланыштуу бир катар көйгөйлөрүн айтышкан.

---

30 2026-жылга чейин Кыргыз Республикасынын калктуу конуштарын суу менен камсыз кылуу жана агынды суулардан тазалоочу тутумдарды өнүктүрүү стратегиясы.

31 Кыргыз Республикасындагы Коомчулукту өнүктүрүү жана капиталдык салымдар агенттигинин изилдөөсүнө ылайык (мындан ары – КӨКСА)

32 2026-жылга чейин Кыргыз Республикасынын калктуу конуштарын суу менен камсыз кылуу жана агынды суулардан тазалоочу тутумдарды өнүктүрүү стратегиясы.

**Мисал 2.1.2.**

Жазгысын жана жайкысын бир нече күн катары менен ичүүчү суу токтоп калат, анткени сел агындылары ар дайым шаардык суу сактоочу жайды булгап салат, жана жашоочулар, мамлекеттик мекемелер дагы, сууну тазалык нормаларына жооп бербеген ар кандай идиштерге толтуруп алышат. Аз келгенсип жаан күндөрү дагы сууну токтотуп коюшат, анткени тазалоо жабдыктары иштебегендиктен, суу түтүктөрү аркылуу булганыч суу келет, ал эми идиштерди болсо арыктагы сууларга жууганга туура келет. Мунун бардыгы аталган региондогу адамдардын өмүрүнө жана бүтүндөй улуттун генефондуна олуттуу коркунуч жарата турган көптөгөн жугуштуу жана ичеги-карын ооруларынын таралышынын жана өнүгүшүнүн себеби болуп саналат.

Төрт-Гүл районундагы Чоң-Талаа айылында жашоочулар суунун тез-тез токтоп калуусуна туш болушат, кээде суу бир жумада төрт күн бою жок болот, суу чорголору эчак эле жарактан чыккан.

Жашоочулар менен болгон сүйлөшүүлөрдө сууну суткасына үч-төрт саат гана агызышары, ар бир жашоочу сууну атайын бочкаларда сакташары белгилүү болгон. Эл суунун башына жетүүсү үчүн алыс жолду басууга туура келет.

Ошондой эле Төрт-Гүл районунда мамлекеттик суу топтоочу жай жок, суу менен камсыз кылуу жеке менчикте болгондуктан суу берүү саясаты жана төлөмдөр эч кандай жөнгө салынбайт.

Ар бир адамды суу менен камсыз кылуу жеткиликтүү деңгээлде жана үзгүлтүксүз болушу керек. Кыргыз Республикасындагы Коомчулукту өнүктүрүү жана капиталдык салымдар агенттигинин (КӨКСА-АРИС) изилдөөсү боюнча айыл жашоочуларынын 27%ы сууну күнү-түнү алышат, 37%ы үчүн таза суу суткасына 12 же андан ашыгыраак убакытка жеткиликтүү, айрым учурларда күндө эмес.

Алыскы жерлерден суу алып келүү ошондой эле ден-соолук үчүн олуттуу кесепеттердин келип чыгышына себеп болот, өзгөчө аялдар жана балдар үчүн. Сууну ташып келүүдө оор физикалык күч келүү түрткү болот жана көп убакытты талап кылат. Дагы бир олуттуу нерсе – бул балдардын колун жуу шарттары. Кол жууганга дагы шарттын жоктугунан көп балдар диарея оорусунан жапа чегишет, айрым учурларда бул каргашалуу өлүм менен коштолот.

Бишкек шаарынын тегерегинде жайгашкан жаңы конуштарда сугат тармактарынын жоктугунан татаалдашууга кептелген, суу менен камсыздоо канааттандырарлык болбогон көйгөйлөр бар. Бишкек шаарындагы жаңы конуштардын жашоочулары менен болгон жолугушууларда КР Акыйкатчысынын (Омбудсмен) аппаратынын кызматкерлери коопсуз ичүүчү суу менен камсыз кылуу маселеси тиешелүү мамлекеттик бийлик органдары жана ЖӨБ органдары тарабынан тиешелүү деңгээлде чечилбейт деген тыянакка келишкен. Бакчаларды сугарууда (үйдүн тегерегиндеги) ичүүчү сууну колдонууга тыюу салынган [33].

33 2017-жыл 13- апрелдеги N 58 КР административдик жоопкерчилик жөнүндөгү Кодексинин 495-беренеси.

**Мисал 2.1.3.**

КР Акыйкатчысынын (Омбудсмен) дарегине Арча-Бешик жана Ак-Ордо жаңы конушунун жашоочулары ичүүчү суунун жоктугун айтып, жамааттык кайрылуу жолдошкон.

Бишкек шаардык мэриясынын берген маалыматына ылайык, басымдын төмөн болгондугуна байланыштуу суу түтүктөрүндө суу жок. Жергиликтүү жашоочуларга суу ташып жеткирүү уюштурулган.

Суу басымынын жок болушуна себепкер болгон факторлордун бири эл ичүүчү суу менен бакчаларын сугаргандыгы.

Андан тышкары, ичүүчү сунун жок болушуна сууну көп сарптаган жеке жана коммерциялык объекттер дагы чоң таасирин тийгизет: автожуучу жайлар, мончолор, тамактануу жайлары.

Түзүлгөн жумушчу топтор тарабынан 26 объектте суу өчүрүлгөн, бакчаларды сугарууга тыюу салынгандыгы тууралуу калкты эскертип, ар бир үйдү кыдыруу менен түшүндүрүү иштери жүргөн[34].

Мектеп окуучуларын коопсуз ичүүчү суу менен камсыз кылуу маселелери толугу менен чечиле элек. КР Саламаттыкты сактоо министрлигинин маалыматы боюнча, республикадагы 63 мектепте тазалык эрежелери жана окуунун жүрүшү бузулган, окутуу үч смен менен жүрөт. Мектеп окуучуларынын өздүк гигиенасынын эрежелерин сактоосу үчүн шарт түзүү маселеси дагы чечилбеген бойдон калууда, Бишкек шаарындагы 12 мектепте балдар мектептин короосунда жайгашкан дааратканага барышат. Көп балдар мектепке сууну өздөрү менен бирге ала келишет же ошол жерден сатып алышат.

Ош жана Баткен областтарынын алыскы мектептеринде дагы коопсуз ичүүчү суу менен камсыз кылуу көйгөйү бар. Мунун кесепетинен, айрым айылдарда ичүүчү суу аркылуу жугуучу балдардын энтеробиоз, аскаридоз, лямблиоз жана гименолепидоз оорулары жуккан 61 ден 79%га чейинки учурлар катталган.[34].

Жеке жана тиричилик муктаждыктары үчүн жетиштүү деңгээлдеги коопсуз ичүүчү суунун бардык адамдар үчүн жеткиликтүүлүгүн камсыздоого мамлекет милдетүү (ичүүчү суу, жеке тазалык жана гигиена, кийим-кечени жууганга, тамак-аш даярдоого). Бул милдеттер жеткиликтүү тазалык шарттарына болгон мүмкүнчүлүктү камсыз кылууну мамлекеттен талап кылат. Тазалык шарттарынын жоктугу суунун сапатынан көрүнөт жана сууга болгон укуктун өзүнө коркунуч жаратат. Жеткиликтүү жана коопсуз тазалык шарттарына жеткиликтүүлүк камсыз болмоюнча калктын жана курчап турган чөйрөнүн саламаттыгын коргоону камсыз кыла албайбыз.

Суу бөлүштүрүү тутумдарынын техникалык абалы жылдан жылга канааттандырарлыксыз калууда. Бул кырдаал түтүктөр аркылуу келүүчү суунун микробдук сыяктуу эле химиялык булгануусуна себеп болот[35].

34 Бишкек шаардык мэриясынын Ленин району боюнча муниципалдык администрациясынын 26.07.17-жылдагы жообу, чыг.№АК03/11-977.

35 Ооруларды алдын алуу жана мамлекеттик санитардык-эпидемиологиялык көзөмөл департаментинин маалыматы 03.04.17-жыл Чыг.№08/2-2-641.

**Мисал 2.1.4.**

Ич келте оорусу Майлы-Суу шаарында акыркы 10 жылда 320, Ноокен районунда 400 учур катталган. Буга себеп – 1948-1957-жылдары курулган шаардын суу өткөрүү тутумдарынын бузулушу, бат-баттан бузулуулар жана сырткы суу түтүктөрүнүн жарылып кетүүлөрү. 1970-1980-жылдардагы турак-жай курулуштарын өнүктүрүү Майлуу-Суу өзөнүнө жакын жайгашкан, электр кубатынын жардамы менен иштей турган, шаардык суу өткөрүү түтүктөрүн жана канализациялык-курулуш станцияларын кеңейтүүгө алып келген. Эгер электр энергиясы өчүп калса, булганган суу токтомдору Майлуу-Суу өзөнүнө кайра агып кирет. 2002-жылы шаардын каражатынын эсебинен Көк-Таш шаарчасына узундугу 300п/м суу куурлары жаткырылган, бул Майлы-Суу шаарындагы Көк-Таш шаарчасынын бир нече көчөлөрүн суу менен камсыз кылат.

Шаардын коммуникациясынын туруктуу иштешин камсыз кылуу боюнча көрүлүп жаткан чаралар (жөнөкөй септиктер жана хлордуу орнотмолор) Майлуу-Суу өзөнүнө кошулуп жаткан кир сууларды тазалоо жана зыянсыздандырууда биз каалагандай натыйжа бербейт, ал суудан Ноокен районундагы калктын 30%дан көбү ичет жана тиричилиги үчүн аргасыздан ачык булак катары колдонушат.

Өткөн жылдарда КР Омбудсмен институту тарабынан ичүүчү сууга жеткиликтүүлүктү жакшыртуу боюнча сунуштар берилген. Бүгүнкү күндө чечилбеген көп көйгөйлөр бар. “Ала-Тоо булагы” жаңы долбоорунун башталгандыгына байланыштуу кетирилген каталардын кайталанбашына жол бербөө үчүн сунуштар берилди.

# СУНУШТАР

## Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө

1. *Каражаттын максаттуу колдонушуна, ошондой эле аткарылган иштерди кабыл алууда көзөмөлдү күчөтүү.*
2. *Калкты коопсуз ичүүчү суу менен камсыз кылуу маселелерин чечүү үчүн багытталган акча каражаттарынын максаттуу коротулушуна жеринде көзөмөлдөөнүн жүрүшүнө жарандык коомчулукту тартуу боюнча чараларды кабыл алуу.*
3. *2016-жылдын 28-мартындагы №155 Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн токтому менен бекитилген Кыргыз Республикасынын калктуу пункттарын ичүүчү суу жана агындылоо тутумдарын өнүктүрүү стратегиясын ишке ашыруу боюнча иш-чаралардын планын иштеп чыгуу, мөөнөтүн көрсөтүү менен милдеттерин так бөлүштүрүү.*
4. *Жер алдындагы сууларды (жер алдынан казуу) тандоо үчүн бонустук чендерди, роялтилерди азайтуу же алардан баш тартуу маселелери боюнча 30.12.2018-жылдагы КР Өкмөтүнүн токтомуна өзгөртүү киргизүү.*
5. *Суу ресурстарын үнөмдүү пайдалануу боюнча сабактарды окутуу программаларына киргизүү.*

## Жергиликтүү өзүн-өзү башкаруу органдарына:

1. *Өзүнүн ыйгарым укуктарынын алкагында ичүүчү суу менен камсыз кылуу тутумдарынын иштешине, бул системалардын иштешине жоопкер ишканалардын ишмердүүлүгүнө, ичүүчү суунун сапатына көзөмөлдү күчөтүү.*
2. *Ичүүчү сууну үнөмдүү пайдалануу жана аны колдонуудагы төлөмдөрдү өз убагында төлөө боюнча калк арасында агартуу иштерин жүргүзүүнү күчөтүү.*

# 2.2. КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНДАГЫ УЛГАЙГАН АДАМДАРГА КАРАТА АДАТТАР ЖАНА БАСМЫРЛООЛОР [36]

Адамдардын жашоосунун узактыгы жана жалпы калк арасындагы улгайган адамдардын санынын өсүшү дүйнө жүзүндөгүдөй эле, Кыргызстанда дагы демографиялык өзгөрүүлөрдүн болжолдонгон багыты. 2025-жылга карата дүйнөнүн 1/4 бөлүгүн (27%) 65 жаш курагындагы жана андан жогорку курактагы адамдар түзөөрү күтүлүүдө [37]. Демографиялык карылыктын процесси дагы да болсо Кыргызстанга толук жете элек, 65 жаштан өйдөкү курактагы калктын саны 2016-жылдын башталышында 4.4%ды түздү [38]. Ошентсе да, пенсия жашынан жогорку курактагы калктын бөлүгү көбөйүп жаткандыгын статистика көрсөтүүдө [39]. Кыргыз Республикасындагы улгайган адамдарга карата адаттар жана басмырлоолор Акыйкатчынын 2017-жылдагы байкоолорунун темасы болду.

2017-жыл аралыгында Кыргыз Республикасынын Акыйкатчысы (Омбудсмен) [40] Кыргызстан боюнча улгайган жарандардын укуктарынын сакталышына мониторинг жүргүздү. Байкоолордун жыйынтыгы боюнча Атайын доклад даярдалган [41]. Аталган докладдын даярдалышы үчүн теңчилдик жана басмырлабоо кепилдиктеринин тегерегиндеги эл аралык стандарттар, ошондой эле карылык маселелери боюнча Эл аралык Мадрид планы жана Бүткүл дүйнөлүк саламаттыкты сактоо уюму менен Эмгектин эл аралык уюмунун сунуштары сыяктуу улгайган адамдарга тиешелүү болгон эл аралык программалык жана аналитикалык документтер колдонулду.

## Азыркы кырдаал

Пенсия жашынан жогорку курактагы калктын бөлүгү көбөйүп жаткандыгын статистика көрсөтүүдө (аялдар үчүн пенсияга чыгуу курагы – 58 жаш, эркектер үчүн – 63 жаш). Пенсиялык working курактан жогорку жаштагы адамдардын саны 2012-жылы 6,61% болсо, 2016-жылы 7,07%га чейин өскөн. Эркек адамдар үчүн жашоо узактыгынын көрсөткүчү орточо эсеп менен 66,7 жаш болсо, аялдар үчүн – 74.8 жаш [42].

Байкоолордун жүрүшүндө улгайган адамдар карылыкка байланыштуу кодулоолорду жашоодогу «жолу жоктукка», «карылык-кубаныч эмес, башкача кандай болушу мүмкүн?» дегенге байланыштырып карашарына, ар кандай окуяларды жана көрүнүштөрдү - «өзүм күнөөлүүмүн», «балдарды туура эмес тарбиялаганбыз» деп өздөрүн күнөөлөө менен кабыл алышарына Омбудсмен аппаратынын кызматкерлери күбө болушту. Сурамжылоого катышып, жооп бергендердин көпчүлүк бөлүгү (68%) карылык жөнүндөгү адаттар жана карылыкка байланыштуу кодулоолор Кыргызстанда бар деп эсептешет.

36 Бул бөлүм 2017-жылдын 2-3-кварталында өткөрүлгөн иликтөөлөрдүн жыйынтыгы боюнча Кыргыз Республикасынын Акыйкатчысынын атайын докладынын негизинде даярдалган.

37 Бүткүл дүйнөлүк саламаты сактоо уюмунун маалыматы боюнча, http://apps.who.int/iris/bitstream/10665/186463/10/9789244565049_rus.pdf.

38 Улуттук статистикалык комитетинин «Кыргыз Республикасындагы карылык» отчетунун долбоору, 2017, 8-б.

39 Аялдар үчүн пенсияга чыгуу курагы – 58 жаш, эркектер үчүн – 63 жаш.


40 Мониторингди социалдык-экономикалык жана маданий укуктарды коргоо боюнча бөлүм өткөрдү. Бул иш мамлекеттик орган – Кыргыз Республикасынын Акыйкатчысын өнүктүрүүнүн жалпы стратегиясынын бир бөлүгү катары бөлүмдүн 2017-жылга болгон иш планында бекитилген.

41 КР Акыйкатчысынын сайтынан «Публикациялар» бөлүмүнөн караңыз, www.ombudsman.kg.

42 Улуттук статистикалык комитетинин «Кыргыз Республикасындагы карылык» отчетунун долбоору, 2017, 11-б.

## Эмгек чөйрөсүндөгү басмырлоолор


Изилдөөгө алынгандардын басымдуу бөлүгү эмгек чөйрөсүндө улгайган адамдарды кодулоо алда канча кеңири тарагандыгын көрсөттү.




Изилдөөгө катышкандардын көпчүлүк бөлүгү жумушка алынууда, жумушчу ордунда жана жумуштан бошоп жатканда басмырлоолорду өз баштарынан өткөрүшкөн. Жумуш ордунда улгайган кызматкерлер кайра даярдоодо, өзгөчө техникалык жөндөм же маалыматтык технологияларды колдонуу тууралуу сөз болгондо кыйынчылыктарга туш болушат. Ошол себептен, кайра даярдоочу окуулардан өткөрүү мүмкүнчүлүктөрүнөн баш тартуу жумуш берүүчүнүн каалоосу менен же атайлап пенсияга эртерек чыгуу же улгайган адамдар окууга болгон жөндөмдү жоготуп коюшары жөнүндөгү адаттарга байланыштуу болушу мүмкүн. Иштеген жеринде улгайган адамдарга пенсия курагына келип калгандыгы тууралуу улам-улам эскерте берүүлөрдүн аркасында алар ар дайым психологиялык басымга туш болушат.

## Саламаттыкты сактоо системасындагы басмырлоолор

Изилдөөлөргө катышкандардын маанилүү бөлүгү саламаттыкты сактоо системасында басмырлоого тушугарын көрсөттү.




Сурамжылоого катышкандар мындай көрүнүштөргө ар кандай кырдаалдарда туш болушкан, кээ бир жерде улгайгандыгын эскертишкен (дайындалган дарылоо боюнча маалымат берүүдөн баш тартуу, дарт аныктоого жиберүүдөн баш тартуу, тез жардам көрсөтүүнү кечиктирүү, улуу курактагы адамдарга милдеттүү медициналык кароо). Суралгандардын кээси

улгайган бейтаптарга болгон кодулоолор карылыктын физиологиялык өзгөрүүлөргө болгон ишенимдерге байланыштуу экендигин белгилешет.

Улгайган адамдарга медициналык жардам көрсөтүүнүн маанилүү шарттары болуп жаш курагы боюнча социалдык жана экономикалык көрүнүштөрдү жоюу, жаш курагын эске алган жана арзандатылган баалар боюнча саламаттык сактоо кызматтарына жеткиликтүүлүктү камсыздоочу маалыматтык жана кызмат көрсөтүү тармактарына жеткиликтүүлүктү камсыздоо эсептелет.

Жарандар үчүн жеткиликтүү медициналык жардам туурасындагы маалыматтардын негизги булагы болуп мурдагыдай эле жашаган жери боюнча бейтапканаларда берилген маалыматтар болуп саналат. Жашы улгайган жарандар үчүн жеңилдетилген жана акысыз кызмат көрсөтүү тууралуу маалыматтар ыңгайсыз түрдө, майда тамгалар менен терилген жана сүйлөм түзүлүштөрү татаалдашкан түрдө берилиши көп учурайт.

Улгайган адамдар маалыматты дарылап жаткан дарыгеринен да алышат. Бирок, бардык учурда жеткиликтүү болгон, бардык жеткиликтүү медициналык кызматтар тууралуу жазылган булактын болушу маанилүү. Бейтапканаларда ден-соолугу чың карылык тууралуу кандайдыр бир материалдар, улгайган адамдын күнүмдүк абалын кантип жакшыртуу жөнүндө кеңештер жазылган материалдар жок. Болгону инфаркт жана инсульт сыяктуу абалдар тууралуу базалык маалыматтарды алууга болот.

Медициналык кызматкердин чала сабат даярдыгы боюнча көйгөй үй-бүлөлүк дарыгерлердин квалификациясын жогорулатуучу окуу курстарына геронтология жана гериатрия боюнча суроолорду киргизүү менен чечилет[43], бирок, улгайган адамдар максаттуу топ катары жана медициналык изилдөөлөрдө да, медициналык мекемелердин ишмердүүлүгүн баалоодо дагы керек болот. Медициналык жардам көрсөттүү тутумуна бакубат карылыктын концепциясын киргизүү зарыл.

Карылык маселелери боюнча Эл аралык мадриддик планга ылайык, улгайган адамдардын функционалдык мүмкүнчүлүктөрүн сактоого багытталган, реаблитациялык чаралар сыяктуу тең, улгайган адамдардын муктаждыктарын эске алган, убагы менен медициналык кароодон өткөрүү жолу менен ооруларды алдын алуу маанилүү багыттардын бири болуп эсептелет. Мындай профилактикалык мамиленин андан аркы жыйынтыгы жакшы болот, анын ичинен медициналык кызмат көрсөтүү системасын жана социалдык кызматтарды колдоого кеткен чыгымдар азаят[44].

## Коомдо, жеке сектордо жана соода тармагындагы кызмат көрсөтүүлөрдө улгайган адамдарга карата басмырлоолор


Муниципалыдк мекемелер тарабынан да, бизнес-сектор тарабынан да көрсөтүлгөн арзандатуулардын көп бөлүгү пенсия курагындагы карылар үчүн жеткиликтүү. Оюн-зоок кызматтарын, спорт, маданият, билим берүү кызматтарын көрсөткөн Бишкек шаарындагы 16 ар кандай объекттердин ичинен 50%ы улгайган адамдар үчүн кандайдыр бир арзандатууларга барышпайт, жана ошондой эле арзандатуулардын 50%ы пенсиялык күбөлүгүн көрсөткөндө гана болот.

Ошентип, экономиканын же айыл чарбасынын формалдуу эмес секторунда жана үй чарбасында иштеген кары адамдардын өзгөчө аялуу тобу (Аялуу топтор жөнүндө кенеирек маалымат «Социалдык коргоо системасы» бөлүмүндө) бизнестеги арзандатуу жана муниципалитеттен болгон жеңилдиктер түрүндө болуучу улгайган адамдарды колдоо чөйрөсүнөн бөлүнүп калат.

43 http://www.ksmi.kg/images/files/1._Kursy_dlya_spesial_semeinoi_medicini.PDF
44 http://www.un.org/ru/documents/decl_conv/declarations/ageing_program_ch2.shtml#sc3

## Мамлекеттик органдардын басмырлоолору

Жооп бергендердин 27%ы мамлекеттик мекемелерде басмырлоолор болоорун маалымдашты.




Терс көрүнүштөр жөнүндөгү улгайган адамдардын жоопторунун басымдуу бөлүгү кары адамдардын муктаждыктарына көңүл бурулбагандыгына байланыштуу. Дооматтар асфальттын жоктугуна, тротуарлардын жана жолдордун тайгак болушуна, бийик тепкичтерге, лифттердин жоктугуна жана жайкысын таза абада эс алуу үчүн орундуктардын жоктугу боюнча айтылат.

Физикалык чөйрөгө баа берүүдө белгилүү болгондой, улгайган адамдардын муктаждыктары жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары тарабынан жеткиликтүү деңгээлде эске алынбаган учурлар көп. Көчөлөрдүн начар жарыктандырылышы, кышкысын тайгак көчөлөрдөн же тепкичтерден кулоону алдын алуу үчүн жеткиликтүү чаралардын жоктугу, көчөлөрдөгү өтмөктөрдүн улгайган адамдар үчүн кол жеткистиги улгайган жаштагы кыргызстандыктардын арасындагы жаракат алуулардын көбөйүү ыктымалдыгына алып келет.

Калктуу пункттарды өнүктүрүү планын иштеп чыгууда жергиликтүү бийлик органдары кыймыл-аракети жардамчы шарттарды талап кылган калктын аялуу катмарларына багытталган так көрсөтмөлөрдү киргизишпейт.



*Сүрөт 2.2.1. Бишкек шаарынын Аламүдүн базары тараптагы жол үстүндөгү өтмөк (2018 жыл). Лифт иштебей кулпулангандыктан, улгайган адамдар тепкичтен өйдө көтөрүлө албай кыйналышат*

Бишкек шаардык мэриясынын жеткиликтүү маалыматтарын иликтөөдө кары адамдар негизинен кайрымдуулук иштеринин контекстинде, жалгыз-жарымдарды багууларда, жашоого жана медициналык жардамга багытталган базалык кызматтардын көрсөтүлүшүндө гана каралаары айкын болду. Бишкек шаардык мэриясынын басма-сөз кызматынын макалаларында карыларга колдоо көрсөтүүнү карылар үйүнүн контекстинде карашат[45], «Ардагер» геронтологиялык борбору жана согуштун ардагерлерин куттуктаган майрамдардын өткөрүлүшү[46]менен эстелет.

Биздин өлкөнүн борборун 2020-жылга чейин өнүктүрүү Программасы[47] кары адамдарды максаттуу топ катары карабайт, шаардагы улгайган адамдардын жашоосун жакшыртуу тууарасында күбөлөндүргөн көрсөткүчтөр боюнча маалыматтар камтылбаган.

Мэриянын отчетторунда кары адамдар Улуу Ата Мекендик согуштун, Ленинград блокадасынын катышуучуларын жана майыптарды, тылдын эмгекчилерин, Афган согушунун жана ЧАЭСтеги кыйроолорду жоюуга катышкандарды медициналык кароолордон өткөрүүнүн, белгилүү даталарда – Карылардын эл аралык күнү жана 9-Май – Жеңиш күнүнө арналган иш-чаралардын контекстинде эске алынат[48]. Бишкек шаардык мэриясынын ишке орноштуруу, агартуучу, маданий жана спорттук иш-чаралар туурасындагы маалыматтарында улгайган жарандар жөнүндө айтылбайт[49].

Кары адамдарга системалуу жана ойлонулган жардамдарды камсыздоо үчүн жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары калктын өзгөчө аялуу катмарына багытталган көрсөткүчтөрдү киргизиши, өзгөрүүлөрдүн жүрүшүн көзөмөлдөө жана кары адамдарды кошуу менен жергиликтүү деңгээлде калктын аялуу топторунун укуктарын ишке ашыруу боюнча маалымат берип туруусу керек. Жылына бир жолу өткөрүлгөн иш-чаралар кары адамдарды системалуу колдоо катарында каралбайт.

Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары улгайган адамдар үчүн жеткиликтүү болгон эс алуу боюнча мүмкүнчүлүктөр, арзандатуулар, ыктыярчылардын иш-аракеттери, иш-чаралар жана шаар менен айылдардагы маданий окуялар туурасында маалыматтарды таратууну камсыздоолору керек. Акцияларды уюштуруу, иш-чаралар жана коомдук жайлардагы клубдар туурасындагы маалыматтарды жарыялоодо уюштуруучулар жана аларга байланышуу жолдору жөнүндө маалыматтар жеткиликтүү болушу керек.

---

45 http://meria.kg/index.php?option=com_content&view=article&id=15800:the-bishkek-boarding-house-for-elderly-office-appeared-mercy&catid=420&Itemid=75&lang=ru

46 http://meria.kg/index.php?option=com_newscatalog&view=article&id=17511:the-municipality-of-the-capital-congratulated-veterans-with-the-motherland-defenders-day&catid=405&Itemid=339&lang=ru


47 2020-жылга чейин Бишкек ш. социалдык-экономикалык өнүктүрүү программасы, Төмөнкү даректе: http://meria.kg/index.php?option=com_newscatalog&view=article&id=16727&Itemid=339&lang=ru

48 2016-ж. 9 айындагы Бишкек ш. социалдык-экономикалык өнүктүрүүнүн жыйынтыктары боюнча маалымат, http://meria.kg/index.php?option=com_content&view=article&id=617&Itemid=103&lang=ru;
2016-жылдагы Бишкек шаарын социалдык-экономикалык өнүктүрүүнүн жыйынтыктары http://meria.kg/images/files/2017/1/doklad-pervogo-vice-mera-a_-zarlikova1.PDF

49 2016-ж. 9 айындагы Бишкек ш. социалдык-экономикалык өнүктүрүүнүн жыйынтыктары боюнча маалымат, 47-53-б.

## Үй-бүлөдөгү басмырлоочу жүрүм-турумдар

Үй-бүлөдөгү улгайган адамдарга карата басмырлоочу жүрүм-турумга респонденттердин 19%ы токтолгон.




Үй-бүлөлүк мамилелердеги теңчилдиктин сакталуусу боюнча маселелердин көрсөткүчү төмөн болгондугуна карабастан, сурамжылоого катышкандар кары адамдардын пикири четке кагылгандыгы туурасындагы көп мисалдарды келтиришти. Маанилүү чечимдерди кабыл алып жатканда үй-бүлө мүчөлөрү чечимдин башка варианттарын тандоо мүмкүнчүлүгүн карыларга сунушташпайт.

## Кары адамдардын кабыл алуусун калыптандырууга таасир этүүчү факторлор

Респонденттердин пикирине ылайык, кары адамдар жөнүндө ойлордун калыптануусуна жеке тажрыйба жана билим деңгээли көбүрөөк таасир этет. Ошондой эле кары адамдардын аброюн көтөрүүгө ар кандай массалык маалымат каражаттары көп таасир этерин жооп бергендер белгилешти. Ошондой эле кабыл алууга жарнама да таасир этет.

ММК тарабынан түзүлгөн бейне кары адамдар жөнүндө белгилүү бир ой-пикирлерди күчтөндүрүүгө жөндөмдүү. Иликтөөнүн жүрүшүндө бул же тигил өңүттө улгайган адамдарга таасирин тийгизген, беш интернет-ММКнын 2018-жылдын январындагы 28 ар кандай материалдары талдоого алынды.

Материалдардын басымдуу бөлүгү (68%) бир тараптуу берилген. 61% карылар туурасындагы басылмаларда аз өлчөмдөгү пенсия, жакыр турмуш, дарылоого байланыштуу зомбулуктун жана кырдаалдын ар кандай түрүн кошуу менен укуктардын бузулушу жана кыйынчылыктар туурасында баяндалган.

Көп материалдарда улгайган адамдар өзүн коргоого жөндөмсүз же өз кызыкчылыктарынан баш тарткан адам катары сүрөттөлгөн: алсыз – 39%, ишке жарамсыз – 29%, коомдон оолактаган жана жалгыз – 29%. Жарык көргөн материалдардын бир бөлүгүндө кары адамдар жумуш ордундагы салымы аз баалангандардын (14%) же өлкөнүн экономикасы үчүн күч келтиргендердин катарында каралган (36%).

Жыйынтык чыгарып жатып, ММКларда чагылдырылган маалыматтарда дагы кары адамдарды кабылдоодо карылык жана кары адамдар жөнүндө терс көз караштар бар экендигин баса белгилеп коюш керек. Медиа-мейкиндик оң маанайдагы материалдарда дагы алардын мурдагы сиңирген эмгегине басым жасайт жана учурдагы салымы, ийгиликтери жана маданият, спорт, эмгек чөйрөсүндөгү жетишкендиктери жөнүндө маалымат беришпейт.

## Кыргыз Республикасындагы кары адамдарды социалдык коргоо системасы

Улгайган адамдарга карата мамлекеттик саясат укуктук, социалдык экономикалык шарттарды курууга жана татыктуу жашоо, өнүгүү жана өзүн-өзү өнүктүрүүгө, кыска мөөнөттүү, орто мөөнөттүү жана узак мөөнөттүү жалпы мамлекеттик жана аймактык программаларды иштеп чыгуу жана ишке ашыруу жолу менен укуктарды жана мыйзамдуу кызыкчылыктарды коргоо кепилдиктерине багытталган [50].

Улгайган адамдарга болгон мамлекеттик саясаттын келечектүү багыттарынан болуп саламаттыкты сактоо жана социалдык колдоо кызматтарынын сапатын жогорулатуу болуп саналат [51].

**Кыргыз Республикасынын Эмгек жана социалдык өнүгүү министрлигинин (ЭСӨМ) жообуна ылайык улгайган адамдарды социалдык коргоо мындай түрдө ишке ашат [52]:**

1. *Эмгек стажы жок адамдар үчүн пенсиялар жана ай сайын берилүүчү социалдык жөлөкпулдар;*
2. *Өзүнчө категорияга кирген жарандарга жеңилдиктердин ордуна акчалай компенсация берүү;*
3. *Социалдык стационардык мекемелерде социалдык кызмат көрсөтүү;*
4. *Медициналык-санитардык жардамдар жана ар кандай түрдөгү реаблитациялык жардамдар;*
5. *Медициналык көрсөтмөлөргө ылайык карыларды жеткирүү.*

Мамлекеттик органдар жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары кары адамдарга кошумча социалдык кепилдиктерди орнотууга укуктуу [53]. Бишкекте пенсионерлер үчүн жаш курагына жараша шаар ичинде транспорттук кызматты колдонууга жеңилдиктер каралган [54].

Кыргыз Республикасынын Эмгек жана социалдык өнүгүү министрлиги тарабынан жергиликтүү деңгээлде улгайган адамдардын муктаждыктарына баа берүү иштери жүрүүдө. 2018-жылдагы министрликтин сурамжылоолорунун жыйынтыгында 64,2% (20562) жаран жарым стационардык, геронтологиялык борборлорду жана алар жашаган аймактарда ар кандай кызматтарды көрсөтүү боюнча убактылуу баш калкалоочу жайларды куруу зарыл деп эсептейт. Ошондой эле райондордо улгайган адамдар үчүн социалдык дүкөндөрдү, социалдык такси кызматтарын ачуу өтүнүчтөрү болгон [55].

2016-жылы социалдык коргоо системаларын өнүктүрүү үчүн ЭСӨМ экономикалык жана социалдык маселелер боюнча БУУ департаменти жана Улуттук статистикалык комитети менен биргеликте калктын улгаюусуна байланыштуу маселелер боюнча изилдөө жүргүзгөн. Изилдөөнүн жыйынтыгы менен аналитикалык отчет даярдалган, ал 2027-жылга чейин Кыргыз Республикасынын кары адамдарынын жашоо сапатын жогорулатуу боюнча комплекстүү программаны иштеп чыгуу үчүн пайдаланылат. Учурда ведомстволор аралык жумушчу топ жогоруда аталган мекемелер менен биргеликте бул багытта иш алып барышууда.

---

50 Кыргыз Республикасынын «Улгайган жарандар жөнүндө» мыйзамы, 4-б.

51 Ошол эле жерде, 4-б.

52 ЭСӨМ №6/7602 жообу 23.11.2017-ж.

53 Кыргыз Республикасынын «Улгайган жарандар жөнүндө» мыйзамы, 11-б.

54 http://meria.kg/index.php?option=com_content&view=article&id=50&Itemid=82&lang=ru

55 http://www.mlsp.gov.kg/?q=ru/gosprogrammy/gosudarstvennyy-socialnyy-zakaz

## Пенсиялар жана ай сайын берилүүчү социалдык жөлөкпулдар

Өлкөдө бардыгы болуп 965385 улгайган адам жашайт (50 жаштан өйдө) – бул калктын жалпы санынын 16%ы. 2016-жылдын башында Социалдык фонддо 617,4 миң пенсионер катталган. Жаш курагына жараша орточо пенсия пенсионердин жашоо минимумунун 112%дан ашыгын түзөт[56].

Пенсиялык камсыздоого укугу жок (өндүрүлбөгөн социалдык которуулар) улгайган адамдарга 1000 (бир миң) сомдун көлөмүндө ай сайын төлөнүүчү социалдык жөлөк пул белгиленет. Улгайган адамдарга ай сайын төлөнүүчү социалдык жөлөк пулдарды алган жарандардын саны 01.10.2017-жылы 1567 адамды түздү[57]. Эмгек жана социалдык өнүгүү министрлиги ай сайын төлөнүүчү социалдык жөлөк пулдун көлөмү пенсиянын көлөмүнөн ашпашы керек деген позицияны колдойт.

Эмгек жана социалдык өнүгүү министрлигинин жообунан, 23.11.17-жыл, №6/7602

«Кыргыз Республикасынын Социалдык фондунун маалыматы боюнча, учурда он миңдин тегерегиндеги адам ай сайын берилүүчү жөлөк пулдан аз өлчөмдөгү пенсия алышат.

Мындай кырдаал социалдык акыйкатсыздыкка алып келет. Ушуга байланыштуу, пенсиянын көлөмү ай сайын берилүүчү жөлөк пулдан жогору болушу үчүн социалдык саясат иштелип чыгууда».

Мындай мамиле социалдык коргоо системасы тарабынан калктын өзгөчө аялуу топторунун укуктары жеткиликтүү деңгээлде эске алынбагандыгын көрсөтөт. Көбүрөөк аялуу катмар катары формалдуу эмес экономикалык сектордо иштеген, ошондой эле үй чарбасы менен алектенген кары адамдар эсептелет – өлкө боюнча алар 22,6% жана Бишкекте болсо 65%[58].

## Улгайган адамдардын жана мүмкүнчүлүгү чектелгендердин мекемелери

Социалдык коргоо системасында кары адамдар жана майыптыгы бар адамдар үчүн 6 стационардык социалдык мекеме (ССМ) иш алып барат[59]. Аталган мекемелерде 772 адам жашайт, алардын ичинен 450 – улгайган жарандар, 322 – ден соолугунун мүмкүнчүлүгү чектелген адамдар[60]. Улгайгандардын жана ДМЧАлардын үйүнө барып социалдык кызматтар көрсөтүлөт.



*Балыкчы шаарындагы улгайган адамдар үчүн ресурстук борбору*

56 ЭСӨМ № 6/7602 жообу 23.11.2017-ж.
57 Ошол эле жерде.
58 ФЭЖК. Кыргызстандагы формалдуу эмес жумуш менен камсыздоо. 2014-ж., 27-б.
59 Ошол эле жерде.
60 ЭСӨМ № 6/7602 жообу 23.11.2017-ж.

Ошондой эле Эмгек жана социалдык өнүгүү министрлигине караган, жергиликтүү бюджеттен жана донордук каражаттардын эсебинен каржыланган жарым стационардык мекемелер бар (геронтологиялык борборлор, үй-интернаттары, кары адамдар күндүз келип туруучу борборлор). Министрликтин сайтында аталган мекемелер калк үчүн жеткиликтүү болгон социалдык мекемелердин тизмесинде көрсөтүлгөн эмес[61].

Изилдөөлөрдүн алкагында Омбудсмен институтунун кызматкерлери ар кайсыл ведомстволорго караштуу бир нече мекемелерде болушту, алардын катарында Бишкектеги карылар жана ДМЧАлар үчүн ССМ, Ленин району боюнча карылардын үй-интернаты, ошондой эле карылар үчүн күндүзгү келип жатуучу «Ардагер» борбору бар.

Бардык мекемелерде материалдык-техникалык камсыздоого, оңдоп-түзөө иштерине, эмеректерди алмаштырууга жана тиричилик шарттарын жакшыртууга байланыштуу кыйынчылыктар бар. Аталган мекемелердин жетекчилери бейтап адамдарды ары-бери ташууда, ошондой эле жаратылыш койнунда эс алууга, концерттерге, театрларга жана ар кандай маданий иш-чараларга алып барууда автоунаа керектигин белгилешти.

Донордук жардам алууда жана жашоо шарттарды жакшыртуу мүмкүнчүлүктөрүн издөөдө мекеме жетекчилери болгон күч-аракетин жумшагандыгына карабастан, каржылоонун чектелүү болгондугу, кээ бир мекемелерде жашоо шарттары канааттандырарлык эместигинен, кызматкерлер үчүн начар шарттар, кадрлардын токтобошу, герентология маселесине байланыштуу тиешелүү даярдыктардын жоктугунан улам стационардык жана жарым стационардык социалдык коргоо кызматтары толук көрсөтүлбөйт. Мындай кызматтардын түрү юридикалык жардам, экскурсияларды уюштуруу же театрларга баруу сыяктуу көйгөйлөрдөй эле ишке ашпаган бойдон калууда.

## Үйүнө барып көрсөтүлгөн акысыз социалдык кызматтар

2017-жылы 906 социалдык кызматкер 5185 улгайган жарандарга акысыз кызматтарды көрсөттү[62]:

Үйүнө барып кызмат көрсөтүү убактылуу (6 ай) же туруктуу негизде да болушу мүмкүн. Социалдык кызматкерлердин чакырган адамдарга баруусу жумасына эки ирет жеке график боюнча аткарылат[63].

Үйүнө барып көрсөтүлгөн социалдык жардамдардын муктаж адамдарды аз санда камтуусунун себеби - аталган кызмат туурасында маалыматты алуунун татаалдыгы.

---

61 Кыргыз Республикасынын Эмгек жана социалдык өнүгүү министрлиги. Социалдык мекемелер. http://www.mlsp.gov.kg/?q=ru/sotsuchrejdeniya

62 ЭСӨМ № 6/7602 жообу 23.11.2017-ж.

63 Стандарттарга ылайык.




# СУНУШТАР

## Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө:

1. 2027-жылга чейин улгайган адамдардын жашоо сапатын жогорулатуу боюнча комплекстүү программаны иштеп чыгуу боюнча ведомстволор аралык жумушчу топко программанын багыттарын аныктоодо жана иштеп чыгууда карылык маселелерине байланыштуу Эл аралык Марид планынын сунуштарын, улгайган жумушчулардын эмгек укуктарына тиешелүү №162 Эл аралык эмгек уюмунун сунуштарын, ошондой эле «Карылык жана ден-соолук» докладында белгиленген ССДУ сунуштарын негиз кылып алуу сунушталат.

## Кыргыз Республикасынын Саламаттыкты сактоо министрлигине жана Эмгек жана социалдык өнүгүү министрлигине:

1. Улгайган адамдар үчүн диагностикалык изилдөөлөрдү дайындоо боюнча иш алып баруу, улгайган адамдарга каралган дарылоолорго талдоо жасоо, дарылоонун спецификасы (гериатрия системасы) жана улгайган адамдарды реаблитациялоо боюнча актуалдуу болгон клиникалык протоколду иштеп чыгуу.

2. Үй-бүлөлүк медицина борборлорунун, фельдшердик пункттардын деңгээлинде процесстер жана сак-саламат каруунун шарттары туурасында маалыматтарды таратууну колго алуу, жашоочулар үчүн тиешелүү маалыматтык материалдарды түзүү.

## Кыргыз Республикасынын Эмгек жана социалдык өнүгүү министрлигине:

1. Жумушка орношууга байланыштуу жарнактарда жаш курагынын чегин белгилеп көрсөтүүгө мыйзам аркылуу тыюу салуу, жаш курагына байланыштуу мыйзамдарда көрсөтүлгөн талаптарды кошпогондо, ошондой эле жумушчуларды жалдоодо алардын квалификациялык деңгээлин жана аткарууга зарыл болгон иштин конкреттүү бир түрүнүн сапатын эсепке албастан курагына карап кодулоого ачык тыюу салуу.

2. Ден-соолугунун мүмкүнчүлүгү чектелүү болгондуктан өз алдынча жан бага албаган, улгайган тууганына дайыма кам көргөн жарандар үчүн иш менен камсыз кылуу чөйрөсүндө Эмгек кодексиндеги кепилдиктерди кайра кароо, анын ичинде иш ордунун сакталышына болгон кепилдиктер, керек болгон учурда ыңгайлуу иш графигин киргизүү, кезектешип иштөө шартында жагдайды эске алуу, жана улгайган тууганын багууга байланыштуу ишин улантуу мүмкүн болбосо бул адамдар үчүн иш берүүчү тарабынан бир жолку компенсациянын төлөнүшү.



*Балыкчы шаарындагы улгайган адамдар үчүн ресурстук борбору*

3. Улгайган адамдардын пенсияга чыгуусун пландоого мүмкүндүк берген, аларды пенсияга чыгууга даярдоочу программаны иштеп чыгуу жана иш тажрыйбага киргизүү. Атап айтканда, улгайган адамдар үчүн төмөнкү маалыматтарды жеткирүүчү маалыматтык онлайн булактарын түзүү:

- *Пенсияга өз каалоосу менен чыгуу жөнүндөгү маалыматты камтыган укуктук маалыматты, пенсиялык камсыздоонун кепиликтери жөнүндө, (Социалдык фондго шилтеме кылуу менен), ай сайын берилүүчү социалдык жөлөк пулду алуу мүмкүчүлүктөрү жөнүндө;*
- *Акы төлөнүүчү жана акысыз социалдык кызматтар жөнүндө, стационардык жана жарым стационардык мекемелерди камтыган жеткиликтүү мекемелер жөнүндө (мекеменин так дарегин жана ар бир кызматтын так мазмунун, аларды көрсөтүүнүн шарттарын, көрсөтүлгөн кызматтардын сапатсыздыгы боюнча даттануулардын жол-жоболорун, жеткиликтүү жерлердеги тиешелүү мекемелердин жана уюмдардын байланыш телефондорун көрсөтүү менен);*
- *Аймактык бөлүмдөрдө ишин улантууну каалагандар үчүн ишке орношуунун ар кандай мүмкүнчүлүктөрү жөнүндө;*
- *Карылардын бош убактысын өткөрүүсү үчүн кызыктуу болгон улгайган адамдар үчүн клубдар же кызматтар жөнүндө (аймактар боюнча);*
- *Окуу мүмкүнчүлүктөрү жөнүндө, үзгүлтүксүз билим алуу жана бул чөйрөдөгү мүмкүнчүлүктөр жөнүндө;*
- *Сак-саламат каруу процесстери жана шарттары жөнүндө;*
- *Өлкөдө жеткиликтүү болгон, кары адамдарды колдоонун башка жолдору жөнүндө.*

4. Маалымат колдонуучуга жакын тилде– ченемдик укуктук актыларга шилтеме кылуу менен эмес, түшүнүүгө жеңил жана ыңгайлуу тилде жетиши керек. Берилген маалымат булагы улгайган адамдардын кызыкчылыгын камсыз кылган мамлекеттик органдардын, коомдук уюмдардын жана кесиптик бирликтердин дарегин, байланышуу жолдору жөнүндө ар тараптуу маалыматтарды камтышы зарыл. Мындай маалымат булагы бар экендиги жөнүндө коомчулук толук маалымдар болушу керек.

5. Улгайган адамдар үчүн стационардык, күнүнө барып жатып жана үйүнө кетип туруучу кошумча акы төлөнүүчү кызматтарды киргизүү, татаал турмуштук шарттардагы улгайган адамдар үчүн акысыз социалдык кызматтарды алуу мүмкүнчүлүктөрүн чектебестен.

6. Социалдык кызматкерлердин иштөө жана эмгек акыларынын төлөнүү шарттарын үзгүлтүксүз жакшыртуу үчүн чараларды иштеп чыгуу, ошону менен катар эле мындай кызматкерлерди аттестациялоо механизмдерин жакшыртуу.

7. Социалдык кызматкерлердин квалификациясын жогорулатуу курстарынын мазмунуна геронтологияны киргизүү.

### Жогорку окуу жайларына жана өлкөнүн Илим-изилдөө институттарына:

1. Изилдөө иштерин өнүктүрүү жана Кыргыз Республикасында картаюу жаатындагы изилдөөлөрдү колдоо.

### Өзү-өзү башкаруу органдарына:

1. Калктуу пункттарды өнүктүрүү программасын иштеп чыгууда улгайган адамдарды калктын аялуу топторунун бири катарында жана негизги максаттуу топтордун бири катарында кароо;
2. Жергиликтүү деңгээлде кары адамдардын муктаждыктарына системалуу баалоо жүргүзүү, жергиликтүү деңгээлде кары адамдардын жана калктын башка аялуу топторунун (ДМЧА) жашоо сапатын жакшыртуудагы өсүштөрдүн динамикасын көзөмөлдөөгө мүмкүндүк бере турган көрсөткүчтөрдүн системасын иштеп чыгуу жана ишке ашыруу.
3. Ар кандай курактагы адамдардын катышуу мүмкүнчүлүгүн жана алгылыктуу өз ара аркеттерин түзгөн мамилелерди камтыган көз караштагы, улгайган адамдар үчүн уюштурулган иш-чараларды карап чыгуу.
4. Улгайган адамдар сыяктуу эле жаштар арасында дагы жергиликтүү деңгээлде ыктыярдуу демилгелерди өнүктүрүү.
5. Калктуу пункттардын инфраструктурасын өнүктүрүү жана жакшыртуу маселелеринде ички жана тышкы чөйрөнүн шайкештигин баалоо. Чөйрөнүн коопсуздугун камсыздоо (кышкысын көчөдө басуу коопсуздугу, жарыктандыруунун болушу), кары-картаңдардын өз алдынча басуусу үчүн ыңгайлуу шарттар (лифттердин болушу, көчөлөрдү жашылдандыруу), кары адамдардын муктаждыктарына багытталган, жергиликтүү деңгээлдеги кызматтарды өнүктүрүү (клубдар, социалдык дүкөндөр, социалдык такси, пенсионердин расмий статусунан көз каранды эмес бардык кары адамдар үчүн арзандатуулардын жана жеңилдиктердин болушу), кары адамдар үчүн эс алуу жайларынын болушу, жашыл жана суу аянттарын кошкондо, коомдук колдонуудагы бардык объекттерде отура турган орундуктардын болушу.
6. Жергиликтүү деңгээлде кары-картаңдар үчүн жеткиликтүү болгон кызматтар жөнүндө маалыматтардын болушу, расмий вебсайттарда жана телефон аркылуу жеткиликтүү болгон жана карылардын укуктары жөнүндө унутулган маалыматтарды камсыз кылуучу, жергиликтүү деңгээлдеги мекемелердеги социалдык кызматтар жөнүндө сурап-билүү кызматтарын уюштуруу.

### Бизнес-секторго:

1. Улгайган курактагы бардык адамдар үчүн азык-түлүккө арзандатууларды же тең мамилени камсыздоо кызматтарын көрсөтүүдө, б.а. арзандатуулар болгондо пенсиялык күбөлүгүнүн бар же жогуна эмес, паспорттогу жашына кароо.
2. Көңүл ачуучу, маданият, спорт чөйрөсүндө кары адамдардын жана ден соолугунун мүмкүнчүлүгү чектелген адамдардын муктаждыктарына багытталган кызматтарды өнүктүрүү

### Мамлекеттик массалык маалымат каражаттарына:

1. Мамлекеттик редакциялар, массалык маалымат каражаттары (теле-, радио-, газета жана интернет-булактары) кары адамдар жөнүндө маалыматтарды берүүдө өз мамилелерин карап чыгуусу, улгайган адамдардын физикалык, социалдык жана укуктук көйгөлөрүн эле эмес, сак-саламат жана позитивдүү каруу мүмкүндүгүн дагы көрүүгө мүмкүн болгон маалыматтарды берүүдө теңдештирилген мамиле кылуу.

2. Коомдо карылыкты жана кары адамдарды, алардын саламаттыгын, мүмкүнчүлүктөрүн, умтулуусун, сергек жашоо образын түшүнүү менен кабыл алууну калыптандыруу.

3. Сак-саламат жана активдүү карылыктын процесстери жана шарттары жөнүндө коомчулукту маалымдар кылуу.

4. Маалыматты жарыялоодо кары адамдардын индивидуалдуу жеке өзгөчөлүктөрүн жана жетишкендиктерин эске алуу. Кары адамдарды мурда эле мамлекетке жана коомго өз салымын кошуп койгон адам катары эле карабастан, азыркы күндө дагы салым кошууну улантып жаткан адам катарында кароо керек.

5. Кары адамдарды пенсиялардын, жөлөк пулдардын, оорулардын, зомбулуктардын контекстинде гана эмес, ошондой эле алардын кызыкчылыгынын жана спорттогу, маданияттагы, билим берүүдөгү жетишкендиктеринин контекстинде дагы кароо.

6. Демилгелер жана кызыкчылыктар боюнча клубдар, бий, йога менен алектенүү сыяктуу улгайган адамдар үчүн жаңы социалдык мекемелер жөнүндө, жарманкелердин өтүшү жөнүндө, уюштуруучулардын байланыш телефондору, дареги жана кары адамдардын өз каалоосу менен ал иш-чараларга катышуусу үчүн иш-чаралар өтө турган жер жана убактысы тууралуу маалыматтар.



# 2.3. ЖАРАНДАРДЫН ЭМГЕК УКУКТАРЫ

Эмгек келишимин түзүү жумуш берүүчүнүн милдети. Иш жүзүндө жумушчунун аткара турган иши түзүлгөн келишим аркылуу таанылат. Эмгек укуктарынын бузулушуна байланыштуу көйгөйлөр көп жылдан бери актуалдуу бойдон калууда жана Акыйкатчынын ар жылдык докладында чагылдырылып келет.

2017-жылда КР Акыйкатчысынын (Омбудсмен) дарегине эмгек маселесине байланыштуу 76 арыз (кайрылуулардын жалпы санынын 2,4%ы) түшкөн.

Ар бир адам эмгектенүү эркиндигине, эмгекке болгон өзүнүн жөндөмүн бөлүштүрүүгө, кесипти жана иштин түрлөрүн тандоого, коргоого жана коопсуздук жана гигиена талаптарына жооп берген жумуш шарттарын тандап алууга, ошондой эле эмгеги үчүн мыйзам тарабынан белгиленген минималдык жашоо наркынын өлчөмүнөн кем эмес сыйакы алууга укуктуу[64].

Ар бир адам эмгектенүүгө, эмгекти эркин тандоого, адилеттүү жана ылайыктуу эмгек шарттарына жана жумушсуздуктан коргоого; бирдек эмгек үчүн бирдей акы алууга; ар бир иштеген адам өзүн жана үй-бүлөсүн татыктуу камсыздай ала тургандай адилеттүү жана канааттандырарлык сыйакы алууга, коопсуздук жана гигиена талаптарына жооп берген жумуш шартына; бардыгы үчүн бирдей болгон эмгек стажысынын жана квалификациясынын негизинде иштеген жеринде тиешелүү жогорку кызматтык баскычтарга көтөрүлүү мүмкүнчүлүгүнө; эс алууга, жумуш убактысын акылга сыярлык чектөөгө жана майрам күндөрү үчүн акы төлөнүүчү мезгилдүү эс алууга, майрам күндөргө төлөнө турган сыйакы сыяктуу акы төлөнүүчү мезгилдүү эс алууга укуктуу. Өзүнүн кызыкчылыктарын коргоо үчүн ар бир адам кесиптик бирликтерди түзүүгө жана кесиптик бирликтерге мүчө болууга укугу бар[65].

КР Акыйкатчысы эмгекке болгон укуктун сакталышына байланыштуу маселелерге өзгөчө көңүл бурат. 2017-жылы эмгекке байланыштуу маселелер Акыйкатчынын наамына келген 76 арызда көтөрүлгөн, анын ичинен: эмгек келишимин түзбөй коюу, кызматтан бошотуунун мыйзамдуулугу боюнча талаштар, эмгек акынын өз убагында төлөнбөшү, негизсиз тартипти талап кылуу, эмгек өргүүсүнүн өз убагында берилбеши, коопсуздук эрежелеринин сакталбашы ж.б. Арыз-доомattar мамлекеттик мекемелер жана бирикмелер сыяктуу эле жеке сектордогу уюмдарга дагы тиешелүү.

## Эмгек мамилелер жаатындагы мыйзамсыз иш-аракеттер

Эмгекке болгон укуктун ажырагыс бир бөлүгү болуп өз билемдик жана адилетсиздик менен иштен бошотуулардан коргоо болуп саналат. КР Эмгек кодекси мындай коргоону кепилдеген бир катар мыйзамдарды камсыз кылат. Тагыраагы, иш берүүчүнүн демилгеси аркылуу жумушчу менен болгон эмгек келишимин бузуу үчүн негиздердин такталган тартиби орнотулган[66].

Иш жүзүндө жетекчилер өздөрүнө жакпаган жумушчуларды иштен кетирүү максатында психологиялык басым жасоону көп колдонушат, аргасыз болгон кызматкер өз каалоосу менен иштен кетет. Мындай максаттарга жетүү үчүн жетекчинин демилгеси боюнча жумушчунун иштен кетүүсү туурасындагы арызданууга тоскоол боло турган, тартипке байланыштуу негизсиз жана ар тараптуу сөздөр колдонулат.

64 КР Конституциясынын 42-беренесинин 3-бөлүмү.

65 1966-жылдын 16-декабрындагы БУУ Генералдык Ассамблеясынын 2200 А резолюциясы тарабынан кабыл алынган экономикалык, социалдык жана маданий укуктар жөнүндөгү Эл аралык пакттын 6, 7, 8-беренелери. Кыргыз Республикасы 1994-жыл 12- январдагы №1406-XII. КР Жогорку Кеңешинин токтому менен ага кошулган.

66 Эмгек кодексинин 83-87-беренелерин караңыз.

**Мисал 2.3.1.**

КР Акыйкатчысынын наамына С.А. Чуйков атындагы Кыргыз мамлекеттик көркөм-сүрөт орто окуу жайынын мугалими М.А. кайрылып, өзүнүн эмгектик укуктарынын бузулушуна алып келген мекеме жетекчисинин иш-аракеттерине арызданган.

Анын кайрылуусунда окуу жайдын жетекчиси Ж.Матураимов М.А. жумуштан кетирүү максатында кысым көрсөтүп жаткандыгы айтылат. М. А. сабак өтүүсү үчүн толук түрдө убакыт беришпеген жана 700 сом өлчөмүндөгү айлык акы төлөп беришкен. Ж. Матураимов тиешелүү буйрук чыгарбастан эле М. А. акы төлөнбөгөн эмгек өргүүсүнө чыгууга мажбурлаган.

Омбудсмен институту тарабынан көрсөтүлгөн далилдер боюнча текшерүү жүрүп, КР Маданият, маалымат жана туризм министрлигине, ошондой эле КР Өкмөтүнө караштуу Экологиялык жана техникалык коопсуздук боюнча мамлекеттик инспекциясына кайрылуу жолдонгон. КР Маданият, маалымат жана туризм министрлигинин териштирүүлөрүнүн натыйжасында №178 буйрук чыгып, окуу жайдын директору Ж.Матураимовго **сөгүш берилген жана аныкталган эмгек мыйзамдарындагы бардык бузууларды калыбына келтирүү тапшырылган.**

Жыйынтыгында М. А. акчалай түрдө келтирилген зыяндын орду төлөнгөн жана анын бузулган эмгек укуктары жоюлган.

**Мисал 2.3.2.**

КР Акыйкатчысынын наамына Р.А. дан арыз түшүп, мыйзам тарабынан коргоого алынган анын эмгек укуктарын коргоо өтүнүчү болгон.

Иш иликтенип, Токмок шаарынын Муниципалдык кызмат башкармалыгындагы (мындан ары-МКБ) жооптуу кызматтагы адамдар тарабынан Р.А.нын эмгек укуктары бузулгандыгы аныкталган. Акыйкатчы Токмок шаарынын мэриясына жана Токмок шаардык кеңешине Р.А. укуктарынын бузулушун токтотуу өтүнүчү менен, ошондой эле мыйзам бузган жооптуу кыз-



маттардагы адамдарга – Токмок ш. Биринчи вице-мэри Н.Б.Келдибековго жана Токмок шаарынын ММБ жетекчиси Н.Кошоевге тартиптик мүнөздөгү чара көрүү сунушун жиберген.

Токмок шаардык кеңешинен алынган жоопто, бул иш 29.06.2017-жылы Токмок шаардык кеңешинин туруктуу депутаттык комиссиясынын отурумунда каралып, жыйынтыгында талашкан эки тарап сүйлөшүү жолу менен маселени чечип алуу сунушу берилген. Ошондой эле Акыйкатчынын сунушу Токмок шаарынын мэриясына жиберилген.

Токмок шаардык мэриясынын жообунда сунуштун негизинде чыккан 13.07.2017-жылдагы Токмок шаарынын мэринин № 98 буйругу менен жумушчу комиссия түзүлгөн. Комиссиянын ишинин жыйынтыгында Токмок шаарынын мэрине жана Токмок шаарынын МКБ жетекчисине доогердин укугунун бузулушун жокко чыгаруу боюнча сунуш берүү чечими кабыл алынган.

Мыйзам бузууну жокко чыгаруу чаралары:

- Токмок шаардык МКБ 14.07.2017-жылдагы №139 буйругу менен доогерден катуу сөгүш түрүндөгү тартиптик жаза алынып салынды.

- Токмок шаардык МКБ 13.07.2017-жылдагы № 138 буйругу менен доогер акчалай сыйлык алган.

- Токмок шаардык МКБ 11.07.2017-жылдагы №134 буйругу менен доогерге акы төлөнүүчү ар жылдык эмгек өргүүнүн пайдаланылбаган бөлүгү берилген.

Жетекчилик кызматтагыларга байланыштуу чаралар боюнча айтсак, адам укугун бузууга жол берген: Токмок шаарынын биринчи вице-мэри Н.Б. Келдибековго “мамлекеттик жарандык кызмат жана муниципалдык кызмат жөнүндөгү” КР мыйзамынын 20-беренесинин 1-бөлүгүн жана Мамлекеттик жарандык кызматкердин жана муниципалдык кызматкердин этикалары кодексин сактоонун зарылчылыгы туурасында эскертүү берилген.

Токмок шаарынын мэринин 25.07.2017-жылдагы № 89 буйругу менен Токмок шаардык МКБ жетекчиси Н.Н.Кошоевге сөгүш берилген.

## Эмгек акыны кечиктирүү жана төлөбөй коюу, эмгек мамилелерин каттоо боюнча талаптарды аткарбоо

Кыргыз Республикасынын Акыйкатчысынын (Омбудсмен) дарегине келген кайрылуулар көрсөткөндөй, эмгек акыга болгон укукту бузууга бийлик органдары, анын ичинде жергиликтүү өзүн-өзү башкаруу органдары, уюмдар тарабынан жол берилет.

Эмгек акы адамдын жашоо-турмушун жана өз алдынчалыгын аныктайт. Эмгек акы эмгек келишиминде каралган шарттар боюнча санына жана сапатына жараша иш берүүчү милдеттүү түрдө жумушчунун эмгеги үчүн төлөй турган татыктуу сыйлык.

Жеке сектордо кеңири тараган көмүскө түрдө иштетүү иш берүүчү тарабынан эмгек акыны алууда ачыкка чыгат.

**Мисал 2.3.3.**

КР Акыйкатчысынын наамына Иска-Строй ЖЧКнын жумушчуларынын жамаатынан эмгек акыны алып берүүгө көмөк көрсөтүү тууралуу арыз келген. Арызда жумушчулар 1,5 жыл бою иштеген иштери үчүн эмгек акыларын ала албай жүрүшкөндүгүн белгилешкен.

Арызда КР Өкмөтүнө караштуу Экологиялык жана техникалык коопсуздук боюнча мамлекеттик инспекциясы тарабынан курулуш ээсине мурда Эмгек кодексинин (157-берене) бузулуп жаткандыгы тууралуу эскертүү берилгендиги белгиленген.

Акыйкатчы Бишкек шаардык прокуратурасына мыйзам тарабынан белгиленген чара көрүү тууралуу кат жолдоду. Бишкек шаардык прокуратурасы тарабынан Иска-Стройдун жумушчулары эмгек келишимин түзбөй эле иштеп жатышкандыгы аныкталган. Компаниянын жетекчилигине 30 күн аралыгында эмгек акыларды төлөп берүү тууралуу тапшырма берилген.

Эмгек келишимин түзбөй туруп иштөөгө уруксат берген директорго карата акт түзүлүп, Бишкек шаарынын Октябрь райондук сотуна жиберилген .

Тажрыйба көрсөткөндөй, эмгек келишимин түзбөстөн эле жумушчуларды жалдап алгандардын көпчүлүгү мамлекеттик эмес секторлордо кездешет, көбү курулуш компанияларында.

Эмгек келишимисиз жана эмгек китепчесине катталбастан жеке сектордогу жумушчулар коргоосуз калышууда. Жумушсуздук коркунучу жана жашоого болгон зарылчылык иш берүүчү тарабынан сунушталган шарттарга макул болуп, эмгектин оор түрүнө макул болууга аргасыз кылууда.

Иш берүүчү менен жумушчунун ортосундагы расмий катталган эмгек келишиминин жок болушу айрым жумушчулардын өзгөчө муктаждыктарын дана коопсуз эмгек шарттарын сактабоого, эмгек өргүүлөрүнүн, түшкү тыныгуулардын берилбөөсүнө жол ачат. Жумушчуларда юридикалык жактан өз укуктарын коргоо мүмкүнчүлүгү жок болот.

ЭСМУЭП (МПЭСКП) талаптары боюнча эмгекке болгон укуктарды камсыздоо чөйрөсүндөгү мамлекеттин негизги милдеттеринин бирине эч кандай коргоосу жок, экономикалык сектордон тышкары эмгектенген адамдардын санын максималдуу азайтуу үчүн чараларды ишке ашыруу кирет. Бул чаралар иш берүүчүлөрдүн эмгек мыйзамдарын сактоого жана алар жалдаган адамдардын бардык укуктардан колдонууга мүмкүнчүлүгү болуусу үчүн аларды каттоого алууга милдеттендирүү максатында кабыл алынган.

Физикалык жактардагы иш берүүчүлөрдөгү ишти тастыктоочу документ болуп жазуу түрүндөгү эмгек келишими же эмгек китепчесиндеги жазуу болуп эсептелет[67]. Ошондой эле, иш берүүчү мекемеде 5 күндөн ашык иштеген бардык жумушчуларга, эгер ал мекемедеги иш жумушчу үчүн негизги болуп эсептелсе, эмгек китепчесин ачууга милдеттүү[68].

КР Өкмөтү «2018-2040-жылдар аралыгында Кыргыз Республикасын өнүктүрүүнүн туруктуу стратегиялары», «Таза Коом. Жаңы Доор» долбоорлорун ишке ашыруунун алкагында чараларды көрүүсү зарыл, стратегиялардын бир багыты болуп - эмгектик укук ченемдерин камтуучу мыйзамдарды либералдаштыруу максаты коюлган «Эмгек ресурстары жана жумушчу күчүнүн сапатын жогорулатуу» болуп саналат.

67 КР Эмгек кодексинин 357-беренесин караңыз.
68 КР Эмгек кодексинин 65-беренесин караңыз.




Базалык укуктук негизди иш берүүчүнүн жана жалданган кызматкердин мамилелерине жакындатууга алып баруучу экономикалык сыяктуу эле административдик кыйла натыйжалуу рычагдарды колдонуу зарыл. Улуттук мыйзамдар менен аныкталган иш берүүчүнүн эмгек мыйзамдарын бузуусу үчүн жана бөлүп айтканда, эмгек келишимин толтурбай туруп [69] жумушка алуу үчүн административдик жоопкерчилик иш берүүчү үчүн токтотуучу фактор катары саналбайт.

Ошондой эле белгилеп коюу керек, КР Эмгек кодексинин 357-беренесиндеги негизги норма ишенимдүү мүнөзгө ээ эмес, иш берүүчү жеке ишкер катары катталган, мөөрү бар, жумушчунун эмгек китепчесине жазууга, ошондой эле биринчи жолу жумушка кирип жаткан жумушчуларга эмгек китепчесин ачууга укуктуу физикалык жак экендигин камсыздайт. Ошондуктан бул берене иш берүүчү жана жарандардын түшүнүгүндө иш берүүчүнү эмгек келишимин түзүүгө жана эмгек китепчесин толтурууга милдеттендирбейт. Бул мыйзамды такташтыруу жана «укуктуу» деген сөздү «милдеттүү» деген сөзгө алмаштыруу менен жоопкерчиликсиз иш берүүчүлөрдүн жоопкерчилигин күчөтүү зарыл.

Эмгекке орноштуруу жана аткарылган эмгек үчүн жетишерлик акы алуу адамдын жана жарандын башка укуктарын ишке ашырууну түзүүчү ажырагыс бөлүк болуп саналат. Жыл сайын Омбудсмен институту эмгек мамилелеринин чөйрөсүндө кырдаалды жакшыртууга өзгөчө көңүл буруп келет. Ошол себептен мамлекеттик органдар тарабынан сөзсүз түрдө аткарылууга тийиш болгон сунуштамалар иштелип чыгат. Тажрыйба жана сунуштардын аткарылышын көзөмөлдөө жылдан жылга ошол эле сунуштарды эске салуу зарылдыгын көрсөтөт.

# СУНУШТАР

## Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө

1. Кыргыз Республикасынын Эмгек кодексинин 357-беренесине «укуктуу» деген сөздү «милдеттүү» деген сөзгө алмаштыруу менен өзгөртүү киргизүү.

## Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Экологиялык жана техникалык коопсуздук боюнча мамлекеттик инспекция

1. «Эмгек мыйзамдарын коргоо» үчүн курулуш компанияларында үзгүлтүксүз байкоо жана көзөмөл жүргүзүү.

2. Эмгекке болгон укук туурасында калктын маалымат алуу деңгээлин жогорулатуу үчүн маалыматтык-агартуучу программаларды иштеп чыгуу жана ишке ашыруу.

3. Жарандардын эмгек укуктарынын бузулушун алдын алуу максатында жеке менчик компаниялардын жана уюмдардын жетекчилери үчүн эмгекке болгон укук маселелери боюнча окууларды өткөрүү.

69 «Административдик жоопкерчилик жөнүндөгү» КР кодексинин 72-беренесине ылайык.

## 2.4. ДЕН СООЛУГУНУН МҮМКҮНЧҮЛҮГҮ ЧЕКТЕЛГЕН ЖАРАНДАРДЫН УКУГУ

Кыргыз Республикасы майып адамдардын укуктары жөнүндөгү БУУ Конвенциясынын катышуучусу болуп саналбайт[70]. КР Эмгек жана социалдык өнүктүрүү министрлигинин маалыматы боюнча[71] майып адамдардын укуктары жөнүндөгү БУУ конвенциясын ратификациялоого КР Өкмөтүнүн даярдыктары жөнүндө Мыйзам долбоорун иштеп чыгуу пландалууда. Конвенцияга кошулуу шарттарын камсыздоо үчүн көп жылдык программаларды кабыл алуу зарыл. Азыркы учурда ден соолугунун мүмкүнчүлүгү чектелген адамдардын (ДМЧА) укуктук кепилдиктери тармактык мыйзамдарда бекитилген. ДМЧАнын күнүмдүк жашоосу үчүн шарттарды түзүү алардын коомдук коргоо тутумдарынын кызматын керектөөчү катары гана эмес, толук укуктуу жаран катары кабылдоосун өзгөртүүнү шарттайт.

Кыргыз Республикасынын Акыйкатчысынын (Омбудсмен) дарегине 2017-жылы ар кандай маселелер менен 69 ДМЧА кайрылган, бул жалпы кайрылуулардын 2,1%ын түзөт. Жалпы кайрылуулардын ичинен үчөө так ушул ДМЧА катарындагы адамдардын укугунун сакталышына тиешелүү.

Кыргыз Республикасынын Конституциясы майыптык басмырлоо үчүн негиз болбош керектигин кепилдейт[72].

ДМЧА абалы жөнүндөгү бөлүм, анын ичинен калктын өзгөчө аялуу тобунун турак-жайга жеткиликтүүлүгү боюнча маселе, майып адамдардын укуктары жөнүндөгү БУУ конвенциясын ратификациялоо маселеси, бир нече жылдан бери Акыйкатчынын ар жылдык докладдарында камтылып келет. 2014-жылы Кыргызстандагы ДМЧАнын абалы жөнүндөгү КР Акыйкатчысынын атайын доклады жарык көргөн[73].

### Азыркы кырдаал

Өткөн жылдарга салыштырмалуу Кыргызстанда ДМЧАнын саны өскөн[74]. Бүгүнкү күндө Кыргыз Республикасында 178 751 ДМЧА жашайт жана алардын 6,1%дайы – медициналык текшерүүдөн биринчи жолу өткөндөр жана 2017-жылы ДМЧА деп таанылган. Мындай өсүү калктын оору жана жаракат алуусунун жогорку деңгээли, медициналык жардамдын жетишсиз сапаты, жагымсыз экологиялык шарттар менен байланыштуу.

Азыркы учурда Кыргызстанда иштеп жаткан система борбордук жана жергиликтүү деңгээлдеги ДМЧАларга жардам көрсөтүү, өнүктүрүү жана коргоо үчүн жоопкерчиликтүү болгон бир нече мамлекеттик тутумдарды камтыйт. Коюлган маселелер КР Билим берүү жана илим министрлигинин, КР Саламаттыкты сактоо министрлигинин, КР Эмгек жана социалдык өнүгүү министрлигинин карамагында турат.

---

70 Адам укуктары боюнча БУУ келишимдерине Кыргыз Республикасынын катышуусу туурасындагы маалыматты төмөнкү даректен караңыз: http://www.ohchr.org/RU/countries/ENACARegion/Pages/KGIndex.aspx.

71 Эмгек жана социалдык өнүктүрүү министрлигинин 09.01.2018-ж. чыг. №17-9/111 жообу.

72 Аталган негиз 2010-жылы 27-июндагы референдумда кабыл алныган Конституцияга киргизилген. 16-берене.

73 2015, 2016-жылдардагы КР Акыйкатчысынын жылдык доклады, о.э. КР Акыйкатчысынын 2014-жылдагы ДМЧА укуктары боюнча атайын доклады.

74 Акыйкатчынын 2016-жылдагы докладына ылайык, 2015-жылы ДМЧА саны 172 769 адамды түзгөн, анын ичинен балдар – 28 200. Акыйкатчынын азыркы 2017-жыл үчүн докладында Эмгек жана социалдык өнүгүү министрлигинин 2016-жыл үчүн болгон маалыматтары келтирилген.

ДМЧАлардын жашоо деңгээлин жакшыртууга, коомдук жашоодо алардын катышуусундагы ар кандай тоскоолдуктарды жоюуга багытталган Кыргыз Республикасынын Эмгек кодекси, «Кыргыз Республикасында калкты социалдык жактан тейлөөнүн негиздери жөнүндө» Кыргыз Республикасынын мыйзамы, «Ден соолугунан мүмкүнчүлүгү чектелген жарандардын укуктары жана кепилдиктери жөнүндө» Кыргыз Республикасынын мыйзамы, «Кыргыз Республикасындагы мамлекеттик жөлөкпулдар жөнүндө» Кыргыз Республикасынын мыйзамы, «Калктын иш менен камсыз болуусуна көмөктөшүү жөнүндө» Кыргыз Республикасынын мыйзамы ж.б. бир катар мыйзамдар иштелип чыккан жана пайдаланылууда. Кыргыз Республикасы 2011-жылы Майып адамдардын укуктары жөнүндө конвенцияга кол койгон, бирок бул келишим Жогорку Кеңеш тарабынан ратификацияланган эмес, ошол себептен БУУ Конвенциясы юридикалык күчкө кире элек.

Акыркы эки жылда майып адамдардын укуктары жөнүндө конвенцияны ратификациялоо боюнча сунуштарды иштеп чыгуу максатында Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн токтому менен [75] 2014-2017-жылдарда Кыргыз Республикасында ДМЧАлардын жашоо деңгээлин жакшыртуу жана укуктарын камсыздоо боюнча чаралардын топтому бекитилген. Анда жети бөлүмдү камтыган 36 иш-чара каралган [76]. Анын ичинен 2017-жылдын биринчи жарым жылынын аягына карата болгону 3 гана иш-чаранын айрым бөлүктөрү аткарылган (8,3%) [77].

Эмгек жана социалдык өнүгүү министрлиги эки жыл аралыгында алдын ала эсептөөлөргө ылайык Конвенцияны ишке ашыруу үчүн 30 млр. 167 млн. 741 миң сом керектелери, анын ичинен көп бөлүгү 23 532667,0 сом социалдык турак-жайларды курууга сарпталары эсептелип чыккан. Жеткиликтүү чөйрөнү (инфраструктура) түзүүгө 1 млрд. 574 млн. 952 миң сом жумшалат.

ДМЧАлардын кызыкчылыгын коргогон БӨУлардын көп сандагы кайрылууларын эске алып, көз карандысыз эксперттер майып адамдардын укуктары жөнүндөгү конвенцияны ишке ашырууда керектелүүчү жогоруда келтирилген сумманы кайра карап чыгышууда.

2018-жылы министрлик тарабынан майып адамдардын укуктарын коргоо жөнүндө Конвенцияны ратификациялоого КР Өкмөтүнүн даярдыгы жөнүндөгү мыйзам долбоорун иштеп чыгуу пландалууда жана ДМЧАларга байланыштуу айрым мыйзамдарга өзгөртүүлөрдү киргизүү боюнча иштер башталды [78].

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу адам укуктары боюнча кеңеш дагы майып адамдардын укуктарын коргоо жөнүндө Конвенцияны ратификациялоо маселесин 2018-жылдагы иш планына киргизди.

КР Эмгек кодексинде ДМЧАларды ишке орноштуруу үчүн бюджеттик орунду камсыздаган жобо бар [79]. Мүмкүнчүлүгү чектелгендиктен мындай адамдар иш издөөдө кыйынчылыктарга дуушар болушат жана мамлекеттин колдоосуна муктаж.

2017-жылы бекитилген бюджеттик орун республика боюнча 690 иш ордун түзөт. Эмгек кодексинин 314, 315-беренелерине ылайык 2017-жылга республика боюнча мүмкүнчүлүгү чектелген жарандар үчүн бюджеттик орун жалпы жумушчулардын санынын 5 пайызынан кем эмес өлчөмдө бекитилген (эгер жумушчулардын саны 20 адамдан кем эмес болсо). Бирок 2017-жылдын үчүнчү кварталында болгону 222 адам ишке орношкон, анын ичинен бюджеттик орундарга 130 адам, б.а. жумушка орношуу үчүн кайрылган 491 ДМЧАлардын 45%ы.

---

75 КР Өкмөтүнүн 2013-жылдын 2-декабрындагы № 650 токтому.

76 Кыргыз Республикасынын Эмгек жана социалдык өнүгүү министрлигинин (мындан ары ЭСӨМ) 09.01.18-жылдагы маалыматы. Чыг. №17-9/111

77 ЭСӨМ 09.01.18-жылдагы маалыматы. Чыг. №17-9/111

78 ЭСӨМ 09.01.18-жылдагы маалыматы. Чыг. №17-9/111

79 2004-жылы 4-августунда кабыл алынган № 106 КР Эмгек кодексинин 313-беренеси 2017-жылдын 20-ноябрындагы N 190 мыйзамынын редакциясында.







Ушуга байланыштуу ишке орноштуруу маселелеринде ДМЧАларды жалдоодо иш берүүчүлөргө түрткү берүүчү мамлекеттик чараларды кабыл алуу зарылчылыгы бар.

Квота боюнча ишке орноштурууну талдап чыгууда жумушсуз ДМЧАларды ишке орноштуруу уюмдар жана мекемелер тарабынан берилген бардык эле жумуш орундарында болбойт. Бул көбүнчө бюджеттик орундарга мекемелердин аз айлык төлөнүүчү орундарды сунуштагандыгына байланыштуу, натыйжада ДМЧлар сунушталган орундан баш тартышат. Иш менен камсыз кылуу боюнча аймактык башкармалыктарга кайрылган ДМЧАлардын көбү жогорку жана орто атайын адистиктерге ээ жана аларга туура келүүчү бюджеттик орундар жок.

Жумушка орношкон ДМЧАлардын айрымдары биринчи кезекте эле аларды иш берүүчүлөр жумушка каалоосуз түрдө алышарын белгилешет, анткени, алар үчүн кошумча каражаттты талап кылган атайын иш орундарын түзүү талап кылынат.

Мындан тышкары, ДМЧАлар бюрократиялык көйгөйлөргө тушугушат: баарлашуу мүмкүнчүлүгү чектелүүдө кошумча маалыматтык технологиялардын жана кыймыл-аракет тутумунун бузулушунда ДМЧА үчүн жеткиликтүү чөйрөнүн жоктугун эске алуу менен бир катар документтерди толтуруу талаптары.

ДМЧАларды ишке орноштуруу тапшырмасын чечүү үчүн кепилденген кирешени жоготуп алуу коркунучусуз экономикалык өз алдынчалыкты турукташтыруу зарыл (майыптыгы / ишке жарамсыздыгы боюнча пенсиялар, жөлөкпулдар), мамлекет буга жардам бериши керек. Иштөө ДМЧАларга пайдалуу болгондой, мамлекет үчүн пайдалуу болгон тутумдуу түзүү зарыл, бул ДМЧАларга керектелген каржылык жүктү азайтат.

ДМЧ балдары бар ата-энелердин мойнундагы оор жүктү эске алуу менен жөлөкпул берүү мүмкүнчүлүгүн же өзгөчө муктаждыкты талап кылган балдарга кам көрүүнү мамлекет тарабынан төлөнө турган эмгек катары кайра карап чыгуу зарыл. Балдарга тынымсыз кам көрүү зарылчылыгына байланыштуу ата-энелер ишке орношуу мүмкүнчүлүгүнөн ажырап калышат. Акыйкатчы Кубат Оторбаев ДМЧ бал-

дары бар үй-бүлөлөрдү колдоо боюнча чара катары аталган сунушту бир нече жолу айтып келет.

2016-жыл үчүн КР Акыйкатчысынын докладындагы Өкмөттүн дарегине жолдонгон сунуштарда калктын өзгөчө аялуу катмары үчүн социалдык турак-жай жөнүндөгү маселе көтөрүлгөн (ДМЧА жана улгайган адамдар). Бирок, бул маселе боюнча жооп алынган эмес [80].

## Ден соолугунун мүмкүнчүлүгү чектелген адамдардын билим алууга болгон укуктары

Ден соолугунун мүмкүнчүлүгү чектелген балдардын билим алууга болгон мүмкүнчүлүгү – Кыргызстандагы өтө чоң маселелердин бири. Бардык курактагы ДМЧАлардын билим берүүнүн жүрүшүнө ири көлөмдө кирбегендигин статистика көрсөтөт.

Кыргыз Республикасында расмий маалымат боюнча, 18 жашка чейинки ден-соолугу бузулган 29 899 тегерегиндеги бала бар [81]. Алардын ичинен 15 атайын интернаттарда 2 490 жана 4 атайын жалпы билим берүүчү мектептерде 520 бала билим алат, ден соолугунун мүмкүнчүлүгү чектелген балдар үчүн 15 атайын балдар бакчасында – 1 596 бала [82]багылууда.

КР Конституциясына ылайык, балдардын жогорку кызыкчылыктарын камсыздоо принциби иштеши керек, майыптыгына карата басмырлоого Конституция тарабынан тыюу салынган.

Эл аралык тажрыйбалар көрсөткөндөй, билим алуу өзгөчө муктаждыктагы адамдарга толук кандуу күнүмдүк жашоону камсыз кылуу менен кичинекей кезинен тартып коомго аралашууга жардам берет. Тилекке каршы, Кыргызстанда ата-энелер жана балдар билим чөйрөсүнө кирүүдө чоң тоскоолдуктарга туш болушат (пандустар, лифттер, класстардагы атайын орундар, коомдук дааратканалардагы атайын бөлмөлөр).

Чындыгында ден соолугунун мүмкүнчүлүгү чектелген балдардын көпчүлүгү үйүндө отурууга аргасыз. Бул балдардын муктаждыктарын эрте аныктоого, өзгөчө акыл-эс жагынан артта калган балдар үчүн алгачкы калыбына келтирүү мүмкүнчүлүгүнө, колдоого жана жардам берүүгө тоскоол болот. Дени сак курдаштары менен бирдей башталгыч билим алуу мүмкүнчүлүгү жок.

Ден соолугунун мүмкүнчүлүгү чектелген балдардын көбү физикалык тоскоолдуктардан улам, жергиликтүү инфраструктуралардын жана мекемелердин жоктугунан (аймактык өзгөчөлүктөр), ошондой эле жалпы коомчулук тарабынан түзүлгөн тоскоолдуктардан улам билим ала алышпайт. Баланын жаңы чөйрөгө көнүп кетүүсү үчүн окутуунун жекече пландарына ылайык ДМЧ балдарды убактылуу ээрчитип жүрүү зарылчылыгы бар.



*Токмоктогу психоневрологиялык мекеме*

80 КР Өкмөтүнө 15.02.2017-жылы чыг.№073 жолдонгон кат.

81 КР ЭСӨМ 28.10.2017-жылдагы чыг.№6/7057 жообу.

82 Караңыз: http://edu.gov.kg/ky/obrazovanie/2017-10-14-20-50-09/inklyuzivnoe-obrazovanie.html

# СУНУШТАР:

## Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешине:

1. Майып адамдардын укуктары жөнүндөгү Конвенцияны ратификациялоо.

## Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө:

1. Майып адамдардын укуктары жөнүндөгү Конвенциянын талаптарын бөлүп-бөлүп аткаруу максатында мүмкүнчүлүктөрдү карап чыгуу жана каражат табуу.
2. Ден соолугунун мүмкүнчүлүгү чектелген балдарды багып жаткан ата-энелердин эмгеги үчүн компенсация төлөө үчүн каражат табуу.

## Эмгек жана социалдык өнүктүрүү министрлигине:

1. Салыктык төлөмдөрдүн шарттарынан жеңилдетүү менен ДМЧАларды жумушка алуусу үчүн иш берүүчүнү экономикалык жактан шыктандыруу;
2. ДМЧА үчүн жумуш орундарын жабдуудагы иш берүүчүнүн чыгымдарынын орду мамлекет тарабынан толтурулушун карап чыгуу.
3. Тиешелүү ченемдик укуктук актыларды иштеп чыгуу менен ден соолугунун мүмкүнчүлүгү чектелген балдарды багып жаткан ата-энелердин эмгегин төлөөнү карап чыгуу.

## Билим берүү жана илим министрлигине:

1. ДМЧ балдар үчүн жалпы билим берүү мекемелеринде атайын жолдорду жана жабдууларды орнотууну карап чыгуу (атап айтканда, пандустар, лифттер, класстардагы атайын орундар, коомдук дааратканалардагы атайын бөлмөлөр ж.д.у.с);
2. Жалпы билим берүү мекемелерине баланы белгилүү бир мөөнөткө чейин (Балага жаңы тааныш болгон чөйрөгө көнүп кетүү үчүн) коштоп жүрүү үчүн адис (же баланын ата-энесин) менен камсыз кылуу мүмкүнчүлүгүн карап чыгуу.

# 2.5. КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЧЕТ ЖЕРДЕГИ МИГРАНТТАРЫНЫН УКУКТАРЫ

Кыргыз Республикасынын аймагынан сырткары жерлерде иштеп жүрүшкөн эмгек мигранттарын укуктук жактан коргоого алып жана аларга зарыл болгон жардамдарды көрсөтүү боюнча келип чыккан маселелерди чечүү бийлик органдарына чоң жоопкерчиликти жүктөйт. 2017-жылдагы президенттик шайлоолор кошуна мамлекеттер менен жүргүнчүлөрдү жана товар ташууга таасирин тийгизген коопсуздук чараларын кабыл алууга алып келди. Чет мамлекетте жашап жана эмгектенүү медициналык жардам жана эмгек талаптарын сактоо боюнча бир катар суроолорду алдыга коет. Мигранттардын балдары үчүн билим алуу, медициналык жардам менен камсыз болуу, эне тилин жана маданиятын сактоо сыяктуу маселелер күндүн талабы. Мыйзам бузган өспүрүмдөрдүн маселелери кечиктирбей чечүүнү талап кылат.

Эмгек мигранттарынын жана алардын үй-бүлөлөрүнүн укуктары Кыргыз Республикасы мүчө болуп эсептелген эл аралык эмгек мигранттарынын жана алардын үй-бүлөлөрүнүн укуктарын коргоо боюнча конвенциянын (МКЗПТМ)[83] колдоосунда турат. Аталган конвенция сыртка чыгуудан баштап барган өлкөдө жашаганга чейинки сыяктуу ири суроолорду өзүнө камтыйт.

Кыргыз Республикасы өз аймагынын чегинде, өзүнүн юрисдикциясында турган бардык адамдардын укуктары менен эркиндиктерин урматтайт жана камсыз кылат [84]. Ар бир адам Кыргыз Республикасынын чегинен тышкары эркин чыгууга укуктуу[85]. Кыргыз Республикасы өз чегинен тышкы жерлерде жарандарын коргоого жана калкалоого кепилдик берет[86].

### Азыркы кырдаал

Экономикалык кырдаал Кыргызстандын жарандарын өлкөнүн сыртына чыгып иш издөөгө аргасыз кылууда. Эмгек мигранттарынын басымдуу бөлүгү Россия Федерациясында, Казакстан Республикасында, Туркияда, Түштүк Корея жана башка өлкөлөрдө эмгектенишүүдө[87]. Мигранттардын маселеси 2017-жылдагы январь айында Кыргыз Республикасынын Акыйкатчысынын иш-аракетине ылайык атайын профилдик бөлүмдүн кароосуна киргизилген[88].

Мигранттар темасына кайрылуу өлкөдөн сырткары жашаган Кыргыз Республикасынын жарандарына укуктук жактан жардам көрсөтүү, кулчулуктан куткаруу жана аларды Мекенге кайтаруу, эмгек акыларын төлөө жана жаракат алган, ошондой эле кырсыкка учурагандарга компенсация төлөтүү, каза тапкан мигранттарын сөөгүн Кыргызстанга жөнөтүү учурундагы чыгымдарды жабуу сыяктуу бир катар суроолорду алдыга алып чыгат.

Мигранттардын өлкөдөн сырткары болушу алардын жардам алуу үчүн Кыргыз Республикасынын Акыйкатчысына түздөн-түз кайрылуусун чектегендиктен мигранттардын маселелери боюнча маалыматтарды жыйноо көп учурда жеке тараптардын демилгелери менен ишке ашат. Жарандардын бийлик органдарына болгон жеткиликтүүлүгүн камсыздоо электрондук кайрылуулардын кеңейишине шарт түзөт.

83 Кыргыз Республикасы Конвенцияга 2003-жылдын 29-сентябрында кошулган http://tbinternet.ohchr.org/_layouts/TreatyBodyExternal/Treaty.aspx?CountryID=93&Lang=RU.

84 Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 16-беренеси.

85 Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 25-беренесинин 2-бөлүгү .

86 Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 50-беренеси .

87 Толук маалыматтар Кыргыз Республикасынын Акыйкатчысынын» “Эмгек мигранттарынын укуктары. 2017» деп аталган атайын докладында камтылган. Өлкөлөрдүн тартиби мигранттардын санына жараша келтирилген.

88 Жарандык-саясый укуктарды, мигранттардын укуктарын, чет элдик жарандардын, жарандыгы жоктордун жана аскер кызматчыларынын укуктарын коргоо боюнча бөлүм

2016-жылы Россия Федерациясы сыяктуу чет өлкөлөрдө өкүлчүлүктөрдү ачуу маселеси көтөрүлгөн. Россияда Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн алдындагы миграция боюнча мамлекеттик кызматынын өкүлчүлүгү (техникалык персоналдарды кошкондо 11 штаттык бирдик) ачылып, аларга КР жарандарынын укугун жана кызыкчылыгын коргоо жүктөлгөн[89]. Ага карабастан Кыргыз Республикасынын Омбудсмен институтуна чет жерде укуктары бузулган жарандардан арыз жана даттануулардын аягы үзүлгөн жери жок. Күн сайын алардын башынан ар кандай окуялар өтүүдө. Кыргыз Республикасынын Акыйкатчысынын аппаратынын кызматкерлери алардын укуктарын жана кызыкчылыктарын коргоо жаатында биздин суроо-өтүнүчүбүздөн улам болгон аракеттерин жумшап жатышкан Россия Федерациясынын адам укуктары боюнча атайын өкүлү Т. Н. Москалькова менен тыгыз иш алып баруудан тартып бардык аракеттерди көрүп келишүүдө.

2017-жылдагы президенттик шайлоо казак-кыргыз жана казак-орус чек араларындагы жүргүнчүлөрдү жана товар ташуу жаатында бир кыйла кыйынчылыктарды жаратты. Ишкерлер аларга келтирилген чыгымдарды ордуна коюп берүү боюнча бир катар маселелерди көтөрүп чыгышты[90].

Келип чыккан суроолорду чечүү мигранттарды кабыл алган өлкөлөрдүн бийлиги менен ымалага келүүнү талап кылып, бул маселелер көбүнчө кыргыз диаспораларынын аракети менен ишке ашып келүүдө. Кыргыз Республикасынын Акыйкатчысы ошондой эле башка мамлекеттердин адам укуктарын коргоо боюнча улуттук институттары менен кызматташууну өнүктүрүү багытында иш алып барууда («Эл аралык кызматташтык» бөлүмүн караңыз).

Акыйкатчы жана Кыргыз Республикасынын Омбудсмен аппаратынын кызматкерлери мигранттар баштан кечирип жаткан кыйынчылыктарды жакындан билүү максатында 2017-жылдын декабрында Россия Федерациясынын Москва жана Екатеринбург шаарларында болушуп, аталган шаарлардагы Кыргызстандын дипломатиялык өкүлчүлүктөрү, кыргыз диаспоралары жана мекендештер менен бир катар жолугушууларды өткөрдү.

Мындай өз ара кызматташтыктын иш-аракеттерин ырастап, Кыргыз Республикасынын Акыйкатчысынын (Омбудсмени) демилгеси менен эл аралык кызматташтыктын адам укугун коргоо жаатындагы күчтөрүн бириктирүүгө чакырган «Омбудсмендердин Евразиялык альянсын түзүү» боюнча Меморандумга Армения Республикасынын адам укуктарын коргоочусу, Иран Ислам Республикасынын Башкы инспекциясынын төрагасы, Кыргыз Республикасынын Акыйкатчысы (Омбудсмен) жана Россия Федерациясынын адам укуктары боюнча ыйгарымдуу өкүлүнүн ортосунда 2017-жылдын 5-декабрында Москвада кол коюлду.

Бүгүнкү күндө мамлекет тарабынан эл аралык укуктардын жалпы принциптери жана нормаларына, Кыргыз Республикасынын эл аралык келишимдерине, Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык, ошондой эле чет мамлекеттердин адамдардын жана жарандардын укуктары менен эркиндиктерин жөнгө салуучу нормаларын эске алуу менен мекендештерге жардам көрсөтүү зарыл болууда.


## Эмгек акы, компенсацияларды жана камсыздандыруу полистерин төлөтүү

Эмгек мигранттарынын жөнгө салынбаган статустары олуттуу маселелерди пайда кылууда. Биринчи кезекте биздин жарандар административдик жоопкерчиликке тартылышууда, ошондой эле иш берүүчүлөрдүн алдамчылыгына туш болушууда.

89 КР Өкмөтүнүн жообу чыг.№17-6/11 01.02.2018.

90 «24.kg» маалымат агенттиги

Маалыматтарга караганда Россия Федерациясындагы мигранттардын эле саны 650-750 миң. Ал эми дүйнө жүзүндө биздин мигранттардын саны миллионго жетет, мүмкүн андан дагы ашык, анткени алардын көпчүлүгү министрликтин каттоосунда жок болгондуктан, мигранттардын саны иш жүзүндө канча экендигин так билүү мүмкүн эмес[91].




Жалпы эмгек мигранттарынын жарымынан көбү иш табуу үчүн Россияга кетишет же болбосо бул жалпы мигранттардын 57,5% түзөт. Россия Федерациясынын кыргызстандык эмгек мигранттары байыр алган негизги региондор болуп, Москва, Санкт-Петербург, Красноярск жана Екатеринбург саналат.

Негизинен биздин мекендештерибиз курулуш (34%), соода (26%), тейлөө кызматтары (24%), коомдук тамактануу жайлары (11%), айыл чарба (5%) тармактарында эмгектенишет. Орто эсеп менен мигранттардын эмгек күнү 10,8 саатты түзөт. Эң узак жумушчу күндөрү куруучулар менен айыл чарбасында иштеген жумушчуларга тиешелүү же болбосо 12,3-12,4 саатты түзөт, соода жана коомдук тейлөө тармагында бир кыйла азыраак –болжол менен күнүнө эки саат, ал эми коомдук тамактануу жайларында 8 сааттан жумушчу күнү.

Алардын арасында эмгек келишими жоктор арбын. Иш берүүчүлөр эмгек акыны төлөбөй кутулуп кетүүнүн бир жолу экендигин билип туруп, атайылап мындай кадамдарга барышат. Бүгүнкү күндө Москвада уюмдар жана ишканалар биздин 2 084 жаранга эмгек акыга 36 млн. 550 миң рубль карыз. Екатеринбургдагы Кыргызстандын башкы консулдугунун маалыматына караганда, Свердлов областындагы 28 уюм жана ишканалар биздин жүз жарандын эмгек акысы үчүн 2 млн. рубль карыз. Бул маселеге байланыштуу Кыргыз Республикасынын Акыйкатчысынын (Омбудсмен) аппараты көптөгөн арыздарды карады.



*Россия Федерациясындагы эмгек мигранттарынын укуктары*

91 «24.kg» – Россиядагы мигранттардын саны.

Өндүрүштө каза табуулардын саны көбүнчө курулуш тармагына туура келет, анткени биздин жарандардын басымдуу бөлүгү ушул тармакта эмгектенишет.

1. Кыргыз Республикасынын Акыйкатчысынынын (Омбудсмен) наамына 1980-жылы туулган Кыргыз Республикасынын жараны Р.Д. Абдылдаева Россия Федерациясынын Ленинград областына караштуу Всеволожск шаарындагы «Тополь-М4» жоопкерчилиги чектелген коомунун курулушунда иштеп жатып каза тапкан уулу Зулпуев Уланбектин өлүмүнө байланыштуу арыз менен кайрылган.

Арызда 2015-жылдын 14-июлунда обьектте иштеп жатып, З. У. тепкичтен кулап, алган жаракаттарынан улам каза тапкандыгы айтылат, бул тууралуу 2015-жылдын 22-июлундагы 4014№20426800 номерлүү өлгөндүгү тууралуу медициналык корутундуда белгиленген.

Кыргыз Республикасынын жараны Уланбек Зулпуевдин туугандарына жана жакындарына компенсация төлөп берүү үчүн ОсОО «Тополь-М4» бир катар нотариалдык күбөлөндүрүүчү документтерди талап кылган: бардык балдарынын туулгандыгы тууралуу күбөлүктөрүнүн көчүрмөлөрүн, каза болгон адамдын ата-энесинин никеге тургандыгы тууралуу күбөлүктүн көчүрмөсүн, жашаган жери жана үй-бүлөсү тууралуу маалымдама, жубайына жана эки баласына ачылган атайын эсепти ачуу. Нике тууралуу каттоо күбөлүгүнүн жоктугунан улам жолдошу Э.М. каза болгон адам менен чогуу жашагандыгын тастыктоо үчүн сот органдарына кайрылууга туура келген. Биздин иш-аракеттин жана кеп-кеңештин натыйжасында жакындары компенсация алуу үчүн бардык керектүү документтерди чогултушкан.

Тактап айтканда, 2017-жылдын башында сот өзүнүн чечими менен чогуу жашагандыгын тастыктаган чечимди чыгарып берген.

Ошондой эле биздин атыбыздан Кыргыз Республикасынын тышкы иштер министрине кайрылуу жөнөтүлгөн ( чыг. №12-91 12.01.2017-жыл, чыг. №11-1520 23.05. 2017-жыл).

КРнын ТИМнен алынган жооптордон улам жумуш иштеп жаткан маалда У.Зулпуев Д.Амиркулов жана Россиянын жараны М.Айылчыев менен бирге тепкичтен кулап, каза табышкандыгы белгилүү болду.

Кыргыз Республикасынын жараны Д.Амиркуловдун туугандары жана жакындары өз учурунда тиешелүү документтерди жыйнагандыктан 333 миң. 333 рубль 34 тыйын компенсация алышкан. Аталган каражат Кыргыз Республикасынын «РСК» банкына которулган.

Учурда «Тополь-М4» ОсООсу У. Зулпуевдин энесине жана балдарына компенсацияны которду. Ал эми жолдошуна нике күбөлүгүнүн жоктугунан улам баш тартылган.

## Милдеттүү медициналык камсыздандыруу менен камсыз кылуу жаатындагы маселелер

Ал эми медициналык тейлөөгө жетишүү жаатындагы маселелерге кайрылсак, милдеттүү медициналык камсыздандырууга ээ болуу үчүн биздин жарандар иш берүүчү менен эмгек макулдашуусуна (келишим) сөзсүз түрдө ээ болушу керек. Тиешелүү эмгек келишим жок Кыргыз Республикасынын мигранттары Россия Федерациясында медициналык тейлөөгө ээ болушу мүмкүн эмес.

Ошол эле учурда Россия Федерациясында эмгектенген мекендештерибиздин балдары ата-энелеринин эмгек келишими бар жана мыйзамдуу мигрант экендигине карабастан милдеттүү медициналык камсыздандыруу укугуна ээ боло алышпайт. Полис ата-энелери Россиянын жараны болуп эсептелген балдарга гана берилет.

Мигранттарга токтоосуз көңүл бөлүп, алардын медициналык жардам көрсөтүү жаатындагы көйгөйлөрүнө жана керектөөлөрүнө көңүл буруу зарыл. Көрүлгөн чаралар мигранттардын ден соолугуна байланыштуу тобокелдиктерди азайтып жана мигранттарга багытталган программаларды



*Акыйкатчы Кубат Оторбаев Москва обласындагы Сахаров шаарчасындагы мигранттар убактылуу кармалуучу жабык мекемеге (СУВСИГ) барды*

күчтөндүрүүгө алып келип, тактап айтканда маданий, диний, тилдик жана гендердик керектөөлөрдү эсепке алуу менен жардам көрсөтүүнү камтып жана мигранттарга жаңы улуттук саламаттыкты сактоо системасына аралашуу туурасында сунуштамаларды берүүнү камсыздайт.

Мындан сырткары, мигранттарды медициналык жактан тейлөөгө акыйкат жетишүүнү камсыз кылуу тапшырмасын аткаруу зарыл. Мындай жеткиликтүүлүктү камсыз кылууга уюмдардын жана ар бир саламаттык сактоо системасын каржылоо аркылуу жетишүү мүмкүн. Максат ансыз дагы экономикалык жаткан кыйналган калктын ашыкча чыгымдарына жол бербөө үчүн каржылык камкордуктардын механизмдерин алдыга жылдыруу болуп саналат.

Туруктуу медициналык камсыздандыруу менен камсыздоо маселесин мамлекеттер аралык чечүү зарыл, мигранттар чыккан жана аларды тозуп алган өлкөлөрдө, транзит жана кайтып келген, айрыкча документтери жоктугунан медициналык тейлөөгө муктаж болгон убактылуу мигранттар үчүн карап чыгуу керек. Айрым өлкөлөрдө мигранттардын санынын кескин өсүп жатышы улуттук саламаттыкты сактоо тармагына олуттуу коркунучтарды алып келүүдө.

Мигранттардын өндүрүштөгү ден соолугуна базалык жактан кам көрүлгөн бир аз гана иш орундары бар, ошондой эле өндүрүштөн жабыркап же жаракат алган учурларда социалдык камсыздоонун улуттук системалары аркылуу иш алып баруунун алкагында компенсация жана калыбына келтирүү программалары аркылуу пайда көргөндөр аз.

Мындай оорулардын жана жаракат алуулардын алдын алуу үчүн өтө тобокелдикти талап кылган эмгек шарттарын кайрадан карап чыгуу талап кылынат, ошондой эле медициналык тейлөөнү жүргүзүүнүн маданий шарттарын эске алып, өндүрүш чөйрөсүндө техникалык коопсуздуктар тууралуу маалымат берип жана окутуу керек.

Мындан сырткары жумуш ордунда медициналык тейлөөнү жөнгө салып жана эмгек мигранттары менен алардын үй-бүлөлөрүн медициналык-санитардык жактан тейлөө иштерин жүргүзүү керек.

**Жашы жете элек жарандардын кызыкчылыктарын коргоо (окуу, медициналык тейлөө, тил жана маданият). Мыйзамга байланыштуу маселе келип чыккан учурда балдарды коргоо.**

РФнын ички иштер министрлигинин маалыматына караганда, 2017-жылдын 1-октябрына карата Россиянын аймагында ата-энелери жана мыйзамдуу өкүлдөрү менен бирге Кыргыз Республикасынын 116 миң. 488 балдар жана өспүрүмдөрү болушкан: алардын ичинен балдар – 68 620, кыздар– 47 868, бул Россияда убактылуу же туруктуу жашаган кыргыз жарандарынын 18% көбүрөөгүн түзөт.

Россия Федерациясындагы Кыргыз Республикасынын жашы жете элек жарандарынын укуктук көйгөйлөрүнүн орчундуусу болуп россиялык мыйзам укуктары менен кепилденген мектепке чейинки жана мектеп жашындагы билим алууга болгон укуктарды ишке ашыруу болуп саналат.

Мындайча айтканда, Россия Федерациясында жашаган чет элдиктердин балдары Россия Федерациясынын жарандарынын балдары менен катар акысыз билим алууга укуктуу. Тагыраагы, мектепке чейинки мекемелерде Россиянын жарандарынын балдары менен бирдей билим алуу укуктары так аныкталган [92].

Россия Федерациясынын билим жана илим министрлигинин 2012-жылдын 15-февралындагы №107 буйругуна ылайык россиялык билим берүү мекемелерине кабыл алуу үчүн балдардын каттоосу жана ата-энелеринин юридикалык абалын тастыктамасы талап кылынат. ЕАЭС жөнүндөгү Келишимдин 97-беренесинин 5-пунктуна ылайык эмгек мигранттарынын балдары Евразиялык экономикалык биримдикке кирген өлкөлөрдүн жарандары болуп эсептелген эмгек мигранттарынын, тактап айтканда алардын ата-энелеринин эмгек келишиминин мөөнөтү бүткөнгө чейин болушат. Бул учурда аларды миграциялык каттоого алуу ата-энелеринин эмгек келишинин мөөнөтүнө жараша узартылат. Буга карабастан Россия Федерациясындагы Кыргыз Республикасынын жарандарынын каттоо иштерине байланышкан кыйынчылыктар арбын. Ошондой эле балдарды мектепке чейинки жана мектеп жашындагы мекемелерде окутууда медициналык камсыздоо полиси талап кылынат.

Жогоруда көрсөтүлгөн фактылар кайсы бир деңгээлде Кыргыз Республикасынын жарандарынын балдарынын Россия Федерациясындагы мектепке чейинки жана мектеп жашындагы мекемелерге жана ошондой эле медициналык жайларга болгон муктаждыктарын чечүүдө кыйынчылык жаратат.

Каттоого байланышкан маселелер Россияда эмгектенген Кыргызстандын жарандарынын өспүрүм балдарынын аталган өлкөдө мыйзамдуу жүрүшүндө дагы кыйынчылыктарды жаратат. Белгилей кетүүчү жагдай, Россия Федерациясынын аймагында 16 жашка толгон чет элдик өспүрүмдөр Россия Федерациясынын административдик Кодексинин 2.3 беренесине ылайык миграциялык мыйзамды бузгандыгы үчүн керт башы менен жооп берет.

Атап айтсак, Россиянын ИИМинин маалыматына караганда, 2013-жылдан 2017-жылдын июнь айына чейинки аралыгында Россиянын ИИМинин аймактык органдарынын мыйзам бузган өспүрүмдөрдү убактылуу кармоочу борборлорунда Кыргызстандын жашы жетпеген 3 000 өспүрүмдөрү кармалган. Алардын ичинен 2013 -жылы– 476, 2014-жылы– 550, 2015-жылы – 718, 2016 –жылы – 850, 2017-жылдын биринчи жарым жылдыгында – 406.

---

92 ЕАЭС жөнүндөгү Келишимдиндин 98-беренесинин 8-п (ЕАЭС) 29.05.2014 ж




Муну менен катар Россиянын ИИМи тарабынан 2012-жылдан бүгүнкү күнгө чейин федералдык (мамлекеттер аралык) издөөгө берилген өспүрүм балдар, Кыргыз Республикасынын жарандары тууралуу статистикалык маалыматтар жарыяланган. Тактап айтканда, 2017- жылдын август айына карата Россиянын аймагында Кыргызстандын 51 жашы жетелек өспүрүмдөрү издөөгө алынган, алардын ичинен: 45и кылмышка шектүүлөр, 6 дайынсыз жоголгондор болуп саналат.

Россия Федерациясындагы Кыргыз Республикасынын жашы жетелек өспүрүмдөрүнө байланыштуу кырдаалга толук кандуу баа берүү мындан ары изилдөөнү талап кылат, анткени кыргыз тараптын Россия Федерациясынын федералдык/аймактык мамлекеттик органдарынын ар кандай багыттары боюнча жиберилген суроо-талаптарына статистикалык маалыматтар берилген эмес же толук көрсөтүлгөн эмес[93].

## Турмуштук кыйын кырдаалдарга туш болгон жарандар (документтин жоктугу, Мекенге кайтаруу)

Кыргыз Республикасынын Акыйкатчысынын (Омбудсмен) аппаратына ошондой эле Казакстан Республикасында турмуштук кыйын кырдаалдарга туш болгон же дайынсыз жоголгон жарандардан арыз-даттануулар келип түшөт.

2017-жылдын 3-октябрында Кыргыз Республикасынын Акыйкатчысынын (Омбудсмен) наамына Чүй областынын Кемин районунун Орловка айылындагы Москва көчөсүндөгү 55 үйдө жашаган М. Исмаилова аттуу жарандан 1977-жылы туулган агасы Стамбек Исмаилов 2015-жылдан бери каражат табуу үчүн Казакстан Республикасынын Кара-Суу айылынын жашоочусу Марат Өскөнбаевдин малын багып, паспортун жоготуп жибергендигине байланыштуу мекенине кайта албай жүргөндүгү тууралуу арыз түшкөн. Буга байланыштуу ал бир тууган агасын Мекенине кайтаруу үчүн жардам сураган.

Аталган маселени чечүү үчүн Кыргызстан менен Казакстандын бардык тиешелүү структуралары: Кыргыз Республикасынын тышкы иштер министрлиги, Алматы шаарындагы Кыргыз

93 Россиядагы Кыргыз Республикасынын жашы жетелек өспүрүмдөрүнүн укуктук ал-абалы жөнүндөгү маалымат-аналитикалык материалы КР ТИМ тарабынан сунушталган.



*Москвада мигранттар менен жолугушуу*

Республикасынын Башкы консулдугу, Казакстандын тышкы иштер министрлиги, Казакстандын ички иштер министрлиги баш болуп тартылган.

Тактап айтканда, 2017-жылдын 21-октябрында Башкы консулдуктун кызматкерлери Казакстан Республикасынын миграциялык полициясы жана Жамбыл областынын Кордай районунун аймактык полициясы менен биргеликте арызда көрсөтүлгөн аталган фактыны текшерүү үчүн Кара-Суу айылына барып, Стамбек  Исмаиловду табышкан. Текшерүүнүн жүрүшүндө С.М.Исмаилов  Марат  Өскөнбаевдин малын кайтара тургандыгы аныкталган.  «Кенес» дыйкан чарбасы жана  С.М.Исмаилов менен 2017-жылдын 1-февралында эмгек келишими түзүлгөн. С.М. Исмаиловдун өз колу менен качан жана кандай жагдайда Казакстанга келгендиги, кайда иштегендиги, ошондой эле анын эч кимге дооматы жок экендиги тууралуу түшүнүк алынган. Ага иш берүүчүдөн С.Исмаиловдун Кыргыз Республикасына тоскоолдуксуз кирип-чыгуу боюнча кат жүзүндөгү уруксат алынган.

Кыргыз Республикасынын Акыйкатчысынын (Омбудсмен) аппаратына Стамбек Исмаиловдун Кыргызстанга кайтып келгендиги тууралуу маалымдалган.

## Каза болгон мигранттардын сөөктөрүн Кыргызстанга жөнөтүү «жүк 200»

Кыргыз Республикасынын Тышкы иштер министрлигинин маалыматына караганда, 2016-жылы 171 жолу “жүк 200” жөнөтүлсө, ал эми 2017-жылы Кыргызстандын 238 жаранынын сөөктөрү мекенине келген, алардын ичинен 216сы Россия Федерациясынан жөнөтүлгөн. Мамлекет кыйын кырдаалдарга туш болгон жарандарга жардам көрсөтүүгө аракет жасаганы менен бюджеттин тартыштыгынан улам түз авиакаттамдардын жоктугу дурус натыйжасын бере албай келет.

Бул сандар расмий сандардан айырмаланышы мүмкүн, анткени Кыргызстандын ЕАЭСтин курамына кирүүсүндө жеңилдиктерди кароодо бир топ маселелер бар, бардык мигранттар мыйзамдуу каттоодон өткөн эмес. Ошондуктан түйшүк алып келген башка чыгымдар менен кошо каза тапкан мигранттардын үй-бүлөлөрүнө алардын сөөгүн чек арадан алып чыгуу дагы кыйынчылык жаратып келүүдө.

Россияда каза тапкан же кайтыш болгон эмгек мигранттарынын сөөктөрүн Кыргызстанга жөнөтүү боюнча маселе Кыргыз Республикасынын Өкмөтү тарабынан оң жагына чечилгендигин белгилей кетүү керек, ”жүк 200” акысыз жеткирилет. Бирок, буга карабастан акыркы мезгилде кыйынчылыктар болууда.

Кыргыз Республикасынын Өкмөтү сөөктү бальзамдоого, Россиянын аймагындагы өлүкканалардан чыгарып кетүү жана башка тажыянын чыгымдарына каражат бөлбөйт. Бул маселе кечээ эле жаралып калбагандын моюнга алуубуз керек. Кыргыз Республикасынын Өкмөтү элчиликке тажыя жана башка чыгымдарга деп атайын каражаттарды карабайт. Ошол себептен

элчиликтер мындай учурда каржылык жардам көрсөтө албайт. Бул жаатта мындай кырдаалдарда мамлекеттик органдардын катышуусун жөнгө сала турган атайын жол-жоболор бар.

Эмгек мигранттары Өкмөт тарабынан бул багыттагы жол-жоболордун иштелип чыккандыгына карабастан бийликтен чараларды көрүүнү кеңейтип, чет өлкөдө каза тапкан эмгек мигранттарынын сөөгүн Мекенге жөнөтүүдө башка дагы чыгымдарды дагы жабууну өтүнүшөт[94].

Айта кетүүчү жагдай, улуттук аба каттамдары "жүк 200дү" бюджеттик каражаттын эсебинен жеткирген күндө дагы өтө чоң чыгымдар керектелет. Сөөктү өлүкканадан аэропортко чейин алып келүү (сөөктү абада учууга даярдоо менен кошо), ошондой эле аэропорттун кызматтарынын болгон төлөмдөрүн төлөгөнгө туура келет.

Каза болгон эмгек мигранттарынын жакындарынын айтымында, мигранттардын сөөктөрүн алып келүү жада калса айрым адамдардын каражат табуу булагына айланган. Тактап айтканда, мигранттардын сөөктөрүн мекенине жеткирүү өтө кымбатка туруп калат. Орто эсеп менен алганда Россияда тейлөөнүн мындай түрүнүн (авиа жеткирүүлөрдү эсепке албаганда) комплекси 40-60 миң рублду түзөт.

**Адистердин айтымына караганда, белгиленген тешелүү талаптарга ылайык аба транспорттору аркылуу каза болгон адамдын сөөгүн жеткирүү үчүн:**

– табыт жана цинктелген темир кутусу менен жыгач контейнер алып келүү керек;

–металл кутуну сапаттуу бекитүү үчүн тажыя көрсөтүү кызматынын жумушчуларынын акысын төлөө;

– "жүк 200дүн" коштоочу зарыл болгон документтердин топтомун чогултуу, тактап айтканда:

а) өлүкканадан каза болгондугу тууралуу медициналык тастыктама алуу;

б) транспортировка үчүн Роспотребнадзордон (СЭС) уруксат кагазын алуу ;

в) сөөк салынган табытты өлүкканадан аэропортко жеткирүү үчүн катафалдык транспорт заказ кылуу;

г) сөөктү коштоочуларга авиабилеттерди алуу (эгер авикомпаниянын талаптары боюнча коштоочу талап кылынса).

Кандай болбосун, бул маселеге кабылган мигранттар тажыя кызматын көрсөтүүчү агенттиктердин кызматы кымбат экендигин айтышат.

Мындан сырткары, мамлекет жарандардын чет элдеги статусуна карабастан көйгөйлөрүн чечүүгө көмөк көрсөтүүсү максатка ылайык келмек. Анткени, Мекенге эмгек мигранттарынан миллиондогон доллар акчалар которулган мезгилде эч ким ал акчалардын мыйзамдуу же мыйзамсыз иштелип табылгандыгын сурабайт эмеспи.

Белгилей кетүүчү жагдай, Кыргыз Республикасынын Акыйкатчысынын (Омбудсмен) жылдык отчетунун аталган бөлүмүн даярдоо мезгилинде кайтыш болгон жана каза тапкан эмгек мигранттарына мамлекет тарабынан төлөнүүчү компенсациянын көлөмүн көбөйтүү боюнча маселе Кыргыз Республикасынын Өкмөтү тарабынан каралып, мамлекеттик компенсациянын көлөмү 50 миң сомго жогорулатылды.

94 Маалыматтар www.fergananews.com/articles/9249 алынды

# ЖЫЙЫНТЫКТАР

Эмгек мигранттарынын миграцияга чейинки даярдоонун эффективдүү механизмдери жок, алар өздөрү барып эмгектене турган өлкөдөгү жашоо-шарт жана эмгекке орношуунун талаптары тууралуу маалымат ала алышпайт, зарыл болгон тил жана кесиптик даярдыктарга, миграциялык мыйзамдардын талаптарын сактап, эмгек рыногунда атаандаштыкка туруштук берип, өз укуктарын талаша тургандай билим жана тажрыйбага ээ эмес.

Эмгек мигранттарынын маселесинин басымдуу бөлүгү аларды кабыл алган өлкөлөрдүн аймагында тиешелүү мыйзам талаптарын бузуу болуп саналат. Каттоо жана эмгектенүү үчүн статуска ээ болуу, жашай турган арзан турак-жайларды арендага алуу сыяктуу жагдайлар жумушчуларды мыйзамсыз миграцияга түрткөн факторлор бойдон калып, мындан улам адам укугунун талаптарын сактоо түгүл, жада калса адамдардын фундаменталдык укуктарынан баштап, турмуш-тиричилик шарттарына чейин тобокелдиктер менен коштолгон маселелер келип чыгууда. 60 пайыздай мигранттар мыйзамсыз иштегенге мажбур болуп жатканына карабастан чет өлкөлөрдө иш менен камсыз кылуучу жеке агентстволордун иш-аракеттери азыркы мезгилге чейин мыйзам тарабынан жөнгө салынбаган бойдон калууда.

Эң чоң көйгөй, эмгек миграттарын социалдык жактан коргоо болуп саналат. Алардын иш берүүчүлөрү Федералдык мыйзамга ылайык РФнын Пенсиялык фондусуна, РФнын социалдык камсыздоо фондусуна, милдеттүү медициналык камсыздоо фондусуна жана милдеттүү медициналык камсыздоолор боюнча аймактык фонддорго каражат которбойт, ошол себептен ОМС полиси менен каралган медициналык тейлөөнүн көлөмүнө ээ боло алышпайт.

Эмгек мигранттары топтолгон өлкөлөрдөгү пенсия системасын түзгөн уюмдардын жана пенсиялык чегерүүлөрдүн ортосундагы айырмалар пенсия чектөө жаатында кыйынчылыктарга алып келүүдө. Эмгек мигранттарын пенсия менен камсыз кылуу жаатында мамлекеттер аралык механизмдер иштелип чыккан эмес. Россияда иш берүүчүлөрдү өлкөгө убактылуу келген мигранттар үчүн Пенсиялык фондуга камсыздандыруу взносторун төлөөнү милдеттендирген мыйзам кабыл алынган. Бул каражаттар эмгек мигранттарынын эмгек акыларынын эсебинен кармалганы менен эмдигиче Кыргызстан менен өз ара эсептешүү жүргүзүлө элек.

Эмгек мигранттары, айрыкча мыйзамсыз жагдайга туш болгондор, алардын арасында басымдуу бөлүгү аялдар жана өспүрүмдөр алдамчылыктын жана эмгек кулчулугунун курмандыгына айланышууда.

Эмгек мигранттарынын укуктарын коргоо, цивилизациялуу миграциялык процессттерди камсыз кылуу, ар кандай өлкөлөрдүн мамлекеттик органдары менен кызматташууну бекемдөө, ар түрдүү өлкөлөр, коомдук уюмдар менен миграциялык саясат жана тажрыйба алмашуу жаатындагы эл аралык уюмдардын алдыңкы тажрыйбасын өздөштүрүүгө жетишээрлик көңүл бөлүнбөй келет.

Бүгүнкү күнгө чейин миграциялык башкаруунун механизмдери, эмгек ресурстарын башкаруу жаатында, анын ичинде миграциялык саясат чөйрөсүндө жалпы улуттук стратегия иштелип чыккан эмес .

# СУНУШТАР

## Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешине :

1. Кыргыз Республикасынын «Чет өлкөдөгү мекендештерди колдоо боюнча мамлекеттик саясаттын негиздери жөнүндөгү» мыйзамды ишке ашыруу боюнча чараларды көрүү.

## Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө:

1. Кыргыз Республикасынын «Чет өлкөдөгү мекендештерди колдоо боюнча мамлекеттик саясаттын негиздери жөнүндөгү» мыйзамынын 16-беренесинин 2 бөлүмүнө ылайык:

а) чет өлкөдө жашаган мекендештерди колдоо боюнча программаны бекитүү;

б) аталган мыйзамды иш жүзүнө ашырууну камсыз кылуучу нормативдик актыларды кабыл алуу;

2. Мигранттардын социалдык жана экономикалык укуктарын жөнгө салууга багытталган укуктарын коргоону жакшыртууну алардын эмгек мигрант болуп эсептелген өллкөдөгү статустарына карабастан күчөтүү. Ошондой эле алардын тез ыңгайлашып кетүүсүнө жана эмгек ишмердигин баштоо алдындагы базалык керектөөлөрүнө шарттарды түзүү.

3. Россия Федерациясы жана Казакстан Республикасынын Өкмөттөрү менен пенсиялык камсыздоо жана медициналык камсыздандыруу багытында бул мамлекеттердин аймагында убактылуу жашаган биздин жарандардын пенсиялык укуктары жана аларды медициналык жактан тейлөө боюнча эки тараптуу макулдашуулардын долбоорлорун иштеп чыгуу зарыл.

## Кыргыз Республикасынын Тышкы иштер министрлиги:

1. Кыргыз Республикасынын жарандарына кеп-кеңеш берүү боюнча тейлөөгө жетишүүнүн деңгээлин жогорулатуу жана укуктук жардам көрсөтүү үчүн Россиядагы кеп-кеңеш берүүчү өкүлчүлүктөрдү жайылтууну практикалоону күчтөндүрүү.

2. Консулдук байланыш боюнча Вена Конвенциясына жана Россия менен Кыргызстандын ортосундагы консулдук байланыштар боюнча конвенциясына ылайык камактагы жарандарга укуктук жактан жардам көрсөтүүнү күчөтүү.

3. Кыргыз Республикасынын жарандарына кызмат көрсөтүү жана укуктук жардамдар, Кыргыз Республикасынын Москвадагы элчилигинин консулдук бөлүмүнүн регламенти тууралуу кыргыз жана орус тилдеринде толук жана сапаттуу маалымдоо.



# 3-БӨЛҮМ.

# БАЛДАРДЫН УКУГУ

Балдардын укуктарын өзүнө камтыган жарандардын кайрылуулары менен иштөө Кыргыз Республикасынын Акыйкатчысынын (Омбудсмени) ишмердигинин артыкчылыктуу багыттарынын бири болуп эсептелет, анткени, каттар, арыздар менен иштөө системалуу укук бузууларды аныктап, аларды калыбына келтирүүдөгү конкреттүү кадамдарды жасоого түрткү берет.

2016-2017-жылдарда Омбудсмен Кубат Оторбаев балдардын укуктарына байланыштуу 280 ишти өз көзөмөлүнө алды, алардын арасында кат-кабарлар, «115 шыр байланыш» кызматы аркылуу түшкөн кайрылуулар, электрондук почта менен келген каттар жана массалык маалымат каражаттарына чыккан материалдар бар.

***№1 таблица. Түшкөн кайрылуулар тууралуу маалымат***

| № | Облустар/ Бишкек | 2016-жыл | 2017-жыл |
|---|---|---|---|
| **1** | Баткен өкүлчүлүгү | – | 1 |
| **2** | Чүй өкүлчүлүгү | – | 8 |
| **3** | Жалал-Абад өкүлчүлүгү | – | 6 |
| **4** | Талас өкүлчүлүгү | 10 | 10 |
| **5** | Ош өкүлчүлүгү | 7 | 12 |
| **6** | Нарын өкүлчүлүгү | 9 | 14 |
| **7** | Ысык-Көл өкүлчүлүгү | 6 | 17 |
| **8** | Бишкек шаары | 133 | 47 |
| Баары | | **165** | **115** |
| Жыйынтыгында | | 280 | |

280 кайрылуунун 101 арызы оң чечилген (36%).

***№2 таблица. Укуктары калыбына келтирилген балдардын саны***

| № | Облус /Бишкек | Укуктары калыбына келтирилген балдардын жалпы саны | Кайрылуулардын жалпы саны |
|---|---|---|---|
| **1** | Баткен өкүлчүлүгү | 1 | 1 |
| **2** | Чүй өкүлчүлүгү | 4 | 4 |
| **3** | Жалал-Абад өкүлчүлүгү | 4 | 3 |
| **4** | Талас өкүлчүлүгү | 20 | 11 |
| **5** | Ош өкүлчүлүгү | 23 | 10 |
| **6** | Нарын өкүлчүлүгү | 34 | 10 |
| **7** | Ысык-Көл өкүлчүлүгү | 57 | 20 |
| **8** | Бишкек 2016-жылы | 17 | 16 |
| **9** | Бишкек 2017-жылы | 37 | 26 |
| Баары | | 197 | 101 |

№2 таблица облустарда жана Бишкекте укуктары калыбына келтирилген балдардын жалпы саны жана кайрылуулардын жалпы саны тууралуу маалымат берет. Көрүнүп тургандай арыздардын санына караганда укуктары корголгон балдардын саны алдаганча көп, себеби, бир арыздын же кайрылуунун алкагында бир нече баланын укуктары калыбына келтирилет.

***№3 таблица. Калыбына келтирилген укуктар тууралуу маалымат***

| № | Укуктар | Кайрылуулардын жалпы саны |
|---|---|---|
| 1 | Билим алууга укук | 37 |
| 2 | Медициналык кызматка укук | 8 |
| 3 | Бала сатуу | 3 |
| 4 | Ювеналдык юстиция | 6 |
| 5 | Турмуштук оор кырдаалдагы балдардын укуктары | 2 |
| 6 | Алимент | 2 |
| 7 | Коопсуз эмгекке болгон укук | 2 |
| 8 | Зордуктоо | 7 |
| 9 | Жетим же кароосуз калган балдардын укуктары | 13 |
| 10 | Балдардын социалдык укуктары | 10 |
| 11 | Үй-бүлөлүк зомбулук | 11 |
| Баары | | 101 |

№ 3 таблицадан көрүнүп тургандай калыбына келтирилген укуктар арасында биринчи орунда балдардын билим алууга укугу турат. Ал Акыйкатчы аппаратынын кызматкерлери тарабынан бир канча аспект аркылуу каралды, атап айтканда, зордуктоо, зомбулук, суицид, билим алууда тоскоолдук жаратып жаткан мектептерге акча чогултуу, хиджаб кийүү, ата-энелер тарабынан балдарды эмгектин оор түрүнө жумшоо жана мугалимдер тарабынан уруп-согуулар.

Жетим же кароосуз калган балдардын укуктары жатак мектептерде аларга карата тарбиячылар же башка өспүрүмдөр тарабынан боло калуучу зомбулуктарга байланыштуу каралды. Иликтөө маалында андай фактылар далилденсе күнөөлүүлөр дисциплинардык жазага тартылып, иштен айдалгандары да болду.

Балдардын социалдык укуктары актуалдуу бойдон калууда. Атап айтканда, турмуштук оор кырдаалдагы балдар кабылган кыйынчылыктар менен оорчулуктар негизинен ар кандай социалдык жардамдарды алууда, тийиштүү мамлекеттик мекемелерге орношууда, жатак мектептердеги балдардын укуктарынын сакталышына, өздүгүн тастыктаган документтерди алууда же калыбына келтирүүдө учурап келаткан тоскоолдуктарга байланышкан.

Келип түшкөн кайрылуу, арыз-армандарды анализдеп чыгып, Акыйкатчы институту балдардын укуктары боюнча Атайын докладдарды даярдады, ошондой эле, алардын алкагында жана дагы колуңуздагы Жылдык докладды даярдоонун жүрүшүндө абалды жакшыртуу максатын коюп, сунуштамаларды иштеп чыкты.

## 3.1. БАЛДАРДЫН БИЛИМ АЛУУГА УКУГУ

Акыйкатчы Институтунун кызматкерлери тарабынан балдардын билим алууга болгон укугу бир нече аспект аркылуу каралып келатат, алардын катарында мектептердеги акча чогултуу, кыздардын жоолук (хиджаб) салынышы, ата-энелер тарабынан балдардын эмгегин пайдалануу, мугалимдер тарабынан балдарга карата ырайымыз, катаал мамиле, мүмкүнчүлүгү чектелген жана оор турмушта жашап жаткан балдардын, ошондой эле, кылмыш жасаган өспүрүмдөрдүн окубай жатышы сыяктуу маселелер бар.

Балдардын билим алууга укугу БУУнун бир катар эл аралык келишимдери аркылуу кепилденет: Адам укуктары боюнча жалпы декларация[95], Экономикалык, социалдык жана маданий укуктар боюнча эл аралдык пакт[96], Балдардын укуктары жөнүндө конвенция[97].

Кыргыз Республикасынын Конституциясы ар бир жаранга билим алууга кепилдик берет[98]. Негизги жалпы билим алуу милдеттүү.Ар ким мамлекеттик билим берүү уюмдарында негизги жалпы жана орто жалпы билимди акысыз алууга укуктуу[99]. Мамлекет мектепке чейинки билим берүүдөн баштап негизги жалпы билим берүү мекемелерине чейин ар бир жарандын мамлекеттик, расмий жана бир эл аралык тилди окутуп-үйрөнүүсү үчүн шарт түзөт[100].

Мамлекеттик билим берүү уюмдарында негизги жалпы жана орто жалпы билимди акысыз алууга чек коюлбайт[101].




*Акыйкатчы Кубат Оторбаев Нарын облусундагы иш сапарынын жүрүшүндө №2 «Чебурашка» балдар бакчасында*

95 Адам укуктары боюнча Жалпы декларациянын 26-беренеси.
96 Экономикалык, социалдык жана маданий укуктар боюнча эл аралдык пакт. 13-, 14-берене.
97 Балдардын укуктары жөнүндө конвенциянын 28-, 29-беренелери.
98 Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 45-беренесинин 1-бөлүгү.
99 Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 45-беренесинин 2-бөлүгү.
100 Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 45-беренесинин 3-бөлүгү.
101 Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 20-беренесинин 5-бөлүгүнүн 9-пункту.

## Акыркы кырдаал

**№4 таблица**

***2014-жылдан тартып 2017-жылга чейинки аралыкта мектепке барбаган балдардын саны.*** [102]

| Шаар/облус | 2014 | 2015 | 2016 | 2017 |
|---|---|---|---|---|
| Бишкек ш. | 41 | 54 | 46 | 57 |
| Ош ш. | 4 | 4 | 3 | 2 |
| Жалал-Абад | 26 | 38 | 17 | 28 |
| Талас | 40 | 29 | 40 | 34 |
| Чүй | - | 5 | 5 | 1 |
| Баткен | 16 | 19 | 19 | 21 |
| Нарын | 24 | 25 | 38 | 41 |
| Ош | 142 | 127 | 115 | 136 |
| Ысык-Көл | 14 | 19 | 15 | 24 |
| Баары | 307 | 320 | 298 | 344 |







*Жалал-Абаддагы облус аралык «Бакыт» реабилитациялык борборунда*

102 Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин жообу, чыгыш №03-1/1/968, 14.02.18.

Кыргыз Республикасынын Акыйкатчына (Омбудсменине) жарандар билим алууга укук боюнча байма-байма кайрылышат, анын ичинде «115 шыр байланышы» аркылуу дагы телефон чалуулар болот. Алар төмөнкүдөй маселелерди камтыйт [103]:

*• мектеп босогосун алгач аттап жаткан балдардан кирүү алымы катары акча чогултуу, ошондой эле, мектеп фондусуна деп мезгил-мезгили менен каражат топтоо;*
*• аялуу топко кирген балдардын билим алууга мүмкүнчүлүгү (ички мигранттардын балдары, иштеген балдар, ден соолугунун мүмкүнчүлүгү чектелген балдар);*
*• Жоолук (хиджаб) салынган кыздардын билим алууга мүмкүнчүлүгү;*
*• мектептердеги зордук-зомбулук.*

Үй-бүлөнүн экономикалык абалы айрым балдардын мектептен калышына түздөн-түз таасирин тийгизет, жумушсуздук, туруктуу турак-жайдын жоктугу, ички жана тышкы миграция билим алууга болгон мүмкүнчүлүктү азайтат.

Билим алууга дагы бир тоскоолдук – баланы мектепке кабыл алуу системасындагы мүчүлүштүктөр, атап айтканда, баланын ата-энесинен туулгандыгы тууралу күбөлүктү, ошондой эле, жашаган жеринде катталгандыгын тастыктаган мөөр урулган паспортторунун көчүрмөсүн талап кылышат. Мындай документтер жок болсо бала мектепке кабыл алынбайт.

Эгер баланын туулгандыгы тууралу күбөлүгү жок болсо мектеп тарабынан ата-энеге документтерди топтоп, алып келүүгө 3 айлык мөөнөт берилет [104].

Турмушта бул мөөнөт аралыгында документтерди топтор алып келүү мүмкүн болбой калган учурлар көп кездешет (документти алууга же калыбына келтирүүгө мамлекеттик органдар тарабынан коюлган талаптарга байланыштуу, ата-эненин чет мамлекеттерде жашап, иштеп жаткандыгына байланыштуу, о.э. каттоо дарегинин жоктугуна байланыштуу жана башка себептерден улам).

Балдардын укуктарынын сакталышынын абалын ар тараптан талдоо максатында (балдар эмгегинин эң начар түрлөрүнөн коргоо, билим алууга укугун камсыздоо) Кыргыз Республикасынын Акыйкатчысы (Омбудсмени) Кубат Оторбаев маселени жеринде кароо максатында убактылуу комиссия түзгөн [105], анын курамына Билим берүү жана илим министрлигинин, Кыргыз Республикасынын Кесиптик бирликтер федерациясынын өкүлдөрү кирди. Бул демилгени Эл аралык эмгек уюму колдоого алды.

2017-жылдын 26-октябрында комиссия Жалал-Абад облусунун Кара-Алма айылындагы Т.Кубатбеков атындагы орто мектепке барып, 6-11-класстардын окуусу текшерилди.

Окуучулардын дептери менен күндөлүктөрүн текшергенде алардын толтурулбаганы билинди. Көпчүлүк окуучулардын дептер, күндөлүктөрү жок болуп чыкты. Класстык журналды текшергенде сабакта делген окуучулар чындыгында окууга келбегендиги билинди. Тактай келгенде бир окуучу жаңгак терүүдө жүргөнү аныкталды. Балдардын кийимдери уйпаланган, кирлери бар, колдорунан жаңгактын кара-күрөң түстөгү даты кетелек, демек, алар жаңгак терүүгө активдүү тартылып, сабактан калып жатканы ачык.

Бала сабакка 3 күндөн ашык келбей калганда мектеп анын себептерин такташы керек, ал эми бала мектепке 10 күн келбесе Балдар иши боюнча комиссияга бул факт билдирилиши

103 Бул иштерди Акыйкатчы Институтунун Балдардын, аялдардын жана үй-бүлө укуктарын коргоо бөлүмү аткарат.

104 Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин 2008-жылдын 5-сентябрында № 549/1 кол коюлган «Ички мигранттардын балдарын окууга тартуу жөнүндө» буйругу.

105 Кыргыз Республикасынын Омбудсмени К.Оторбаевдин буйругу, 01-3№139, 23.10.17.

зарыл.[106] Комиссиянын текшерүүсү маалында 10 күндөн ашык сабакты калтыргандардын эсебин алуу механизми бул мектепте иштебей турганы такталды.

Белгилүү болгондой ата-энелер чогулуш өткөрүп, анда жаңгак терүү маалында балдарын мектепке жибербей туруу өтүнүчү менен мектеп директоруна кайрылуу тууралу чечим кабыл алышкан. 2017-жылдын 22-сентябрында мектеп директорунун милдетин аткаруучу Н.Жунусова айыл өкмөт башчысы Н.Алимовго балдар мектепке келбей жатышканын, сабакты калтырып жатканын билдирген. Ошентип, жаңгак терүүдө иштеген балдар билимди толук алалбай, программаны толук өздөштүрө албай калышууда.




*Өзгөн районундагы мектеп-интернаты*

2017-жылдын ноябрында Кыргыз Республикасынын Акыйкатчысы Кубат Оторбаев иш сапары менен Баткен облусунда болуп, 3 күн аралыгында мектептерди, социалдык мекемелерди кыдырды. Бул демилгени Адам укуктары боюнча Дания институту колдоого алды.

Баткен облусунун үй-бүлө жана балдар боюнча бөлүмүнүн ишин карай келгенде ал жерде болгону 4 кызматкер иштей турганы аныкталды. Алардын айтымында, балдардын укуктары тепселген убакта жер-жерлерге чыгууга командировкалык каражат бөлүнбөгөндүктөн иш сапарга өз акчасына чыгышат.

Ошондой эле алардын маалыматы боюнча Медициналык-социалдык эксперттик комиссия (МСЭК) жана психологиялык-медициналык-педагогикалык комиссия (ПМПК) ишине шалаакылык менен мамиле жасагандыктан мүмкүнчүлүгү чектелген 30 бала жыйынтыктоочу документтерди алалбай, ал себептен инклюзивдик билим албай, үйлөрүндө камалып жатканга аргасыз. Болгону 3 гана мындай категориядагы балдар билим алып жатышыптыр, бул да болсо алардын ата-энелеринин аракет-күчүнүн аркасында ишке ашкан.

106 Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн токтому, №388, 2017-жылдын 19-июну.

2017-жылы «115 шыр байланыш» кызматына 7224 телефон чалуулар түшкөн: анын ичинен үн маалыматтары - 4036, телефон чалуулар - 3 188. Оозеки түрдө 4900 юридикалык кеп-кеңештер берилди. 26 арыз Акыйкатчы аппаратынын кызматкерлерине андан ары Жарандардын кайрылуулары жана документтерди камсыз кылуу боюнча бөлүм аркылуу иштөөгө берилди. 2298 ирет кайрадан чалгандарга телефон кагылды.

1058 телефон чалуулар оң чечилди: башкача айтканда, кеп-кеңештер берилди, тийиштүү жооптор айтылды, же болбосо Акыйкатчы аппаратынын бөлүмдөрү аркылуу талаптагы жумуштар жасалды.

2017-жылы 2015-2016-жылга балдардан, өспүрүмдөрдөн, ошондой эле, балдардын ата-энелеринен телефон чалуулар көбөйдү. Эгерде 2015-жылы балдардан жана өспүрүмдөрдөн 1220 телефон чалуу алынган болсо, 2016-жылы ал 1750ге өсүп, ал эми 2017-жылы 3856 жетти.

**Балдардын укуктары боюнча 2017-жылы кабыл алынган чалуулар төмөндөгүдөй классификацияда бөлүнөт:**

- *Бала менен ата-энесинин мамилеси – 80.*
- *Мектеп фондусуна акча чогултууга арыздар – 550.*
- *Мугалимдердин үстүнөн даттануулар – 63.*
- *Мектепке кирүү үчүн төгүмдөр – 20.*
- *Бала бакчалардагы тарбиячылардын үстүнөн даттануулар – 57.*
- *Алимент төлөөгө байланыштуу чалуулар – 265.*
- *Балдардын укуктарынын бузулушу боюнча жалпы чалуулар – 200.*
- *Юридикалык жардам сурап чалгандар – 1156.*

Телефон чалуулар көрсөткөндөй, негизинен кайрылуулар билим берүү маселелерине багытталган, анын ичинен «ыктыярдуу» делген мектепке акча топтоо көйгөйү бар, андан ата-эне баш тартышы кыйын (акчанын көлөмү 2 миң сомдон 10 миң сомго чейин).

Класстан тышкаркы кошумча кызмат көрсөтүүлөргө деп чогултулган ар кандай жыйымдар менен төлөмдөр билим алууну кымбаттатып, балдардын жогорку жана орто билим алышына тоскоолдук болуп келүүдө.

Негизинен эгер ал чындыгында эле ыктыярдуу берилип жатса окутуу үчүн акча төлөөнү киргизүү мыйзам бузгандык болуп саналбайт. Бирок, мамлекеттик жана муниципалдык мектептерде минималдуу билим берүү стандартынын тышкары сабак берилип жатса ата-энелер жана балдар ал кошумча кызматтардан баш тартууга укуктуу. Ошол эле маалда алар ошол эле мектептин негизги билим берүү программасынын алкагында билим алуусун уланта алат.

Кошумча чогултулган акчалардын чыгымдарды дыкат каржылык отчёттуулук жана ата-энелер үчүн ачык-айкындуулук менен коштолууга тийиш.

Мыйзамдар мектеп жетекчилиги көрсөтүп жаткан кошумча кызматтарды кайра карап чыгууга жана тактоого мүмкүнчүлүк берет, кошумча чогултулган каражаттардын чыгымдалышы тууралу каржылык отчётторун алууга кепилдик берет[107].

Конституцияда каралган бекер билим берүү боюнча мамлекеттин милдеттенмелерин аткаруу үчүн башталгыч мектептерде акча чогултууну, ошондой эле, бала биринчи жолу мектеп босогосун аттап жаткандагы «кирүү алымын» жоюу зарыл. Акча төлөй албай калса эле баланын билим албай калышы туура эмес, билимге тоскоолдук болбошу керек.

107 Караңыз – Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2001-жылдын 10-декабрындагы «Кыргыз Республикасынын мектепке чейинки жана мектептен тышкаркы мекемелеринин материалдык-техникалык жана окутуу базасын колдоого ата-энелер коомчулугунун катышуусу жөнүндө» № 775 токтому.

Ошондой эле, билим алуу процессине келгенде, иш жүзүндө класс жетекчилер балдарга кол көтөргөн учурлар бар.

Кыргыз Республикасынын Акыйкатчысына Бишкек шаарынын тургуну Ж.Жумалиева кайрылган. Анын жашы жете элек кызы Т.Жумалиевага класс жетекчиси А.Жумагулова тарабынан кол көтөрүлүп, кысым жасалган. Териштирүүнүн жыйынтыгында Эмгек кодексинин 82-беренесине ылайык мугалим эскертүү алып, жумуштан бошотулду.

Кыргыз Республикасынын Акыйкатчысына Бишкек шаарынын тургуну Ф. Дүйшөналиева арыз жазган. Анын баласы Б.Илиясовго класс жетекчиси Г.Тургунбаева тарабынан кол көтөрүү болуп, басым жасалган. Бул факт боюнча комиссия иштеди, анын жыйынтыгы менен мугалим Эмгек кодексинин 82-беренесине ылайык эскертүү алып, иштен бошотулду.

Жоолук (хиджаб) кийген кыздарды мектепке киргизбей коюу маселеси боюнча арыздар токтой элек. «Мутакаллим» коомдук бирикмеси менен бирге берилген арыздар 2012-жылы 21, 2013-жылы 7, 2014-жылы 4, ал эми 2017-жылы 6 арыз.

Буга окшогон окуялар Бишкектин 68, 87, 82-мектептеринде болду. Акыйкатчы Аппаратынын кызматкерлеринин ишинен кийин андай кыздар окуусун уланткан.

Баланын укуктары жөнүндө Конвенцияга ылайык «мамлекет бала үчүн жоопкерчилик алган ата-эненин жоопкерчилигин, укуктарын жана милдеттерин сыйлоого милдеттүү, баланын өнүгүп келаткан жөндөмдүүлүктөрүн эске алган укуктарын жетекчиликке алышы зарыл»[108].

Дин жана ишеним тутууга эркиндик мыйзамда каралган учурларда улуттук коопсуздукту, коомдук тартипти, адеп-ахлакты жана калктын ден соолугуна жана башка адамдардын негизги укуктарын жана эркиндиктерин коргоого багытталган зарылчылыктар чыкканда чектелеши мүмкүн.

Мамлекеттин секулярдык мүнөзү мамлекеттик жана муниципалдык билим берүү мекемелерине диний же атеисттик ынанымдарды таратпагандай тиешелүү талаптарын белгилейт[109]. Баланын эң бийик кызыкчылыктарын жетекчиликке алуу менен[110] анын үй-бүлөсүндөгү тутунган ишенимдерине карабастан[111] ар бир баланын билим алуусуна шарт түзүү зарыл.[112] Чоңоюп, аң-сезимге жетилиши менен ар бир бала динге жана ынанымга өзүнүн жеке мамилесин калыптандыра алат[113].

Ушундан улам билим берүү мекемелерине баланы тарбиялоо ишинде дүйнө таанымын калыптандыруу, укуктук мамлекеттин принциптерин алдыга жылдырып, жайылтуу, коомдун көп түрдүүлүгүн маалымдап, окутуу, ата-энелер же аларды алмаштырган адамдар менен тыгыз байланышта болуу сыяктуу маанилүү милдеттер тагылган.

108 Баланын укуктары жөнүндө конвенциянын 14-беренеси.
109 Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 1-, 7-беренелери.
110 Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 16-беренесинин 5-бөлүгү.
111 Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 36-беренеси.
112 Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 20-беренесинин 5-бөлүгүнүн 5-пункту жана 4-бөлүгүнүн 7-пункту.
113 Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 32-беренеси.

# СУНУШТАМАЛАР

## Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигине, Бишкек шаарынын билим берүү башкармалыгына

1. Үй-бүлөсүндө алардын кандай диний жана башка ынанымдарды тутунганына карабай балдардын билим алуусун камсыз кылуу.

2. Мектеп фондусуна «ыктыярдуу-милдеттүү акча чогултуу» практикасынан баш тартуу.

3. Мектептерде коомдук фонддорду түзүүгө мыйзам аркылуу тыюу сала турган тиешелүү сунуштарды иштеп чыгып, аны сунуштоо.

4. «Кыргыз Республикасында инклюзимдик билим алуу жөнүндө» мыйзамдын аткарылышын квартал сайын мониторинг жасоону милдеттендирген буйрукту иштеп чыгып, кабыл алуу. Мектепке барбаган мүмкүнчүлүгү чектелген балдардын эсебин тактоо ишин күчөтүү.

5. Комиссиялар ортосундагы өз ара кызматташуунун методдору иштелип чыксын: Мүмкүнчүлүгү чектелген балдардын инклюзивдик билим алууга болгон укуктарын жүзөгө ашыруу максатында Балдар иштери боюнча комиссиянын (КДД), медициналык-социалдык эксперттик комиссиянын (МСЭК) жана психолого-медициналык педагогикалык комиссиянын өз ара ишин жакшыртуу зарыл.

# 3.2. МЫЙЗАМ МЕНЕН ЧАТАГЫ БАР БАЛДАРДЫН УКУКТАРЫ

Мыйзам менен чатагы бар балдардын укуктарын сактоо боюнча маселени Кыргыз Республикасынын Акыйкатчы аппаратынын кызматкерлери бир нече аспектилер аркылуу карады: сот адилеттигин жүзөгө ашыруу боюнча балдардын мыкты кызыкчылыктарын коргоо принциби, балдар арасында кылмыштуулукту алдын алуу, камакка алуу, соттук териштирүү маалында, жазаны дайындоо жана аны аткаруу учурунда балдардын укуктарын коргоо. 2017-жылы Акыйкатчы Аппаратынын Балдардын, аялдардын жана үй-бүлө укуктарын коргоо боюнча бөлүмүнө 182 кайрылуу келип түшкөн.

Баланын укуктары жөнүндө Конвенция, ошондой эле, Бириккен улуттар уюмунун (БУУ) жашы жетелектердин арасында укук бузууларды алдын алуу боюнча колдонмо [114], жашы жетелектерге карата сот акыйкаттыгын жүзөгө ашырууга тийиштүү БУУнун минималдуу стандарттык эрежелери [115], эркиндигинен ажыратылган жашы жетелектерди коргоого байланыштуу БУУнун эрежеси [116], балдар жабыркаган жана күбөлөр катышкан сот адилеттигин жүзөгө ашыруунун жетектөөчү принциптери [117] балдарга карата сот адилеттигинин жолдорун аныктайт.

Ар бир адамга Конституция, ошондой эле, мыйзамдар жана Кыргыз Республикасы мүчө болуп, кол койгон эл аралык келишимдер тарабынан каралган, эл аралык укуктун нормалары

114 Эр-Рияд жетектөөчү принциптери катары да таанымал, http://www.un.org/ru/documents/decl_conv/conventions/juveniles_deinquency_prevention.shtml

115 Пекин эрежелери катары да таанымал, http://www.un.org/ru/documents/decl_conv/conventions/beijing_rules.shtml

116 Гаван эрежелери катары да таанымал, http://www.un.org/ru/documents/decl_conv/conventions/juveniles_liberty.shtml

117 http://www.un.org/ru/documents/decl_conv/conventions/guidelines_justice_inv_child.shtml









жана жалпы принциптери менен таанылган укуктар менен эркиндиктерин сот аркылуу коргоого алууга кепилдик берилет[118].

Кыргыз Республикасынын Конституциясында “баланын эң жакшы жашоо кызыкчылыктарын камсыз кылуу принциби колдонулат” деп айтылган[119]. Конституция жана мыйзамдар мыйзам менен чатагы бар балдарга укуктук жактан кепилдик берет: кармалып, камакка алынганда (шектелүүчү, айыпталуучу, соттолуучу катары) гумандуу мамилеге жана эркинен ажыратылган шартта дагы ар намысын сактоого кепилдиктер каралган.

Балдардын укуктары боюнча кайрылуулардын анализи көргөзгөндөй, балдардын билим алууга болгон укугу, балдарга карата ырайымсыз мамиле, ошондой эле, мыйзам менен чатагы бар балдардын укуктарынын сакталышы актуалдуу маселелерден бойдон калууда.

2017-жылы «115 шыр байланыш» кызматы аркылуу балдардан жана алардын ата-энелери менен 3856 телефон чалуулар болгон, алардын арасынан – 1086 үн маалыматтары, 2770 телефон чалуулар. 2370 ирет кеп-кеңештер берилди, 494 арыз, кайрылуу боюнча текшерүү, териштирүү болуп, оң чечимдерге жетишилди.

Кыргыз Республикасы 1994-жылы Балдар укуктары боюнча БУУнун Конвенциясын ратификациялагандан тартып мыйзам менен чатагы бар балдарга сот адилеттиги системасын (ювеналдык юстиция) жакшыртууда, улуттук мыйзамдарды эл аралык стандарттарга шайкеш келтирүүдө, өспүрүмдөр арасында кылмыштуулукту азайтуу боюнча бир катар иштерди аткарды:

- *Кыргыз Республикасынын Балдар жөнүндө кодекси кабыл алынган (2006-жылы, 2012-жылы жаңы өзгөртүүлөр жана толуктоолор киргизилген)*[120]*;*
- *Балдарды коргоо департаменти түзүлгөн (2007-жыл);*

118 Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 40-беренесинин 1-бөлүгү.

119 Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 16-беренесинин 5-бөлүгү.

120 Эмгек жана социалдык өнүгүү министрлигинин Балдарды жана үй-бүлөнү коргоо башкармалыгы болуп реформаланган.

- *Балдарды коргоо системасын реформалоонун ведомстволор аралык 2 жылдык планы кабыл алынган, ал ювеналдык юстициянын айрым компоненттерин өзүнө камтыйт (2009-жыл);*
- *2013-жылы Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Ювеналдык юстиция боюнча ведомстволор аралык координациялык кеңеш түзүлгөн[121];*
- *2014-18-жылдарда Балдар үчүн юстицияны өнүктүрүүнүн мамлекеттик программасы бекитилген (2014-жыл);*
- *Оор турмуштук жагдайда жашаган үй-бүлөлөрдү жана балдарды аныктоонун тартиби жөнүндө жобо бекилген (2015-жыл)[122];*
- *2017-жылы жашы жете электердин иштери боюнча сот адилеттигинин (ювеналык юстиция) пилоттук долбоорлору ишке киргизилди.*

**Кыргыз Республикасынын жаңы кабыл алынган Кылмыш-жазык кодексинин жаңылыгы балдарга карата таасир көрсөтүүнүн мурда практикада жок кылмыш-жазык чараларынын киргизилип жатканында. Алар[123]:**

- *Жүрүм-турумдарды декриминализациялоо жана кылмыш жоопкерчилигин оптималдаштыруу. Кылмыштын айрым түрлөрүн Жосун кодексине бөлүп чыгаруу;*
- *Жазалоо системасын реформалоо, анын ичинен, эркинен ажыратпоонун түрлөрүн колдонуу, жазалоону категорияларга бөлүштүрүү;*
- *эркинен ажыратуунун мөөнөттөрүн кыскартуу;*
- *сыноо мөөнөтү (пробация) институтун киргизүү;*
- *мунапыс берүү институтунан баш тартуу.*
- *Жаңы кабыл алынган кодекстин башка маанилүү аспектилеринин арасында төмөндөгү өзгөрүүлөр бар:*
- *Тарбиялык мүнөздөгү мажбурлоочу чаралар жөнүндө бөлүм кирди;*
- *Жашы жете элек өспүрүмдөрдү жазалоо өзүнчө бөлүм болду;*
- *Жашы жете элек кылмыш жасоочуларды коомдон обочолонтпой кармоо жазасынын кириши;*
- *Өспүрүмдөрдү үчүн көзөмөл астында кылмыш жазасын өтөөнү киргизүү;*
- *14 жаштан тартып кылмыш жоопкерчилигине тартыла турган кылмыштын тизмеси кыскартылды.*

## Кылмыш-жазык кодексинде (КЖК) каралган мыйзам менен чатагы бар балдарга кепилдиктер

Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жазык кодексинде өспүрүмдү кармаган учурдагы укуктук кепилдиктер каралган.

Жашы жетелекти кармаганда жана камакка алган учурда анын себептери тууралу ага өз укуктары жөнүндө маалымат берүү. Кыргыз Республикасынын Кылмыш-процессуалдык кодексинин 95-беренеси чоң адамдар сыяктуу эле 18 жашка тололектерге алар кармалган учурда аны ички иштер бөлүмүнө алып келген мүнөттөн тартып (башкача айтканда, адамды кармаган убакыттан тартып эмес) 3 саат аралыгында протокол түзүп жаткан маалда анын укуктары тууралу балага билдирүүнү кепилдейт.

Бала кармалганы тууралу анын ата-энесине же камкорчуларына дароо кабарлоо зарыл. Минтип тез арада билдирүүгө мүмкүн эмес болуп жатса дагы баары бир ал тууралу мүмкүн

121 Жашы жете электерди адилет соттоо маселелерин координациялоочу ролду ойнойт.

122 Мыйзам менен чатагы бар баланы социалдык коргоого алуунун стандарттары Жобонун 8-бөлүгүндө каралган.


123 Жаңы Кылмыш-жазык кодексинин долбоорунда жана 2014-18-жылдарда Балдар үчүн юстицияны өнүктүрүүнүн мамлекеттик программасында каралган.



*Вознесеновка айылындагы №14 өспүрүмдөрдүн түзөтүүчү колониясы*

болушунча тез арада маалымдаш керек. Мындай укук Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык, так айтканда, Жазык-процесстик кодекстин 393-беренесинин 4-пунктуна ылайык кепилденет.


№14 түзөтүү абагын мониторингинин алкагында жашы жетелектердин кылмыш ишин анализдей келгенде балдарынын кармалганын ата-энелери же камкорчулары канча убакыт аралыганда билгени тууралу маалымат алууга мүмкүн болгон жок. Иштердин 42% гана баланын кармалганы жөнүндө оозеки же жазуу жүзүндө маалымдалганы көрсөтүлгөн.




Жактоочунун кызматы менен камсыздоо. Мыйзамдар ар бир адамга жактоочунун (адвокаттын) кызматын пайдаланууга укук берет[124]. Ар ким юридикалык квалификациялуу жардам алууга укуктуу. Мыйзамда көрсөтүлгөн учурларда юридикалык жардам мамлекеттин эсебинен жүргүзүлөт[125]. Жактоочунун кызматын мамлекеттин эсебинен камсыздоонун негиздери «Кыргыз Республикасынын мамлекет тарабынан кепилденген жактоочунун кызматы жөнүндө» мыйзамынын 7-беренесинде айтылган. Мындан тышкары ал кепилдик Кылмыш-процессуалдык кодексте да берилген («Шектүү, айыпкер, соттолуучу жашы жете элек өспүрүм болгондо жактоочунун катышуусу милдеттүү»).[126]

124 Кыргыз Республикасынын Конституциясы, 24-берене.
125 Кыргыз Республикасынын Конституциясы, 40-берене, 3-пункт.
126 Жазык-процесстик кодекс, 46-берене, 4-пункт.

**Жашы жетелек кармалганда жактоочунун ишке катышуусу**





Диаграммада №14 түзөтүү абагын мониторинг жүргүзгөн маалда жашы жетелектердин кылмыш ишин анализдегендеги жыйынтыктар берилди. Кармалгандардын үчтөн бирине (36,8%) жактоочу берилген эмес. Бул балдарды кармоо учурунда жана тергөө маалында алардын укуктары одоно бузулганынан кабар берет.

Баш коргоосун тандоонун камакка алуу түрү соттун гана чечими менен колдонулат. Кыргыз Республикасынын Жазык-процесстик кодекси «кармалган жашы жетелектер ички иштер органдарынын атайын камераларында жыйырма төрт сааттан ашык эмес убакытка кармалуусу тийиш», деп айтылган. [127]

Кыргыз Республикасынын Жазаларды аткаруу мамлекеттик кызматына караштуу № 4 түзөтүү колониясындагы иштерди иликтей келгенде ички иштер органдарынын атайын камераларында 24 сааттан ашык жашы жетеклекти кармоого болбойт деген мыйзамдын нормасы аткарылбаганы билинди. Жалпы каралган иштерин 15,8%ында балдар соттун бөгөт коюу чарасы жөнүндө чечимисиз камерада 24 сааттан ашык камалганы аныкталды. 68,5% учурда жашы жетелектер ТИЗОго которулбастан ИИМдин убактылуу кармоочу изоляторунда 24 сааттан ашык калган. Бул жашы жетелектерге карата сот адилеттигин камсыздоо жаатындагы улуттук мыйзамдарды жана эл аралык нормаларды бузуу болуп саналат.

**Жашы жетелектердин баш коргоо чарасы боюнча соттун чечими жана ИИМдин Убактылуу кармоо изоляторунда аларды кармап туруунун узактыгы**





127 Жазык-процесстик кодекстин 393-беренесинин 3-пункту.

Балага карата бөгөт коюу чарасын тандоо маалында аны камакка алуу сот тарабынан акыркы айла катары гана каралышы керек. Бул укук КР ЖПК [128] жана КР Бала жөнүндө кодекси тарабынан кепилденет [129]: камакка алуу жашы жетелек оор жана өтө оор кылмыш жасаган учурда гана колдонулат.

Диаграммада бөгөт коюу чараларынын жашы жетелектерге карата колдонулушу тууралу маалымат берилди. Баш коргоо чарасын балдарга карата тандоодо камакка албаган түрү (82,7%) эркинен ажыратууга (17,3%) караганда көп колдонулат.

Азыркы тапта Кыргыз Республикасында жашы жетелектерге карата сот адилеттигин камсыздоо жаатында жасай турган иштер арбын. Альтернативалуу жазаларды колдонуу жаатындагы статистика көргөзгөндөй баланы камакка алуу али да болсо адаттагы көрүнүш катары кабыл алынууда.

**Балдарга карата жазанын альтернативдик жолдорун колдонуу**




Камакка алуу.

Чоң кишилер менен бирге камоо.

Эл аралык стандарттарга туура келбегенине карабай «Кыргыз Республикасынын кылмыштарды жасагандыгы боюнча шектелип кармалган жана айыпталган адамдарды камакта кармоонун тартиби жана шарттары жөнүндө» мыйзамдын 31-беренесинде прокурордун кат жүзүндөгү макулдугу берилген учурларда гана балдарды чоң кишилер менен бирге кармоо каралган. Жашы жетелектер ошентип Убактылуу кармоочу изоляторлордо, Нарын, Ысык-Көл облустарындагы ТИЗОлордо чоң кишилер менен бирге бир камерада кармалып атышат.

Кыргыз Республикасынын Ички иштер министрлигине караштуу Убактылуу кармоочу изоляторлордун кармоо шарттарынын мониторинги дале болсо балдар мурда соттолуп, жазасын өтөгөн, бирок, кайра камакка алынгандар менен бир камерада кармалып, же алар менен жолу кесилишип калышы ыктымалдыгын көргөзгөндү.

Балдардын андай адамдар менен байланышып калышы алар ар башка камераларда жаткан учурда да өспүрүмдөрдүн кылмыш дүйнөсүнө аралашуусуна түрткү берип коюшу мүмкүн.

128 КР кылмыш-процесстик кодексинин 393-беренесинин 3-пункту жана 114-беренеси.

129 Балдар кодексинин 87-беренесинин 3-пункту.

Мындай абал мыйзамды аттаган өспүрүмдөрдүн кылмыш топторуна аралашуусуна жагымдуу шарт түзөт, анын үстүнө, балдар убактылуу кармоочу жайда канчалык көп кармалса кылмыш топторуна аралашуусуна ошончолук мүмкүнчүлүк көп болот.

Жазык аткаруу мыйзамында «соттолгондун өмүрүнө, ден соолугуна же болбосо кадыр-баркына башка соттолгондор же башка адамдар тарабынан коркунуч келип чыкканда, ал жазаны жана жазыктык-укуктук таасир көрсөтүүнүн мажбурлоо чараларын аткаруучу органдын же мекеменин кандай болбосун кызматкерине жеке коопсуздугуна болгон коркунучту четтетүү жөнүндө өтүнүчү менен жазуу жүзүндө же оозеки кайрылууга укуктуу", деп айтылган (Жазык-аткаруу кодекси, 19-берене).

Бирок, мыйзам чыгаруучу орган «жеке коопсуздук» деген терминди тактаган эмес, ошондон улам иш жүзүндө «жеке коопсуздук» катары жашы жетелектин физикалык гана коопсуздугу эске алынат. Ал эми формалдуу түрдө кылмыш категориясына кирбеген, бирок, иш жүзүндө баланын кадыр-баркын, ар-намысын тебелеп, кемсинте турган психикалык зомбулуктардан жана аракеттерден баланы коргоо укуктары чектелип калууда. Ошондой эле Жазык аткаруу кодекси жана "Кыргыз Республикасынын жазык аткаруу системасынын түзөтүү-тарбиялоо мекемелеринин ички тартибинин эрежеси"[130] дагы соттолгондордун жеке коопсуздугуна коркунуч келгенде аны башка коопсуз жерге которууга ошол түзөтүү мекемесинин жетекчиси милдеттүү экендигин же болбосо анын өз эрки экендигин так аныктаган эмес.

## Жабык мекемелерде билимге жана медициналык кызматка болгон укук

Кыргыз Республикасынын Акыйкатчысы (Омбудсмени) Кубат Оторбаев акыркы 2 жылда өлкө аймагындагы жабык мекемелерди көп кыдырды, анын маалында мыйзамды аттаган балдардын билим алууга жана медициналык тейлөөгө болгон укуктары бузулуп жаткан учурлар аныкталды. Төмөндө ошондой бир окуя мисал катары тартылды.

Акыйкатчы Ысык-Көл облусуна барган учурда ЖАМКга караштуу № 23 мекемеге (Каракол шаарындагы ТИЗО) мониторинг жасады. Кубат Оторбаев ал жерде камалып жаткан 4 бала менен маектешти. Өспүрүмдөрдүн бирөө мектепти бүтүп жаткан экен, бирок, мекеменин жетекчилиги анын акыркы мамлекеттик экзаменди тапшыруусуна тийешелүү шарт түзгөн эмес, анын кесепетинен бала орто мектепти бүтүргөнү тууралу аттестат алалбай калган. ТИЗОнун өзүндө балдарга окуусун улантууга шарт жок, ошентип, жашы жетелектер адистештирилген билим алалбай, турмушта өз мүмкүнчүлүктөрүн көрсөтүп, андан ары өсүшүнө жол жок, бул болсо келечекте бул жерге түшкөн жеткинчектер кылмыш дүйнөсүнө жакындашуусуна жагымдуу жагдай түзүп бермекчи.

Жалпылай айтканда Кыргызстандын мыйзамдары көпчүлүк убакта эл аралык стандарттарга туура келет, атай кетсе, балдарды кармаганда, сот маалында жана ага жаза чектегендеги бериле турган кепилдиктер жакшы эле каралган. Бирок, иш жүзүндө ал нормаларды аткаруу жолго салынган эмес. Бул жааттагы баланын укуктарынын тебеленип жатытышынын маанилүү факторлорунун бири - тийешелүү инфраструктуранын жоктугу, башкача айтканда, баардык эле облустарда Тергөө изоляторлору салынган эмес (Таласта, Баткенде ТИЗО жок), соттордо иш көп, ошол себептен иштер айлап-жылдап каралат.

Кыргыз Республикасынын Бала жөнүндө кодексинде (88-берене) ювеналдык юстициянын бир талабы катары өспүрүмдөр үчүн атайын соттун болушу зарыл экендиги айтылган. Тилекке каршы, балдар үчүн бир да балдардын соту ишке киришкен жок. Акыркы 2 жылда эл аралык уюмдардын жана жергиликтүү жарандык коомдун колдоосу астында балдарга ылым санаган соттордун стандарттарын жүзөгө ашыруу жаатында айрым кадамдар гана жасалды.


---

130 «Кыргыз Республикасынын жазык аткаруу системасынын түзөтүү-тарбиялоо мекемелеринин ички тартибинин эрежеси». Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2011-жылдын 23-сентябрындагы № 604 токтому менен бекитилген.

2014-18-жылдарда Балдар үчүн юстицияны өнүктүрүүнүн мамлекеттик программасын аткаруунун алкагында Жогорку сот тарабынан өспүрүмдөргө байланыштуу кылмыш иштерин кароого байланыштуу буйрук чыгарылды[131]. Кыргыз Республикасынын адвокатурасы балдардын укуктарын коргой турган, атайын окутулган жактоочулардын тизмесин түздү.

Эл аралык нормаларга ылайык балдар үчүн кылмыш жасагандан тартып соттун өкүмүнө чейинки убакыттын аралыгы мүмкүн болушунча кыска болушу керек[132]. Бирок, Кыргыз Республикасынын Жазаларды аткаруу мамлекеттик кызматына караштуу № 4 түзөтүү колониясындагы иштерди иликтей келгенде сот процесси маалында балдар жабык мекемелерде соттун создуктурулуп каралганына байланыштуу бир жылга чейин, айрым учурларда андан да узак убакытка жатып калаарын көргөздү.

**Эркинен ажыратылган балдарга карата сот процессинин узактыгы**




Кепилдиктерди майнаптуу жана ойдогудай жүзөгө ашыруу үчүн негизги шарт болуп балдар үчүн сот адилеттигин жүзөгө ашыруу системасында иштеген адамдардын кесипкөйлүк сапатынын жогорулугу эсептелинет. Ал максатта ювеналдык системадагы кесипкөй адистерди тынымсыз даярдоо системасын түзүү зарыл, атап айтканда, милиция кызматкерлерин, прокурорлорду, баланын жактоочуларын жана башка коргоочуларын, судьяларды, пробация кызматынын адистерин, социалдык тейлөө кызматкерлерин жана башкаларды.

Бул кызматкерлер балдардын, айрыкча, өспүрүмдөрдүн физикалык, психологиялык, психикалык жана социалдык өсүш өзгөчөлүктөрүнөн жакшы кабардар болушу керек, ошондой эле алар турмуштук оор кырдаалдагы балдардын өзгөчөлүү талаптарын жакшы билгенип оң. Азырынча Кыргыз Республикасында андай окутуу системасы бар деп айтуу кыйын.

Акыркы жылдарда соттолгон балдардын санынын азайышын сот адилеттигин жүзөгө ашырууда ювеналдык юстициянын принциптеринин акырындап болсо да турмушта колдонула башташы менен байланыштыруу керек, бирок, ошентсе дагы тергөөнүн жана соттун жүрүшүндө тартипке чакыруунун таасир көргөзүүчү чаралары дале болсо сейрек колдонулууда.

131 Жогорку соттун өспүрүмдөргө байланыштуу кылмыш иштерин кароого байланыштуу буйругу.

132 Бириккен улуттар уюмунун Балдардын укуктары боюнча комитетинин № 10 жалпы комментарийлеринин 51-пункту.

# СУНУШТАМАЛАР:

## Жалпысынан аткара турган иштер:

Мыйзам менен чатагы бар балдар менен иштей турган баардык мамлекеттик мекемелердин адистерин системалуу түрдө окутуп, даярдоону жүзөгө ашыруу. Анын ичинде шектелүүчү, айыпталуучу жана соттолуучу балдар менен иштөөгө (башкача айтканда, мыйзамды аттаган балдар менен иштөөгө сертификаты бар гана адистерди тартуу).

## Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешине

Кыргыз Республикасынын Жазык-процесстик кодексине «жеке коопсуздук» түшүнүгүн камактагыларды башкалар тарабынан физикалык гана ыдык көргөзбөстөн, моралдык-психологиялык кысым, зомбулуктан коргоо системасын ишке ашырууну караган норма менен толуктоо.

## Кыргыз Республикасынын Ички иштер министрлигине

Балдар кармалып, камакка алынганда алардын ата-энесине, башка камкорчуларына дароо маалымат берүүнү үзгүлтүксүз ишке ашырсын.

## Кыргыз Республикасынын Ички иштер министрлигине, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Жазаларды аткаруу кызматына

Баардык убактылуу кармоочу изоляторлордо, тергөө изоляторлорунда өспүрүмдөр менен чоң кишилердин бирге кармоону жана алардын жолдорунун кесилишин таптакыр токтотуу.

## Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигине

Өкмөткө караштуу Жазаларды аткаруу кызматы менен биргеликте ТИЗОлордо, түзөтүү колонияларында кармалып жаткан балдарды үзгүлтүксүз окутууга шарт түзүп, камсыздасын.

## Кыргыз Республикасынын Жогорку сотуна

Мыйзам менен чатагы бар балдар үчүн атайын адистештирилген соттордун ишин баштасын.

Судьяларды үзгүлтүксүз Ювеналдык юстиция боюнча окутуудан өткөрүп турсун, ошондой эле, мыйзам менен чатагы бар балдардын ишин караган соттордун жумушунун сапатына дайыма көзөмөл жүргүзүлсүн.



*Акыйкатчы аппаратынын бөлүм башчысы М.Турдуматова Вознесеновка айылындагы №14 өспүрүмдөрдү түзөтүүчү колониясында иш маалында*

# 3.3. ЖЕТИМ БАЛДАРДЫН УКУКТАРЫНЫН КОРГОЛУШУ

Баланын эң мыкты кызыкчылыктарын камсыздоо боюнча конституциялык принциптерди[133], ошондой эле, Баланын укуктары жөнүндө БУУнун Конвенциясынын алкагындагы Кыргыз Республикасынын милдеттенмелерин аткарууну эске алып[134], Кыргыз Республикасынын Акыйкатчысы Кубат Оторбаев жетим балдардын укуктарынын корголушуна ар тараптан көңүл буруп келатат.

Ал 2017-жылы Кыргызстандын бардык аймактарындагы мектеп-интернаттарда болуп, жетим (ата-энеси жок жана социалдык – атасы же энеси бар, бирок, убактылуу таштап кеткен) балдардын абалына мониторинг жүргүздү, көңүл негизинен зордук-зомбулук маселесине бөлүндү. Жатак мекемелер жабык болгондуктан арыз менен кайрылган балдардын саны анча көп эмес, бирок, мекемелердин өзүнө барып, жеринде балдар менен маектешүү жагдайды калыс баалоого мүмкүнчүлүк бериши ыктымал.

Кыргыз Республикасы жети балдардын жана ата-эненин камкордугунан ажыраган балдарды багууну, тарбиялоону жана окутууну кепилдейт[135]. Балалык – жалпы коомдун камкордугунун предмети катары мыйзамдардын артыкчылыктуу коргоосуна алынган[136].

Бириккен улуттар уюмунун (БУУ) баланын укуктары жөнүндө Конвенциясына ылайык ар бир бала үй-бүлөдө жашап, тарбияланышы керек. Үй-бүлө камкордугунан убактылуу же биротоло ажыраган, же болбосо өзүнүн жогорку кызыкчылыктарынан улам мындай курчоодо калгысы келбеген балдар мамлекет тарабынан өзгөчө коргоону жана колдоону алууга укуктуу. Мамлекет баланы камкордукка алууну өз мойнуна алат[137].

## Азыркы кырдаал

Бүгүнкү күндө республика боюнча интернат тибиндеги 127 балдар мекемеси бар, анын 63ү мамлекеттик. Анын ичинен:

*- ата-эненин камкордугунан ажыраган балдар жана томолок жетим балдардыкы -9;*
*- адистештирилген жатак-мектеп -14;*
*- интернаты лицейлер, гимназиялар – 33.*

2017-жылга карата бул балдар мекемелеринде 11422 балдар тарбиялануудa, алардын 5% жетимдер, калгандарынын же ата-энесинин экөөсү тең бар, же болбосо же атасы, же энеси бар. Мындай балдар мекемелерине балдар ата-энелердин арызынын негизинде кабыл алынышат[138].

Ошол эле учурда белгилеп коюу керек – Кыргыз Республикасынын Бала жөнүндө кодексинин 37-беренесине ылайык баланы менчигинин түрүнө карабастан жатак мекемелерге жаткыруунун өз жол-жобосу бар. Ага жараша жетим балдар, ошондой эле, ата-энелик укугунан ажыратылгандардын балдары, же ата-энелик укугу чектелген, ата-энеси дайынсыз же болбосо жөндөмсүз (жарым-жартылай жөндөмсүз) болуп калгандардын балдары, ошондой эле, кылмыш жасап, эркинен ажыратылгандардын балдары (баласы) мамлекеттик баланы кор-

133 Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 16-беренесинин 5-бөлүгү.

134 Кыргыз Республиксы БУУнун балдар тууралуу конвенциясына Жогорку Кеңештин 1994-жылдын 12-январдагы токтом № 1402-XII менен кошулган: http://www.un.org/ru/documents/decl_conv/conventions/childcon.shtml.

135 Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 36-беренесинин 4-бөлүгү.

136 Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 36-беренесинин 1-бөлүгү.

137 БУУнун Балдар жөнүндө конвенциясынын 20-беренесинин 1-, 2-бөлүктөрү.

138 Эмгек жана социалдык өнүгүү министрлигинин жообу, чыгыш №3/8292, 27.12.2017.




*Беловодскийдеги атайын мектеп-интернаты*

гоочу органдардын бүтүмүнүн негизинде баланы башка үй-бүлөгө койгонго болбой калды делип чечилгенде гана, акыркы чара катары соттун чечими менен жатак мектепке жаткырылат.

Дүйнөлүк практикада жетимди жатак мектепке жаткыргандан көрө үй-бүлө чөйрөсүнө кайтарып, тарбиялоо оң делип жатат. Баланы анын өз ата-энесине (же анын бирөөнө) кайтарууга мүмкүн болбогон шартта аны туугандарына же фостердик үй-бүлөгө берүү жагы каралышы шарт.

Эмгек жана социалдык өнүгүү министрлигинин (мындан ары - ЭСӨМ) бюджетинде бул максатта фостердик үй-бүлөлөрдү өнүктүрүү максатында жыл сайын акча каралат, атап айтканда, 2017-жылга 2,439,6 млн. сом каралган, өткөн жылы анын 1 419 600 сому өздөштөрүлгөн [139].

Баланы багып ала турган үй-бүлө – оор турмуштук жагдайга кабылган баланы багып алууга тиешелүү сертификаты бар, окуудан өткөн, кесипкөй үй-бүлө.

2014-жылдан тартып ЭСӨМ жарандык коом менен бирге эл аралык уюмдардын колдоосу аркасында оор жагдайга кабылган балдарды багып ала турган 47 үй-бүлө даярдалган, алардын жыйырма төртү 58 балага кызмат көргөзгөн. Азыркы тапта фостердик үй-бүлөлөрдүн карамагында 10 бала тарбияланууда.

Фостердик үй-бүлөдө 1 баланы багууга эмгек акы төлөнөт, ошондой эле, балага деп акча бөлүнөт.

Ошол эле маалда фостердик үй-бүлөлөрдү окутууну институционалдаштыруу маселеси турат.

Кыргыз Республикасында ата-эненин мээримисиз калган балдарды камкордукка алуунун төмөнкүдөй формалары бар: камкорчулук (көзөмөлчүлүк), анын ичинде 6 айга камкордукка алуу [140], асырап алуу [141].

Кыргыз Республикасынын бала жөнүндө кодексин турмушка ашыруу максатында Өкмөт тарабынан ата-эненин мээримисиз калган балдарды жана жетимдерди камкордукка алуу максатында төмөнкүдөй укуктук-ченемдик актылар кабыл алынды:

- Кыргыз Республикасынын жарандары жана чет элдик жарандар тарабынан баланы асырап алуунун тартиби тууралу Жобо; [142]

- Көзөмөлчүлүккө алуу жөнүндө жобо; [143]

---

139 ЭСӨМ жообу, чыгыш №3/8292, 27.12.2017.

140 «Бала жөнүндө» кодекст, 67-79-беренеси.

141 Ошол эле жерде, 44-66-беренелер.

142 КР Өкмөтүнүн токтому менен бекиген, 2015-жылдын 27-октябры, № 733.

143 КР Өкмөтүнүн токтому менен бекиген, 2013-жылдын 24-сентябры, № 522.

Ата-энесинен кароосуз калган балдардын жана жетимдердин укуктары менен кызыкчылыктарын коргоо максатында аймактарда 59 атайын комиссия иштеп жатат. Жатак мектептин көпчүлүк тарбиялануучулары - биологиялык ата-энеси бар «коомдук -социалдык жетимдер» болуп саналат (эмгек мигранттарынын балдары, жакыр-жалчы үй-бүлөдөн чыккандар же болбосо ата-энелери таштап кеткен балдар). Эмгек жана социалдык өнүктүрүү министрлигинин жообу жана төмөндө мисалга тартылган көз карандысыз изилдөөнүн жыйынтыгы айтылгандарды тастыктактайт.




**№1 Диаграмма. Жатак интернаттардын тарбиялануучуларынын ата-энесинин бар, жоктугу тууралу маалымат** [144]

Тарбиялануучулардын көбүнүн (40,1%) ата-энесинин экөө тең, же болбосо энеси бар (39,2%). Ата-энесинин экөөсү тең бар балдар тарбяиланып жаткан мекемелерде алардын саны 58%дан жогору. Мындай мекемелерде тарбяиланып жаткандардын көбүнүн апасы бар (58,6 %) [145].

Мээримсиз калган баланы жана жетимди соттун чечими менен гана жатак мектепке жиберүү каралган [146]. Ага карабай соттун чечими жок эле мамлекеттик мекемеге жаткызып койгон учурлар кездешет [147]. Ал эми ал мекемелерде физикалык жана психологиялык кодулоо колдонулууда, адатта, балдарга интернеттын кызматкерлери дагы, балдардын өздөрү дагы кол көтөргөн учурлар бар.

144 https://www.unicef.org/kyrgyzstan/ru/Book_rus.pdf стр.30

145 Караңыз: 30-бет, https://www.unicef.org/kyrgyzstan/ru/Book_rus.pdf

146 «Бала жөнүндө» кодекстин 37-беренеси.

147 Эмгек жана социалдык өнүгүү министрлигинин жообу, чыгыш №3/8292, 27.12.2017.

Акыйкатчы (Омбудсмен) Кубат Оторбаевге Талас облусунун Бакай-Ата районунун Чалдовар мектеп-интернатындагы окуучулардын ата-энелеринен кат түштү. Анда айтылгандарга караганда балдарды тарбиячылар сабаган учурлар бар. Акыйкатчынын ишинин натыйжасында башталгыч класстын мугалими М.Керимбекова «сөгүш» алды, ал эми Ч.Осмонкулова кызматынан бошотулду.

Акыйкатчы Кубат Оторбаев ММК жарыяланган маалыматка дагы реакция жасады[148], ага ылайык Ак-Суудагы атайын жатак-мектептин директору Венера Наспекова 9-класстын окуучуларын курулушка иштеткен. Ушуга байланыштуу Билим берүү жана илим министри Г.Кудайбердиеванын наамына кат жолдонду. Алынган жоопко ылайык[149] факты аныкталып, В.Наспековага мындан ары балдарды оор жумушка тартпоо тапшырылды.

Кыргыз Республикасынын Омбудсмени 2017-жылдын июнунан октябрына чейин жүргүзгөн мониторинг учурунда дээрлик бардык жатак-мектептеги балдар билим алып жатканы тастыкталды.

## Жатак мектептин жетекчилери мугалимдердин айлык маянасынын төмөндүгүн белгилешти.

Андан тышкары, Акыйкатчы Кубат Оторбаевдин Нарын облусуна жасаган иш-сапары маалында Кочкор айылынын тургундары менен жолугушту. Анын жүрүшүндө бир аял туруп, оор жагдайы тууралу даттанды. Ал жашы жетелек бир беш баланы жалгыз тарбиялайт, ижарада турат. Жергиликтүү өз алдынча башкаруу бийлиги тарабынан анын эки улуу балдары Чолпон айылындагы жатак мектепке жаткызылган, бирок, кийин ал жактан качып кетишкен. Балдар менен маектешүү маалында аларды чоң балдар сабагандан улам качышканы белгилүү болду.

Ошондой эле, балдар соттун чечими жок эле интернатка жайгаштырылган, качып кеткенде да аларды эч ким издеген эмес. Өз кезегинде Акыйкатчы институту үй-бүлөнү башка батирге көчкөнгө жардам берди, ошондой эле, ижара акысын төлөөгө кол кабыш кылууда. Белгилеп коюу керек – Премьер-министр Сапар Исаков Нарынга жасаган сапары маалында бул үй-бүлөгө материалдык жардам берип, өзү балдардын абалын сурады.

Ар ким турак-жай күткөнгө укуктуу[150]. Жатак мектепти аяктаган балдар дуушар болуп жаткан негизги маселелердин бири - турак-жай болуп саналат.

Турак-жайга укук төмөндөгү багыттар боюнча жүзөгө ашырылат: турак жайды ага бекитип берүү, турак-жай бөлүп берүү жана жашы толгонго чейин ал турак-жайдын иш жүзүндө колдонулушуна көзөмөл жасоо.

Бирок, бүгүнкү күндө мамлекет турак жай маселесин чечүүгө жетиштүү көңүл бурбай келатат. Кароосуз калган балдар үчүн, жетимдер үчүн аларды турак-жай менен камсыздоо боюнча мамлекеттик программа жок.



*Дмитриевкадагы атайын мектеп-интернаты*

148 www.24.kg

149 Билим берүү жана илим министрлигин жообу, чыгыш №03-6/6326, 01.01.2018.

150 Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 46-беренеси.

# СУНУШТАМАЛАР:

### Кыргыз Республикасынын Эмгек жана социалдык өнүктүрүү министрлигине:

1. Үй-бүлө институтун бекемдөө жана өнүктүрүү боюнча элдин маалымдуулугун жогорулатуу системасын иштеп чыгуу;

2. Ата-энесинен кароосуз калган жана жетим балдарды тарбиялоочу үй-бүлөлөрдүн кызматтарын өнүктүрүүнү күчөтүү;

3. Ата-эненин камкордугусуз калган балдарды жана жетимдерди тарбиялап жаткан мекемелердин (менчигинин түрүнө карабастан) бардык жетекчилерине турак-жайга муктаж балдарды Үй-бүлөнү жана баланы коргоо бөлүмдөрүнүн жетекчилери менен бирге кезексиз үй (жер) алууга кезекке тургузсун. Жергиликтүү өз алдынча башкаруу жана жергиликтүү мамлекеттик башкаруу органдары бул багытта тиешелүү натыйжаларга жетишүү үчүн системалуу иштерди жүргүзсүн.

4. Жатак мектептерден балдардын качып жатышынын себептери жана шарттары иликтенсин, ошондой эле, аларды чечүү боюнча чараларды көрүп, мындай окуялардын келип чыгышына жоопту адамдар тартипке чакырылсын.

## 3.4. АКЫЙКАТЧЫГА КАЙРЫЛУУ ҮЧҮН «115 ШЫР БАЙЛАНЫШ» КЫЗМАТЫ (АНЫН ИЧИНДЕ ЖАБЫК МЕКЕМЕЛЕРДЕН ДА КАЙРЫЛУУЛАР)

Жабык мекемелердеги балдардан телефон чалууларды алуу максатында 2015-жылы «115 шыр байланыш» кызматы түзүлгөн. 2017-жылдын 1-январынан тартып Кыргызстандагы бардык телефондордон, анын ичинде, мобилдик аппараттардан дагы Акыйкатчыга эми «115» аркылуу акысыз чалууга болот. Өткөн жылда “шыр байланыш” аркылуу 7224 ирет телефон урулду (анын ичинен: 2875 телефон кагуу Акыйкатчыга, 2299 ирет Акыйкатчы кызматкерлеринин жооп иретиндеги чалуулары, 2050 жолу үн маалыматтары (телефон күнү-түнү иштегендиктен түнкүсүн аудио жазылып калат). Акыйкатчы кызматкерлеринин жооп иретиндеги чалууларына мурда каралган иштерди көзөмөлдөө иретинде жасалган чалуулардын да саны кошулат. 4900 ирет түшкөн телефон кагууларга жана жазылган үндөргө юридикалык-укуктук кеп-кеңештер берилди, 26 кайрылуу андан ары Акыйкатчы аппаратынын кызматкерлерине иштөөгө жолдонду[151].

Ар бир адам мамлекеттик бийлик органдарына, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына жана алардын кызмат адамдарына кайрылууга, ошол эле, маалда мыйзамда белгиленген мөөнөттө жүйөлүү жооп алууга укуктуу[152].

«115 шыр байланыш» кызматы 2015-жылы балдарга жардам берүү үчүн ачылган. 2017-жылдан тартып кызмат балдардан эле эмес, ар бир жарандан, анын ичинде жабык мекемелерде кармалып жаткандардан да кайрылуу, арыз ала баштады (убактылуу кармоочу жайдан (УКЖ - ИВС), тергөө изоляторунан (ТИЗО-СИЗО), балдар үйлөрүнөн, психиатриялык мекемелерден,

151 Жарандардын кайрылуулары менен иштөө жана документ жүгүртүү башкармалыгы аркылуу.

152 Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 41-беренесинин 1-бөлүгү

түзөтүү жайларынан (ТЖ), абактардан, карылар үйлөрүнөн, балдар үчүн атайын мектептерден).

“115 шыр байланыш” кызматы өзүнүн аталышын кыска 115 номеринен алган, ал аркылуу Кыргызстандагы баардык телефондордон, анын ичинде, бардык уюлдук байланыш операторлорунун бекер чалса болот. Акыйкатчынын бул демилгесин эл аралык уюму Penal Reform International (мындан ары PRI) (Эл аралык абак реформасы уюмунун Борбор Азиядагы өкүлчүлүгү) тарабынан колдоого алынган. Акыйкатчы тарабынан мындай кызматты ачуу БУУнун Адам укуктары боюнча комитетинин сунуштамаларын аткаруу болду.

## Азыркы кырдаал

«115 шыр байланыш» кызматы жарандарды маалымдоо жана алардан бузулган укуктары жана эркиндиктери боюнча арыз, кайрылууларды алууну максат коёт. Ал максатка балдардын укуктарын коргоо, кыйноо жана башка ырайымсыз, катаал, ар намысты басынткан мамилелерди токтотуу да кирет. Байланыш кызматынын дагы бир максаты өлкөдө кыйноого каршы коомдук сабырсыздыкты калыптандырып, кыйноого байланыштуу фактылардын бетин ачуу болуп саналат.

Кыргыз Республикасынын Акыйкатчысы (Омбудсмени) Институтун өнүктүрүү планынын алкагында 2017-жылы аппарат кызматкерлери “115 шыр байланыш” кызматы тууралу Кыргызстандын аймактарындагы баардык жабык мекемелерде - (убактылуу кармоочу жайларда (УКЖ - ИВС), тергөө изоляторунда (ТИЗО-СИЗО), түзөтүү жайларында (ТЖ), абактарда, реабилитациялык борборлордо, балдар үйлөрүндө, адаптация борборлорунда, мектептерде маалыматтарды таратышты.


«115 шыр байланышы» тууралу маалымдоо Акыйкатчынын кызматкерлери ар кандай мекемелерди мониторинг жүргүзгөн маалда айтылууда. Андай мекемелерге барган учурларда кызматтын иши, ага кантип чалуу керектиги тууралу маалыматтык материалдар таратылып берилет.

2017-жылдын май айында «115 шыр байланышынын» кызматкерлери психолог менен бирге Чүй облусундагы жашы жете электердин № 14 түзөтүү колониясында болушту. Тарбиялануучулар менен «Балдардын укуктарын коргоо жана балдардын укугун коргоодогу Омбудсмендин (Акыйкатчынын) ролу» темасында талкуу уюштурулду. Бул иш PRI жана «Бир Дүйнө Кыргызстан» укук коргоо кыймылынын алдындагы үй-бүлөнү калыбына келтирүүчү «Альтернатива» борбору менен бирдикте жүргүзүлдү.

## 2017-жылы «115 шыр байланышына» түшкөн чалуулардын маалыматы

2017-жылы “115 шыр байланыш” кызматы аркылуу 7224 ирет телефон урулду. Анын ичинен: 2050 жолу үн маалыматтары, 2875 телефон кагуулар, 2299 ирет Акыйкатчы кызматкерлеринин жооп иретиндеги жарандарга кайра чалуулары (телефон күнү-түнү иштегендиктен түнкүсүн аудио жазылып калат). Болжол менен 4900 кайрылуучуга юридикалык кеп-кеңештер берилди. 26 арыз болсо Акыйкатчы аппаратынын кызматкерлерине андан ары иштөөгө жиберилди. 1058 кайрылуу оң чечилди – Акыйкатчы аппаратынын тийиштүү бөлүмдөрү иштешти, юридикалык кеңештер берилди, жооптор жолдонду.

.





| | 2017-жыл 7224 чалуулар | 2016-жыл 6190 чалуулар | 2015-жыл 3650 чалуулар |
|---|---|---|---|
| эркек | 2850 | 1550 | 1050 |
| аял | 4374 | 4640 | 2600 |

***3.5.1 диаграмма. 2015-2017-жылдардагы телефон чалуулар тууралу маалыматтарды салыштыруу***

Өткөн жылдарга салыштырмалуу келип түшкөн чалуулардын жалпы саны көбөйдү. Телефон чалуулардын санынын көбөйүшүнүн себеби «115 шыр байланыш» кызматынын иши тууралу эл арасында маалымдуулуктун жакшырганында. Статистикага Акыйкатчы (Омбудсмен) аппаратына телефон чалгандардын эсеби жана ошондой эле ага жооп катары кызматкерлердин контролдук чалуулары чагылдырылды. Айрымдар «115 шыр байланышына» адашып да чалышы ыктымал, статистика аларды да камтыйт, бирок, андай чалуулардын саны анча көп эмес.

**2017-жылдагы балдардан, өспүрүмдөрдөн жана ата-энелердин телефон чалууларынын саны жөнүндө маалымат**

2017-жылы 2015-2016-жылдарга салыштырганда балдардан жана ата-энелерден кайрылуу, даттануулардын саны көбөйдү. Эгер 2015-жылы балдар менен өспүрүмдөрдөн 1220 чалуулар жана үн билдирүүлөрү түшсө, 2016-жылы алардын саны 1750 болгон, ал эми 2017-жылы бул көрсөткүч 3856га жетти.




***3.5.2 диаграмма. Балдар жана ата-энелерден келген телефон чалуулар***



*Акыйкатчы Институтунун кызматкерлери «115 Шыр байланыш» кызматы боюнча маалымат беришүүдө*

Балдардан жана ата-энелерден келип түшкөн чалуулардын саны, жана аларга берилген жооптор 3 856. Анын ичинен 2370 жолу юридикалык кеп-кеңештер берилди. 21 кайрылуу андан ары иштөөгө Акыйкатчы аппаратынын кызматкерлерине берилди. 1465 жолу тышка чалуулар жасалды. 491 арыз оң чечилди: квалификациялуу кеп-кеңештер берилди, суроолорго жооп айтылды, Акыйкатчынын тийиштүү бөлүмү тарабынан каралды.

### 3.5.1 мисал. Мектептердеги акча чогултуулар

Мектептер дагы деле болсо “өз ыктыяры менен” деп аташып, мектеп коруна акча чогултууда. Ата-энелердин демөөрчүлүк салымдары, адатта, милдеттүү болуп эсептелет жана билим берүү мекемесинин чыгымдарынын далайын жабат.

Бишкек шаарынын №72, №66 орто мектептеринен, Ж.Касымбекова атындагы №2 орто гимназиядан, № 5А.Молдакунов атындагы улуттук компьютердик мектеп гимназиядан балдардан акча чогултуп жатканы боюнча рыздар келип түшкөн.

Акыйкатчы бул мектептерде акча чогултуу фактылары болуп жатканын карап чыгуу өтүнүчү менен Билим берүү жана илим министрлигине кайрылды. 2017-жылдын сентябрында №72 мектеп-гимназиясынын директору Н.Д.А. Кыргыз Республикасынын Эмгек кодексинин 146-беренесине ылайык “сөгүш” алды. Ал эми 2017-жылдын октябрында № 5 улуттук компьютердик мектеп гимназиясынын директору Ж.М.С. Эмгек кодексинин 82-беренесине ылайык кызматынан бошотулду[153].

### 3.5.2 мисал. Майыптыгына карата пенсия чегерүү

С.Абдуллаева Акыйкатчыга кызынын майыптыгы боюнча справка алалбай жатканын айтып кайрылды. Кызынын диагнозу - «тубаса сколиоз, кабырганын өсүшүнүн жана омуртканын бузулушу, S-сымал көкүрөк-бел сколиозунун III-IV даражасы. Талма синдрому».

С.Абдуллаева – Россия Федерациясынын жараны, а анын кызы болсо – Кыргыз Республикасынын жараны. Энеси кызынын майыптыгы боюнча тийешелүү документтердин баарын топтогон, бирок, тийиштүү мамлекеттик органдар майыптыгы тууралу справка беришкен эмес. Буга байланыштуу Омбудсмен Кыргыз Республикасынын Эмгек жана социалдык өнүктүрүү министрлигине кайрылуучунун арызын кароону сунуштап, кайрылды. Жыйынтыгында 2017-жылдын июнь айында С.Абдуллаева кызына пенсия чегерүү үчүн анын майыптыгы тууралу справка алды. Ал убакта эне Кыргыз Республикасынын жарандыгын тастыктаган паспорт алууга да жетишти. 2017-жылдын сентябрынан тартып анын кызы ырасмий түрдө майыптыгы боюнча пенсия алууда.

153 Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин жообу.

## Жашы жетелектер үчүн тарбия колониясынан чалуулардын саны жөнүндө маалыматтар

Жашы жетелектердин түзөтүү колониясына байланыштуу келип түшкөн телефон чалуулары менен аларга берилген жооптордун, жана ошондой эле, жазылып алынган үндөрдүн саны 285 болду. Алардын арасында: камалып жатканынын мыйзамдуулугу жөнүндө чалуулар - 3, милиция кызматкерлеринин иш-аракеттерине/аракетсиздигине карата даттануу - 1, юридикалык кеп-кеңеш сурагандар - 190. Юридикалык кеп-кеңеш ошентип 190 өспүрүмгө берилди, 4 кайрылууну Акыйкатчы аппаратынын кызматкерлери караштЫ. “115 шыр байланыштын” кызматкерлери 91 жолу кайра кайрылуучуларга телефон кагышкан. 3 арыз аягына чейин биротоло оң чечилди.

**3.5.3 мисал. Колониядан мөөнөтүнөн мурда шарттуу бошотуу**

2017-жылдын июль айында №14 түзөтүү колониясынан У.Баелинов анын кармалышынын мыйзамдуулугу боюнча кайрылган эле. Ал кылмыш жазасын өтөп жаткан маалда кылган кылмышы үчүн өкүнүп жатканын билдирген, бирок, ал андан аркы жазадан бошотулган эмес. Акыйкатчы жазык-аткаруу тутумунун органдарында жана мекемелеринде мыйзамдуулуктун сакталышына көзөмөл жасоочу прокуратурага, ошондой эле, №14 түзөтүү колониясынын башчысына У.Баелиновун кайрылуусун карап көрүү өтүнүчү менен кат жөнөттү. 2017-жылдын ноябрында иш Чүй областтык сотуна жиберилген, судья ишти карап, У.Баелиновду андан ары жаза өтөөдөн бошотуу чечимин кабыл алган.

**3.5.4 мисал. Ата-энелер менен байланышты калыбына келтирүү жөнүндө**

2017-жылдын августунда №14 түзөтүү колониясынан Ф.Зулфукаровдон ата-энеси менен байланыштырып берүүнү өтүнгөн телефон чалуу түштү. Тарбиялоочунун айтымында, Ф.Зулфукаровдун ата-энеси Ош облусунун Кара-Суу районуна караштуу Тажик айылында жашайт. Акыйкатчы Айыл өкмөтүнө жана милицияга кайрылды. Ата-энесинин номери билинген соң ал Ф.Зулфукаровго берилди. Азыркы тапта өспүрүм ата-энеси менен байланышта. Ал ошондой эле «115 шыр байланыш» кызматы менен дайыма байланышта.

Кыргыз Республикасынын Жазык аткаруу кодексинин 25-беренесине ылайык «соттолгондор өздөрүнүн укуктарынын жана мыйзамдуу кызыкчылыктарынын бузулуусуна байланышкан маселелер боюнча сунуштары, арыздары жана даттануулары менен жазаны жана жазык-тык-укуктук таасир көрсөтүүнүн мажбурлоо чараларын аткаруучу органдын жана мекеменин администрациясына, жогору турган органдарга, мамлекеттик бийлик жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына, коомдук бирикмелерге кайрылууга жана мыйзамдарда белгиленген тартипте алардан жоопторду алууга укуктары бар».[154]


Ошондой эле соттолгондор «юридикалык жардам алууга, анын ичинде, мыйзамдарда белгиленген тартипте мамлекет тарабынан кепилдик берилген консультациялык-укуктук жардам жана квалификациялуу юридикалык жардам алууга укуктуу. Жазаларды жана жазыктык-укуктук таасир көрсөтүүнүн мажбурлоо чараларын аткаруучу органдардын жана мекемелердин администрациясы мыйзамдарда белгиленген тартипте соттолгондорго мамлекет тарабынан кепилдик берилген консультациялык-укуктук жардам көрсөтөт жана алардын юридикалык жардамды алышы үчүн шарттарды түзөт. Юридикалык жардам, анын ичинде мамлекет тарабынан кепилдик берилген квалификациялуу юридикалык жардам алуу үчүн соттолгондор адвокаттардын, ошондой эле ушундай жардам көрсөтүүгө укугу бар башка адамдардын кызмат көрсөтүүлөрүн пайдалана алышат».[155]

154 Кыргыз Республикасынын Жазык аткаруу кодекси. 25-берене.
155 Кыргыз Республикасынын Жазык аткаруу кодекси. 22-берене.

Өз кезегинде «115 шыр байланыш» кызматы адамдардын бузулган укуктары жана мыйзамдуу кызыкчылыктары боюнча калктын калың катмарынан кат-кабар, маалымат, даттануулардЫ алууга багытталган.

№14 түзөтүү мекемесинен түшкөн телефон чалуулар, үн маалыматтары тарбиялануучулар мекеме кызматкерлеринин көз алдында туруп гана телефон чалаарын тастыктады.

№14 түзөтүү колониясынын кызматкерлери тарабынан тарбиялануучуларга карата мүмкүн болуучу мыйзам бузуулар тууралу соттолгондор өздөрү гана калап жеткиликтүү, терең маалыматты жеткириш үчүн, биздин көз караштa, тарбиялануучу өспүрүмдөр менен «115 шыр байланыштын» кызматкерлеринин жашыруун, өз ара ишенимдүү байланыш-баарлашуусун камсыздоо максатында үн өтпөгөн, айнектен жасалган өзүнчө бөлмө зарылмдеп бүтүм чыгарууга болот.




***3.5.3- диаграмма. Жарандардын башка категорияларынан түшкөн телефон чалуулардын саны***

Башка категориялардагы жарандардан келип түшкөн кайрылуу, арыздардын саны 3 083 түздү. Анын 2340 боюнча юридикалык кеп-кеңештер берилди. 743 жолу Акыйкатчы аппаратынын кызматкерлери жарандарга кайра телефон чалышты. 564 арыз, кайрылуулар оң чечилди: кеп-кеңештер берилди, көтөрүлгөн маселелерге жооптор жолдонду, же болбосо, Акыйкатчы аппаратынын тийиштүү бөлүмү тарабынан жумуш жүргүзүлдү.

2016-жылы Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши Өкмөткө «115 шыр байланыш» кызматы каржылоого каражат таап, Акыйкатчы Институтуна бөлүп берүүнү тапшырган [156]. Тилекке каршы, Кыргыз Республикасынын Өкмөтү балдарга жана укуктары бузулгандарга жардам бере турган «115 шыр байланыш» кызматына республикалык бюджеттен "акчанын тартыштыгына байланыштуу" каражат бөлүп берүүгө мүмкүнчүлүгү жоктугун билдирген. Азы бул кызмат Эл аралык абак реформасы эл аралык уюмунун (Penal Reform International) колдоосу жана Акыйкатчы аппаратынын ички мүмкүнчүлүктөрү менен каржыланууда. PRIдын каржылоосу 2018-жылдын 28-ноябрында токтотулат.




156 Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин 2016-жылдын 28-апрелиндеги №495-6 токтому.

# СУНУШТАМАЛАР

### Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Жазаларды аткаруу мамлекеттик кызматына

1. №14 түзөтүү колониясында жазасын өтөп жаткан өспүрүмдөр менен «115 шыр байланыш» кызматынын операторлорунун ортосундагы сүйлөшүүлөрдүн купуялуулугун сактоо максатында өзүнчө үн өткөрбөгөн бөлмө жасап, ал жерге телефон автоматын коюп берүүнү камсыздасын.

## 3.5. БАЛДАР ИШТЕРИ БОЮНЧА КОМИССИЯЛАРДЫН (БИК) ИШТЕРИНИН МАЙНАПТУУЛУГУ

2017-жылы Акыйкатчы (Омбудсмен) Институту «Лигал просперити» коомдук фондусу менен биргеликте Бишкек шаарынын 4 районунун жана Каракол шаарынын Балдар иштери боюнча комиссиялары (мындан ары - БИК) тарабынан каралган 140 ишти анализдеди. Ошондой эле, аталган шаарлардын БИКтери өткөргөн 20 жыйынга мониторинг жасады.

Аналитикалык иликтөөлөрдүн максаты БИКтин иштеринде баланын эң мыкты кызыкчылыктары кандай корголуп жатканы, дегеле Балдар иштери боюнча комиссиялардын иштеринин майнаптуулугун аныктоо болду.

Аталган анализден тышкары андан мурда 2016-жылы Акыйкатчы Институту зордук-зомбуluктан балдарды коргоо иштеринин алкагында алты облустагы балдар иштери боюнча 21 комиссиянын иштерине мониторинг жасалып, анын жыйынтыгында Омбудсмендин атайын доклады даярдалган[157].

Балдар иштери боюнча комиссиялар совет заманынын мурастары катары сакталып калган, ал убакта мындай комиссиялар өспүрүмдөрдүн иштери боюнча комиссия деп аталчу. Адатта бул орган өспүрүмдөр менен иштеп, алардын бейчеки көзөмөлсүз калбашын карап, мыйзам, тартип бузбоосуна жоопкерчиликте болуп, алардын укуктарын коргоп, мектептен, окуудан үй-жайсыз көчөдө калбашына кам көрүп, 16жаштан 18ге чейинкилер арасында административдик тартип бузганда алардын ишин карап, бир катар милдеттерди аткарчу.

Азыркы тапта Балдар иштери боюнча комиссиянын иши Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2017-жылдын 24-июлундагы № 449 токтому менен бекитилген Балдар иштери боюнча комиссия жөнүндөгү Жобо менен жөнгө салынат.

Аталган Жобого ылайык БИК оор турмуштук кырдаалдагы балдарды коргой турган, өзүнүн ишмердигин мезгил-мезгили менен жүргүзүүчү коллегиалдуу орган.

Комиссия оор турмуштук кырдаалдагы балдардын укуктарын жана кызыкчылыктарын коргоо максатында төмөндөгү мамлекеттик органдардын астында уюштурулат:

- *Жергиликтүү мамлекеттик администрациялардын алдында;*
- *Жергиликтүү өзүн өзү башкаруучу аткаруучу органдардын алдында (шаар мэрияларынын алдында).*

157 Атайын доклад Акыйкатчынын сайтында бар: http://www.ombudsman.kg/files/docs/reports/2016/violence-against-children.pdf

**БИКтин милдеттерине:**

- *Оор турмуштук кырдаалда калган балдарды коргоо жана колдоо максатында аймактык мамлекеттик, ошондой эле, өзүн өзү башкаруунун аткаруучу органдары менен коммерциялык эмес уюмдарды жана жарандарды бириктирип, чогуу иш алып баруу;*
- *Баланын укуктары тебеленип калбашы үчүн алдын алуучу иш-чараларды көрүү;*
- *Өзүнүн ыйгарым укуктарынын алкагында өспүрүмдөрдүн (балдардын), алардын ата-энелеринин же мыйзамдуу өкүлдөрүнүн административдик укук бузууларына байланышкан материалдарды (иштерди) карайт.*

## 1.1 Турмуштук оор кырдаалдагы балдарды коргоодогу БИКтин ролу

Жогоруда аталган Жобону анализдегенден кийин төмөнкүдөй жыйынтык чыгарууга болот:

Аталган документтерде БИКтин милдеттери менен функциясы тууралу айтылганы менен турмуштук оор кырдаалдагы балдардын укуктары менен мыйзамдуу кызыкчылыктарын коргоо максатындагы БИКтердин ишмердигинде алар колдоно турган конкреттүү механизмдер менен ресурстар тууралу нормалар каралган эмес.

Мындай бүтүм БИКтердин 2016-2017-жылдардагы ишмердигин текшерүү анализдеринин жыйынтыктары менен дагы бекемделет.

Атап айтканда, өз балдарынан баш тарткан же болбосо баласын талаптагыдай карабаган, бакпаган, тарбиялабаган ата-энелерлердин иштерин караган учурлардын 80% БИК баланы жатак мектептерге жиберүү тууралу чечим кабыл алат. Мындай чечим баланын кызыкчылыктарын эң мыкты коргоо принциптерине жооп бербейт жана «Кыргыз Республикасынын Балдар жөнүндө кодексине» түздөн-түз карама каршы келет: «Ата-энелеринин көзөмөлүсүз калган балдар үй-бүлөгө тарбиялоого (асырап алууга), камкорчулукка (көзөмөлчүлүккө) же багуучу (үй-бүлөгө), ал эми мындай мүмкүнчүлүктөр жок болгондо — жетим балдардын же ата-энелеринин көзөмөлүсүз калган балдар үчүн бардык типтеги (тарбиялоо мекемелери, калкты социалдык жактан коргоо мекемелери, дарылоо мекемелери жана ушуга окшогон башка мекемелер) мекемелерге өткөрүп берилүүгө жатат» [158].

Турмуш чындыгы ушундай – практикада БИК Социалдык өнүктүрүү башкармалыктары (СӨБ -УСР) менен биргеликте баланы анын жакын туугандарына жайгаштырууну караштырбайт,-башкача айтканда, баланын тууган-уруктарын издешпейт, же асырап алуучу (фостердик) үй-бүлөлөргө жайгаштыруу жагына аракет жасашпайт. Ошентип, тажрыйба көргөзгөндөй – БИКтин ролу болгону баланын энеси, чоң энесинин же болбосо СӨБ кызматкерлеринин баланы жатак мектепке 6 айга жайгаштырып берүү тууралу өтүнүчүн канааттандарып, Социалдык өнүктүрүү башкармалыгына баласын карабай кеткендерди ата-энелик укуктан ажыратуу максатында сотто каралуучу документтерди топтоо процедурасын баштоону тапшыруу менен чектелет.

Мындай мамиле БИКтер тарабынан ата-энелери спирт ичимдиктерин ичип, бала-чакасын талаалатып жиберген үй-бүлөлөргө карата дагы, ошондой эле, баласын жалгыз тарбиялап, өстүрүп жаткан, бирок, жумуштун жоктугунан каражаттан каржалып, наристесин бала бакчага орноштура албай, турмуш менен күрөшүп жаткан жалгыз бой энелерге карата дагы бирдей эле колдонулат.

158 Кыргыз Республикасынын Балдар жөнүндө кодексинин 43-беренесинин 1-пункту

**Каракол шаарынын Балдар иштери боюнча комиссиясынын (БИК) чечиминен. Бала 10 жашта. Чоң энеси ден соолугуна байланыштуу небересин бага албастыгы тууралу арыз каралды. Баланын энеси 6 жылдан бери акча табам деп Россияда жүрөт. Чечим: баланы Бишкектеги Тоголок Молдо атындагы жатак мектепке убактылуу жайгаштыруу. Социалдык өнүктүрүү бөлүмүнө 6 ай ичинде сотко документ топтоо тапшырмасы берилген.**

**Каракол шаарынын Балдар иштери боюнча комиссиясынын (БИК) чечиминен. 13 жаштагы баланын энесинин арызы каралды, анда энеси оор турмуштук материалдык абалынан улам баланы багалбай жатканы айтылган. Жашаган жерине барып келген комиссия эненин абалы чындыгында эле кыйын экенин тастыктады. Чечим: баланы Балыкчы шаарындагы «Нурислам» балдар борборуна 6 айга убактылуу жайгаштырууу зарыл.**

**Каракол шаарынын Балдар иштери боюнча комиссиясынын (БИК) чечиминен. 2008-жылы, 2012-жылы, 2013-жылы туулган 3 баласы менен базарда тилемчилик кылып отурган эненин маселеси каралды. Үйүн текшергенде тазалыктын сакталбастыгы, балдардын кийимдеринин кирлиги, энесинин спирт ичимдигин иче турганы аныкталды. Чечим: балдарды Каракол шаарындагы балдардардын жатак үйүнө убактылуу жайгаштыруу. Социалдык өнүктүрүү бөлүмүнө 6 ай ичинде сотко документ топтоо тапшырмасы берилген.**

Айта кетүү керек, БИК баланы жатак мектепке 6 айга жиберүү чечимин чыгаргандан тышкары ошол эле жатак мектепте жана башка мекемелердеги балдардын ал жактагы кармалуу мөөнөтүн узартуу боюнча дагы чечим чыгарат. Ошол эле маалда «Кыргыз Республикасынын Балдар жөнүндө кодексине» ылайык баланы жатак мектепте 6 ай кармоо убактылуу гана чара болуп эсептелет: «Ушул берененин 1-бөлүгүнүн биринчи абзацында көрсөтүлгөн категориядагы балдарды менчигинин формасына карабастан убактылуу жатак мекемелерге 6 айга чейинки мөөнөттө жайгаштыруу психологиялык-медициналык-педагогикалык комиссиянын жана балдарды коргоо боюнча ыйгарым укуктуу органдын корутундулары боюнча ушул жатак мекемелер ведомстволук баш ийүүсүндө турган тиешелүү ыйгарым укуктуу органдар тарабынан жүргүзүлөт» [159].

Ошол эле убакта баланы жатак мектепте 6 айдан ашык кармоо айла кеткендеги акыркы чара болуп эсептелет жана андай бүтүм соттун гана чечими менен кабыл алынат. Бул тууралуу дагы аталган кодексте так жазылган: "Алардын ата-энелик укуктарынан ажыратылганына же ата-энелик укуктарынын чектелгенине, ата-энелери дайынсыз жоголгон, аракетке жөндөмсүз (аракетке чектелүү жөндөмдүү) деп таанылганына, алар эркиндигинен ажыратуу түрүндө жазаны өтөп жатканына байланыштуу, ата-энелери жок жетим балдарды менчигинин түрүнө карабастан жатак мекемелерине жиберүү балдарды коргоо боюнча ыйгарым укуктуу органдын корутундусуна негизделген соттун чечими боюнча жүргүзүлөт жана баланы үй-бүлөгө жайгаштыруунун мүмкүнчүлүгү түгөнгөн учурда акыркы чара катары колдонулат. Баланы сүйлөөсү, көрүүсү жана угуусу бузулган балдар үчүн жатак-мектеп, психоневрологиялык жатак-үйлөргө жайгаштыруу психологиялык-медициналык-педагогикалык комиссиянын корутундусу боюнча ушул жатак мекемелер ведомстволук баш ийүүсүндө турган тиешелүү ыйгарым укуктуу орган тарабынан жүргүзүлөт. Баланы жаза чарасы катары жабык типтеги адистештирилген жатак-мектепке жайгаштыруу сот тарабынан Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза кодексине жана Кыргыз Республикасынын Жазык-аткаруу кодексине ылайык жүргүзүлөт. [160]

Ошентип, Кыргыз Республикасынын Балдар жөнүндө кодекси баланы жатак мектепте 6 айдан ашык кармоону узартуу мүмкүнчүлүгүн эч бир мамлекеттик органга бербейт. Ошого ка-

159 Кыргыз Республикасынын Балдар жөнүндө кодексинин 37-беренесинин 2-пункту

160 Кыргыз Республикасынын Балдар жөнүндө кодексинин 37-беренесинин 1-пункту

рабай Балдар иштери боюнча комиссиялар Социалдык өнүктүрүү башкармалыктары менен биргеликте кодексттин талаптарын бузуп, андай мыйзам бузууларга дайыма баруудa.

**Бишкек шаарынын Свердлов районунун Балдар иштери боюнча комиссиясынын чечими.**

Бишкектин адистештирилген балдар үйүндө эки жашы жетелек балдар жашоодо: А.А. 2012-жылы туулган жана А.А. 2014-жылы туулган. Балдар алардын Ош облусунан Бишкекке келип, бирок, жашай турган жери, бага турган каражаты жок энесинин жазган арызынын негизинде ишти караган Бишкек шаарынын Свердлов районунун БИКинин 2015-жылдын 5-февралындагы токтомунун негизинде узактан бери багылып келүүдө. 6 айлык өткөн сайын аталган комиссия тарабынан балдарды кармоонун мөөнөтү улам узартылып коюуда. Акыркы жолу балдардын энеси 2015-жылдын октябрь айында байланышка чыккан жана иштеп жатканын айткан. Атасынан да дайын жок.

БИКтин жыйыны болгон маалда эне чалынган телефонго жооп бербейт, жашаган жери да белгисиз.

БИКтин чечими: 2012-жылы туулган А.А.ны жана 2014-жылы туулган А.Аны Свердлов районундагы адистештирилген үйдө дагы 6 айга кармоо.

## 1.2. Өспүрүмдөр арасында мыйзам бузууларды болтурбоо жана кылмышты алдын алуудагы БИКтин ролу

Балдар иштери боюнча комиссия өз жыйындарында көп караган иштердин бир категориясы – бул майда укук бузууларга барган (же жасады деп шектелген), мушташка катышты деген, ошондой эле, кылмыш жоопкерчилигине тарта турган куракка толо элек өспүрүмдөрдүн кылмыш жасоо белгилери бар делген иштер болуп саналат. Акыйкатчы Институтунун кызматкерлери тарабынан жүргүзүлгөн мониторинг маалында анализденген, БИКтер тарабынан каралган иштердин 60% ушундай категориядагы болуп саналат. Кабыл алынган чечимдердин анализи көргөзгөндөй көпчүлүк убакта БИКтер баланы Ички иштер органдарынын **Өспүрүмдөр менен иштей турган инспекторлорунун (ИДН) профилактикалык учётуна коёт да, андай балага социалдык педагогду бекитип берери аныкталды.** Белгилеп коюу керек – айрым өспүрүмдөр кайрадан эле кылмыш жасап, алардын иши кайрадан эле БИКтин кароосуна келет, бул болсо өз кезегинде комиссия тарабынан кабыл алынган мындай профилактикалык иш-чаралар майнапсыз жана жетишсиздигинен кабар берет.

**Бишкек шаарынын Биринчи май районунун Балдар иштери боюнча комиссиясынын чечими.**

Ички иштер бөлүмүнө 2000-жылы туулган Т.Тнын энеси анын баласын эки өспүрүм мектеп окуучулары 2000-жылы туулган Н.А. менен анын досу 2000-жылы туулган М.К. урганын айтып, кайрылган. Териштирүү маалында эне өз аразын кайра тосмо арыз менен кайтарып алды. БИК эки өспүрүм мектеп окуучулары 2000-жылы туулган Н.А. менен анын досу 2000-жылы туулган М.К.ны профилактикалык учётко коюп, балдарга мектептен социалдык педагог бекитип берүү тууралу чечим кабыл алган.

**Бишкек шаарынын Биринчи май районунун Балдар иштери боюнча комиссиясынын чечими.**

2001-жылы туулган К.А. өзү менен тең баланы коркутуп, анын «Самсунг»-Jl чөнтөк телефонун тартып алган. БИК баланы профилактикалык учётко коюп, социалдык педагог бекитип берүү тууралу чечим кабыл алган.

Иликтөө көргөзгөндөй өспүрүм мектеп окуучулары тарабынан, анын ичинде, кылмыш жоопкерчилигине тарта турган жашка жете электер тарабынан жасалган тартип бузуулар боюнча БИК «баланы профилактикалык учётко коюп, социалдык педагог бекитип берүү керек” деген менен гана чектелет. **Андан башка комиссияда балага таасир берүүчү реалдуу жана майнаптуу механизмдери жок.**

**Каракол шаарынын Балдар иштери боюнча комиссиясынын чечими.**

Каракол шаардык ички иштер бөлүмүнө Б.М. аттуу жарандан анын велосипедин кошунанын 13 жаштагы Д.И. аттуу баласы уурдап алды деген арыз түшкөн. Текшере келгенде факт далилденген эмесю Ошого карабай БИК баланы профилактикалык учётко коюп, социалдык педагог бекитүү тууралу чечим кабыл алган.

2006-жылы туулган Б.А. мектепте тентек, ал дайыма мушташат, классташтарын жана башка балдарды шылдыңдайт, сабакта тынч отурбайт, башкаларга да тоскоолдук кылат. Классташтарын ата-энесине же мугалимге даттансаңар “сабайм, түбүңөргө жетем”, деп коркутат. Бала менен да, ата-энеси менен дагы далай ирет профилактикалык аңгемелешүүлөр өткөрүлдү, бирок, жыйынтык жок. БИКтин чечими менен бала профилактикалык учётко 3 айга коюлду, бирок, абал өзгөргөн жок, тентек бала тентектигин мурда кандай жасаса ошондой эле улантууда.

## 1.3. Балдарга таандык мүлктөрдү менчигинен ажыратуудагы жана анын менчикке болгон укуктарын коргоодогу БИКтин ролу.

Акыйкатчы институту караган иштердин арасында кызматкерлердин көңүлүн өзүнө бурган иштердин бири – балдарга таандык мүлктөрдү (же анын бир бөлүгүн) менчик укугунан ажыратууга макулдук боюнча Балдар иштерин караган комиссиянын (БИК) чечимдери болду. Баланын менчиктен баш тартууга макулдугун Мамлекеттик каттоо кызматы өспүрүмгө таандык мүлккө болгон укугунан ажыратууну документтештирип жатканда сурайт.

БИК берген материалдардын жана БИКтин жыйындарынын мониторингинин анализи БИК балдарга таандык таандык мүлктү менчик укугунан ажыратууга макулдук берүү же бербөө тууралу чечимдерин **кайсы принциптерден улам** кабыл алаары белгисиз экенин көргөздү. Баса белгилеп айтып коюу керек – топтолгон материалдардын негизинде БИК **85% учурларда балага таандык мүлктөн ажыратуу тууралу чечим кабыл алып берет.**

Айрым учурларда БИК балага таандык мүлктү менчик укугунан ажыратууга макулдук берүү чечимин үй-бүлөнүн турак-жай шартын жакшыртуу максатында деп кабыл алат. Бирок, ошол эле учурда үй-бүлөнүн алдына жаңы сатылып алынып жаткан мүлктү (же анын бир бөлүгүн) **сөзсүз түрдө балага каттоо талабы (шарты) коюлбайт.**

Ошол эле маалда балага таандык мүлктү (же анын бир бөлүгүн) менчик укугунан ажыратуу учурунда баланын мыйзамдуу өкүлү жаңы сатылып алынып жаткан мүлктүн бир бөлүгүн балага каттоо же болбосо аны каржылык жактан камсыздоо тууралу нотариусттан өткөн милдеттенмесин БИКке көргөзөт (же көргөзүүгө милдеттүү). Бирок, иш жүзүндө Балдар иштери боюнча комиссия **бул милдеттин аткарылганын көзөмөлдөбөйт**, жана бул маселени Социалдык өнүктүрүү башкармалыгына койбойт.

**Бишкек шаарынын Свердлов районунун Балдар иштери боюнча комиссиясынын чечими.**

Бишкек шаарынын Свердлов районунун Социалдык өнүктүрүү башкармалыгына жубайлар орток мүлктөгү балдарына - 2002-жылы туулган Б.А. менен 2003-жылы туулган Б.Ага таандык үлүшүн сатууга уруксат берүү өтүнүчү менен кайрылышкан. Социалдык өнүктүрүү башкармалыгы мүлктү сатуунун максаты турак-жай шартын жакшыртуу болуп эсептелет деп чечкен. Анын негизинде БИК жубайларга мүлктүн алардын балдарына таандык үлүшүн сатууга уруксат берген.

**Бишкек шаарынын Свердлов районунун Балдар иштери боюнча комиссиясынын чечими.**

БИК 2004-жылы туулган кыздын энесинин орток квартиранын кызына таандык жарымын сатууга уруксат берүү өтүнүчүн караган. Социалдык өнүктүрүү башкармалыгы мүлктү сатуунун максаты турак-жай шартын жакшыртуу болуп эсептелет деп чечкен. Анын негизинде БИК арыз ээсине квартираны сатууга уруксат берген.

**Бишкек шаарынын Биринчи май районунун Балдар иштери боюнча комиссиясынын чечими.**

2011-жылы туулган А.Д. менен 2013-жылы туулган А.Б. аттуу балдардын энеси Бишкек шаарынын Биринчи май районунун Социалдык өнүктүрүү башкармалыгы кайрылган. Мазмуну – атасы балдарына таштап кеткен «Тойота-Авенсис» (2002-жылы чыккан) автомашинасын сатууга уруксат берүү. Балдар иштери боюнча комиссия Үй-бүлө кодексинин 65-беренесине автоашина сатууга макулдук берген. Ошондой эле комиссия эненин нотаруис аркылуу балдарды багам, каржылык жактан жардам берем деген милдеттенмесин эске алган.

Ошол эле маалда Балдар иштери боюнча комиссия аталган чечимди кабыл алууда эмне себептен Үй-бүлө кодексинин 65-беренесине таянгандыгы белгисиз:

### «65-берене. Баланын мүлктүк укуктары.

*1. Бала өз ата-энесинен, дагы башка үй-бүлө мүчөлөрүнөн ушул Кодекстин V бөлүгүндө белгиленген тартипте жана өлчөмдөрдө каражат алууга укугу бар.*

*2. Алимент, пенсия, жөлөкпул түрүндө балага чегерилген суммалар ата-эненин (аларды алмаштырган адамдардын) колуна тиет жана алар аны баланы багууга, тарбиялоого жана билим берүүгө чыгымдашат.*

*Жашы жетпеген балдарына алимент төлөөгө милдеттүү болгон ата-эненин биреөсүнүн талабы боюнча сот төлөнүүгө тийиш болгон алименттин суммаларынын элүү пайыздан ашпаганын жашы жетпеген балдардын атына банктарда ачылган эсепке которууга чечим чыгарууга укуктуу.*

*3. Бала турак жай аянтын, өзү алган кирешени белек катары же мурас катары алган мүлктү, ошондой эле, өзүнүн каражатына алынган кайсынысы болбосун мүлктү менчиктөө укугуна ээ.*

*Баланын менчик укугундагы өзүнө таандык болгон мүлккө тескөө укугу Кыргыз Республикасынын Граждандык кодексинин 61, 63-статьялары менен аныкталат.*

*Баланын мүлкүн башкаруу боюнча ыйгарым укуктарды ата-эне жүзөгө ашырганда камкордукка алынгандын мүлкүн тескөөгө карата аларга жарандык мыйзамдар аркылуу чектелген эрежелер (Кыргыз Республикасынын Граждандык кодексинин 72-статьясы) жайылтылат.*

*4. Ата-энесинин мүлкүн менчиктегенге баланын укугу жок, ата-эне баланын мүлкүн менчиктегенге укуктуу эмес. Бирге жашап турган балдар менен ата-энелери өзара макулдашуу боюнча бири-биринин мүлкүнөн пайдаланалышат.*

*5. Ата-эне менен балдардын жалпы менчикке укугу пайда болгон учурда жалпы мүлктү ээлик кылуу, пайдалануу жана тескөө жарандык мыйзамдар аркылуу аныкталат»*[161].

Социалдык өнүктүрүү башкармалыгынын жана Балдар иштери боюнча комиссиянын кызматкерлери менен сүйлөшүү маалында балдардын мүлккө карата андан аркы укуктарынын сакталып жатканына эч ким кызыкпай турганы белгилүү болду. Ошентип, жыйынтыктай айтканда Балдар иштери боюнча комиссия балдардын мүлккө карата укуктарын ажы-

161 Кыргыз Республикасынын Үй-бүлө кодексинин 65-беренеси.

ратканы менен алардын андан аркы менчикке укугунун сакталышын көзөмөлдөө боюнча эч кандай механизмди иштетпегендиги белгилүү болду.

Өкмөт токтому менен бекитилген БИКтердин ишин жөнгө салган Жобонун алкагындагы комиссиянын милдеттери менен максаттарына келе турган болсок, негизги милдети, ишинин маани-маңызы оор турмуштук кырдаалдагы балдардын укуктары менен мыйзамдуу кызыкчылыктарын коргоо болгон Балдар иштери боюнча комиссиянын антип жашы жетелектин менчикке болгон укугунан ажыратуу иштерин карап жатканы анын ыйгарым укуктарына кирет, дегеле, максатына канчалык туура келет, деген мыйзамченемдүү суроо туулат.

**Мындан тышкары Балдар иштери боюнча 21 комиссиянын ишине мониторинг жүргүзүүнүн жыйынтыгында төмөндөгүлөр аныкталды:**

- *Балдар иштери боюнча он комиссиянын жумушунда Өкмөт бекиткен Жобонун балдарга тийешелүү материалдарды 10 күн ичинде карашы керек, деген мөөнөт бузулган.*
- *Балдар иштери боюнча алты комиссия материалдарды кароонун негизинде чыгарган жыйынтыктарда жергиликтүү мамлекеттик администрациялардын токтомдору жок.*
- *Балдар иштери боюнча эки комиссияда Жобо талап кылгандай жыйындын протоколдору жок.*
- *Балдар иштери боюнча 21 комиссиянын жетөөсүндө балдарды коргоо жаатында иштеген мамлекеттик органдар ортосунда ведомстволор аралык тийиштүү деңгээлдеги өз ара катнаштын жоктугу аныкталды.*
- *Балдар иштери боюнча 21 комиссиянын онунун гана жыйынында үй-бүлө менен иштешүүнүн жеке планы жана оор турмуштук кырдаалдагы баланы коргоо боюнча жеке пландар каралат, калган комиссиялар мындай пландарды карашкан эмес.*
- *Балдар иштери боюнча 17 комиссиянын берген статистикасынын негизинде чыгарган жыйынтыкка ылайык балдарды коргоо жаатында иштеген мамлекеттик органдардын кызматкерлери жана аты аталып жаткан комиссиялардын мүчөлөрү кандай балдар турмуштук оор кырдаалдагы балдарга кире турганын так билбей турганы аныкталды.*
- *Иш жүзүндө жатак мектептердеги балдарды турмуштук оор кырдаалдагы балдарга кошпой койгон учурлар бар. Балдарды коргоо жаатында иштеген мамлекеттик органдардын кызматкерлери жана аты аталып жаткан комиссиялардын мүчөлөрү эрезеге жетелекти балдар мекемесине жайгаштырып койгондо эле ал турмуштук оор кырдаалдан чыгып кетти деп ойлошот. Бул Үй-бүлө кодексинин 5-беренесине туура келбейт.*
- *Ошондой эле мүмкүнчүлүгү чектелген балдарды жана аз камсыз болгон үй-бүлөлөрдө жашаган балдарды турмуштук оор кырдаалдагы балдардын категориясына кошпой, жалпы статистикага киргизбей коюушаары да белгилүү болду. Бул дагы Үй-бүлө кодексинин 5-беренесине карама-каршы келет.*

Иликтөө көргөзгөндөй балакатка жетелектерге зомбулук көргөзүп, кордоо маселелерин БИК өтө эле аз караганы билинди, так айтканда, баардык каралган иштерден 7 гана материал зордук-зомбулук категориясына кирет. Ошол эле маалда БУУнун Балдар фондусунун (ЮНИСЕФ) маалыматы боюнча Кыргыз Республикасындагы балдардын 57% үй-бүлөдөгү зордук-зомбулуктан жапа чегет[162], ушундан улам биздин мамлекетте балдарга карата зордук-зомбулукту аныктоо, табуу жаатында маселе курч бойдон турат деп жыйынтык чыгарууга болот.

162 Сайтты караңыз: https://ru.sputnik.kg/society/20171122/1036451533/v-kr-ot-domashnego-nasiliya-stradayut-57-protsentov-detey-yunisef.html

Балдар иштери боюнча комиссияга таандык баардык иштер юридикалык-укуктук мүнөздө, бирок, комиссиянын курамында дайыма эле юристтер бар деп айтууга болбойт. Балдар иштери боюнча комиссия жөнүндөгү жобонун 6-пунктуна ылайык комиссия төмөнкү аймактык мамлекеттик органдардын өкүлдөрүнөн түзүлөт:

- *Ички иштер боюнча ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган;*
- *билим берүү чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган;*
- *саламаттык сактоо жаатындагы ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган;*
- *балдарды коргоо боюнча ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган;*
- *миграция чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган;*
- *жергиликтүү өз алдынча мамлекеттик башкаруу өкүлү (шаардык мэрия);*
- *жарандык коомдун өкүлдөрү (макулдашуу боюнча).*

## ЖЫЙЫНТЫК

(1) Турмуштук оор кырдаалга тушуккан балдардын укуктарын жана таламдарын коргоо үчүн зарыл болгон ресурстардын жоктугу; (2) иштерди кароонун мөөнөттөрүнүн бузулушу; (3) Балдар иштери боюнча комиссиянын жыйынынын мезгилдүүлүгү (бул жерде комиссия дайыма, туруктуу иштебегени айтылууда); (4) комиссия мүчөлөрүндө юридикалык билимдин жетишсиздиги; (5) БИКтин мүчөлөрүнүн коомдук башталышта, акысыз иштегени; (6) БИКтин мүчөлөрүнүн баланын эң мыкты таламдарын талашуунун өзөктүү укуктарын жана принциптерин билбегени - турмушта Балдар боюнча комиссиялар талап кылынган максаттарды жүзөгө ашыралбай жатканына тоскоолдук кылууда. Анын кесепетинен турмуштук оор кырдаалдагы балдардын укуктары жана мыйзамдуу кызыкчылыктары тийиштүү деңгээлде корголбой, баланын эң мыкты таламдары сакталбай калууда.

Өкмөт токтому менен бекитилген Жобого ылайык Балдар иштери боюнча комиссиялардын максаты турмуштук оор кырдаалдагы балдардын укуктары менен мыйзамдуу кызыкчылыктарын коргоо болуп эсептелгенине карабастан иш жүзүндө эрезеге жетелектердин арасында тартип бузууларды алдын алуу жана жоюу боюнча БИКтердин кабыл алган чечимдери бул комиссиянын жазалоочу органга айланып калгандыгын көргөздү.

Ошондон улам өзүн өзү башкаруу боюнча мамлекеттик органдардын курамында балдардын, үй-бүлөнүн укуктарын коргоп, аларга колдоо көргөзө турган туруктуу структура (кеңеш, башкармалык, бөлүм ж.б.) түзүүгө убакыт бышып жетилгени айныксыз зарылдык болуп калды.

## СУНУШТАМАЛАР:

### Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө

### Жергиликтүү өзүн өзү башкаруу органдары менен бирге:

Өзүн өзү башкаруу органдарынын структурасында Балдар иштери боюнча комиссиянын ишин көзөмөлдөп, алып кете турган, балдардын, үй-бүлөнүн укуктарын коргоп, аларга колдоо көргөзө турган туруктуу структура түзсүн (Балдардын укуктары менен мыйзамдуу кызыктарын коргоочу Кеңеш же болбосо башкармалык, бөлүм ж.б.).

## Кыргыз Республикасынын Эмгек жана социалдык өнүгүү министрлигине

1. Балдар иштери боюнча комиссиянын атын «Үй-бүлөнү колдоо жана балдардын укуктары менен мыйзамдуу кызыкчылыктарын коргоочу Кеңеш» деп өзгөртсүн;

2. Балдарга таандык мүлктү менчик укугунан ажыратуу боюнча Социалдык өнүктүрүү башкармалыктарынын сунуштарына макулдук берүү же бербөө тууралу чечимдерди кабыл алуу маалында Балдар иштери боюнча комиссия жетекчиликке ала турган критерийлерди иштеп чыксын.

3. Мындай иштерди кароо маалында ар бир жолу баланын мыйзамдуу ъкүлүнүн алдында жана Социалдык өнүктүрүү башкармалыктарына жаңы сатылып алынып жаткан мүлктү өспүрүмгө сөзсүз нотариус аркылуу каттатып, мыйзамдаштыруу көзөмөлгө алынсын.

## Кыргыз Республикасынын Башкы прокуратурасына

1. Прокуратура органдары Балдар иштери боюнча комиссиянын (Үй-бүлөнү колдоо жана балдардын укуктары менен мыйзамдуу кызыкчылыктарын коргоочу Кеңештин) жумушуна көзөмөлду күчөтсүн.

2. Прокуратура органдары Өспүрүмдөрдүн иштери боюнча инспекциянын Ички иштер министрлигинин профилактикалык учётуна балдарды отургузуу жана андан чыгаруунун негиздүүлүгүнө көзөмөлдү күчөтсүн.

## Балдар иштери боюнча комиссияларга

(Үй-бүлөнү колдоо жана балдардын укуктары менен мыйзамдуу кызыкчылыктарын коргоочу Кеңешке)

1. Турмуштук оор кырдаалдагы балдарга байланыштуу иштерди караган маалда Социалдык өнүктүрүү башкармалыктарынан Үй-бүлө менен иштөөнүн жекече планын жана Баланы коргоонун жекече планын дайыма талап кылсын.

2. Үй-бүлө менен иштөөнүн жекече планын жана/же Баланы коргоонун жекече планын бекитүү маалында турмуштук оор кырдаалда жашап туруп, мыйзам бузган өспүрүмдөр менен иштөөчү мектеп психологдорунун ишине өзгөчө көңүл бурсун. Жеке планга психолог менен өспүрүмдөрдүн иши сөзсүз кошулсун.

3. Үй-бүлө менен иштөөнүн жекече планын жана/же Баланы коргоонун жекече планын бекитүү маалында Балдар менен иштөөчү комиссия (Үй-бүлөнү колдоо жана балдардын укуктары менен мыйзамдуу кызыкчылыктарын коргоочу Кеңеш) баланы жатак мектепке же реаблитациялык борборго 6 айга жаткыруудан мурда аны өз үй-бүлөсүнө же туугандарына кайтарууга, болбосо багып алуучу (фостердик) үй-бүлөгө, асырап алууга мүмкүн болгон жолун карасын. Социалдык өнүктүрүү башкармалыктарынын баланы жатак мектепке 6 айга жаткырууну сурагып сотко кайрылуусу айла түгөнгөн учурдагы акыркы гана чара болушу шарт.

Балдар менен иштөөчү комиссия (Үй-бүлөнү колдоо жана балдардын укуктары менен мыйзамдуу кызыкчылыктарын коргоочу Кеңеш) Социалдык өнүктүрүү башкармалыктарынын баланы жатак мектепте 6 айдан ашык кармалбашына кам көрүшүн көзөмөлдөп, чечсин.

## Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министерлигине

Ар бир мектептин штаттык тизмесине мектеп психологун киргизсин.

## Өз алдынча башкаруу органдарына

Өз алдынча башкаруу органдарынын структурасында үй-бүлөнү колдоо жана балдарды коргоо боюнча башкармалык түзүү (ал БИК менен, келечекте Үй-бүлөнү колдоо жана балдардын укуктары менен мыйзамдуу кызыкчылыктарын коргоочу кеңеш менен тыгыз иштесин)



# 4-БӨЛҮМ.

# ЖАРАНДЫК ЖАНА САЯСИЙ УКУКТАР

## 4.1. ТЫНЧ ЖЫЙЫНДАРГА ЖАНА ЖӨӨ ЖҮРҮШТӨРГӨ БОЛГОН УКУК

2017-жылы тынч жыйындардын 70%да саясый жана социалдык маселелер көтөрүлгөн. Алардын максаттары бийликтин көңүлүн буруу болуп саналат. Жыйындардын саны жыл сайын көбөйүүдө: КР ИИМдин маалыматына караганда, 2015-жылы 434 жыйын катталган, 2016 -жылы– 596, 2017-жылдын алты айында – 188 жыйындар бир гана Бишкек шаарында өткөрүлгөн.

2017-жылы өткөн жыйындарда социалдык жана экономикалык маселелер көтөрүлгөн (жаңы конуштардагы жашоо-шарттар [163], көчүрүү [164]), ошондой эле саясый күчтөрдүн карама-каршылыктары менен байланышкан маселелер (Өмүрбек Текебаев [165], Садыр Жапаров [166], Канат Исаев [167], Өмүрбек Бабанов [168], Бектур Асанов, [169] Бекболот Талгарбеков) [170] ошондой эле башка иштерге байланыштуу (актоого каршы протест [171]).

163 «Алтын-Казык» жаңы конушундагы ичүүчү таза суунун жоктугу, электр менен камсыз кылуу маселелери, балдарды мектептерге кабыл алуудан баш тартуу. , https://ru.sputnik.kg/society/20170817/1034753517/zhiteli-novostrojki-trebuyut-sozdat-usloviya.html

164 Карагыла.http://www.for.kg/news-419727-ru.html.

165 Жаңылыктардын топтомун карагыла, https://kaktus.media/?lable=4144.

166 Жаңылыктардын топтомун карагыла, https://kaktus.media/?lable=4830.


167 Жаңылыктардын топтомун карагыла, https://kaktus.media/?lable=3030.

168 Талас: Бабановдун 200гө жакын тарапташтары «Республиканын» штабынын айланасына чогулушту https://kloop.kg/blog/2017/10/16/talas-okolo-200-storonnikov-babanova-sobralis-vozle-shtaba-respubliki/.

169 7https://24.kg/obschestvo/75147_otstavki_glavyi_gknb_trebuyut_mitinguyuschie_okolo_kolonii_47v_bishkeke/

170 http://www.gezitter.org/society/53251_storonniki_chlenov_narodnogo_parlamenta_vyishli_na_miting/

171 Каракол: Каза тапкан медколледждин директорунун жакындары айыпталуучунун акталгандыгына наразы болуп чыгышты https://kloop.kg/blog/2017/12/25/karakol-rodstvenniki-ubitogo-direktora-medkolledzha-vyshli-na-miting-iz-za-opravdaniya-obvinyaemoj/.



*Бишкек шаарык ИИБнин убактылуу кармоочу изолятору*



*Сотко мониторинг*

Фактылар жарандардын жыйындарды өткөрүүгө болгон эркиндигинин активдүү иш жүзүнө ашырылып жаткандыгын көрсөтүп турат. Аталган статистикада камакка алынган депутаттарды колдоого алган, коомчулукта резонанс жараткан жыйындар дагы көрсөтүлгөн.

2017-жылдагы тынч жыйындар бийлик органдарынын алдына төмөндөгүдөй маселелерди алып чыккан: камакка алынгандарды укуктук жактан коргоону камсыз кылуу, жардам берүү, укуктарын коргоо, адвокаттык ишмердиктин кепилдиги, Бищкек шаарындагы ички иштер башкармалыгынын кабыл алуу жана бөлүштүрүү жайларындагы шарттар. Кыргыз Республикасынын Акыйкатчысынын (Омбудсмен) кароосуна бир нече кайрылуулар келип түшкөн.

Тынч жыйындарга болгон укуктар 1948-жылдын 10-декабрында кабыл алынган Жалпы Декларацияда көрсөтүлгөн. Тынч жыйындарга болгон эркиндиктин кепилдиги жарандык жана саясый укуктар жөнүндөгү эл аралык Пакты менен кепилдикке алынган[172]. 18 жашка толо элек баланын тынч жыйындарга эркин катышууга болгон укугун таанылат[173].

Тынч жыйындарды өткөрүүгө болгон укуктар эркиндик жана укуктардын тизмесине каралган, расалык басмырлоонун бардык түрлөрүн жок кылуунун формасын камтыган жана расага, терисинин түсүнө, улуттук же этникалык тобуна карабай адамдардын мыйзам алдындагы тең укуктуулугун камсыз кылууга багытталган[174].

Кыргыз Республикасы өз аймагынын чегинде, өзүнүн юрисдикциясында турган бардык адамдардын укуктары менен эркиндиктерин урматтайт жана камсыз кылат. Ар ким тынч чогулуш өткөрүү эркиндигине укуктуу. Эч ким чогулушка катышууга мажбурланууга тийиш эмес[175].

## Азыркы кырдаал

Кыргыз Республикасында жыйындарга болгон эркиндик-коомдун турмушунун маанилүү элементи, жарандардын мамлекеттик бийликке жана коомдук иштерге болгон түздөн-түз катышуусунун формаларынын бири болуп саналат.

Жыйындардын тынч өтүшүнө ар бир адам ынтызар. Эркин жыйындардын тынч өтүшү укук коргоо органдарынын даярдыгы, соттук корпустун компететтүүлүгү менен байланыштуу. Жыйындардын тынч өтүшүн жөнгө салган конституциялык абал аймактагы өлкөлөрдүн арасында мыкты деп атоого болот. Бул жагдайлар Кыргыз Республикасынын «Тынч жыйындар-

172 МПГПП 21-беренеси

173 Баланын укуктары жөнүндөгү Конвенциянын 15-беренесинин 1-бөлүмү

174 Расалык дискриминациянын бардык түрлөрүн жоюу боюнча эл аралык Конвенциянын 5-беренеси

175 Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 34-беренеси.

ды өткөрүү жөнүндөгү» мыйзамында каралып [176], эркин жыйындарга катышуу укугун камсыз кылуу боюнча милдеттерди чечмелеп берет [177].

Аталган мыйзамда жергиликтүү бийликтин [178], ички иштер органдарынын [179] милдеттери чечмеленип берилип, ички иштер органдарынын иш-аракетиндеги чектөөлөр так аныкталган [180], тынч жыйындарды өткөрүүнү камсыз кылуунун бардык жагдайлары көрсөтүлгөн [181]. Тынч жыйындардын катышуучуларынын укуктары [182] жана уюштуруучуларынын жоопкерчиликтери каралган [183]. Мыйзамда тынч жыйындарды өткөрүүнү маалымдоо, уюштуруучулардын укуктары сыяктуу жагдайлардын конституциялык жоболору каралган [184].

КРнын ИИМнин маалыматына караганда, 2015-жылы 434 жыйындар катталган, 2016-жылы – 596, 2017-жылдын алты айында – 188 жыйын Бишкек шаарында өткөн.

## Саясый укуктар жана сөз эркиндигине байланыштуу тынч жөө жүрүштөр

2017-жылдын 18-мартында Бишкек шаарында саясый укуктар жана сөз эркиндигине байланыштуу тынч жүрүш болуп өттү. КРдин ИИМинин маалыматына караганда, [185] жөө жүрүштү өткөрүүдө Абдрахманов жана Бөкөнбаев көчөлөрүнүн кесилишинде айрым катышуучулар милицянын бир нече жолку эскертүүлөрүнө карабастан транспорт каражаттары өтө турган жолду жаап, коомдук тартипти бузушкан.

Тынч жөө жүрүштүн катышуучуларынын бир бөлүгү жолдун жээгинен чыгып кеткендиктен милиция аларды кармап кеткен, ал эми жөө жүрүштүн калган катышуучулары тротуар менен жолун уланткан.

Ички иштер бөлүмүнүн кызматкерлери Свердлов райондук ички иштер башкармалыгына беш жаранды алып келип, аларга иш козголуп, Бишкек шаарынын Свердлов райондук сотуна берилген. Свердлов райондук соту аларды беш сутка ( 18-марттан 23-мартка чейин) кабыл алуу-бөлүштүрүү жайында кармоого чечим чыгарган [186].

Буга байланыштуу 2017-жылдын 18-мартында Кыргыз Республикасынын Акыйкатчысынын (Омбудсмен) орун басары Е.А.Алимбаев кармалган жарандардын кармоо шартына мониторинг жүргүзүп кайткан. Эркиндик жөө жүрүшүнүн катышуучулары Бишкек шаарынын ички иштер башкармалыгынын убактылуу кармоочу жайынын шарттарын жакшыртууну талап кылышкан.

## Соттук териштирүүлөр, кармалгандардын укугу, адвокат жалдоого укуктар

2017-жылдын 25-мартында Бишкек шаарында экс-депутат С. Жапаровдун тарапташтарынын наразылык иш-чарасы болуп өткөн. Коомдук тартипти бузган деген айып менен административдик укук бузуулар боюнча материалдар түзүлгөн.Жыйналган материалдар Бишкек шаарынын Биринчи Май райондук сотунун кароосуна жөнөтүлгөн. Буга байланыш-

176 См. http://cbd.minjust.gov.kg/act/view/ru-ru/203664.

177 Кыргыз Республикасынын «Тынч жыйындарды өткөрүү жөнүндөгү» мыйзамынын 4-беренеси.

178 Кыргыз Республикасынын «Тынч жыйындарды өткөрүү жөнүндөгү» мыйзамынын 6-беренеси.

179 Кыргыз Республикасынын «Тынч жыйындарды өткөрүү жөнүндөгү» мыйзамынын 5-беренеси.

180 Кыргыз Республикасынын «Тынч жыйындарды өткөрүү жөнүндөгү» мыйзамынын 7-беренеси.

181 Кыргыз Республикасынын «Тынч жыйындарды өткөрүү жөнүндөгү» мыйзамынын 8-беренеси.

182 Кыргыз Республикасынын «Тынч жыйындарды өткөрүү жөнүндөгү» мыйзамынын 9-беренеси.

183 Кыргыз Республикасынын «Тынч жыйындарды өткөрүү жөнүндөгү» мыйзамынын 10-беренеси.

184 Кыргыз Республикасынын «Тынч жыйындарды өткөрүү жөнүндөгү» мыйзамынын 11-беренеси.

185 https://ru.sputnik.kg/society/20170318/1032320460/pyatero-uchastnikov-akcii-za-svobodu-slova-zaderzhany-naznachen-sud-guvd.html.

186 Кыргыз Республикасынын «Административдик жоопкерчилик жөнүндөгү» Кодекси. 231–1-берене, 1-бөлүк 371-берене, 353-берене.



туу 2017-жылдын 25-26-мартында Кыргыз Республикасынын Акыйкатчысы (Омбудсмен) К.Т. Оторбаев менен Акыйкатчынын орун басары Е.А.Алимбаев, маалымат кызматынын жетекчисинин орун басары Талантбек уулу Абсаматтар тарабынан Бишкек шаарындагы Биринчи Май райондук сотунун жүрүшүнө мониторинг жүргүзүлгөн.

Судьялардын айрымдары соттук териштирүүнүн алдында кармалгандардын укуктары боюнча тактап айтканда, адвокат жалдоого, иштин материалдары менен таанышып чыгуу тууралуу түшүндүрмө беришкен жок. Административдик укук бузуулардын протоколу менен тааныштырган эмес.

Кармалгандардын ичинен 91 адамга укук бузуулар боюнча протоколдор түзүлгөн. Биринчи Май районунун ички иштер башкармалыгы тарабынан 75 адамга, Свердлов районунун ички иштер башкармалыгы тарабынан 7 адамга жана Октябрь райондук ички иштер башкармалыгы тарабынан 9 адамга укук бузуулар боюнча административдик протоколдор түзүлгөн.

75 адамга карата административдик тартип бузуулар боюнча материалдар Бишкек шаарындагы Биринчи Май райондук сотуна 2017-жылдын 25-мартында келип түшкөн, Административдик жоопкерчилик жөнүндө кодекстин 364-беренесинин 1-бөлүгү (майда ээнбаштык), 371-беренесинин 1-бөлүмү (коомдук тартипти сактоодо мыйзамга, коомдук тартипти сактоодо кызматын аткарып жаткан милиция органдарынын кызматкерлерине же башка кызматкерлерге баш ийбөө) . Бир катар жарандар 392-берене менен (мыйзам тарабынан белгиленген тынч жыйындарды өткөрүүнүн тартиптерин бузгандыгы үчүн ) Бишкек шаарынын Биринчи Май жана Свердлов райондук сотторунун чечимдери менен айып тартышты.

Биринчи Май райондук ички иштер башкармалыгы тарабынан: 16 аялга (10 – административдик камак, 6–айып), 59 эркекке (48 – административдик камак, 9 – айып, 2 адамга эскертүү берүү менен административдик өндүрүш токтотулган). 58 тартип бузгандар Бишкек шаарынын ички иштер башкармалыгынын камак жайына 2 суткадан 5 суткага чейинки камаккка алуу менен административдик жазага тартылышты. 5 суткага камоо менен административдик жазага 55 адам, 2 суткага 2 адам, 1 суткага 1 адам тартылышкан. 1500 сомдон 10 адамга, 500 сомдон 4 адамга, 5000 сомдон бир адамга айып салынган. 75 адамдын ичинен 7 адамдын ичимдик ичкени аныкталып, Бишкек шаардык наркологиялык диспансерде тастыкталган [187].

Свердлов райондук ички иштер башкамралыгы боюнча: 7 эркек 5 суткага административдик камакка алынышты. Октябрь райондук ички иштер башкармалыгы боюнча 9 административдик материалдар түзүлдү: 5 эркек жана 4 аялга эскертүү берилип, административдик иштер токтотулду.

Протокол түзүлгөн адамдар жактоочулардын катышуусунда 2 суткадан 5 суткага чейинки айыптарга байланышкан сот иштерине катышууга укуктуу. Туугандары кармалгандарды митинг учурунда таппай калышкан, мунун өзү дайынсыз жоголгон менен барабар. Кармалгандарды жактоочулар менен камсыз кылуу айыптоону жеңилдетүүгө шарт түзмөк.

Экс-депутатты колдоо митингине катышкан 12 адамга кылмыш иши козголуп, Бишкек шаарынын ички иштер башкармалыгынын убактылуу кармоочу жайына камалды.

187 Бишкек шаардык прокуратурасынын жообунан чыг №09-201 от 25.04.2017-жыл.

Кылмыш иштери Кылмыш-жазык кодексинин 234-berenenin 3-бөлүмүнүн, 2, 3пункттары, 1-бөлүмүнүн 2,4-пункттары, 341-беренинин 1-бөлүмү жана 174-беренинин 1-бөлүмүндөрүндө көрсөтүлгөн кылмыштардын белгилери боюнча козголгон. 25-марттагы митинг учурунда кармалгандардын ичинен 12 адам сот тарабынан эки айга камалган, алардын арасында экс-депутат Садыр Жапаровдун эки бир тууганы жана эки уулу бар. Кармалгандарга карата сот-тук-медициналык экспертизалар дайындалган [188].

Кыргыз Республикасынын Акыйкатчысы (Омбудсмен) жана Акыйкатчынын орун басары 2017-жылдын 27-28-мартында Бишкек шаарынын ички иштер башкармалыгынын убактылуу кармоочу жана кабыл алуу-бөлүштүрүү жайларында мониторинг жүргүзүшкөн.

2017-жылдын 27-мартында Бишкек шаарындагы ички иштер башкармалыгынын кабыл алуу-бөлүштүрүү жайынын фельдшери Г. Алмерековага кылмышка шектүүлөр Асанов Руслан Өмүргазиевич менен Жапаров Ренат Эркинбековичтер ден соолугу жабыркагандыгы тууралуу арыз менен кайрылышкан. Аларды Кыргыз Республикасынын саламаттыкты сактоо министрлигинин алдындагы Улуттук госпиталга текшерүүгө алып келишкен. Р.Жапаровго сол жагынын I даражадагы варикация, каракуш жана баш сөөгүнүн сол жагынын жумшак эттеринин жабыркашы, ал эми Р.Асановго сол жак көкүрөк сөөгүнүн жабыркашы деген диагноздор коюлган [189].

2017-жылдын 29-мартында Бишкек шаарынын прокуратурасы тарабынан текшерүүнүн жүрүшүндө Р.Жапаров менен Р.Асанов суракка алынган. Алар арыз берүүдөн жана соттук-медициналык экспертизадан өтүүдөн баш тартышкан. Өз түшүнүктөрүндө ички иштер органдарынын кызматкерлерине эч кандай доолору жок экендиктерин көрсөтүшкөн.

### Бишкек шаарындагы убактылуу кармоочу жайдын шарттары

Бир адамга каралган аянттын нормасы – 2,5 чарчы метр. Административдик айып менен кармалгандарга: жууркан-төшөк, газета, журналдар жана стол үстүндө ойнолуучу оюндар берилет. Күн сайын сейилге чыгышып, анын мөөнөтү күндүз бир саат убакытты түзөт [190].

2017-жылдын 29-мартында Бишкек шаарынын прокуратурасы тарабынан Бишкек шаардык ички иштер башкармалыгынын убактылуу кармоочу жайын текшерген учурда административдик айып менен кармалгандар үчүн 26 камера бар болсо, анын ичинен 9 камера иштей тургандыгы (1 аялдар үчүн) калгандары керебет, төшөнчү жетишпей жана капиталдык ремонт талап кылынгандыктан иштебей тургандыгы аныкталган.

2017-жылдын 25-мартынан 30-мартына чейин Бишкек шаардык ички иштер башкармалыгынын убактылуу кармоочу жайындагы административдик айыптар менен кармалгандар бир жолку ысык тамак менен камсыз болушкан: түшкү тамакка нан менен ысык тамак, кечкисин кант жана нан менен ысык чай берилген [191]. Тамак-аш менен камсыз кылууга байланыштуу административдик айып тарткандар тарабынан арыз жана даттануулар түшкөн эмес.

Бир камерада административдик айып менен кармалгандардын саны 10 адамдан 14 адамга чейинкини түзөт. Камеранын көлөмү – 16дан 24 м$^{2}$ге чейин. Административдик камералар

188 Бишкек прокуратурасынын жообунан кир №09-296 21.06.2017-ж.

189 Бишкек шаарынын ички иштер башкармалыгынын убактылуу кармоочу жайынын фельдшери Г.Алмерекованын тастыктамасынан

190 Кыргыз Республикасынын Өкмөтү тарабынан 1998-жылдын 19-январында бекитилген №42 «Ички иштер органдарынын алдындагы административдик камакка кирептер болгон жарандарды кабыл алуу-бөлүштүрүүчү атайын жайлар жөнүндөгү Жобонун» 22 -пунктуна ылайык

191 Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн №42 08.02.2008-жылдагы токтомуна жана КР ИИМинин 18.04.2016-жылдагы №399 «ИВСтерде жана ички иштер бөлүмдөрүнүн атайын жайларында кармалган жарандарды тамак-аш менен камсыз кылууга бөлүнгөн каражаттарды роционалдуу пайдалануу» жөнүндөгү буйругуна ылайык административдик шек менен кармалгандардын бир күнкү тамактануусуна 82 сом бөлүнөт.



*Бишкектин кабыл алып-бөлүштүрүү жайы 19-кылымдагы зындандан айырмасы жок: камактагылар тыгылып жатышат, аба жетпейт, бөлмөнүн ичи кир*

жылытылат. Бардык кармалгандар журналга катталып, дактилоскопиядан жана медициналык кароодон өткөрүлгөн.

Бишкек шаардык прокуратурасы тарабынан текшерүү учурунда Бишкек шаарынын ички иштер башкармалыгынын убактылуу кармоочу жайынын кызматкерлери административдик айыпка кирептер болгондорго негизсиз жана мыйзамсыз аракеттер көрүлбөгөндүгүн, ички тартип (кармоо режимдери) сакталгандыгын белгилешкен.

Убактылуу кармоочу жайдагы кармалгандардын тамак-ашка байланыштуу укук бузуулары аныкталган эмес.

Камактагыларга сүлгү, керебет, жаздык тыштары менен берилет, мындан сырткары убактылуу кармоочу жайдын жетекчилигине кармалган жарандарды дарыгер-фельдшердин кароосунан өткөрүү милдети дагы жүктөлгөн[192]. Жобонун бардык талаптары толугу менен аткарыла бербейт: атап айтканда кармалган жарандардын тапчанда жаткандарына төшөнчү жана шейшептер жетишпейт.

Кыргыз Республикасынын Конституциясына ылайык ар бир адамдын кадыр-баркы урматталууга тийиш.

Кармалгандарды камераларга жайгаштырууда чарчы метр жана сыйымдуулугу эске алынбайт: 12 орунга эсептелген №4-камераны текшерген учурда ( аянты 24 $м^2$) 18 адам, ал эми 11 адамга ылайыкталган №3-камерада ( аянты 22 $м^2$) 4 адамдын кармалгандыгы аныкталды.

Тиешелүү каражаттын жоктугунан убактылуу кармоочу жайга ремонт жүргүзүлбөйт, камералардын абалы канааттандыраарлык эмес, санитардык-гигиеналык нормалар сакталбайт. Шектүүлөргө жана айыпталуучуларга гигиенанын, санитариянын жана өрт коопсуздугунан сактануунун талаптарына жооп берген турмуш-тиричилик шарттарын түзүү зарыл.

Муну менен кошо айта кетүүчү жагдай, убактылуу кармоочу жайдын администрациясынын белгилегенине караганда, укук бузуулардын басымдуу бөлүгү материалдык камсыздоо жана тиешелүү акча каражатынын жетишпестигине байланыштуу (Бишкек шаарынын ички иштер башкармалыгынын убактылуу кармоочу жайы капиталдык ремонт иштерин талап кылат)

2017-жылдын 30-мартында Бишкек шаарынын прокуратурасы Кыргыз Республикасынын ички иштер министринин наамына мыйзам бузууларды четке кагуу боюнча көрсөтмө берген.

192 Жобонун 34-пунктунун талаптарына шайкеш

Бишкек шаарынын прокуратурасы тарабынан убактылуу кармоочу жайдын шарттары туурасында ушундай эле мыйзам бузуулар аныкталган. 2016-жылы жана 2017-жылдын 24-мартындагы текшерүүлөрдүн жыйынтыгы менен Бишкек шаардык ички иштер башкармалыгы тарабынан көрсөтмөлөр четке кагылган эмес. Прокурордук көзөмөлдүн актылары каражатын жоктугунан аткарылган эмес [193].

Бишкек шаардык ички иштер башкармалыгынын жетекчилигинин маалыматына караганда алардын кайрылуусу Бишкек шаардык Кеңеши тарабынан каралып, убактылуу кармоочу жайдын капиталдык ремонтуна 3 миллион сом бөлүү тууралуу чечим чыгарылган. Учурда капиталдык ремон иштери жүргүзүлүп: чатыр оңдолуп, имараттын сыртына капиталдык ремонт жасалган, имараттын ичине байкоо жүргүзүү үчүн камералар орнотулган.

## Ички иштер бөлүмдөрүнүн кызматкерлери тарабынан күч колдонуулардын мыйзамдуулугу

Бишкек шаардык ички иштер башкармалыгынын тергөө башкармалыгы жана коопсуздук боюнча башкы башкармалыгы тарабынан 2017-жылдын 25-мартындагы окуяларга байланыштуу кызматтык иликтөөлөр жүргүзүлгөн. Милиция кызматкерлери тарабынан күч жана ок атуучу куралдарды колдонуу боюнча фактылар боюнча иштердин материалдары өзүнчө өндүрүшкө алынган.

2017-жылдын 2-майында Бишкек шаарынын прокуратурасы тарабынан 2017-жылдын 25-мартында УКМКнын имаратынын жанында ички иштер бөлүмүнүн кызматкерлери тарабынан күч жана курал колдонулган деген фактылар боюнча КР КПК 28-беренесинин 1-бөлүмүнүн 3-пунктунун талаптарына ылайык кылмыш ишин козгоодон баш тартылган [194].

Муну менен катар укук коргоо органдарынын мыйзам бузууларды алдын-алуу максатында жыйындарга каршылык көрсөткөндөргө карата активдүү чараларды көрүү аракеттеринин басаңдаганын байкоого болот. Милиция кызматкерлери талапка ылайык патрулдук иш учурунда акцияларды токтотуу же алдын алуу боюнча атайын тартиптерге байланыштуу маалыматтарга толук кандуу ээ эмес. Ички иштер бөлүмдөрүнүн кызматкерлери жыйындарга көзөмөл кылуу боюнча окууларды улантууга муктаж, жыйындарды өткөрүүдөгү ар кандай кырдаалдар үчүн жабдуулар (щит, шлем, өрттөн коргоочу кийимдер, ок өткөрбөгөн транспорт каражаттары) менен камсыз кылууга баа берилүүсү керек.

Прессада катышуучулардын аракеттерине экс-депутаттын камалышынан пайдаланып, кырдаалды курчутуу аракеттери жүрүүдө деп баа берүүгө аракет кылышкан [195]. УКМКнын имаратынын алдында чогулгандар курчоону жарып өтүүгө аракет кылып, ички иштер башкармалыгынын кзматкерлерине желим бөтөлкөлөрдү ыргытышкан [196].

## 2017-жылдын 25-мартындагы окуяларга байланыштуу башка териштирүүлөр

Кыйноолорду жана зомбулукту алдын алуу улуттук борборуна Шамшидин уулу Айдынбектен арыз жана Шамшидин уулу Айбектин жана Б Казиевдин №003-3/у медициналык карталары келип түшкөн. Буга байланыштуу Омбудсмен К. Т. Оторбаев Бишкек шаардык прокуратурасына кайрылган. Бирок, 2017-жылдын 11-апрелинде Б.Казиев Бишкек шаардык прокуратурасына анын арызын кароодон баш тартуу өтүнүчү менен кайрылган жана соттук-медициналык жана Стамбул протоколуна ылайык психологиялык-психиатриялык экспертизадан өтүүдөн баш тарткан.

193 Жобонун 4-пунктуна ылайык убактылуу кармоочу жайдагыларды кармоо республикалык бюджеттин эсебинен жүргүзүлөт

194 Бишкек шаардык прокуратурасынын жообу (кир№ 09-296 от 21.06.2017 ж.).

195 http://www.ca-portal.ru/article:33919 «Вечерний Бишкектин» ссылкасы аркылуу карагыла

196 https://kaktus.media/doc/354625_miliciia_ystroila_razgon_i_zaderjaniia_mitingyushih_y_zdaniia_gknb.html.карагыла

Прокуратура органдарына башка кармалгандар жана алардын жакындары, ошондой эле жактооочулары тарабынан сурак жана тергөө учурларында күч колдонулгандыгы тууралуу арыздар келип түшкөн эмес.

# ЖЫЙЫНТЫКТАР

- Өлкөнүн коомдук-саясый жана социалдык экономикалык турмушунда туруктуулуктун жоктугунан наразылыктар келип чыгат. Жыйын аркылуу адамдар өз маселелерин чечүүгө аракет кылат. КРнын ИИМнин 2017-жылдагы маалыматтары наразылык маанайлардын жылдын биринчи жарымында арбыгандыгын көрсөттү. Мамлекеттик органдар, алардын ичинен укук коргоо органдары дагы тынч жыйындарга болгон укуктарды чектөө коомдо катуу конфронтация жарата турганын жакшы билишет.

- 2010-жылы кабыл алынган Кыргыз Республикасынын Конституциясы тынч жыйындарды өткөрүү эркиндигине болгон укуктардын кепилдигин камсыз кылып, жергиликтүү бийлик менен коомдун ортосунда, тынч жыйындарга болгон укук бузууларды алдын алуу боюнча конфронтацияларды түзүүгө негиз түздү.

# СУНУШТАР

## Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешине:

1. Кыргыз Республикасынын тынч жыйындарды өткөрүү эркиндигин камсыз кылуу жаатындагы эл аралык келишимдердин талаптарын аткаруу боюнча милдеттенмелерге дайыма парламенттик көзөмөл жүргүзүү.

## Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө:

1. Адамдардын укуктарынын жана эркиндиктеринин сакталышына, мунун ичинде тынч жыйындарды өткөрүү эркиндигине болгон укуктарга такай мониторинг жүргүзүү.

2. Ички иштер бөлүмдөрүнүн кызматкерлерин коргоочу каражаттар - щит, шлем, өрттөн сактоочу кийимдер, ок өтпөгөн жилеттер жана ок өтпөгөн техникалык каражаттар менен камсыз кылуу. Бул ар кандай куралдарды колдонуу зарылчылыгын азайтат. Бул жерде дагы бир жолу белгилей кетүүчү жагдай, мамлекет укук коргоо органдарынын эркин жана тынч жыйындарды коргоо боюнча позитивдүү милдеттерин аткаруу үчүн жетишээрлик ресурстар менен камсыз кылуусу керек.

## Кыргыз Республикасынын ички иштер министрлигине:

1. Ички иштер бөлүмдөрүнүн кызматкерлеринин жарандардын тынч жыйындарды өткөрүүдөгү укуктарын сактоого багытталган Кыргыз Республикасынын нормативдик укуктук актыларын жана башка мыйзамдарын так сактоосун камсыз кылуу, мыйзам бузууларды тыкыс текшерип, кызмат абалына жана эмгек өтөөсүнө карабай жазага тартууну карап чыгуу.

2. ИИМдин коомдук тартипти сактоо башкы Башкармалыгынын ишин оперативдик мүнөздөгү жана башка тапшырмаларга карабай туруп тынч жыйындарды өткөрүүгө кепилдик берген Конституциянын нормаларын сактоо менен камсыз кылуу. Бардык мыйзам бузу фактыларын мак иликтеп чыгуу.



# 5-БӨЛҮМ

# АКЫЙКАТТУУ СОТТУК ТЕРИШТИРҮҮЛӨРГӨ БОЛГОН УКУК

## 5.1. ЖАЗЫК СОТ ӨНДҮРҮШҮНДӨГҮ ТЕҢ УКУКТУУЛУК ЖАНА АТААНДАШТЫК ПРИНЦИПТЕРИ

Соттук териштирүүлөрдө тараптар тең укуктуу. Соттук териштирүүлөр учурунда жазык иштери боюнча айыпкер, эрежеге катары, анын коомго канчалык коркунучтуу экендиги эсепке алынбай туруп, тосмо артында (темир тордо) кармалат. Соттук териштирүүлөрдүн учурунда тосмо артында болгон адамдардын көпчүлүгү соттук териштирүүлөрдүн катышуучулары үчүн коркунуч жаратпагандыгын байкоолор көрсөттү.

Бардык коюлган жазык күнөөлөрүн кароодо соттор алдында же кайсы бир жарандык процессте укуктарды жана милдеттерди аныктоодо компоненттүү, көз карандысыз жана калыс соттор тарабынан иштердин акыйкаттуу жана коомдук териштирүүлөрүндө бардык адамдар тең укукта[197].

Кыргыз Республикасынын Конституциясы ар бир адамга анын укуктарын жана эркиндиктерин соттук коргоону кепилдейт жана мыйзамдар менен соттор алдында бардыгынын теңдигин, сот адилеттигин жүзөгө ашыруунун негизги принциптерин[198], сот өндүрүшүндөгү атаандаштыкты жана тараптардын тең укуктуулугун бекемдейт. Бул принциптер жазык-про-

197 ЖСУЭП 14-беренесин караңыз.

198 КР Конституциясынын 40-беренеси, http://cbd.minjust.gov.kg/act/view/ru-ru/202913.

цессуалдык мыйзамдарда негизги болуп саналат[199]. Атаандаштыкты жана тараптардын тең укуктуулугун камсыздоо – демократиялык сот өндүрүшүнүн маанилүү шарттарынын бири. Кубаттуу принцип катары саналуу менен ал далилдерди изилдөөнүн жана баалоонун ыкмасын, процесстин катышуучулары тарабынан өзүнүн кызыкчылыктарын коргоо ыкмасын, процессуалдык функцияларды ишке ашыруу ыкмаларын өзүнө камтыйт.

Адилеттүү соттук териштирүүлөрдүн принциптерин камсыздоо үчүн сот негизги орунду ээлейт. Сот айыптоочу же корголуучу тарапта боло албайт, калыстыкты жана бейтараптыкты сактоо менен[200] укуктардын кызыкчылыктарынан башка кандай гана кызыкчылык болбосун кызыкдар болбойт, ошону менен бирге тараптардын процессуалдык укуктарынын жана милдеттеринин алар тараптан ишке ашышы үчүн зарыл болгон шарттарды түзөт.

2017-жылдын 12 айында КР Омбудсменинин атына (борбордук аппаратка жана аймактык өкүлчүлүктөргө) соттук системага байланыштуу 1 390 арыз түшкөн (жалпы 3242 кайрылуунун 42,9 %ы).

Салыштыруу үчүн – мурдагы жылдардагы маалыматтар: 2016-жылы – 1 925 кайрылуу (жалпы 3800дүн 50,7%ы), 2015-жылы – 1 013 кайрылуу (40,8%).

***2013- 2017-жылдары сот органдарына даттануулар-ды камтыган жарандардын кайрылуулары***

| п.н. № | Кайрылуулардын тематикасы | Келген кайрылуулар | | | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | **2013 -ж.** | Жалпы санга карата% менен | **2014-ж.** | Жалпы санга карата% менен | **2015-ж.** | Жалпы санга карата% менен | **2016-ж.** | Жалпы санга карата% менен | **2017- ж.** | Жалпы санга карата% менен |
| 1. | Соттук органдар боюнча жарандардын кайрылуулары: | **910** | **36,9%** | **856** | **35,5%** | **1013** | **40,8%** | **1925** | **50,7%** | **1390** | **42,9%** |
| | - Соттордун, сот органдарынын иш-аракети/аракетсиздиги | 212 | | 107 | | 131 | | 133 | | 129 | |
| | - соттук чечимдерге макул болбоо | 145 | | 67 | | 68 | | 99 | | 70 | |
| | - соттук чечимдердин аткарылбашына | 18 | | 27 | | 35 | | 35 | | 22 | |
| | - сотко катышуу тууралуу өтүнүчтөр | 535 | | 655 | | 779 | | 1658 | | 1169 | |

Мамлекеттин милдеттеринен болуп адилеттүүлүккө бирдей жеткиликтүүлүктү камсыздоочу сот өндүрүшүнүн эрежелерин орнотуу болуп саналат, анын ичинде сот өндүрүшүнүн расмий тилин билбегендер жана юридикалык жардам алууга материалдык мүмкүнчүлүгү жоктор ж.у.с.

Омбудсмен институту Кыргыз Республикасынын сотторунда тең укуктуулуктун сакталышына өзгөчө көңүл бурат. Мыйзам жана сот алдында процесстин катышуучуларына тең укуктуу абалды орнотуу үчүн соттор тарабынан ар бир сот өндүрүшүнүн процедураларында алардын тең укуктуулугун камсыздоо жана аларга атаандаштыктын негизинде колундагы бар далил-

199 КР ЖПК 18-беренеси, http://cbd.minjust.gov.kg/act/view/ru-ru/111530.
200 КР ЖПК 19-беренеси.

дерди көрсөтүүгө, иш боюнча өз жүйөлөрүн жана позициясын ырастоого мүмкүнчүлүк түзүү жүктөлгөн.

Соттук процесстерге болгон иликтөөлөрдөн улам соттук отурум убагында тосмо артында жайгашкан айыпкердин белгилүү бир бөлүгү чынында эле тегерегиндегилер үчүн олуттуу коркунуч жаратпай тургандыгы белгилүү болду, алар болгону соттогу тараптардын тең укуктуулугунун көрсөтмөсү катары соттук процесстеги эркиндикти чектөөнү азайтуу системасы иштелбегендиктен тосмо артына кармалышат.

Европалык сот дагы тосмолордун (темир тор) соттук коргоодо укук жаатындагы көйгөй экендигин белгиледи. «Темир тордогу» айыпкерлерде (аквариумдагыдай) соттук отурумдарга толук кандуу жана натыйжалуу катышуу мүмкүнчүлүгү жок, мисалы, иштин материалдары менен таанышуу, белгилерди коюу, жактоочу менен баарлашуу.

Ошентип, айыпкер Конституция тарабынан кепилденген тең укуктуулуктан ажыраган, анткени анда тосмо артында столдун жоктугунан соттук териштирүүлөр убагында белги коюу үчүн дагы жөнөкөй эле мүмкүнчүлүк да жок.

Ошондуктан, айыпкерди тергөө абагынан соттук отурум өтүүчү залга алып келүүдө ал тор артына эмес, өзүнүн жактоочусунун жанына отуруусу үчүн шарттарды түзүү зарыл. Ар бир учурда айыпкердин соттук териштирүүдө тор артында кармалуу зарылдыгы боюнча маселе жекече түрдө чечилиши керек.

**Мисал 5.3.1.**

Омбудсмен Институтунун кызматкерлери тарабынан документ жасоого (паспорт) айыпталып жаткан А.Халбаевге байланыштуу кылмыш ишине байкоо жүргүзүлгөн. Айыпкер А.Халбаев мурда соттолгон эмес, туруктуу жашаган жери, үй-бүлөсү жана жумушу бар, жашы улгайып калган, бирок, процесс учурунда өзгөчө коркунучтуу кылмышкер катары тосмо артында отурат. Ушундай жол менен тең укуктуулук жана атаандаштык бузулуп жатат: темир тор аркасына адамды кармоо менен ал адамды коркунучтуу кылмышкер катары кабыл алуу таасири пайда болот.

Тараптардын тең укуктуулугу соттук процесстер башталып аяктаганга чейинки убакытта эки тарап тең бирдей тең укукта болуусу керектигин түшүндүрөт, б.а. сот тарабынан болгон бирдей мамилеге укуктуу [201].

Айыпкер тегерегиндегилер үчүн коомдук коркунучту жаратпаган учур тууралуу дагы бир мисал – В.Высоцкийге байланыштуу кылмыш иши.

**Мисал 5.3.2.**

КР ЖК 166-беренеси менен айыпталып жаткан В.Высоцкийге байланыштуу кылмыш иши боюнча байкоолордо соттук териштирүү жарандык-укуктук милдеттердин аткарылбагандыгы үчүн жүрүп жаткандыгын аныктады.

Айыпкердин бала кезден берки досу В.Высоцкий андан кайра каттатуу үчүн автоунаа алганы жана унаанын акчасын толук бербей жаткандыгы тууралуу милицияга арыз менен кайрылган [202].

Айыпкер Высоцкий мурда соттолгон эмес, кармалганга чейин иштеп жүргөн, туруктуу жашаган жери жана үй-бүлөсү (аялы жана кичинекей баласы) бар. Буга карабастан, соттук териштирүүлөр учурунда ал өзгөчө коркунучтуу кылмышкер сыяктуу темир тор артында болду.

201 ЖСУЭП 14-беренесин караңыз.

202 ЖСУЭП 11-беренеси, КР Конституциясынын 16-беренеси.

Ошону менен айыпкер В.Высоцкий толук коргоого болгон өзүнүн укуктарын ишке ашырууда чектелип калган жана жабырлануучуга салыштырмалуу тең укуксуз абалда болгон.

Коргоочу тарап эркинен ажыратууга байланыштуу болбогон, камоодон башка чара көрүү өтүнүчүн берди. Бул өтүнүчтү сот канааттандырган жок. Айыпкер Высоцкий төрт айдан ашык убакыт Бишкек шаарындагы №1 ТИЗО камакта болду.

Качан гана жабырлануучу В.Высоцкийге карата эркинен ажыратууга байланыштуу болбогон, камоодон башка чара көрүү өтүнүчүн бергенде гана сот ал өтүнүчтү аткарды.

Сот күнөөлөө жүйөлөрүн текшерүүгө жана аларга тиешелүү баа берүүгө милдеттүү. Козголгон кылмыш ишине байланыштуу бир дагы адам өзүнүн күнөөсүздүгүн далилдебеши керек, тескерисинче, бул тергөө жана алгачкы текшерүү органдарынын мойнундагы тапшырма болуп саналат. Бардык далилдер мыйзам жолу менен алынышы керек. Эгер ал далилдер күч колдонуу жана коркутуу менен алынса, анда айыптоочу тарап ага шилтеме кыла албайт.

Соттук процесстер учурунда айыпталуучу тергөө убагында берилген көрсөтмөлөр КР КЖК бузуу менен, күч колдонуу жана коркутуу жолу менен алынгандыгын айтат, бирок бул соттор тарабынан көңүлгө алынбайт (кыйноо түрүндөгү кылмыштар өзүнчө өндүрүшкө бөлүүнү талап кылат, ал эми негизги ишти кароо улана берет). Соттор айыпкердин сотко чейинки көрсөтмөлөрүн көбүрөөк ишенимдүү көрсөтмө катары карашат.

**Мисал 5.3.3.**

Акыйкатчы аппаратынын кызматкерлери Бишкек шаардык сотунда болгон В.Стариковго тиешелүү соттук ишке байкоо жүргүздү. Соттун жүрүшүндө коргоо тараптан КР КПК бузуу жолу менен алынган далилдерди материалдардан алып салуу өтүнүчүн берген.

Мыйзам бузуулар жетишерлик байкалат. Айыпталуучу ыкчам-тергөө маалында ага карата кыйноо колдонгондугуна даттанды.

Кармоо учурундагы протоколдо убактысы, кармалган жери көрсөтүлбөгөн, күбөлөрдүн колу жок. Текшерүү протоколдорунда КР КПК 184-беренесин бузуу билинет, буюм далилдер текшерүүнүн жүрүшүнөн кийин да, ага чейин дагы мөөр басылып, чапталган эмес.

Сот коргоонун КР КПК бузуу жолу менен алынган далилдерди материалдардан алып салуу боюнча өтүнүчүн канааттандырган жок, өкүм чыгарганда сот ал далилдерге шилтеме кылды[203].

Жарандык жана кылмыштык процесстердин айрым айырмачылыктарына карабастан, тараптардын атаандаштык жана тең укуктуулугунун принциби аталган укуктук норманын бирдиктүү колдонулушун камсыздайт. Ал соттук териштирүүлөргө катышкан адамдар өз позициясындагы жеткиликтүү коргоо каражатын колдонуунун бирдей мүмкүнчүлүгүнө ээлиги жана жол-жоболук чараларды жөнгө салуу менен түшүндүрүлөт. Сот жарыяланган принциптердин сакталышына көзөмөл кылууга милдеттүү орган, сот адилеттигин жүргүзүүдө тараптарга бирдей шарттарды камсыздайт жана ар бир конкреттүү иште чындыкты орнотууну көздөйт.

Атаандаштык принциби тараптардын талаш-тартышты өз пайдасына чечүү максатында өз укуктарын колдонуусун болжолдойт. Ар бир адам өз алдынча, же өзүнүн өкүлү аркылуу коргоонун бардык ыкмаларын колдонушу керек. Сот кандай учур болбосун кимдир бирөө тарапта болбостон, акыйкат жана калыс бойдон калышы керек.

203 26.01.2017-жылдагы В.В.Стариковдун арызын караңыз, кириш №С-149; Акыйкатчы (Омбудсмен) аппаратынын архиви.

# СУНУШТАР

### Кыргыз Республикасынын Жогорку сотуна:

1. Соттук териштирүүлөр учурунда айыпталуучуларды тосмо артында (темир тор артында) кармоону азайтуу боюнча көрсөтмөлөрдү иштеп чыгуу;
2. Айыпкерге соттук процесстеги башка катышуучулар менен бирдей укуктук шарттарды түзүү маселесин карап чыгуу («тосмо артында стол орнотуу (б.а. темир тор ичине));
3. Сотторго төмөнкү темада тегерек столдорду уюштуруу: тараптардын тең укуктуулук жана атаандаштык принциптерин сактоо.

## 5.2. НЕГИЗСИЗ КАРМАЛЫП ОТУРГАНДАРДЫН СОТТОЛУУ УКУГУ

Омбудсмен Институту тарабынан 1380 соттук отурумга мониторинг жүргүзүлдү. Борбордук Аппаратка 694 арыз-дооматтар түштү, алардын ичинен кылмыш иштери боюнча – 438. Соттук процесстерди кароонун мөөнөтүн узартууга байланыштуу кырдаалдар актуалдуу бойдон калууда. Анын себептеринин бири –тараптардын өз убагында келип-катышуусунун укук коргоо органдары тарабынан камсыз болбогондугу.

Негизсиз кармалып отургандардын соттолуу укугу жарандык жана саясий укуктардын эл аралык пактында белгиленген[204]. Бул укук адилеттүү соттук териштирүүлөргө караштуу минималдуу талаптардын катарында саналат. Эл аралык органдар ар кайсыл өлкөлөрдө алардагы адилеттүүлүктүн улуттук демократиялык негиздердин өнүгүшүн стимулдаштырат[205].

Акыйкатчы аппараты Кыргыз Республикасындагы соттордо каралган иштердин мөөнөтүн созууга тиешелүү маселелерди жыл сайын көтөрөт, ошондой эле жаралган кырдаалды жакшыртуу боюнча сунуштарды берип келет, бирок бул маселелер мамлекеттик органдар тарабынан жылдан-жылга чечилбей келет.

**Кыргыз Республикасынын Жогорку сотуна караштуу Соттук депараментинин Жазык-процессуалдык кодексинин жана Кыргыз Республикасынын Жарандык процессуалдык кодексинин жогорку талаптарынын мөөнөтүндө каралган иштердин саны боюнча маалыматы:**

**2016-жыл үчүн алар биргелешип, 2285ти толтурган, анын ичинен:**

Жарандык иштер – 1654 жана Кылмыш иштери – 721;

**2017-жыл үчүн мындай иштер 2560ты түзсө, анын ичинен:**

Жарандык иштер– 1483 жана Кылмыш иштери– 1077.

204 Жарандык жана саясий укуктар жөнүндөгү Эл аралык панктту караңыз (ЖСУЭП).

205 Кыргыз Республикасы ЖСУЭП катышуучу катары адам укуктары боюнча эл аралык келишимдердин аткарылышы боюнча БУУнун келишимдик органдарында мезгил-мезгили менен доклад берет, мындай учурда ЖСУЭП аткарылышы боюнча Кыргыз Республикасынын докладдары ар бир төрт жылда көрсөтүлөт.

Иштин соттор тарабынан каралышынын мөөнөттөрүнүн туура принциптери адилеттүүлүккө жана ага болгон ишенимге коркунуч келтире турган ченемсиз процессуалдык кармоолордон качууга багытталган.

Акыйкатчынын кызматкерлеринин соттук процесстерге мониторинги мыйзамдын негизинде түзүлгөн, компоненттүү, көз карандысыз жана калыс сот тарабынан иштин акыйкат жана коомго ачык териштирилишинин стандарттарын сактоого, ошондой эле соттордун иштерин ылайыгына карата уюштурууга багытталган.

Негизсиз кармалып отургандардын соттолуу укугу кылмыштык сот өндүрүшүнүн бир нече кепилдиктеринин бири болуп саналат[206]. Мониторингдин жүрүшүндө Акыйкатчы кызматкерлери процессуалдык мөөнөттөрдүн сакталышына, ошондой эле соттук процесстеги тараптардын тең болуу принциптеринин сакталышына көңүл бурушат. Өзгөчө бир жылдан ашык убакытка созулуп, каралган иштерде.

Ишенимдин жана өнүккөн демократиянын негизги көрсөткүчү, адамдын укуктарынын жана эркиндиктеринин артыкчылыктары болуп акыйкат жана көз карандысыз сот системасы эсептелет. Өз кезегинде, сот соттук системанын эле эмес бүтүндөй мамлекеттик түркүгү болуп саналат.


Кыргыз Республикасынын Акыйкатчы Институту жана адам укугуна байланыштуу ар кандай маселелер боюнча адистешкен укук коргоо уюмдары негизсиз кармалып отургандарды туура мөөнөттө ишти кароого көңүл бурушат. Айрым учурларда иштин материалдары менен таанышууга, экспертизаларды өткөрүүгө, күбөлөрдү же адистерди чакыруу, кошумча маалыматтарды алууда коргоочунун кепилдиктерине байланыштуу айыпкердин же жабырлануучунун укуктарынын бузулушу жөнүндө бир жактуу айтуу мүмкүн эмес. Көрсөтүлгөн маселелер укуктук (соттук) коргоонун натыйжалуу каражаттарына кирет[207].

***2017-жылы Кыргыз Республикасынын Омбудсмен аппараты адам укуктарынын жана эркиндиктеринин сакталышын камсыздоо максатында 1380 соттук отурумдарга мониторинг жүргүздү:***

| | |
|---|---|
| Бишкек шаары (Борбордук Аппарат боюнча) | – 694 (50,28%); |
| Чүй облусу | – 288 (20,86%); |
| Жалал-Абад облусу | – 44 (3,18%); |
| Ош облусу | – 102 (7,39%); |
| Баткен облусу | – 23 (1,66%); |
| Ысык-Көл облусу | – 79 (5,72%); |
| Талас облусу | – 79 (5,72%); |
| Нарын облусу | – 71 (5,14%). |

206 ЖСУЭП 14-беренесинин 3-бөлүмүнүн с) пункту.

207 Жарандык жана саясий укуктар жөнүндө Эл аралык пакттын 2-беренесин караңыз.






*Сот процессинен*

Соттук процесстерге мониторинг соттук териштирүүлөрдүн талаптарынын жана принциптеринин сакталышына оң таасирин тийгизди (атаандаштык, бейтараптык, объективдүүлүк жана мыйзамдуулук).

Иш жүзүндө соттук териштирүүлөрдөгү кийинкиге жылдыруулар аз эмес, процесстер башка күнгө жылдырылат, муну тараптар соттук отурум башталарда гана биле алышат. Мамлекеттик органдардын кызматкерлеринин келбей калышынын себебинен соттук иштерди кароо болбой калган учурлар сынга алына турган көрүнүш.

**Кыргыз Республикасынын Акыйкатчысынын Борбордук аппараты боюнча соттук процесстерге мониторингдин жыйынтыгында 694 арыздын ичинен 233 (33,57%) учурунда соттук отурумдар төмөнкү себептерден улам кийинкиге жылдырылган:**

- *Күбөлөрдүн келбей калышы – 31 жолу;*
- *Тараптардын келбей калышы – 53 жолу;*
- *Жабырлануучунун жоктугу – 14 жолу;*
- *Жактоочунун келбей калышы – 58 жолу (жаңы жактоочунун ишке киришин кошкондо);*
- *Соттун жок болушу – 31 жолу (оорусуна байланыштуу, окууда, семинарда, башка себептер менен);*
- *Прокурордун жок болушу – 17 жолу;*
- *Иштин материалдары менен таанышуу – 11 жолу;*
- *Конвой тарабынан айыпкердин алынып келинбеши – 6 жолу;*
- *Бийлик органдарынын өкүлдөрүнүн жок болушу – 6 жолу;*
- *Арызды кайтарып алуу – 6 жолу.*

Соттук ишти угууну көп ирет кийинкиге жылдыруулар өзгөчө шектүүлөр (айыпталуучулар, соттолуучулар) эркин чектеген жайларда жайгашканда, жана алардын статусунан көз каранды иштерди өз убагында карабаганда нааразычылыктар жаралат. Айрым кылмыш иштери бир нече жылдап каралат.

Омбудсмен (Акыйкатчы) институтунун кызматкерлери тарабынан өткөрүлгөн мониторингге соттолуучулар А. Мусатов, А. Пирогов жана Р. Ганжибаевге байланыштуу кылмыш иштери мисал катары келтирилди.

**Мисал 5.2.1.**

Кылмыш иши 2015-жылдын 3-августунда Свердлов РИИБде жабырлануучунун арызынын негизинде козголгон, жана Свердлов райондук сотуна берилген. Судья Т.Байчаевдин 02.10.2015-жылдагы токтому менен соттук угуу 27.10.2015-жылга белгиленген.

Бир эле учурда Свердлов районунун прокуроруна соттук процесстин катышуучуларын сотко чакырууну камсыздоо үчүн көрсөтмө берилген. Жабырлануучу биринчи жолу процесске 8 ай өткөндөн кийин - 09.06.2016-жылы келген. Россия Федерациясында болгондугу тууралуу далилдер көрсөтүлбөгөн, сот тастыктоочу документтерди сураган эмес.

Ушуга байланыштуу жабырлануучунун келбегендигинин себептерин текшерүү болгону же болбогону боюнча текшерүү жүргүзүү өтүнүчү менен Башкы прокурор И.Жолдубаевага кат жолдонгон [208], анткени соттолуучулардын «соттолуучунун негизсиз кармоодогу» укугу бузулуп жатат [209].

Жабырлануучу А. Абдыраимовдун өкүлүнүн арызында, жабырлануучунун кылмыш иши боюнча соттук угууларга узак убакыт келе албагандыгынын себеби - жашаган жеринин алмашуусу болгон. Азыркы учурда жабырлануучу Чүй облусунда жашайт жана материалдык абалы оор болгондуктан, сотко дайыма катышууга анын мүмкүнчүлүгү болгон эмес [210].

Жабырлануучу тергөөчүнүн, прокурордун, соттун чакыруусу боюнча келүүгө; көрсөтмө берүүгө, иш боюнча чындыкты билдирүүгө милдеттүү. «Жабырлануучу жүйөлүү себептери жок чакыруу боюнча сотко келбей калган учурда ал мажбурлоо жолу менен алынып келүүгө туш болот же эки эсептик көрсөткүчкө чейинки көлөмдө андан акча өндүрүлөт» [211].

2017-жылдын январында аталган иш боюнча жаңы прокурор Н.Кенжетаева дайындалган. Ал тараптан жабырлануучунун келишин камсыздоо боюнча чаралар көрүлгөн эмес.

2017-жылдын 11-январында жабырлануучуну мажбурлоо менен алып келүү жөнүндөгү токтом чыккан.

2017-жылдын 20-январында жактоочунун мажбурлоо менен алып келүү тууралуу өтүнүчү канааттандырылган. Прокурор Н.Кенжетаева процесстин катышуучуларынын келишин камсыздоого прокуратура милдеттүү эмес – муну тергөө органдары аткарышы керек,- деп билдирди. Ал 27-январга белгиленген отурумду токтотууну соттон сурады, жана аны мажбурлоо менен алып келүү аткарылганга чейин, 8-февралга жылдырды.

КР ЖПК айыптоо боюнча күбөлөрдүн келишин камсыздоого айыптоочулар тарапты милдеттендирет.

2017-жылдын 8-февралында жабырлануучу келген жок, ал эми Н.Кенжетаева ИИМдин иш сапарларга каражат бөлбөй тургандыгын, ошон үчүн мажбурлоо жолу менен алып келүү тууралуу кайталай берүү максатсыз экенин, аны эч ким аткарбасын, прокурор жабырла-

208 29.03.2017-жылдагы кат, чыг. №08-1040.

209 Жарандык жана саясий укуктар жөнүндө эл аралык пакттын 14-беренесинини 3-бөлүмүнүн с) пункту.

210 17.04.2017-жылдагы кат. кир.09-193.

211 КР КПК 50-беренесинин 3-бөлүмү
http://cbd.minjust.gov.kg/act/view/ru-ru/568, http://cbd.minjust.gov.kg/act/view/ru-ru/111530

нуучуга өзү телефон чалып жана алардын келишин ушул жол менен гана камсыздай алаарын айтты.

2017-жылдын 13-февралында А.Абдраимов сотко келди, жактоочу суроо берген учурда прокурор Н.Кенжетаева анын сөзүн бөлүү менен тоскоол болду. Коргоо тараптан жабырлануучуга суроо берилген сайын жабырлануучунун жообуна чейин эле прокурор тура калып жатты жана кийинкиге калтырууну айтып, каршылык кылып жатты же өз укуктарын толук колдонууга экинчи жакка мүмкүндүк бербей, жабырлануучунун жактоочусун колдоп жатты.

2017-жылдын 10-мартында прокурор Н.Кенжетаева коргоонун күбөсү В. Пируеваны суракка алууну үзгүлтүккө учуратты. Коргоонун жактоочусу Типеров прокурордон оозеки түрдө, кийинчерек жазуу түрүндө чыгып кетүүнү өтүндү. Бирок бул четке кагылды.

12-апрелде прокурор Н.Кенжетаева убактысы жоктугуна байланыштуу отурумду токтотууну суранып, сот өтүнүчтү канааттандырды. 26-апрелде кайрадан кетиши керектигин айтып, анучун күбө Осмоновдон көрсөтмө алууга жетишишкен жок. 2-майда прокурор айыптоочу тараптын күбөлөрүнүн келишин камсыздай алган жок – ыкчам иштөө кызматкерлерин жана тергөөчүнү. 4-майда прокурор сөөктү узатуу зыйнатына кетип, отурум кийинкиге жылды. 16-майда дагы прокурордун келбегендигинен улам соттук отурум болгон жок.

22-майда болсо катчы Бишкек шаарындагы Тергөө изоляторунан айыпкерди алып келүүнү талап кылган кат жибербей койгондуктан отурум болгон эмес.

26-майда дагы айыпталуучуларды соттук процесске алып келишкен жок, себебин тактоо мүмкүн болгон жок. Прокурор бардык сот отурумдарына күбөлөрдүн келишин камсыздай алган жок. Коргоонун жактоочусу Бахаутдиновдун күбөлөрдү камсыздай албоонун себептери туурасындагы суроосуна прокурор: «Баары бир айыпкерлерди алып келишкен жок. Эгер күбөлөр келгенде деле, сот баары бир болмок эмес» деп айтты.

2-июнда дагы отурумду жылдырышты – прокурор Н.Кенжетаева күбөлөрдүн келишин камсыздай албасын айтты. 22-июнда прокурор жабырлануучунун келишин камсыздай албагандыктан отурум жылды. 27-июнда дагы жабырлануучу келген жок. 29-июнда жабырлануучу келди. Сурак башталгандан тартып прокурор жабырлануучунун сөзүн улам бөлүп, билдирүүлөрдү айтып, коргоонун жактоочусунун суроолоруна каршы болуп, анан шаардык сотко отчет берүүгө шашып жаткандыгын айтып, отурумду жылдырышты.

30-июнда прокурор Н.Кенжетаева түшкү тамактануу убагы болуп калгандыктан кайтаруучуну бошотуу керектигин айтып, сурак аягына чыккан эмес; отурумду белгисиз убакытка жылдырышкан.

Мына ушинтип, соттолуучулар А.Мусатов, А.Пирогов жана Р.Ганжибаевге байланыштуу кылмыш иши боюнча соттук процесстерге байкоолордо айыптоочу тараптын (прокуратура) күнөөсү менен «негизсиз кармоолор болбостон соттолуу» принциптеринин бузулушу көрүнүп турат.

Жалпысынан алганда аталган кылмыш иши боюнча соттук териштирүүлөр 2 жылдан ашык убакытка созулган. Иш боюнча өкүм 2017-жылдын 13-ноябрында чыккан.

Судья соттук процесстердин катышуучусу болуп саналган адамдарды отурумга чакыруу боюнча көрсөтмө берет, ошондой эле соттук отурумга даярдануу үчүн башка чараларды көрөт[212]. Ал адамдар жүйөлүү себеби жок келбей калган учурда соттун жүйөлөштүрүлгөн чечими же соттун аныктамасы боюнча кылмыш ишин иликтеген орган тарабынан мажбурлоо менен алынып келинет.

212 КР КПК 251-беренесин караңыз.

Тажрыйба көрсөткөндөй, жүйөлүү себеби жок келбей койгон укук коргоо органдарынын кызматкерлеринин эч кимиси тартиптик жоопкерчиликке тартылбайт. Айыпкерлер эркинен ажыроо менен, физикалык жана моралдык сыноолорду баштан өткөрүп, жылдап абактарда кармалат.

КР КПК ылайык жүйөлүү себеби жок сотко келбей койгон процесстердин катышуучуларына айыппул салуу мүмкүнчүлүгү бар[213], иш жүзүндө мындай механизм, эреже катары, мыйзамсыздыкка алып келет жана соттук процесстердин узарып кетишин шарттайт делип колдонулбайт.

КР КПКда бир жылдан ашпагандай убакытта камакта кармоо мөөнөттөрү каралган. Мөөнөттүн андан ашуусуна жол берилбейт. Абакта кармалган айыпталуучу токтоосуз бошотулууга тийиш[214].

КР Омбудсменинин (Акыйкатчы) 2016-жылдагы жылдык докладында[215], соттук териштирүүлөрдүн мөөнөтү ылайыктуу болушун камсыздоо максатында, Кыргыз Республикасынын өкмөтүнө «Белгиленген мөөнөттөгү сот өндүрүшүндө укуктардын же белгиленген мөөнөттө соттук акттарды аткаруунун бузулушу үчүн компенсациялар жөнүндө» мыйзам долбоорун иштеп чыгуу сунушталгандыгын белгилеп коелу.

Адамдын жана жарандын укуктары жана эркиндиктерине байланыштуу кырдаалдарды байкоого алуу үчүн КР Жогорку Кеңеши тарабынан КР Акыйкатчысынын жылдык докладынын каралышы жана анын жыйынтыгы менен тиешелүү токтомдун кабыл алынышы өзгөчө мааниге ээ.

Эки тараптан тең соттук процесстин катышуучуларын камсыздоо – соттук териштирүүлөрдүн мөөнөтүнө таасир этүүчү себептердин бири. Өзгөчө белгилеп коюу керек, судьялардын мамилеси дагы соттук процесстердин улам артка жылдырылышынын себеби болуп саналат.

Соттук иштерди кароонун акылга сыйган мөөнөтүн камсыздоо жана соттук чечимдердин өз убагында аткарылышына түрткү бере турган нерсе – Россиядагыдай эле компенсация төлөө талабы менен жабырлануучунун кайрылууга укук алышы[216].

Ушуга байланыштуу, иштердин белгиленген мөөнөттө каралышы боюнча кырдаалды жакшыртуу максатында Кыргызстанда дагы тиешелүү ченемдик укуктук актыларды кабыл алуу мүмкүнчүлүгүн кароо зарыл.

Байкоолордун жыйынтыгы көрсөткөндөй соттук процесстерди создуктуруу жарандардын негизсиз кармоолор болбостон соттолуу укугун бузган судьялардын таасирсиздигинин, аракетсиздигинин айынан, прокурорлордун жоопкерчиликсиз мамилелеринен болот.

Акыйкатчынын мурдагы докладдарындагы соттордогу ишти кароодо мөөнөттү создуктурууга байланыштуу көйгөйлөрдү чечүү боюнча сунуштары актуалдуу бойдон турат, мунун себептеринин бири соттук процесске тараптардын катышуусун камсыздай албаган укук коргоо органдарынын кызматкерлерине карата тартиптик жана административдик чаралардын көрүлбөшү болушу мүмкүн.

Кыргыз Республикасында сот системасындагы абалды жакшыртуу жана айыпталуучулардын минималдуу укугун, анын ичинде негизсиз кармоолорсуз соттолуу укугун камсыздоо максатында Акыйкатчы берилген редакциядагы сунуштарга сөзсүз көңүл бурууну сунуштайт.

---

213 КР КПК 121-беренесин караңыз.

214 КР КПК 111-беренесин караңыз.

215 «2016-жылда Кыргыз Республикасында адамдын жана жарандын укуктарынын жана эркиндиктеринин сакталышы жөнүндө» Кыргыз Ренспубликасынын Акыйкатчысынын (Омбудсмен) докладын караңыз. 221-б.

216 2010-жылдын 30-апрелиндеги №68-ФЗ «Акылга сыйган мөөнөттө сот өндүрүшүнө болгон укуктун же акылга сыйган мөөнөттө соттук акттардын аткарылышына болгон укуктун бузулушу үчүн компенсациялар жөнүндө» РФ Мыйзамын караңыз.

# СУНУШТАР

### Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешине:

1. Соттук процесстерге тараптардын катышуусун камсыздай албаган (алардын күнөөсү менен соттук териштирүүлөрдүн создуктурулушу) укук коргоо органдарынын кызматкерлеринин тартиптик жоопкерчилиги жөнүндөгү КР КПК 50-беренесинин 3-бөлүгүнө өзгөртүү киргизүү (ошондой эле, Кыргыз Республикасынын Жазык-процессуалдык кодексинин жаңы редакциясындагы тиешелүү ченемдерге).

### Кыргыз Республикасынын Башкы прокуратурасына:

1. Жабырлануучулардын, күбөлөрдүн жана соттук процесстин башка катышуучуларынын келишин камсыздоо боюнча ишти күчөтүү.
2. Прокуратура кызматкерлеринин күнөөсү менен жабырлануучунун, күбөнүн жана соттук процесстин башка катышуучусунун келбей калышына байланышкан окуяларды дайыма анализдеп, ага жол берген прокурорлорго тийешелүү чара көрүлсүн.

### Кыргыз Республикасынын Жогорку сотуна:

1. Соттук иштерди кароонун мөөнөтүнүн сакталышына катуу көзөмөлдү камсыздоо зарылдыгы тууралуу жергиликтүү соттордун жетекчилерине жетектөөчү түшүндүрмөлөрдү берүү.
2. Судьянын чакыруусу[217] менен соттук териштирүүлөргө жүйөөсүз себептер менен келбеген адамдарга айыппул салуу зарылдыгы жөнүндө сотторго жетектөөчү түшүндүрмөлөрдү берүү.

## 5.3. I, II, III, ИНСТАНЦИЯДАГЫ СОТТОРДО ДЕН-СООЛУГУНУН МҮМКҮНЧҮЛҮГҮ ЧЕКТЕЛГЕН АДАМДАРДЫН АКЫЙКАТТУУ СОТКО ЖЕТКИЛИКТҮҮЛҮГҮ (ДАЙЫНДАЛГАН СОТТУК ИШТЕРДИН ТИЗМЕСИ ТУУРАЛУУ МААЛЫМАТТЫ БРАЙЛ АРИПТЕРИ МЕНЕН КАМСЫЗ КЫЛУУ, ПАНДУСТАРДЫН ЖАНА СУРДОКОТОРМОЧУЛАРДЫН БОЛУШУ).

2016-жылы Омбудсмен аппаратынын кызматкерлери соттук иштерге байкоо жүргүзгөндө бир айыпкердин кулагы жакшы укпастыгы, ага сурдокотормочу талап кылынары белгилүү болгон. Бул иш адилеттүү сот системасында ДМЧАлардын муктаждыктарынын тизмесин изилдеп чыгуу үчүн себеп болду[218]. 2017-жылдагы докладда адилеттүү сот системасында ДМЧАлар үчүн жеткиликтүүлүгүн камсыздоого болгон байкоолордун жыйынтыгы кирген. Азыркы тапта бардык чөйрөлөрдү, анын ичинде акыйкат сот системасына майыптардын укуктарын камсыздай турган БУУнун Конвенциясына Кыргыз Республикасынын кошулуусу боюнча программа иштелип чыгып жатат (2.4 бөлүмдү кара).

217 КР КПК 50-беренесинин 3-бөлүмүн караңыз.
http://cbd.minjust.gov.kg/act/view/ru-ru/568, http://cbd.minjust.gov.kg/act/view/ru-ru/111530

218 Ден-соолугунун мүмкүнчүлүгү чектелген адамдар

Соттор жана трибуналдар алдында бардык адамдар бирдей [219]. Кыргыз Республикасынын юридикциясынын алдындагы бардык адамдарга бардык укуктарды жана эркиндиктерди эч кандай айырмалабастан... ата тегине... же башка жагдайларга карабастан сый мамиле кылуу жана камсыздоо кепилденет [220].

Ар бир адам мыйзамда көрсөтүлгөн мөөнөттө жүйөлүү жоопторду бергенге милдеттүү болгон мамлекеттик бийлик органдарына, жергиликтүү өзүн-өзү башкаруу органдарына жана алардын жетекчилерине кайрылууга укуктуу [221]. Ар бир адам үчүн Конституция, мыйзамдар, Кыргыз Республикасы катышкан эл аралык келишимдер, эл аралык укук ченемдеринин жалпы таанылган негиздери тарабынан каралган анын укуктарынын жана эркиндиктеринин соттук коргоолуусу кепилденет [222]. Соттук коргоого болгон укук чектөөлөр үчүн негиз бере албайт [223]. КР Конституциясы басмырлоого тыюу салат – майыптык белгилери боюнча адамдын укуктарын жана эркиндиктерин негизсиз чектөөгө [224].

## Азыркы кырдаал

2017-жылы Омбудсмен Аппараты сот органдарынын ден-соолугунун мүмкүнчүлүгү чектелген адамдар үчүн жеткиликтүүлүгүн эсепке алуу үчүн сот органдарына мониторинг жүргүздү. Байкоолор I, II, III инстанциядагы сотторду камтыды. Алардын арасында бүдүрчө-чекиттик Брайл арибин, пандустарды жана сурдокотормочуларды колдонуу менен жеткиликтүүлүктү камсыздоо дагы каралды.

Ден-соолугунун мүмкүнчүлүгү чектелген адамдардын маалыматка жеткиликтүүлүгүн Мыйзам кепилдейт. Брайл ариптерин колдонуу талабы ар кандай түрдөгү адабияттардын басылып чыгышы менен чектелип жатат. Республикалык телекөрсөтүү каналдарынын жок дегенде бирөөсүнө сурдологиялык котормону уюштуруу каралган [225]. Мыйзамдын учурдагы талаптары, тилекке каршы, адилеттик системасында көрүүсү начар ДМЧАларга жеткиликтүүлүктү камсыз кылуу боюнча маселелерди чече албайт.

Мониторинг Кыргыз Республикасынын аймагындагы 74 соттук имараттардын ичинен 64 сотту камтыды. Байкоолордун жүрүшүндө майыптыктын ар кандай түрлөрү боюнча мүмкүнчүлүгү чектелген топтордун муктаждыктары бааланды: «арабада отургандар», көрүү, сүйлөө жана угуусу боюнча. Болгону 14 сотто гана пандустар бар. Брайл ариби аркылуу берилүүчү маалымат Бишкек шаарындагы Октябрь райондук соту тарабынан гана камсыздалган. Сурдокотормочулар менен соттор камсыздалган эмес.

## Мониторингдеги темалардын актуалдуулугу

**Майыптыктын масштабы.** Дүйнө калкынын 15%ынын тегерегиндеги 1 миллиардан ашык адамдар майыптыктын кайсыл бир түрүнө ээ [226], Кыргыз Республикасында ден-соолугунун мүмкүнчүлүгү чектелген адамдар республика калкынын 3%ынын тегерегин түзөт [227].

219 Жарандык жана саясий укуктар жөнүндөгү Эл аралык пакттын 14-беренесин караныз, http://www.un.org/ru/documents/decl_conv/conventions/pactpol.shtml.

220 Жарандык жана саясий укуктар жөнүндөгү Эл аралык пакттын 2-беренесин караныз (ЖСУЭП).

221 Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 41-беренесинини 1-бөлүмү.

222 2016-жылдын 28-декабрындагы № 218 КР Мыйзамында ылайык кабыл алынган КР Конституциясынын 40-беренесинини 1-бөлүмүн караңыз.
http://cbd.minjust.gov.kg/act/view/ru-ru/202913?cl=ru-ru.

223 2016-жылдын 28-декабрындагы № 218 КР Мыйзамында ылайык кабыл алынган КР Конституциясынын 5-беренесинини 8-бөлүмчөсү, http://cbd.minjust.gov.kg/act/view/ru-ru/202913?cl=ru-ru.

224 2016-жылдын 28-декабрындагы № 218 КР Мыйзамында ылайык кабыл алынган КР Конституциясынын 16-беренесинини 2-бөлүмүнүн 2-абзацын караңыз, http://cbd.minjust.gov.kg/act/view/ru-ru/202913?cl=ru-ru.

225 2017-жылдын 8-июнундагы N 100 Мыйзамдын редакциясындагы, 2008-жылдын 3-апрелиндеги N 38 «Ден-соолугунун мүмкүнчүлүгү чектелген адамдардын укуктары жана кепилдиктери жөнүндө» Мыйзамдын 41-беренеси.

226 Бүткүл дүйнөлүк саламаттыкты сактоо уюмунун маалыматы боюнча, http://www.who.int/mediacentre/factsheets/fs352/ru/

227 Кара: http://knews.kg/2017/07/lovz-poluchili-sluhovye-apparaty-shvejtsarskogo-proizvodstva/.

**Мыйзамдардагы кепилдиктер жана тажрыйбалар ортосундагы айырмачылыктар.** Майыптыгы бар адамдардын укугун камсыздоонун реалдуу абалы ден-соолугунун мүмкүнчүлүгү чектелген адамдар үчүн адилеттүүлүккө жеткиликтүүлүктү камсыздоодогу укуктук кепилдиктердин ортосундагы билинерлик айырмачылыкты көрсөтөт.

## Жалпы абал

Кыргыз Республикасында ден-соолугунун мүмкүнчүлүгү чектелген 178 700 адам жашайт. Кыргыз Республикасынын Эмгек жана социалдык өнүгүү министрлигинин берген маалыматы медициналык текшерүүдөн өткөн, ден-соолугунун мүмкүнчүлүгү чектелген адамдардын саны өсконүүгүн көрсөтөт. Эгер 2015-жылы баштапкы ирет майып катары таанылгандар - 172 769 адам болсо, 2016-жылы алардын саны 178277ге жеткен.

**Баштапкы майыптыктын тизмесинде негизги орунду II жана III топтогулар ээлейт**[228]

| Жылдар | Бардыгы | 18 жашка чейинки ДМЧ балдардын саны(БСТ алгандар[3]) | Бала кезинен I, II жана III топтогу ДСМЧ(БСТ алгандар) | Жалпы роорулардын I, II жана III топтогу ДМЧ(БСТ алгандар) | Майыптыгы боюнча пенсия алгандардын саны (КР Социалдык фондунун маалыматы) |
|---|---|---|---|---|---|
| 2008 | 120 274 | 20 842 | 23 009 | 2 961 | 73 462 |
| 2009 | 124 751 | 21 194 | 24 142 | 3 224 | 76 191 |
| 2010 | 133 398 | 22 359 | 25 396 | 4 233 | 81 410 |
| 2011 | 142 470 | 23 565 | 25 835 | 4 874 | 88 196 |
| 2012 | 149 688 | 25 346 | 24 549 | 5 299 | 94 494 |
| 2013 | 162 500 | 26 672 | 25 882 | 5 653 | 104 293 |
| 2014 | 168 174 | 27 450 | 27 024 | 5 912 | 107 788 |
| 2015 | 172 769 | 28 200 | 28 270 | 6 155 | 110 144 |
| 2016 | 178277 | 29 317 | 29 561 | 6715 | 111443 |
| 2017 | 178 700 | 29 800 | 30 426 | 6983 | 111443 |

Сот системасы көп учурларда майыптыгы бар адамдар үчүн жеткиликтүү болбостугун байкоолор көрсөттү. Майыптыгы бар адамдар соттук процесстерге чанда гана өз алдынча катыша алышат, анткени дене түзүлүшү же психикалык жактан чектелүү. Ушуга байланыштуу алардын кызыкчылыгын жактоочулар, кам көрүүчү адамдар, тууганадары же өкүлдөрү билдирет жана коргойт.

Майыптыгы бар адамдар көп учурларда жарандык иштер боюнча соттук коргоого кайрылышат, кээде гана - административдик боюнча жана сейрек учурда – кылмыш иштери боюнча (жабырлануучу катары) кайрылат. Иликтөөлөргө алынган соттордо майыптыгы бар адамдардын кайрылууларынын статистикасы жок.

Бардык соттордо лифттер жана ички пандустар жок. Бир дагы имаратта майыптар үчүн даараткана бөлмөлөрү каралбаган. Соттук имараттардын биринде да кабаттардын катар санын көрсөткөн ылайыкташтырылган белгилер жок. Арыздарды жана кайрылууларды кабыл алуу столдорунун бийиктиги (канцеляриялар, архивдер) 75 тен 122 см. чейин. Азиздерге ылайыкташтырылган, үндүк жана визуалдуу маалымдоо системалары бардык соттук имараттарда жок.

228 1.01.2017-жылдагы абал тууралуу, Кыргыз Республикасынын Социалдык өнүгүү министрлигинин 13.02.2018-жылдагы маалыматы боюнча (электрондук почта аркылуу).

## Мыйзамдарды талдоо

Адилеттүүлүккө жеткиликтүүлүккө болгон укук соттук коргоонун негизги элементтеринин бири катары жана укуктук мамлекетте негизгилерден болуп саналат. Кыргыз Республикасында майыптардын укугун коргоо үчүн жалпы жана атайын мыйзамдар шайкеш келтирилген. Жалпы мыйзамдарга караган ченемдик укуктук актыларда майыптардын укуктары өзүнчө каралбастан, бардык жарандардын катарында каралат.


КР Конституциясына ылайык, ар бир жаранга анын укуктары менен эркиндиктерин соттук коргоо кепилденген[229]. Адамдардын укуктары жана эркиндиктери ар тараптуу болуп саналат, алар ар бир адамга таандык. КР Конституциясы майыптык белгилери боюнча басмырлоого тыюу салат[230].

Башка жарандар менен катар майыптардын бирдей мүмкүнчүлүктөрүнүн принциптерин камсыздоо максатында Кыргыз Республикасы 2011-жылдын 21-сентябрында кол коюлган майыптардын укуктары жөнүндөгү БУУ Конвенциясына кошулууга макул болду[231]. Кыргыз Республикасы азырынча аталган Конвенцияны ратификациялай элек.

Кыргыз Республикасынын мыйзамдары соттордун имаратына ДМЧАлардын физикалык жеткиликтүүлүгү үчүн тосмолорду алып салуу боюнча чараларды колдонууну тиешелүү деңгээлде камтыган эмес.

Мамлекеттик бийлик органдары административдик имараттарга кирүүсү үчүн ДМЧАларга шарт түзүп берүүгө милдеттүү (анын ичинде соттордун имараттарына)[232]. Имараттарды кайра оңдоо, эксплуатацияга берүү ДМЧАлардын муктаждыктарын эске алуу менен болушу зарыл. Аталган топтогу адамдар үчүн объекттерге жеткиликтүүлүк көрсөткүчтөрү КР Курулуш нормалары жана эрежелеринде көрсөтүлгөн (КНжЭ)[233] 35-01-99.

**Кыргыз Республикасынын аймагында мамлекеттик кепилдиктер дээрлик ишке ашкан эмес.**




229 Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 40-беренеси.

230 Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 16-беренесинини 2-бөлүмүнүн 2-абзацы.

231 2011-жылдын 16-сентябрындагы №422-р Кыргыз Республикасынын токтому менен.

232 2008-жылдын 3-апрелиндеги N 38 «Ден-соолугунун мүмкүнчүлүгү чектелген адамдардын укуктары жана кепилдиктери жөнүндө» Мыйзамдын 43-беренесине ылайык.

233 КНжЭ – курулуш нормалары жана эрежелери.



*Бишкек шаарындагы Биринчи май райондук соту*



*Бишкек шаарындагы Ленин райондук соту*



*Бишкек шаардык соту*



*Кыргыз Республикасынын Конституциялык палатасы*

Бишкек шаарынын аймагында соттордун 8 имараты жайгашкан: пандустар болгону 3 имаратта бар; Брайл ариби менен маалымат берүү Бишкек шаарындагы Октябрь райондук сотунда уюштурулган.







*Чүй облустук соту* *Кемин райондук соту*





*Москва райондук соту* *Сокулук райондук соту*

Чүй облусунун аймагында соттордун 11 имараты жайгашкан: пандустар болгону экөөсүндө бар, Брайл ариби менен маалымат берүү бир да сотто болгон эмес.






*Ош облустук соту* *Кара-Кулжа райондук соту*





*Өзгөн райондук соту*

Ош облусунун аймагында соттордун 10 имараты жайгашкан: пандустар болгону 2 соттук имаратта бар; Брайл ариби менен маалымат берүү бир да сотто учураган эмес.





*Баткен облусундагы Сүлүктү шаардык соту*



*Лейлек райондук соту*



*Райондор аралык сот*



*Баткен райондук соту*



*Кызыл-Кыя шаардык соту*

Баткен облусунун аймагында соттордун 7 имараты жайгашкан: пандустар бир дагы сотто жок; Брайл арибы менен маалымат берүү бир дагы сотто учураган эмес.



*Талас облустук соту.*
*80 сантиметрлик төрт тепкич бар,*
*Пандустар менен жабдылган эмес.*



*Облустагы райондор аралык соту*



*Бакай-Ата райондук соту*



*Талас райондук соту*

Талас облусунун аймагында 7 соттук имарат бар: пандустар бир дагы соттук имаратта жок; Брайл ариби менен маалымат берүү бир дагы сотто учураган эмес.



*Нарын облустук соту*



*Нарын райондук соту*



*Нарын шаардык соту*



*Райондор аралык сот*

Нарын облусунда соттордун 8 имараты жайгашкан: пандустар бир дагы сотто жок; Брайл ариби менен маалымат берүү бир дагы сотто учураган эмес.



Ысык-Көл облусунда соттордун 9 имараты жайгашкан: пандустар 6 имаратта бар; Брайл ариби менен маалымат берүү бир дагы сотто учураган эмес.



*Кара-Көл шаардык соту*



*Жалал-Абад облусундагы Ала-Бука райондук соту*

Жалал-Абад облусунда соттордун 14 имараты жайгашкан: пандустар бир гана сотто бар; Брайл ариби менен маалымат берүү бир дагы сотто учураган эмес.

Кыргыз Республикасы боюнча соттордун имараттарынын жалпы санынан (74 соттук имарат) 64 имаратына мониторинг жүргөн. Байкоолордун жыйынтыктары көпчүлүк имараттарда пандустардын жок экендигин көрсөттү: алар 14 соттук имараттарда бар (иликтөөгө алынган соттук имараттардын 21,8%ы). Атайын арабалардагы майыптар имараттардын биринчи кабатына гана кириши мүмкүн, калган кабаттарга көтөрүлүүгө мүмкүн эмес. Пандустарга байланыштуу жакшыраак көрүнүштөр эки гана сотто бар – Ош облустук сотунда жана Кара-Суу райондук сотунда.






*Ош облустук соту* *Кара-Суу райондук соту*

Брайл арибине байланыштуу иликтөө республикадагы бардык имараттардын ичинен Бишкек шаарындагы Октябрь райондук сотунда гана бар экендигин көрсөттү.

Биздин байкашыбызча, каттоо зарылдыгы жана Брайл арибин колдонуу менен соттук имараттарда жарандарды маалымдоо боюнча тиешелүү талаптарды мыйзамдык деңгээлде кайра карап чыгуу зарыл.

Соттук имараттарда көрүүсү начар майыптардын басуусуна жардам бере турган кармагычтар жок. Бөлмөлөр (айрыкча имаратка кире бериштеги) начар жарыктандырылган, бул көзү начар көргөн адамдардын абалын татаалдантат.

Мониторингдин жүрүшүндө Акыйкатчы Институтунун кызматкерлери сурдокотормочунун катышуусун же угуучу аппарат колдонууну талап кылган окуяларга күбө болушкан, бул сурдокотормочуну тартуу боюнча чыгымдарга байланыштуу тиешелүү беренелеринин жоктугуна көңүл бурууга аргасыз кылат[234].

1991-жылдын 1-июлунда КР министрлер кабинетинин токтому менен «күбөлөрдү, жабырлануучуларды, эксперттерди, адистерди, котормочуларды тартуу жана алардын таанууга, тергөөгө, прокурорго жана сотко чакырылгандарды алып келген жарандарга байланыштуу

234 Мурда 1991-жылдын 1-июлунда КР министрлер кабинетинин токтому менен бекитилген «күбөлөрдү, жабырлануучуларды, эксперттерди, адистерди, котормочулардын жана алардын таанууга, тергөөгө, прокурорго жана сотко чакырылгандарды алып келүүгө байланыштуу чыгымдарынын» көрсөтмөсү иштеп келген.

чыгымдарынын» көрсөтмөсү бекитилгендигин белгилеп коюш керек, бирок бүгүнкү күндө аталган көрсөтмө эскирген жана КР мыйзамдарынын учурдагы талаптарына туура келбейт.

Буга байланыштуу каршы пикирлерди четтетүү максатында, бүгүнкү күндүн талабына толук түрдө шайкеш келген, жогоруда айтылып кеткен көрсөтмөлөрдүн жаңы редакциясын кабыл алуу жана ошондой эле соттук териштирүүлөрдүн жүрүшүндө көрсөтүлө турган сурдокотормочулардын кызматына кете чыгымдарды киргизүү зарыл деген ойдобуз.

Жазык процессуалдык кодекстин 23-беренеси (КР ЖПК) «эгер ал (адам) сотто колдонула турган тилди түшүнбөсө, котормочунун жардамын акысыз пайдаланууга, же ал тилде сүйлөбөөгө» укугу көрсөтүлгөн. Аталган ченем дудук же жакшы укпаган адамдарга байланыштуу конкреттештирүүнү талап кылат.

Иликтөөлөрдүн жыйынтыктары ЖСУЭП 14-беренеси тарабынан каралган ДМЧАларга байланыштуу милдеттердин аткарылышы үчүн тиешелүү чараларды кабыл алууну талап кылат: соттор жана трибуналдар алдындагы теңчилик, түшүнүктүү тилде кабардар болуу, эгер соттогу колдонулган тилди түшүнбөсө, котормочунун акысыз жардамын пайдалануу же ал тилде сүйлөбөө.

«Ден-соолугунун мүмкүнчүлүгү чектелген адамдардын укуктары жана кепилдиктери жөнүндө» мыйзамдын объекттерди долбоорлоого, курулушка жана кайра оңдоого болгон талаптар сакталбай жатат. Соттордун имаратына физикалык жеткиликтүүлүктү камсыздоо канааттандырарлыксыз калууда. Сурдокотормочулар менен камсыздоо маселеси дагы чечүүнү талап кылат.

## ТЫЯНАКТАР:

Коомдун коргоосуз жана аялуу катмарына, анын ичинде системанын ыңгайсыздыгынан жапа чеккен ДМЧАларга өзгөчө көңүл буруу зарыл. Мыйзам тарабынан кепилденген мамлекеттик кызматтарды алууда алар укуктардын жана эркиндиктердин бузулушуна туш болушат. Ден соолугунун мүмкүнчүлүгү чектелген адамдарга соттук коргоого болгон укуктарды ишке ашырууга жеткиликтүүлүк камсыздалбаган. Жыйынтыгында бул ден-соолугунун мүмкүнчүлүгү чектелген жарандардын коомдон алыстоосуна жана конституциялык укуктарынын бузулуусуна алып келет.

# СУНУШТАР

## Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө

1. Тергөөчүгө, прокурорго жана сотко шектелүүчүнү таануу максатында чакырылгандар үчүн кызмат көрсөткөн котормочулардын (анын ичинде сурдокотормочулар) чыгымдарынын тартибин жана көлөмүн караган көрсөтмөлөрдүн жаңы редакциясын иштеп чыгуу жана кабыл алуу;

2. 1991-жылдын 1-июлунда КР министрлер кабинетинин токтому менен бекитилген «күбөлөрдү, жабырлануучуларды, эксперттерди, адистерди, котормочулардын жана тергөөгө, прокурорго жана сотко чакырылгандарды алып келүүгө байланыштуу чыгымдарынын» инструкциясын бүгүнкү күндөгү талаптарга толук жооп бергендей, учурдагы КР мыйзамдарынын талаптарына шайкеш келтирүү;

3. Ар бир жергиликтүү соттордун имарат, бөлмөлөрүн жарыктандырууга, ошондой эле, КР Жогорку сотун кулагы начар адамдар үчүн угуу аппараты менен жабдууну караштыруу.

## Кыргыз Республикасынын Жогорку сотуна Кыргыз Республикасынын Жогорку сотуна караштуу Соттук департаментке

1. Сот имараттарында ден-соолугунун мүмкүнчүлүгү чектелген адамдар үчүн жеткиликтүүлүктү камсыздоо максатында процедураларын өткөрүү[235];

2. Соттордун имараттарында ДМЧАлардын маалымат алуусу үчүн Брайл арибин (анын ичинде соттук иштерди угуулар белгиленгендиги жөнүндө) колдонуу маселесин карап чыгуу.

3. Соттук имараттарды оңдоодо жана курууда ден-соолугунун мүмкүнчүлүгү чектелгендердин, анын ичинде араба-отургучтар менен келгендердин кирүүсү үчүн мүмкүнчүлүктөрдү эске алуу, башка жардамчы каражаттар жана жабдыктар менен жарыктандыруу.

## Кыргыз Республикасынын Башкы прокуратурасына:

1. Ден-соолугунун мүмкүнчүлүгү чектелген жарандардын укуктарынын сакталышы боюнча мыйзамдардын аткарылышына прокуратура органдары тарабынан көзөмөлдү күчөтүү (пандустардын, тосмолордун, лифттердин же башка жабыктардын орнотулушу, ошондой эле майыптардын муктаждыктарын камсыздоочу КНжЭ талаптарынын сакталышына көзөмөлдү күчөтүү).

235 КР Эмгек жана социалдык өнүгүү министрлиги берген маалымат боюнча майыптардын укуктары жөнүндө БУУ Конвенциясын ратификациялоого КР Өкмөтүн даярдоо жөнүндө Мыйзам долбоорун иштеп чыгуу пландалууда (*2.4 бөлүмдү караңыз*).



# 6-БӨЛҮМ.

# ЖАЗА АТКАРУУ СИСТЕМАСЫ. ЖАБЫК МЕКЕМЕЛЕРДЕ ЖАЗА ӨТӨП ЖАТКАН АДАМДАРДЫН УКУКТАРЫ

## 6.1. УКУК КОРГОО ОРГАНДАРЫНЫН КЫЗМАТКЕРЛЕРИНИН МЫЙЗАМСЫЗ АРАКЕТТЕРИНЕ КАРАТА ЖАРАНДАРДЫН АРЫЗ-ДАТТАНУУЛАРЫ

Акыйкатчынын атына 2017-жылы келип түшкөн кайрылууларда укук коргоо органдарынын кызматкерлеринин аракеттерине жана аракетсиздигине карата көптөгөн көйгөйлөр көтөрүлгөн. Атап айтканда, кыйноолордун жана адамдын кадыр-баркын басмырлаган адамгерчиликсиз катаал мамиле менен жазалоо түрлөрүнүн колдонулушу; негизсиз кылмыш ишин козгоо же кылмыш ишин козгоодон баш тартуу; экстрадиция жана башка маселелер көтөрүлгөн. Укук коргоо органдарына карата 563 арыз-даттануу кабыл алынган.

Акыйкатчы укук коргоо органдарынын аракеттерине же аракетсиздигине карата келип түшкөн арыздарды карап жатат, анын ичинде ички иштер органдарына[236], прокуратура органдарына[237], улуттук коопсуздук органдарына[238], ошондой эле, тергөө жүргүзүүчү органдарга[239] арыздар түшкөн.

236 1994-жылдын 11-январындагы №1360-XII «Кыргыз Республикасынын ички иштер органдары жөнүндөгү» Кыргыз Республикасынын Мыйзамы, http://cbd.minjust.gov.kg/act/view/ru-ru/686.

237 2009-жылдын 17-июлундагы №224 «Кыргыз Республикасынын прокуратурасы жөнүндөгү» Кыргыз Республикасынын Мыйзамы http://cbd.minjust.gov.kg/act/view/ru-ru/202597 жана 2017-жылдын 13-июлундагы №124 «Кыргыз Республикасынын Конституциясы менен аныкталган прокуратуранын өзүнчө ыйгарым укуктары жөнүндөгү» Кыргыз Республикасынын Мыйзамы, http://cbd.minjust.gov.kg/act/view/ru-ru/111631

238 1994-жылдын 11-январындагы №1362-XII «Кыргыз Республикасынын улуттук коопсуздук органдары жөнүндөгү» Кыргыз Республикасынын Мыйзамы, http://cbd.minjust.gov.kg/act/view/ru-ru/710.

239 КР КПК 153-беренесин караңыз, http://cbd.minjust.gov.kg/act/view/ru-ru/111530.

Келип түшкөн арыздар жасалган кылмыш үчүн жоопкерчиликке тартууга, кызматкерлердин аракеттерине же аракетсиздигине, мыйзам тарабынан аныкталган жол-жоболордун сакталышына тийиштүү болушу мүмкүн.

Адам укугу жана эркиндиги Кыргыз Республикасынын эң жогорку баалуулугу катары таанылат. Ал укуктар түздөн түз таасир этет, адам укугу түшүнүгү баардык мамлекеттик органдардын, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын жана алардын жооптуу кызматкерлеринин ишмердүүлүгүнүн маанисин аныктайт[240]. Адам укугу жана эркиндиктеринин укук коргоо органдарынын ишмердүүлүгүнө байланышкан тизмеси абдан кеңири болуп эсептелет[241].


## Азыркы кырдаал

2017-жылы Кыргыз Республикасынын Акыйкатчысынын атына (Омбудсменге) укук коргоо органдарына карата 563 арыз келип түшкөн, анын ичинде, ички иштер органдарына карата – 387 арыз, прокуратурага -107 арыз, улуттук коопсуздук органдарына – 21 жана жазаларды аткаруу мамлекеттик кызматына карата (ЖАМК) – 48 арыз-даттануулар келген.

Анализ көрсөткөндөй, үч жыл ичинде Омбудсмен институтунун дарегине ИИБ кызматкерлеринин мыйзамсыз аракеттерине же аракетсиздигине карата көп сандагы арыздар келип түшкөн, андан кийин прокуратура кызматкерлерине, кийинкиде КР Өкмөтүнүн алдындагы ЖАМК мекемесине; жана эң аз санда – Улуттук коопсуздук мамлекеттик кызматына карата арыздануулар болгон.

***№6.3.1 Диаграмма***

***Салыштырмалуу анализ***




Негизинен кайрылуулардын көпчүлүгү укук коргоо органдарынын кызматкерлеринин милдеттерин тиешелүү деңгээлде аткарбаганына байланыштуу, атап айтканда, кайсыл бир кылмышка тиешеси жок жактарды мыйзамсыз кармоо жана кылмыш жоопкерчилигине тартуу, кылмыш жоопкерчилигин козгоодон баш тартуу, кылмыш-процессуалдык мыйзамдардын ченемдерин бузууга жол берүү.

240 Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 16-беренесиин 1-бөлүгү. .

241 Адам укугу менен эркиндиктеринин ушул категориясы айрыкча Жарандык жана саясий укуктар жөнүндөгү эл аралык пактыда аныкталган

**Мисал 6.3.1. С. Медеров**

Кыргыз Республикасынын Омбудсменинин атына (Акыйкатчы) Бишкек шаарынын тургуну С.Медеровдон Бишкек шаарынын Ленин РИИБ кызматкерлеринин аракетсиздигине карата арыз түшкөн.

Арызда жазылган боюнча Бишкек шаарынын Ленин РИИБ кызматкерлери М.Раимбаевага жана "Беш-Сары Сити" администрациясына карата кылмыш ишин козгоодон негизсиз баш тартышкан.

Аталган арыз боюнча Бишкек шаарынын прокуратурасына кат жөнөтүлгөн. Ал жактан келген жооп катта ал материалды кароодо кылмыш-процессуалдык мыйзамдарды бузууга жол бергени үчүн Бишкек шаарынын Ленин РИИБ ТБ тергөөчүсү Д.Дүйшеновго карата тартиптик мүнөздөгү чара көрүү үчүн Бишкек ШИИББ сунуштама киргизилгени көрсөтүлгөн.

Жыйынтыгында Бишкек шаарынын ИИББ ТБ башчысы менен Бишкек шаарындагы Ленин районунун прокурорунун орун басары У.Шахматов Бишкек шаарынын Ленин РИИБ ТБ тергөөчүсү Д.Дүйшеновго карата «ушул сыяктуу фактыларга жол бербөө жөнүндө» көрсөтмө берүү менен чектелгени тууралуу Бишкек шаарынын ИИББ кат жөнөтүлгөн.

Мындай чечим менен макул болбогон Акыйкатчы Бишкек шаардык прокуратурасына кат жөнөткөн. 2017-жылдын 12-июнунда Бишкек шаарынын ИИББ ТБ ыкчам кеңешмесинде Бишкек шаарынын Ленин РИИБ ТБ тергөөчүсү Д.Дүйшеновго сөгүш жарыяланган.

Ушул окуя көрсөткөндөй, укук бузууга жол берген жооптуу кызматкерлерге дайыма эле таасир этүүнүн натыйжалуу чаралары колдонула бербейт, бул укук коргоо органдарынын ортосунда өз ара тилектештик бардыгын билдирет.

Ошондой эле, Кыргыз Республикасынын ИИМ кызматкерлеринен да жетекчиликке карата арыздар келип түшөт.

**Мисал 6.3.2. Н. Чалгынбаев**

Омбудсмендин атына Н. Чалгынбаевден Токмок шаарынын ИИБ жетекчилиги, атап айтканда, милициянын полковниги М.Чойбеков тарабынан жасалган мыйзамсыз аракеттерине карата арыз түшкөн.

Арызда көрсөтүлгөндөй, М.Чойбековдун ИИБ башчысы кызматына дайындалган учурдан тартып Токмок шаарынын ИИБ жамаатынын ички моралдык-психологиялык жагдай начарлап кеткен. Ошондой эле, милиция кызматкерлерине арналган батирлер аныкталган тартипке ылайык эмес шартта бөлүштүрүлүп жатканы кабарланган. Убактылуу кармоо изоляторунда кармалгандардын тамак-ашы үчүн каралган каражаттарды бөлүштүрүүдө коррупциялык схема бардыгы айтылган.

Андан сырткары, М. Чойбековдун 2017-жылдын 12-июнундагы №149 буйругу боюнча арыз жазуучу Н. Чалгынбаевге жогору турган жетекчиликке арызданганы үчүн сөгүш түрүндө тартиптик жаза-чарасы көрүлгөнү кабарланган. Жыйынтыгында ички иликтөөлөр кызматы текшерүү жүргүзгөн жана Токмок шаарынын ИИБ башчысынын аталган буйругу жокко чыгарылган[242].

Кыргыз Республикасынын ИИО Тартиптик уставынын №153 пунктуна ылайык кол алдындагы кызматкерге карата мыйзамсыз жана негизсиз түрдө тартиптик жаза-чара колдонууга жол берген жетекчи эгерде иш-аракетинде башка кылмыштын белгиси аныкталбаган шартта тартиптик жоопкерчиликке тартылууга тийиш.

242 Чүй облустук ИИББ 2017-жылдын 03-августундагы №452 буйругу менен.

2017-жылдын 8-июль күнү М. Чойбеков Токмок шаарынын ИИБ ыкчам кеңешмесинде укук ченемдик актыларды бузуу менен Н.Чалгынбаевдин өндүрүшүндө турган жашыруун материалдарды окуган, аны менен ал жетекчи Чалгынбаев кылмыштардын бетин ачуу максатында жашыруун шарттарда кызматташкан жактардын өмүрүн менен ден соолугуна коркунуч келтирген.

Арызда көрсөтүлгөн боюнча, 2017-жылдын август айында КР ИИМ реформа жүргүзүлгөн. 19.07.2017-жылы Н.Чалгынбаев ден соолугунун абалына байланыштуу дарыланууда болгон. КР ИИМ жүргүзгөн реформа боюнча кызматкерлердин тизмесин түзүүдө Токмок шаарынын ИИБ башчысы М.Чойбеков жекече мамиледеги кастыктан улам Н.Чалгынбаевди Токмок шаардык ИИБ штатына кошпой койгон, ошондон улам Чалгынбаев Чүй облустук ИИББ кошумча кадрлар тизмесине түшүп калган.

Арызды кароодо Акыйкатчы Кыргыз Республикасынын ИИМ кат жөнөткөн. Ал эми КР ИИМ алынган жоопто Чүй облустук ИИББ 2017-жылдын 10-ноябрындагы №94 л/с буйругу менен Н. Чалгынбаев Токмок шаарынын ИИБ баңгизаттарды мыйзамсыз айлантууга каршы күрөшүү тобунун ыкчам кызматкер ордуна кайра орноштурулган.

Ушул айтылгандардан улам ИИБ аракеттери этикага шайкеш келип, укук сактоо мүнөзүнө ээ болушу керектигин белгилөөгө болот. Ички иштер министрлиги өз ишмердүүлүгүнүн натыйжалуулугун жогорулатууга, ал эми кызматкерлер мыйзамдарды сактоого, инсандын кадыр-баркы менен адам укугун сыйлоого умтулушу зарыл.

## Экстремизм

Кыргыз Республикасынын Акыйкатчысынын аппаратына динге ишенген жарандар тарабынан ИИМге укук коргоо, прокуратура, Дин иштери боюнча мамлекеттик комиссиянын кызматкерлери кылмыш иштерин негизсиз козгойт, анын ичинде, тинтүүлөргө көптөгөн арыздар менен кайрылышат.

Арызданууучулар көрсөткөндөй, милиция кызматкерлери тарабынан экстремизмге шектелгендерге карата текшерүү иштерин жүргүзүү убагында шектүү делген адамга ар кандай баракчаларды, диний мүнөздөгү адабияттарды, компакт-дисктерди, флеш-карталарды атайылап көрсөтпөй таштальшы мүмкүн, же болбосо алардын турак жайын тинтүүдө же кылмыш болгон жерде болбогон күбөлөр же калыс күбөлөр тартылууда. Адамдарды экстремизм боюнча айыптоо, шектүү адамдан же болбосо анын үй-бүлөсүнөн кылмыш ишин токтотуу үчүн акча өндүрүү максатында жасалып жатат. Ал эми кыйноо же физикалык зордук-зомбулуктун башка түрлөрү мажбурлап мойнуна алдыруу максатында колдонулууда. Арыздарда КР ИИМ 10-Башкы башкармалыгынын кызматкерлери бар экени да белгиленген.

**Мисал 6.3.3. Б. Ормонбеков**

Акыйкатчы Кубат Оторбаевдин атына Б.Ормонбековдон Чүй облустук ИИББ 10-башкармалыгынын кызматкерлеринин мыйзамсыз аракеттери боюнча арыз түшкөн.

Ал өзүнүн арызында 2017-жылдын 18-апрелинде жогоруда аталган башкармалыктын кызматкерлери Сүйүн Ибраев менен Кылыч Мурзалиев Дача-Суу айылына кетип бара жаткан жолдон жолуккан, алар өздөрүн тааныштырып, аны экстремист деп аташкан жана жакында кармап, камайбыз деп коркуткан.

Арызды кароонун жүрүшүндө Кыргыз Республикасынын ИИМ кат жөнөтүлгөн. Ал жактан алынган каттын жообунда Кыргыз Республикасынын ИИО кызматкерлеринин Кесиптик этика кодексинин 3-беренесинин 2 жана 3-пункттарынын талабына ылайык, Чүй облустук ИИББ 10-башкармалыгынын ички иштер органдарынын улук ыкчам кызматкери, милициянын подполковниги С.Ш. Ибраев жана милициянын улук лейтенанты К.Т.Мурзалиевдин аракеттери Чүй облустук ИИББ этика боюнча комиссиясында каралып, ушундай фактыларга жол берил-



бестиги тууралуу катуу эскертүү берилгени жөнүндө маалымдалат.

2016-жылы комплекстүү психологиялык-лингвистикалык жана дин таануу экспертизасын жүргүзүү усулдарын иштеп чыгуу үчүн [243] КР Юстиция министрлиги алдындагы Соттук экспертизалар мамлекеттик борборунда курамы Президенттик аппараттын, Юстиция министрлигинин, Соттук экспертизалар мамлекеттик борборунун, Улуттук илимдер академиясынын Филисофия жана саясий-укуктук изилдөөлөр институтунун, УКМК, ИИМ, Башкы прокуратура жана Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Дин иштери боюнча мамлекеттик комиссиянын кызматкерлеринен турган Жумушчу топ түзүлгөн [244]. Ал жумушчу топ 2017-жылы Соттук-эксперттик изилдөөлөр усулдарынын мамлекеттик реестирине 11.01.2017-жылдагы №1 протокол менен киргизилген, Кыргыз Республикасында дин таануу жана комплекстүү соттук психологиялык-лингвистикалык экспертиза жүргүзүүнүн усулдук колдонмосунун бет ачаарын өткөрдү.

Аталган усулдук колдонмонун негизинде компонентине дин таануу экспертизасы дагы камтылган комплекстүү психологиялык-лингвистикалык экспертизалар жүргүзүлөт.

Ошентип, ушул сыяктуу экспертизаларды өткөрүү усулдары иштелип чыкты, бирок аларды жүргүзө турган эксперттерди даярдоо маселеси дагы деле актуалдуу бойдон кала берүүдө. Анткени ар кыл мүнөздөгү экспертизаны жүргүзүүдө атайын билимдин болушу милдеттүү талаптардын бири болуп саналат [245].

## Кыйноолор жана ырайымсыз, адамкерчиликсиз же инсандын кадыр-баркын басмырлоочу катаал мамилелер жана жазалар

Абак жайларындагы кыйноолор жана ырайымсыз катаал мамиле жасоо – тергөө өндүрүшүндөгү [246] чечиле элек актуалдуу көйгөйлөрдүн бири бойдон кала берүүдө. Келип түшкөн арыздардан улам ыкчам кызматкерлердин ишинде кыйноолорду жана катаал мамиле жасоонун түрлөрүн колдонуу кеңири таралган деген корутунду чыгарууга болот, бирок алардын айрымдары гана ачыкка чыгып, сотко чейин жетет.

Кыйноолор – кишини өлтүрүү максатында эмес, адамдын эркин майтаруу, жазалоо, коркутуу аркылуу мажбурлап моюнга алдырган көрсөтмөлөргө жетишүү үчүн күбөлөр катышпай жасалган кылмыш иштеринин татаал категориясына кирген кылмыш аракеттери. Мамлекет кыйноолорго каршы жол берилбей турганын жарыялаганы менен келип түшкөн билдирүүлөр жана кайрылуулардын анализи кыйноолор боюнча кырдаалда, иликтөөлөрдөгү жагдайлар сыяктуу эле кескин өзгөрүүлөр байкала электигин көрсөтүп турат.

Кыргыз Республикасынын Башкы прокуратурасынын маалыматы боюнча, 2017-жылы прокуратура органдарына кыйноолор боюнча 418 арыз-даттануу келип түшкөн, анын ичинен кыйноолор боюнча -139 арыз, ырайымсыз, адамкерчиликсиз же инсандын кадыр-баркын кемсинткен катаал мамиленин жана жазалоонун түрлөрү боюнча 279 арыз келген.

243 http://cbd.minjust.gov.kg/act/view/ru-ru/200076.

244 Бул топтун ишин «Жалпы кызыкчылыктарды издөө» уюму колдойт. (Search for Common Ground). Бул топтун курамына Акыйкатчы кирбейт.

245 Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Мамлекеттик соттук-эксперттик кызматтын расмий сайты. http://sudexpert.gov.kg/otdel-psihologicheskoj-i-lingvisticheskoj-ekspertiz/

246 1948-жылдын 10-декабрындагы «Адам укугунун жалпы декларациясына» ылайык эч ким кыйноого, катаал, адамкерчиликсиз же кадыр-баркын кемсинтүүчү мамилеге жана жазага тартылыш мүмкүн эмес.


КР КЖК 305-1-беренеси боюнча 9 кылмыш иши козголгон, 2016-жылы козголгон 2 кылмыш ишин кошкондо ички иштер органдарынын беш жооптуу кызматкерине карата сотко 3 кылмыш иши жөнөтүлгөн, ал иштер боюнча учурда кароо жүрүп жатат.

5 кылмыш иши боюнча тергөө иштери токтотулуп, 3 кылмыш иши боюнча иликтөө иштери жүргүзүлүп жатат.

383 материал боюнча кылмыш ишин козгоодон баш тартылган.

**Катталган кыйноолор жөнүндөгү кайрылуулардын санын салыштыруу үчүн бөлүм төмөндөгү статистиканы келтирет:**


***№6.3.2 Диаграмма***




2016-жылы соттор тарабынан кыйноолор боюнча козголгон иштерге ылайык 2015-жылы кылмыш жоопкерчилигине 2 адам тартылган.

Ал эми Кыргыз Республикасынын Омбудсменинин аппаратына 2016-жылы укук коргоо органдарынын кызматкерлери тарабынан кыйноо колдонулган фактылар боюнча 47 арыз келип түшкөн, 2017-жылы – 30 арыз келген. Баардык арыздар кылдат жана ар тараптуу каралып чыкты, арыз жазчуучулардын ар бир жүйө далили текшерилген. Анализ көрсөткөндөй, көпчүлүк учурларда кылмыш жасалганын көрсөтүүчү жетиштүү далилдер жок болуп чыгат, же жабырлануучулар көп убакыт өтүп, зордук-зомбулук издери жоголуп кеткенден кийин абдан кеч кайрылышат.

***№6.3.3 Диаграмма***




***Кыйноо колдонулган кийинки кайрылуулардын мөөнөтү***


Иликтөөнүн жана экспертиза дайындоонун жүрүшүндө арызданууучулар экспертизадан баш тарткан учурлар көп кезигет, анын жыйынтыгында прокуратура органдары КР КПК 28-беренесинин 1-бөлүмүнүн 2-пунктунун негизинде (кылмыш курамынын жоктугу боюнча) кылмыш ишин козгоодон баш тартуу түрүндөгү процессуалдык чечим кабыл алат.

Ошентип арыз жазуучулардын жүйө далилдерин тастыктоонун жоктугу, арызданууучулардын экспертизадан өтүүдөн жана болуп өткөн окуянын жагдайларын текшерүүдөн баш тартуусу же тергөө органдарына, прокурорго жана сотко келүүдөн качуулар, кыйноо колдонгон жактардын күнөөсүн далилдөөнүн жүрүшүн оордотот.

***6.3.4. Диаграмма***




***№6.3.5 Диаграмма***




Бул маселенин актуалдуулугун эске алуу менен Кыргыз Республикасынын Акыйкатчысынын аппараты (Омбудсмен) «Кыргыз Республикасында соттук экспертизалар өндүрүшүндө Стамбул протоколунун принциптерин колдонуунун натыйжалуулугу»[247]. деген темада атайын

247 Аткаруучу – укук коргоо органдары тарабынан абак жайларындагы адам укугунун сакталышына көзөмөл жүргүзгөн бөлүм.

баяндама даярдаган. Акыйкатчы аппаратынын профилдик бөлүмү 2017-жылы прокуратура органдары жана ККУБ менен биргеликте абак жайлары боюнча 48 текшерүү жүргүзгөн.

## Чет мамлекеттерде кылмыш жазык мөөнөтүн өтөп жаткан Кыргыз Республикасынын жарандарын экстрадициялоо маселелери

№ 6.3.1 диаграммада көрсөтүлгөндөй, кызматкерлердин мыйзамсыз аракеттерине каршы прокуратура органдарына 107 арыз түшкөн.

КР КПК[248] 440-беренесине ылайык чет мамлекеттин соту тарабынан эркинен ажыратылган. Кыргыз Республикасынын жараны, анын мыйзамдуу өкүлү же жакын туугандары, ошондой эле, чет мамлекеттин компетенттүү органдары соттолгон адамдын макулдугу менен Кыргыз Республикасынын Башкы прокуратурасына анын жазасын Кыргыз Республикасында өтөө жөнүндө өтүнүч менен кайрыла алышат.

КР ТИМ маалыматы боюнча 2017-жылы Кыргыз Республикасында кылмыш жоопкерчилигине тартуу үчүн 86 адам, ошондой эле, чет мамлекеттик соттордун өкүмү менен жаза мөөнөтүн андан ары өтөө үчүн 46 адам которулуп келген.

*2018-жылдын 26-январына карата чет мамлекеттердин аймагында 1782 Кыргызстандын жараны жаза өтөп жатат, алардын көпчүлүгү Россия Федерациясынын аймагында – 1453, калгандары Казакстан Республикасында – 212, Тажикстан Республикасында – 34, Өзбекстанда – 19 жаран жаза өтөөдө.*

Чет мамлекеттердин түзөтүү мекемелеринде жаза өтөп жаткан Кыргыз Республикасынын жарандары негизинен баңгизаттарды мыйзамсыз жүгүртүү жаатындагы кылмыштар боюнча – 35%, инсандын өмүрү, ден соолугу жана жыныстык кол тийбестигине каршы кылмыштар боюнча -30%, ошондой эле, жеке мүлккө каршы кылмыштар боюнча -20% соттолушкан.

2017-жылы Кыргыз Республикасынын Акыйкатчысынын аппаратына (Омбудсмен) экстрадициялоо маселеси боюнча 14 кайрылуу келип түшкөн. Негизинен арыздар чет өлкөлөрдө баңгизаттарды мыйзамсыз жүгүртүүгө байланышкан кылмыштар боюнча соттолгон биздин мамлекеттин жарандары тарабынан келген. Бул өтүнүчтөрдү аткарууга Кыргыз Республикасынын Башкы прокуратурасы тарабынан баш тартылган.

**Мисал 6.3.7. К. Зиябидинов**

Кыргыз Республикасынын Акыйкатчысынын атына (Омбудсменге) У.Зиябидиновдон К.Зиябидиновду кызыкчылыгына аны Тажикстан Республикасынан экстрадициялоо боюнча арыз келип түшкөн.

Аталган арыз боюнча Омбудсмен тарабынан Кыргыз Республикасынын Башкы прокуратурасына кат жөнөтүлгөн. Ал эми алынган жооп катта К.Зиябидинов тарабынан калктын ден соолугуна жана адеп-ахлагына каршы багытталган коомдук коркунучтуу кылмыштарды, андан кармалган баңгизаттардын көлөмүн эске алуу менен КР КПК 440-1-беренесин жана 1998-жылдын 6-мартындагы Соттолгондорду жаза мөөнөтүн андан ары өтөө боюнча өткөрүп берүү жөнүндөгү Конвенциянын 6-беренесин жетекчиликке алуу менен Кыргыз Республикасынын Башкы прокуратурасы тарабынан аны Кыргызстандын аймагында жаза өтөөсүн улантуу үчүн которуп келүүдөн баш тартуу чечими кабыл алынганы, ал тууралуу Тажикстан Республикасынын Башкы прокуратурасына тиешелүү билдирүү жөнөтүлгөнү кабарланган.

Ошентип ата мекендик Башкы прокуратура өзүнүн баш тартуу чечимин «калктын ден соолугуна жана адеп-ахлагына каршы багытталган кооптуу кылмыштардын коркунучтуулугун;

248 Кыргыз Республикасынын Кылмыш процессуалдык кодекси 1999-жыл 30-июнь №62.

андан кармалган баңгизаттардын көлөмүн эске алуу; ошондой эле, Кыргыз Республикасындагы наркотрафикке каршы күрөшүү боюнча алдын алуу максатын көздөйт» деп негиздеген.

Башкы прокуратура ошондой эле, акыркы жылдары баңгизаттарды мыйзамсыз айлантуунун өлкөнүн улуттук коопсуздугуна жана социалдык туруктуулугуна терс таасиринин күчөшү менен мүнөздөлгөн Кыргыз Республикасындагы баңгизатка байланыштуу кырдаалдын өнүгүшүн мисал келтирип, Кыргыз Республикасынын ЕАЭБ курамына кошулушу менен чектеш чек аралардагы бажы көзөмөлүнүн алынышынан кийинки баңгизаттарды мыйзамсыз айлантууга каршы күрөшүү жана тийиштүү чараларды көрүү максатындагы аракеттерге шилтеме берет.

Мындан тышкары, Башкы прокуратура тарабынан Кыргыз Рспубликасынын ЕАЭБ курамына кошулушу менен баңгизаттардын контрабандасы үчүн жоопкерчиликти жөнгө салган кылмыш жазык жана административдик мыйзамдарды аталган бирликке мүчө-мамлекеттердин мыйзамдарына ылайык бир түргө келтирүү абдан зарыл экени кабарланат. Учурда Кыргыз Республикасынын Башкы прокуратурасы тарабынан ушул багыттагы иш-аракеттер жүргүзүлүп жатат.

Белгилей кетчү жагдай, чет мамлекеттердин абак жайларында жаза өтөп жаткан Кыргызстан жарандарын экстрадициясына байланышкан маселелер боюнча корутундулары менен сунуштамалар Кыргыз Республикасынын Акыйкатчысынын (Омбудсмендин) «Кыргыз Республикасында 2016-жылы адам менен жарандын укуктары менен эркиндиктеринин сакталышы жөнүндө» Жылдык баяндамасында чагылдырылган [249].

# КОРУТУНДУЛАР

Укук коргоо органдарынын натыйжалуу иши жогорку деңгээлдеги кесиптик даярдоонун жана ички иштер органдарынын кызматкерлеринин ишмердүүлүгүнө тиешелүү деңгээлдеги шарттарды камсыздоонун эсебинен жетишилет. Алардын ишмердүүлүгүнүн калк тарабынан колдоого алынышы реформалоонун милдеттүү шарты катары эсептелет, мындай колдоого жетишүү ИИМ кызматкерлеринин мыйзамды толук сактаган иш-аракеттеринин натыйжасында гана ишке ашышы мүмкүн.

Укук коргоо органдарынын кызматкерлеринин моралдык-психологиялык абалы, кесиптик даярдык сапаты (сырткы көрүнүшү, баарлашуу тажрыйбасы, жүрүш-туруш этикасы, билимдүүлүгү, тиешелүү көндүмдөргө ээ болуусу, жоопкерчилик ж.б.у.с.) коомдо кылмыштуулукка каршы күрөшкөн ИИБ жана башка органдардын кызматкерлеринин имиджи/элеси жөнүндө түшүнүктүн пайда болушунда эң негизги болбосо дагы абдан зор мааниге ээ.

Реформалардын локомотиви болгон жетекчилик курамга катардагы кызматкерлерди мыйзамсыз бошотуу жана субъективдүү мамиле жасоо учурларын жокко чыгаруу боюнча маанилүү талаптар коюлушу керек. Укук коргоо органдарынын кызматкерлеринин натыйжалуу укуктук жана социалдык кепилдик тутумдары реформалардын негизин түзүүгө тийиш. Эң зарыл шарттардын түзүлбөгөндүгү кадрлардын тез-тез алмашуусуна жана кызматка даярдыгы жок кызматкерлердин тартылышына алып келет [250].

---

249 Кыргыз Республикасынын Акыйкатчысынын (Омбудсмен) “Кыргыз Республикасында 2016-жылы адамдын жана жарандын укугунун сакталышы жөнүндө” баяндамасы, 193-198 караңыз.

250 Кыргыз Республикасынын Акыйкатчысынын (Омбудсмен) “Кыргыз Республикасынын ички иштер органдарынын кызматкерлерин социалдык-укуктук коргоонун абалы жөнүндө” атайын баяндамасы, 193-198 караңыз.

# СУНУШТАМАЛАР

**Кыргыз Республикасынын Ички иштер министрлигине:**

1. ИИБ кызматкерлеринин адам укугун жана эркиндиктерин сактоо боюнча укуктук билим жогорулатуу.
2. ИИБ катардагы кызматкерлерине карата жетекчилик тарабынан субъективдүү мамиле болгон учурларды жокко чыгаруу (мыйзамсыз иштен бошотуу ж.б.у.с.)

**Кыргыз Республикасынын Башкы прокуратурасына:**

1. Кылмыш ишин козгоодон баш тартылган, тергөө баскычындагы өндүрүштүк материалдарга карата көзөмөлдү күчөтүү.

**КР Өкмөтүнө караштуу Мамлекеттик соттук-эксперттик кызматына:**

1. Дин таануу жаатында экспертизалык иш жүргүзгөн эксперт дин таануучуларга квалификациялык талаптарды иштеп чыгуу.




## 6.2. КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНДА СОТТУК ЭКСПЕРТИЗАЛАРДЫ ЖҮРГҮЗҮҮДӨ СТАМБУЛ ПРОТОКОЛУНУН ПРИНЦИПТЕРИН КОЛДОНУУНУН НАТЫЙЖАЛУУЛУГУ

Кыйноо жана башка ырайымсыз мамиленин түрлөрүн тергөөнүн натыйжалуулугу физикалык жана психикалык далилдерди талаптагыдай документтештерүүгө көз каранды. Кыйноо жана башка катаал мамилелерди документтештирүүнүн мыкты бир куралы болуп Стамбул протоколу саналат. Кыйноолор жана башка ырайымсыз мамилелер үчүн жоопкерчиликке тартуу иштерин изилдөө көргөзгөндөй экспертизанын кечигип башталганы же болбосо экспертиза-

нын өз маалында жыйынтыктарды чыгарып бербегени бир нече себептер менен түшүндүрүлүп келет:

- эксперттердин ишинин көптүгү;
- жабырлануучулардын экспертизага өз учурунда келбегени;
- экспертизага медициналык документтерди толугу менен өз убагында бербегени (жабырлануучу медициналык мекемелерге, стационардык же амбулатордук дарылоодо болгондо, ошондой эле, кылмыштуу кол салуунун натыйжасында), медициналык керектүү документтерди кошумча талап кылуу жалпы эксперттик изилдөөгө жана корутунду чыгарууга кете турган убакытты андан да ары узартат;

Көп учурда кыйноонун курмандыктары укук коргоо органдарынын кызматкерлеринин кысымына байланыштуу медициналык экспертизадан өтүүдөн өздөрү баш тартат. Экспертизадан өтүүнүн өзү дагы конвой кызматынын кыйынчылыктарына байланыштуу айрым тоскоолдуктарды чыгарат [251].

2011-жылы Бириккен улуттар уюмунун кыйноо маселелери боюнча Атайын баяндамачысы Кыргызстанга жасаган сапарынын жыйынтыгында биздин мамлекетте «укук коргоо органдарынын кызматкерлери тарабынан жасалган ырайымсыз кыйноо фактыларын бейтарап жана дыкат иликтөөлөрдүн өтө аздыгын» белгилеген.

Атайын баяндамачынын сапарынан бери 6 жыл убакыт өттү, ал аралыкта айрым жылыштар болду. Бирок, жалпысынан кыйноо жана башка ырайымсыз мамиле тууралу маалымат, арыздарды текшерип, иликтөөдө абал аябай деле оңолуп кеткен жери жок. Айтайын баяндамачынын “бейтарап жана дыкат иликтөөлөрдүн өтө аз” деп чыгарган жыйынтыгы дагыле болсо актуалдуу бойдон.

Кыйноо жана башка ырайымсыз катаал мамилелер боюнча кайрылууларды иликтөөнүн натыйжалуулугуна терс таасирин тийгизип жаткан факторлордун бири – кыйноону жана башка катаал мамиленинин физикалык жана психикалык далилдерин сабаттуу, талаптагыдай документтештирүү болуп саналат.

Ал максатта Стамбул протоколунун негизинде “Кыйноолорду жана башка катаал, адамгерчиликсиз же кадыр-баркты басмырлаган мамиленин жана жазанын түрлөрүн натыйжалуу документтештирүү боюнча медициналык кызматкерлер үчүн практикалык колдонмо” иштелип чыгып, Саламаттык сактоо министрлигинин буйругу менен 2014-жылы декабрда бекитилген.



251 Бул бөлүк Кыргыз Республикасынын Акыйкатчысынын 2017-жылы даярдаган «Кыргыз Республикасында соттук экспертизаларды жүргүзүүдө Стамбул протоколунун принциптерин колдонуунун майнаптуулугу» деп аталган Атайын баяндамасынын негизинде берилди.

Азыркы тапта практикалык колдонмону практикада колдонууну киргизүү иштери жүрүп жатат. Медициналык кызматкерлер, соттук-медициналык эксперттер, сот системасынын психологдору жана психиатрлары соттук-медициналык жана соттук-психологиялык-психиатриялык экспертизаны, медициналык текшерип, кароону жүргүзүүдө колдонула турган Форма менен камсыз болушту.

Алар үчүн маалымат берилип, билимин өркүндөтүүчү окуулар байма-бай өткөзүлүүдө. Республикалык соттук-медициналык экспертиза борборунда жана Республикалык психикалык саламаттык борборунун имараттарында купуялуулукту камсыз кылуу менен соттук-медициналык экспертиза өткөрүүчү атайын бөлмөлөр ачылды. Облустардагы жана Бишкектеги баардык соттук-медициналык экспертиза борборлору сүрөт тартуучу фотоаппараттар, окуу материалдары жана жабдуулары менен, проекторлор, түстүү принтер, канцелярдык товарлар жана башка буюмдар менен жабдылды.

**Экспертиза өткөрүүнүн процедуралары:**



Турмуш чындыгы ушундай экспертиза дайындоо жана токтомду соттук-медициналык экспертиза өткөрүүчү бюрого берүү маалында уюштуруу иштерине жана ар кандай себептерге байланыштуу көп убакыт өтүп кетет. Бул болсо кыйноолордун натыйжасында жаракат алып, зомбулук көргөн организмге таандык табигый касиеттерден улам, алынган тактар тез арада азайып кетишине, ал эми соттук-медициналык экспертизага өтө кеч кайрылганда таптакыр эле жок болуп кетишине алып келиши ыктымал.

Ошол себептен токтом чыккан күн менен экспертиза баштала турган убакыттын аралыгы өтө кыска болушу керек. Стамбул протоколунун принциптерине ылайык ыктымал кыйноонун курмандыгынан арыз түшкөндөн тартып, Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлигинин жогоруда аталган Практикалык нускамасынын негизиндеги 003-4у формасын колдонуу менен өз убагында дайындалган экспертиза денеге келтирилген анча чоң (көп, терең) эмес тактарды (жара, тытылуу, айрыктарды) дагы аныктап алууга мүмкүнчүлүк түзмөк.

Азыркы тапта орто эсеп менен токтом чыккандан кийин экспертиза жүргүзүлгөнгө чейин 5 күндөн 3 айга чейинки убакыт өтүүдө.

Соттук-медициналык экспертиза менен тең катар эле соттук психологиялык-психиатриялык экспертиза да бирге башталышы керек, анын жүрүшүндө объективдүү жана ар тараптуу жыйынтык алуу үчүн 003-5у формасы толтурулушу талапка ылайык.

Экспертизанын бул түрү кыйноо менен зомбулуктун маанилүү далилдерин камсыздай алат, себеби, кыйноо жана башка ырайымсыз мамилелер дайыма адамда психологиялык өзгөрүүлөрдү жана психикалык оорунун кепеттерин калтырат. Азыркы учурда колдонулуп жаткан кыйноонун түрлөрү так же жаракат калтырбайт, медициналык текшерүү жүргүзгөндө дароо көрүнүп, байкала бербейт.

Белгилүү болгондой кыйноонун азыркы методдору денеге оор залакат келтирбей же көзгө көрүнө тургандай так калтырбай колдонулууда, аларды текшере келгенде же дароо байкалбайт, же болбосо текшерип, кароодо дайыма эле ылдам аныктала койбойт.

Соттук экспертизанын жыйынтыктарынын анализдери төмөнкүлөрдү көргөздү:

Кыйноо фактыларын документтештирүүдө соттук-медициналык экспертиза өткөрүү үчүн 003-4у[252] формасы, ал эми соттук-психиатриялык экспертиза өткөрүү үчүн 003-5у[253] формасын киргизүү эксперттерге тапшырылганына карабастан соттук эксперттер дагы эле болсо башка формалар жана актыларды колдонууда (№188/У формасы, №170-у-254 формасы, №170-у-87 формасы, №1030 формасы, Акт, Жыйынтыктоо).

Эгерде тергөөчүлөр өздөрүнүн токтомунда соттук-медициналык жана соттук психологиялык-психиатриялык экспертизаны Стамбул протоколуна же болбосо Саламаттык сактоо министрлигинин "Кыйноолорду жана башка катаал, адамгерчиликсиз же кадыр-баркты басмырлаган мамиленин жана жазанын түрлөрүн натыйжалуу документтештирүү боюнча медициналык кызматкерлер үчүн практикалык колдонмого" ылайык 003-4у формасын толтуруу зарыл деп көргөзбөсө соттук-медициналык эксперттер аны дайыма эле толтура беришпейт.

003-4у жана 003-5у формаларында *«Экспертизадан өтүүчү же анын өкүлү кыйноо жана башка ырайымсыз, катаал мамилелерди иликтеген мамлекеттик кызмат адамынан экспертизанын жыйынтыгын же анын көчүрмөсүн ала алат»* деген жобо бар. Эгер кыйноого учурады деген жаран камакта жатса анын жактоочусу соттук-медициналык жана соттук психологиялык-психиатриялык экспертизанын жыйынтыктарын дароо колуна алууну кыйындатат, себеби, экспертизанын жыйынтыгы же анын көчүрмөсүн алуу үчүн жактоочу иликтөөнү жүргүзүп жаткан кызмат адамына кошумча кайралууга туура келет.

Эксперттердин суроолорду сабаттуу бериши атайын билимди талап кылат, себеби, эксперттер коюлбаган суроолорго жооп берүүгө милдеткер эмес, ошол себептен бериле турган суроолор терең ойлонулуп туруп анан коюлушу керек.

Токтомдо көргөзүлгөн тергөөчүнүн суроолору негизинен шаблондуу болуп эсептелет жана соттук-медициналык эксперттерден негизинен көпчүлүк убактарда денеге жаракат келтирип, келтирбегенин, жаракаттын пайда болуу себептерин, мүнөзүн, келтирилген залалдын ордун жана оордугун, анын качан болгонун талап кылышат.

Мындай суроолор негизинен эксперттен ыктымал жабырлануучуга дермотологиялык кароо өткөрүүгө милдеттендирет, эгер көз менен көрө тургандай денеге залал келтирүү жок болсо анда кыйноо колдонулган эмес, башка ырайымсыз, катаал мамиле жасалган эмес, деп бүтүм чыгарып берүүгө экспертти түртмөлөйт.

Ошондой эле, соттук-медициналык экспертиза адам жаракатты алгандан кийин көп убакыттан соң гана өткөрүлгөн убактар көп эле учуроодо.

Мисалы, төрт экспертизанын материалдарынын жыйынтыктарын[254] карай турган болсок, анын биринде жаран жаракатты 2016-жылдын 26-августунда алган, ал эми экспертиза 10 айдан кийин гана бир жылга жакын убакытта - 2017-жылдын 21-июнунда башталган. Ошого карабай берилген суроолор баягыдай эле шаблондуу: «Денеде кандайдыр бир жаракаттын белгиси барбы (1 жылдан кийин - автор), эгер болсо (!) анын ден соолукка келтирген зыянынын даражасын аныктаңыз, орду, келтирилген жаракаттын механизми кандай, жогоруда келтирилген жагдай боюнча жаракат жаңыбы же эскиби – качан экендигин аныктоо зарыл? »

Албетте коюлган суроого жараша эксперттин жообу да ошондой: «2017-жылдын 21-июнунда өткөрүлгөн соттук-медициналык экспертиза жаран А.И.нин денесинде кандайдыр бир

252 Кыйноо жана башка ырайымсыз катаал мамилердин учурларын документтештирүүдөгү соттук-медициналык экспертизанын жыйынтыктарынын формасы.

253 Кыйноо жана башка ырайымсыз катаал мамилердин учурларын документтештирүүдөгү соттук-психиатриялык жана комлекстүү психологиялык-психиатриялык экспертизанын жыйынтыктарынын формасы.

254 №120, 121,122,123 Кыйноо жана башка ырайымсыз катаал мамилердин учурларын документтештирүүдөгү соттук-медициналык экспертизанын жыйынтыктары (№003-4у формалары).

көк-ала, кан уюу, жаракатты аныктаган жок, болгону, курсагынын оң жагында эски тырыктын орду бар, ал бул окуяга тиешеси жок[255]».

Мындай учурларда эксперт критерий боюнча «кыйноо болгон» деп жыйынтык чыгара албайт, анткени, көп убакыт өткөндөн кийин ал кыйноонун тактары жоголуп кетиши толук ыктымал.

**Кыйноо болгондугуна байланыштуу арыздан кийин дайындалган экспертизанын алкагында бериле турган суроолор[256] убакыттын канча өткөндүгүнө карабай жана башка жагдайларды эске албай туруп негизинен төмөндөгүдөй коюлат:**

1. Денеге жаракат келтирүүнү аныктоо, анын ордун, эмнеден болгонун, мүнөзүн көрсөтүү. Денеге келтирилген жаракаттын даражасы канчалык?
2. Денеге жаракат качан келтирилген?
3. Ден соолукка зыян келтирилгенби?
4. Иштин алкагында көргөзүлгөн убакытка жаракат туура келеби?

**Эл аралык стандарт боюнча Стамбул протоколунун алкагында бериле турган мындай суроолор сунушталат:**

1) Ыктымал кыйноо колдонулганы тууралуу маалыматтарга экспертиза аныктаган физикалык маалыматтар дал келеби?

2) Текшерилген адамдын физикалык ахывалынын кайсы факторлору жалпы клиникалык абалга таасир берет?

3) Текшерилип жаткан адам айыгуунун кайсы стадиясында?

4) Текшерилүүчү адамдын саламаттыгына дагы кайсы стресстик факторлор өз таасирин тийгизүүдө? (мисалы, уланып жаткан куугунтуктоо, аргасыздан көчүп жүрүү (миграция), чет мамлекеттен башпаанек сурап, көчүп келүү, үй-бүлөсүнөн айрылып, коомдогу ордун жоготуу жана башкалар). Бул айтылган проблемалар кыйноонун курмандыгынын жалпы абалына кандай таасир берүүдө?

## Документештирүү жана абалга дал келүүнүн даражасын баалоо

Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлигинин практикалык колдонмо нускамасына ылайык талаптагыдай туура толтурулган документтер кыйноо жана башка ырайымсыз катаал мамилелерди колдонууну далилдөөдө аны табууга, аныктоого, ачыкка чыгарууга чоң түрткү бермек, ал болсо өз кезегинде адилеттүү сот үстөмдүгүн орнотуу кызыкчылыгында кылмыш жасагандарды жоопко тартууга мыкты салым болуп калаар эле[257].

Стамбул протоколуна жана Практикалык колдонмо нускамага ылайык кайрылуу түшкөн учурда кыйноо болгон, болбогонун аныктоо максатындагы эксперттик бүтүм чыгарарда денедеги табылган жаракаттар менен ыктымал жабырлануучунун арызында келтирилген жаракат алуунун жагдайларынын бири-бирине дал келүүсүн так аныктоо зарыл.

255 №121 Кыйноо жана башка ырайымсыз катаал мамилердин учурларын документтештирүүдөгү соттук-медициналык экспертизанын жыйынтыктары (№003-4у формалары).

256 №425, 120, 121, 122, 123, 697, 4487, 3867, 4234, 526, 4487, 1377, 532 эксперттердин жыйынтыктары.

257 "Кыйноолорду жана башка катаал, адамгерчиликсиз же кадыр-баркты басмырлаган мамиленин жана жазанын түрлөрүн натыйжалуу документтештирүү боюнча медициналык кызматкерлер үчүн практикалык колдонмо".

Денеде физикалык жаракаттын жоктугу арызлануучуга кыйноо же башка ырайымсыз, катаал мамилелер колдонулган эмес, деп бир жактуу бүтүм чыгарууга негиз бербейт. Экспертиза жабырлануучунун жалпы абалын текшерүүдө анын курч жана көртөн бери созулуп келаткан соматикалык оорулары, ошондой эле, эмгекке жарамдуулугунун жоголушу менен кайрылып жаткан жабырлануучу (же күбөнүн) арызында айтылгандардын дал келүүчүлүк даражасына жакшылап көңүл буруу зарыл.

Эксперт медициналык документтерде, фотоматериалдарда, жабырлануучунун арызынын негизиндеги клиникалык-лабораториялык иликтөөлөрдө айтылып, көргөзүлгөндөрдү баалап, төмөнкү терминдерди колдонуу менен денедеги келтирилген жаракаттарды баалашы керек:

- Туура келбейт: физикалык симптомдор арызда айтылган уруп-согуу, зомбулуктун кесепети эмес.
- Туура келет: физикалык симптомдор арызда айтылган уруп-согуу, зомбулуктун кесепети, бирок, ал башка көптөгөн таасирлерден улам дагы пайда болушу ыктымал.
- Өтө жогору туура келет: физикалык симптомдор арызда айтылган уруп-согуу, зомбулуктун кесепети, башка таасирлердин залалы жокко эсе.
- Иш жүзүндө диагност коюлду: денедеги мындай жаракат жабырлануучунун арызында көргөзүлгөндөрдү толук тастыктайт жана башка себептер жок экендигин бекемдейт.

Айрым соттук психиатр-эксперттер арызлануучунун психикасындагы өзгөрүүлөрдү толук түрдө документтештирбейт. Анамнез, ага таасир этүү, жабырлануучунун тынчсызданган ойлору, психикалык абалы өтө эле кыска сүрөттөлөт. Адатта штамп болуп калган «аң-сезими тунук», «көңүл буруп жатат», «ой жүгүртүүсүндө тизмек менен логика бар», «эстутуму жана акылы жайында», «эстутуму жана акылы алган билимине туура келет», «тынчсызданганы байкалат», «көңүл абалы жагдайга жараша басаңдады» деген сыяктуу аң-сезимди, көңүл коюуну, ой-жүгүртүүнү, интеллекти жана эстутумдун клиникалык сүрөттөмөсүн чагылдырбаган сөздөр жазылат. №48 соттук-психиатриялык, психологиялык экспертизанын комлекстүү жыйынтыгынан: «Маектешүү маалында таза, тыкан көрүнөт. Акылы тунук», «Ой жүгүртүүсү жайында, ырааттуу... эстутум жаатында жана интеллекте поталогия байкалбайт».

Психиатрлар өздөрүнүн соттук-психиатриялык экспертизасынын бүтүмдөрүндө арызлануучу тарткан жабыркоонун деңгээлин баалоодон баш тартышат, аны дарыгерлер «өздөрүнүн компетенциясына кирбейт» деп түшүндүрүшөт[258].

Стамбул протоколуна ылайык жабыркоонун деңгээлин баалоо соттук психолого-психиатриялык экспертизанын милдетине кирбейт, бирок ошол эле маалда адамдын физикалык жана психикалык саламаттыгына бул жапа чегүүлөрдүн таасирин аныктоо зарыл.

Айрым соттук-медициналык эксперттер[259] арыз жазуучунун денесин караган учурда жаракаттын тагы жоктугунан улам эле “туура келбейт” деп бүтүм чыгарып беришет. Ошол эле учурда кыйноого учураган адамдын денесиндеги жаракаттар көп убакыт өтүп кеткендигине байланыштуу айыгып, жоголуп кетиши ыктымал экенин эске алышпайт. Бул болсо өз кезегинде кайрадан экспертиза дайындоого алып келет.

258 №739 Акт; СППЭнин 003-5у формасы боюнча жыйынтыгы (03.05.17); СППЭнин 003-5у формасы боюнча №337 жыйынтыгы, СППЭнин 003-5у формасы боюнча жыйынтыгы (29.11.16); СППЭнин 003-5у формасы боюнча №286 жыйынтыгы.
259 СМЭнин №1377 жыйынтыгы (18.07.17), СМЭнин №532 жыйынтыгы (27.03.2017).

Анткени, денеде жаракат болбосо да, так калбаса дагы аны «денеде физикалык кесепеттердин көзгө көрүнөрлүк калдыктары жок болсо эле кыйноо болгон эмес деп бүтүм чыгарууга негиз бербейт, себеби, кыйноонун айрым түрлөрүнөн из жана жара калбайт». [260]

Бул проблемага карата өлкөнүн башкы мамлекеттик укук коргоочу органы «Кыргыз Республикасынын Акыйкатчысы (Омбудсмени) жөнүндө» мыйзамдын 11-беренесинин 7-пунктуна ылайык «Кыргыз Республикасында соттук экспертизаларды жүргүзүүдө Стамбул протоколунун принциптерин колдонуунун майнаптуулугу» деп аталган Атайын баяндама даярдаган.

## 6.3. УБАКТЫЛУУ КАРМООЧУ ИЗОЛЯТОРЛОРДОГУ ШАРТТАР

Эркиндикти чектеген жайларга баруулар кыйноолорду колдонуу жана адамдык ар-намысты аёсуз басынтуучу катаал мамилелерди колдонуу түрлөрүн четке кагууга багытталган. Ал жактарга барууда кармоо шарттарына көңүл бурулат, ошондой эле кармалгандардын жактоочуга жеткиликтүүлүгүнүн кепилдиктерин текшерүү камсыздалат. Негизинен көрүнүктүү кемчиликтердерден болуп камералардын адамдарга жык толушу, жуунган жердин жана дааратканалардын жоктугу, кээде – суунун жоктугу болуп эсептелет. УКИнин ТИЗОдон алыс жайгашкандыгы, КММ менен жетиштүү камсыздоо болбогондугунун себебинен, ошондой эле кармалгандардын ким экендигин аныктоо мүмкүн болбогон учурларда кармоо мөөнөтүнүн бузулушуна алып келет, иш жүзүндө бул соттук чечимдерди аткарбоо дегенди билдирет.

Эркинен ажыратылган ар бир адамга гумандуу мамиле кылуунун кепилдиктери Жарандык жана саясий укуктардын эл аралык пактында [261], Кыйноолорго каршы конвенцияларда бекитилген [262].

Кыргыз Республикасынын Конституциясы эркинен ажыратылган ар бир адам үчүн гумандуу мамиле жана адамдык ар-намысты сактоого болгон укукка кепил болот [263]. Эркинен ажыраган ар бир адамдын гумандуу мамилеге жана адамдык ар-намысты сыйлоого болгон укугу, Конституцияга ылайык, аталган укуктардын чектелүү мүмкүнчүлүгүн карабайт [264].

Өлкө боюнча мекемелерге барууну камсыз кылуу менен Кыргыз Республикасынын Акыйкатчысы [265] камакка алуу жайларына – убактылуу кармоочу изоляторлорго (УКИ) мониторинг жүргүзөт. Ошону менен катар эле, даттануулар жана арыздар көп болгон мекемелерге баруу токтоосуз түрдө ишке ашат.

### Азыркы кырдаал

Кыргыз Республикасынын Акыйкатчысынын кызматкерлери 2017-жылы төмөнкү максаттарга жетүү үчүн убактылуу кармоочу изоляторлорго ар тараптуу иштер менен барып турушту:

---

260 Стамбул протоколу. Кыйноонун физикалык далилдери. V глава: http://www.ohchr.org/Documents/Publications/training8Rev1ru.pdf

261 Жарандык жана саясий укуктардын эл аралык пактынын 10-беренеси (КР 1994-ж. 12-январында кошулган № 406 –XII).

262 Кыйноолорго каршы БУУ Конвенциясынын 2-беренеси (КР 1997-ж. 26-июлунда КР Мыйзамы менен кошулган № 47)

263 2010-ж. 27-июндагы референдумда кабыл алынган Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 22-беренесинин 2-бөлүмү.

264 2010-жылдын 27-июнун референдумда кабыл алынган Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 20-беренесинин 5-бөлүмү.

265 Жоопкер - Эркиндикти чектөө жайларындагы укук коргоо органдары тарабынан адам укуктарынын корголушу боюнча бөлүм. Бөлүмдөрдүн иши КР Омбудсменинин (Акыйкатчы) 2016-2020-жылдарга болгон институтту өнүктүрүүнүн стратегиялык планына ылайык ишке ашат. Артыкчылыктарынын бири – убактылуу кармоочу изоляторлорго баруу.

болуп жаткан кырдаал боюнча жеткиликтүү, так маалымат чогултуу, кармоонун шарттарын жана мөөнөттөрүн текшерүү, тазалык шарттарын камсыз кылуу, дары-дармектердин болушу жана медициналык жардамдардын көрсөтүлүшү, тамак-аш менен камсыз кылуу. Ар бир жолугушууларда камактагылар менен аңгемелешүүлөр жана сурамжылоолор, ошондой эле УКИ кызматкерлери менен сүйлөшүүлөр болду.

Азыркы учурда ИИО тутумдарында 46 убактылуу кармоочу изоляторлор бар, 1211 жаткак-орунга ылайыкташтырылган жалпы камералардын саны 259. 2016-жылдын 12 айында республиканын ИИБ УКИлеринде 9640 адам кармалып турган, алардын ичинен: эркектер 3741, аялдар 303, жашы жете электер 216[266].

2017-жылдын 5 айынын аралыгындагы Акыйкатчы аппаратынын кызматкерлеринин ИИБ УКИлерге баруу учурунда республикадагы ИИБ УКИлеринде 4145 адам кармалып турган, алардын ичинен: эркектер 3741, аялдар 303, жашы жете электер 101.

**2017-жыл аралыгында Акыйкатчы аппаратынын кызматкерлери төмөндө белгиленген убактылуу кармоочу изоляторлорго барышты:**

| | |
|---|---|
| Ысык –Көл облусу<br>Тоң райондук ИИБ УКИ<br>Жети-Өгүз райондук ИИБ УКИ<br>Каракол шаарындагы ШИИБ УКИ<br>Түп райондук ИИБ УКИ<br>Ысык-Көл райондук ИИБ УКИ<br>Балыкчы шаарындагы ШИИБ УКИ | Чүй облусу<br>Панфилов р-ндук ИИБ УКИ<br>Жайыл р-ндук ИИБ УКИ<br>Москва р-ндук ИИБ УКИ<br>Сокулук р-ндук ИИБ УКИ<br>Ысык-Ата р-ндук ИИБ УКИ<br>Токмок шаарындагы ШИИБ УКИ<br>Кемин р-ндук ИИБ УКИ |
| Жалал-Абад облусу<br>Жалал-Абад шаары. ШИИБ УКИ<br>Сузак р-ндук ИИБ УКИ | Ош облусу<br>Ош шаардык ИИБынын УКИ<br>Өзгөн р-ндук ИИБ УКИ |
| Нарын облусу<br>Нарын шаардык ИИБ УКИ<br>Ат-Башы р-ндук ИИБ УКИ<br>Кочкор р-ндук ИИБ УКИ | Баткен облусу<br>Кызыл-Кыя шаары, ШИИБ УКИ<br>Баткен р-ндук ИИБ УКИ |
| Бишкек шаары<br>Бишкек шаарындагы ШИИБ УКИ<br>КР ИИМ ТИИБ УКИ | |

Омбудсмен Аппаратынын кызматкерлеринин 2017-жыл үчүн убактылуу кармоочу изоляторлорго жүргүзгөн текшерүүлөрү: УКИ – 26 жолу, ошондой эле ИИБдерге болгон күтүүсүз түнкү текшерүүлөр – 48 жолу (Прокуратура органдарынын жана Кыйноолорду алдын алуу жана башка аесуз, адамгерчиликсиз же ар намысты басмырлаган мамилелердин жана жазалардын түрлөрүн алдын алуу боюнча улуттук борбору (КАУБ) менен биргеликте ишке ашкан).

Жыйынтыгында ИИО мекемелерине текшерүүлөр болгон учурлардагы кырдаалдар жөнүндө, ИИБ кармалып жаткан адамдардын кыйноолор жана аёсуз мамилелерге байланыштуу улуттук мыйзамдардын жана эл аралык стандарттардын сакталышы жөнүндө маалыматтар чогултулду. Кырдаалды иликтөө үчүн ички иштер органдарынын убактылуу кармоочу изоляторлорундагы иш-аракеттердин тартибин жөнгө салуучу Убактылуу кармоочу изоляторлор-

266 КР ИИМ Коомдук коопсуздуктун башкы башкармалыгынын маалыматы боюнча (ККББ).



*Акыйкатчы жабык мекемеге мониторинг жасоодо*

дун ички тартибин бөлүштүрүү эрежелери колдонулат[267] жана шектелип же жасалган кылмышка күнөөлөнүп кармалган адамдарды камакта кармоо режимин камсыз кылат.

Шектелүүчүлөр жана айыпталуучулар Кыргыз Республикасынын Өкмөтү тарабынан аныкталган нормалар боюнча ден-соолукту жана күч-кубатты кармоо үчүн жетиштүү болгон, акысыз тамак-аш менен камсыз болушат[268].

КР ИИО УКИлерине мониторингдердин жыйынтыгы боюнча даярдалган сунуштардын басымдуу бөлүгү кармоодогу шарттарды минималдуу стандарттарга шайкеш келтирүүгө багытталган.

2017-жылдын аралыгында айрым ИИО УКИлериндеги имараттарга жана бөлмөлөргө косметикалык оңдоп-түзөөлөр болду (негизинен донорлордун каржылык жардамы менен). Тоң районунун ИИБ УКИсинде, Чүй облусунун бардык УКИлеринде, Каракол шаарындагы ШИИБ УКИси, Ысык-Көл районунун ИИБ УКИсинде кармоонун шарттарын жакшыртуу менен косметикалык оңдоолор жасалды.

Бишкек шаарындагы ШИИБ УКИге байкоочу видео камералар орнотулду. Ысык-Ата районундагы ИИБ УКИге унитаз коюлду. Эл аралык уюмдардын эпизотикалык гуманитардык жардамы эл аралык стандарттарды сактоо үчүн инфраструктураларды жакшыртуу зарылдыгын мамлекеттен албастан, УКИлерде кармалып жаткандардын шарттарын белгилүү бир деңгээлде жакшырта алат.

Тилекке каршы, оң маанайдагы өзгөрүүлөргө катар эле өткөн мониторингдерде белгилегендей, ИИО УКИде кармоонун шарттарынын начардыгы дагы деле сакталууда. Жети-Өгүз районундагы ИИБ УКИдеги абал канааттандыраарлыксыз.

Башка изоляторлордо санитардык нормалардын сакталышына байланыштуу кемчиликтер бар: аба жетпейт, айрым УКИлерде ал таптакыр жок, терезелерине жука темирлер кагылган,

267 Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2006-жылдын 2 февралындагы №57 токтому менен бекитилген Кыргыз Республикасынын ички иштер органдарынын убактылуу кармоочу изоляторлорундагы ички тартиптин эрежелери. «Кылмыштарды **жасоо** жагынан **шек** туудурган **жана айыпталып кармалган адамдарды** камакта кармоонун тартиби **жана шарттары** жөнүндө›› Мыйзамына ылайык кабыл алынган.

268 Өкмөттүн 08.02.2008 № 42 Токтому менен бекитилген.

уктоочу орундуктардын саны жетишсиз, төшөнчүлөр жок же жарактан чыккан. Ичүүчү сууга болгон жеткиликтүүлүк, жеке гигиенаны сактоого болгон мүмкүнчүлүк жок, ошондой эле санитардык-гигиеналык шарттардын сакталышы камсыздалбаган, табигый муктаждыктарды канааттандыруу үчүн керектүү шарттар начар (Жайыл райондук ИИБ УКИ).

Айрым райондордо соттолгондор камераларда тыгылып отурушарын мониторингдин жыйынтыктары көрсөттү (Талас, Баткен жана Жалал-Абад облустары), кармалган адамдардын саны коюлган кармоо нормаларынан алда канча жогору. Бул тергөө изоляторунун алыстыгы же жоктугуна байланыштуу.

Эркинен ажыраган адамдар менен болгон аңгемелешүүлөр камоолордун шарттарын документештирүү жана маалымат алуу үчүн негиз түздү. Мониторингдин жүрүшүндө алдын алуулар жана медициналык карталар боюнча материалдар изилдөөгө алынды. Өз каалоосу менен катышуу принциптеринин сөзсүз түрдөгү сакталуусу менен ИИО УКИлеринде кармалып турган 147 адам сурамжылоого катышты. Сурамжылоого катышкандардын катарында – шектүүлөр, айыптуулар, акталгандар жана административдик жазага тартылган адамдар бар. Камакта жаткан 37 адам сунуш, арыз жана даттанууларды жиберүүгө өздөрүнүн укуктуу экендиктери тууралуу маалымдар болушпагандыгын айтышты. Сурамжылоого катышкандар УКИде жайгашкан учурда аларга карата кыйноолор колдонулбагандыгын шектүүлөр жана айыпталгандар менен болгон маектешүүлөрдүн жүрүшүндө алынган маалыматтарды талдоолор көрсөттү.


Айрым ИИО УКИ жетекчилери камактагы адамдар өздөрүнүн укуктары жана милдеттери туурасында маалыматтык тактадан таанышса болорун белгилешти.

Убактылуу кармоочу изоляторлор тергөө изоляторлорунан айырмаланып Ички иштер министрлигине карайт жана милициянын тутумдук бөлүгү катары саналышат. Кылмыш иштеринин көпчүлүгүндө таануу жана болжолдуу иликтөөлөрдү ички иштер органдары өткөрүшөт. Кылмыш жасоого шектелген адамдарды кыска убакытка кармап турууга багытталган УКИлер ИИМ тутумуна кирет.





*Убактылуу кармоочу изоляторлордо абал оор бойдон*

*1-диаграмма. УКИлерде кармалгандардын саны*





ИИО УКИлеринде кармалып жаткандардын арасынан сурамжылоого катышкандардын 11и аялдар, 147си эркектер жана 2өө жашы жете электер.




**4-диаграмма. Чүй облусу боюнча ИИО УКИ жайгаштырылгандардын (шектелгендердин жана айыпталгандардын) ички тартип режимдеринин эрежелеринин жана тартиптик талаптардын тексти менен таанышуу укуктары**




Омбудсмен (Акыйкатчы) Институту териштирүү органы болуп саналбайт, ал административдик чараларды көрүү же укук бузууга болжолдонгондорго карата кылмыш ишин козгоо өтүнүчү менен тиешелүү органдарга жиберүүчү арыз-доомattарды кабыл алуу иши менен алектенет. Кыйноо фактылары боюнча бардык арыздар жана жабык мекемелерге баруулардын жыйынтыктары прокуратура органдарына жиберилет.

Кыйноолор жана аёсуз мамилелер тууралуу фактылар боюнча кайрылууларды кароонун жыйынтыгына болгон талдоолор кыйноолорду колдонуу көмүскө мүнөзгө ээ экендигин көрсөттү. Кармалгандар моюнга алуучу көрсөтмөлөрдү берүүгө мажбурлоо максатындагы тааннуунун мыйзамсыз методдоруна туш болушат, анын аркасында УКИге камалышат.

Кармоо мөөнөттөрү. Соттук органдар жана тергөө органдары тарабынан узакка кармоого жол берилген, ошол себептен айыпталуучулар, шектүүлөр жана соттолгондор көрсөтүлгөн мөөнөттөн ашык жатат, УКИде кармоо мөөнөттөрүнүн бузулушуна Омбудсмендин кызматкерлери 2017-жылы өзгөчө көңүл бурду. Мындай фактылар боюнча прокуратура органдарына актылар жиберилет.

Жасаган кылмыш боюнча күнөөлөнгөндөр качан гана ишти соттук кароолор калктуу пункттан алыс, тергөө изоляторлору (ТИЗО) жайгашкан жерде болуп, аларды күн сайын ташууга мүмкүн болбогондо, көрсөтүлгөн аракеттерди жана соттук процесстерди убактылуу аткаруу, тергөө иштерин аткаруу үчүн зарыл болгондо, бирок бир ай аралыгында он суткадан ашык эмес убакытка ТИЗОдон УКИге которула алышат[269]. Аргасыз кармоо жерлеринде кармоо мөөнөттөрүнүн үстүнөн көзөмөл жүргүзүүгө болгон жоопкерчилик мыйзамдарда каралган. Иш жүзүндө Акыйкатчынын кызматкерлери барган бардык объекттерде жарандарды УКИлерде кармоо шарттары жана мөөнөттөрү сакталбайт. УКИлерге барганда кармоо мөөнөттөрүнүн бузулушу бардык мекемелерде катталган. Көзөмөл органдары тарабынан болгон тез-тез текшерүүлөргө карабастан, текшерүүчү субъекттер тарабынан кандайдыр бир актылар толтурулган эмес, камакта жаткан адамдарды кармоо шарттары же кармоо мөөнөтү үчүн бир дагы жетекчи жоопкерчиликке тартылган эмес.

Жалал-Абад облусундагы, Жалал-Абад шаарындагы ИИБ УКИде, Баткен облусундагы Кызыл-Кыя шаарындагы УКИде жана Баткен районундагы УКИде шектүүлөрдү, айыпкерлерди жана соттолгондорду кармоо мөөнөттөрү бузулгандыгы аныкталды.

269 Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2006-жылдын 2 февралындагы №57 токтому менен бекитилген Кыргыз Республикасынын ички иштер органдарынын убактылуу кармоочу изоляторлорундагы ички тартиптин эрежелеринин 1-бөлүмүнүн 1.1 пункту.



*Баткен районундагы ИИБ убактылуу кармоочу изоляторунда*

Жалал-Абад жана Баткен облустарында тергөө изоляторлорунун жоктугу, ошондой эле айрым райондордун Ош шаарындагы №5 тергөө изоляторунан алыстыгы жарандарды кармоонун мөөнөттөрүнүн бузулушунун себептеринин бири болуп саналат. Негизги себеби катары камакта кармоонун шарттарынын жана мөөнөттөрүнүн сакталышына көзөмөлдүн жоктугун эсептесе болот.

Ош – Жалал-Абад шаарларынын ортосундагы аралык айланма жолдорду кошкондо 106 км.

Ош –Баткен шаарларынын аралыгы айланма жолдорду кошкондо 302 км.

## Транспорт менен камсыз кылуу жана камералардын ашыкча толуп калышы.

Кызыл-Кыя шаарынын ИИБ жетекчиси А.Аширбаев менен болгон маектешүүдө, ал ШИИБде соттолгон жарандарды ташуу үчүн атайын машиналар жетишпей тургандыгын билдирди, ошол себептен милиция кызматкерлери өздөрүнүн жеке менчик унаалары менен жүрүшөт. ШИИБдин балансында 1 «Соболь» кызматтык автоунаасы бар. Бул кызматтык автоунааны чакырууларга чыкканда жана айыпталуучуларды ташууда (алыскы аралыктарга) колдонушат, милициянын нөөмөттөгү кызматкерлери алдыдагы тапшырмаларын ишке ашыруу үчүн дээрлик бардык учурларда автоунаасыз калышат.

Жалал-Абад шаарындагы ИИБ УКИ барган учурда: анда 40 киши кармалып турган,алардын 3өө аялдар,алардын ичинен 10 суткадан ашык кармалгандары - 31 киши. Жалал-Абад облустук ИИБ УКИ, кармалгандар -29 киши, алардын ичинен 10 суткадана ашык кармалгандар – 16 киши. Баткен облусунун ИИБ УКИ, Кызыл-Кыя ш.: кармалгандар бардыгы болуп 17 киши, алардын ичинен 10 суткадан ашык кармалгандар – 9 киши. Баткен районунун ИИБ УКИ: кармалгандар бардыгы болуп 29 киши, алардын ичинен 10 суткадан ашык кармалгандар - 9 киши.

Тергөөчүлөрдүн жетишерлик узак убакыт бою кармалгандардын, шектүүлөрдүн, айыпталгандардын кимдигин тактай албагандыгы көп эле кездешет, ошонун кесепетинен ал жарандар кимдиги такталганга чейин убактылуу кармоочу изоляторлордо кармалышат.

Ушуга байланыштуу, азыркы учурда ички иштер органдарынын жана КРӨ караштуу Мамлекеттик каттоо кызматынын ортосунда КР жарандарынын идентификациялык маалыматы жөнүндө маалыматтык базаны камтыган маалыматтык өз ара аракетенүү механизмдерин түзүү зарыл деп эсептейбиз.

Биздин көз карашыбызда мындай маалыматтык өз ара аракеттенүү УКИлерди жеңилдетүүгө оң таасир тийгизе тургандай, жекелиги аныкталбаган адамдарды кармоо мөөнөттөрүн кыскарттууну шарттайт.

Бир адамга болгон камералардагы аянттардын санитардык нормасы 3,25 квадрат метрге бекитилген[270]. Камераларда элди жайгаштыруунун иш жүзүндөгү тыгыздыгы ИИБ УКИлерде жеткиликтүү нормадан 2 же андан ашык эсеге көп. Баткен районунун ИИБ УКИ 3 кишиге ылайыкташтырылган камерада 9 киши жатат (б.а. 0,33 м2/киши башына). Анын себеби райондук жана облустук соттордогу кылмыш иштеринин өз убагында каралбагандыгы эсептелет, ошонун кесепетинен соттолгондор жана тергөөнүн жүрүшүнүн катышуучулары соттук процесстер аяктаганга чейин ИИБ УКИлерде жатышат. Бул Кыргыз Республикасынын «Кылмыштарды жасоого шектелген жана айыпталып кармалган адамдарды камакта кармоонун тартиби жана шарттары жөнүндө›› мыйзамынын жоболорун бузуу болуп саналат.

## Убактылуу кармоо изолятору менен тергөө изоляторнунун алыстыгы

Жалал-Абад жана Баткен облустарында ТИЗО жоктугунан соттолуучуларды ИИБ УКИден Ош шаарындагы ТИЗОго ташуу соттун чечиминен кийин гана ишке ашат. УКИ алыстыгынан улам (Чаткал р-ну – 510 км., Ала-Бука р-ну - 390 км, Аксы р-ну – 330 км)[271] ТИЗОго/дон жана сотко ташуу кыйынчылыкты жаратат.

## Коргоого, өз жактоочусун тандоого болгон укук

Ар бир кармалган адам коргоо жана өз укуктарын бекемдөө үчүн өз тандоосу боюнча жактоочунун жардамын алуу үчүн кайрылууга укуктуу. Кармалган адам же камактагы адам өзүнүн жактоочусу менен жолугушуу үчүн жетиштүү убакыт жана шарттарга ээ болуу менен эч кандай тыюу салуусуз, купуя шарттарда жактоочусу менен байланышууга укуктуу.

КР КПК ылайык кармалган учурда жаран алгачкы текшерүү органдарына жеткирилгенден тартып жактоочунун жардамын алууга укуктуу. Суроолор жактоочунун катышуусунда ишке ашуусу керек. УКИде жайгашкан, сурамжылоого катышкан жарандар бул талаптар аткарылбай тургандыгын белгилешти.

Жактоочулар тарабынан болгон кызматтардын ак дилден болушун жана кесипкөйлүгүн стимулдаштыруу үчүн шарттарды түзүү зарыл.

Акысыз мамлекеттик юридикалык жардамдын эсебинен тартылган жактоочулардын ишинин сапатын баалоо механизмдеринин жоктугу аталган кызматтарга шек келтирүүгө жана жактоочунун профессионалдык этикаларынын бузулушуна алып келет.

Жабык мекемелерге баруу механизмдери укук коргоо органдарынын мыйзамсыз иш-аракеттерди колдонуу тобокелдигин азайтууну жана камакта кармоону ишке ашыруучу адамдарга коомчулуктун ишенимин жогорулатууну камсыз кылат.

Сунуштардын басымдуу бөлүгү Ысык-Көл облусундагы ИИБ УКИ кармоо шарттарын жакшыртууга тиешелүү.

270 «Кылмыштарды **жасоо** жагынан **шек** туудурган **жана айыпталып кармалган адамдарды** камакта кармоонун тартиби **ж ана шарттары** жөнүндө›› мыйзамынын 22-беренесине ылайык.

271 ИИБ нөөмөт бөлүмүнүн маалыматы боюнча.

# СУНУШТАР

### Кыргыз Республикасынын Ички иштер министрлигине

Ысык-Көл облусунун Тоң, Жети-Өгүз, Түп райондорундагы ИИБ УКИ камакта жаткандарды кармоо шарттарын жакшыртуу үчүн ичүүчү суу, жуунучу жай (душ) жана дааратканa менен токтоосуз камсыз кылуу.

### Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Мамлекеттик каттоо кызматына

Мыйзамда бекитилген мөөнөттөрдү сактоо, ошондой эле УКИ кармалгандардын санын кыскартуу максатында кармалгандардын кимдигин тактоо үчүн зарыл болгон КРӨ караштуу МКК электрондук маалымат базаларына тергөөчүлөрдүн жеткиликтүүлүгүн камсыздоо.

## 6.4. ТЕРГӨӨ ИЗОЛЯТОРЛОРУНДА КАРМООНУН ШАРТТАРЫ

2017-жыл аралыгында укук коргоо органдарынын иш-аракеттерине жана эркиндиктерди чектеген жайлардагы укуктардын сакталышына байланыштуу 402 кат түрүндөгү кайрылуулар Акыйкатчы Институтуна келип түштү[272]. Кайрылуулардын жыйынтыгы боюнча териштирүүлөр жүрүп, зарыл болгон учурларда тиешелүү жактарга суроолор жиберилди, ал эми укук бузуулар аныкталган учурларда – Акыйкатчы жоопкерүүгө аракет кылат. Кайрылууларда камтылган, иш жүзүндө болгон маалыматтар жабык мекемелерде мониторинг өткөрүүнү даярдоо үчүн колдонулат.

Кыргыз Республикасы адам укуктары жаатындагы бир катар эл аралык келишимдердин катышуучусу болуп саналат. Эркинен ажыратылган бардык адамдар гумандуу мамилеге жана жеке адамга таандык кадыр-барктын урматталышына укуктуу[273].

Бардык адамдар соттордун жана трибуналдардын алдында бирдей. Ар бир адам ага тагылган кандай гана кылмыштык айыпты кароодо укуктарга ээ же кайсыл бир жарандык процессте анын укуктарын же милдеттерин аныктоодо мыйзамдын негизинде түзүлгөн, иштин так, көз карандысыз жана калыс соттор тарабынан акыйкат жана коомдук териштирилүүсүнө укуктуу[274].

Кыргыз Республикасынын Конституциясына ылайык, эркинен ажыратылган ар бир адам гумандуу мамилеге жана жеке адамга таандык кадыр-барктын урматталышына укуктуу[275].

Кыргыз Республикасында КР Өкмөтүнө караштуу Жазаларды аткаруу мамлекеттик кызматына (КРӨ ЖАМК) жана КР Улуттук коопсуздук мамлекеттик комитетине (КР УКМК) караштуу алты тергөө изоляторлору бар (ТИЗО). Ошол эле учурда, ТИЗОлордун саны жетишсиз экендиги ачык эле көрүнүп турат, ушуга байланыштуу бир нече облустарда тергөө изоляторлорун куруу зарылдыгы сакталып турат. Тергөө изоляторлору Кыргыз Республикасы эгемендүүлүккө ээ болгонго чейинки убакыттарда эле курулган. Кармоо шарттары заманга жооп бербейт.

272 Аталган маселелер Акыйкатчы аппаратынын Эркиндикти чектөө жайларында адам укуктарынын сакталышы боюнча бөлүмдүн карамагына берилген.

273 Жарандык жана саясий укуктар боюнча эл аралык пакттын 10-беренесинин 1-бөлүмү (ЖСУЭП).

274 Жарандык жана саясий укуктар боюнча эл аралык пакттын 14-беренесинин 1-бөлүмү.

275 КР Конституциясынын 20-беренесинин 5-бөлүмүнүн 1-пункту жана 22-беренесинин 1-бөлүмү.

Мыйзамдын талаптарына ылайык өмүр бою эркинен ажыроо менен жаза мөөнөтүн ТИЗО-лордо өтөп жаткан жарандар камакта жаткан башка жарандардан бөлөк кармалышы керек, бирок, колдонулган укуктук тажрыйбада бул сакталбай келет.



Бишкек шаарындагы ТИЗО-1 боюнча маал-маалы менен кайра бөлүштүрүүгө байланыштуу маселелер көтөрүлүп келет.

Кыргыз Республикасы процессуалдык укуктарды сактоону, эркинен ажыраган жайларда жайгашкан жарандардын кепилдиктери жана кармоо шарттары боюнча милдеттерди өзүнө кабыл алуу менен адам укуктарын сактоо жаатындагы бир катар эл аралык келишимдерге кошулган [276].

Жазаларды аткаруу, өзгөчө эркинен ажыроо түрүндөгүсү, соттолгондордун жана алардын үй-бүлө мүчөлөрүнүн укуктарына таасирин тийгизет.

Тергөө изоляторлорунда Кылмыш процессуалдык кодексинде каралган (КР КПК), шектүүлөрдүн жана айыпталуучулардын укуктарынын сакталышын, алардын жалгыз кармалуусун, кызматкерлер тарабынан өз милдеттеринин аткарылышын, берилген тапшырмалардын чечилишин камсыздоочу режим орнотулган [277]. КР «Кылмыштарды жасоого шек туудурган жана айыпталып кармалган адамдарды камакта кармоонун тартиби жана шарттары жөнүндө›› [278] мыйзамы кылмыштарды жасоого шек туудурган жана айыпталып кармалган жарандарды камакта (алдын ала чечим менен) кармоонун тартибин жана шарттарын жөнгө салат, ошондой эле алардын укуктарынын жана мыйзамдуу кызыкчылыктарынын сакталышын кепилдейт.

ТИЗОдогу режимдин камсыздалышы, ички тартипти кармоо ТИЗОнун администрациясынын, ошондой эле кызматтык милдеттерин аткарбагандыгы же тийиштүү түрдө аткара албаганды-

276 Жарандык жана саясий укуктар боюнча эл аралык пакттын 7, 9, 10-беренелери, Кыйноолорго жана башка аесуз, адамгерчиликсиз же кадыр-баркты басмырлаган мамилелердин жана жазалардын түрлөрүнө каршы конвенция, КР Конституциясынын 20 жана 22-беренелери.
2. Кыйноолорго жана башка аесуз, адамгерчиликсиз же кадыр-баркты басмырлаган мамилелердин жана жазалардын түрлөрүнө каршы конвенция, 3.б КР Конституциясынын 20 жана 22-беренелери.

277 КР Камакта кармоонун тартиби жана шарттары жөнүндө Мыйзамынын 34-беренеси.

278 КР «Кылмыштарды жасоого шек туудурган жана айыпталып кармалган адамдарды камакта кармоонун тартиби жана шарттары жөнүндө» мыйзамы, 31- октябрь 2002-жыл № 150, http://cbd.minjust.gov.kg/act/view/ru-ru/1107, жана Кыргыз Республикасынын жаза-аткаруу системасынын тергөө изоляторлорундагы ички тартиптин эрежелери, 30-август 2006-жыл N 631.






гы үчүн ченемдик жана мекемелик жоболор тарабынан бекитилген жоопкерчиликти тарта турган алардын кызматкерлеринин мойнуна жүктөлгөн.

ТИЗОдо кармалган адамдар аларга мыйзам тарабынан коюлган милдеттерди аткарышы жана шектүүлөрдүн жана айыпкерлердин жүрүм-турум эрежелерин сактоосу керек[279].

Омбудсмен Аппаратынын (Акыйкатчы) кызматкерлери 2017-жыл аралыгында Кыргызстандын тергөө изоляторлорунда бир канча жолу мониторинг жүргүзүштү: Ош шаарындагы 25-ТИЗО жана Жалал-Абад шаарындагы 53-ТИЗО[280], Бишкек шаарындагы 1- ТИЗО жана УКМКнын ТИЗОсунда.

Кыйноолорго жана аёсуз мамилелерге каршы күрөшүү максатында 2013-жылы Акыйкатчынын катышуусу менен Кыйноолорду алдын алуу жана башка аёсуз, адамгерчиликсиз жана кадыр-баркты басмырлаган мамилелердин жана жазалардын түрлөрү боюнча улуттук борбор түзүлгөн. Аталган орган жабык мекемелерге алдын ала баруу механизмдерин ишке ашырат. Ошондой эле 2009-жылдан тарта Омбудсменге караштуу Психиатриялык мекемелерде жайгашкан бейтаптардын укуктарын коргоо боюнча кызмат иштеп келе жатат (7-бөлүмдү караңыз).

Жалал-Абад шаарындагы 53-ТИЗО жана УКМКнын ТИЗОсу кармоо шарттары тийиштүү деңгээлде тазалык, медициналык тейлөө, тамак-аштын берилиши коюлган талаптарга шайкеш

279 КР «Кылмыштарды жасоого шек туудурган жана айыпталып кармалган адамдарды камакта кармоонун тартиби жана шарттары жөнүндө» мыйзамында жана Ички тартиптин эрежелери менен жөнгө салынган.

280 Борбордук аппараттын катышуусу менен баруу 2017-жылдын 27-31 мартында болгон. Ош шаарында туруктуу негизде КР Акыйкатчысынын Ош шаары жана Ош облусу боюнча аймактык өкүлчүлүгү иштейт.

келет. Бул мекемелердин кызматкерлери мыйзамда каралган [281] талаптарды так аткарышары камакта жаткандар менен болгон маектешүүлөрдө да белгилүү болду [282].

Көбүрөөк көйгөй Ош шаарындагы 25-ТИЗО бар. Тергөө изоляторундагы адамдар кармалган камераларда санитардык-эпидемиологиялык нормаларды сактоону толук түрдө камсыздоо зарыл.

Иш жүзүндө бардык корпустардагы камераларда таракандар жана зыяндуу курт-кумурскалар жүрөт. Имараттарда желдеткичтер иштебейт. Агынды суулар агып чыгуучу түтүктөр тазаланбаган жана имараттарда антисанитариялык абал өкүм сүрөт. Түтүктөрдү жана желим түтүктөрдү дат баскан жана көгөрүп кеткен. Камераларга таптакыр таза аба жана күндүзгү жарык кирбейт, бөлмөлөрдө ар кандай инфекцияларды ташуучулар бар, мындай шарттар камактагылардын жана кызматкерлердин ден-соолугуна орду толгус олуттуу зыян келтирип, коркунуч жаратат.

Медициналык жардамдарды уюштуруу үчүн соттолгондорду дарыгер-дерматологдун жана башка дарыгерлердин текшерүүсүнөн, кандын жана терини лабораториялык анализдеринен өткөрүү зарыл. Мындан тышкары бөлмөлөрдү кара, күрөң, ак жана жашыл түстөгү грибоктор басып, көгөрүп кеткен камералардын шыптарын текшерүү зарыл. Нымдуулук деңгээлин, бөлмөдөгү таза абанын, күн нурунун тийишин нормага ылайыктоо зарыл.

Эркинен ажыратылган адамдар менен болгон маектешүүлөр камакка алуу шарттарын тариздөө үчүн негиздерди түздү жана камоонун ар кандай аспектилери, өткөрүлгөн иш-чаралар жөнүндө жалпы маалымат алууга жол ачты.

Мониторинг учурунда соттолгон адамдар тарабынан колдонулган бардык бөлмөлөргө байкоо жүрдү. Ой-пикирлерди топтоого, абал тууралуу кызыктуу жана пайдалуу маалымат алууга мүмкүндүк болду.

## Кармоонун шарттары

№ 25 мекемедеги кармоо шарттары улуттук жана эл аралык стандарттарга шайкеш келбейт. Камераларда адамдардын көп болушу гигиеналык, санитардык жана өрт коопсуздугунун талаптарына жооп берген шарттарды камсыздоого жана индивидуалдуу уктоочу орундук, жууркан-төшөк, идиш-аяк жана ашкана жабдуулары менен шектүүлөрдү жана айыпталуучуларды камсыздоого мүмкүнчүлүк бербейт [283]. Бир соттолуучуга бөлүнгөн аянт 3,25 кв.м. түзүшү керек [284]. Көп камералар толтура, атап айтканда, 5 кишиге эсептелген камераларда 10-12 адам кармалып турат, бул талап кылынган нормага шайкеш эмес.

Совет мезгилинде курулган Ош шаарындагы № 25 ТИЗОнун инфраструктурасы жашоо-турмушту камсыздоо жана коопсуздук нормаларына туура келбейт. Айыптык изоляторго (АИЗО) иш жүзүндө камоого мүмкүн болбой калган.

281 КР «Кылмыштарды жасоого шек туудурган жана айыпталып кармалган адамдарды камакта кармоонун шарттары жөнүндө» мыйзамынын 4-беренеси.

282 25-ТИЗОдо 16 адам, 53-ТИЗОдо 18 адам сурамжылоого катышты.

283 КР «Камакта кармоонун тартиби жөнүндө» мыйзамы.

284 КР «Кылмыштарды жасоого шек туудурган жана айыпталып кармалган адамдарды камакта кармоонун шарттары жөнүндө» мыйзамынын 16-беренеси.
Кылмыштарды жасоого шек туудурган жана айыпталып кармалган адамдарды камакта кармоонун тартиби жана шарттары жөнүндөгү мыйзамга ылайык.




**Медициналык тейлөө**

Бардык соттолгондор медициналык тейлөөгө укуктуу, анын ичинде профилактикалык, дарылоочу, репродуктивдүү, паллиативдүү жана колдоо көрсөтүүчү саламаттыкты сактоого. Кызматтарды көрсөттүү сапаттуу болушу жана толук түрдө жеткиликтүү болушу зарыл, бул КРӨ алдындагы ЖАМК жана ТИЗО жетекчилеринин негизги милдети болуп саналат. Кызматтарды натыйжалуу камсыз кылуу жабык мекемелерде оорулардын таркашын жана өлүмдөрдү кыскартууга болгон көзөмөлдүн маанилүү фактору болуп эсептелет.

2017-жылдын мартында КРӨ ЖАМК №25 мекемесинин медициналык бөлүмү тарабынан тендер аркылуу 105 ар кандай дары-дармектер алынган. Аталган мекеменин медициналык бөлүмүндөгү маселелердин бири инфекциялык көзөмөлдү жана психикалык ооруга чалдыккан бейтаптарды кармоо шарттарын сактоо болуп саналат.

Флюроаппарат бат-баттан бузулуп калгандыгына байланыштуу ал жерге барган учурда ал иштебей турган, келгендерди текшерүү мүмкүн эмес. Азыркы учурда камактагылар флюорографиядан УКИ кызматкерлеринин жардамы менен өтүшүүдө. Ар бир кылмышкер боюнча медицина кызматкерлери кургак учукка текшерүү жүргүзүп жатышат.

Жалал-Абад облусундагы Кызыл-Жар айылында жайгашкан №2 Психикалык оорукана 16.12.2014-жылдан бери психикалык жактан жабыркаган камактагы бейтаптарды кабыл албайт. Анткени, №25 мекемеде психикалык жактан жабыркаган бейтаптардын саны жылдан-жылга көбөйүүдө, ошондой эле дарылардын жетишсиздиги бар. №2 Психикалык саламаттык борборунда дарылануу зарылчылыгы жөнүндөгү соттун өкүмү боюнча соттолгондор сөзсүз түрдө 47-ТК психоневрология бөлүмүндө кармалууга тийиш. Азыркы учурда мындай оорулуулардын саны ТИЗО № 25те 25 адамды түзөт. Мекемелерде дезинфекциялоо, дератизациялоо жана дезинсекциялоо айына бир жолу өткөрүлөт, бирок тиешелүү деңгээлде эмес. Мекемеде стамотологиялык каражаттар жок. Эркиндигинен ажыратылган адамдарга көрсөтүлүүчү медициналык жардамдын сапаты абакты сыртындагы жеткиликтүү саламаттык сактоонун сапатына барабар болууга тийиш. Тамак-аштардан ууланууу жана жугуштуу оорулардын тез таралышы катталган эмес.

## Соттордун узак мөөнөткө камоо жөнүндөгү мыйзамсыз жана негизсиз чечимдерине даттануулар

Соттордун узак мөөнөткө камоо жөнүндөгү мыйзамсыз жана негизсиз чечимдери туурасындагы жарандардын даттануулары боюнча талдоо жүргүзгөнүбүздө, көп учурларда соттор кылмыш жасоого шектелүү боюнча мыйзамдуулукту формалдуу түрдө гана текшерип коюшары белгилүү болду, анын ичинде баш коргоо чарасын тандоо жөнүндөгү өтүнүчтү карoo

учуру да кирет. Деген менен бул жерде эркиндикке болгон адамдын конституциялык укугун чектөө жөнүндө сөз болууда. Бул Кыргыз Республикасынын Акыйкатчысынын (Омбудсмен) Аппараты тарабынан жүргүзүлгөн соттук өкүмдөргө болгон талдоолордо ачык көрүнөт.

Ошентип, атап айтканда, камакка алуу жөнүндө өтүнүчтү канааттандыруу боюнча өз токтомдорунда соттор Кыргыз Республикасынын Кылмыш процессуалдык кодексинин 102 беренесинде көрсөтүлгөн баш коргоо чарасын колдонуу үчүн негизди тизмектешет, ошону менен катар эле катаал чаралардын өзүн тандоо үчүн конкреттүү, жокко чыгарылган маалыматтарды жана кырдаалдарды көрсөтүшпөйт.

Кыргыз Республикасынын Кылмыш процессуалдык кодексининде ар кандай баш коргоо чаралардын тутуму ар бир конкреттүү учурларда анын укуктарын, эркиндиктерин камсыз кыла тургандай так ошол чараны тандоого мүмкүндүк берет. Баш коргоо чараларынын конкреттүү түрүн аныктоодо соттор алар үчүн болгон негизден тышкары, жасалган кылмыштын оордугун, айыпталуучунун, соттолуучунун кимдигин, алардын ишинин түрүн, курагын, ден-соолугунун абалын, үй-бүлөлүк абалын жана башка кырдаалдарды эске алуулары керек, б.а. алар бардыгын биргеликте карашы керек. Бирок, мыйзамдын жогорудагы талаптарынын бузулушунда, соттор камакка алууда болгону жасалган кылмыштын оордугуна гана көңүл бурушат, а башка кырдаалдарга туура баа берилбестен кала берет. Белгилеп коелу, өзүнүн чечимдери менен жасалган кылмыштын оордугун түшүндүрүп, соттор баш коргоо чарасын тандоодо жол берилбегендей айыпталган адамдын күнөөсүнүн далилдениши жөнүндө (башкача айтканда, далилдердин баалоо) өзүнүн жеке чечимине таянышат, ушуну менен күнөөсүздүк жоромолдорунун принциптери бузулат.

Камакка алуу түрүндөгү баш коргоо чараларынын соттор тарабынан тандалуу тажрыйбасы ылайыксыз дагы, анткени, тергөө органдарында терс маанайдагы тажрыйбалар кеңири тараган, качан тергөөчүлөр жасалган иштин квалификациясын жогорулатып, аны кылмыш кодексинин катаалыраак беренелери боюнча баалагандан кийин гана, жасалган иштин оордугуна шилтеме жасоо менен айыпталуучуну камоо тууралуусындагы өтүнүчтү келтиришет.

Монитринг тарабынан бир нече фактылар катталды, камакка алуу түрүндөгү баш коргоо чарасын тандоо тууралуусындагы соттун токтому формалдуу түрдө түзүлгөндө, иш жүзүндө шыктандыруу бөлүгү жок жерде Кыргыз Республикасынын Кылмыш процессуалдык кодексинин тиешелүү беренелерине шилтемелер жок.

# ЖЫЙЫНТЫКТАР

Мониторингдин жыйынтыктары боюнча Акыйкатчы аппаратынын кызматкерлери Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Жазаларды аткаруу мамлекеттик кызматынын дарегине кырдаалды жакшыртуу боюнча сунуштарды даярдады. 2017-жылдын мартындагы мониторингдин жүрүшүндө аныкталган көйгөйлөр азыркы учурда дагы актуалдуу бойдон калууда.

ТИЗОлорго Омбудсмендин, прокуратуранын, ЖАМК, КАУБ ж. б. өкүлдөрү киришет.

Совет мезгилинде курулган Ош шаарындагы №25 ТИЗОнун инфраструктурасы жашоо-турмуш жана коопсуздук нормаларына шайкеш келбейт. № 25 ТИЗОнун айып изоляторунда кармоого иш жүзүндө мүмкүн эмес. Мындай абалдын себеби каражаттын жетишсиздиги. ТИЗОдо ошондой эле өмүр бою эркинен ажыратылгандар кармалышат, бул мыйзамдын талаптарына жооп бербейт жана кызматкерлер менен соттолгондор үчүн олуттуу коркунучтарды жаратат. Бул категориядагылар өзгөчө режимдеги калонияларда кармалышы керек.

ТИЗО кызматкерлерине тиешелүү олуттуу көйгөйлөрдүн бири психикалык оорулар менен жабыркаган кылмышкерлерди кармоого байланыштуу, соттолгондорду Кызыл-Жар ооруканасы кабыл алуудан баш тартууда. Администрация начар шартты, имараттын эскилигин, каражаттын аздыгын айтып келет.

Соттук тажрыйбада камакка алуу түрүндөгү баш коргоо чарасын тандоо тууралуу соттун токтому формалдуу түрдө түзүлгөндө, иш жүзүндө шыктандыруу бөлүгү жок жерде Кыргыз Республикасынын Кылмыш процессуалдык кодексинин тиешелүү беренелерине шилтемелер жок болгон фактылар көп.

# СУНУШТАР:

## Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө

1. Соттолгондорду ар түрдүү режимдерге жана кармоонун түрлөрүнө бөлүп камоону камсыз кылуу.
2. Жабык мекемелерди жалпы реформалоо.

## Кыргыз Республикасынын Жогорку сотуна

Адам укуктарын коргоо боюнча сот адилеттигинин натыйжалуулугун жогорулатуу максатында жана жергиликтүү сотттордун ишинде адам укуктарынын системалуу түрдө бузулушуна байланыштуу Кыргыз Республикасынын Жогорку сотуна баш коргоо чаралары жөнүндө мыйзамдын соттор тарабынан колдонуу тажрыйбасын изилдеп чыгууну жана аларга тиешелүү жетектөөчү көрсөтмөлөрдү берүүнү сунуштайбыз;

- камакка алуу түрүндөгү баш коргоо чараларын узартуу жана тандоодо мыйзамдардын жоболорун так аткарууну камсыздоонун зарылчылыгы жөнүндө;

- Тийешелүү өтүнмөлөргө уруксат берүүгө формалдуу түрдө мамиле кылууга жол бербөө, анткени, айыпталуучу адамдарды, адамдарды камакка алуу - адамдын жана жарандын жеке кол тийбестиктерин жана эркиндиктерин, укуктарын чектеген катуу баш коргоо чарасы болуп саналат.

- соттук териштирүүлөрдү жылдыруууларга алып келген себептерди жана шарттарды талдоону жүргүзүүнүн зарылдыгы.

## Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Жазаларды аткаруу кызматына

1. Жалпы абактарда (ТИЗО, колония ж.б.) реформа жүргүзүү.
2. № 25 ТИЗО жайгашкан айып изоляторунда Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын талаптарына ылайык капиталдык оңдоп-түзөөлөрдү өткөрүү.
3. ӨЭА соттолгондорду № 25 ТИЗОдон КРӨ караштуу ЖАМК 19-ТК өзгөчө режимдеги колониясына которуу.
4. Тийешелүү дарылануусу үчүн психикалык оору менен жабыркаган соттолуучуларды Кызыл-Жар ооруканасына которуу маселесин карoo.
5. № 25 ТИЗО камераларында соттолгондорду кармоо мөөнөтүн узартпоо.

## Кыргыз Республикасынын Саламаттыкты сактоо министрлигине

1. № 25 ТИЗО имаратында толук дезинфекция, дератизация жасоо.



# 7-БӨЛҮМ.

# ПСИХИАТРИЯЛЫК МЕКЕМЕЛЕРДЕГИ БЕЙТАПТАРДЫН УКУКТАРЫНЫН САКТАЛЫШЫ

Психиатриалык мекемелердеги бейтапдардын укугун коргоо кызматы (мындан ары - Кызмат) 2009-жылдан бери Акыйкатчы аппаратынын алкагында иш жүргүзүп келет. Тиешелүү психиатриялык жардам алууга жана психикалык саламаттыкка жогорку жеткиликтүү деңгээлдеги укукту камсыздоого болгон 2017-жылдагы иликтөөлөр Кыргыз Республикасында укук бузуулар психиатриялык жардамдын учурдагы абалына жана тиешелүү каржылоонун жоктугуна байланыштуу экендигин көрсөттү. Психиатриялык мекемелер, эреже катары, калктуу ири борборлордо жайгашкандыктан, алыскы аймактардагы бейтапдардын психиатриялык жардам алуусуна кыйынчылык жаралат. Көпчүлүк психиатриялык мекемелер тиешелүү талаптарга жооп бербеген имараттарда жайгашкан. Дарыгер-психиатрлардын, медициналык кызматкерлердин, атайын жумуштар үчүн адистердин жетишсиздиги бар. Бул психиатриялык жардамдын сапатын төмөндөтөт, дарылоого болгон жекече мамилелер үчүн мүмкүнчүлүк бербейт, кызматкер менен бейтаптардын коопсуздугун төмөндөтөт.

«Психикалык оорулардан жапа чеккен ар бир адам коомчулукта мүмкүн болушунча жашоого жана иштөөгө укуктуу» [285].

285 БУУ Генералдык Ассамблеясы тарабынан кабыл алынган, БУУ 1991-ж. 17-декабрдагы 46/119 «Психикалык жактан бейтап адамдарды коргоо жана психиатриялык жардамды жакшыртуу принциптери» Резолюциясын кара.

Психиатриялык мекемелердеги адамдардын укуктарын жана эркиндиктерин коргоо Кыргыз Республикасынын Акыйкатчысынын (Омбудсмен) ишмердүүлүгүндөгү артыкчылыктуу иштердин бири. Кыргыз Республикасынын Конституциясына [286] жана Адам укуктарынын жалпы жоболоруна, Экономикалык-социалдык жана маданий укуктар жөнүндөгү эл аралык пактка [287], Кыргыз Республикасында психикалык жактан ооруган адамдарды коргоо жана психиатриялык жардам берүүнү жакшыртуу принциптерине ылайык [288] басмырлоого жол бербөө жана психиатриялык жардам менен камсыздоо, психиатриялык ооруканаларда дарыланып жаткан адамдардын укуктарын жана эркиндиктерин таануу принциптери иштейт.

Психиатриялык жардам көрсөтүүнүн укуктук негиздери жана тиешелүү кепилдиктер Кыргыз Республикасынын «Психиатриялык жардам жана аны көрсөтүүдөгү жарандардын укуктарынын кепилдиктери жөнүндөгү» атайын мыйзамында [289] камтылган. 2018-жылдын март айында Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн токтому менен 2017-2030-жылдарга Кыргыз Республикасынын калкынын психикалык саламаттыгын коргоо боюнча мамлекеттик программа бекитилген.

Мындан ары психикалык саламаттыкты чыңдоо, психикалык бузулууларды алдын алуу, жеткиликтүү медициналык жардамды камсыздоо жана жергиликтүү деңгээлде психикалык саламаттыкты коргоо боюнча бирдиктүү кызматтарды көрсөтүү системасын өнүктүрүү максатында аталган Программаны толугу менен ишке ашыруу зарыл.

2009-жылы Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн чечими менен психиатриялык мекемелердеги бейтаптардын укуктарын коргоо үчүн атайын Кызмат [290] түзүлгөн, ал Акыйкатчы аппаратынын алдында иш жүргүзөт [291].

Жогоруда аталган ченемдик-укуктук актылар психиатриялык жардам алуу чөйрөсүндөгү мамилелерди жөнгө салат жана кызмат алуучулардын укуктарынын кепилдиктерин аныктайт, мамлекеттик саясат жүргүзүүдө адам укуктарын сактоо принциптерин жана жарандардын социалдык жактан корголушун камсыздайт.

Психиатриялык ооруканаларда дарыланып жаткан адамдардын укуктарына иликтөө жүргүзүү максатында Акыйкатчынын кызматкерлери тарабынан 2017-жылы Бишкек шаарындагы Психикалык саламаттыктын республикалык борборуна (ПСРБ), Балдардын республикалык психиатриялык ооруканасына (Чүй облусу, Ивановка айылы), Республикалык психиатриялык ооруканасына (Чүй облусу, Чым-Коргон айылы), Токмоктогу №1 психоневрологиялык социалдык стационардык мекемесине, Токмоктогу №2 аралаш психоневрологиялык социалдык стационардык мекемесине, Ак-Суу психоневрологиялык социалдык стационардык мекемесине (Ысык-Көл облусу, Теплоключенко айылы), Жайылдагы аялдар психоневрологиялык үй-интернатына жана Беловодскидеги балдар психоневрологиялык үй-интернатына иш сапарлары болду.

Өткөрүлгөн иликтөөлөр психиатриялык ооруканалардагы адамдардын укуктарынын эл аралык стандарттарынын жана улуттук мыйзамдардын сакталышы боюнча маселелердин багыттарын ачыктады.

286 Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 47-беренеси 2010-жылдын 27-июнунда кабыл алынган.

287 Экономикалык, социалдык жана маданий укуктар жөнүндөгү эл аралык пакттын 12-беренеси (ЭСМУЭП).

288 1991-жылы 17-декабрда БУУ Генералдык Ассамблеясынын резолюциясы тарабынан кабыл алынган.

289 1999-жылдын 17-июндагы №60 Кыргыз Республикасынын «Психиатриялык жардам жана аны көрсөтүүдө укуктардын кепилидиктери жөнүндө» Мыйзамды кара.

290 Толук аталышы – Психиатриялык ооруканалардагы бейтаптардын укугун коргоо кызматы.

291 Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2008-жылдын 30-декабрындагы № 744 Токтому менен түзүлгөн «Психиатриялык ооруканалардагы бейтаптардын укугун коргоо кызматын түзүү жөнүндө»

2017-жылдын 12 айында психиатриалык мекемелерде жаткан бейтаптардын укугун коргоо Кызматына 90 арыз түшкөн, анын 46сы алгылыктуу чечилген, 44үнүн айрым бөлүктөрү чечилген (кайрылуулар боюнча маселелердин чечмелениши төмөндө берилген).

**Психиатриялык мекемелерде жайгашкан бейтаптардын укугун коргоо Кызматына келген кайрылуулардын бөлүштүрүлүшү**

| № | Кайрылуулардагы маселелер | Саны | Алардын ичинен | Саны |
|---|---|---|---|---|
| 1. | Саламаттык сактоо органдарынын карамагына кирген маселелер | 58 | Ооруканадан чыгарууга көмөк көрсөтүү<br>Комиссияга катышуу (аргасыз ооруканага жаткыруу)<br>жана башкалар | 44<br>4<br>10 |
| 2. | Саламаттык сактоо кызматкерлеринин иш-аракетине болгон даттануулар | 21 | Канааттандырбаган тамак-аш<br>Мед.кызматкердин орой мамилеси<br>Дарыгерге ишенбөөчүлүк<br>Дарылануугa болгон макулдук<br>жана башкалар | 3<br>3<br>3<br>3<br>9 |
| 3. | Пенсияны которуу маселелери | 2 | Пенсияны кайра эсептөө | 2 |
| 4. | Прокуратура кызматкерлеринин иш-аракетине даттануулар | 1 | Экспертизалардын өткөрүлбөшү | 1 |
| 5. | УКМК кызматкерлеринин иш-аракеттерине даттануулар | 1 | РПСБ дарылануугa жаткыруу | |
| 6. | Милиция кызматкерлеринин иш-аракетине даттануулар | 4 | Мыйзамсыз кармоо<br>ИИБ кызматкерлеринин башка иш-аракеттери | 3<br>1 |
| 7. | Юстиция кызматкерлеринин карамагына кирген маселелер | 1 | Жооп алынган эмес | |
| 8. | Соттордун иш-аракетине болгон даттануулар | 1 | Чечим берилген эмес | |
| 9. | Башка маселелер боюнча | 1 | РПСБ дарылануугa жаткыруу боюнча үй-бүлөлүк чыр | |




Психиатриялык мекемелердеги бейтаптардын укуктарын коргоонун алкагында 2017-жыл Акыйкатчынын кызматкерлери тарабынан социалдык-экономикалык жана жарандык маселелер боюнча 445 ирет юридикалык кеп- кеңеш берилген (бөлүмдөн чыгаруу, пенсия жана жөлөкпулдарды эсептөө, жеке өзүн күбөлөндүргөн документтерди калыбына келтирүү ж.у.с.).



*Чым-Коргон айылындагы Республикалык психиатриялык ооруканасында*

# 7.1. САПАТТУУ МЕДИЦИНАЛЫК ЖАРДАМ КӨРСӨТҮҮГӨ, ДАРЫ-ДАРМЕКТЕР МЕНЕН КАМСЫЗ КЫЛУУГА БОЛГОН УКУК

«Адамдын саламаттыгы анда кесел менен физикалык кемчиликтердин жок болушу гана эмес, физикалык, акыл-эстик жана коомдук жыргалчылыктын жагымдуу абалы болуп саналат»[292]. Психикалык саламаттык – бул психикалык жактан жабыркоонун жана майыптыктын жок болушу гана эмес, ал адамдын жыргалчылыгынын жана коомдун натыйжалуу иштешинин негизи болуп дагы саналат.

Адамдын психикалык саламаттыгынын абалы ар кандай коомдук, психологиялык жана биологиялык факторлор менен аныкталат. Туруксуз социалдык-экономикалык өнүгүү адамдардын кайсыл бир тобунун психикалык саламаттыгы үчүн тобокелге баруу фактору катары саналат.

Психикалык саламаттыкты коргоодогу мамлекеттик саясат психикалык жактан жабыркоого гана эмес, психикалык саламаттыкты жакшыртууга ыңгайлашкан ар түрдүү жактарга дагы багыт алууну талап кылат. Аны чыңдоо маселелеринде мамлекеттик жана мамлекеттик эмес секторлордун катышуусун дагы караштыруу керек. Аларды чечүү ошондой эле билим берүү, ишке орноштуруу, сот адилеттиги, транспорт, курчап турган чөйрө, турак жай курулушу жана социалдык камсыздоо чөйрөлөрүнө дагы таандык.

2017-жылы Кыргыз Республикасында психиатриялык мекемелерде каттоодо турган адамдардын саны 81612 адамды түзгөн (2014-жылы катталгандар – 52143 адам, 2015-жылы – 74181, 2016-жылы – 77575)[293]. Ошентип, акыркы бир нече жылдар аралыгында психикалык бейтапдардын санынын өскөнү байкалат. Бул көрсөткүчтөр мындан алда канча жогору болушу да мүмкүн, анткени психикалык оорулардан жабыркаган адамдардын көпчүлүгү өздөрүнүн абалына ар дайым эле макул боло беришпейт, жардамга кайрылышпайт же калктын аталган катмарына киргилери келбейт.

Кыргыз Республикасынын «Психиатриялык жардам жана аны көрсөтүүдөгү жарандардын укуктарынын кепилдиктери жөнүндөгү»[294] мыйзамы менен БУУ Башкы Ассамблеясы тарабынан таанылган укуктардын жана принциптердин ортосундагы окшоштуктар табылган:

- *гумандуулук принциптери жана жеке адамга болгон урмат;*
- *маалыматка жеткиликтүүлүкө болууга болгон укук;*
- *Психикалык саламаттыгына байланыштуу басмырлабоого укук;*
- *психиатриялык жардамга, жактоочунун кызматтарына бирдей жеткиликтүүлүктү камсыз кылуу;*
- *кандайдыр бир маданий, расалык же диний топко кирген белгилери боюнча же болбосо психологиялык саламаттыктын абалына тиешеси жок башка себептер менен психикалык оорунун бар экендиги боюнча аныктаманы коюуга жол бербөө;*
- *жарандын психикалык саламаттыгы тууралуу маалыматтын купуялуулугу;*
- *аң-сезимдүү түрдө дарыланууга алдын ала макулдук алуунун зарылдыгы.*

292 Саламаттыкты сактоонун бүткүл дүйнөлүк уюмунун уставынан (ССБДУ).

293 Бишкек шаарындагы ПСРБ 2018-жылдын 1-январына карата берген маалыматы боюнча (КР Акыйкатчысынын кызматкеринин оозеки суроосуна жооп).

294 1999-жылдын 17-июнунда кабыл алынган №60.

Психикалык оорудан жапа чеккен адамдардын абалы бийлик органдарынын мыйзамды аткаруусунан жана мыйзамда каралган кепилдиктердин камсыздалышынан көз каранды. Иш жүзүндөгү абалдын коюлган укуктук кепилдиктен айырмаланышы психикалык оорулардан жапа чеккен адамдардын укугунун бузулушуна алып келет.

Жогоруда аталган принциптерге негизделип бейтаптар кайрылган учурдагы психиатриялык (медициналык) жардам бейтаптын психикалык саламаттыгын текшерүү, психикалык бузулууларды аныктоо, дарылоо, камкордук жана адамдарды медициналык-социалдык жактан кайра калыбына келтирүү түрүндө болушу керек.

Бирок, байкоолор көрсөткөндөй балдардын республикалык психиатриялык ооруканасында (Чүй облусу, Ивановка айылы) бул принциптер бузулган.

Ошентип, аты аталган мекемелерде дарыгерлердин жетишсиздиги байкалат, ооруканаларда штаттык тизмеде балдардын дарыгер-психиатрына 3 орун каралган, бирок болгону 2 гана дарыгер иштейт (алар дагы чоңдордун психиатры). Бул дарыгер-психиатрлар башка жакта дагы айкалыштыруу жолу менен иштеген, мыйзамдын талаптарына жооп бербеген чоңдордун психиатры болуп саналышат. Көрсөтүлгөн мекеменин бейтаптарында соматикалык оорулар кармаган учурларда жана дарт аныктоо зарылдыгы болгондо аларды жакынкы ооруканаларга алып барышат. Балдардын оорулары кескин кармаганда медициналык тез жардам чакырышат.

Ошондой эле аталган мекемелерге болгон иш сапардын алкагында өнөкөт психиатриялык оорусу бар балдарды (шизофрения дарты менен) балдар психиатриялык ооруканасынан адистештирилген социалдык мекемеге (атап айтканда, Беловодское айылындагы балдар үйү) которууда көйгөйлөр бар, анткени аларда балдардын психикалык абалын андан ары көзөмөлгө алуу үчүн адистер жок (балдар психиатры). Бул баланы аталган социалдык мекемеге которуудан баш тартууга себеп болуп эсептелет.

Мисал 7.1. Өнөкөт психиатриялык оорусу бар балдар үчүн мекемелердин жоктугу

Ивановка айылындагы БРПО башкы дарыгеринен аталган мекемеге 06.04.2017-жылы 2004-жылы туулган, агрессивдүү жүрүм-туруму менен өнөкөт бейтап (шизофрения) Ш. А. аттуу баланы алып келишкендиги тууралуу Кыргыз Республикасынын Акыйкатчысына (Омбудсмен) кайрылуу келген. Мурда Ш.А. ПСРБ №6 бөлүмүндө жатып дарыланган.

Бирок БРПО башкы дарыгери Г.Абдиеванын маалыматында айтылгандай, Ш.А. бир курс дарылануудан кийин психикалык абалы жакшырган, агрессивдүүлүгү жоголгон, токтоо болуп, жүрүм-туруму туруктанкан, калп элестетүүлөрү байкалган эмес.

Ш.А. энеси баладан баш тарткандыктан, анын БРПО андан ары калуусу ооруканада жатуу мөөнөтүнө карама-каршы келет жана башкы дарыгер тарабынан психиатриялык жардам көрсөтүү жана аны көрсөтүүдөгү укуктардын кепилдиги жөнүндө мыйзамдын аткарылышын, анын ичинде Кыргыз Республикасынын Саламаттыкты сактоо министрлиги тарабынан жарыяланган ченемдик документтерди бузуу болуп саналат. БРПО башкы дарыгери тарабынан камкордукка алуу органдары менен бирдикте МСЭК үчүн тиешелүү документтер даярдалган жана баланы балдар үйүнө (Беловодское айылы) жайгаштыруу боюнча каттоого алуу үчүн Бишкек шаарындагы ПСРБ алып келишкен. Анткени Ш.А. ооруканада калуусу ооруканада жатуу мөөнөтүнө каршы келет, ооруканадагы агрессивдүү, өзүн кармай албаган абалдагы бейтаптар Ш.А. абалына терс таасирин тийгизет.

Бирок, Ш.А. балдар үйүнө (Беловодское айылы) которууда дагы маселе чыкты, анткени бейтаптын агрессивдүү жүрүм-туруму, анын тез-тезден ооруканага жатуусу шылтоолонгон. Анткени аларда балдар психиатры жок.

Жогорудагы арыз боюнча Кыргыз Республикасынын Премьер-министрине, Кыргыз Республикасынын Саламаттыкты сактоо министрлигине жана Кыргыз Республикасынын Эмгек жана социалдык өнүгүү министрлигине кайрылуу жолдонгон, жана ведомстволор аралык комиссия түзүлүп, Ш.А. декабрь айына чейин БРПО кармоо туурасындагы чечим кабыл алынган. Бирок аталган көйгөй азыркы убакка чейин чечилбей келет.

Балдардын республикалык психиатриялык ооруканасынын башкы дарыгеринин айтымында өспүрүмдөр үчүн бүтүндөй республика боюнча аталган мекемеде бир гана бөлүм бар экендигин (10-16 жаштар үчүн) белгилейт. Бул алыскы аймактардан келген бейтаптарды ооруканага жаткырууда кыйынчылыктарды жаратат.

Бишкек шаарындагы Психикалык саламаттык боюнча республикалык борбордун карамагында жана башка аймактарда өспүрүмдөр үчүн бөлүмдөрдү (10-16 жаштагылар үчүн) ачуу зарыл деп эсептейбиз.

1999-жылдын 17-июнундагы №60 Кыргыз Республикасынын «Психиатриялык жардам жана аны көрсөтүүдө жарандардын укуктарынын кепилдиктери жөнүндө» мыйзамынын 17-беренесине ылайык психиатриялык жардам көрсөткөн мекемелерди каржылоо мамлекеттик бюджеттен, Милдеттүү медициналык камсыздоо фондунан жана Кыргыз Республикасынын мыйзамдары менен тыюу салынбаган башка булактар тарабынан психиатриялык жардамдын жогорку сапатын жана кепилдик деңгээлин камсыздай ала турган көлөмдө ишке ашат. Бирок, психиатриялык мекемелер, ошондой эле социалдык-стационардык мекемелер адаттагыдай иш алып баруусу үчүн жетиштүү деңгээлдеги каражатты ар дайым алышпайт, бул дарылоонун жүрүшүнө тескери таасирин тийгизет.

Ошентип, Токмоктогу №1 психоневрологиялык социалдык-стационардык мекемеге 2017-жылга республикалык бюджеттен 39 947 900,0 сом каралган. Мониторинг учурунда 21 463 428,2 сом которулган. №2 Токмок ССМ 30 826 900,0 сом каралса анын 15 780 700,0 сому гана берилген. Төмөнкү айлык акы жана иштин өзгөчөлүгүнө байланыштуу психиатриялык мекемелерде медициналык кызматкерлердин бардык учурда жетишсиз болору байкалат. Токмоктогу №2






*Чым-Коргон айылындагы Республикалык психиатриялык ооруканасында*

психоневрологиялык социалдык-стационардык мекемеде штаттык сан боюнча 148 бирдик каралса, 18 иш орду бош турат.

Бүгүнкү күндө психиатриялык мекемелердеги бейтаптарды сапаттуу дарылоо үчүн эл аралык стандарттарга шайкеш келген дарылоочу каражаттарды киргизүү зарыл. Эреже катары соматикалык бейтаптарды ооруканаларда жаткыруу үчүн мүмкүнчүлүктөр жок, дарт аныктоо зарылчылыгы болгондо татаалдыктар жаралат, дарылоо каражаттарын алар өз чөнтөктөрүнөн сатып алууга аргасыз ж.б. Анткени, психиатриялык жардам көрсөтүүчү мекемелердин каржыланышы Милдеттүү медициналык камсыздоо фондунан жүргүзүлөт, бейтаптар көп учурларда баалардын тизмеси, ж.б. жөнүндө маалымат алууга мүмкүнчүлүгү жок.

*«Психикалык жактан көйгөйлүү адамдардын ассоциациясы» КБ директору О.В Курносов арыз менен кайрылып, ПСРБны каржылоо Милдеттүү медициналык камсыздоо фондуна өткөнүнө байланыштуу ачык, жеткиликтүү маалымат (анын ичинен бейтаптардын туугандары үчүн да) жоктугун, баалардан ММКФ аныктаган токтому жоктугун билдирген.*

*Жогоруда белгиленген факты боюнча Кыргыз Республикасынын Саламаттыкты сактоо министрлигине суроо жиберилген жана маселени кароонун жүрүшүндө талап кылынган документтер көрсөтүлгөн.*

## 7.2. ГУМАНДУУЛУК ПРИНЦИПТЕРИ ЖАНА ЖЕКЕ АДАМГА БОЛГОН УРМАТ

1999-жылдын 17-июнундагы №60 Кыргыз Республикасынын «Психиатриялык жардам жана аны көрсөтүүдө жарандардын укуктарынын кепилдиктери жөнүндө» мыйзамынын 5-беренесинин 2-бөлүгүнө ылайык психикалык жактан жабыркаган бардык адамдар аларга психиатриялык жардам көрсөтүү учурунда адамдык ар-намысты басмырлоону четке каккан сый жана гумандуу мамилеге укуктуу.

Психиатриялык жардамдын гумандуулугу мындай жардам, барыдан мурда, психикалык жактан жабыркаган адамдарды дарылоо жана анын абалын жакшыртуу максатында алардын кызыкчылыгы үчүн көрсөтүлөрүн билдирет.

Психиатриялык мекемелерде жайгашкан бейтаптар үчүн шарттардын жана аларга карата сый жана гумандуу мамилени сактоонун бири болуп психиатриялык ооруканалардагы санитардык-гигиеналык талаптарга көбүрөөк шайкеш келген шарттарда психиатриялык жардам көрсөтүү жана бөлүмдөрдө жайгашууда тиешелүү шарттардын принциптери болуп саналат.

Иликтөөлөр көрсөткөндөй, психиатриялык мекемелерде жабдуу жана аларда жашоо шарттарын уюштуруу мындай түрдөгү мекемелерге талап кылынуучу мыйзамдарга эле туура эмес келбестен, адамдык ар-намыс жөнүндө тапшырмаларга дагы жооп бербейт. Атап айтканда, бул тазалыкты камсыздоо үчүн шарттардын жагдайларында жана бейтаптардын табигый муктаждыктарын аткарууда пайда болот.

Төмөндө көрсөтүлгөн мекемелерде бейтаптар үчүн бош орундар жетишсиз жана санитардык-гигиеналык нормаларга шайкеш келбейт – бир бейтап үчүн 6 кв.м. жана 4,8 кв.м чектелген. Палаталардагы мындай тардык жүргүзүлгөн дарылоонун натыйжалуулугун азайтат жана татыктуу чөйрөгө болгон бейтаптын укугун бузат.

Психикалык саламаттыктын республикалык борбору (Бишкек ш.) Кыргыз Республикасындагы психикалык саламаттыкты коргоочу башкы мекеме болуп саналат жана 11 бөлүмдөн турат: 3 эркектердин бөлүмү - №1, 7 жана 9; 3 аялдар бөлүмү – №2, 8 жана 10; 1 балдар бөлүмү – №6; 2 күндүзгү бөлүм – №4 жана №11; 2 стационардык бөлүм – №3\1 жана №3\2.

Алар жайгашкан имараттардын эскилиги жеткен, өз учурунда жана капиталдык оңдоп-түзөөлөргө муктаж. Бейтаптардын агрессияларынын натыйжасында 1 эркектер бөлүмүндө сырткы эшикти дайыма сындырып салышат, ушуга байланыштуу темир эшикти орнотуу зарыл. Акыркы жылдарда мекемеде капиталдык оңдоп-түзөө иштери жүргөн эмес.

## Токмоктогу №1 психоневрологиялык социалдык-стационардык мекеме[295]

Мекеме Чүй облусунун Чүй районундагы Искра айылында жайгашкан жана 18 жаштан жогорку курактагы психоневрологиялык дарт менен жабыркаган эркек адамдарга бейтапканада социалдык кызматтарды көрсөтүү үчүн багытталган. Токмоктогу №1 ССМдин пландалган сыйымдуулугу 300 койкалык орунду түзөт.

Иликтөөнүн жүрүшүндө имарат кароосуз абалда экендиги, оңдоп-түзөөнү талап кылаары белгилүү болгон. Барган учурда бөлмөлөр суук, жылытуу жабдуулары араң эле ылымтык болгон. Бейтаптар калың кийимдер менен жүрүшкөн.

Корпустардын санитардык-гигиеналык абалы дагы канааттандырбаган абалда: шейшептери эски (санай келгенде болгону 32 комплект бар экен), матрастар эски, кир, айрымдары поролондон жасалган, жамынган жууркандары жука. Ашканасынын полуна бетон төшөлгөн. Бул Кыргыз Республикасынын «Психиатриялык жардам жана аны көрсөтүүдө жарандардын укуктарынын кепилдиктери жөнүндө» мыйзамынын 5-беренесин бузуу болуп эсептелет, анткени психиатриялык жардам көрсөтүү санитардык-гигиеналык талаптарга шайкеш келген шарттарда ишке ашышы керек.

Тамак-ашка республикалык бюджеттен суткасына 100 сом каралган. Үч маал тамак берилет. Дары-дармектер менен камсыздоого бир адамга суткасына 12,7 сом өлчөмүндө норма каралган. Мекемеде үч психиатр иштейт.

## Токмоктогу №2 аралаш психоневрологиялык социалдык-стационардык мекеме.

Мекеме Чүй облусунда, Токмок шаарында жайгашкан, 18 жаштан жогорку курактагы психоневрологиялык дарт менен жабыркаган эркек адамдарга бейтапканада социалдык кызматтарды көрсөтүү үчүн багытталган. Пландалган сыйымдуулугу 190 койкалык орунду түзөт.

Бир кабаттуу 4 жашоо корпусунан турат. Бардык корпустар 1936-жылы курулган. Имараттар акыркы бир канча жылдар аралыгында болбогон оңдоп-түзөө иштерин талап кылат.

Корпустар электр жана көмүр менен жылыйт. Бейтаптар үчүн ашкана жок. Ар бир жашоо корпусундагы бөлмөлөр тамак ичүү үчүн ыңгайлаштырылган эмес. Ушуга байланыштуу тез арада жалпы ашкананы куруп берүү керек.

Иликтөө учурунда №2 ТССМде толук мамлекеттик камсыздоодогу психоневрологиялык дарты менен жабыркаган 198 адам жашап жаткан, алардын ичинен: 115и эркек, 83ү аялдар. Өздүгүн тастыктаган документтери жок бейтаптардын саны 12, бирок бул адамдарды документтештирүү боюнча иштер жүрүп жатат: Кыргыз Республикасынын аймагы боюнча алардын мурда жашаган жерлерине, каттоо кызматтарына, ИИМ органдарына суроолор жөнөтүлгөн, туугандарын издөө иштери жүрүп жатат. Бирок өздүгүн тактоонун механизмдеринин татаалдыгынан иш кыйындаган, бул тиешелүү социалдык жардамды жана башка укуктарды алуу үчүн тоскоолдук болуп саналат (шайлоодогу ж.б.).

Бөлмөлөрдө 4төн бейтап жатат (жынысын, саламаттыгын жана курагын эске алуу менен). Ар бир бейтапка болжол менен 4,8 кв. метрден туура келет, бул социалдык стационардык

295 15.09.2017-жылдагы 01-3 №119 Буйрук.




мекемелерде бейтаптарды кармоодогу мамлекеттик минималдуу социалдык стандарттарга туура келбейт (бир адамга 6 кв. м.).

Мекемеде мончо жок. Ар бир корпуста бирден чайынуучу жай бар, бейтаптар он күндө бир жолу чайынышат, жана аны колдонууда ден-соолугунун мүмкүнчүлүгү чектелген бейтаптарда кыйынчылыктар жаралат.

Психиатриялык мекемелерге болгон иликтөөлөрдүн жыйынтыгы боюнча, бейтаптардын менюсу толук кандуу эмес, эт-сүт азыктары жетишсиз экендиги белгилүү болду.

### Балдардын республикалык психиатриялык ооруканасы (Чүй обл, Ивановка айылы)

БРПО (Чүй обл, Ивановка а.) 1958-жылдан бери иштеп келе жатат, эки блоктон турган эки кабаттуу имарат. Курамында 2 бөлүм бар:10-16 жаштагы өспүрүм-эркек балдар үчүн жана №2 5 жаштан 9 жашка чейинки эркек балдар үчүн жана 5 жаштан 16 жашка чейинки кыздар үчүн бөлүмдөр.

БРПОдогу (Чүй обл, Ивановка а.) кампанын жана мончого от жагуучу жайдын чатыры менен шыптары авариялык абалда. Аба-ырайынын шарттарынын натыйжасында жаан-чачын шыпка түшөт, ошонун кесепетинен азык-түлүк сактоочу кампанын шыбы авариялык абалда турат (иийилген, жаракалар бар) жана анын урап, түшүп кетүү коркунучу бар. Ашканада аба сордургуч жок жана тамактын жыты бүткүл ооруканага тарайт.

Азыркы учурга чейин жылытуу тутуму (көмүр менен) 1958-жылдан бери иштеп келе жатат, эки меш жагылып, от жагууга жумушчулар жалданат. Көмүр кампасында шып түшүп калган, жаан-чачында көмүр майдаланууга дуушар болот, от чыгып кетүү коркунучу бар.

Балдар жатып дарыланып жаткан корпус капиталдык оңдоп-түзөөгө муктаж, дубалдардагы шыбактар түшкөн, линолиум жарактан чыккан, терезе менен эшиктердин кармагычтары жок жана аларды алмаштыруу зарыл. Оорукананын алдындагы оюн аянтчасы балдарга керектүү жабдуулар менен жабдылган эмес, ойноочу аянт калыбына келтирилбеген жана авариялык абалга келип калган.




Мониторинг учурунда ооруканага келип түшкөндөрдүн саны 92 адамды түздү, бул балдардын көбүрөөк бөлүгү адистештирилген мектеп-интернаттарынан келгендер, ал эми кээ бири дарылануууга муктаж болбогон эле балдар. Бул балдар калктын аялуу катмарына кирген үй-бүлөлөрдүн балдары же алар өздөрү айткандай, «жайкы эс алуу учурунда» ооруканага жиберилишет. Жыйынтыгында, бул балдар андан ары алардын коомго аралашуу мүмкүнчүлүгүн кыйындаткан психикалык оорунун белгиси менен жашашат жана кийин жумушка орношуусуна дагы таасир этет, д.у.с.

Балдардын республикалык психиатриялык ооруканасында психикалык жактан жабыркаган балдардын укуктарын жүзөгө ашыруу чөйрөсүндө кырдаал оор экендигин, бейтаптарды кармоо шарттары минималдуу шарттарга шайкеш келбей тургандыгын жана адамдык ар-намысты басмырлап жаткандыгын, санитардык-гигиеналык шарттардын сакталбагандыгын байкоолордун жыйынтыгы көрсөттү. Дарыгерлердин жетишсиздиги бар, эгер жогоруда саналган бейтаптардын санына балдардын 3 психиатр-дарыгери каралган болсо, иштеп жатканы болгону 1 дарыгер.

2017-жылы Кыргыз Республикасынын Омбудсмени Балдардын республикалык психиатриялык ооруканасындагы абал тууралуу Атайын доклад даярдаган (Чүй облусу, Ивановка айылы).

# 7.3. ДАРЫЛАНУУГА БОЛГОН МАКУЛДУК.

«Психиатриялык жардам жана аны көрсөтүүдө укуктардын кепилдиктери жөнүндө» мыйзамдын 28-беренесинин 3-бөлүмүнө ылайык бейтаптарды психиатриялык ооруканага жаткызуу анын өзүнүн өтүнүчү же болбосо анын макулдугу менен ишке ашат. Ал эми медициналык дарылоого болгон бейтаптын же анын мыйзамдуу өкүлүнүн макулдугу дарыгер тарабынан максаттар, мүнөздөр, медициналык кийлигишүү методдору жана анын кесепеттери жөнүндө маалымат түрүндөгү формада берилиши керек. Психиатриялык мекемеге жатып аткан бейтаптын укуктарын сактоонун критерийлеринин бири болуп анын дарылануууга өз макулдугун берүүгө дараметтүүлүгү, түшүндүрүү жана бейтапты мажбурлообоо саналат.

Бишкек шаарындагы Психикалык саламаттыктын республикалык борборундагы (ПСРБ)[296] мониторингдин алкагында психиатриялык мекемелердеги бейтаптарды маалымат алууга укугунун канчалык сакталып жатканын аныктоо болду. Себеби психиатриялык жардамга болгон жеткиликтүүлүктү камсыздоо психикалык саламаттыкты коргоо тутумунун кызматын колдонуучулары жеткиликтүү маалымат албагандыктары аныкталды.

Кыргыз Республикасынын Омбудсменинин дарегине келген арыздарды жана жүргүзүлгөн сурамжылоолорду анализдегенде боюнча Бишкек шаарындагы ПСРБдагы бейтаптарга психиатриялык жардам адамдардын өз каалоосу менен алар кайрылганда же алардын макулдугу менен[297] берилиши керек деген жыйынтык чыгарууга болот. Ошону менен бирге бейтаптар ооруканага жатууда макулдук берүү зарылдыгы тууралуу кабардар болгон эмес. Дарылануууга болгон макулдук формалдуу түрдө ишке ашат: бейтаптар оорунун таржымалы жазылган кагазга кол коюшат, ал эми экинчи көчүрмөсү аларда жок, бардык эле учурларда бейтаптар кол койгон документтин мазмунун билишпейт.

Бишкек шаарындагы ПСРБнын бейтаптары жана кызматкерлери жогоруда аталган мыйзамдын 11-беренесинин 1-бөлүмүнө ылайык өз каалоосу менен дарылануу бейтаптын макулдугусуз мүмкүн эместиги туурасында бардык эле учурда кабардар болбойт. Айрым бө-

296 01.03.2017-жылдагы 01-3№27\1 Буйрук.

297 Кыргыз Республикасынын «Психиатриялык жардам жана аны көрсөтүүдө бейтаптардын укуктарынын кепилдиктери жөнүндө» мыйзамдын 4-беренесине ылайык.

лүмдөрдө бейтаптардын колу жок оорунун таржымалы жазылган документтер болгон. Ал эми кийинки текшерүүлөрдө документтер иретке келтирилип колдор коюлуп калган.

Кандай болгон күндө да ооруканага жаткызууда, эрежеге ылайык үй-бүлө мүчөлөрү менен макулдашылат, ошондой эле алар менен ооруканадан чыгаруу дагы макулдашылат. Ооруканадан чыгарууда дагы көйгөйлөр бар, бейтап даяр болсо дагы ага жолугууга эч ким келбейт жана үйгө алып кетпейт. Өзүнүн жакындары үчүн болгон жоопкерчилик көпчүлүк ата-энелерде, туугандарда жок.

Кыргыз Республикасынын Омбудсменине келген кайрылууларды талдоо көрсөткөндөй, түшкөн 90 арыздын 49у ооруканада жатуу мөөнөтү бүтүп, үйгө кеткиси келгендиги менен байланыштуу.

Ооруканага келген жана чыгып кеткен бейтаптарды каттаган журналдарды тандоо жолу менен текшерүү маалында, бейтаптардын ооруканаларда мыйзамда көрсөтүлгөн мөөнөттөн ашык убакыт жатканы белгилүү болгон.

| № | Ф.А.А. | Туулган жылы, айы | Келип түшкөн күнү | Кеткен күнү |
|---|---|---|---|---|
| 1 | А.Б. | 15.04.1965 ж.т. | 19.01.2017ж. | 12.04.2017 ж. |
| 2 | Б.Ш. | 20.06.1951 ж.т. | 24.01.2017 ж. | 21.04.2017 ж. |
| 3 | С. М. | 04.10.1990 ж.т. | 25.01.2017 ж. | 31.03.2017 ж. |
| 4 | И.Б. | 05.11.1996 ж.т. | 27.01.2017 ж. | 03.04.2017 ж. |
| 5 | К.А. | 13.03.1990 ж.т. | 30.01.2017 ж. | 24.04.2017 ж. |
| 6 | Ж.Ф. | 09.21.1965 ж.т. | 30.01.2017 ж. | 11.04.2017 ж. |
| 7 | З.М. | 14.02.1988 ж.т. | 16.02.2017 ж. | 3.05.2017 ж. |
| 8 | Ш.В. | 10.05.1971 ж.т. | 22.04.2017 ж. | 2.08.2017 ж. |
| 9 | О.Ж. | 04.06.1981 ж.т. | 28.04.2017 ж. | 2.08.2017 ж. |
| 10 | Н.Б. | 03.02.1981 ж.т. | 22.05.2017 ж. | 2.08.2017 ж. |

Кээ бир бейтаптар психиатриялык ооруканага ар кандай шылтоолор менен жеткирилерин белгилеп коюш керек, жазуу түрүндөгү макулдук алдоо жана коркутуу жолу менен алынган учурлар кездешет. Ошондой эле ооруканага жаткызылгандар мажбурлоо жолу менен 72 сааттын ичинде Мыйзамдын 32-беренесинин 1-бөлүмүнө ылайык ооруканага жаткызуунун себептери жана дарылоонун зарылчылыгы туурасындагы маселени караган дарыгер-психиатрлардын комиссиясынан милдеттүү түрдө текшерүүдөн өтөт[298].

Эгер ооруканага жаткызуу негизсиз жана ооруканага жата турган адам психиатриялык ооруканада калууга каалоосун билдирбесе, ал токтоосуз түрдө ооруканадан чыгарылат.

**Мисал 7.1. Дарыланууга болгон макулдук, ооруканага мажбурлап жаткызуу**

Бейтаптардын укугун коргоо кызматынын кызматкерлери ММКлар аркылуу Бишкек шаарындагы ПСРБга Р.Медетбековду жаткызышкандыгы туурасында билишкен. Буга байланыштуу кызматкерлер аталган факт боюнча иликтөө жүргүзүшкөн жана аталган адам менен сүйлөшүшкөн[299].

Р. Медетбеков менен сүйлөшүүдө, мажбурлоо жолу менен ооруканага жаткызуу боюнча арыз кошунасы тарабынан берилгендиги, мурда Р. Медетбеков анын үстүнөн моралдык

298 Кыргыз Республикасынын «Психиатриялык жардам жана аны көрсөтүүдө бейтаптардын укуктарынын кепилдиктери жөнүндө» мыйзамы

299 06.06.2017-жылдагы жаңылыкты караңыз, https://24.kg/obschestvo/53920/.

зыян келтиргендиги үчүн сотко арыздангандыгы белгилүү болгон. 2017-жылдын 5-июнунда аймактык млмционерлер медициналык тез жардам кызматкерлери менен биргеликте аны мажбурлоо жолу менен Бишкек шаарындагы ПСРБга алып келишкен. Мыйзамга ылайык бейтапты психикалык оорусунун бар же жок экендиги аныкталганга чейин 72 саат кармаганга укуктуу болушат.

Сүйлөшүү учурунда Р. Медетбеков стресс абалында кийимдери айрылган, анын айтуусунда кийимдери милиционерлер жана медкызматкерлер тарабынан мажбурлоо жолу менен ооруканага алып келе жатышканда айрылган.

Оорунун таржымалы менен таанышканда, жогоруда айтылган белгилер боюнча анын психикалык оорусу бардыгы ырасталып, дарыгер-психиатр тарабынан түшүндүрүлгөн.

Бирок, биз Р. Медетбеков менен сүйлөшүп анын сырткы туруш-турпатын караганда – бул аны мажбурлап ооруканага жаткызуунун жыйынтыгы деген бүтүмгө келдик. Буга байланыштуу Р. Медетбеков Кыргыз Республикасынын Акыйкатчысынын (Омбудсмен) наамына арыз жолдогон:

Бишкек шаарындагы пер. Ляйлякский,1 үйүнүн жашоочусу Ренат Медетбеков Кыргыз Республикасынын Акыйкатчысынын (Омбудсмен) өкүлүнүн ПСРБнын №1 бөлүмүндөгү ооруканага жаткызуу чечимин кабыл алуучу дарыгер-психиатрлардын комиссиясынын текшерүүсүнө катышууну өтүнгөн. Ооруканага жаткызуу боюнча арыз Р. Медетбековдун кошуналары тарабынан жазылган.

2017-жылдын 8-июнунда станционардык бөлүмдө дарыгер-психиатрлардын комиссиялык кароосу болуп өткөн: м.и.к., КММА психиатрия, психотерапия жана наркология кафедрасынын доценти Асанбаева Э.М., дарылоо бөлүмү боюнча директордун орун басары Эрмегалиев К.А., №1 бөлүмдүн башчысы Мамбетова А.С., №1 бөлүмдүн дарыгер психиатрлары Борболдоев Б.А., Батырбеков Т.А., Тыдыкова Ж.Н., №2 бөлүмдүн дарыгер-психиатры Руссу А.С., жана байкоочу катары психиатриялык ооруканалардагы бейтаптардын укугун коргоо боюнча кызматтын кызматкерлери, Р. Медетбековдун өкүлү – адвокат М.Б. Божокоев комиссия ишине катышкан.

2017-жылдын 8-июнундагы комиссиялык кароонун бүтүмү боюнча Р. Медетбеков ПСРБга негизсиз жаткырылган деп табылган. Текшерүү учурунда Р. Медетбеков тегерегиндегилерге коркунуч келтирген эмес, бөлүмдөн чыга берсе да болот деп айтылган. Р. Медетбеков ошол эле күнү 2017-жылдын 8-июнунда ПСРБдан чыгарылган.

# СУНУШТАР

### Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө:

1. 2017–2030-жылдарга Кыргыз Республикасынын калкынын психикалык саламаттыгын коргоо боюнча мамлекеттик программаны толугу менен ишке ашыруу.

### Кыргыз Республикасынын Саламаттыкты сактоо министрлигине:

1. Артыкчылыктуу түрдө Балдардын республикалык психиатриялык ооруканасына капиталдык оңдоп-түзөө иштери үчүн каражат бөлүү (Чүй облусу, Ивановка айылы).
2. Балдардын республикалык психиатриялык ооруканасында балдардын дарыгер-психиатрларын камсыздоо (Чүй облусу, Ивановка айылы).

3. Бишкек шаарындагы Психиатриялык саламаттыктын республикалык борборунун бөлүмдөрүн капиталдык оңдоп-түзөө иштери үчүн каражат бөлүү маселесин карап чыгуу.

4. Психиатриялык мекемелердеги санитардык-гигиеналык шарттарга жана тамак-ашка көзөмөлдү камсыздоо.

5. Бишкек шаарындагы Психиатриялык саламаттыктын республикалык борборунун базасында жана башка аймактарда психиатриялык оорулардан жабыркаган 10 жаштан 16 жашка чейинки балдардын дарылануусу үчүн өспүрүмдөр бөлүмүн түзүү.

**Милдеттүү медициналык камсыздандыруу фондуна:**

1. Бейтаптар (жана алардын туугандары) үчүн маалыматка жана ММКФ баалардын тартибине болгон токтомуна ачык жеткиликтүүлүктү камсыздоо.

**Кыргыз Республикасынын Эмгек жана социалдык өнүгүү министрлигине:**

1. Өнөкөт психиатриялык оорусу бар балдарды адистештирилген социалдык мекемелерге которуу үчүн Кыргыз Республикасынын Саламаттыкты сактоо министрлиги менен ведомстволор аралык жардам берүүнү уюштуруу.

2. Токмоктогу №2 аралаш психоневрологиялык социалдык-стационардык мекемеге мончо комплексин жана ашкана куруу маселесин чечүү.



*Омбудсмендердин Евразиялык альянсын түзүү жөнүндө меморандумга кол коюу аземи. Солдон оңго: Россия, Кыргызстан, Иран жана Армениянын башкы мамлекеттик укук коргоочулары*

# 8-БӨЛҮМ.

# КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН АКЫЙКАТЧЫ (ОМБУДСМЕН) ИНСТИТУТУН ӨНҮКТҮРҮҮ

## 8.1. АКЫЙКАТЧЫНЫН (ОМБУДСМЕНДИН) БАШКА МАМЛЕКЕТТЕРДИН УЛУТТУК УКУК КОРГООЧУ ИНСТИТУТТАРЫ МЕНЕН ЭЛ АРАЛЫК КЫЗМАТТАШТЫГЫ

Кыргыз Республикасынын Акыйкатчысы «Кыргыз Республикасынын Акыйкатчысы (Омбудсмен) жөнүндөгү» КР Мыйзамында көрсөтүлгөн максаттарды жана милдеттерди жүзөгө ашыруу үчүн Кыргызстандын региондору боюнча жана чет өлкөлөргө иш сапарлары менен барат. Ал иш сапарлардын учурунда мүмкүнчүлүккө жараша Акыйкатчы кыргыз диаспораларынын өкүлдөрү менен жолугушууларды өткөрөт. 2017-жылдын 6-8-сентябрында Бишкекте Кыргыз Республикасынын Акыйкатчы Институтунун (Омбудсмен) түзүлгөндүгүнүн 15 жылдыгынын урматына «Адам укугун коргоо жаатындагы укук-ченемдик актыларды өркүндөтүүдөгү Омбудсмендин ролу: күтүүлөр жана келечек» деген темада Омбудсмендердин эл аралык форуму өттү.

Кыргыз Республикасынын Акыйкатчысы (Омбудсмен) 2017-жылы чет өлкөлөрдүн улуттук укук коргоо институттары менен кызматташууну өнүктүрүү боюнча көп сандаган иш-чараларды уюштурду.

### Чет өлкөлөрдөгү мигранттардын көйгөйлөрүн чечүү максатындагы кызматташтык

Кыргыз Республикасынын Акыйкатчысы (Омбудсмен) 2017-жылы Москвага иш сапарынын жүрүшүндө Россия Федерациясынын ИИМ ИИББ (СУВСИГ) чет өлкөлүк жарандарды убактылуу кармоочу мекемесинде жаткан кыргызстандык мекендештерди кармоо шарты менен таанышты. Аталган мекемеде Кыргызстандын 44 жараны кармалып турган, алардан 13 киши кийин Бишкекке кайтып келген.

Убактылуу кармоо изоляторунда кармалгандар юридикалык колдоого абдан муктаж болушкан, ошол себептүү Акыйкатчы Кубат Оторбаев аталган мекеменин жетекчиси Иван Глинов жана сот аткаруучу Сергей Хренов, ошондой эле, КР Өкмөтүнө караштуу Мамлекеттик миграция кызматынын жетекчисинин орун басары Жаркынай Галиева жана Россия Федерациясынын Адам укугу боюнча өкүлчүлүгүнүн мигранттар менен иштөө бөлүмүнүн башчысы Сергей Бурлик менен бирге жеринде кармалгандардын суроолоруна жооп беришти. Убактылуу кармоо жайында жаткан Кыргызстандын эмгек мигранттары чет өлкөлөрдө Акыйкатчы өкүлчүлүгүн ачууну өтүнүштү.

Акыйкатчы Кубат Оторбаев Москва шаарындагы диаспора өкүлдөрү менен да жолугушту. Анын жүрүшүндө Орусиядагы кыргызстандыктардын жашоосу, ишмердүүлүгү талкууланды. Иш сапардын жыйынтыгы менен 2017-жылдын 23-декабрь күнү Бишкек шаарында диаспора өкүлдөрү менен жолугушуу уюштурулду.

Учурда мамлекеттик деңгээлде тез арада чечүүнү талап кылган эң талылуу көйгөй, «жүк 200» маселеси болуп саналат. Көпчүлүк учурларда сөөктөрдү мигранттар өздөрүнүн каражаттары менен жеткирип келишет. Ал үчүн ар бир жөнөтүүгө 65 миңден 100 миң сомго чейин чыгым болушат.

Дагы бир маанилүү тема катары мигранттардын балдарына билим берүү боюнча кепилдик алуу талкууланды, анткени көп учурда аларды Россия Федерациясынын мектептери жана бала бакчалары да кабыл албай коюуда.

Акыйкатчы Кубат Оторбаев баардык көтөрүлгөн маселелер боюнча мамлекеттик органдарга кайрылуу жөнөтөөрүнө жана алардын чечилишине көмөктөшө турганынан ишендирди. Учурда бул маселелер көзөмөлдө турат.

### Улуттук укук коргоочу институттардын эл аралык форуму

2017-жылдын 6-8-сентябрында «Адам укуктарын коргоо жаатындагы укук-ченемдик актыларды өркүндөтүүдөгү Омбудсмендин ролу: күтүүлөр жана келечек» деп аталган эл аралык форум болуп өттү. Форумдун максаты – Улуттук укук коргоочу институттардын адам укугун жана эркиндиктерин коргоо жаатындагы демилгелери боюнча тажрыйба алмашуу болду. Сессиянын модераторлору катары Россия Федерациясынын Адам укугу боюнча ыйгарым укуктуу өкүлү Татьяна Москалькова; Эл аралык омбудсмен институтунун аткаруучу директору Ульрике Гриесхофер; КР Соттордун тандоо кеңешинин төрагасы Шамарал Майчиев; Казакстан Республикасынын балдар укугу боюнча ыйгарым укуктуу өкүлү Загипа Балиева жыйындарды алып барышты.

Форумдун ишине 12 чет өлкөнүн улуттук укук коргоо институттарынын, атап айтканда, Австрия, Армения, Иран, Казакстан, Литва, Молдова, Монголия, Россия Федерациясы, Тажикстан, Түркия жана Өзбекстандан жалпы 29 өкүл катышты. Жыйынга келген балдар укугу боюнча БУУ Комитетинин Төрагасы Рената Винтер жана Эл аралык Омбудсмендер Институтунун жетекчиси Гюнтер Кройтер өзгөчө сыйлуу коноктору болуп калды. Андан тышкары, эл аралык жана чет өлкөлүк уюмдардан БУУ, ЕККУ, Адам укугу боюнча Дания институту, Penal Reform International уюмунун (Эл аралык абак реформасы) Борбордук Азиядагы Аймактык өкүлчүлүгү, Кыргызстандын мамлекеттик органдарынын – Президенттик Администрациянын, Жогор-

*Омбудсмендердин эл аралык Ысык-Көл форуму*





ку Кеңеш, Конституциялык палата, сот жана укук коргоо органдарынын өкүлдөрү форумдун ишине катышты.

Кыргыз Республикасынын Омбудсмен Институтунун 15 жылдыгына арналган форум адамдын жана жарандын укуктарын жана эркиндиктерин коргоодо ыкчам маалымат алмашуу, бузулган укуктарды коргоонун формаларын изилдөө жолу аркылуу Кыргыз Республикасынын жарандарынын, чет өлкөлүк жарандардын жана жарандыгы жок жактардын укуктарын коргоо үчүн өз ара биргелешкен аракеттерди иштеп чыгуу үчүн ар кыл мамлекеттердин Омбудсмендеринин ортосундагы натыйжалуу кызматташууну өнүктүрүүгө салым кошуп, ыңгайлуу шарт түздү.

Россия Федерациясынын Адам укугу боюнча ыйгарым укуктуу өкүлү Татьяна Москалькова адам укугу боюнча ыйгарым өкүлдөрдүн адам укугун коргоо боюнча мыкты тажрыйбалары менен алмашуу үчүн омбудсмендер жөнүндөгү укук ченемдик актылардын жыйнагын басып чыгарууну сунуштады, ошондой эле, укук коргоо жаатында колдонулган тажрыйбалар жөнүндө жана адам укугуна тиешелүү укук ченемдик актыларды жайгаштыруу үчүн омбудсмендердин электрондук бирдиктүү маалыматтык-укуктук базасын түзүү сунушун да ортого салды.

Форумдун иши төмөндөгүдөй темалардагы бир нече диалог аянтчалары үлгүсүндө уюштурулган: 1) пенитенциардык система: реформалар, соттолгондорду ресоциализациялоо; 2) жарандардын шайлоо укуктарын жүзөгө








ашыруусундагы Омбудсмендин ролу; 3) сот реформасы; 4) балдардын укугу (балдарга карата зордук-зомбулук).

БУУнун Балдар укугу комитетинин төрайымы Рената Винтер баса белгилегендей, бүгүнкү күнү эл аралык коомчулук тарабынан адам укугун коргоо боюнча көптөгөн эл аралык стандарттар кабыл алынган, бирок ал документтерди мамлекеттердин кабыл алуусунан тышкары аларды улуттук мыйзамдарга чыгарууга ишке киргизүү көйгөйү да бар.

«Дүйнө жүзүндөгү ар бир мамлекетте адам укугун коргоо жаатында, кылмыш-жазык тутумунда, жашы жете электерге карата сот адилеттигин жүзөгө ашырууда, укуктук системада мыкты жана алсыз жактары болот, ошондуктан мамлекеттер ушул жаатта оң жыйынтыктарга жетишкен тажрыйбаларын алмашуусу керек. Бул форум мындай тажрыйбаларды алмашуу аянтчаларын түзүү үчүн өзгөчө мүмкүнчүлүк болуп саналат. Дүйнөдөгү ар кыл өлкөлөрдө кыйноолор менен күрөшүү маселеси өзгөчө көйгөй болуп турат. Ар бир мамлекет кыйноо учурларын төмөндөтүү жана нөлдүк көрсөткүчкө жетүү чараларын көрүшү керек. Бул эл аралык жана улуттук укук ченемдик актыларды аткаруу, ошондой эле, мамлекет менен жарандык коомдун өз ара биргелешкен аракети менен ишке ашырылышы мүмкүн», - деди ал.

Penal Reform International уюмунун Борбордук Азиядагы регионалдык директору Азамат Шамбилов иш-чаранын тарыхый маанисин мындайча баса белгилдеди: «Көп убакыттан бери алгачкы жолу бир нече мамлекеттин омбудсмендери эл аралык уюмдар жана жарандык коом менен жалпы көйгөйлөрдү талкуулоо үчүн чогулушту. Мында көтөрүлгөн маселелерди чечүү көп тараптуу кызматташуу жолу аркылуу жетишилсе деген каалоо бар. Мамлекеттеги байгерчиликтин чен өлчөмү болуп абакдагы жарандардын саны жана аларды кармоо шарты эсептелет. PRI көп жылдык натыйжалуу иштерди жүргүзүп келет, бул өз кезегинде абдан жакшы жыйынтык берүүдө».

Кыргыз Республикасынын Акыйкатчысы Кубат Оторбаев ырастагандай, учурда биздин мамлекеттерге адам укугун коргоо жаатында мурда болуп көрбөгөндөй кызматташуунун жаңы механизмдери жана укук-ченемдик актыларды өркүндөтүү зарыл болуп турат.

Омбудсмендер форумунун ачылышында биргелешкен күч-аракеттер менен адам укугун жана эркиндиктерин коргоодо мыйзам үстөмдүгүнө жана укуктук жактан агартууга жетишүү, этностор аралык мамилени чыңдоо, дин менен маданият диалогун түзүү, ошондой эле, адам жана жарандын укугу менен эркиндиктери коргоо жана урматтоого жетишүү үчүн укук коргоочу уюмдарга көмөктөшүү ой-максаттары айтылды.

Кыргыз Республикасынын Акыйкатчысы Кубат Оторбаев 2017-жылы улуттук укук коргоочу институттардын аймактык кызматташтык келечегин камсыздоо максатында Омбудсмендердин Евразиялык альянсын түзүү жөнүндө сунуш менен чыккан. Альянсты түзүү идеясын РФ адам укугу боюнча ыйгарым укуктуу өкүлү Татьяна Москалькова колдогон.

Түркия, Иран, жана Монголиянын Омбудсмендери дагы бул Альянстын уюштуруучулары болуу ниетин билдиришти. Он эки мамлекеттин омбудсмендери «Омбудсмендердин Евразиялык Альянсын» түзүү жөнүндөгү Меморандумга кол коюу керек деген чечимге келишти.

Кыргыз Республикасынын Акыйткатчысы Кубат Оторбаев менен Ирандын Башкы инспекциясынын башчысы Насер Сeрадж эки тараптуу өз ара кызматташуу жөнүндө Макулдашууга кол койду. Ал документке ылайык Кыргызстандын Омбудсмени жана Ирандын Башкы инспекциясынын башчысы өздөрүнүн компетенциясынын чегинде өз мамлекеттеринин мыйзамдарына ылайык адамдын жана жарандын укугун коргоо жаатында кызматташууга милдеттенет, ошондой эле, эки мамлекеттин аймагында бузулган адамдын жана жарандын укуктарын калыбына келтирүүгө көмөктөшүүгө милдеттенме алышты.









## Москвадагы эл аралык илимий-тажрыйбалык конференция

Кыргыз Республикасынын Акыйткатчысы Кубат Оторбаев 2017-жылдын 5-декабрында Москва шаарында өткөн «Евразия мейкиндигиндеги адам укугун коргоонун көйгөйлөрү: омбудсмендердин алдыңкы тажрыйбалары менен алмашуусу» деген темадагы эл аралык илимий-тажрыйбалык конференцияга катышты.

Москвадагы конференциянын жүрүшүндө Орусия, Кыргызстан, Иран жана Армениянын адам укугу боюнча ыйгарым өкүлдөрү Омбудсмендердин Евразиялык Альянсын түзүү жөнүндөгү Меморандумга кол коюшту. Ошондой эле Альянс Азия жана Европа мамлекеттериндеги адам укугун коргоо боюнча ыйгарым өкүлдөрдү бириктирген биринчи укук коргоо бирлиги болуп калганы белгиленди. Омбудсмендердин бирикмеси бир гана гуманитардык-укуктук мүнөздө иш алып барат.

Меморандумга ылайык, омбудсмендер укуктук агартуу жаатында, маалымат алмашуу, жарандарга жардам берүү жана биргелешкен долбоорлорду жүзөгө ашыруу боюнча кызматташат. Евразиялык географиялык аймакка кирген башка мамлекеттин омбудсмендери эгерде уюмдун баалуулугун, прициптерин жана максаттарын туура көрсө Альянска кошула алат.

### Адам укугун коргоо улуттук институттар ортосундагы эл аралык кызматташуунун негизин түзүү

Акыйкатчынын атына Кыргыз Республикасынын жараны Ирина Биктимирова өзүнүн өгөй уулу – Кыргыз Республикасынын жараны, 1989-жылы туулган Руслан Асельборндун РФ Москва шаарынын Можайск чоң жолундагы жол транспорт кырсыгында каза табышы боюнча кайрылган.

Маркумдун жакын туугандары кырсыктуу окуядан кийин үч ай өтсө да анын өлүмүнүн себебин аныктай алышпай, жол кырсыгы боюнча иштин материалдары менен таанышa алышкан эмес.

КР Акыйкатчысы (Омбудсмен) менен Россия Федерациясынын адам укугу боюнча ыйгарым өкүлүнүн ортосунда кол коюлган эки тараптуу кызматташуу тууралуу Меморандумдун алкагында Кыргыз Республикасынын жаранынын өлүмүнө алып келген жол транспорт кырсыгын объективдүү иликтөөгө көмөктөшүү жөнүндө кайрылуу жөнөткөн.

Россия Федерациясынын адам укугу боюнча ыйгарым укуктуу өкүлү бул боюнча Москва шаарынын Батыш административдик округунун прокуратурасына кат жөнөткөн.

Анын жыйынтыгында Орусия ИИМ Батыш административдик округунун Москва шаары боюнча Башкы башкармалыгынын ИИБ Тергөө башкармалыгынын тергөө бөлүмүнүн кылмыш ишин козгоодон баш тартуу тууралуу чечими негизсиз деп табылган, буга байланыштуу 2017-жылдын 3-апрелинде ал чечим жокко чыгарылып, материал кошумча текшерүүгө кайтарылган.

2017-жылдын 5-майындагы кошумча текшерүүнүн жыйынтыгы боюнча Орусия ИИМ Батыш административдик округунун Москва шаары боюнча Башкы башкармалыгынын ИИБ Тергөө башкармалыгында иш козгоодон баш тартуу боюнча РФ Кылмыш-процессуалдык кодексинин 144-беренесиндеги «Кылмыш жөнүндө кабарды кароонун тартиби», 145-беренесинин “Кылмыш жөнүндө кабарды кароонун жыйынтыгы боюнча кабыл алынган чечимдер» ченемдери боюнча кайра текшерүү жүргүзүлгөн. Маалымат боюнча, кылмыш ишин козгоодон РФ Кылмыш-процессуалдык кодексинин «кылмыш ишин козгоодон баш тартуу же кылмыш ишин токтотуу» боюнча 24-беренесинин 1-бөлүмүнүн 2-пунктундагы «кылмыш курамынын жоктугунун» негизинде баш тартылган. Аталган иш Россия Федерациясынын адам укугу боюнча ыйгарым укуктуу органынын көзөмөлүндө турат.

Округдун прокуратурасы кылмыш ишин козгоодон баш тартуу жөнүндөгү чечимди мыйзамсыз деп таанычы, материал кошумча текшерүүгө жөнөтүлдү. Иш көзөмөлдө турат жана баяндаманы даярдоо учурунда аталган текшерүүнүн жыйынтыгы азырынча чыга элек.

# 8.2. КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН АКЫЙКАТЧЫСЫНЫН (ОМБУДСМЕН) 2016-ЖЫЛДАГЫ ЖЫЛДЫК БАЯНДАМАСЫНДА КАМТЫЛГАН СУНУШТАМАЛАРДЫН АТКАРЫЛЫШЫ ТУУРАЛУУ МААЛЫМАТ

Акыйкатчынын (Омбудсмендин) 2015-жылга карата жылдык баяндамасында камтылган сунуштардын аткарылышы жөнүндөгү маалымат, 2016-жылга карата жылдык баяндамасынын №4 тиркемесинде жайгаштырылган.

Акыйкатчынын (Омбудсмендин) 2016-жылга карата жылдык баяндамасы Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши тарабынан карала элек болгондуктан, төмөндө бул баяндамада камтылган сунуштамалардын актуалдуулугу ошондой эле, бул сунуштамалардын негизинде жасалган жумуштар жөнүндө маалымат берилди.

Акыйкатчынын (Омбудсмендин) 2016-жылга карата жылдык баяндамасында өлкөдөгү адам укуктарын жана эркиндиктерин коргоо жана камсыз кылуу боюнча сунуштамалар камтылып, алар төмөндөгү мамлекеттик органдар менен жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын дарегине багытталган:

- *Кыргыз Республикасынын мыйзамдарын жакшыртуу ;*
- *социалдык, экономикалык жана маданий укуктар;*
- *балдар укуктарын коргоо;*
- *жарандык жана саясий укуктар;*
- *аскер кызматчылары жана ички иштер органдарынын кызматкерлеринин укуктарын коргоо жөнүндө;*
- *абактарда жазасын өтөп жаткан жарандардын укуктарын коргоо;*
- *адилеттүү соттук териштирүүгө укук;*
- *психиатриялык стационарларда дарылануучулардын укуктары.*

Айрым сунуштамалар Акыйкатчынын буга чейинки жылдык баяндамаларында чагылдырылган сунуштамаларга окшош, аны менен бирге бул кырдаал, буга чейин Омбудсмен тарабынан көтөрүлгөн адам укуктарын жана эркиндиктерин коргоо боюнча көптөгөн көйгөйлөрдүн азыркыга чейин чечиле электигине байланышкан.

Буга мисал, Кыргызстандын “Майыптардын укуктарын коргоо жөнүндө” Конвенцияны ратификациялоо зарылдыгы боюнча сунуштама Кыргыз Республикасынын Акыйкатчысынын (Омбудсменинин) 2016-2017-жылдардагы эки жылдык баяндамасында тең камтылган.

Адам укуктарына байланышкан көйгөйлөрдүн көпчүлүгү социалдык-экономикалык мүнөзгө ээ жана жетишсиз каржылоо менен мамлекет акыркы он жылда башынан өткөрүп келе жаткан экономикалык кыйынчылыктарга байланышкан.

Мисалы айтсак көп жылдардан бери Чернобыль АЭСиндеги кырсыктан жапа чеккен жактарды, балдар үйлөрүнүн тарбияlануучуларын турак жай менен камсыздоо сыяктуу Кыргыз Республикасынын мыйзамдарындагы талаптар аткарылбай келет.

Ошону менен бирге эле бийлик органдары тарабынан социалдык муниципалдык турак жайлардын, тийиштүү финансылык каражаттардын, ошондой эле, жеке турак жай курууга бош жер аянттарынын жоктугунан бул көйгөйлөрдү чечүүгө мүмкүн эместиги тууралуу маалыматтар келет.

Аны менен катар айрым сунуштамаларды аткаруу үчүн көпчүлүк учурда уюштуруу-укуктук мүнөздөгү чараларды кабыл алуу зарыл. Эсеби маселен, чет өлкөдө, өзгөчө Россия Федерациясында жүргөн биздин жарандарды коргоо иштерин күчөтүш керек. Мисалы, КР Өкмөтүнө чет өлкөлөрдөгү мекендештерди мамлекеттик колдоо программасын иштеп чыгууга жана ишке ашырууга алты айлык мөөнөт берилсе дагы ушул кезге чейин “Чет өлкөлөрдөгү мекендештерди колдоо боюнча мамлекеттик саясаттын негиздери жөнүндө” КР мыйзамында каралган талаптар ишке ашырылбай келет.

Сунуштамаларда ошондой эле, тийиштүү мамлекеттик органдар менен жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жана алардын жооптуу кызмат адамдары тарабынын өзүнүн кызматтык ыйгарым укуктарынын чегинде иштебей жатканы же талаптагыдай эмес иш жүргүзгөнү козголгон. Ошону менен катар сунуштамаларды аткарбай коюу көрүнүшү бир гана аткаруу милдеттери жүктөлгөн органдарга эле эмес, аларды көзөмөлдөө функциясын аткарган жактарга да тиешелүү.

Буга мисал, Омбудсмен тарабынан прокуратура органдарынын алдында адам укуктарын жана эркиндиктерин бузууга жол берген кызмат адамдарын жоопкерчиликке тартуу зарылдыгы боюнча маселе көтөрүлгөн. Бирок, прокуратура органдары тарабынан Акыйкатчы көтөргөн маселелердин чечилишине байланышы жок жөн гана формалдуу жооптор келүүдө.

Ошондой эле айрым сунуштамалар, жаңы кабыл алынган жоруктар кодексине, мындан сырткары, жазык жана жазык-аткаруу мыйзамдарынын жаңы редакциясы, колдонуудагы мыйзамдарда каралган окшош нормаларына салыштырып келгенде (Омбудсмендин ишине тосколл кылгандарды – кылмыш жоопкерчилигине, ал эми Акыйкатчынын ишине мыйзамсыз кийлигишкендерди – административдик жоопкерчиликке тартуу каралган) Омбудсмендин ыйгарым укуктарынын чектелишине жана начарлашына олуттуу таасир этет, бул өз кезегинде адам укуктарын жана эркиндиктерин коргоо чөйрөсүндөгү эл аралык стандарттарга каршы келет.

**2016-жылга карата Жылдык баяндаманын алкагында даярдалган Кыргыз Республикасынын Акыйкатчысынын (Омбудсмениниn) жогоруда көрсөтүлгөн сунуштамалары жөнүндө кененирээк маалымат ушул баяндаманын кийинки бетинде.**

# «2016-ЖЫЛЫ КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЖАРАНДАРЫНЫН УКУКТАРЫ МЕНЕН ЭРКИНДИКТЕРИН САКТОО ЖӨНҮНДӨ» АКЫЙКАТЧЫНЫН ЖЫЛДЫК ДОКЛАДЫНЫН АЛКАГЫНДА СУНУШТАЛГАН РЕКОМЕНДАЦИЯЛАРДЫ АТКАРУУНУН ЖЫЙЫНТЫКТАРЫНЫН ЖАҢЫЛАНГАН МААЛЫМАТЫ

## 2.2. «АДАМДЫН ЖАНА ЖАРАНДАРДЫН УКУГУН КОРГОО ЖААТЫНДАГЫ КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МЫЙЗАМДАРЫН ЖАКШЫРТУУ»

| Сунуштар | | | | |
|---|---|---|---|---|
| Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешине | | | | |
| **№** | ***Бөлүм, глава, бет.*** | ***Сунуштардын мазмуну*** | ***Эмнелер жасалды*** | ***Жыйынтык*** |
| | **2.2. Глава 43-бет** | . КР Жогорку Кеңеш тарабынан 2016-жылдын 22-июнунда кабыл алынган «КРнын жерлерди пайдалануу жаатындагы бир нече мыйзам актыларына өзгөртүү жана толуктоолорду киргизүү жөнүндөгү» экинчи окуудан өткөн мыйзам долбоорун кабыл алуудан баш тартуу, анткени үйлөргө жакын жайгашкан жер участокторун коомдук жана муниципалдык керектөөлөр үчүн мыйзамдаштыруу Баш мыйзамдын нормаларына карама-каршы келет, | Сунуш КР Жогорку Кеңештин кароосуна жөнөтүлгөн<br><br>Аталган мыйзам долбоору үчүнчү окуудан алынып салынган | Аткарылды |
| 2 | **2.2 . Глава 43-бет** | КРнын «Баатыр Эне» орденинин статусу жөнүндөгү» мыйзамдын 2-беренесин төмөндөгү төртүнчү абзац менен толуктоо керек:<br>« жаракат же оорудан улам жашы жеткен куракта каза болгондор» | Сунуш КР Жогорку Кеңештин кароосуна жөнөтүлгөн<br><br>КРнын ЖКсы тарабынан 2017-жылдын 28-июнунда кабыл алынган «Кыргыз Республикасынын сыйлыктар жана наамдар жөнүндөгү» мыйзамда аталган сунуш эске алынган эмес | Актуалдуу эмес |
| 3 | **2.2. Глава 43-бет** | Мүмкүнчүлүккө карап пенсиялык куракка жетелек «Мать героиня» же «Баатыр эне» ордендери менен сыйлангандарды ай сайын бир миң сом өлчөмүндө компенсация менен камсыз кылууну карап чыгып, Кыргыз Республикасынын тиешелүү мыйзам нормаларына өзгөртүү жана толуктоолорду киргизүү. | Сунуш Жогорку Кеңештин кароосуна жөнөтүлгөн<br><br>КР ЖК тарабынан 2017-жылдын 28-июнунда кабыл алынган «Кыргыз Республикасынын сыйлыктар жана наамдар жөнүндөгү» мыйзамда аталган сунуш эске алынган эмес | Актуалдуу эмес |
| 4 | **2.2. Глава 43-бет** | Жашы жетпегендердин (өспүрүмдөр ) жыныстык жактан кол тийбесигине каршы кылмыш кылгандарга | | 2019-жылдын 1-январында ишке кирге турган КР Кылмыш |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| | | карата кылмыш жоопкерчилигин күчөтүү боюнча КР Омбудсменинин эскертүү жана сунуштарын эске алуу менен КР КК 74, 132 жана 133 –беренелерине өзгөртүү жана толуктоолорду киргизүү. | | кодексинин кабыл алыгандыгына байланыштуу актуалдуу эмес |
| 5 | **2.2. Глава 43-бет** | 2016-жылдын 22-декабрында кабыл алынган КРнын Кылмыш-жаза Кодексинин жаңы редакциясынын 43-беренесинин 1-бөлүмүнүн 1-пунктундагы «Кыргыз Республикасынын Акыйкатчысы (Омбудсмен)» деген сөздөн кийин «(анын орун басарлары), Кыргыз Республикасынын Акыйкатчы (Омбудсмен) Аппаратынын атайын кызматкерлери )» деген сөздөр менен толуктоо | Тиешелүү мыйзам долбоорун кабыл алууда жана иштеп чыгууда, ошондой эле КР Президенти тарабынан кол коюуда Омбудсмен тарабынан тиешелүү сунуштар берилген, бирок алар эсепке алынган эмес . | Аткарылган эмес<br>Актуалдуу |
| | | КРнын КЖКнын мыйзамынын 43-беренесинин 2-бөлүмүнүн экинчи сүйлөмүнө төмөндөгүдөй толуктоо киргизилүүсү керек:<br>«Жаза аткаруу мекемелериндеги кино-, фото-видеоаппаратуралар жана аларды колдонуу Кыргыз Республикасынын Президенти, Кыргыз Республикасынын премьер-министри, Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттары, Кыргыз Республикасынын Акыйкатчысы (Омбудсмен), ошондой эле аталган беренени 1-бөлүмүнүн 2-4 пункттарында айтылган тараптардын атайын уруксатысыз колдонулат». | Тиешелүү мыйзам долбоорун кабыл алууда жана иштеп чыгууда, ошондой эле Кыргыз Республикасынын Президенти тарабынан кол коюуда Омбудсмен тарабынан тиешелүү сунуштар берилген, бирок алар эсепке алынган эмес . | Аткарылган эмес<br>Актуалдуу |

## 2.3 2016-ЖЫЛЫ КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН АКЫЙКАТЧЫСЫНЫН (ОМБУДСМЕН ) КӨНҮЛ БУРУУ АКТЫЛАРЫ ЖАРАНДАРДЫН УКУКТАРЫН КАЛЫБЫНА КЕЛТИРҮҮ ЖАНА УКУК БУЗУУЛАРДЫ ЧЕТКЕ КАГУУ.

| Сунуштар | | | | |
|---|---|---|---|---|
| **Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешине** | | | | |
| 1. | **2.3. Глава**<br>**51-бет** | 13 «Кыргыз Республикасынын Омбудсмени (Акыйкатчы) жөнүндөгү» мыйзамдын 13-беренесинин 3-бөлүгүн төмөндөгү редакция менен толуктоо:<br>*«3. Кыргыз Республикасынын Акыйкатчысынын (Омбудсмен) иш-аракетине тоскоолдук келтирген же Кыргыз Республикасынын Акыйкатчысынын (Омбудсмен) мыйзамдуу өтүнүч жана талаптарын четке каккан тараптардын аракети тартиптик жазага тартылууга жатат».* | Аталган сунуш Омбусмендин 2016-жылдагы докладында каралган, бирок Доклад КР ЖК тарабынан карала элек | Аталган сунуш камтылган жылдын Доклад КР ЖК тарабынан карала электигине байланыштуу аткарылган жок |
| **Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө** | | | | |
| 2. | **2.3. Глава**<br>**51-бет** | – Сот процесстерине катышкан прокуратура кызматкерлеринин санын көбөйтүү мүмкүнчүлүгүн карап чыгуу; | | Аткарылган эмес |
| | | – Психиатриялык стационарларда кармалгандардын жашоо-шарттарына байланышкан маселелери чечүү; | | Аткарылган эмес<br>Актуалдуу |
| | | – Кыргызстандагы, айрыкча өлкөнүн областарынан алыс жайгашкан төрөт үйлөрүнүн социалдык, санитардык-эпидемиологиялык жана башка шарттары боюнча кемчиликтерди жоюу; | | Аткарылган эмес<br>Актуалдуу |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| | | – Кыргыз Республикасындагы Чернобыль АЭСинен жабыр тарткан жарандардын турмуш-шартын жакшыртуу боюнча мыйзам талаптарын аткаруу. Бул маселе айрыкча Бишкек шаары жана Чүй облусунда курч бойдон. | Бишкек шаарынын мэриясы Чернобыль АЭСинен жабыр тарткан жарандардын турмуш-шартын жакшыртууга мүмкүнчүлүктүн жоктугун маалымдайт . | Аткарылган эмес<br>Актуалдуу |
| **Кыргыз Республикасынын Башкы прокуратурасына** | | | | |
| 3. | **2.3 Глава**<br>**51-бет** | – Кыргыз Республикасынын Акыйкатчысынын (Омбудсмен) актыларын обьективдүү карабай койгон фактыларды четке кагуу; | Айрым учурларда прокуратура органдары КР Омбусменинин кайрылуусунда камтылган мыйзамдуу талаптарын четке кагууну улантып келүүдө. | Айрым учурларда аткарылган эмес |
| | | – Прокуратура тарабынан Кыргыз Республикасынын Акыйкатчысынын (Омбудсмен) көңүл буруу актыларында көтөрүлгөн, Кыргыз Республикасындагы кылмыш-жаза аткаруу мекемелериндеги мыйзамдуулукту сактоо боюнча көзөмөл жүргүзүү байланышкан көрсөтмөлөрүнө формалдуу жоопторду берүү жана маселени негизсиз создуктурууну четке кагуу, ошондой эле мыйзам бузууга жол берген кызмат адамдарын тартиптик жоопкерчиликке тартуу | КР Башкы прокуратурасы тарабынан 2017-жылы укук бузууларга жол берген жетекчилерди тартиптик жазаларга тартууга байланыштуу укук бузуу фактысын жокко чыгарбай, бирок кызматтык жетекчилерге КР мыйзамдарын сактоо тууралуу оозеки эскертүү (тактап айтканда адам укуугун бузган кызмат адамдары адекваттуу жаза алышкан эмес) берилгендиги тууралуу формалдуу жооптор келген учурлар болду | Аткарылган эмес |

## 3. СОЦИАЛДЫК, ЭКОНОМИКАЛЫК ЖАНА МАДАНИЙ УКУКТАР

| Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешине | | | | |
|---|---|---|---|---|
| 1. | **3-бөлүм**<br>**3.1.Глава**<br>**57-59 -бет** | **1.** Жашаган жеринде каттоосу жоктугуна байланыштуу административдик жоопкерчилик тартууну алып салуу. | | КР мыйзамдарына тиешелүү өзгөрүүлөр кире электигине байланыштуу аткарылган эмес |
| | | **2.** КРнын Жарандык Кодексине, «Аткаруу өндүрүшү жана сот аткаруучулардын статусу жөнүндөгү» мыйзамга, Турак-жай Кодексине турак-жайлардан көчүрүү иштерин турак-жайларга ээ болуу укуктарына кепилдик берген эл аралык стандарттарынын талаптарына шайкеш келген өзгөртүү жана толуктоолорду төмөндөгү процедураларды камтып киргизүү:<br>а) жергиликтүү бийлик органдарына көчүрүү иштери тийиштүү болгон жарандарга көчүрүү иштеринин альтернативдүү варианттары, көчүрүү иштерин жүргүзүүнүн зарылдыгы жана көчүрүү, ошондой эле аны уюштуруу боюнча кеп-кеңештерди берүү милдетин жүктөө;<br>б) көчүрүү иштери тийиштүү болгон жарандарга пландалган көчүрүү иштери жана алар көчүрүлүүгө тийиш болгон жер же турак жайды альтернативдүү пайдалануу максаттары тууралуу маалымат берилиши керек;<br>в) көчүрүү иштеринин убактысы тууралуу көчүрүүгө тиешелүү болгон жарандарга бардык толук жана негиздүү маалымат берүү;<br>г) көчүрүү иштеринде мамлекеттик бийлик органдарынын же алардын өкүлдөрүнүн катышуусу;<br><br>д) көчүрүүгө мажбур болгон бардык жарандардын өздүгүн тактоо;<br>е) көчүрүлө турган жарандардын уруксатысыз аба ырайынын катаал шарттарында, түнкү убакта көчүрүү иштерин жүргүзүүгө жол бербөө;<br>ж) мүмкүнчүлүккө жараша муктаж болгон жарандарга алардын сотторго ходатайство берүүсүнө, турак-жайга | | |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| | | болгон өз укуктарын калыбына келтирүүсүнө укуктук жактан жардам берүү. | | |
| | | **3**. КРнын Жарандык процессуалдык кодексине мыйзамсыз курулуштарды түрттүрүүгө байланышкан соттун резолюциялык бөлүгүн конкреттештирүү боюнча өзгөртүүлөрдү киргизүү. Сот бузула турган турак-жайдан чыгаруу жөнүндөгү чечимден сырткары, адамдар көчүрүлө турган оңтойлуу мөөнөттү ылайыкталган талапты көрсөтүү керек. Көчүп чыгуунун минималдуу бериле турган убактысын (30 сутка) белгилөө зарыл. | | Сунуш актуалдуу бойдон калууда |
| | | **4**.Турак-жай Кодексине жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын укук коргоо органдары менен биргеликте коомдук маанидеги обьекттер салына турган жерлерге, кооптуу делген аймактарга үй кургандарга түшүндүрүү иштерин жүргүзүү боюнча милдеттерин аныктоо менен өзгөртүү жана толуктоолорду киргизүү. Ден соолук үчүн кооптуу аймактарда курулуш иштерин жүргүзгөндөргө (кооптуу делген аймактарга үй кургандарга) тобокелдиктер жана ден соолукка келтириле турган зыяндар тууралуу жазуу түрүндө эскертүү берүү багыттарын жүргүзүүнү аныктоо. | | Сунуш актуалдуу бойдон калууда |
| | | **5.** КРнын «Жалпы саламаттыкты сактоо жөнүндөгү» мыйзамына санитардык-эпидемиологиялык көзөмөл органдарына ден соолук үчүн кооптуу аймактарда курулуш иштерин жүргүзгөндөргө тобокелдиктер жана ден соолукка келтириле турган зыяндар тууралуу жазуу түрүндө маалымдоо милдеттерин | | Сунуш актуалдуу бойдон калууда |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| | | жүктөөнү камтыган өзгөртүү жана толуктоолорду киргизүү. | | |
| | | **6.** КР нын Турак-жай Кодексинде турак-жайлардан көчүрүүнүн көчүрүүгө чейин жана андан кийин кепилдиктерди камтыган тартибин белгилөө зарыл. Тактап айтканда, аба ырайынын катаал шарттарында, кечки жана түнкү убактарда жүргүзүүгө тыйуу салуу, ички иштер органдарынын жана медицина кызматкерлеринин, ошондой эле көчүрүү иштери жашы жетпегендерге дагы тиешелүү болсо балдарды коргоо боюнча атайын өкүлчүлүктүн аймактык өкүлүнүн катышуусу менен жүргүзүү. | | Сунуш актуалдуу бойдон калууда |
| | | **7.** Үйсүздүктү алдын алуу максатында Турак-жай Кодексинде үй-бүлөнү коргоонун кошумча кепилдиктери жана үй-бүлөнүн жападан-жалгыз баш калкалоочу жайы бузулууга туш болгон учурларда алардын турак-жайга болгон укуктарын камсыз кылуу. Мындай учурларда турак-жай фондусунан жана башка альтернативдүү турак-жайлардан убактылуу баш калкалоочу жай караштырып берүү. Убактылуу баш-калкалооочу жай бөлүп берүүнүн процедурасын жана анын пайдалануу мөөнөтүн аныктоо ( чектелген мүмкүнчүлүктү узартуу менен алты ай), ( ошондой эле мындай үй-бүлөлөрдөгү жумушка жарамдууларын иш менен камсыз кылуу, балдар, майыптар жана кары адамдардын маселелерин чечүү үчүн социалдык кызматтар иш алып барышы керек. Ошондой эле мамлекет тарабынан берилген кепилдиктердин кыянат пайдаланылып кетпеши үчүн акыркы үч жылда жүргүзүлгөн кыймылсыз мүлк боюнча алып-сатуу келишимдер эске алуу керек. Келишимдер болгон учурларда жарандардын турак-жайга болгон муктаждыгын ого бетер оордотуп, мамлекеттик атайын органдар тарабынан туруктуу турак-жай менен камсыз кылуудан баш тартылышы мүмкүн. | | Сунуш актуалдуу бойдон калууда |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| | | | | |
| | | **8.** КРнын ««Аткаруу өндүрүшү жана сот аткаруучулардын статусу жөнүндөгү» мыйзамына өзгөртүүлөрдү киргизүү жана көчүрүү иштерин жүргүзүү тууралуу маалымдоонун минималдуу өлчөмдөгү убактысын белгилөө, көчүрүү иштери жашы жетпеген өспүрүмдөргө, майыптарга жана ишке жарамсыз кары-картаңдарга тийиштүү болгон учурларда көчүрүү иштерин үч айдан алты айга чейин токтотуу. Көрсөтүлгөн кепилдиктер кандай гана көчүрүү иштери болбосун коомдун коомдук-экономикалык абалына олуттуу таасир тийгизе тургандыктан ишке ашуусу керек. | | Сунуш актуалдуу бойдон калууда |

## 3.1 БИШКЕК ШААРЫНЫН ЖАНЫ КОНУШТАРЫНЫН ТУРГУНДАРЫНЫН ЖЕТКИЛИКТҮҮ ТУРАК-ЖАЙГА БОЛГОН УКУКТАРЫНЫН САКТАЛЫШЫ

| Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө | | | | |
|---|---|---|---|---|
| 1. | **3.1. Глава 60-61-бет** | 1.Калктын аялуу катмарын турак-жай менен камсыз кылуу кепилдигине багытталган турак-жай түзүлүшүнүн формаларын өнүктүрүү, менчикке сатып алууга багытталбаган жана үйсүздүктү алдын алуу, ошондой эле турак жай мамилелерин жөнгө салуу чөйрөсүндө мамлекеттик башкарууну жакшыртуу сыяктуу максат жана тапшырмаларды камтыган турак-жай саясатынын жана максаттуу стратегиясынын комплекстүү Улуттук Концециясын иштеп чыгуу. Турак-жай менен камсыз кылуу стратегиясын камсыздоо үчүн узак мөөнөттүү ижарага турак жай берүү бизнесин колдоо жана өнүктүрүү. | | Сунуш актуалдуу бойдон калууда |
| | | 2. Калктын аялуу катмарын (ден соолугунун мүмкүнчүлүгү чектелген жарандарды, көп балалуу аз камсыз болгон үй-бүлөлөрдү, интернат-мекемелеринин бүтүрүүчүлөрүн) жеткиликтүү турак-жай менен камсыз кылуу үчүн чектелүү мөөнөткө (мисалы, ишке орношуу учурунда) мамлекеттик колдоо катары турак-жайлардын аренда акысынын бир бөлүгүн төлөп берүүнүн мүмкүнчүлүктөрүн караштыруу жана ишке киргизүү. | | Сунуш актуалдуу бойдон калууда |
| | | 3. Турак-жай менен камсыз кылуу стратегиясына жашоочулар үчүн талаптагыдай жана заманбап (күзөт, өрт коопсуздугу, почта кызматы, кир жуучу жайлар жана башка кызматтар) тейлөөнү камсыздалган, менчиктин ар кандай түрүнө кирген акы төлөнүүчү жатаканаларды өнүктүрүүнү киргизүү. | | Сунуш актуалдуу бойдон калууда |
| | | 4. Жаңы конуштардагы мыйзамдаштырууга жатпаган жеке турак-жайда жашагандарды башка жактарга көчүрүүдө аталган турак-жай үй-бүлөнүн жападан-жалгыз баш калкалоочу жайы болсо жумушчу топ түзүп жана көчүрүүнүн планын иштеп чыгуу. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2011-жылдын 26- | | Сунуш актуалдуу бойдон калууда |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| | | июлундагы №306-р буйругу менен Азия өнүктүрүү банкынын «ЦАРЭС 1- транспорттук коридор» Бишкек-Торугарт жолунун» долбоорун ишке ашырууга багытталган көчүрүү процедуралары үлгү катары эске алуу.<br>5. Жашаган жери боюнча каттоо системасынын жеке менчикке каттоо түрүн алып салуу менен кайрадан карап чыгуу, каттоонун бирдиктүү маалымат базасын киргизүү жана жарандарды каттоону өз ыктыярынын негизинде, так жашаган жеринде социалдык тейлөө менен жетиштүү камсыз болуусу жана алардын мамлекеттик бюджеттен максаттуу каржыланышы (каражат жашаган адамга жараша бөлүнүшү керек) менен жүргүзүү. Буга тиешелүү сунушту мыйзам нормаларына өзгөртүүлөрдү киргизүү үчүн Жогорку Кеңешке сунуштоо. | | |
| **Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн алдындагы мамлекеттик миграция кызматы** | | | | |
| | **3.1. Глава**<br>**60-бет** | **1.** Жарандардын каттоосун жөнгө салуучу мыйзамдарды карап чыгып, мыйзам деңгээлинде базалык социалдык тейлөөнү (билим берүү жана медициналык тейлөө) жашаган жериндеги каттосуна карабай көрсөтүүнү кароо. Кыргыз Республикасынын Жогорку Кенешинин кароосуна ички мигранттардын медициналык тейлөө, билим берүү жана башка социалдык кепилдиктерге каттоосунун бар же жоктугуна карабай жетишүүсүн камсыздаган мыйзам долбоорун алып чыгуу. | | Сунуш актуалдуу бойдон калууда |
| **Кыргыз Республикасынын билим жана илим министрлигине жана саламаттыкты сактоо министрлигине** | | | | |
| 3. | **3.1. Глава**<br>**59-бет** | 1. Билим берүү жана саламаттыкты сактоо мекемелерин ички мигранттарды жашаган жериндеги каттоосуна карабастан акысыз тейлөө боюнча маалыматтын жеткиликтүү болушун жергиликтүү деңгээлде камсыздоого милдеттендирүү | | Сунуш актуалдуу бойдон калууда |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| | | (ар бир мектеп жана медициналык мекемелердин базасында маалымат тактайчаларын илүү аркылуу). | | |
| | | 2. Медициналык мекемелерде ҮМБларга каттоонун шарттары жана тартиптери тууралуу жеткиликтүү маалымат менен камсыз кылуу. | ҮМБ боюнча маалыматтар кол жетпеген же таанышууга ыңгайсыз жайларда орун алган. | Так аткарылышына көзөмөл жүргүзүү зарыл |
| | | 3.Жаңы конуштардын калкына акысыз тез жардам кызматынан пайдаланууну жакшыртуу жана анын жыйынтыктуу иштешине көзөмөл кылуу. | 2017-жылдагы инспекциянын маалыматтары боюнча акысыз тез жардам жаңы конуштарга каттабайт. | Сунуш актуалдуу бойдон калууда |
| **Бишкек шаарынын мэриясына** | | | | |
| 4. | **3.1. Глава 61-бет** | 1.Бишкек шаарындагы жаңы конуштарды өнүктүрүүнүн стратегиясын иштеп чыгуу боюнча мамлекеттик органдарынын, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын, коомдук жана жарандык уюмдардын өкүлдөрүнөн жумушчу топту түзүү. Стратегия инфраструктураны өнүктүрүү, билим берүү мекемелерине жетишүүнү камсыздоо, медициналык жардамдын жеткиликтүү болушун камсыз кылуу, чоңдор жана балдар үчүн жергиликтүү деңгээлдеги маданий иш-чараларды өткөрүү үчүн жергиликтүү деңгээлде маданий жайларды өнүктүрүү сыяктуу маселелерди камтышы керек. | Маморгандардын иш аракети системалуу эмес. Бишкек шаарындагы жаңы конуштарды өнүтүрүүнүн бирдиктүү системасы бүгүнкү күнгө чейин жок. | Сунуш актуалдуу бойдон калууда |
| | | 2. Стратегияны иштеп чыгууда жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жарандык коом менен биргеликте жаңы конуштардын жашоочуларына жаңы конуштардагы калктын жашоо жана ден соолук коопсуздугуна коркунуч жарата турган олуттуу маселелерди жана жаңы конуштардын жашоо-шартын жакшыртууга багытталган приоритеттүү багыттар боюнча пикирлерин эске алууну аныктоо менен толук жана ар тараптуу кеп-кеңештерди берүүлөрү керек. | | Сунуш актуалдуу бойдон калууда |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| | | | | |
| | | 3. Стратегиянын ишке ашыруу пландарын максаттык көрсөткүчтөрдү жана аны аткаруунун зарыл болгон ресурстарын аныктоо менен иштеп чыгуу. Стратегияда жана ишке ашыруу пландарын ишке ашырууда жергиликтүү деңгээлдеги маселелерди чечүүдө жаңы конуштардын жашоочуларын тартуу. | | Сунуш актуалдуу бойдон калууда |
| | | 4.Билим берүү жана медициналык тейлөө мекемелери каралбаган жаңы конуштарда калктын коомдук транспортко болгон муктаждыгын чечүү жана аталган мекемелерге жетүү муктаждыктардын жеңилдетүү үчүн тиешелүү автотранспорттук маршруттарды жүргүзүү. | «Калыс Ордо» жилмассивинде 1020 орундуу мектеп курулуп жана эксплуатацияга берилген (иш жүзүндө 2100 бала окуйт). «Көлмө» жилмассивинде 430 орундуу бала бакча курулуп райдаланууга берилген.<br>«Ак-Ордо» жаңы конушунда мектеп курулууда. Медициналык тейлөөнү жакшыртуу боюнча саламаттыкты сактоо министрлиги менен алыскы жаңы конуштардагы дарыгерлердин ишин жакшыртуу жана шарт түзүү боюнча иш алып барылууда. | Аздан аткарылууда |
| | | 5.Жаңы конуштарды жарык менен камсыз кылууну жакшыртуу, айрыкча окуучулардын коопсуздугун, жол кыймылынын коопсуздугун сактоо максатында билим берүү мекемелерине бара турган жолдорго жарык орнотуу. | Жаңы конуштардын жашоосун жакшыртуу үчүн 180 трансформатордук подстанцияларды орнотуу зарыл. | Аздан аткарылууда |
| | | 6. Жаңы конуштардын жолдорун бойлой тротуарларды салуу. Жаңы конуштарда жөө адамдар өтүүчү бөлүгү каралбаган жолдордун долбоорлорун четке кагуу. | Бишкек шаарынын капиталдык курулуш боюнча башкармалагы тротуар коюдан мурун канализация орнотушууда. Андан ары жолдорду асфальттоо иштери жүргүзүлөт. | Аздан аткарылууда |
| | | 7.Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары калкты тартуу менен алдыңкыларды белгилеп, эл жашаган райондорду жана жаңы конуштарды жашылдандыруу жана көрктөндүрүү иштерин жүргүзүү. | | |

## 3.2. КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНДАГЫ ЭТНИКАЛЫК КЫРГЫЗДАРДЫН (КАЙРЫЛМАНДАРДЫН) УКУКТАРЫН САКТОО

| Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө | | | | |
|---|---|---|---|---|
| 5. | **3.2. Глава 65-бет** | – « Чет өлкөлүк жарандар жана жарандыгы жок адамдар тарабынан Кыргыз Республикасында болуунун же транзит менен өтүүнүн белгиленген тартибинин бузулушу жөнүндөгү » Кодекстен 390-беренеден , этникалык кыргыз –кайрылмандардын административдик жоопкерчилигин алып салуу менен өзгөртүүлөрдү киргизүү . | КРнын Өкмөтүнүн алдындагы миграция кызматынын маалыматы боюнча «административдик жоопкерчилик боюнча Кодекс» күчүн жоготкон. 2019-жылдын 1-январынан баштап «Кылмыш жөнүндөгү Кодекс» жана «Мыйзам бузуулар жөнүндөгү Кодекс» кабыл алынат. Өкмөттүн алдындагы миграция кызматы тарабынан этникалык кыргыздарга карата айыптын көлөмүн 1000 сомго түшүрүү сунушталууда. | Сунуш актуалдуу бойдон калууда |
| | | Этникалык кыргыздарга үй куруу үчүн жок дегенде кайрак жана түшүм аз берүүчү жерлерден жер бөлүп берүүнүн механизмдерин караштыруу | Жерлер ошондой эле КР Жер Кодексине ылайык кезек менен берилет | Сунуш актуалдуу бойдон калууда |
| | | – Тажикистан Республикасынын Мургаб районунан Ош областынын Кара-Суу районундагы Мады кыштагына көчүп келип отурукташкан этникалык кыргыздарга үй курууга жер участокторун бөлүп берүү боюнча мурда кабыл алынган чечимдерди аткаруу маселесин кайра карап чыгуу. | Тажикстан Республикасынын Мургаб районунан Ош областынын Кара-Суу районунун Мады кыштагына көчүп келген этникалык кыргыздардын иши азыркыга чейин сотто каралууда | Сунуш актуалдуу бойдон калууда |
| | | – Ош облусунун Алай районундагы Сары-Могол айылындагы этникалык кыргыздарга жер бөлүп берүү, Тажикстандын Тоолуу-Бадахшан автоном облусунун Мургаб районунун Кыргыз Республикасына убактылуу пайдаланууга өткөрүлгөн жер маселесин чечүү. | Ош областынын Алай районундагы Сары-Могол айылындагы этникалык кыргыздарга сугат жерленин жоктугунан жер бөлүп берүү маселеси чечилбей келүүдө | Сунуш актуалдуу бойдон калууда |
| | | – Баткен областындагы Бүргөндү кыштагында этникалык кыргыздарга үй салууга жер бөлүп берүү маселесин кароо. | Жерлерди трансформациялоо боюнча мораторий иштеп жатат | Сунуш актуалдуу бойдон калууда |
| | | – Этникалык кыргыз кайрылмандардын орун-очок алышы боюнча алгачкы чараларды көрүү. | Убактылуу жайгаштыруу борборлору жок | Сунуш актуалдуу бойдон калууда |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| | | – Кыргыз Республикасынын улуттук статистикалык комитетине Кыргыз Республикасына көчүп келген этникалык кыргыздардын статистикалык эсебин алуу үчүн тиешелүү индикаторлорду иштеп чыгуу. | Келген этникалык кыргыздардын эсебин алуунун индикаторлору жок<br>КР ТИМ маалымат жогорулатуу боюнча иш алып барбайт | Сунуш актуалдуу бойдон калууда |
| | | – Кыргыз Республикасынын ТИМдин дипломатиялык мекемелери Кыргыз Республикасынын «Кыргыз Республикасына көчүп келген этникалык кыргыздарга берилүүчү кепилдиктер жөнүндөгү» мыйзамынын нормалары тууралуу маалыматтын башка мамлекеттин аймагында жашаган этникалык кыргыздардын арасында таралышына өзгөчө көңүл бурушу керек. | ККДга (Калкты каттоо департаментинин) ишине арыз жана даттануулар арбын | Сунуш актуалдуу бойдон калууда |
| | | – Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн алдындагы калкты жана жарандык абалды каттоо боюнча мамлекеттик каттоо кызматынын департаменти этникалык кыргыздардын Кыргыз Республикасынын жарандыгын алуу процедураларынын мөөнөтүн сактоого көзөмөлдү күчөтүүсү керек. | | Сунуш актуалдуу бойдон калууда |

## 3.4. АЯЛДАРДЫН РЕПРОДУКТИВДИК УКУКТАРЫ

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| **Сунуштар** | | | | |
| **Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө** | | | | |
| 1. | **3, 3.4. 77-бет** | 1.Медициналык -социалдык тобокел группасындагылар үчүн контрацептивдик каражаттардын мамлекеттик сатып алуулар маселесин кароо. | 1. КР саламаттыкты сактоо министрлиги приоритеттүү багыт катары 2012-2018 жж Эне менен баланын ден соолугун коргоо багытындагы «Ден Соолук» улуттук программасын реформалоонун алкагында SWAp нын каражатына контрацептивдик каражаттарды сатып алуу үчүн ЮНФПА менен бойго бүтүүдөн сактоочу спиралдарды сатып алууга үчүнчү жак катары кол коюшту. Сатып алуунун суммасы 70, 000 АКШ долларын түзөт, бул калктын аялуу катмарындагы 220800 аялдарга бойго болтурбоочу спиралдарды сатып алууга керектелет. Бойго болтурбоочу спиралдар турмуштук маанилуу дары каражаттарынын катарына киргизилди. Мамлекеттин бюджетинде алгачкы жолу 2018-жылы 3,2 млн сомго аз камсыз болгон катмарындагы аялдарга контрацептивдик каражаттарды алууга каражат каралды. | Аткарылды |
| 2. | **3, 3.4. 77-бет** | 2. Мамбюджеттин, ошондой эле ММКФтын эсебинен саламаттыкты сактоо уюмдарынын алгачкы медициналык-санитардык жардам (калктын аялуу катмары үчүн) берүү үчүн контрацептивдик каражаттарды сатып алууну камсыздоо жана түзүү. | 1. КР саламаттыкты сактоо министрлиги приоритеттүү багыт катары 2012-2018 жж Эне менен баланын ден соолугун коргоо багытындагы «Ден Соолук» улуттук программасын реформалоонун алкагында SWAp нын каражатына контрацептивдик каражаттарды сатып алуу үчүн ЮНФПА менен бойго бүтүүдөн сактоочу спиралдарды сатып алууга үчүнчү жак катары кол коюшту. Сатып алуунун суммасы 70, 000 АКШ долларын түзөт, бул калктын аялуу катмарындагы 220800 аялдарга бойго болтурбоочу спиралдарды сатып алууга керектелет. Бойго болтурбоочу спиралдар турмуштук маанилуу дары каражаттарынын катарына киргизилди. Мамлекеттин бюджетинде алгачкы жолу 2018-жылы 3,2 млн сомго аз камсыз болгон катмарындагы аялдарга контрацептивдик каражаттарды алууга каражат каралды. | Аткарылды |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| 3. | **3, 3.4. 77-бет** | 3. Секторлор аралык кызматташтыкты жана башка министрликтер (жергиликтүү өз алдынча башкаруу, (ЖӨБ, МАБ ж. б). менен координацияны күчөтүү аркылуу ҮДТлардын жана төрөт үйлөрүнүн инфраструктарын жакшыртуу. | | Сунуш актуалдуу |
| **Кыргыз Республикасынын саламаттыкты сактоо министрлигине** | | | | |
| 4. | **3, 3.4. 77-бет** | 1. Кош бойлуу аялдардын социалдык тейлөөлөргө жетишүүсүн жогорулатуу максатында аялдардын аялуу категориясы тууралуу маалыматтарды жыйноону камсыздоо (ички жана тышкы мигранттар; аялдар, айыл жергесинде жашагандар; документи жок кош бойлуулар; жалгыз бойлор; көп балалуулар; жакыр үй-бүлөдөн чыккандар). | 1. Тобокел топторун аныктоо боюнча жумушчу комиссия түзүлдү. | Сунуш актуалдуу |
| 5. | **3, 3.4. 77-бет** | 2. «2015-жылга чейин репродуктивдүү саламаттыкты сактоонун Улуттук стратегиясынын» ишке ашуусуна мониторинг жүргүзүү, репродуктивдүү ден соолукту камтыган балдар, өспүрүмдөр жана аялдар маселелери боюнча жаңы стратегия/программаларды иштеп чыгууну кароо. | | Сунуш актуалдуу |
| 6. | **3, 3.4. 77-бет** | 3.Жергиликтүү коомчулукту, алардын ичинен бойго жеткен кыз-келиндерди, эмгек мигранттарын баш кылып, кош бойлуу, төрөт жана төрөттөн кийинки мезгилде медициналык тейлөө толугу түрдө кош бойлуулардын полистери менен медициналык камсыздоо системасы аркылуу каржылана турганын активдүү маалымдоо (системалуу түрдө). | Саламаттыкты сактоо министрлиги 2019-2030-жылдарга карата саламаттыкты сактоону өнүктүрүү жаатында ведомстволук Программаны иштеп чыгууну пландаштырууда ( КРнын билим жана илим министрлиги менен макулдашылган). | Сунуш актуалдуу |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| 7. | **3, 3.4. 77-бет** | 4. Төрөт үйлөрүндөгү формалдуу эмес каражаттарды чогултууну алдын-алуу максатында медициналык кызматкерлердин арасында төрөгөн аялдардан акча чогултуунун ар кандай түрлөрү мыйзамсыз экендигин түшүндүрүү иштерин жүргүзүү жана мындай аракеттерге тыйуу салуу. | | Сунуш актуалдуу |
| 8. | **3, 3.4. 77-бет** | 5.Төрөт курагындагы аялдарга мамлекеттик кепилдиктер программасынын алкагында дарыгерди тандоо укугунун ишке ашуусу боюнча тиешелүү системаны иштеп чыгуу. | | Сунуш актуалдуу |
| 9 | **3, 3.4. 77-бет** | 6. Айрым категорияларды (социалдык аялуу топтор) антибиотиктерге болгон сезимталдык баш болгон, заараны бактериялык чогултуу сыяктуу 29 кымбатка турган анализдерден акысыз өткөрүү маселесин карoo. | | Сунуш актуалдуу |
| 10 | **3, 3.4. 77-бет** | 7.ҮБТ, ҮДТ, ФАП, ошондой эле келечектеги энелерге мектептерде жыныстык тарбия (тиешелүү курактан баштап), үй-бүлөнү коопсуз пландоо, кош бойлуу жана төрөт мезгилиндеги аялдардын туура тамактануусу жана жашоо образы тууралуу маалымат-агартуучулук иштерди күчөтүү. | | Сунуш актуалдуу |
| 11 | **3, 3.4. 78-бет** | 8. Экинчи баскычтагы уюмдарга медициналык-социалдык тобокел топторунун категориясына кирген кардарлар үчүн контрацептивдик каражаттарды сатып алуу жана бөлүштүрүүдө катышууга мүмкүнчүлүктөрдү караштыруу жана түзүү. | | Сунуш актуалдуу |
| 12 | **3, 3.4. 78-бет** | 9. Төрөткө даяр кыз-келиндердин оору таржымалы боюнча бирдиктүү электрондук базаны түзүү. | | Сунуш актуалдуу |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| 13 | **3, 3.4. 78-бет** | 10. Кыргыз Республикасындагы саламаттыкты сактоо боюнча 2017-2018-жылдарга карата «Ден-соолук» Улуттук программасынын жетишкендиктерин колдоо максатында энеликти жана балалыкты коргоонун негизги компонентинин эл аралык уюмдар тарабынан аржылануусунун мөөнөтүн узартуунун мүмкүнчүлүгүн караштыруу. | | Аткарылды |
| 14 | **3, 3.4. 78-бет** | 11.Алыскы аймактарды медициналык кызматкерлер менен камсыз кылууну туура бөлүштүрүү. | | Сунуш актуалдуу |

## 3.5. АЯЛДАРДЫН ЖАНА БАЛДАРДЫН ЭМГЕККЕ БОЛГОН УКУКТАРЫ

| Сунуштар | | | | |
|---|---|---|---|---|
| **Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө** | | | | |
| 1. | **3, 3.5.<br>80-бет** | 1)Кыргыз Республикасынын «Ишкерлердин укуктарын коргоо жөнүндөгү» мыйзамынын 24-беренесин _ «Ишкер эмгек жөнүндөгү мыйзамга ылайык жумушчулардын эмгек укуктарын жана социалдык кепилдиктерин сактоого милдеттүү» деп толуктоо. | | Сунуш актуалдуу бойдон калууда |
| 2 | **3, 3.5.<br>81-бет** | 2) Административдик жоопкерчилик жөнүндөгү Кодекстин «Эмгек мыйзамын бузгандыгы үчүн айыптын көлөмүн көбөйтүү» тууралуу 69-беренесиндеги «ондон жыйырмага чейинки көрсөткүч» деген сөздөрдү «отуздан элүүгө чейинки деп өзгөртүү.<br>• 72-беренени төмөнкү маанидеги абзац менен толуктоо «Эмгек келишимин түзбөй туруп ишке тартуу 50дөн 80ге чейинки көрсөткүчтөгү административдик айып төлөөгө алып келет». | | Сунуш актуалдуу бойдон калууда |
| 3 | **3, 3.5.<br>81-бет** | 3) Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2007-жылдын **6**-ноябрындагы № **533** "Ишкердик субъекттерине текшерүү жүргүзүү тартиби жана ишкердик субъекттерине текшерүү жүргүзүүгө укугу бар ыйгарым укуктуу органдардын тизмесин аныктоо жөнүндө" токтомуна , **К**ыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2007-жылдын **6**-ноябрындагы № 533 токтому менен бекитилген) Ишкердик субъектилерине текшерүү жүргүзүү тартиби жөнүндөгү Жобого инспекторлорго ( эмгек шарттары жана тартиби тууралуу маселелер боюнча) каалаган убакта алдын-ала эскертүүсүз текшерүү жүргүзүүгө укук берген өзгөртүүлөрдү киргизүү, | | Сунуш актуалдуу бойдон калууда, Өкмөт тарабынан жаңы 2018-жылдын 29-январында № 56 «ишкерлик субьекттеринин текшерүүнүн тартиби жөнүндөгү Жобосу» жөнүндөгү_токтому кабыл алынып, бирок текшерүүдөгү эмгек инспекторлорунун маалымдоо мүнөзү өзгөргөн эмес |
| 4 | **3, 3.5.<br>81-бет** | 4) Аймактарды эске алуу менен менчик ишканаларда иштегендердин укугун жана эркиндигин сактоону көзөмөлгө алууну күчөтүү үчүн мамлекеттик инспекторлордун санын көбөйтүү. | | Сунуш актуалдуу бойдон калууда |
| 5 | **3, 3.5.** | 5) Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2001-жылдын 2- | | Сунуш актуалдуу бойдон калууда |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| | | эмгегин колдонууга тыйуу салынган катаал жана оор шарттагы өндүрүш, кесип жана жумуштардын тизмеси жөнүндөгү» токтомун ЭЭУнун Конвенциясынын (МОТ №182) талаптарына шайкеш келтирүү. | | |
| **Кыргыз Республикасынын эмгек жана социалдык өнүгүү министрлигине** | | | | |
| 5 | **3, 3.5. 81-бет** | 1) ЭЭУнун Конвенциясынын (МОТ №183) Жогорку Кеңеш тарабынан ратификациядан өткөрүү үчүн тиешелүү документтерди даярдоо. | | Сунуш актуалдуу бойдон калууда |
| 6 | **3, 3.5. 81-бет** | 2) Балдарды мажбурлап иштетүүнү алдын алуу боюнча 2016-2018-жылдарга карата ведомтволор аралык план иш-чаралардын аткарылышына мониторинг жүргүзүү, балдардын укугу жана социалдык коргоо боюнча маселени Координациялык кеңештин жыйынында кароо. | | Сунуш актуалдуу бойдон калууда |
| **Кыргыз Республикасынын билим жана илим министрлигине** | | | | |
| 7 | **3, 3.5. 81-бет** | 1) Бардык орто жана жогорку окуу жайларынын программаларына «Эмгек укугу» сабагын киргизүү. | КР билим жана илим министрлигинин маалыматына караганда мектеп программасына киргизилген | Аткарылды |
| 8 | **3, 3.5. 81-бет** | 2) Негизги мектепте билим берүү системаларынан мурда белгиленген нормативдик мөөнөттөн эрте чыккан балдардын билим алуусун камсыз кылуунун механизмдерин иштеп чыгуу. | КР билим жана илим министрлигинин маалыматына караганда, механизмдер иштелип чыгып, тиешелүү иштер жүргүзүлүүдө. | Сунуш аткарылуунун үстүндө |
| 9 | **3, 3.5. 82-бет** | 3) Кечки (сменалык), сырттан окуучу жалпы билим берүүчү мекемелер жана Кыргыз Республикасындагы жалпы билим берүүчү күндүзгү мектептердин алдындагы кечки/сырттан окутуунун формасындагы класстар (группалар) жөнүндөгү Жобону бекитүү. | | Сунуш актуалдуу бойдон калууда |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| 10 | **3, 3.5. 82-бет** | 4) «Жалпы билим берүүчү мекемелерде балдарга кошумча билим берүүнүн убактылуу Жобосун» киргизүүгө мониторинг жүргүзүү. | КР билим жана илим министрлигинин маалыматына караганда, мониторинг жүргүзүлүүдө. | Сунуш аткарылуунун үстүндө |
| **КР Өкмөтүнүн алдындагы экологиялык жана техникалык коопсуздук боюнча мамлекеттик инспекциясына жана Кыргыз Республикасынын Профсоюздар Федерациясына** | | | | |
| 11 | **3, 3.5. 82-бет** | 1) Гендердик факторду эске алуу менен эмгек мыйзамдарын сактоого мониторингдерди системалуу жүргүзүү. | | Сунуш актуалдуу бойдон калууда |
| 12 | **3, 3.5. 82-бет** | 2)Гендердик теңчиликти эске алуу менен калктын эмгекке болгон укуктары тууралуу маалыматтарын жогорулатуу үчүн маалымат-агартуучулук программаларын ишке ашыруу. | | Сунуш актуалдуу бойдон калууда |
| 13 | **3, 3.5. 82-бет** | 3) Калктын балдардын эмгегин пайдалануунун кесепеттери тууралуу маалыматынын деңгээлин жогорулатуу үчүн маалымат-агартуучулук программаларын ишке ашыруу. | | Сунуш актуалдуу бойдон калууда |
| 14 | **3, 3.5. 82-бет** | 4) КРнын Өкмөтү бекиткен 2015-жылдын 22-июнундагы №391 «Кыйын турмуштук кырдаалдарга туш болгон балдарды аныктоо жөнүндөгү» буйругу менен бекитилген Жобонун 7-бөлүмүнүн пункттарын ишке ашыруунун алкагында ведомстволор аралык аракетти күчөтүү. | | Сунуш актуалдуу бойдон калууда |
| **Кыргыз Республикасынын экономика министрлигине** | | | | |
| 15 | **3, 3.5. 82-бет** | 1) Көмүскө экономиканы жоюу багытындагы иштерди күчөтүү. | | Сунуш актуалдуу бойдон калууда |

## 3.6. ДИСКРИМИНАЦИЯНЫН АР КАНДАЙ ТҮРЛӨРҮНӨ КАБЫЛГАН АЯЛДАРДЫН УКУКТАРЫНЫН САКТОО

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| **Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешине** | | | | |
| 1. | **3 Бөлүм**<br>**3.6.Глава**<br>**85-бет** | Дискриминациялык «Салттуу эмес сексуалдык карым-катнаштарга карата оң мамилени калыптандыруу» мыйзам долбоорун артка кайтаруу. | Аталган №6-11804/14 мыйзам долбоору эмдигиче Жогорку Кеңештин күн тартибинде турат. ЖКнын сайтында аталган мыйзам долбоору Парламентте 2015-жылдын 24-июнунда экинчи окуудан өткөндүгү көрсөтүлгөн[1]. | Сунуш актуалдуу бойдон калууда |
| **Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө** | | | | |
| 2. | **3 Бөлүм**<br>**3.6. глава**<br>**85-бет** | **Башкы прокуратурага, ИИМге, Эмгек жана социалдык өнүгүү министрлигине:**<br>Секс- кызмат көрсөткөндөргө карата милиция тарабынан зомбулук көрсөтүүлөргө мониторинг жүргүзүүгө көзөмөл кылуучу механизмди түзүү. | КР Өкмөтүнүн 2018-жылдын 17-январындагы CEDAW комитетине берген мезгилдүү отчетунда Көзөмөл механизмди түзүү үчүн Башкы прокуратуранын, ИИМдин, эмгек жана социалдык өнүгүү министрлигинин жана Акыйкатчынын (Омбудсмен) Аппаратынын, өкүлдөрүнөн ведомстволор аралык жумушчу тобу түзүлүп, учурда инструкциянын долбоору иштелип жаткандыгы айтылган.[2] CEDAWдын сунуштарын ишке ашыруу боюнча Улуттук программада (Өкмөттүн 2017-жылдын 19-апрелдеги №123-р буйругу менен)НПОлордун аталган топто иштөөсү каралган, бирок ӨЭлар аталган топко кирген эмес. | Сунуш актуалдуу бойдон калууда |
| 3. | **3-Бөлүм**<br>**3.6.Глава**<br>**85-бет** | **Саламаттыкты сактоо министрлигине, Эмгек жана социалдык өнүгүү министрлигине, ИИМге** :<br>Баш калкалоочу жайлар, сексуалдык жана репродуктивдүү ден соолук, укуктук жардам сыяктуу дискриминациялык эмес кызмат көрсөтүүлөргө жетишүүнү камсыз кылуу. | Саламаттыкты сактоо министрлиги «Психоактивдүү каражаттарды колдонгон аялдардын кош бойлуулугун, төрөтүн жана төрөттөн кийинки мезгилин жүргүзүүнү»[3]. Клиникалык жактан жетекчиликке алган . Бул зарыл болгон чаралардын бирөөсү гана. | Сунуш актуалдуу бойдон калууда |
| | **3-Бөлүм**<br>**3.6. Глава**<br>**85-бет** | **ЖК, Өкмөттүн аппаратына, Юстиция министрлигине, ИИМге, Эмгек жана социалдык коргоо министрлигине, Саламаттыкты сактоо министрлигине:**<br>Дискриминациянын формаларына кабылган аялдардын укуктары жана мүмкүнчүлүктөрүн камсыз кылуу боюнча чараларды көрүү. | (1) Натыйжалуу ишке ашыруу боюнча КРнын ИИМнин 2017-жылдын 14-декабрындагы №946-р буйругу:<br>– Кыргыз Республикасынын2017-жылдын 27-апрелиндеги №63 «Үй-бүлө зомбулугунан коргоо жана кайтаруу жөнүндөгү» мыйзамы. | |

[1] http://kenesh.kg/ru/draftlaw/122027/show

[2] http://tbinternet.ohchr.org/Treaties/CEDAW/Shared%20Documents/KGZ/CEDAW_C_KGZ_CO_4_Add-1_19538_R.pdf

[3] http://www.med.kg/images/MyFiles/KP/akusherstvo/2017/vedenie_beremennosti_s_PAV.pdf

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| | | | – CEDAW Комитетинин 2017-жылдын 19-апрелиндеги №123-р жыйынтык корутундусун ишке ашыруунун план тапшырмалары.<br><br>Аталган буйрук милиция кызматкерлеринин аткарылуучу иш чараларынын арасына киргизилген эмес<br><br>(2) КРнын саламаттыкты сактоо министрлигинин 18.01.2017-жылдын 18-январындагы №42 буйругу менен Кыргыз Республикасынын саламаттыкты сактоо тармагынын жана башка ведомстволордун бардык деңгээлдеги адистерине трансгендердик, транссексуалдык жана гендердик жактан мүчүлүштөгү жарандарга медициналык-социалдык жардам көрсөтүү боюнча колдоо көрсөтүү[4].<br><br>КРнын Өкмөтүнүн алдындагы калкты жана жарандардын актылык абалын каттоо боюнча мамлекеттик каттоо кызматынын Департаменти саламаттыкты сактоо министрлигинин 2017-жылдын 18-январындагы талаптарына ылайык ГААК үчүн «трансгендерлердин» өздүгүн тактоо боюнча «жынысы» деген графага өзгөртүү киргизүү боюнча инструкцияны иштеп чыгышы керек. | |
| 5. | **3-Бөлүм**<br>**3.6. Глава**<br>**85-бет** | **Өкмөттүн аппаратына, ИИМге, Саламаттыкты сактоо министрлигине, Эмгек жана социалдык коргоо министрлигине:**<br>Дискриминацияга каршы блокторду камтуу менен кризистик борборлордун кызмат көрсөтүүлөрүнүн мамлекеттик стандарттарын иштеп чыгуу жана кабыл алуу. | Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн «Зомбулуктан жапа чеккендердин профилактикалык-консультациялык борборлорун (кризистик борборлор) социалдык тейлөөлөрүнүн минималдык социалдык стандарттары жөнүндөгү» токтомунун долбоору 2018-жылдын 7-февралында коомдук талкууга коюлган[5]. | Сунуш актуалдуу бойдон калууда |

[5] http://www.gov.kg/?p=111803&lang=ru

## 3.7. ҮЙ-БҮЛӨЛҮК ЗОМБУЛУК

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| **Сунуштар** | | | | |
| **Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешине** | | | | |
| 1 | **3, 3.7. 88-бет** | Кыргыз Республикасынын Жогорку Кенешинин депутаттык тобу демилгелеген үй-бүлөлүк зомбулуктан коргоо жана алдын алуу боюнча мыйзам долбоорунун пакетин кабыл алуу . | Кыргыз Республикасынын 2017-жылдын 27-апрелиндеги №63 мыйзамы, Бишкек шаары Кыргыз Республикасынын 2017-жылдын 27-апрелиндеги №64 «Үй-бүлөлүк зомбулуктан коргоо маселелери боюнча бир катар мыйзам актыларына өзгөртүү жана толуктоолорду киргизүү" жөнүндөгү мыйзамы. КРнын Өкмөтүнүн кайтаруу ордерин формасын бекитүү жөнүндөгү 2017-жылдын 3-октябрдагы №642 токтому | Аткарылды |
| | **Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө** | | | |
| **1** | **3, 3.7. 88-бет** | 1.Үй-бүлөлүк зомбулуктан кайтаруу жана коргоо иш аракетин турмушка ашыра турган атайын органды аныктоо. | 1. Атайын өкүл аныкталган эмес | Сунуш актуалдуу. |
| **2** | **3, 3.7. 88-бет** | 2.Жогоруда аталган мыйзам күчүнө киргенде аны ишке ашыруу үчүн мамлекеттик бюджеттен финансы каражатын караштыруу. | | Сунуш актуалдуу. |
| 3 | **3, 3.7. 88-бет** | 3. Үй-бүлөлүк жана гендердик зомбулук катталган учурларда Кыргыз Республикасынын өзгөчө кырдаалдар министрлигинин 112, КР ИИМнин 102 жана башка чукул кызматтарына телефон чалуулардын жана телефон чалууларды багыттоолордун тейлөө системасынын потенциалын жогорулатуу жана өнүктүрүү үчүн чараларды көрүү. | 3. ИИМ «Үй-бүлөдөгү зомбулуктан коргоо жөнүндөгү» КРнын мыйзамын аткаруунун механизмдерин иштеп чыкты.<br>- КРнын ИИМнин 2017-жылдын 14-ноябрдагы №970 «КРнын ИИБнин үй-бүлөдөгү зомбулуктан коргоо боюнча иш-аракетин уюштуруу боюнча инструкцияны бекитүү жөнүндөгү» буйругу<br><br>- ИИМдин 13.11.2017-ж «Кайтаруу ордерлерин берүү боюнча ведомстволук отчеттуулуктун формасы, үй-бүлө зомбулугун жасаган жарандар, үй-бүлөлүк зомбулуктан жабыркагандар жана кайтаруу ордерлерин берүүнүн статистикалык отчетун түзүүнүн тартиби, ведомстволук отчеттулуктун формасы, үй-бүлө | Аткарылды |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| | | | зомбулугун жасаган жарандар, үй-бүлөлүк зомбулуктан жабыркагандар боюнча Инструкцияларды бекитүү жөнүндөгү» буйругу.<br><br>ИИМде гендердик жана үй-бүлөлүк зомбулуктан жапа чеккендерди тейлөөнүн потенциалдын жогорулатууга багытталган долбоор ишке ашырылып, анын алкагында участкалык инспекторлордон, өспүрүмдөр менен иштөөчү инспекторлордон, кезмет бөлүмдөрүнөн 500 кызматкери окутулмакчы. . | |
| 4 | **3, 3.7.**<br>**88-бет** | 4. Мамлекеттик социалдык заказдарга үй-бүлөлүк жана гендердик зомбулуктан жабыркагандарга укуктук, психологиялык, социалдык, реабилитациялык жардам көрсөтүү боюнча кызмат көрсөтүүлөрдү киргизүү. | Кыргыз Республикасынын 2017-жылдын 28-апрелиндеги №70 «Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндөгү» мыйзамына ылайык мамлекеттик социалдык заказдар изилдөөнүн негизинде жүргүзүлө тургандыгына байланыштуу актуалдуу эмес. | Аткарылды |
| 5 | **3, 3.7.**<br>**88-бет** | 5. Мамлекеттик социалдык заказдарга үй-бүлөдөгү зомбулук кылгандарга жардам берүүнү өнүктүрүү боюнча кызматтарды киргизүү. | Эмгек жана социалдык өнүгүү министрлигинин изилдөө жүргүзүүгө негизделген мамлекеттик сатып алуулар боюнча Программасына киргизилген. Учурда аткарылууда. | Аткарылды |
| 6 | **3, 3.7.**<br>**88-бет** | 6. Үй-бүлөлүк зомбулуктан жабыркагандарга комплекстүү жардам берүү үчүн укук коргоо органдары, саламаттыкты сактоо, социалдык өнүгүү, атайын адистештирилген мекемелердин ведомстволор аралык аракетин жөнгө салуучу мыйзам алдындагы нормативдик укуктук актыларды кабыл алуу. | Эмгек жана социалдык өнүгүү министрлиги иштеп чыккан долбоорлор:<br><br>– КРнын Өкмөтүнүн токтомунун негизиндеги мамлекеттик органдардын үй-бүлө зомбулугунун коргоо жаатындагы өз ара аракеттенүү жана тейлөө көрсөтүү жана коррекциялоочу программаларын өнүктүрүү боюнча долбоору<br><br>– КРнын Өкмөтүнүн токтомунун негизиндеги кризистик борборлор тарабынан көрсөтүлө турган тейлөөлөрдүн минималдыкстандарттары боюнча долбоору | Аткарылды |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| | | | ИИМ КРнын «Үй-бүлөлүк зомбулуктан коргоо жөнүндөгү» мыйзамын аткаруунун механизмдерин иштеп чыкты.<br><br>- КРнын ИИМнин 14. 11. 2017 ж. №970 «Үй-бүлөлүк зомбулуктан коргоо боюнча ИИБнүн иш-аракеттерин уюштуруу боюнча инструкцияны бекитүү» жөнүдөгү буйругу.<br><br>- КРнын ИИМнин 13.11.2017 «Кайтаруу ордерлерин берүү боюнча ведомстволук отчеттуулуктун формасы, үй-бүлө зомбулугун жасаган жарандар, үй-бүлөлүк зомбулуктан жабыркагандар жана кайтаруу ордерлерин берүүнүн статистикалык отчетун түзүүнүн тартиби, ведомстволук отчеттулуктун формасы, үй-бүлө зомбулугун жасаган жарандар, үй-бүлөлүк зомбулуктан жабыркагандар боюнча Инструкцияларды бекитүү жөнүндөгү» буйругу.<br><br>- Улуттук статистикалык комитет үй-бүлөлүк зомбулук, ИИМ, Саламаттыкты сактоо, сот департаменти боюнча статистикалык отчеттулуктун жаңы формасын бекитти. | |
| 7 | **3, 3.7. 88-бет** | 7. Жогоруда аталган мыйзам менен каралган гендердик жана үй-бүлөлүк зомбулукту алдын-алуу жана пофилактика жүргүзүү маселелери боюнча иш чараларды системалуу жүргүзүү. | Аялдарга карата зомбулук көрсөтүүгө каршы 16 күндүк кампаниянын алкагында жүргүзүлгөн. | Аткарылды |
| 8 | **3, 3.7. 88-бет** | 8.Укуктук практиканы ишке ашыруучу жаңы мыйзам долбоорун ишке киргизүү боюнча мониторинг жүргүзүү. | Мыйзамды ишке ашыруунун механизмдери толук иштелип чыкпагандыгын байланыштуу аткарылган эмес | Сунуш актуалдуу |

## 3.8. ДЕН СООЛУГУНУН МҮМКҮНЧҮЛҮГҮ ЧЕКТЕЛГЕН ЖАРАНДАРДЫН УКУКТАРЫ

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| **Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешине** | | | | |
| 1. | **3 Бөлүм**<br>**3.2 Глава**<br>**93-бет** | 1) Майыптардын укуктары жөнүндөгү Конвенцияны ратификациялоо | Конвенция ратификацияланa элек | Сунуш актуалдуу бойдон калууда |
| **Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө** | | | | |
| 2. | **3.8. Гава**<br>**93-бет** | 1) Турак-жай куруу жаатындагы бардык иштелип жаткан жагдайларды турак-жайга болгон укуктарды ишке ашыруу боюнча эл аралык милдеттенмелерди аткаруунун алкагында кароо. | | Сунуш актуалдуу бойдон калууда |
| | | 2) Турак-жай Кодексине ылайык, калктын аялуу катмары болуп эсептелген ден соолугунун мүмкүнчүлүгү чектелген жарандарга үй куруу жана турак жай менен камсыз кылуунун тартибин жөнгө салуучу бир катар мыйзамдык актыларды кабыл алуу. | | Сунуш актуалдуу |
| **Кыргыз Республикасынын эмгек жана социалдык өнүгүү министрлигине** | | | | |
| 3. | **3-Бөлүм**<br>**3.8. Глава**<br>**93 -бет** | 1) ДМЧАдын турак-жайларынан ажырап калуусун алдын алуу жана турак-жай алууга болгон укуктарын коргоо, ошондой эле алардын жеткиликтүү турак-жайга болгон укуктарынын ишке ашуу шарттарын камсыз кылуу максатында программа кабыл алуу. | | Сунуш актуалдуу бойдон калууда |
| | | 2) Үй-жайсыз, ден соолугунун мүмкүнчүлүгү чектелген жарандар үчүн социалдык баш калкалоочу жайлардын түйүндөрүн түзүү. | | Сунуш актуалдуу бойдон калууда |
| | | 3) ДМЧА өздөрүнүн укуктарын башка жарандардай билүүсүн камсыз кылуу үчүн жергиликтүү өз алдынча башкаруу жана мамлекеттик администрациялар менен биргеликте консультациялык тейлөө көрсөтүү. | | Сунуш актуалдуу бойдон калууда |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| | | 4) Турак-жайлардын стандарттарына ылайык салынган атайын интернаттардын курулушун жөнгө салуучу, майыптардын имараттарга, квартираларга атайын лифт, пандус ж. б. аркылуу тоскоолдуксуз жетишүүсүн камсыздаган тиешелүү мыйзамга баш ийген актыларды кабыл алуу. | | Сунуш актуалдуу бойдон калууда |
| | | 5) Майыптардын укугу жөнүндөгү Конвенцияда каралган ДМЧА боюнча чечимдерди алардын өздөрүнүн катышуусу жок кабыл албоо жөнүндөгү негизги принципти дайыма колдонуу. | | Сунуш актуалдуу бойдон калууда |
| | | 6) №2 мекемеде кыска убакыттын ичинде мончо жана ашкананы куруу боюнча суроону карап чыгуу. | Омбудсмен Институтунун кызматкерлери Токмоктогу №2 мекемеге кайталап барышкан. Сунуш актуалдуу бойдон калууда | Сунуш актуалдуу бойдон калууда |

## 4.1 ТУРМУШТУН КЫЙЫН КЫРДААЛДАРЫНА ТУШ БОЛГОН БАЛДАРДЫН УКУКТАРЫ

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| **Кыргыз Республикасынын эмгек жана социалдык өнүгүү минисрлигине** | | | | |
| **1** | **4, 4.1. 99-бет** | Үй-бүлөнү жана балдарды коргоо бөлүмү (ҮБКБ) Жобосун кайра карап чыгуу (бардык материалдарды балдар иштери боюнча комиссияга жөнөтпөө, мисалы, соттук тартипте карала турган кылмыш иштер). | Балдар иштери боюнча комиссиянын иш-аракетин жакшыртуу максатында Кыргыз Республикасынын Балдар жөнүндөгү Кодексинин 26-беренесине, Кыргыз Республикасынын « Кыргыз Республикасынын Өкмөтү жөнүндөгү» конституциялык мыйзамынын 17-беренесинин негизинде Кыргыз Республикасынын Өкмөтү тарабынан 2017-жылдын 24-июлунда №449 Балдар иштери боюнча Комиссиянын тиркемеге ылайык типтүү Жобосу бекитилген.<br>Типтүү Жобого ылайык Балдар иштери боюнча Комиссия ички иштер органдары тарабынан сунушталган өспүрүмдөр тарабынан, алардын ата-энелери же мыйзамдуу өкүлдөрү тарабынан жасалган административдик укук бузууларга байланышкан иштерди Кыргыз Республикасынын административдик укук бузуулар жөнүндөгү Кодексине ылайык карайт. | Жарым-жартылай аткарылды |
| **2** | **4, 4.1. 99-бет** | 2) Балдарды коргоонун индивидуалдуу план формасын (ИПЗР) кыскартуу маселесин кароо, анткени муну толтурууга көп убакыт керектелет жана формалдуулук үчүн гана иш ашырылууда. | КРнын мамлекеттик кызмат көрсөтүүлөр жөнүндөгү мыйзамынын негизинде Европа Союзу менен биргеликте Балдарды коргоонун индивидуалдуу план формасын (ИПЗР) жөнөкөйлөтүү маселеси каралып, учурда иш жүргүзүлүүдө. | Актуалдуу бойдон калууда |
| 3 | **4, 4.1. 100-бет** | Балдар иштери боюнча комиссияга каттоо кызматынын өкүлүн киргизүүнү кароо, анткени справка жана башка документтерге ылайык баланын туулгандыгы тууралуу күбөлүктөрү боюнча маселелер такай көтөрүлөт. | Балдар менен иштөө комиссиясынын (ҮБКБ ) курамы ага тиешелүү Жобого жана КРнын «Балдар жөнүндөгү Кодексинин» 30-беренесине ылайык түзүлгөн. Туулгандыгы тууралуу күбөлүктөрдүн маселеси Балдарды коргоонун индивидуалдуу план формасынын алкагында каралууда | Актуалдуу бойдон калууда |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| **Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн алдындагы мамлекеттик каттоо кызматына** | | | | |
| 4 | **4,4.1 100-бет** | 1. Маморгандар талап кылган жашы жетпегендер үчүн мүлккө ээ эместиги жана башка документтерди алууну акысыз кылуу (бүгүнкү күндө аталган справкаларды алуу 200 сомго туруп, балага жардам берүү үчүн социалдык өнүгүү башкармалыктарынын аймактык кызматкерлери төлөөгө аргасыз болушууда) | Бишкек шаарынын Свердлов райондук социалдык өнүгүү кызматкерлеринин айтуусуна караганда ар бир справкага 100 сомдон төлөөгө тура келет | Актуалдуу бойдон калууда |

## 4.2 БАЛДАРГА КАРАТА ЗОМБУЛУК. БАЛДАРГА КАРАТА ЗОМБУЛУК БОЮНЧА КЫСКАРТЫЛГАН КЫЛМЫШ ИШТЕРИНИН СЕБЕПТЕРИНЕ МОНИТОРИНГ ЖҮРГҮЗҮҮ

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө | | | | |
| 1 | **4, 4.2. 105-бет** | 1) «Балдар жөнүндөгү» Кодексте, Кылмыш кодексинин жана ККРоП боюнча кабыл алынган редакциясында денеге залал келтирүүнү аныктоо жана өспүрүмдөргө карата кандай жагдайлар жана кандай чоң адамдар болбосун аны колдонууга тыйуу салууну белгилөө. Буга тиешелүү балдарга карата күч колдонгон чоң адамдарга баланын ден соолугуна келтирилген зыянга жараша кылмыш жана административдик жазаны көрсөтүү. | | Сунуш актуалдуу бойдон калууда |
| 2 | **4, 4.2. 105-бет** | 2) Кылмыш-процессуалдык Кодексте өспүрүмдөргө зомбулук көрсөтүлгөн учурларга байланыштуу кылмыштарды кароодо (эгер мындай жарашуулар баланын жана анын кызыкчылыктарына так жана ачык негизделбесе) тараптардын жарашуусуна тыйуу салууну кароо. | | Сунуш актуалдуу бойдон калууда |
| 3 | **4, 4.2. 105-бет** | 3) Кыргыз Республикасында 2014 – 2018-жылдарга карата балдар үчүн юстицияны өнүктүрүү боюнча мамлекеттик программаны ишке ашыруу боюнча иштерди күчөтүү | | Сунуш актуалдуу бойдон калууда |
| 4 | **4, 4.2. 105-бет** | 4) Балдар жана үй-бүлөнү коргоого тиешелүү Улуттук стратегияга зомбулуктун келип чыгуу тобокелдиктерин эске алуу менен өспүрүмдөргө карата зомбулуктун алдын алуу боюнча программаны иштеп чыгууну киргизүү. Ошондой эле калктын балдарга карата зомбулуктун ар түрдүү формалары жана анын кесепеттери тууралуу маалымат алышын жогорулата турган иш чараларды киргизүү. | | Сунуш актуалдуу бойдон калууда |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| **Кыргыз Республикасынын эмгек жана социалдык өнүгүү министрлигине** | | | | |
| 5 | **4, 4.2.**<br>**105-бет** | 1) Балдарды коргоо боюнча аймактык органдын кызматкерлерине зомбулуктун курмандыгы болгон жана кылмыштардын күбөсү болгон балдар менен иштөөдөгү даярдыктар боюнча бул категориядагы балдарды коргоонун эл аралык жана улуттук стандарттарын колдонуу менен квалификацияларын жогорулатуу системаларын киргизүү. | КР Өкмөтүнүн 2015-жылдын 22-июлундагы Токтому жана ювеналдык юстициянын алкагында Адам ресустарын башкаруу борборунун (УЧР) жардамы менен КР нын 7 областында ОПЗД жана Балдар менен иштөө комиссиясынын мүчөлөрү, бул жаатагы тиешелүү кызматкерлерди окутуу жүргүзүлүүдө | Сунуш актуалдуу бойдон калууда |
| 6 | **4, 4.2.**<br>**105-бет** | Балдарды коргоо системасында иш алып барган органдарга өкмөттүк эмес уюмдар менен кызматташып, ата-энелер жана алардын ордундагыларга балдарга зомбулуксуз тарбия берүү боюнча окууларды өтүү. | Учурда окуулар Ош жана Бишкек шаарларында ЮНИСЕФтин жардамы менен жана Бишкек шаарындагы SOS «Балдар айылы" жүргүзгөн тендердин алкагында жүргүзүлүүдө. Бул жерде ата-энелерди жана алардын ордундагыларды балдарды зомбулуксуз тарбиялоого үйрөтүшүүдө. | Аткарылды |
| 7 | **4, 4.2.**<br>**105-бет** | 3) Балдарды коргоочу атайын органдар милициянын участкалык инспекторлору жана кылмыш-жаза инспекциясынын кызматкерлери менен бирдикте үй-бүлө мүчөлөрүндөгү чоң адамдарынын арасында соттолуучу же абакдө отуруп чыккандар бар болсо андай үй-бүлөлөрдү жана алардын балдарын көзөмөлгө алуусу керек. | КРнын Өкмөтүнүн 2015-жылдын 22-июлундагы Токтому жана «Жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруучу органдарынын алдындагы Социалдык маселелер боюнча комиссия жөнүндө типтүү жобону бекитүү тууралуу» Кыргыз Республикасынын **Өкмөтүнүн 2014-жылдын 21**-майындагы № **264** токтомунун негизинде жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын, социалдык маселелер боюнча комиссиянын, өспүрүмдөр менен иштөө инспекторлору ж. б. бул багытта күчөтүлгөн тартипте иш алып барышууда. | Сунуш актуалдуу бойдон калууда |
| 8 | **4, 4.2.**<br>**105-бет** | 4) Балдарга карата зомбулукка байланышкан кылмыш иштерин иликтөөдө балдарды коргоо боюнча атайын органдын кызматкерлеринин милдеттүү катышуусун камсыз кылуу. | Ювеналдык юстициянын алкагында ОПЗДнын 1 кызматкери дайыма сотко катышат. | Аткарылды |
| 9 | **4, 4.2.**<br>**105-106-бет** | 5) Балдарды коргоо боюнча атайын орган балдардын мыйзамдуу өкүлү катары катыша турган укуктарынын механизмдерин бала кылмыштын курмандыгы болуп, бирок ата-энелери же алардын ордундагылар кызыкдар болбой же балага зомбулук көрсөткөн адамды кылмыш жообуна тартууга тоскоолдук кылган учурларда активдүү пайдалануусу керек. Жалпысынан алганда мындай | Учурда КРнын ЖПК өзгөртүү киргизилип жана көрсөтүлгөн механизм жыйынтыктуу укуктук негизде колдонулууда. | Сунуш актуалдуу бойдон калууда |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| | | механизмди колдонуу балдарга карата зомбулук көрсөткөндөрдүн мыйзам жоопкерчилигинен кутулуп кетүүсүн кыскартса, ошону менен катар эле балдарга карата зомбулуктун санын азайтат. | | |
| **Кыргыз Республикасынын билим берүү жана илим министрлигине** | | | | |
| 10 | **4, 4.2. 106-бет** | 1) Бардык билим берүү мекемелеринин кызматкерлери балдарга карата зомбулук тууралуу маалыматтарды жана фактыларды, ошондой эле кыйын кырдаалдарга туш болгон балдар тууралуу, айрыкча кайсы бир себептер менен мектепке барбай калган жана ата-энеси жок жашап жаткан балдар туурасында балдарды коргоо боюнча атайын аймактык өкүлдөргө токтоосуз маалымдоого милдеттүү экендиктерин таратуу. Мындай маалымдоону такай жана кварталда бир жолу өткөрүп туруу. | Жумуштар аткарылууда. Ведомстволор аралык буйруктар берилген | Аткарылды |
| 11 | **4, 4.2. 106-бет** | 2) Мамлекеттик деңгээлде балдардын зомбулукка кабылуу тобокелдиктерин азайтуу үчүн билим берүү мекемелеринде балдарга коопсуз жүрүш-туруш эрежелерин окутуу боюнча программаны иштеп чыгып жана ишке киргизүү. | Жаңы долбоорлордун стандарттары иштелип чыккан | Аткарылды |
| **Кыргыз Республикасынын Башкы прокуратурасына** | | | | |
| 12 | **4, 4.2. 106-бет** | 1) Кыргыз Республикасынын «Балдар жөнүндөгү» Кодексинин укуктук нормаларын аткарууга жана мамлекеттик органдардын кыйын кырдаалга туш болгон балдарды коргоо жоопкерчилиги боюнча иш-аракеттерине көзөмөлдү күчөтүү. | Аталган маселе 2017-жылдын жыйынтыгы менен Башкы прокуратуранын коллегиясында каралып , иш аракеттин негизги багыттары аныкталып, кыйын кырдаалдарга туш болгон балдарды коргоо боюнча нормаларга жоопкер болгон мамлекеттик органдардын иш аракеттерине көзөмөлдү күчөтүүгө чаралар көрүлгөн. | Сунуш актуалдуу бойдон калууда |

## 4.3 ЖАШЫ ЖЕТПЕГЕН ӨСПҮРҮМ КЫЗДАР МЕНЕН НИКЕГЕ ТУРУУ

| Сунуштар | | | | |
|---|---|---|---|---|
| **Кыргыз Республикасынын эмгек жана социалдык өнүгүү министрлигине** | | | | |
| 1. | **4,4.3. 112-бет** | **1)** Кыргыз Республикасынын №179 17.11.2016 ж. мыйзамына ылайык келген укуктук- нормативдик актыларды (УНА) иштеп чыгуу. | П. 1, 2 Кыргыз Республикасынын 2016-жылдын 17-ноябрындагы №179 «Кыргыз Республикасынын айрым мыйзам актыларына өзгөртүү жана толуктоолорду киргизүү жөнүндөгү (Үй-бүлө Кодекси, Кылмыш Кодекси)» мыйзамын ишке ашыруу боюнча Планды бекитүү тууралуу буйрук | Аткарылды. |
| 2 | **4,4.3. 112-бет** | **2)** Биргелешкен Актыны иштеп чыгуу жана кабыл алуу: буйрук, меморандум Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын бузулушун алдын алуу жана көзөмөл кылууга ведомстволор аралык (көп тараптуу, эки тараптуу) биргелешип аракет кылуу боюнча документтер. | КР ИИМинин 21.12.2017-ж. №1084, МТСР КР 29.11.2017-№85; МОН КР 27.12.2017-ж. №1583/1; МЗ КР 11.12.2017-ж №1125; МКИТ КР 27.12.2017 11.12.2017-ж №1125; МКИТ КР от 27.12.2017 года №456; Акыйкатчы (Омбудсмен) КР 04.12.2017-ж №02-3488; ГКДР КР 08.12.2017-ж №377; КР Өкмөтүнүн алдындагы жаштар, дене тарбия жана спорт иштери боюнча мамлекеттик агенттиктин КР 06.12.2017-ж №402-н. буйруктары менен бекитилген. | Аткарылды |
| 3 | **4,4.3. 112-бет** | 3) Нике курагынын бузулушундагы укуктук жоопкерчиликти эске алуу менен диний жактан «нике кыйууну» жүргүзүү боюнча сунуштарды иштеп чыгуу. | Кыргыз Республикасынын 2016-жылдын 17-ноябрындагы №179. «Кыргыз Республикасынын айрым мыйзам актыларына өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү жөнүндөгү (Үй-бүлө Кодекси, Кылмыш Кодекси)» мыйзамын ишке ашыруу боюнча Планга киргизилген. 2018-жылга пландалган. | Сунуш актуалдуу |
| 4 | **4,4.3. 112-бет** | **4)** Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2015-жылдын 24-июнундагы №406 «Кыргыз Республикасынын социалдык өнүгүү министрлигинин алдында «Балдар үчүн ишеним телефону» борбору мамлекеттик мекемесин түзүү жөнүндөгү» токтомуна шайкеш өзгөртүүлөрдүн жана толуктоолордун долбоорун иштеп чыгуу. | Кыргыз Республикасынын 2 016-жылдын 17-ноябрындагы №179. « Кыргыз Республикасынын айрым мыйзам актыларына өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү жөнүндөгү (Үй-бүлө Кодекси, Кылмыш Кодекси)» мыйзамын ишке ашыруу боюнча Планга киргизилген. 2018-жылга пландалган. | Аткарылды |
| 5 | **4,4.3. 112-бет** | 5) Аталган мыйзамды калкка жеткирүү боюнча медиа-планды иштеп чыгуу жана бекитүү | ПРООНдун долбоорунун алкагында Аялдарга жардам берүү борбору тарабынан (АЖБ Римма Султанова) жана Балдардын укугун коргоо Лигасы тарабынан толук эмес ишке ашырылган. | Аткарылды |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| **Кыргыз Республикасынын билим жана илим министрлигине** | | | | |
| 6 | **4, 4.3. 112-бет** | 1) Мектеп, колледж, лицейлердеги 14-17 жаштагы балдар үчүн тиешелүү класстык эмес сааттарды өтүүнү камсыз кылуу. | КРнын билим жана илим министрлиги жалпы билим берүү системасында 9.11.2017 ж. №03-6/6440 мектептердеги окуучулар арасында нике куракка жеткенге чейин молдолор тарабынан нике кыйууга жол берилбестиги боюнча түшүндүрүү иштерин жүргүзүү боюнча инструкциялык кат кабыл алган. | Аткарылды |
| 7 | **4, 4.3. 112-бет** | 2) Милициянын, медицина кызматкерлеринин, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын, прокуратуранын, дин иштери боюнча мамлекеттик комиссиянын, муфтияттын өкүлдөрүнүн жана башка кызыкдар тараптардын катышуусу менен мектеп, колледж, лицейлерде ата-энелердин жыйналыштарын өткөрүүнү камсыз кылуу. | ЦМДП коомдук фондусу Чүй областынын 5 мектебинде маалыматтык кампанияларды өткөрдү. Кампанияга 1248 адам тартылса, алардын ичинен 7-11 класстын 750 окуучулары, 498 чоңдор.<br>«Демократиялык процесстерди изилдөө борбору» коомдук уюму АБРге кирген 30 пилоттук мектептин 30 завучун окутуп жана аларды маалыматтык материалдар менен камсыздады.<br>КР ИИМнин өспүрүмдөр арасындагы укук бузууларды алдын алуу борбору (Бишкек) 5 мектепте окууларды өткөрүп, 7-11 класстын окуучуларын жана алардын ата-энелерин окутту. | Аткарылды |
| **Кыргыз Республикасынын ички иштер министрлигине** | | | | |
| 8 | **4, 4.3. 112-бет** | 1. Кыргыз Республикасындагы эрте курактагы никелерди алдын-алуу боюнча методикалык колдонмолорду иштеп чыгуу жана бекитүү. | 1)ИИМдин 26.12. 2018 №1105 « Өспүрүмдөр арасында эрте жаштагы никени алдын алуу боюнча методикалык пособие жөнүндөгү» буйругу бирдиктүү планга киргизилген. | Аткарылды |
| | **4, 4.3. 112-бет** | 2. КРнын Кылмыш Кодексинин 155-1-беренесине ылайык кылмыштарды иликтөөнүн методикасын иштеп чыгуу жана бекитүү. | Арыздарды кабыл алуунун механизми КРнын ИИМнин буйруктары менен каралган. | Аткарылды |
| 10 | **4, 4.3. 112-бет** | 3.Укук коргоо органдары тарабынан эрте жаштагы никеге байланышкан окуялар тууралуу маалыматтарды кабыл алуу механизмин иштеп чыгуу жана ишке киргизүү. | «Демократиялык процесстерди изилдөө борбору» коомдук уюму ПРООНдун долбоорунун алкагында ИИБнүн кызматкерлерин (участкалык инспекторлор, өспүрүмдөр менен иштөө бөлүмдөрү, тергөө бөлүмдөрү, кезмет бөлүмдөрү) Кыргыз Республикасынын нике мыйзамын | Аткарылды |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| | | | бузулушуна байланышкан жоопкерчилик, эрте жаштагы никеге тыйуу салуу жана КРнын КК 155-1 беренеси менен ачылган кылмыш иштерин иликтөө боюнча окутуу семинарларын өткөрүшүүдө. | |
| 11 | **4, 4.3. 112-бет** | 4. ИИБнүн кызматкерлерин (УУМ, өспүрүмдөр менен иштөө, тергөө бөлүмдөрү, кезмет бөлүмдөрү) Кыргыз Республикасындагы эрте никелешүүнүн алдын алуу жана тыйуу салууга байланышкан мыйзамын бузуудагы жоопкерчилик жана 155-1 КК КР кылмыш ишин жүргүзүү боюнча окутуу . | Участкалык инспекторлор, өспүрүмдөр менен иштөө бөлүмдөрү , кезмет бөлүмдөрү боюнча окутуу пландалган . Бүгүнкү күндө 300дөн ашуун кызматкерлер 2-күндүк окуулардан өткөрүлгөн | Аткарылды |
| **Кыргыз Республикасынын саламаттыкты сактоо министрлигине** | | | | |
| 12 | **4, 4.3. 113-бет** | 1) Эрте кош бойлуулукту жана төрөттү жүргүзүүнү клиникалык жетекчиликке алууну иштеп чыгуу жана ишке киргизүү. (клинико-психологиялык, медико-социалдык, укуктук жагдайлар). | | Сунуш актуалдуу. |
| 13 | **4, 4.3. 113-бет** | 2) Эрте кош бойлуулук жана эрте жаштагы никени эске алуу менен балдарды зомбулуктан коргоонун стандарттарын иштеп чыгуу жана ишке киргизүү. | | Сунуш актуалдуу. |
| **Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Жаштар иштери, дене тарбия жана спорт боюнча мамлекеттик агенттигинине** | | | | |
| 14 | **4, 4.3. стр. 113** | 1) Кыргыз Республикасындагы жаштар арасында эрте никелешүүнү алдын-алуу боюнча методикалык колдонмону иштеп чыгуу жана бекитүү. | Аялдарга жардам берүү борборлору боюнча окуулар өткөрүлгөн | Аткарылды |
| 15 | | Жаштар комитеттеринин кызматкерлерин Кыргыз Республикасынын нике жөнүндөгү мыйзамын бузуунун жоопкерчилиги боюнча жеринде окутуу. | Аялдарга жардам берүү борборлору боюнча окуулар өткөрүлгөн | Аткарылды |
| **Кыргыз Республикасынын мамлекеттик кадр кызматына** | | | | |
| 16 | **4, 4.3. 113-бет** | 1) Окуу программаларында/министерликтин пландарында жана ведомстволордо Кыргыз Республикасындагы эрте никелешүүнүн алдын алуу жана тыйуу салуу боюнча мыйзамын бузуунун жоопкерчилиги сыяктуу маселелерди иштеп чыгуу жана ишке киргизүү. | Аялдарга жардам берүү борборлору боюнча окуулар өткөрүлгөн | Аткарылды |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| 17 | **4, 4.3. 113-бет** | 2) Мамлекеттик башкаруу органдарынын өкүлдөрүн эрте никелешүүнүн алдын алуу жана тыйууга жаатындагы Кыргыз Республикасынын нике жөнүндөгү мыйзамын бузуунун жоопкерчилиги боюнча окутуу. | Аялдарга жардам берүү борборлору боюнча окуулар өткөрүлгөн | Аткарылды |
| **Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу жергиликтүү өз алдынча башкаруу жана этникалык мамилелер боюнча мамлекеттик кызматына** | | | | |
| 18 | **4, 4.3. 113-бет** | Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын өкүлдөрүн эрте никелешүүнүн алдын алуу жана тыйууга жаатындагы Кыргыз Республикасынын нике жөнүндөгү мыйзамын бузуунун жоопкерчилиги боюнча окутуу. | | Сунуш актуалдуу. |
| **Кыргыз Республикасынын дин иштери боюнча мамлекеттик кызматына** | | | | |
| 19 | **4, 4.3. 113-бет** | Дин өкүлдөрүн эрте никелешүүнүн алдын алуу жана тыйууга жаатындагы Кыргыз Республикасынын нике жөнүндөгү мыйзамын бузуунун жоопкерчилиги боюнча окутуу. | Кыргыз Республикасынын 2016-жылдын 17-ноябрдагы №179 «Кыргыз Республикасынын бир нече мыйзам актыларына өзгөртүү жана толуктоолорду киргизүү жөнүндөгү ( Үй-бүлө Кодекси, Кылмыш Кодекси)» мыйзамын ишке киргизүү боюнча Планга киргизилген . 2018-жылга пландалган. | Сунуш актуалдуу |

## 4.4. СУИЦИД

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| **Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө** | | | | |
| 1 | **4, 4.4**<br>**117-бет** | 1.Суицидге байланыштуу фактыларга өзгөчө көңүл буруу жана ар бир конкреттүү аймакта өзүн өзү өлтүрүүнү алдын алуу жана калк арасында ушуга байланышкан мааанайды четке кагуу жаатында атайын долбоор жана иш-чара катары иштеп кете турган Улуттук программаны иштеп чыгуу. | | Сунуш актуалдуу бойдон калууда |
| **Кыргыз Республикасынын билим жана илим министрлигине** | | | | |
| 2 | **117-бет** | 1.Окуучуларга тарбия иштерин берүүнү жана бардык мектептерди, билим берүү мекемелерин квалификациялуу психологдор менен камсыз кылууну күчөтүү. | Мектептерде психологдор жок, социалдык педагогдор гана бар . | Сунуш актуалдуу бойдон калууда |
| **Кыргыз Республикасынын эмгек жана социалдык өнүгүү министрлигине** | | | | |
| 3 | **4, 4.4.**<br>**117-бет** | 1.Мамлекеттик заказдардын алкагында республикалык бюджеттен кошумча каражат бөлүү менен кризистик борборлордун санын көбөйтүү. | КРнын "Мамлекеттик социалдык заказдар жөнүндөгү" мыйзамына ылайык 2016-жылы кыйын кырдаалдарга туш болгон балдарды тейлөө үчүн 7 борбор жана кызматтар түзүлгөн. 7 коммерциялык эмес уюмдар 2014-жылдан бери, 5 уюм 2015-жылдан бери кызмат көрсөтүп келе жатышат жана бул көрсөткүчтөр жыл сайын көбөйүүдө. | Аткарылууда |
| **Кыргыз Республикасынын ички иштер министрлигине** | | | | |
| 4 | **4, 4.4.**<br>**117-бет** | Балдар менен иштөө боюнча өзүнчө башкармалык түзүү маселесин карап чыгуу жана өспүрүмдөр менен иш алып бара турган талапкерлерди тиешелүү билим берүү тажрыйбасына карап тандоо жүргүзүү. | Балдар менен иш алып баруучу кызматтар түзүлгөн, өспүрүмдөр менен иш алып баруучу адистер тандалып алынган | Аткарылды |
| **Жергиликтүү өз алдынча башкаруу** | | | | |
| 5 | **4, 4.4.**<br>**117-бет** | Мектеп жана башка билим берүү мекемелери менен биргеликте кыйын кырдаалдарга туш болгон балдарга, ден соолугунун мүмкүнчүлүгү чектелген балдарга, мигранттардын балдарына өзгөчө көңүл буруу. | | Сунуш актуалдуу бойдон калууда |
| **Мусулмандар дин башкармалыгына** | | | | |
| 6 | **4, 4.4.**<br>**117-бет** | Дин жолуна жүргөндөргө суицид маселеси боюнча түшүндүрүү иштерин жүргүзүү, буга алып келген себептер жана андан кантип оолак болуунун жолдору тууралуу айтып берүү. | | Сунуш актуалдуу бойдон калууда |

## 4.5. МЕКТЕПКЕ ЧЕЙИНКИ БИЛИМ БЕРҮҮНҮН МАСЕЛЕЛЕРИ

| Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө | | | | |
|---|---|---|---|---|
| 1 | **4, 4.5 124-бет** | 1. Жаңы курулуштарды куруу жана эски имараттарды оңдоо аркылуу мектепке чейинки билим берүү мекемелеринин санын көбөйтүү. | | Сунуш актуалдуу бойдон калууда |
| 2 | **4, 4.5 124-бет** | 2.Алардын материалдык-техникалык базасын бекемдөөнү карап чыгуу. | | Сунуш актуалдуу бойдон калууда |
| 3 | **4, 4.5 124-бет** | 3. Башка мамлекеттердин тажрыйбаларына таянып, чечүүчү башка жолдорду карап көрүү. Мисалы, бала багып, алардын окуусу жана тарбиясы менен алек болуп үйдө отурган энелерге компенсация төлөө (Норвегияда энелерге бала баккандыгы үчүн үч жашка чейин өлкөдөгү орточо айлыктын эсеби төлөнүп берилет.) | | **Сунуш алынууда** |
| 4 | **4, 4.5 124-бет** | 4. Кыргызстандын айылдарында мектепке чейинки билим берүү мекемелерин жамааттардын деңгээлинде ачууну үлгү катары алуу. | | Сунуш актуалдуу бойдон калууда |
| 5 | **4, 4.5 124-бет** | 5. Мектепке чейинки балдарды өнүктүрүүнүн формаларын калкты өнүктүрүүнүн негизги аспектилеринин бири катары айылдарды өнүктүрүүнүн перспективалык пландарына киргизүү. | | Сунуш актуалдуу бойдон калууда |
| 6 | **4, 4.5 124-бет** | 6. Менчик балдар бакчаларынын тейлөөсүнүн баасын (акысын) төмөндөтүү боюнча шарттарды түзүү. | | Сунуш актуалдуу бойдон калууда |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| **Кыргыз Республикасынын билим жана илим министрлигине жана Бишкек ш. билим берүү башкармалыгына** | | | | |
| 7 | **4, 4.5. 124-бет** | 1) Мамлекеттик (муниципалдык) мектепке чейинки билим берүү мекемелеринде ата-энелерден кирүү акысын талап кылууга тыйуу салуу боюнча чараларды көрүү. | Мектепке чейинки билим берүү мекемелерине демөөрчүлүк жардамдарды көрсөтүү Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2012-жылдын 2-ноябрындагы №765 мектепке чейинки билим берүү уюму жөнүндө типтүү ЖОБОнун 5-бөлүмүнө ылайык жүргүзүлөт.<br>Кыргыз Республикасынын «Билим берүү жөнүндөгү» мыйзамынын 1-беренесине ылайык «Кыргыз Республикасынын мамлекеттик билим берүү мекемелеринин Камкордук кеңештери –юридикалык жак болуп саналбаган мамлекеттик билим берүү мекемелеринин шайлануу жолу менен тандалып алынган, мамлекеттик билим берүү мекемелеринин Уставдык максаттарына жетүүгө көмөк көрсөтүү функциясын аткарган, ошондой эле кошумча (бюджеттен сырткаркы) каражаттарды тартуу жана аны максаттуу пайдаланууну ишке ашыруучу орган" болуп эсептелет. | Актуалдуу |
| | **4, 4.5 124-бет** | 2) Эркин демөөрчүлүк жардамдарды мектепке чейинки билим берүү мекемелеринин атайын эсебине гана которуу. | КРнын билим жана илим министрлиги 2014-жылдын 13-апрелинде №172/1 республиканын аймагындагы бардык билим берүү мекемелердинде акча чогултуу сыяктуу жат көрүнүштөрдүн тамырын кыркуу жаатында тиешелүү иштерди жүргүзүү боюнча атайын буйрук чыгарган. Аталган буйрук билим берүү мекемелеринин жетекчилерине (колдору коюлуп) жана мектеп жамааттарына таратылган. Кыргыз Республикасынын мыйзамына ылайык демөөрчүлүк жардамдар өз эрки менен жүргүзүлүүдө.<br>Кыргыз Республикасынын Президентинин 1992-жылдын 12-февралындагы №УП-48 " Кыргыз Республикасында мектепке чейинки мекемелерде балдарды окутуу жөнүндөгү" Указына ылайык, 1993-жылдын 1-январынан тартып балдардын бир жолку | Актуалдуу |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| | | | баруусу үчүн балдар яслилерине, балдар бакчаларына же ясли-бала бакчага (группа) ведомстволук баш ийүүсүнө же менчиктин түрүнө, ата-энелеринин иштеген ишине (окуусуна) карабастан бир күнкү тамактануунун 50 пайыз өлчөмүн түзө тургандыгы белгиленген. | |
| 9 | **4, 4.5**<br>**124-бет** | 3) Мамлекеттик (муниципалдык) мектепке чейинки билим берүү мекемелерине балдарды кабыл алуунун тартибине Кыргыз Республикасынын мыйзамына ылайык көзөмөл жүргүзүү. | Учурда коррупциялык элементтерден качуу, мектепке чейинки билим берүү мекемелеринин ачыктыгын жана тартибин камсыз кылуу, балдардын мектепке чейинки мекемелерге баруусунун жеткиликтүүлүгүн камсыз кылуу, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн "Жаны доорго кырк кадам" программасын ишке ашыруу, ошондой эле Кыргыз Республикасынын коргоо Кеңешинин Секретары тарабынан 2016-жылдын 20-июлунда жактырылган Кыргыз Республикасынын билим жана илим министрлигинин системалуу коррупцияны жоюу боюнча пландуу иш чараларын аткаруу максатында Кыргыз Республикасынын аймагындагы мектепке чейинки балдарды группаларга электрондук комплекттөөнүн тартибин жөңгө салган Регламент иштелип чыккан.<br>Учурда министрлик тарабынан 2018-жылдын мартында ишке кире турган мектепке чейинки балдарды группаларга онлайн-режимде электрондук комплекттөөдөн өткөрүү боюнча мамлекеттик системаны иштеп чыгуу жана ишке киргизүү иштелүүдө. | Аткарылды |
| | **125-бет** | 4) Мамлекеттик (муниципалдык) мектепке чейинки билим берүү мекемелерине балдарды кабыл алууда милдеттүү түрдө каттону талап кылууну четке кагуу. | | Сунуш актуалдуу бойдон калууда |
| 10 | **4, 4.5**<br>**125-бет** | 5) Балдар бакчаларындагы тарбиячылардын квалификацияларын жогорулатууну үзгүлтүксүз жүргүзүү. | Жыл сайын бекитилген графикке ылайык райондук жана областтык деңгээлде мектепке чейинки мекемелердин педагогдорунун квалификациясын жогорулатуу иштери такай жүргүзүлүүдө . | Аткарылды |

## 4.6. « 115 ШЫР БАЙЛАНЫШ» МЕНЕН АТКАРЫЛГАН 2016-ЖЫЛДАГЫ ИШТЕР

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| **Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө** | | | | |
| 1 | **4, 4.6 128-бет** | 1. «115 шыр байланыш» кызматын кеңейтүү үчүн кошумча эки штаттык бирдикти кароо зарыл, ошондой эле 2018-жылдын 1-июлунан тартып бюджеттен каржылоону карап көрүү. | Омбудсмен тарабынан чечим кабыл алынган | Сунуш алынууда |
| **Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн алдындагы жазаларды аткаруу мамлекеттик кызматына** | | | | |
| 2 | **4, 4.6. 128-бет** | 1. Соттолгон жашы жетпеген өспүрүмдөр кармалган бардык жабык жайларда «115 шыр байланыш» жеткиликтүү болушун камсыздоо. | Бир катар пенитенциардык жабык мекемелерди кыдыруу иштери жүргүзүлүп, кыдыруу учурунда «115 шыр байланыш» кызматынын иши тууралуу маалымат материалдары таркатылган. Телефон кызматы жеткиликтүү эмес экендиги белгиленген. | Сунуш актуалдуу бойдон калууда |

## 5. ЖАРАНДЫК ЖАНА САЯСЫЙ УКУКТАР

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| **Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө** | | | | |
| 1 | **5,5.1, 131-132-беттер** | 1. Кыргыз Республикасынын мамлекеттик каттоо кызматына Республикасынын аймагындагы шайлоочулардын тизмесинин сандык жана сапаттык көрсөткүчтөрүн жакшыртуу боюнча иш аракеттерди көрүүнү тапшыруу. | | Сунуш актуалдуу бойдон калууда |
| 2 | | 2.Бардык шайлоо участокторундагы аппаратуралардын үзгүлтүксүз иштөөсүн камсыз кылууну карап чыгуу. | Бардык шайлоо участоктору автоматтык эсептөөчү урналар менен камсыз болгон | Көптөгөн урналар керектен чыгып калгандыгына байланыштуу сунуш актуалдуу бойдон калууда |
| 3 | | 3. Участкалык шайлоо комиссияларынын мүчөлөрүн кызматтык милдеттери, шайлоочулардын тизмелери, ошондой эле « Кыргыз Республикасынын референдум жөнүндөгү» Конституциялык мыйзамында жазылган добуштарды бере турган жайларды уюштуруунун тартиби боюнча окутууларды жакшыртуу. | Окуулар өткөрүлгөн | Сунуш аткарылды |
| 4 | | 4.Шайлоо участокторундагы автоматтык түрдө санай турган урналардын борбордук сервер менен байланышынын сапаттуу болушун камсыздоо боюнча чараларды көрүү. | Бардык шайлоо участоктору автоматтык эсептөөчү урналар менен камсыз болгон | Көптөгөн урналар керектен чыгып калгандыгына байланыштуу сунуш актуалдуу бойдон калууда |
| **Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешине** | | | | |
| 5 | **5.2** | Кыргыз Республикасынын мыйзамынын ошондой эле КРнын «Массалык маалымдоо каражаттары жөнүндөгү» мыйзамынын талаптарына туура келбеген соттук практикаларды четке кагуу маселесин кароо. | | Сунуш актуалдуу бойдон калууда |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| **Кыргыз Республикасынын Жогорку сотуна** | | | | |
| 6 | **5.2**<br>**135-бет** | 1. «Кош стандарттарды четке кагуу» жана адам укугун коргоо жаатында акыйкат сотту камсыз кылуу үчүн жергиликтүү соттордун Кыргыз Республикасынын тынч жыйындар жөнүндөгү мыйзамын колдонуу практикасын изилдөө жана аларга эл аралык нормаларды сактоонун зарылдыгы тууралуу жетектөөчү түшүндүрмөлөрдү берүү. | | Сунуш актуалдуу бойдон калууда |
| | | 2.Тынч жыйындарды өткөрүүнү тыйууга же токтотууга байланыштуу маселелерди кароо учурунда Конституциянын талаптарын, «Тынч жыйындар жөнүндөгү» мыйзамды сактоону камсыз кылуу. | | Сунуш актуалдуу бойдон калууда |
| **Кыргыз Республикасынын Башкы прокуратурасына** | | | | |
| 7 | **5, 5.2**<br>**135-бет** | 1. Мамлекеттик органдардын, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын тынч жыйындарга тыйуу салуу жана чектөөдө КРнын «Тынч жыйындар жөнүндөгү» мыйзамынын талаптарын так жана бирдиктүү аткаруусуна прокурордук көзөмөлдү жыйынтыктуу камсыз кылуу. | | Сунуш аткарылууда |
| 8 | | 2. Тынч жыйындарды өткөрүүгө тоскоолдук жараткан кызмат адамдарын мыйзам менен аныкталган жоопкерчиликке тартуу. | | Сунуш актуалдуу бойдон калууда |
| 9 | | 3. КРнын Кылмыш Кодексинин (КК)197 –беренесине ылайык жарандардын тынч жыйындарды өткөрүүгө болгон конституциялык укуктарын бузгандарды жоопкерчиликке тартуу. | | Сунуш актуалдуу бойдон калууда |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| **Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө** | | | | |
| 10 | **5, 5.2**<br>**135-бет** | 1. Жарандардын укугун жана эркиндиктерин сактоо, анын ичинде тынч жыйындарга эркин катышууга болгон укуктарын сактоо боюнча үзгүлтүксүз мониторинг жүргүзүү. | | Сунуш аткарылууда |
| 11 | | 2. Коомчулукту укук жана эркиндиктер боюнча кеңири маалымдоо, мамлекеттик органдардын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын кызматкерлерине жарандардын эркиндиктери жана укуктары боюнча окууларды үзгүлтүксүз уюштуруу боюнча чараларды көрүү. | | Сунуш аткарылууда |
| 12 | | 3. Мамлекеттик жана коомдук структуралардын аткара турган иши жана жоопкерчилигинин чегин белгилөө. | | Сунуш актуалдуу бойдон калууда |
| 13 | | 4. Жарандардын тынч жыйындарды өткөрүүгө болгон укуктарын сыйлоо жана демонстранттарга каршы күч колдонууда эл аралык стандарттарды кармануу. | Демонстранттарга күч колдонбоо жаатындагы эл аралык стандарттар аткарылбайт | Сунуш аздан аткарылууда |
| **Кыргыз Республикасынын ички иштер министрлигине** | | | | |
| 14 | **5.2**<br>**136-бет** | 1. КРнын «Тынч жыйындар жөнүндөгү» мыйзамынын нормаларын так аткаруу үчүн ИИБнүн кызматкерлерин жетекчилик көрсөтмөлөрдү берүүнү камсыз кылуу. | Ички иштер органдары мамлекеттик органдар, коомдук уюмдар эмгек жамааттары менен иш алып баруу жаатында өздөрүнө жүктөлгөн иш-аракеттерди көрүшпөйт, ошондой эле ички иштер органдарынын , ошондой эле ички иштер кызматкерлери менен биргеликте иш алып барган коомдук уюмдарды түзүүдө алып барышпайт. | Сунуш актуалдуу бойдон калууда ИИБнин кызматкерлери негизинен «Кыргыз Республикасынын ички иштер органдары жөнүндөгү» мыйзамды жетекчиликке алышууда. |
| 15 | | 2. ИИБнүн кызматкерлерине адам эркиндиги жана укуктары, тынч жыйындарды өткөрүүнү камсыз | ИИБнүн кызматкерлеринин арасында адам укуктары жана эркиндиктери, тынч жыйындардын жүрүшүн | Сунуш аткарылды |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| | | кылуу үчүн тынч жыйындардын катышуучулары жана уюштуруучулары менен бирдикте иш алып бару боюнча окууларды өткөрүү. | камсыз кылуу үчүн тынч жыйындын уюштуруучулары жана катышуучулары менен өз ара аракеттенүү боюнча окуулар өткөрүлдү | |
| 16 | | 3. Мындан ары аталган тармакка олуттуу көңүл буруу максатында тынч жыйындардын себептерине тыкыр анализ жүргүзүү. | | Сунуш аткарылууда |
| | | **Коомдук жана эл аралык уюмдарга** | | |
| 17 | **5, 5.2. 136-бет** | 1. Мамлекеттик органдардын жана кызмат адамдарынын тынч жыйындарга карата бул тармактагы чыныгы абал тууралуу обьективдүү маалымат берүүсүнө, кырдаалды жакшыртуу үчүн орун алган маселерди аныктап жана сунуш киргизүүсүнө такай коомдук мониторинг жүргүзүү. | Такай коомдук мониторингдер жүргүзүлөт | Сунуш аткарылды |
| 18 | | 2. Мамлекеттик органдар жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары үчүн тынч жыйындарга эркин катышуу укугунун эл аралык жана улуттук стандарттары боюнча билим берүү иш чараларын өткөрүүгө көмөктөшүү. | Мындай иш чаралар мамлекеттик жана жергиликтүү бийлик органдарынын өкүлдөрү үчүн бир нече жолу өткөрүлгөн | Сунуш аткарылды |
| 19 | **6, 6.1. 154-бет** | 1. Күнүмдүк тамак-ашка поёк нормаларын индексацияны эсепке алуу менен карап чыгуу жана факты боюнча баасын чыгаруу. | КР Өкмөтүнүн 2017-жылдын 23-мартындагы №173 «Кыргыз Республикасынын Куралдуу Күчтөрүнүн аскер кызматчыларына, башка аскердик курамдар жана ички иштер кызматкерлерине тамак-аш поёгунун ордуна акчалай компенсация төлөө жөнүндөгү» Токтому<br>2017-жылдын 1-апрелинен баштап тамак-ашка суткасына 70 сомдон төлөө | Сунуш аткарылды |
| 20 | | 2. Өзгөчө кырдаалдар министрлигинин жана КРнын Өкмөтүнүн алдындагы жазаларды аткаруу мамлекеттик кызматынын кайтаруу жана конвой Департаментинин | | Сунуш актуалдуу бойдон калууда |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| | | аскер кызматчыларын турак-жай менен камсыз кылуу маселесин кароо. | | |
| **Кыргыз Республикасынын Куралуу Күчтөрүнүн Башкы штабына жана Кыргыз Республикасынын коргонуу иштери боюнча мамлекеттик комитетине** | | | | |
| 21 | **6, 6.1. 154-бет** | 1.Ысык-Көл областынын Тамга айылындагы аскер санаторийи жөнүндөгү Жобого аскердик түзүлүшүнүн статусунун кеңейгендигине байланыштуу өзгөртүү киргизүү. | | Сунуш актуалдуу бойдон калууда |
| **Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешине** | | | | |
| 22 | **6, 6.2, 162-бет** | 1. Аскерге чакырылуучу жарандарга повестка тапшыруунун мөөнөтүнө байланышкан толуктоолорду тиешелүү мыйзамга киргизүү. | | Сунуш актуалдуу бойдон калууда |
| 23 | | 2.Мыйзамга «чакыруу күнү», «изилдөө мөөнөтү» деген түшүнүктөрдү тактоону киргизүү. | | Сунуш актуалдуу бойдон калууда |
| 24 | | 3. Мыйзамга «Аскерге чакырылгандардын укуктары жана милдеттери», «Аскерге чакырыла тургандардын укуктары» деген бөлүмдөрдү киргизүү. | | Сунуш актуалдуу бойдон калууда |
| 25 | | 4. Мамлекеттик органдардын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын чакыруу процессин камсыз кылбагандыгы үчүн жоопкерчилигин бекитүү. | | Сунуш актуалдуу бойдон калууда |
| **Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө** | | | | |
| 26 | **6, 6.2. 162 -бет** | 1. Аскерге чакыруучу пункттарды медициналык жабдуу жана инвентарлар менен камсыздоо программасын иштеп чыгуу. | Болгону узи-аппарат орнотулган. | Сунуш актуалдуу бойдон калууда |
| 27 | | 2. Медициналык комиисия өткөрүү учурундагы жумуштарда адис-дарыгерлерге кошумча акы төлөп берүү программасын иштеп чыгуу. | | Сунуш актуалдуу бойдон калууда |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| **Жергиликтүү мамлекеттик жана өз алдынча башкаруу администрацияларына** | | | | |
| 28 | **6, 6.2. 163-бет** | 1. Аскер комиссариаттарын аскерге чакыруу маалында жеткиликтүү транспорт менен камсыз кылуу. | | Сунуш актуалдуу бойдон калууда |
| 29 | | 2.Дарыгерлердин кабинеттерин жабдууга багытталган чыгымдарды бюджеттин чыгымдарына киргизүү (санузел, суу, жылуулук). | | Сунуш актуалдуу бойдон калууда |
| 30 | | 3.Аскерге жыйноочу пункттарда аскерге чакырылгандарды ысык тамак менен камсыз кылуунун тартибин уюштуруу. | | Сунуш актуалдуу бойдон калууда |
| 31 | | 4. Жыйноочу пункттардагы уктоочу жайларды уктоочу керебет, төшөнчүлөр жана жабдуулар менен камсыздоо | | Сунуш актуалдуу бойдон калууда |

## 7. ПЕНИТЕНЦИАРДЫК СИСТЕМА. АБАКТАРДА ЖАЗА МӨӨНӨТҮН ӨТӨГӨНДӨРДҮН УКУКТАРЫ

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| **Кыргыз Республикасынын Башкы покуратурасына** | | | | |
| 1 | **7.1. Бөлүм**<br>**197-бет** | Кылмышка шектүүлөрдү, айыталуучуларды, соттолуучуларды кармоочу жайларда (Убактылуу кармоочу жай, УКЖТИ ) мыйзамдардын аткарылышына көзөмөлдү күчөтүү. | Ишке ашса боло турган сунуш . | Кээде аткарылбайт, мисалы, Бишкек ш. №1- УКЖТИ КР Президентин шайлоо алдында паспорт жана биметрикалык маалыматтары жок кабыл алышкан эмес, бирок, прокуратура бул боюнча эч кимди жоопкерчиликке тарткан эмес. |
| 2. | **7.1. Бөлүм**<br>**197-бет** | Акыйкатчынын (Омбудсмен) маалыматында келтирилген баш коргоо чарасын кароо жана камакка алууда адам укугун сактоо боюнча келтирилген фактыларды текшерүүнү жүргүзүү жана ал боюнча мыйзамдуу чечим чыгаруу. | КРнын Жогорку Кеңешинин 2016-жылдын докладын кабыл алуу боюнча токтомунун жыйынтыктары менен аткаруу иштеринин анализин жүргүзүү керек | |
| 3. | **7.2. Бөлүм**<br>**п.1**<br>**197-бет** | Кыргыз Республикасынын Башкы прокуратурасынын алдында чет элде соттолгондордун бирдиктүү маалымат базасын түзүү зарыл, бул чет элде жазасын өтөгөн Кыргызстандын жарандарынын санын гана аныктабастан алардын жеке маалыматын алууга дагы мүмкүнчүлүк түзөт. Мындай маалыматтардын базасы аларды Мекенине кайтаруу боюнча иштерди алдыга жылдырат. | Аткарылган эмес | Сунуш актуалдуу бойдон калууда |
| **Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн алдындагы жазаларды аткаруу мамлекеттик кызматына** | | | | |
| 4. | **7.1Бөлүм**<br>**п.1** | Камакка алууга байланыштуу мыйзамсыз фактылар боюнча өз учурунда кемчиликти четке кагуу үчүн чечимдерди кабыл алуу – камактагы адамдарды бошотуу, ишке кирбей калган соттун токтомдору | Аткарылууда | Аткарылууда, бирок көзөмөлдү күчөтүү керек |
| 5. | **7.1. Бөлүм**<br>**п.2**<br>**197-бет** | Камактагы аялдарды паспортизациялоо үчүн биометрикалык маалыматтарды жыйноону уюштуруу. | Аткарылган эмес | Сунуш актуалдуу бойдон калууда |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| 6. | **7.1. Бөлүм п.3 197-бет** | КРнын Өкмөтүнүн алдындагы ЖАМКга дарылоо мекемесин Саламаттыкты сактоо министрлигине өткөрүп берүү. | Аткарылган эмес | Сунуш актуалдуу бойдон калууда |
| 7. | **7.1. Бөлүм п.4 197-бет** | Убактылуу кармоочу жайларда тиешелүү тараптарга жооп берген боюнда бар жана бала эмизген аялдар үчүн өзүнчө камераларды түзүү. | Аткарылган эмес | Сунуш актуалдуу бойдон калууда |
| **Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө** | | | | |
| 8. | **7.2.Бөлүм п.2 203-бет** | Кыргыз Республикасынын ЕАЭСке кошулуусунан улам келип чыккан регламенттерди эске алып «Экстрадиция маселеси боюнча Кылмыш Кодексине өзгөртүү жана толуктоолорду киргизүү жөнүндө» мыйзам долбоорун иштеп чыгуу. | Аткарылган эмес | Сунуш актуалдуу бойдон калууда |

## 8. АКЫЙКАТ СОТТУК ТЕРИШТИРҮҮЛӨРГӨ БОЛГОН УКУК

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешине | | | | |
| 1 | **8.1. Глава 219-бет** | КПК жана ЖПКга соттун аныктамасын жогорку сот инстанцияларына даттануу мүмкүнчүлүктөрүнүн механизмдерин киргизүү менен соттун төрагаларынын кароосу аркылуу соттордун ишти кароодон баш тартуусун чечүү нормаларын киргизүү. | | Сунуш актуалдуу бойдон калууда |
| 2 | **8.2. 228-229-бет** | 1. КР КПКнын 251-беренесине сотторго кылмыш ишин прокурорго кайтарып берүү укугун берген өзгөртүүлөрдү киргизүү зарыл, бул прокуратура органдарынын сот процессиндеги жабырлануучу, күбө жана башка сот процессинин катышуучулары менен камсыз кылуу милдетин жоопкерчилик менен аткаруусуна шарт түзөт.<br><br>2. Сотко келбей калуулардан, тараптардын сотко катышуусун камсыз кылбагандан, соттук иштерди негизсиз жылдыруудан улам соттук териштирүүлөрдүн созулуп кетишинде күнөөсү бар мамлекеттик кызматкерлердин административдик жоопкерчиликке тартуу боюнча норманы мыйзамга киргизүү. | | Сунуш актуалдуу бойдон калууда<br><br>Сунуш актуалдуу бойдон калууда |
| 3 | **8.3. 237-бет** | 1.Баш коргоо чараларын камакка алуу менен кароону колдонуунун талап жана тартиптерин Кыргыз Республикасынын Конституциясынын жана жарандардын укуктарынын эл аралык стандарттарынын нормаларына шайкеш колдонууну ишке киргизүү.<br><br>2. Кыргыз Республикасынын Кылмыш –процессуалдык кодексинин 33-главасында каралган соттук териштирүүлөрдүн жалпы талабынын тизмесин соттук териштирүүлөрдү үзгүлтүксүз жүргүзүү жана сотторго | | Сунуш актуалдуу бойдон калууда<br><br>Сунуш актуалдуу бойдон калууда |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| | | карата ишти тиешелүү мөөнөттө кароо зарылдыгы жөнүндөгү тизме менен толуктоо керек.<br><br>3. Кыргыз Республикасынын Кылмыш-процессуалдык кодексинин 267-беренесинин нормаларына ылайык соттолуучуну камакта кармоонун мөөнөтүн соттун токтомунун (соттун аныктамасы) негизинде жана ар бир эки (2 ай) узартуу зарылдыгы жөнүндөгү жагдайды карап көрүү. | | Сунуш актуалдуу бойдон калууда |
| 4 | **8.4.**<br>**245-бет** | 1.КРнын Кылмыш кодексине күчүнө кирген сот чечимдерин аткарбаган учурда көрүлүүчү жазаларды күчөтүү.<br><br>2. Кыргыз Республикасынын «Аткаруу өндүрүшү жана соттук аткаруучулардын статусу жөнүндөгү» мыйзамына карызды мажбурлап өндүрүү боюнча кайрылууларды аткаруу укугун кеңейткен нормаларды киргизүү.<br><br>3. Аткаруу өндүрүшү боюнча ар бир жаранга жеткиликтүү болгон бирдиктүү базаны түзүү. | | Сунуш актуалдуу бойдон калууда<br><br>Сунуш актуалдуу бойдон калууда<br><br>Сунуш актуалдуу бойдон калууда |
| 5 | **8.5.**<br>**253-254-бет** | – Соттор Кеңешинин коллегиалдык органынын структуралык түзүлүшүн жөнгө сала турган (соттордун тартиптик жоопкерчилигин карай турган) Кыргыз Республикасынын укуктук актыларына тиешелүү өзгөртүү жана толуктоолорду киргизүү, тактап айтканда мындай коллегиалдык органдардын курамына мамлекеттик бийликтин мыйзам чыгаруу жана аткаруу бутактарынан тиешелүү эксперттер киришин камсыз кылуу керек.<br><br>Мыйзамга мындай өзгөртүүлөрдү киргизүү соттордун тартиптик жоопкерчилигине байланышкан маселелерди, алар тарабынан аткарылган же | 2017-жылы 28-июлда №147 Соттор Кеңешинин алдындагы Дисциплинардык комиссия жөнүндөгү мыйзам кабыл алынды<br><br>4-берене. Дисциплинардык комиссияны түзүү жана анын курамы:<br><br>1. Дисциплинардык комиссия 9 мүчөдөн турат жана Кыргыз Республикасынын Президенти, Жогорку Кеңеши жана Соттор Кеңеши тарабынан тарабынан комиссияга тиешелүү үчтөн бир курам менен түзүлөт. | Дисциплинардык комиссиянын ишинин сапатын жакшыртып, көзөмөлдөө актуалдуу. |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| | | аткарылбаган аракеттерге байланыштуу келип түшкөн кайрылууларды кароодо обьективдүү жана ачык кароону камсыз кылууга мүмкүнчүлүк түзүү максатын көздөйт:<br>а) Кыргыз Республикасынын Соттор Кеңешине келип түшкөн кайрылууларды кароонун мөөнөтүн так аныктоого;<br>б) Кыргыз Республикасынын Соттор Кеңешине мындай кайрылууларга байланышкан акыркы чечимдерди кабыл алууда маселени негизсиз создуктурууну четке кагат:<br>в) Аларга багытталган кайрылууларды кароонун жыйынтыктары боюнча кайрылган тараптарга өз учурунда маалымдоо.<br>Кыргыз Республикасынын Конституциясынын «Соттордун статусу жөнүндөгү» 29-беренесинин 4-бөлүмүнө төмөндөгү өзгөртүү жана толуктоолорлорду киргизүү маселесин кароону сунуштайбыз:<br>– «4. Соттор Кеңеши дициплинардык өндүрүштүн алкагында түзүлгөн справканы кароонун жыйынтыгы менен календардык 14 күндүн ичинде учурдагы Конституциянын 28-беренесинин негизинде каралган чечимдердин бирин кабыл алат же соттордун аракетинде тартиптик жүрүш-турууштун жоктугуна байланыштуу ишти кыскартуу жөнүндөгү чечимди кабыл алат.<br>Соттор Кеңеши тарабынан сотторго байланыштуу арыздарды, көрсөтмөлөрдү жана жеке аныктамаларды (кызматтык иликтөөнүн мөөнөтү менен кошо) кароонун жалпы мөөнөтү төрт айдан ашпашы керек, бул аралыкта акыркы жыйынтыктоочу чечим кабыл алынып, кайрылган тарптарга көчүрөлөрү жиберилиши керек. | Президент, Жогорку Кенеш жана Соттор Кеңеши гендердик өкүлчүлүктү эске алып 3төн мүчө сунуштайт.<br>2. Дисциплинардык комиссия анын мүчөлөрүнүн кеминде үчтөн экиси түзүлгөндөн кийин, ал жарактуу болуп саналат<br>3. Дисциплинардык комиссиянын курамына Жогорку Соттун, Конституциялык соттун, Жогорку Соттун Конституциялык палатасынын жана жергиликтүү соттордун төрагалары, алардын орун басарлары , Жогорку Кенештин депутаттары, прокурорлор, ички иштер органдарынын кызматкерлери, жактоочулар, Кыргыз республикасынын Соттор жана сотторду тандоо Кеңешинин мүчөлөрү кирбейт. | |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| **Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө** | | | | |
| 6 | **8.2. 228-бет** | 1.Улуттук мыйзамдарды жарандык жана саясый укуктар жөнүндөгү эл аралык Пактыга шайкеш келтирүү.<br>2. Соттук териштирүүлөрдүн мөөнөтүн жөнгө салууну камсыз кылуу максатында «Сот өндүрүшүн керектүү мөөнөттө каралбаган учурлардагы укуктардын бузулушуна карата компенсация төлөп берүү же сот актыларын кароо мөөнөтүндөгү укук бузуулар жөнүндөгү» Токтом<br>2.КРнын Өкмөтүнүн алдындагы жазаларды аткаруу мамлекеттик кызматын 10-15 адам бата турган конвой үчүн атайын автомашина менен камсыз кылуу. | | Сунуш актуалдуу бойдон калууда<br>Сунуш актуалдуу бойдон калууда |
| **Кыргыз Республикасынын Жогорку Сотуна** | | | | |
| 7 | **8.2. 228-бет** | 1. Сот корпусуна сот өндүрүшүндөгү убаракерчиликти четке кагуу максатында сот процесттерин уюштурууда методикалык жана практикалык жардам көрсөтүү .<br>2. Процессуалдык нормаларды негиздүү жана мотивациялуу колдонуу максатында соттордун ишмердигин жогорулатуу, иш боюнча өндүрүштү негизсиз токтотуу мүмкүнчүлүгүн четке кагуу.<br><br>Соттордун төрагаларына өндүрүшкө алынган иштерди жүргүзүүлөрдүн жүрүшүн тыкыр көзөмөлдөө, кеичиликтерди таап жана аларды четке кагуу, соттордун иштерди кароо мөөнөтүн сактоодо мыйзам талаптарын аткарып,сот чечимдерин чыгарууда негиздүүлүккө, акыйкаттулукка жана мотивацияга таянып, жеке жоопкерчилигин жогорулатуу зарылдыгы. | | Сунуш актуалдуу бойдон калууда |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| 8 | **8.3**<br>**237-238-бет** | Соттордун баш коргоо чарасын кароону колдонуусун изилдеп чыгуу жана аларга тиешелүү жетектөөчү түшүндүрмөлөрдү берүү:<br><br>2.Тиешелүү ходатайстволорду чечүүдө формалдуу мамиле жасоого жол бербөө керек, анткени кылмышка шектүүлөрдү камакка алуу адамдын жана жарандын эркиндиги менен укуктарын, кол тийбестиги чектей турган катаал чара болуп саналат;<br>3.Соттук териштирүүлөрдү жылдырууга алып келген себептерди жана шарттардын анализин жүргүзүүнүн зарылдыгы (соттук териштирүүнү кийинкиге жылдырган учурда сот токтом/аныктама чыгарат), анткени, соттук жыйындын протоколунда көп учурда бул тууралуу белгиленет. Аны сот ишти жылдыруунун себебин көрсөтүп, жергиликтүү сотторунун бирдиктүү жана туура чечим чыгаруу жөнүндөгү КРнын Жогорку Сотунун Пленумуна ылайык ишти кароого толскоол болгон жагдайларды четке кагып өзүнчө жокумент катары белгилейт. | | Сунуш актуалдуу бойдон калууда<br><br>Сунуш актуалдуу бойдон калууда<br><br>Сунуш актуалдуу бойдон калууда |
| **Кыргыз Республикасынын Соттор Кеңешине (Дисциплинардык комиссияга)** | | | | |
| 9 | **8.5.**<br>**253-254-бет** | 1. Кыргыз Республикасынын Акыйкатчысынын (Омбудсмен) көзөмөл актыларында келтирилген иштерди кароонун мөөнөтүнүн узакка созулушун четке кагуу;<br><br>2. Обьективдүү жана адекваттуу эмес чыгарылган чечимдерди Кыргыз Республикасынын Соттор Кеңешинине (Соттор Кеңешинин Дисциплинардык комиссиясы) алып чыгууну четке кагып, Кыргыз Республикасынын Акыйкатчысынан (Омбудсмен) келип түшкөн көзөмөл актыларын көңүл коюп жана обьективдүү кароо. | | Сунуш актуалдуу бойдон калууда<br><br>Сунуш актуалдуу бойдон калууда |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| | | 3. Кыргыз Республикасынын Акыйкатчысынан (Омбудсмен) келип түшкөн көңүл буруу актыларынын Кыргыз Республикасынын Соттор Кеңешининин кароосунда узак убакыттан бери кармалышынын себептерин, шарттарын аныктап жана четке кагуу. | | Сунуш актуалдуу бойдон калууда |
| **Соттун бардык инстанцияларына сунуштар** | | | | |
| 10 | **8.1.**<br>**219-бет** | 1.Соттордун компетенттүү, ачык, көз карандысыз соттук териштирүүлөрдү жүргүзүүсүн камсыз кылуу үчүн сот процессин онлайн-режимде өткөрүү.<br><br>2. Сот кабыл алган чечимдерди нтернет сайттарда ачык жана эл алдында айтып берүүгө жетишүү.<br><br>3. Мамлекеттин бардык сот инстанцияларынын сот залдарын видеокамералар менен жабдуу. | | Сунуш актуалдуу бойдон калууда<br><br>Сунуш актуалдуу бойдон калууда<br><br>Сунуш актуалдуу бойдон калууда |
| **Сот корпусунун тиешелүү органдарына** | | | | |
| 11 | **8.5.**<br>**254-бет** | Соттордун семинар же окутуунун башка формаларына багытталган иш аракеттерин алдын-ала белгиленген соттук териштирүүлөрдүн датасы менен мындай иш чаралардын даталары дал келбегидей кылып, болушунча дыкат жана рацианалдуу координациялоо | | Сунуш актуалдуу бойдон калууда |
| **Кыргыз Республикасынын Башкы прокуратурасына** | | | | |
| 12 | **8.2.**<br>**228-бет** | 1.Сот процессинин жабырлануучулардын, күбөлөрдүн жана башка катышуучуларынын сотко келүүсүн камсыз кылуу боюнча иштерди күчөтүү. | | Сунуш актуалдуу бойдон калууда |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| | | 2. Прокуратура кызматкерлеринин күнөөсү менен жабырлануучулардын, күбөлөрдүн жана тараптардын келбей калган учурларды анализдеп, аталган маселе боюнча ката кетиргендерге тартиптик жазаларды көрүү<br><br>3. Тергөөчүлөрдүн баш коргоо чарасын өзгөртүү жана анын мөөнөтүн узартуу боюнча ходатайстволорун мындан ары кылдаттык менен кароо зарыл | | Сунуш актуалдуу бойдон калууда |
| 13 | **8.3.**<br>**237-бет** | Соттордун баш коргоо чарасы жөнүндөгү мыйзамды колдонуусун карап чыгып аларга тиешелүү түшүндүрмөлөрдү берүү:<br>1. Баш коргоо чараларын жана баш коргоо чараларын камак менен алмаштырууну кароодо мыйзам нормаларын так сактоонун зарылдыгы<br>2. Кылмышка шектүүнү камакка алуу адамдын жана жарандык укугун, эркиндигин жана жеке кол тийбестигин чектей турган катуу чара болгондуктан тиешелүү ходатайстволор менен чечим кабыл алууда формалдуулукка жол бербөө.<br>3. Соттук териштирүүнү кийинкиге калтырууга алып келген себеп жана шарттарга анализ жүргүзүүнүн зарылдыгы | | Сунуш актуалдуу бойдон калууда<br><br>Сунуш актуалдуу бойдон калууда<br><br>Сунуш актуалдуу бойдон калууда |
| **Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн алдындагы жазаларды аткаруу мамлекеттик кызматына** | | | | |
| 14 | **8.3.**<br>**238-бет** | УКЖТИде бир жылдан ашык кармалгандар тууралуу фактыларды Башкы прокуратурага, Жогорку Сотко токтоосуз маалымдоо | | Учурда аталган сунуш актуалдуулугун жоготту |

## 9. ПСИХИАТРИЯЛЫК СТАЦИОНАРЛАРДА ДАРЫЛГАНГАН ЖАРАНДАРДЫН УКУКТАРЫ

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| **Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө** | | | | |
| 1. | **9 Бөлүм<br>9.3 Глава<br>269-бет** | КРнын саламаттыкты сактоо министрлиги иштеп чыккан психикалык жактан жабыркаган жарандарды жана алардын үй-бүлө мүчөлөрү үчүн саламаттыкты сактоонун далилге негизделген, интеграциялуу жана комплекстүү тейлөөсүнө универсалдуу жетишүүгө кепилдик берген_ психикалык ден соолук сактоо кызматын түзүү боюнча мамлекеттик секторлор аралык программасын колдоо жана ишке ашуусуна чараларды көрүү. | Кол коюлду | Сунуш актуалдуу бойдон калууда |
| 2. | **9 Бөлүм<br>9.3. Глава<br>269-бет** | Психикалык ден соолукту сактоонун далилге негизделген, интеграция жана комплекстүү тейлөөгө кепилдик берген жаңы мыйзамдарын иштеп чыгуу | Аткарылган эмес | Сунуш актуалдуу бойдон калууда |
| 3. | **9 Бөлүм<br>9.2. Глава<br>269-бет** | Кызыл-Жардагы соттук-экспертизалык бөлүмдү Ошко же Жалал-Абадга көчүрүү, ал эми Чым- Коргондогу бөлүмдү Бишкек же Токмок шаарларына жайгаштыруу, анткени аларда мурдагы кургак учук ооруканасынын имараты бошогон же жаңы имаратка которуу. | Аткарылган эмес | Сунуш актуалдуу бойдон калууда |
| 4. | **9 Бөлүм<br>9.2.Глава<br>269-бет** | Ош шаарындагы ТИЗО базасында 20 койкага ылайыкташкан эксперттик бөлүмдү жайгаштыруу, адам укугун сактоо боюнча эл аралык талаптарга шайкеш келе турган сотко чейинки этаптын маанилүү тапшырмалардын бири. | Аткарылган эмес | Сунуш актуалдуу бойдон калууда |
| **Кыргыз Республикасынын саламаттыкты сактоо министрлигине** | | | | |
| 5. | **9 Бөлүм<br>9.3. Глава<br>269-бет** | Психиатриялык мекемелердеги өлүм-житимдердин себептерине анализ жүргүзүү жана ар бир өлүмгө байланыштуу катуу көзөмөл жүргүзүү | Аткарылган эмес | Сунуш актуалдуу бойдон калууда |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| **Милдеттүү медициналык камсыздандыруу фондуна** | | | | |
| 6. | **9 Бөлүм**<br>**9.1. Глава**<br>**269-бет** | Психикалык жактан жабыркаган жарандарды жана алардын үй-бүлө мүчөлөрүн коопсуз, сапаттуу жана жыйынтыктуу тейлөөчү кызматтарга финансылоонун жаңы методдорун иштеп чыгуу жана психиатриялык мекемелердеги өлүм-житимдерге катуу көзөмөл жүргүзүү | Аткарылган эмес | Сунуш актуалдуу бойдон калууда |
| **Саламаттыкты сактоо министрлигине жана**<br>**Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн алдындагы жазаларды аткаруу мекемесине** | | | | |
| 7. | **9 Бөлүм**<br>**9.2. Глава**<br>**270-бет** | Күзөт жана медициналык кызмат көрсөтүү тапшырмаларын бөлүү. Күзөттү имараттын периметрине жараша ЖАМК камсыз кылышы керек, саламаттыкты сактоо министрлиги бөлүмдүн ичиндеги медициналык маселелерди чечиши керек | Аткарылган эмес | Сунуш актуалдуу бойдон калууда |
| **Каржы министрлигине,**<br>**Саламаттыкты сактоо жана**<br>**Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн алдындагы жазаларды аткаруу мекемесине** | | | | |
| | **9 Бөлүм**<br>**9.2. Глава**<br>**270-бет** | Тиешелүү мыйзамдарды карап чыгып, психиатриялык оорукканаларды күзөт менен камсыз кылууга байланыштуу нормативдик-укуктук актыларга өзгөртүү жана толуктоолорду киргизүү | Аткарылган эмес | Сунуш актуалдуу бойдон калууда |
| | | КРнын саламаттыкты сактоо министрлигине, финансы министрлигине жана ЖАМКга | Аткарылган эмес | Сунуш актуалдуу бойдон калууда |
| 9. | **9 Бөлүм**<br>**9.2.Глава**<br>**270-бет** | Жалал-Абад шаарында куралдуу күзөт бөлүмдүн ишин уюштуруу | Аткарылган эмес | Сунуш актуалдуу бойдон калууда |
| 10. | **9 Бөлүм**<br>**9.2 Глава.**<br>**270-бет** | Жогоруда аталган бөлүмдөрдү керектүү инвентарлар, коопсуздук кызматын электрондук система менен жабдуу | Аткарылган эмес | Сунуш актуалдуу бойдон калууда |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| **Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн алдындагы жазаларды аткаруу мекемесине** | | | | |
| 11. | **9 -бөлүм 9.2. глава 270 -бет** | КР Өкмөтүнүн алдындагы ЖАМКга караштуу эксперттик бөлүмдүн жана мажбурлап дарылоочу бөлүмдүн кайтаруу маселесин чечүү | Аткарылган эмес | Сунуш актуалдуу бойдон калууда |
| **Кыргыз Республикасынын эмгек жана социалдык өнүгүү министрлигине** | | | | |
| 12. | **9-бөлүм 9.2 глава 270-бет** | Психоневрологиялык социалдык-стационардык мекемелериндеги майыптык боюнча пособие алуучулардын төлөмдөрү боюнча КР Өкмөтүнө кайрылуу | Аткарылган эмес | Сунуш актуалдуу эмес |
| 13. | **9-бөлүм 9.2 глава 270-бет** | Токмок шаарындагы №2-мончо менен ашкананын курулушу тууралуу маселени кыска мезгилде карап чыгуу . | Аткарылган эмес | Сунуш актуалдуу бойдон калууда |

## 8.3 Кыргыз Республикасынын Акыйкатчысынын (Омбудсменинин) 2017-жылы региондорго барган иш сапарлары боюнча жылдык жыйынтык маалыматы

| Күнү | Жолугушуу/ иш-чаралар | Аткарылган иштер | Жыйынтыктар |
|---|---|---|---|
| 16.02.17 | Талас облусунун губернатору менен жолугушуу | Кубат Оторбаев Талас облусунун губернатору Дайыр Кенекеев менен жолугушту. Акыйкатчы анда Көк-Сай айылынын жашоочуларынын көйгөйлөрүнө (Талас облусунун Кара-Буура району) жана алардын ИИБ кызматкерлеринин аракеттерине карата арыздарына өзгөчө көңүл бурду | Губернатор Д.Кенекеев аталган маселелерди чечүү багытында жүргүзүлүп жаткан иштер жөнүндө айтып берди, ошондой эле, Акыйкатчы тарабынан айтылган көйгөйлөр боюнча маселелерди өзүнүн жеке көзөмөлүнө алды. |
| 16.02.17 | Талас облустук сотунун төрагасы менен жолугушуу | Кубат Оторбаев Талас облустук сотунун төрайымы Клара Калиева менен жолугушту.<br>Жолугушуунун жүрүшүндө тараптар соттук иштердин создуктурулушу боюнча калктын арыздары, ошондой эле, бир нече резонанстуу иштер боюнча талкуу жүргүзүштү. | Кубат Оторбаев менен Клара Калиева Талас облусунун соттору менен Омбудсмендин ошол аймактагы Ыйгарым укуктуу өкүлүнүн өз ара тыгыз кызматташуусу тууралуу макулдашышты. |
| 16.02.17 | Талас облусунун жашоочуларын кабыл алуу | Кубат Оторбаев Талас облусунун жашоочуларын жеке кабыл алды. Жергиликтүү тургундар ар кыл маселелер боюнча кайрылышты, Акыйкатчы алардын ар биринин эң зарыл көйгөйлөрүн укту. Ал көйгөйлөрдү чечүүгө көмөктөшүү максатында өзгөчө көңүл буруп, жетиштүү убакыт бөлдү. | Акыйкатчы менен жолугушууга 20 киши келди. Ар бир кайрылуу Омбудсмендин жеке көзөмөлүнө алынды. |
| 17.02.17 | Талас облустук Ички иштер башкармалыгынын убактылуу кармоочу изоляторун текшерүү | Кубат Оторбаев убактылуу кармоочу изолятордо отурган жарандар менен сүйлөштү. Ал жайда ошол учурда 22 киши отурган, алардын экөө аялдар. Андан тышкары, соттолуучулардын бири ал жерде бир жылдан ашык убакыттан бери кармалып турганы белгилүү болду. | Акыйкатчы Кубат Оторбаев жылытуу тутумунун начар иштешин баса белгиледи (убактылуу кармоочу изолятордун имараты жана камералар суук), ошондой эле, жаңы тергөө изолятору менен убактылуу кармоочу изолятор куруу зарыл экенин билдирди. |
| 17.02.17 | Талас облусунун укук коргоо органдарынын өкүлдөрү менен жолугушуу. | Кубат Оторбаев облустун прокурору Н.Курманакунов, облустук ички иштер башкармалыгынын жетекчиси И.Касымбаев жана тергөө башкармалыгынын башчысы Т.Өмүралиев менен жолугушуу өткөрдү. Акыйкатчы алар менен Кара-Буура районунун Көк-Сай айылындагы түзүлгөн кырдаал жана Таласта жарандарды жеке кабыл алуу убагында алынган арыздар боюнча талкуу жүргүздү. Укук коргоо органдарынын өкүлдөрү айтылган маселелерди чечүү багытында жүргүзүлүп жаткан иш-чаралар жөнүндө айтып беришти. | Жолугушуунун жыйынтыгы менен тараптар адам укугун жана эркиндиктерин натыйжалуу коргоо максатында мындан аркы тыгыз кызматташуу үчүн баардык айтылган көйгөйлөр боюнча конструктивдүү диалогго даярдыгын билдиришти. |
| 23.04.17 | Этникалык кыргыздар менен жолугушуу | Акыйкатчы Кубат Оторбаев Кыргыз Республикасынын аймагына көчүп келген этникалык кыргыздар менен жолугушту (кайрылмандар).<br>Жолугушуунун жүрүшүндө кайрылмандардын документтерди алуудагы юридикалык жардам, жарандык алуу, билим берүү жана медициналык кызматтарга карата жеткиликтүүлүк сыяктуу эң зарыл болгон көйгөйлөрү талкууланды. Мисалы тиешелүү документтер жоктугунан | Сүйлөшүүлөрдүн жыйынтыгы менен коюлган маселелерди чечүү боюнча тиешелүү чараларды кабыл алуу үчүн бир жума аралыгында райондук администрация, прокуратура органдарынын жана башка тиешелүү органдардын өкүлдөрү менен кайрылмандардын жолугушуусун уюштуруу чечими кабыл алынды. |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | | кайрылмандардын балдары мектепке жана бала бакчаларга бара алышпайт. Мады айыл аймагында жалпы 45 кайрылман үй-бүлө жашайт. Ошол учурда кайрылмандар тарабынан жер тилкелерин бөлүп берүү өтүнүчү менен жергиликтүү органдарга 56 арыз берилген. | |
| 23.04.17 | Мектеп-интернат балдары менен жолугушуу | Кубат Оторбаев Ош облусунун Араван районундагы №23 А.Тургунов атындагы мектеп-интернатынын балдары менен жолугушту жана ал мекеменин шарты менен таанышты.<br>Аныкталган боюнча, аталган мектеп 1962-жылы курулган жана ал мезгилден бери ушул убакытка чейин бир дагы жолу капиталдык ремонт жасалган эмес. Мекемеде 264 окуучу тарбияланууда. Мында ата-энелери чет өлкөлөргө жумуш иштегени кеткен жана турмуштук оор кырдаалда калган үй-бүлөлөрдүн балдары жашап билим алышат. Бир балага күнүгө мамлекет тарабынан жалпы 60 сом бөлүнөт. | Балдардын укугун коргоо максатында Омбудсмен институтунун кызматкерлери тарабынан Мыйзам бузуулар жөнүндө акт түзүлгөн, ал тууралуу маалымат тиешелүү органдарга кабарланган. |
| 24.04.17 | Ош облусунда жарандарды кабыл алуу | Акыйкатчы Кубат Оторбаев Ош облусунда жарандарды жеке кабыл алуу жүргүздү. Кабыл алууга 30 ашык киши келди. Анда кайрылгандардын көпчүлүгү макул болбогон сот чечимдери боюнча арыздар арбын болду. Алар менен катар үй-бүлөлүк зордук-зомбулук жана жабык мекемелерде турган жарандарга карата кыйноо фактылары боюнча кайрылуулар дагы болду. | Акыйкатчы жогоруда белгиленген көйгөйлөр тууралуу Мады айылындагы кайрылмандардын маселеси боюнча жана Аравандагы мектеп-интернаттын көйгөйлөрүн Ош облусунун губернатору Таалайбек Сарыбашев жана айыл аймактардын жетекчилери менен талкуулады. Губернатор менен жолугушуунун жыйынтыгында келип түшкөн ар бир маселе жана көйгөйлөр боюнча комиссия түзүү чечими кабыл алынды. |
| 25.04.17 | Жалал-Абад шаарындагы балдар укугунун сакталышына мониторинг жүргүзүү | Кубат Оторбаев Жалал-Абад шаарындагы Ак-Жол балдар үчүн реабилитациялык борборго мониторинг жүргүздү. Мында райондук администрациянын чечимине ылайык, камкордукка муктаж балдар кармалат. Учурда борбордо 24 бала камкордукка алынган.<br>Андан ары Акыйткатчы Жалал-Абад шаарындагы психоневрологиялык балдар үйүндөгү балдардын жашоо шартына мониторинг жүргүздү.<br>Кубат Оторбаев ошондой эле, Жалал-Абад медициналык колледжинин студенттери жана мугалимдери менен жолугушту | Жолугушууда адам укугу жана медициналык кызматкерлердин жоопкерчилиги темаларында баарлашуу өткөрүлдү. Өз кезегинде мугалимдер менен студенттер адам укугу тууралуу жана Омбудсмен институтунун ишмердүүлүгү боюнча кызыккан суроолорду беришти. |
| 26.04.17 | Жалал-Абад облусунда жарандарды кабыл алуу | Омбудсмен Кубат Оторбаевдин Жалал-Абад шаарындагы жеке кабыл алуусунда ага 2017-жылдын 22-мартында топтошкон жаат тарабынан өлтүрүлгөн М.Матисаковдун иши боюнча 31 киши кайрылды. Кайрылгандардын баардыгы М.Матисаковдун туугандары жана жакын достору болуп саналат.<br>Өз арыздарында маркумдун туугандары аталган кылмыш иши боюнча калыс иликтөө жүргүзүүнү талап кылышкан жана арыз жазгандар өздөрү белгилегендей, учурда шектүүлөрдүн бири кылмыш кылганын мойнуна алып, киши өлтүрүүнүн башка катышуучуларынын күнөөсүн да өзүнө алууга | Кубат Оторбаев аталган иш боюнча иликтөө калыс жана адилеттүү жүргүзүлүп, сот тарабынан каралышы боюнча дыкат кароо жүргүзүүнү жеке көзөмөлүнө алды, бул иш боюнча соттук процесстерге мониторинг жүргүзүүгө убада берди. |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | | даяр болуп турат. Арыздангандар аталган киши өлтүрүүгө тийиштиги бар баардык жактарды жоопкерчиликке тартууга көмөктөшүүнү өтүнүшкөн. | |
| 26.04.17 | Жалал-Абад облусунда жарандарды жеке кабыл алуу | Омбудсмен Кубат Оторбаев Жалал-Абад шаарындагы Омбудмен өкүлчүлүгүндө жарандарды жеке кабыл алуу жүргүздү. Акыйкатчынын жеке кабыл алуусуна алдын ала 20 чакты киши жазылган, бирок жолугушууга 100 ашык адам келди. Омбудсменге кайрылгандар эмгек укуктарынын, социалдык жөлөк пулга болгон укуктарынын бузулушу жана медицина кызматкерлеринин иштериндеги кемчиликтер жөнүндө айтып беришкен. Ошондой эле, Ош окуяларында жабыркагандарга турак жай бөлүштүрүүдөгү кыйынчылыктар жөнүндө маселе көтөрүлдү. Андан тышкары, Кыргыз Республикасынын аймагына көчүп келген этникалык кыргыздардын укуктарынын сакталышы боюнча көйгөй козголду (кайрылмандар).<br>Андан ары жарандарды кабыл алуу Жалал-Абад облусунун Сузак районундагы Кызыл-Туу айылында уланды. Ал айылда Омбудсменге 70 ашык киши кайрылды. Алардын көбүн айылдагы жолдун абалы жана электер энергиянын жоктугу тынчсыздандырат. | Кабыл алуу убагында Акыйкатчы жарандардын көтөрүлгөн маселелерин жеринде чечүү максатында тиешелүү мамлекеттик органдардын өкүлдөрүн чакырган.<br>Ар бир кайрылуу Омбудсмендин көзөмөлүнө алынды. Кубат Оторбаев айрым маселелерди чечүү үчүн комиссиялар түзүлөөрүн билдирди. |
| 27.04.17 | Баткен облусунда жарандарды кабыл алуу | Калктын негизги арыз-даттануулары облустун көпчүлүк райондорунда ичүүчү суу жоктугуна байланыштуу берилген. Анын ичинде арыз жазуучулар белгилегендей, ичүүчү суунун берилиши да үзгүлтүк болгон учурлар көп кездешет, андай учурда жашоочулар жана баардык мекемелер сууну атайын челектер менен ташып келген мажбур болушат. Аны менен катар эле, сууну жаан-чачын убагында өчүрүп коюшат, себеби тазалоочу түзүлүштөр иштебейт жана суу түтүгүнө кир суу кошулуп кетет, ал эми идиш аякты арыктагы сууга жууганга туура келет. Бул көрүнүш облуста аймагында жугуштуу ичеги-карын ооруларынын көбөйүшүнө жана таралышына себепкер болуп жатат, бул өз кезегинде аймактагы калктын өмүрүнө жана жалпы эле улуттун генефондуна олуттуу коркунуч жаратууда. | Кыргыз Республикасынын Акыйкатчысы Кбат Оторбаев Баткен облусундагы жарандар тарабынан коюлган маселелерди чечүү максатында жергиликтүү бийлик органдарынын жетекчилиги жана өкүлдөрү менен жолугушкан. |
| 27.04.17 | Жалал-Абад облусундагы убактылуу кармоочу изоляторлорду текшерүү | Омбудсмен Кубат Оторбаев Жалал-Абад жана Баткен облустарындагы убактылуу кармоочу изоляторлордун кармоо шартына мониторинг жүргүздү. Аларда кармалганы 10 суткадан ашкан, сотту жана тергөөнү күтүп жаткан жана иши иликтөөгө алынган жарандар бар, бул Кыргыз Репубикасынын мыйзамдарына каршы келет. Мындай кырдаал аталган облустарда тергөө изолятору жоктугуна байланыштуу түзүлгөн, мындан тышкары, убактылуу кармоочу изоляторлордо касациялык жана апелляциялык сот чечимдерин күтүп жаткан соттолгон жарандар дагы | Бул жана башка мыйзам бузуулар боюнча тиешелүү Актылар түзүлгөн. Омбудсмен Кубат Оторбаев тез арада камераларга терезе орнотуу боюнча маселени чечүүнү талап кылды. |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | | кармалат. Мисал алсак, Сузак шаарынын убактылуу кармоочу изоляторунун камераларында терезеси дагы жок. | |
| 27.04.17 | Баткен облусундагы убактылуу кармоочу изоляторлорду текшерүү | Омбудсмен Кубат Оторбаев камералары ашыгы менен кишиге толгон Баткен районунун ИИБ убактылуу кармоочу изолятордун кармоо шарттарына мониторинг жүргүздү. Анын ичинде 3 кишиге эсептелген камераларда факт жүзүндө 9 кишиден кармалып турган, бул жагымсыз кармоо шартын жаратууда. Убактылуу кармоочу изолятордо канализация, жылытуу, душ кабиналары жок. Негизи аталган мекеме кыш мезгилине ылайыкташкан эмес. Суу түтүгүнүн жоктугунан кызматкерлер сууну чака менен ташып келишет. | Бул жана башка мыйзам бузуулар боюнча тиешелүү Актылар түзүлгөн. |
| 28.04.17 | Баткен шаарында жарандарды жеке кабыл алуу | Омбудсмен Кубат Оторбаев Баткен шаарында жарандарды кабыл алды. Акыйкатчыга 60 киши келип, ар кандай укук бузуулар боюнча өз арыз муңун айтып беришти. Кайрылгандар документ алуу жолунун татаалдыгын айтып, айрым жергиликтүү бийлик органдарынын ишин арызданышты, ошондой эле, өздөрүнүн сот органдарына ишеничи жоктугун да билдиришкен. Андан тышкары, жер тилкелери боюнча талаш-тартыштар, чек арага чектеш райондордо социалык шарттардын жоктугу боюнча көйгөйлөр ж.б.у.с маселелер айтылды. | Кубат Оторбаев ар бир кайрылуу боюнча тиешелүү консультация берди жана жарандардын арыздары менен кайрылууларын жеке көзөмөлүнө алды. |
| 28.04.17 | Баткен облусундагы этникалык кыргыздар (кайрылмандар) менен жолугушуу | Омбудсмен Кубат Оторбаевдин Баткен облусуна барган иш сапары убагында ага жамааттык кайрылуу менен Чоңгара айылына Өзбекстандан көчүп келген кайрылмандар кайрылышты. Кайрылуу бергендер өздөрү тастыктагандай, алар 7 жылдан бери Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн Баткен облусундагы Өкүлчүлүгүнө жарандык алууга көмөктөшүү өтүнүчү менен кайрылып келишет. Бирок бул убакыт аралыгында жарандык жөнүндө маселе чечилбеген бойдон калууда.<br>Ошондой эле жамааттык арыз менен Омбудсменге Тажикстандан Баткен облусунун Кызыл-Кыя шаарына көчүп келишкен этникалык кыргыздар кайрылышты. Аныкталгандай алар мекенине кайтып келген кайрылман макамы ыйгарылгандыгы тууралуу күбөлүктү өз убагында ала албагандыгы үчүн билим берүү, медициналык жардам жана жер тилкесин алуу укуктарынан ажырап калышууда. Документтердин өз убагында алынбаган себебин кайрылуучулар өздөрүнүн жетүүгө алыс аймакта жашагандыгынан жана алардын кайрылуулары бийликке жетпегенинен көрүшөт. | Акыйкатчы бул кайрылууну жеке көзөмөлүнө алды жана бул маселелерди жергиликтүү бийлик органдары менен жолугушууда талкуулады. |

| | | | |
|---|---|---|---|
| 28.04.17 | Баткен шаарындагы “НУР” балдардын реабилитациялык борборунан кабар алуу | Омбудсмен Кубат Оторбаев Баткен шаарындагы “НУР” аттуу балдардын реабилитациялык борборунан кабар алды.<br>Анда анча чоң эмес имаратта 24 бала окуп жатат. Бул жакка кезекке тургандар дагы бар. Кыргыз Республикасынын Эмгек жана социалдык өнүктүрүү министрлигинин талаптары боюнча, майып-балдарды ата-энелер менен түзүлгөн келишимдин негизинде кабыл алынышы керек. Бирок келишимдер баардык ата-энелер менен толук түзүлбөгөндөн улам балдар үчүн жоопкерчилик аталган борбордун кызматкерлеринин мойнунда болуп калууда. | Омбудсмен Кубат Оторбаевдин сунуштарын эске алуу менен борбордун кызматкерлери аныкталган кемчиликтерди жоюуга убада беришти. |
| 28.04.17 | Баткен облусунун жергиликтүү бийлик өкүлдөрү менен жолугушуу | Омбудсмен менен Баткен облусунун губернаторунун, облус прокурору жана ОИИБ жетекчисинин ишкер жолугушуусу болду. Жолугушуунун жүрүшүндө Кубат Оторбаев Баткен облусунун жашоочуларынан билген баардык маселелерди көтөрдү. Анын ичинде, жолугушууда этникалык кыргыздардын (кайрылмандар) тиешелүү документтерин алуусуна байланыштуу маселелер, жарандардын таза сууга жеткиликтүүлүгү, жабык жайлардагы адамдарды кармоо шарттарын жакшыртуу көйгөйлөрү талкууланды. | Жергиликтүү бийлик өкүлдөрү Акыйткачыдан келип түшкөн баардык сунуш-пикирлерди кабыл алышты, ошондой эле, жакынкы убакта аларды жөнгө салуу боюнча зарыл чаралар көрүлөөрүн убада кылышты. |
| 1.05.17 | Баткен облусунун калкы менен жолугушуу. | Омбудсмен Кубат Оторбаев Баткен облусунунун Төрт-Гүл айыл аймагындагы Чоң-Талаа жана Зар-Таш айылдарынын жашоочулары менен жолугушту. Аталган айылдар Тажикстан менен чектеш чек ара аймагында жайгашкан, калкы 7640 кишиге жетет, 1610 үй-бүлө бар.<br>Алты жыл мурда 163 үй-бүлөгө турак жай куруу үчүн жер тилкелери бөлүнүп берилген. Бирок ал аймакта атайын чек ара белгилери коюлган мамлекеттик чек ара сызыгы өткөрүлө элек болгондуктан бөлүнгөн жер тилкелерине үй курууга тыюу салынган. Ошол эле учурда жашоочулар жыл сайын жер салыктарын толук түрдө төлөп келет.<br>Ошондой эле, аймактагы Аялдар кеңешинин төрайымы Катижа Мамажанова чек арага чектеш аймактардагы социалдык оор абалды кабарлады: ал жерде жашаган калк ичүүчү таза сууга жана медициналык кызматтарга жетпей жаткан көйгөй бар. | Акыйкатчы бул маселелерди өз көзөмөлүнө алды жана иштерди тыкыр кароого убада берди. Ал эми талкуулардын жыйынтыгы боюнча кайрылгандар укук суроолор боюнча жооп алышты жана жетүүгө кыйын алас аймакка иш сапар менен келгени үчүн Кубат Оторбаевге ыраазычылык билдиришти. |
| 1.05.17 | Баткен облусунун аскер кызматчылары менен жолугушуу | Омбудсмен Кубат Оторбаев Баткен облусунун Кара-Булак айылында жайгашкан 75565 аскер бөлүгүндө аскер кызматчыларынын укуктарынын сакталышы боюнча мониторинг жүргүздү. Мониторг маалында Акыйкатчы аскерлер менен жолугушуп, алар менен баарлашты. Аскер бөлүгүндө жалпы 34 аскер кызмат өтөйт, алардан 17 аскер аба мейкиндигин көзөмөлдөйт. | Акыйкатчы аскерлер менен жолугушуу убагында аларга Омбудсмен институтунун ишмердүүлүгү жөнүндө айтып берди жана аскер кызматчыларынын укуктары боюнча суроолорго жооп берди. |

| | | | |
|---|---|---|---|
| 31.05.17 | Чүй облусунун Вознесеновка айылындагы №14 тарбиялоо абагындагы балдар менен жолугушуу | Балдарды коргоонун эл аралык күнүнүн алдында Омбудсмен Кубат Оторбаев Вознесеновка айылындагы №14 тарбиялоо абагындагы балдарды куттуктады. Ошондой эле, Омбудсмен абактын абалы менен таанышты.<br>Абакта мектеп бар, анда 8 мугалим эмгектенет. Аныкталган боюнча, мектеп эски барак үйдүн имаратына жабдылган, ичинде нымдуулук бар экени сезилет. Шыптан суу таамп, полу талкаланган. Дагы бир көйгөй, мектепте билим берүүдө окуу китептери жетишпейт, колдо болгон китептер жалаң орус тилинде. Андан тышкары, акча каражаттарынын жетишсиздигинен абакта спорт зал жок. Дагы бир олуттуу көйгөй, абакта балдар психологу жок экен, ал эми балдар өспүрүм куракта психологиялык колдоого абдан муктаж болушат. | Кармоо шарттары менен таанышып, балдар менен баарлашкан Кубат Оторбаев алардын ар бирине белек тартуулады. Жолугушуу адам укугу тууралуу фильмди чогуу көрүү менен аяктады. Омбудсмен балдарды укук тартибин сактоого чакырды жана алардын ар биринин коомдун толук укуктуу мүчөсү болушун тилек кылды. Ал ошондой эле, балдардын укугу кимдир бирөөлөр тараптан бузулса, дайыма жардам берүүгө даяр экенин баса белгиледи. |
| 31.05.17 | Чүй облусунун Петровка айылындагы мектеп-интернаттагы балдар менен жолугушуу | Эл аралык балдарды коргоо күнүнүн алдында Омбудсмен Кубат Оторбаев Чүй облусунун Петровка айылындагы мектеп-интернаттагы балдарды куттуктады. Ошондой эле, Омбудсмен аталган мектеп-интернаттын абалы менен таанышты. Ошол учурда мектепте жалпы 9 бала бар экен. | Балдарды күтүү шарттары менен таанышып, балдар менен пикир алышкан Акыйкатчы алардын ар бирине белек берди. Ошондой эле, кимдир бирөөлөр тараптан балдардын укугу бузула турган болсо жардам берүүгө дайыма даяр экенин баса белгиледи. |
| 19.06.17 | Ош шаарында өткөн “Кыргыз Республикасындагы балдарды абалы” темасындагы семинар кеңешмеде чыгып сүйлөө | Акыйкатчы “Кыргыз Республикасындагы балдарды абалы” темасында чыгып сүйлөгөнгө чейин эле Омбудсмен институту тарабынан жүргүзүлгөн балдардын укуктарынын сакталышы боюнча текшерүүлөр, ошондой эле, балдардын укугу бузулган учурларды аныктоо жана алардын алдын алуу жана укук бузуулардын кесепеттерин жоюу боюнча кандай чаралар көрүлгөнү жөнүндө семинар кеңешменин катышуучуларына айтып берди. | Кубат Оторбаев өзүнчө белгилегендей, аталган иштердин жыйынтыгы менен “Кыргыз Респуликасындагы балдарга карата зордук-зомбулук” деген темада Омбудсмендин Атайын баяндамасы даярдалган. Анда келтирилген сунуштамалар Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Социалдык маселелер, билим берүү, илим, маданият жана саламаттыктык сактоо комитетинин 12-июндагы жыйынында каралган, андан соң Өкмөткө Омбудсмендин сунуштамаларын 2017-жылдын 15-сентябрына чейин аткаруу тапшырылган. |
| 07.07.17 | Балыкчыдагы карылар үчүн күндүзгү борборуна жарандардын укугунун сакталышы боюнча мониторинг | Борборго аз камсыз болгон үй-бүлөлөрдөгү карыялар бара алат. Учурда алардын саны 60 кишини түзөт. Андан 40 киши үйүндө тейленет. Текшерүүнүн жүрүшүндө Борбордо жүргөн айрым карыялар менен баарлашуу орун алды. | Жолугушуунун баардык катышуучулары Борбор көрсөтүп жаткан кызматтарды оң баалашты жана бири бири менен баарлашууга шарт түзүп берген мүмкүнчүлүк үчүн ыраазычылык билдиришти. |
| 07.07.17 | КР Өкмөтүнө караштуу ЖАМК алдындагы Чолпон-Ата шаарындагы №44 жаза өтөө мекемесиндеги соттолгондорду кармоо шартына мониторинг | Аталган мекемеде 151 киши кармалат, алардан 7 киши аялдар. Алардын баардыгы ыктыярдуу тартипте мамлекеттик жана жеке менчик пансионаттарда, дыйкан чарбаларда эмгек келишиминин негизинде жумушчу катары – багбан, чарба кызматчысы, ашпозчу болуп эмгек ишмердүүлүгүн жүргүзүшөт. | Мекеменин жетекчиси Тынчтык Абдылдаев абакта жүргүзүлүп жаткан иштер тууралуу айтып берди. Анын ичинде ЖА-44 мекемесинин балансындагы 80 гектар айыл чарба багытындагы жеринде картошка, буудай, арпа жана башка өсүмдүктөр айдалаарын билдирди. 2016-жылы №44 мекеме 247 тонна картошка менен ТК-1, ТК-3 жана Бишкектеги №1 тергөө изоляторун камсыздаган. Ошондой эле, мекемеде кум кыштарды даярдай турган жабдуу бар. |

| | | | |
|---|---|---|---|
| 10.07.17 | КР Өкмөтүнө караштуу ЖАМК алдындагы №23 мекемедеги кармоо шартына мониторинг (Каракол шаарындагы тергөө изолятору) | Акыйкатчы мониторинг убагында тергөө изоляторунда жаткан эрезеге жете элек төрт бала менен жолугушуп баарлашты.<br>1. Белгилүү болгондой, алардын бирөөнө мамлекеттик экзаменге катышууга мүмкүнчүлүк берилген эмес, ошол себептүү ал толук эмес орто билим тууралуу аттестат ала албай калган. Чындыгында Тергөө абак жайында жашы жете электер үчүн окуусун улантууга мүмкүнчүлүк жок.<br>2. Ал эми экинчи баланын сол колунда катуу ооруткан ириңдүү жара пайда болгон. Бирок тергөө изоляторунун фельдшери тараптан тиешелүү медициналык жардам көрсөтүлгөн эмес. Фельдшердин сөзү боюнча, жашы жете элек бала ага бир жери ооруганын айтып кайрылган эмес. | 1. Бул маселе боюнча Кубат Оторбаев Омбудсмендин Ысык-Көл облусундагы өкүлчүлүгүнө жашы жете элек өспүрүм бала экзамен тапшырып, аттестат алышы үчүн тиешелүү кайрылуу жөнөтүү боюнча тапшырма берди.<br>2. Кубат Оторбаев баардык зарыл медициналык жардам көрсөтүүнү талап кылды. Ошондой эле, ал бала жетим экени да аныкталды. Ал 8-класстан кийин окууну таштап, балдар үйүнөн качып кеткен. Буга башка тарбиялануучулардын аймактык айырмачылык боюнча кодулаганы себеп болгонун айтат. Андан кийин ага жашоо үчүн өз алдынча койчу болуп иштегенге туура келген.<br>Анын айтымында, ал жайлоодо мал кайтарып жүргөн жеринен милиция кызматкери келип аны милиция бөлүмүнө алып кеткен. Жашы жете элек бала милиционер ага жолдо катар кол көтөрүп, уруп-согуп сабаганын, 6 жашар баланы зордуктаганын мойнуна алдыруу максатында кыйноо колдонушканын айтып арызданган. Бул факт боюнча учурда иликтөө иш-чаралары жүргүзүлүп жатат.<br>Кубат Оторбаев Омбудсмендин Ысык-Көл облусу боюнча өкүлчүлүгүнө бул баланын ишин өзгөчө көзөмөлгө алууну тапшырды. |
| 10.07.17 | Каракол шаарындагы “эмгек биржасын” текшерүү | Мониторинг убагында иш издеп жүргөн кишилердин 50 көп болду, алардын ичинде чоң кишилер жана аялдар, ата-энелери менен чогуу жүргөн жашы жете элек балдар дагы бар (11 жаштагы кыздар жана балдар). Жумушчулар Кубат Оторбаевге кайсыл учурларда укуктары бузула турганын айтып беришти. Мисалы алардын айтымында, иш берүүчүлөр менен бир иш тууралуу кызмат акысын оозеки макулдашып жумушту аткарган менен акысын толук төлөбөй же таптакыр эмгегин бербей койгон учурлар да көп кездешет.<br>Андан тышкары, тиешелүү мамлекеттик органдар тарабынан жашы жете электердин иштөө шарты жана тартиби көзөмөлгө алынбайт, ошол себептүү балдар эмгегин пайдалануунун эң начар түрлөрүнө жол берилип келет. Ошондой эле, балдар чоң кишилер менен бирдей иштесе дагы аларга эмгек акысы аз төлөнөт. | Акыйкатчы ошол жерде турган жарандарга алардын эмгек укуктары жана балдар эмгегинин начар түрлөрүнө жол бербөө тууралуу айтып берди. Кара жумушчулар “эмгек биржасына” алыскы райондор менен айылдардан таңкы саат 5-6 чамасында эрте келишет, алардын көбүнүн жеке унаалары жок болгондуктан Омбудсмен коомдук транспорт маселесин тез арада чечүү зарыл экенин белгиледи. Атап айтканда, алардын биринчи каттамын азыркы учурдагыдай саат 9.00 эмес, андан эрте жүргүзүү боюнча графигин кайра карап көрүү зарылдыгы айтылды. |
| 10.07.17 | Каракол шаарында жарандарды кабыл алуу | Омбудсмен Кубат Оторбаев Ысык-Көл облусуна барган иш сапарынын жүрүшүндө Каракол шаарындагы облустук администрациянын имаратында жеке кабыл алуу жүргүздү.<br>Өлкөнүн башкы укук коргоочусу менен жолугушууга 30 чакты киши келди. Алар өздөрүнүн укугу бузулган учурларды айтып беришти. Ошону менен бирге жарандар белгилүү сумманы алып, бирок өз милдеттерин | Акыйкатчы ар бир кайрылуу боюнча тиешелүү консультацияларды берди жана жарандардын арыздарын жеке көзөмөлүнө алды. |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | | аягына чейин аткарбаган адвокаттардын аракетине карата арызданышты. Ошондой эле, эмгек укуктары жана пенсияга болгон укуктар бузулган учурлар көп кездешээри айтылды. | |
| 10.07.17 | «Химая» аялдарга жардам берүү жана реабилитация борборундагы жарандардын укугунун сакталышы боюнча мониторинг | Омбудсмен Кубат Оторбаев Ысык-Көл облусуна барган иш сапарынын алкагында Каракол шаарындагы «Химая» аялдарга жардам берүү жана реабилитация борборунда болду. Аталган борборго катаал мамилеге жана зордук-зомбулукка кабылган аялдар кайрышат. Секс кызматын көрсөткөндөр дагы көп кайрылышат. Борбор күнү-түнү иштейт жана өзүн өзү камсыздоо менен иш алып барат, тактап айтканда, өз чарбасы, кийим тигүүчү жабдуулары бар. Борбордун кызматкерлери белгилегендей, кайрылгандарды тамак-аш менен камсыздоо алар үчүн эң көйгөйлүү маселе болуп жатат. | Омбудсмендин Ысык-Көл облусу боюнча өкүлчүлүгүнүн кызматкерлери бул маселени өзгөчө көзөмөлгө алышты. |
| 11.07.17 | Жети-Өгүз районунун Кызыл-Суу айылындагы “Келечек” үй-бүлөлүк баллар үйүн текшерүү | Балдар үйүндө азыркы учурда 11 бала тарбияланып жатат. Мыйзамга ылайык, мындай мекемелерге балдар соттун же Балдар иштери боюнча комиссиянын чечими менен кабыл алынышы керек. Бирок тарбиялануучулардын жеке иштерин текшерүүнүн жүрүшүндө 11 баладан 10 бала боюнча Балдар иштери боюнча комиссиянын чечими же баланы коргоо боюнча жекече пландын аткарылышы жөнүндө маалымат жоктугу аныкталды. | Бул мыйзам бузуу боюнча Башкы прокуратурага жана Кыргыз Республикасынын Эмгек жана социалдык өнүктүрүү министрлигине кайрылууга негиз боло турган тиешелүү Акт түзүлдү.<br>Балдар менен баарлашууда Акыйкатчы аларга Омбудсмендин аппаратында иштеген «Кызуу байланыш 115» акысыз байланыш жөнүндө айтып берди. Балдарга ал номерге чалып өз билдирүүсүн калтырып же зарыл юридикалык кеңеш алууга болоору тууралуу маалымат берилди. |
| 11.07.17 | Каракол шаарынын мамлекеттик бийлик органдары менен жолугушуу | Омбудсмен Кубат Оторбаев Ысык-Көл облусуна барган иш сапарынын жыйынтыгы боюнча күч түзүмдөрүнүн жана облустук администрациянын өкүлдөрү, ошондой эле облустук соттун төрагасы менен жолукту.<br>Акыйкатчы өзүнө ушул облустан коргоого алуу жана мыйзамдуу укуктарын калыбына келтирүү өтүнүчү менен акыркы 6 айда 150 чакты киши кайрылганын кабарлады. Кубат Оторбаев жергиликтүү бийлик органдарынын өкүлдөрүнүн соттук териштирүүлөрдү жасалма создуктуруу учурларына жана убактылуу кармоочу изоляторунда кармоо мөөнөтүн сактоого өзгөчө көңүл бурууга чакырды. Ал ошондой эле, катышуучулардан алардын аткарган иштеринин жыйынтыгы боюнча аналитикалык маалымат берүүнү сурады.<br>Мындан тышкары, укук коргоо органдары тараптан кыйноо фактылары тууралуу маселе көтөрүлдү жана жолугушууга келген өкүлдөрдү бул көйгөйдү жоюу боюнча биргелешип иш жүргүзүүгө чакырды. Каракол шаарынын “эмгек биржасында” аныкталган көйгөйлөр дагы талкууланды. | Анда өлкөнүн башкы укук коргоочусунун баардык сунуштамалары угулду. Ысык-Көл облусунун жергиликтүү бийлик өкүлдөрү Кыргыз Республикасынын Омбудсменинин эскертүүлөрүн жоюу боюнча аткарылган иштер жөнүндөгү баардык маалыматты Акыйкатчынын атына жөнөтүүгө милдеттенме алышты. |

| | | | |
|---|---|---|---|
| 11.07.17 | Нарын шаарындагы №2 “Чебурашка” балдар бакчасын көрүү | Омбудсмен институтунун өкүлдөрү барган учурда бала бакчанын тарбиялануучулары жайкы каникулга тараган, ошол себептүү жетекчилик аз камсыз болгон үй-бүлөлөрдүн балдары үчүн пилоттук жайкы лагерь уюштурууну чечкен, анын ишине 25 бөбөк келип катышып жаткан. | Мониторинг көрсөткөндөй, бала бакча кызматкерлердин штатын көбөйтүүгө муктаж – медициналык кызматкер жана усулчу үчүн орун ачуу зарыл. Аталган мекеме 140 орунга эсептелген, бирок факт жүзүндө бала бакчага 314 бала барат. Нарын шаарынын мэриясы берген статистика боюнча, балдар бакчаларына 900 ашык бала кезекте турат. |
| 11.07.17 | Нарын облусунун Ат-Башы айылындагы “Ак-Байрак” коомдук бирикмесине баруу | Акыйкатчы балдар үчүн, анын ичинде мүмкүнчүлүгү чектелген балдарга кам көрүү багытында уюшулган Ат-Башы районундагы “Ак-Байрак” коомдук бирикмесине барды. Аларда 38 бала тарбияланат, алардан 14 бала ден соолугунун мүмкүнчүлүгү чектелген балдар. Мекемеде 8 кызматкер иштейт, алардын төртөө жумушсуздук боюнча убактылуу 1500 сом өлчөмүндө жөлөк пул алат, ал эми 4 кызматкер кайтарымсыз негизде иштеп жатат. Буга байланыштуу “Ак-Байрак” КБ кызматкерлердин эмгек акысынын бир бөлүгүн төлөп берүүгө көмөктөшүү өтүнүчү менен кайрылган. | Кубат Оторбаев Омбудсмендин Нарын облусу боюнча Өкүлчүлүгүнө Ат-Башы айылдык кеңешине кайрылууну жана аталган мекеменин кызматкерлерине каржылык жардам берүү боюнча мүмкүнчүлүктөрдү караштырып көрүүнү тапшырды. |
| 12.07.17 | Нарын облусундагы У.Асанов атындагы лицей-интернатты текшерүү | Өткөн жылы Акыйкатчы институтунун кызматкерлери тарабынан бул мекемеде ушул сыяктуу мониторинг жүргүзүлгөн, анын жыйынтыгында лицей ички Уставы жок иштеп келгени жана ага тапшырууга зарыл болгон документтердин тизмеси жоктугу аныкталган, андан улам балдарды тандап алуунун так критерийлери болгон эмес. Жыйынтыгында турмуштук оор кырдаалда калган балдар интернатка Балдар иштери боюнча комиссиянын жана соттун чечими жок эле кабыл алынып келген. Мындан тышкары, лицейдин статусу белгиленген эмес жана окутуу үчүн акы төлөнүп келген болчу. | Текшерүү көрсөткөндөй, жогоруда айтылган мыйзам бузуулар толук жоюлган. |
| 12.07.17 | Нарын облусундагы убактылуу кармоочу изоляторлорго мониторинг жүргүзүү | Омбудсмен Кубат Оторбаев Нарын облусуна жасаган жумушчу сапарынын алкагында Ат-Башы райондук ИИБ убактылуу кармоочу изоляторун барып көрдү. Инспекциялоо маалында кылмыш жасоого шектелип кармалгандар жок болуп чыкты. Болгону соттун токтому менен администрациялык укук бузуулар боюнча кармалган 4 киши кармалып турган. Алардын экөө эркек, экөө аял киши. Камалгандар менен баарлашууда алар кармоо шартына жана укук коргоо органдарынын кызматкерлерине карата кандайдыр бир нааразылык айтышкан эмес.<br>Ошондой эле, Акыйкатчы институтунун кызматкерлери Кочкор райондук ИИБ убактылуу кармоочу изоляторун барып көрүшкөн, анда тергөөгө алынган, сотко кезек күткөн жана бул жайда камалуу мөөнөтү 10 күндөн ашып кеткен 3 киши кармалып турган. Муну менен администрация | Камалгандар менен баарлашууда алар тараптан милиция кызматкерлерине карата кандайдыр арыз-даттануулар түшкөн жок. |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | | тарабынан 02.02.2006-жылдагы №57 Өкмөт токтому менен бекитилген КР ИИБ убактылуу кармоочу изолятордун ички тартиби тууралуу эреже бузулган. Бул мыйзам бузууну каттоо үчүн тиешелүү Акт түзүлдү. Мындан тышкары, убактылуу кармоочу изоляторунда соттун токтому боюнча администрациялык укук бузуу менен 1 киши кармалып турган.<br>Ошондой эле, аталган убактылуу кармоочу изоляторунда жетекчинин штаттык кызмат орду жок экени белгилүү болду.<br>Андан соң Кубат Оторбаев Нарын шаарынын ШИИБ убактылуу кармоочу изоляторуна текшерүү жүргүздү, Акыйкатчы барган маалда кылмыш жасоого шектелген бир жана сот токтому менен администрациялык укук бузуу боюнча бир киши кармалып турган. | |
| 13.07.17 | Нарын облусунун калкынын жеткиликтүү ичүүчү таза сууга болгон укугунун сакталышына мониторинг жүргүзүү | Омбудсмен Кубат Оторбаев жана Акыйкатчы аппаратынын кызматкерлери Нарын облусуна жасаган иш сапарынын алкагында аймактагы дагы 3 айыл – 94 үй-бүлө турган Алыш, 125 үй-бүлө жашаган Кеңеш жана 514 үй-бүлө турган Дөбөлү айылына барышты.<br>Жашоочулар таза суу алыш үчүн айылдагы суу чорголорун кыдырууга аргасыз, анткени көпчүлүк тургундардын үйлөрүнө суу түтүгүн тартып киргизүүгө каржылык мүмкүнчүлүктөрү жок. Андан тышкары, мэриядан тиешелүү уруксат кагазын алуу талап кылынат, ал дагы 2 миң сомдон ашат, ал эми атайын техника жалдоого да бир кыйла суммадагы акча керек. 2005-жылы “Таза-Суу” мамлекеттик программасынын алкагында айылдагы суу түтүктөрүн реконструкциялоо жүргүзүлгөн. Ошону менен катар СССР убагында орнотулган суу түтүктөрүн алмаштырышкан. Аталган айылдардын жашоочулары Омбудсмен институтунун кызматкерлерине билдиргендей, сууну колдонууда сапатсыз жана диаметри кичине түтүктөрдү жаткырып кетишкени аныкталган.<br>Андан тышкары, кээ бир жерлерде түтүктөрдү таптакыр алмаштырбай эле сыр менен “жаңыртып” коюшкан. Бул маалыматты жергиликтүү суу түтүгүнүн башчысы Жалый Абдыканов жагы тастыктаган. | Инспекциялоонун жүрүшүндө аныкталгандай, бул айылдардыкы сыяктуу эле Нарын облусунун көпчүлүк аймактарында калкты ичүүчү таза суу менен камсыздоо көйгөйү курч турат. Кыргыз Республикасынын Омбудсмен институту тарабынан жүргүзүлгөн иштердин жыйынтыгында «жеткиликтүү таза жана ичүүчү сууга болгон укук» деген темада Омбудсмендин Атайын баяндамасы даярдалган. |
| 13.07.17 | Нарын шаарында жана Кочкор айылында жарандарды жеке кабыл алуу | Омбудсмен Кубат Оторбаев Нарын облусуна барган иш сапарынын алкагында Нарын шаарында жана Кочкор айылында жарандарды жеке кабыл алды. Өлкөнүн башкы укук коргоочусу менен жолугушууга 60 чакты киши келди. Алар өздөрүнүн бузулган укуктары жөнүндө айтып беришти. Ошону менен бирге эле жашоочулар жергиликтүү бийлик өкүлдөрүнүн, прокуратура органдарынын жана соттордун аракетине жана аракетсиздигине арызданышты. | Кубат Оторбаев баардык кайрылгандарга тиешелүү юридикалык консультацияларды берди. Дээрлик баардык суроолор боюнча арыздар кабыл алынып, аларды Акыйкатчы жеке көзөмөлүнө алды.<br>Кубат Оторбаев колдо болгон баардык материалдарды берүүнү сурады жана карапайым айыл тургундарынын укуктарын коргоо боюнча тиешелүү чараларды көрүүгө убада берди. |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | | Кочкор айылында жергиликтүү өз алдынча башкарууга тиешелүү айрым Укук ченемдик актыларга өзгөртүү киргизүү зарыл. Ошондой эле, жерди трансформациялоого киргизилген мораторийди алып салуу маселесин тез арада чечүү өтүнүчтөрү айтылды.<br>Жашоочулар өзгөчө белгилегендей, жергиликтүү бийлик органдарындагы коррупция эң жогорку чегине жетти, эгерде ага каршы күчөтүлгөн күрөш башталбаса жергиликтүү бийликти күч колдонуу менен кетирүү боло турганын айтып да коркутушту. Жашоочулардын укуктарын көп бузган жергиликтүү бийликтин бир нече өкүлдөрүнүн аты-жөнү да аталды. Бирок тиешелүү укук коргоо органдарынын колунда аты аталган жактарга карата жетиштүү далилдери болсо дагы аларды жоопкерчиликке тарта албай келишет. Анын себеби дагы коррупция экенин Кочкор айылынын жашоочулары белгилешти. | Омбудсмен Мамкаттоо, Соцфонд, нотариустар жана Архитектура өкүлдөрү тарабынан бузулган адам укуктары жөнүндө маселелерди өзүнчө кароону убада кылды. |
| 13.07.17 | Нарын облусунун губернатору менен жолугушуу | Омбудсмен Кубат Оторбаев Нарын облусуна барган жумушчу сапарынын алкагында облус губернатору Аманбай Кайыпов менен жолугушту.<br>Жолугушуунун жүрүшүндө Акыйкатчы облуска жасаган иш сапарында жергиликтүү жашоочулар кандай көйгөйлөр менен ага кайрылышканы жөнүндө айтып берди. Ошондой эле, калктын ичүүчү таза сууга жеткиликтүүлүгү боюнча Атайын баяндама даярдоо пландалып жатканы тууралуу белгилеп өттү. Ошого байланыштуу ал өзүнүн сапарында бул маселеге өзгөчө көңүл бурду.<br>Андан тышкары, Омбудсмен губернатордун көңүлүн ушул тапта балдар үйлөрү ата-энеси бар балдарды да кабыл алып жаткан учурларга бурду. | Өз кезегинде А.Кайыпов облуста 135 айыл, 63 айыл өкмөтү, 5 район жана 1 шаар бар экенин билдирди. 135 айылдан 83 айыл ичүүчү таза суу менен камсыздалган, ал эми калган айылдарда жарандарды ичүүчү таза суу менен камсыздоо боюнча зарыл иштер аткарылууда. Бул үчүн Өкмөт тарабынан керектүү акча каражаттары бөлүнүп берилген. Ал эми мектептер боюнча айтканда, облуста 141 мектеп бар, алардан 22 мектеп авариялык абалда турганы белгиленди. |
| 5.10.17 | Жалал-Абад облустук ИИБ алдындагы убактылуу кармоочу изоляторго мониторинг жүргүзүү | Жалал-Абад облустук ИИБ алдындагы убактылуу кармоочу изоляторго мониторинг жүргүзүүдө бир катар мыйзам бузуулар аныкталды.<br>Ошону менен бирге эле убактылуу кармоочу изоляторго жарандарды кармоо мөөнөтү сакталбайт. Айрым жарандар изолятордо жарым жылдан ашык жатып калууда, ошол эле учурда бул мөөнөт он күндөн ашпоого тийиш. Анын үстүнө кармоо шарттары мыйзамдарга ылайык келбейт. Мындан тышкары, тергөө үчүн камалган жарандардын паспорттору жок болгондуктан алар шайлоолордо добуш берүү мүмкүнчүлүгүнөн ажырап калышкан. | Акыйкатчы Кубат Оторбаев убактылуу кармоочу изолятордун жетекчилигинен аныкталган мыйзам бузууларды кыска мөөнөттө жоюуну талап кылды жана бул маселени өз көзөмөлүнө алды. |
| 5.10.17 | Жалал-Абад облус аралык “Бакыт” реабилитациялык | 90 орунга эсептелген борбордо 5 жаштан 15 жашка чейинки 30 бала дарылануудан өтүп жаткан. Негизинен балдар мында гайморит жана бөйрөк ооруларынан дарыланышат. Ал эми текшерүү күнү ашканада ошол | Омбудсмен Кубат Оторбаев аныкталган кемчиликтерди оңдоону талап кылды. |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | борборуна мониторинг жүргүзүү | күнгө карата «Меню» жок болуп чыкты. Аныкталган боюнча ал ушул жылдын октябрь айынан бери түзүлгөн эмес. Өзгөчө балдардын тамак-ашына бир бала үчүн бир күнгө эң аз 70 сом бөлүнгөн факт өзгөчө тынчсыздандырды. | |
| 6.10.17 | Ош облусунун Өзгөн районундагы Ынтымак айылына сапар | Омбудсмен Кубат Оторбаев Кыргызстандын түштүк аймагына барган иш сапарынын жүрүшүндө үстүбүздөгү жылдын апрель айында Чырмаш айылында жүргөн жер көчкүдөн жабыркаган кишилер жашап жаткан Ош облусунун Өзгөн районундагы Ынтымак айылына барды.<br>Айылда 66 үй-бүлө жашайт. Мамлекет тарабынан ар бир үй-бүлөгө 400 миң сомдон акча бөлүнүп берилген. Бирок каражат бөлүнгүчө бир нече үйдүн курулушун күзгү-кышкы мезгилдин башталышына карата бүтүрүүгө жетишпей калышты. Буга байланыштуу көпчүлүк кишилер чатырларда жашап жатышат.<br>Айыл тургундары Акыйкатчыга 7 жылга 7% жылдык үстөк менен бериле турган 300 миң сомдук насыяларды берүүнү тездетүүгө көмөктөшүүнү, ошондой эле, ичүүчү суу, электр энергиясы, транспорт жана курулушчулар менен камсыздоого байланыштуу көйгөйлөрдү чечүү өтүнүчү менен кайрылышты.<br>Белгилүү болгондой, бул айылда ичүүчү суу берүүнү тез-тез өчүрүп салышат. Мындан тышкары, балдар унаа көйгөйүнө байланыштуу мектептен көп кечигишет. Ошондой эле, жылытуу маселеси дагы чечиле элек. | Кубат Оторбаев Өзгөн райондук мамлекеттик администрация башчысы Бактыбек Алайчиев менен жолугушкан учурда айтылган баардык көйгөйлөр талкууланды. Бактыбек Айылчиевдин маалыматы боюнча, ичүүчү суу үчүн 4 суу чоргосу орнотулган, ошондой эле, 500 куб метр көлөмдөгү суу чогултуучу резервуарды куруу боюнча иштер жүргүзүгөн. Ошондой эле, ар бир үй-бүлөгө банк аркылуу 7% жылдык үстөк менен 7 жылга 300 миң сомдон насыя берүү пландалган. Бактыбек Айылчиев жакын арада транспорт жана жылытуу боюнча маселелер чечилээрин убада кылды. |
| 6.10.17 | Өзгөн райондук ИИБ Убактылуу кармоо жайына мониторинг жүргүзүү | Мониторингдин жүрүшүндө тергөөгө алуу үчүн камалган С.Р. аны тергөө изоляторуна которуу боюнча соттун сакциясы бар болсо дагы 2017-жылдын 9-сентябрынан бери убактылуу кармоочу изолятордо камалып тургандыгы аныкталды. ИИБ кызматкерлеринин сөзү боюнча, С.Р. абакка которуу анын өздүгүн аныктай турган документтердин жоктугунан мүмкүн болбой келди.<br>Омбудсмен Кубат Оторбаев менен С.Р. баарлашкан учурда С.Р Сузакта Ош жана Жалал-Абад ОИИБ кызматкерлери тарабынан кармалганы аныкталды. Аны кармаган учурда жанында 5 жаштагы уулу болгон. Аларды бирге Өзгөнгө алып келип жергиликтүү кафелердин биринде бир сутка мыйзамсыз кармашкан.<br>С.Р. айтымында аны батареяга кишен менен бекитип, ыйлап жаткан баласын жанына отургузуп коюшкан. Андан тышкары, ИИБ кызматкерлери эгер ал күнөөсүн мойнуна албаса же болбосо 100 миң сом бербесе уулун балдар үйүнө берерин айтып коркутушкан. | Омбудсмен Кубат Оторбаев телефон аркылуу С.Р. адвокаты менен байланышып, анын уулу чоң атасынын колунда экенин тактады. Ал эми Омбудсмендин С.Р. Сузакта кармалса эмне үчүн Өзгөндө кармалып жатат суроосуна ИИБ кызматкерлери Өзгөндө 14,4 грамм нашаа менен К. аттуу жаран кармалганын (мурда бир нече жолу соттолгон), ал баңгизатты С.Р. аттуу кишиден алганын билдиргенин, ошол себептүү кылмыш иши Өзгөндө козголгонун айтып жооп беришкен.<br>Ошондой эле, баарлашуу учурунда бул иш боюнча дагы эки киши шектүү катары каралып жатканы белгилүү болду. Алардын бирине үй камагы түрүндө бөгөт коюу чарасы колдонулган, ал эми экинчи киши эркиндикте жүрөт.<br>Омбудсмен Кубат Оторбаев аталган иштин фактылары менен таанышып, аны иликтөөнү жеке көзөмөлүнө алды. Жыйынтыгында ИИБ кызматкерлерине карата кылмыш иши козголгон. |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | | Опузалоо фактысы боюнча С.Р. прокуратурага арыз жазды жана ал көрсөткөн далилдер боюнча текшерүү жүрүп жатат. | |
| 13.11.17 | Баткен облусунда жашаган кайрылмандар менен жолугушуу | Акыйкатчы Кубат Оторбаев жана Омбудсмен институтунун кызматкерлери Баткен облусуна барган иш сапардын жүрүшүндө Ата Журтуна Өзбекстандан көчүп келишип, Чоң-Кара айылында жашап жаткан жана Акыйкатчыга жергиликтүү бийлик органдарынын өкүлдөрүнүн аракеттерине карата арыз-даттануулар менен кайрылган этникалык кыргыздар (кайрылмандар) менен жолугушушту. Бул кайрылууларды кароонун жыйынтыгы менен Баткен районунун паспорт-виза жана каттоо иштери бөлүмүнүн кызматкерине “эскертүү” берилген.<br>Бирок баарлашуу убагында аныкталгандай, паспорт-виза жана каттоо иштери бөлүмүнүн кызматкерлери дагы деле мурдагыдай өз милдеттерин тиешелүү деңгээлде аткарбай жатышат. Анын ичинде, зарыл документтерди берүү мөөнөтүн чоюп, биздин жарандардын суроолоруна кат жүзүндө так жооп беришпейт. | Кайрылмандардын арыз-даттанууларын угуп жана тиешелүү документтер менен таанышкандан кийин Кубат Оторбаев алар менен каттоо кызматынын өкүлдөрүнүн жолугушуусун уюштурду. Үч тараптуу сүйлөшүүлөрдүн жыйынтыгында Баткен районунун паспорт-виза жана каттоо иштери бөлүмүнүн кызматкерлери кыска мөөнөт ичинде Кыргыз Республикасынын Омбудсменине арызданган ар бир адамдын (31 киши) иши боюнча аткарылган иштер тууралуу баардык маалыматты бере турганы жөнүндө чечим кабыл алынды. |
| 13.11.17 | Баткен районунун социалдык өнүктүрүү башкармалыгына баруу | Акыйкатчы Кубат Оторбаев жана Омбудсмен институтунун кызматкерлери Баткен облусуна барган иш сапарынын алкагында Баткен районунун социалдык өнүктүрүү башкармалыгында болушту.<br>Мониторингдин жүрүшүндө белгилүү болгондой, Баткен району боюнча психолог, окулист дарыгерлер жок, ошондой эле, ден соолугунун мүмкүнчүлүгү чектелген жана кары адамдар үчүн атайын мекеме уюштурулган эмес. Мүмкүнчүлүгү чектелген балдары бар 30 чакты ата-эне медициналык-социалдык эксперттик комиссиянын балдарды үйдө окутууга мүмкүнчүлүк берүүчү корутундусун алуу үчүн Кызыл-Кыя шаарына барып келүүгө мажбур болушат. | Балдардын, ден соолугунун мүмкүнчүлүгү чектелген жана кары адамдардын укуктарына байланыштуу иштердин материалдары каралды. Жолугушуу убагында Баткен районунун социалдык өнүктүрүү башкармалыгынын кызматкерлери алардын ишиндеги эң чоң көйгөй бюджетте “командировка” беренесинин жоктугу болуп жатканын билдиришти. Ошол себептүү алар текшерүүлөргө же кандайдыр бир жардам берүү үчүн жеке каражатынан акча чыгарып барууга мажбур. |
| 13.11.17 | Баткен облустук ооруканасынын психонаркология бөлүмү менен терапия бөлүмүнө мониторинг жүргүзүү | Баткен облусуна барган иш сапарынын жүрүшүндө Кубат Оторбаев Баткен облустук ооруканасынын психонаркология бөлүмү менен терапия бөлүмүн көрүп чыкты.<br>Мониторинг убагында оорукана имаратын камсыздоонун жетишсиздигинен улам ичүүчү сууну берүү көп үзгүлтүк болоору аныкталды, ошондой эле, бейтаптар менен жамааттык керектөөсү үчүн алдын ала суу толтуруп ала турган резервуар да жок. Сууну ар бир жолу өчүргөн сайын көчөдөгү суу чорголорунан чака менен ташыганга туура келет.<br>Мындан тышкары, оорукананын кир жуучу бөлүмүндө 5 айдан бери кир жуугуч машина иштеген эмес, ошондуктан шейшептер жана башка буюмдар колго жуулуп келген, сууну болсо көчөдөн ташып келишчү. Ашканада тамак ичүүгө орундуктар жок, анын ордуна бир нече керебет колдонушат. Кадр тартыштыгы байкалат. | Аныкталган кемчиликтер боюнча Акыйкатчы оорукананын башкы дарыгери менен пикир алышты, ал жетекчи бир нече күн ичинде кир жуугуч машинанын көйгөйү чечилээрине ишендирди, ал эми облус жетекчилигине оорукана имаратына суу түтүктөрүн тартып келүү боюнча маселе коерун билдирди. Башкы дарыгердин айтымында, ал ооруканадагы жалгыз психиатр, ошондуктан ага бөлүмдө жана бейтапканада дагы иштегенге туура келет. |

## 8.3. 2017-жылдагы бюджеттик каражаттар боюнча чыгашалар сметасынын аткарылышы жөнүндө отчет

Форма 2

**Бюджеттик каражаттар боюнча чыгашалар сметасынын аткарылышы жөнүндө отчет**

| | |
|---|---|
| Бюджеттик мекеменин аталышы | КР Акыйкатчы Аппараты ( Омбудсмен) |
| Бюджеттик эсептин номери | 4402011101000268 |
| Бюджеттин түрү | Республикалык |
| Ченем бирдиги | Кыргыз сому |
| Функционалдык классификация | 70337 |
| Ведомстволук классификация | 21110 |
| Отчеттук мезгил | 01.01.2017 31.12.2017 |

| Көрсөткүчтөр | Элементтер | Смета боюнча жылга бекитилген | Отчеттук мезгилге тактзлган смета | Отчеттук мезгилге ачылган кредит | Кассалык чыгымдар | Факт жүзүндөгү чыгашалар |
|---|---|---|---|---|---|---|
| ЧЫГАШАЛАР: | | | | | | |
| Эмгек акы | 2111 | 20 256 000 | 20 256 000,00 | 20 256 000,00 | 20 256 000,00 | 20 258 478,00 |
| Социалдык Фондго төгүмдөр | 2121 | 3 028 200 | 3 028 200,00 | 3 028 200,00 | 3 028 200,00 | 3 048 934,00 |
| Кызматтык сапарлардын чыгымдары | 2211 | 1 094 600 | 1 094 600,00 | 1 005 200,00 | 1 005 200,00 | 947 854,00 |
| Коммуналдык кызмат жана байланыш кызматы | 2212 | 1 333 500 | 1 333 500,00 | 1 154 800,00 | 1 154 800,00 | 1 121 923,00 |
| Ижара акысы | 2213 | 213 600 | 213 600,00 | 213 593,00 | 213 593,00 | 213 590,00 |
| Транспорттук кызматтар | 2214 | 1 003 500 | 1 003 500,00 | 876 900,00 | 876 900,00 | 828 209,00 |
| Башка товарлар менен кызматтарды алуу | 2215 | 480 800 | 580 830,00 | 543 300,00 | 543 300,00 | 440 143,00 |
| Мүлккө ремонт жүргүзүү чыгымдары | 2221 | 1 230 000 | 1 231 800,00 | 1 100 900,00 | 1 100 900,00 | 939 066,00 |
| Чарбалык материалдарды алуу | 2222 | 491 000 | 491 000,00 | 454 093,00 | 454 093,00 | 350 196,00 |
| Кайтаруу кызматын пайдалануу | 2225 | 340000 | 68 200,00 | 16 250,00 | 16 250,00 | 16 250,00 |
| Коммуналдык кызматтар | 2231 | 666 400 | 666 400,00 | 595 000,00 | 595 000,00 | 561 118,00 |
| Эл аралык уюмдардын гранттары | 2621 | | 40 000,00 | 28 210,00 | 28 210,00 | 28 210,00 |
| Кош бойлуулук төрөт боюнча жөлөк пулу | 2721 | | | | | 8 679,00 |
| ЖАЛПЫ учурдагы сарптоолор | | 30 037 600 | 30 007 600,00 | 29 272 446,00 | 29 272 446,00 | 28 762 660,00 |
| АКТИВДЕР ЖАНА МИЛДЕТТЕНМЕЛЕР БОЮНЧА | | | | | | |
| Имарат жана курулмалар | 3112 | | 7 728 600,00 | | | |
| Машиналар жана жабдуулар | 3112 | 1 589 100 | 208 400,00 | 11 790,00 | 11 790,00 | |
| Жалпы чыгашалар | | 31 596 700 | 37 944 600,00 | 29 284 236,00 | 29 284 236,00 | 28 762 660,00 |

КР Акыйкатчысы (Омбудсмен) Оторбаев К.Т.

Бухгалтердик эсеп жана финансы бөлүмүнүн башчысы Кенчинбаева Г.О.

## Тиркеме №1

## 2017-жылдагы Кыргыз Республикасынын Акыйкатчысынын (Омбудсменин) сунуштарын эске албастан, адам укуктарын жана эркиндиктерин бузган мамлекеттик органдардын, ишканалардын, мекемелердин, уюмдардын жана алардын жетекчилеринин тизмеси

| № п/п | Мамлекеттик органдын, ишканалардын, мекемелердин, уюмдардын аталышы | Адам укуктарын жана эркиндиктерин бузган кызматкердин Ф.А.А. | Ээлеген кызматы | Адамдын укуктарынын жана эркиндиктеринин кайсыл түрү бузулду | Кыргыз Республикасынын Акыйкатчысынын (Омбудсмен) иш-аракеттеринин жыйынтыгы |
|---|---|---|---|---|---|
| 1. | Бишкек шаарындагы С.А. Чуйков атындагы училища | Ж. Матураимов | Училищанын директору | Мусар уулу Айбектин эмгек укуктары бузулган | 16.05.2017-жылдагы №178 Буйрук менен училищанын директору Ж. Матураимовго сөгүш жарыяланган |
| 2. | Кыргыз Республикасынын Саламаттыкты сактоо министрлиги | м.и.д. Ж.С. Мамбетов | КР ССМ караштуу Улуттук госпиталдын дарыгери | Медициналык жардам алууда Ж. Сооронбекованын укуктары бузулган | Өз ишиндеги милдеттерге кайдыгер мамиле жасагандыгы үчүн Ж.С Мамбетовго сөгүш жарыяланган |
| 3. | Токмок шаарындагы МКБ | Н. Кошоев | Токмок шаарындагы МКБ башчысы | Эмгек укуктары бузулган | Токмок шаарынын мэриясынын 25.07.17-жылдагы №89 Буйругу менен Токмок шаарындагы МКБ башчысы Н. Кошоевге сөгүш түрүндөгү тартиптик жаза берилген |
| 4. | Токмок шаардык мэриясы | Н. Келдибеков | Токмок шаарынын Вице-мэри | Эмгек укуктары бузулган | Токмок шаарынын Вице-мэри Н. Келдибековго КР «Мамлекеттик жарандык кызмат жана муниципалдык кызмат жөнүндө» Мыйзамынын 20-бер. 1-бөл. жана Мамлекеттик кызматкердин этикалары Кодексин сактоонун зарылчылыгы боюнча эскертүү берилген. |
| 5. | КР ССМ | Б. А. Алмазбекова | Бишкек шаарындагы шаардык перинаталдык борборунун башкы дарыгери | Эмгек укуктары бузулган | КР ССМ 02.11.2017-ж. №229 Буйругу менен, Эмгек Кодексинин 77-бер., 83-бер. 4-бөл. ылайык, Бишкек ш. ШПБ башкы дарыгери ээлеген кызматынан бошотулган. |
| 6. | КРӨ караштуу МКК Калкты жана жарандык абалдын актарын каттоо департаменти | Б. В Токтобаев. | Баткен районунун НМКН адиси | Жарандыкка болгон укук | КРӨ караштуу МКК Калкты жана жарандык абалдын актарын каттоо департаментинин 12.12.2017-ж. №213 Буйругу менен кызматтык тейлөөнүн толук шайкеш келбегендиги боюнча эскертүү берилүү менен тартиптик жаза берилген. |
| 7. | КРӨ караштуу МКК Калкты жана жарандык абалдын актарын каттоо департаменти | Б. А.Калыков | Баткен районунун НМКН бөлүм башчысы | Жарандыкка болгон укук | КРӨ караштуу МКК Калкты жана жарандык абалдын актарын каттоо департаментинин 05.12.2017-ж. №210 Буйругу менен кызматтык тейлөөнүн толук |

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| | | | | | шайкеш келбегендиги боюнча эскертүү берилүү менен тартиптик жаза берилген. |
| 8. | Ысык-Көл облустук ИИБы | А. Н Исмаилов. | Тергөө бөлүмүнүн жетекчисинин орун басары | Кылмыш ишин иликтөөдө ишти атайлап создуктурууга жол бергендиги үчүн | Мындан ары ушул сыяктуу укук бузууларга жол бербөө тууралуу эскертилген |
| 9. | Ысык-Көл облустук ИИБы | Р. Ж Бердибаев. | Милициянын полковниги | Кылмыш ишин иликтөөдө ишти атайлап создуктурууга жол бергендиги үчүн | Сөгүш берилген |
| 10. | Тоң РИИБу | М. А Борубаев. | Тергөө боюнча жетекчинин орун басары | Кылмыш ишин иликтөөдө ишти атайлап создуктурууга жол бергендиги үчүн | Ээлеген кызматынан бошотулган |
| 11. | Тоң РИИБу | И. К. Камчыбеков | Тергөөчү | Кылмыш ишин иликтөөдө ишти атайлап создуктурууга жол бергендиги үчүн | Ээлеген кызматынан бошотулган |
| 12. | Тоң РИИБу | Б. Абдраев | Тергөөчү | Кылмыш ишин иликтөөдө ишти атайлап создуктурууга жол бергендиги үчүн | Эскертүү берилген |
| 13. | Ак-Талаа райондук ИИБу | Г. Болотова | Ага тергөөчү | Кылмыш ишин иликтөөдө ишти атайлап создуктурууга жол бергендиги үчүн | Мындан ары ушул сыяктуу укук бузууларга жол бербөө турасында эскертилген |
| 14. | Тоң району ИИБу | Жетекчиликтеги адамдар | | Кылмыш ишин иликтөөдө ишти атайлап создуктурууга жол бергендиги үчүн | КР ГП тарабынан КР ИИМ көрсөтмө берилген. |
| 15. | Каракол шаардык ИИБы | М. Кожобеков | Патрулдук милициянын кызматкери | Арыз боюнча | КР КК 305-беренесинин 2-бөлүмүнүн 3-пункту боюнча кылмыш иши козголгон. |
| 16. | Өзген райондук шаардык ИИБу жана Ош облусук шаардык ИИБы | Кызматтык ыйгарым укуктарын жогорулатуу боюнча | Факты боюнча | Демилгеленген | КР КК 305-бер. 2-бөл. 3-пунктунун жана 125-бер. 2-бөл. 1, 4, 5-пунктарында каралаган кылмыштардын белгилери боюнча кылмыш иши козголгон. |
| 17. | Токмок шаардык ИИБы | Ф. Сейфуллаев | УКЖ жетекчиси | УКЖ кармалуу мөөнөтүн узартуу | Мындан ары ушул сыяктуу укук бузууларга жол бербөө тууралуу эскертилген |
| 18. | Жалал-Абад шаардык ИИБы | М. Исагалиев | Тергөө бөлүмүнүн жетекчиси | Кылмыш ишин иликтөөдө ишти атайлап создуктурууга жол бергендиги үчүн | Катуу эскертүү берилген |

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| 19. | КР ИИМ БМТКК ОИБ | Б. М. Жумабаев | Өзгөчө маанилүү иштер боюнча ыкчамыйгарымдуу кызматкер | Кыйноолор | КР КК 305-1 беренеси боюнча кылмыш иши козголгон |
| 20. | КР ИИМ Чүй облусу боюнча БМТКК башкармалыгы | Э. А. Экембаев | Ага ыкчамыйгарымдуу кызматкер | Кыйноолор | КР КК 305-беренесинин 1-бөлүгү, 305-1беренесинин 2-бөлүгүнүн 1-пункту боюнча кылмыш иши козголгон |
| 21. | КР ИИМ Чүй облусу боюнча БМТКК башкармалыгы | Р.М. Ниязалиев | Ыкчамыйгарымдуу кызматкер | Кыйноолор | КР КК 305-беренесинин 1-бөлүгү, 305-1беренесинин 2-бөлүгүнүн 1-пункту боюнча кылмыш иши козголгон |
| 22. | Чүй райондук ИИБү | Н.Т. Бейшеналиев | Ага тергөөчү | Кыйноолор | КР КК 304-беренесинин 1-бөлүгү, 305-1беренесинин 2-бөлүгүнүн 1-пункту, 305-беренесинин 2-бөлүгүнүн 3-пункту боюнча кылмыш иши козголгон |
| 23. | КРӨ караштуу ЭККМК | У. Канатов | Тергөөчү | Кылмыш ишин иликтөөдө ишти атайлап создуктурууга жол бергендиги үчүн | Мындан ары ушул сыяктуу укук бузууларга жол бербөө тууралуу эскертилген |
| 24. | Бишкек шаарындагы Ленин райондук прокуратурасы. | А. Усупбеков | Прокурордун жардамчысы | Жарандардын кайрылуулары жөнүндөгү мыйзамдын бузулушу | Мындан ары ушул сыяктуу укук бузууларга жол бербөө тууралуу эскертилген |
| 25. | КР ИИМ | У. Исраилов | КР Ички иштер министри | КР эл жазуучусу О. Султановдун Сокулук райондук ИИБүнүн имаратынан күчтөп чыгаруу боюнча кайрылуусуна байланыштуу бардык инстанциядагы соттордун чечимдерин аткарбоо | |
| 26. | Чүй облустук прокуратурасы | У. Осконбаев | Чүй облусунун прокурору | Соттордун чечимдерин аткарбоо | |
| 27. | Чүй облусунун Ысык-Ата району | Э. Мурзаканов | Тергөөчү | Р. Кенжегараеванын арызы боюнча | Кызматына ылайык милдеттердин толук аткарылбашы боюнча эскертилген (буйрук193 3110) |
| 28. | Чүй облусунун Ысык-Ата району | Муса уулу Б. | МУИ (Милициянын участкалык инспектору) | Р. Кенжегараеванын арызы боюнча | Кызматына ылайык милдеттердин толук аткарылбашы боюнча эскертилген (буйрук193 311) |
| 29. | Бишкек шаарындагы ШИИБ УКЖ | З. Раимбеков | Бишкек шаарындагы | Демилгеленген | Мындан ары ушул сыяктуу укук бузууларга жол бербөө тууралуу эскертилген |

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| | | | ШИИБ УКЖ жетекчиси | | |
| 30. | Чүй облусундагы Сокулук райондук ИИБү | Э. Шергазиев | Тергөө кызматынын жетекчисинин орун басары | Демилгеленген | Сөгүш жарыялоо менен тартиптик жаза көрүү өтүнүчү болгон |
| 31. | Токмок шаардык ИИБүнүн УКЖ | К. Сатаров | УКЖ ага ыйгарымдуу өкүлү | Демилгеленген | Катуу сөгүш жарыялоо менен тартиптик жаза каралган |
| 32. | Чүй облусунун Сокулук районунун ИИБү | Б. Мадалканов | Тергөөчү | Демилгеленген | Өз каалоосу менен кызматтан бошоо боюнча билдирүү менен жетекчиликке кайрылган. |
| 33. | Бишкек шаарындагы ТА-1 | К. Дуйшеналиев | Жетекчинин орун басары | Демилгеленген | Мындан ары ушул сыяктуу укук бузууларга жол бербөө тууралында катуу эскертилген |
| 34. | Бишкек шаарындагы ТА-1 | А. Усупкожоева | Атайын бөлүктүн жетекчиси | Демилгеленген | Мындан ары ушул сыяктуу укук бузууларга жол бербөө тууралында катуу эскертилген |
| 35. | Бишкек шаардык Прокуратурасы. | А. Жумабеков | Прокурордун жардамчысы | Демилгеленген | Мындан ары ушул сыяктуу укук бузууларга жол бербөө тууралында катуу эскертилген |
| 36. | Чүй облусунун Аламүдүн райондук ИИБү | Б. Бейшеналиев | Патрулдук милиция | Демилгеленген | Мындан ары ушул сыяктуу укук бузууларга жол бербөө тууралында катуу эскертилген |
| 37. | Чүй облусунун Аламүдүн райондук ИИБү | Т. Бегалиев | Патрулдук милиция | Демилгеленген | Мындан ары ушул сыяктуу укук бузууларга жол бербөө тууралында катуу эскертилген |
| 38. | Чүй облусунун Аламүдүн райондук ИИБү | А. Бектенбаев | Жетекчи | Демилгеленген | Бөлүмчөгө жүктөлгөн иштердин аткарылышына көзөмөлдү күчөтүү боюнча тапшырма берилген |
| 39. | Бишкек ш. ШИИБ | Д. Дюшенов | Тергөөчү | Арыз боюнча | Сөгүш берилген |
| 40. | Кара-Суу райондук ИИБү | Н. Разаков,<br>А. Раимжанов<br>и Д.Кожобаев | Милиция кызматкерлери | Арыз боюнча | КР КК 305-беренесинин 1-бөлүмү боюнча кылмыш иши козголгон. |
| 41. | Чүй облустук ИИМБ | С. Ш. Ибраев | 10-башкармалыктын ө.м.и. боюнча ага ыкчамыйгарымдуу кызматкер | Арыз боюнча | Мындан ары ушул сыяктуу укук бузууларга жол бербөө тууралында катуу эскертилген |
| 42. | Тоң районунун ИИБү | Б. Койчуманов | | Арыз боюнча | Кызматынан ылдыйлоо менен башка кызматка которулган |

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| 43. | Бишкек ш. Ленин райондук ИИБы | Э.Омаркулов | Тергөө кызматынын жетекчисинин орун басары | Арыз боюнча | Катуу сөгүш берилген |
| 44. | КР Эмгек жана социалдык өнүгүү министрлиги | А.Ж Асанова. | Джалал-Абад шаарындагы Социалдык өнүгүү башкармалыгыны н жетекчиси | Жалал-Абад областы боюнча мониторингдин жүрүшүндө Жалал-Абад шаарында жайгашкан «Ак-Жол» реабилитациялык борборунда көрсөтүлгөн тартипте бекитилген балдарды коргоо боюнча индивидуалдуу пландар жана үй-бүлө менен индивидуалдуу иштөө пландары жок экендиги белгилүү болгон. Кээ бир балдар БИК чечими жок эле Борборго жайгаштырылган, бир нече бала соттун чечимисиз бир жылдан ашык убакыттан бери Борбордо жатышат. Бир бала болгону тил кат менен эле борбордо жайгаштырылган. | 19.09.2017-жылы Жалал-Абад облустук прокуратурасы тарабынан мыйзам бузууларды жок кылуу боюнча көрсөтмө берилген.<br>Генералдык прокуратуранын 04.09.2017-жылдагы чыг.№10-2608 жообу.<br>Эмгек жана социалдык өнүгүү министрлиги тарабынан 29.08.2017-жылы тартип өндүрүшүн козгоо боюнча көрсөтмө берилген. Айып пул салуу менен административдик чара көрүлгөн. |
| 45. | Бишкек шаарындагы №78 орто мектеби | А. Жумагулова | Класс жетекчи-мугалим | Ата-энелер жана мугалимдер тарабынан болгон зомбулуктан коргоо жөнүндөгү арыз боюнча | Эскертүү берилген жана кызматтан бошогон |
| 46. | Бишкек шаарындагы №48 орто мектеби | Г. Турганбаева | Класс жетекчи-мугалим | Мыйзамсыз иштерди жасаган №48 орто мектебинин мугалими жана окуучуларына карата чара көрүү жөнүндөгү арыз боюнча (шылдыңдоо, басынтуу ж.у.с.) | Эскертүү берилген жана кызматтан бошогон |
| 47. | Бишкек шаарындагы №19 орто мектеби | Г. Курманбаева | Бишкек шаарындагы №19 орто мектебинин директору. | Мыйзамсыз акча каражатын чогулткандыгы үчүн жана кээ бир мугалимдердин ээлеген кызмат орду талапка шайкеш эместиги боюнча Бишкек шаарындагы №19 орто мектебинин директору Г. Курманбаевага, класс жетекчиси М.Борбодоевага жана окуу-тарбия иштери боюнча директордун орун | Мектепте окуу-тарбия иштеринин жүрүшүн уюштурууга начар көзөмөл жана мектепте талаш-тартыш кырдаалдарга жол бергендиги үчүн сөгүш берилген. |

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| | | | | басары П.Аттокуровага карата чара көрүү жөнүндөгү арыз боюнча. | |
| 48. | КР ИИМ № 18 бала бакчасы | Г. Ибраева | Тарбиячы | Балдар бакчасынын тарбиячысына тиешелүү милдеттердин талаптагыдай аткарылбашы боюнча | Катуу сөгүш берилген (16.02.2017-ж. буйрук). Г.Ж. Ибраева 25.03.2017-ж. буйруктун негизинде өз каалоосу менен жумуштан бошогон |
| 49. | Ош облусунун Араван районундагы А.Турганов атындагы №23 мектеп-интернаты. | И. Маманазаров | Директор | Баланы интернатка жиберүү боюнча соттун чечими болгон эмес. 21 окуучунун туулгандыгы тууралуу күбөлүгү жок болгон. | Иштердин жыйынтыгы боюнча мектеп-интернатынын директору И. Маманазаровага карата тартип өндүрүшү козголгон |
| 50. | Бишкек шаарындагы №4 төрөт үйү | М. И. Бектурсунова.<br>Т.К. Садыралиева<br>С. Б. Асранова | Дарыгер<br>Дарыгер<br>Акушерка | Төрөт учурунда баласы чарчап калган жана жатыны алынып салынган Ж.Сабированын тукум улоо укугу бузулган. | Саламаттыкты сактоо министрлигинин буйругунун негизинде сөгүш берүү менен тартиптик жаза каралган. |
| 51. | Жалал-Абад облусундагы Сузак райондук төрөт үйү | Т. Садыкова<br>А. Ахмадалиева<br>У. Аданов<br>Т. Мисиралиев<br>Карымшакова<br>К. Боткараев<br>Э. Торогельдиева<br>Р. Сейдалиева | Дарыгер<br>Дарыгер<br>Дарыгер<br>Дарыгер<br>Дарыгер<br>Директор<br>Бөлүм башчы<br>Дарыгер | Шалаакы мамиледен улам Н.Аманова төрөт учурунда каза болгон төрөт үйүнүн дарыгерлерине карата чара көрүү жөнүндө. | Дарыгерлер Т. Садыкова, А. Ахмадалиева, У. Аданов, Т. Мисиралиев, Карымшаковаларга сөгүш берилген, директор К. Боткараевге, бөлүм башчы Э. Торогельдиевага эскертүү берилген. дарыгер Р. Сейдалиева иштен бошогон. |
| 52. | "Улукман" интернат-лицейи | В.Б. Осмонбекова | Директор | Кыздардын бөлмөлөрү тазалык нормаларына шайкеш келбейт, тиешелүү шарттар жок. | Директорго эскертүү берилген |
| 53. | Кара-Буура райондук ИИБу | А. А. Тантиев | Жетекчи | Убактылуу кармоочу жайдагы тазалык нормаларынын сакталышына көңүл буруу. | 2017-жылдын 25-апрелинде УКЖ жуунучу бөлмө оңдолгон. |
| 54. | "Солнышко" мектепке чейинки мекемеси | З. М. Жоробекова | Жетекчи | "Солнышко" мектепке чейинки мекемесинин жетекчиси З. М. Жоробекова мониторинг өткөрүүгө бут тоскон. | Талас шаардык райбилим берүү бөлүмүнүн башчысы Б. Ж. Керимбаеванын 04.05.2017-жылдагы № 01-16/285 катына ылайык текшерүү жүргөн жана З.М.Жоробековага мониторингге бут тосуу боюнча эскертүү берилген. |
| 55. | Бакай-Ата айыл өкмөтү | Н.А.Доолбеков.<br>К.Бердалиев | Башкы адис | Жер маселелери боюнча адис К.Бердалиев комиссиянын ишине бут тоскон. | Н. А. Доолбековго мындан ары ката кетирбөө туурасында эскертүү берилген (Бакай-Ата раймамадминистрациясынын 24.08.2017 ж. №04-9/883 каты) |

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| 56. | Бакай-Ата ИИБүнүн нөөмөт бөлүмү | Абжалбек уулу Данияр | Нөөмөтчү | Мониторинг жүргүзүүгө бут тоскон. | Бакай-Ата районунун прокурору З.Джумабеков тарабынан (15.08.2017 №51о-17) Бакай-Ата ИИБүнүн жетекчисине мыйзам бузууларды жок кылуу, окуу семинарларын өткөрүү жана мыйзам бузууларга жол берген Д. Абжалбек уулуна карата тартиптик чараларды көрүү боюнча кат жиберилген. |
| 57. | Талас областук ИИБынын ККБ | М. Турдалиев | Ага инспектор | Үч ирет кайрылган Г. Т. Алыбекованын арызы жоопсуз калган | Өз убагында жооп бербегендиги үчүн ага инспектор М. Турдалиевге катуу эскертүү берилген, ошондой эле ал мындай мыйзам бузууларга экинчи кайталанбасына милдеттендирилди (14.08.2017 ж. №8/3402) |
| 58. | Талас шаардык билим берүү бөлүмү | Б. Ж. Керимбаев | Бөлүм башчы | Билим берүү бөлүмүнүн башчысы Б. Керимбаевдин суроолорго жооп бербегендиги боюнча | 15.08.2017ж. №19-70/238 кат менен борбордук аппаратка, Билим берүү министри Г.Кудайбердиеванын наамына, эксперт Тагаевге берилген Бакай-Ата райондук ББ башчысына тартиптик жаза чарасын көрүү боюнча акттын долбоору жиберилген. |
| 59. | Манас районунун Жерге жайгаштыруу жана кыймылсыз мүлккө укуктарды каттоо башкармалыгы | С. Орозалиев | Жетекчи | Эки айдан ашык убакыт суроолорго жооп берилген эмес | Манас раймамадминистрациясынын акиминин 1-орун басары З.Курманалиевдин 27.11.2017 ж. № 01-9/1231 катына ылайык, башкармалыктын жетекчиси<br><br>С. Орозалиевдин катышуусу менен кеңешме болуп өткөн, протокол түзүлгөн жана Орозалиевге мындан ары ката кетирбөө туурасында эскертүү берилген. |
| 60. | Чалдовар мектеп-интернаты | М. Керимбекова<br><br>Ч. Осмонкулова | Тарбиячылар | Мектеп-интернатынын тарбиялануучуларына карата мыйзамсыз иш-аракеттер жөнүндө | Ч. Осмонкулова 01.12.2017 ж. №26 директордун буйругу менен иштен бошогон. |
| 61. | Нарын районундагы Жерге-Тал айылындагы бала бакча | Г. Шамбетова | Директор | Мыйзамсыз иштен бошотуу | Директор Г. Шамбетовага, Нарын райББ бухгалтери Н. Мамытовго катуу, Нарын райББ башкы бухгалтери Ж. Байсымаковага эскертүү берилген. |

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| 62. | Ат-Башы РИИБу | Тойбек уулу К. | Тергөөчү | Териштирүү иштеринин калыс жүргүзүлбөшү | Ат-Башы РИИБүнүн жетекчисинин 23.08.16-ж. №-358 буйругу менен ага мурда эле сөгүш берилген жана аталган укук бузуу боюнча дагы күчүндө калтырылган. |
| 63. | Нарын шаарындагы РЭТ "Чыгыш электро" ААК | Т. Алымбаев | Нарын шаарынын РЭТ башчысы. | Арыздарды кароо боюнча жарандардын укуктарынын бузулушу, арыздарды карабай коюу | Буга чейин Т. Алымбаевдин укук бузууларга барбагандыгын эске алуу менен ага оозеки түрдө эскертүү берилген. |
| 64. | Нарын облустук №5 ҮДТ | С. Молдобаева | Медайым | Бейтаптарга орой мамиле жасоо. Кош бойлуу аялдардын медициналык кызматтарды алуудагы кепилдиктери жөнүндөгү мыйзамдардын талаптарынын аткарылбашы. | С. Молдобаевага катуу эскертүү берилген |
| 65. | Нарын шаарынын мэриясы. | Жооптуу кызматкерлер | | Нарын шаарынын мэриясынын жооптуу кызматкерлери арыз менен кайрылган адамга 40 күндөн ашык убакыт боюу жооп беришкен эмес | КР "Жарандардын кайрылууларынын тартиби жөнүндөгү" Мыйзамын аткарбагандыгы үчүн Нарын облусундагы КРӨ ЫӨ<br><br>11.12.2017-ж. №412-п буйругу менен Нарын шаардык мэриясынын аппарат жетекчиси К. Чымылдаковго эскертүү берилген. |
| 66. | Ысык-Көл облусутук ИИБынын №5 бала бакчасы | Ж. Тулежанов<br><br>З. Г. Шафигулина | Ысык-Көл облусутук ИИБынын КЧБ башчысы,<br><br>№5 бала бакчанын башчысы | №5 бала бакчанын бухгалтери М. У. Рыскелдиеванын эмгек укуктары бузулган | М. Рыскелдиева мурдагы кызматына кайра отурган (23.08.2017-ж. №513 буйрук).<br><br>Ж. Тулежановго катуу эскертүү берилген, З. Шафигулинага катуу сөгүш берилген |
| 67. | Ысык-Көл облусутук ИИБы | Ж. Кенжебаев | Тергөөчү | Кылмыш ишин иликтөөдө ишти атайлап создуктурууга жол бергендиги үчүн | Эскертүү берилген |
| 68. | Каракол шаары, Түп, Ак-Суу, Жети-Өгүз райондору боюнча КРӨ караштуу Экологиялык жана техникалык коопсуздук | М. Асаналиев | КРӨ караштуу ЭТКМИ ААБ инспектору | Эмгек укуктары бузулган | Каракол шаардык прокуратурасы тарабынан ЭТКМИ ААБ ченемдик укуктук акттын бузулушун жок кылуу боюнча көрсөтмө берилген |

## Тиркеме №2

## Акыйкатчынын (Омбудсмендин) дарегине 2017-жылдын 12 айынын жыйынтыгы боюнча жарандардан 30.12.17 карата келип түшкөн кайрылуулары боюнча маалымат

| Уюмдардын аталышы | Жыл башынан келип түшкөн арыз-даттануулардын саны | | | | | Аткарылды | | Кароодо турат | | Сурам жасалды | Сурамга алынган жооптор | Көңүл буруу актылары | Жерине барып каралган арыздар | Сотко катышуу | Арыз жазуучуларга жооп берилди | Оозеки консультация | Жамааттык кайрылууларга кол койгондордун саны | Жалпы кайрылган жарандардын саны |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | Жалпы | Анын ичинде: | | | | | | | | | | | | | | | | |
| | | Аялдардан | Пенсионерлер | Жамааттык | Сотко катышуу | Көзөмөлдөн алынды | Арызданучунун пайдасына | Жалпы | Мөөнөтү өткөн арыздар | | | | | | | | | |
| **Борбордук Аппарат боюнча жалпы** | **2202** | **1017** | **247** | **105** | **759** | **1989** | **286** | **213** | **-** | **1436** | **1516** | **44** | **178** | **694** | **1655** | **4375** | **1987** | **8459** |
| Жалал-Абад облусу | 86 | 55 | 7 | 7 | 44 | 67 | 18 | 19 | - | 118 | 90 | *4* | 53 | 44 | 65 | 297 | 152 | 528 |
| Баткен облусу | 82 | 48 | 7 | 4 | 23 | 78 | 22 | 4 | - | 90 | 105 | *4* | 20 | 23 | 89 | 125 | 82 | 285 |
| Исык-Көл облусу | 226 | 115 | 24 | 30 | 79 | 220 | 40 | 6 | - | 223 | 220 | *1* | 191 | 79 | 220 | 751 | 331 | 1278 |
| Талас облусу | 82 | 43 | 11 | 1 | 31 | 65 | 18 | 17 | - | 82 | 56 | *9* | 18 | 79 | 78 | 241 | 2 | 324 |
| Нарын облусу | 129 | 67 | 42 | 6 | 55 | 126 | 3 | 3 | - | 157 | 147 | *4* | 125 | 71 | 126 | 197 | 161 | 481 |
| Ош облусу | 230 | 135 | 60 | 8 | 60 | 197 | 26 | 33 | - | 103 | 95 | *11* | 89 | 102 | 195 | 678 | 148 | 1048 |
| Чүй облусу | 205 | 122 | 42 | 8 | 118 | 149 | 61 | 56 | - | 74 | 68 | *7* | 23 | 288 | 137 | 183 | 98 | 478 |
| **Жалпы региондор боюнча** | **1040** | 585 | 193 | 64 | 410 | 902 | 188 | 138 | - | 847 | 781 | 40 | 519 | 686 | 910 | 2472 | 974 | 4422 |
| **Кат жүзүндөгү кайрылуулардын жалпы саны** | **3242** | **1602** | **440** | **169** | **1169** | **2891** | **474** | **351** | - | **2283** | **2297** | **84** | **697** | **1380** | **2565** | **6847** | **2961** | **12881** |

| | |
|---|---|
| Кат жүзүндөгү жамааттык 169 арыз менен кайрылган кишилердин саны. | 2961 |
| Оозеки консультация алышты | 6847 |
| Жалпы кайрылган жарандар | 12881 |

*Акыйкатчынын (Омбудсмен) жылдык баяндамасында Акыйкатчы (Омбудсмен) институтунун кызматкерлеринин жана кесипкой фотограф Влад Ушаковдун фотоматериалдары колдонулду (мукаба).*

Кыргыз Республикасынын Акыйкатчысынын (Омбудсмен)
2017- жылы даярдаган атайын баяндамалары.




























Нуркасы 200 экз.

«Q-print» басмаканада басып
чыгарылган. Бишкек ш.,
Чернышевский ч.к. 10а
+996 312 88 23 81
+996 555 89 93 74

